



МУРЗА ГАПАРОВ

ЭКӨӨ ЭЭН БАКТА

Мурза Гапаров

ЭКӨӨ ЭЭН БАКТА





Скпрг.
Г 19

Мурза Гапаров

ЭКӨӨ ЭЭН БАКТА



Повесттер,
аңгемелер
жана
драмалар

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №47203

«Турар»
Бишкек 2009

ББК 84 Ки 7—4
Г-19

Он жыл мурда даярдалып, каражаттын жогунан чыкпай келаткан бул китепти басып чыгарууну «Турар» басмасынын директору ***Тилек Мураталиев*** колго алды. Анын демилгесин Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министри, Мурза Гапаровдун инжири, белгилүү жазуучу жана драматург, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси ***Султан Раев*** колдоп, басманын чыгымдарын каржылоону уюштурду.

Китепти чыгаруучулардын демөөрчүлөрүнө Мурза Гапаровдун калемдеш курбуларынын атынан өзгөчө ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Китептин редактору *Молис Абакиров*.

Гапаров Мурза.
Г-19 **Экөө ээн бакта:** Повесттер, аңгемелер ж-а драмалар. /Сүрөтчүсү Б. Жайчыбеков. — Б.: Турар, 2009. — 552 б.
ISBN 978—9967—612—94—4

Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу Мурза Гапаровдун (1936—2002) бул жыйнагына өмүрүнүн акыркы жылдарында жазылган драмалары менен аңгемелери жана окурмандардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгон, алардын зор кызыгуусун туудурган мурда жарыяланган повесттери менен аңгемелери топтолду. Жазуучу тартуулаган көркөм дүйнө кимди болбосун кайдыгер калтырбайт. Асылзаадалык менен сулуулук лирикалык маанайда берилсе, турмуштагы оош-кыйыштар менен түйшүктөр, каармандардын калабалуу тагдырлары драмалык жагдайда чагылдырылат.

Басма бул жыйнак китепкөйлөрдүн жан шериги болооруна терең ынануу менен окурмандардын кенири чөйрөсүнө сунуш кылып отурат.

Г $\frac{4702300100\ -009}{\text{М 451 (11)} - 09}$ 09

ББК 84 Ки 7—4

ISBN 978—9967—612—94—4

© Гапаров М., 2009.
© «Турар» басмасы, 2009.

Повесттер



ББК 84 Ки 7—4
Г-19

Он жыл мурда даярдалып, каражаттын жогунан чыкпай келаткан бул китепти басып чыгарууну «Турар» басмасынын директору ***Тилек Мураталиев*** колго алды. Анын демилгесин Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министри, Мурза Гапаровдун шакирти, белгилүү жазуучу жана драматург, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси ***Султан Раев*** колдоп, басманын чыгымдарын каржылоону уюштурду.

Китепти чыгаруучулардын демөөрчүлөрүнө Мурза Гапаровдун калемдеш курбуларынын атынан өзгөчө ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Китептин редактору ***Мелис Абакиров***.

Гапаров Мурза.
Г-19 **Экөө ээн бакта:** Повесттер, аңгемелер ж-а драмалар. /Сүрөтчүсү Б. Жайчыбеков. — Б.: Турар, 2009. — 552 б.
ISBN 978—9967—612—94—4

Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу Мурза Гапаровдун (1936—2002) бул жыйнагына өмүрүнүн акыркы жылдарында жазылган драмалары менен аңгемелери жана окурмандардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгон, алардын зор кызыгуусун туудурган мурда жарыяланган повесттери менен аңгемелери топтолду. Жазуучу тартуулаган көркөм дүйнө кимди болбосун кайдыгер калтырбайт. Асылзаадалык менен сулуулук лирикалык маанайда берилсе, турмуштагы оош-кыйыштар менен түйшүктөр, каармандардын калабалуу тагдырлары драмалык жагдайда чагылдырылат.

Басма бул жыйнак китепкөйлөрдүн жан шериги болооруна терең ынануу менен окурмандардын кеңири чөйрөсүнө сунуш кылып отурат.

Г $\frac{4702300100\ —009}{М\ 451\ (11)\ —\ 09}$ 09

ББК 84 Ки 7—4

© Гапаров М., 2009.

ISBN 978—9967—612—94—4 © «Турар» басмасы, 2009.

Повесттер





КЫШТАКЧА

Кечинде дагы эле жатаканага келдим. Жатакана бир айдан бери ремонт болуп аткан. Анын үч кабатында тең чырагы күйгөн бир дагы терезе көрүнбөйт. Бирок вестибюль жарык. Вестибюлде, өзүнүн күндөгү ордунда — отпускеге кеткен швейцардын эски диванында комендант жатат. Көзүндө көз айнек, оозунда папирос, колунда газета. Бул адам катыны жана бойго жеткен кызы менен жатаканандын бир бурчунда жашайт. Азыр катыны уктап аткан болуу керек, а кызы шаарга чыгып кеткен, бул турган иш, болбосо, комендант саат он экиде минтип бул жерде жатпайт. Ал кызын күтүп атат. А кызы дайыма кеч кайтат. Оюнкараак кыз. Эрке.

Мен эшиктин айнегин черткиледим. Комендант карабай туруп эле, мен экенимди билди, албетте, анткени кызы черткилебейт мага окшоп, кызы тепкилейт эшикти. Ошентсе да, газетин коюп, шашпай басып келди.

— Жок, — деди ал, башын чайкап. — Ачпайм.

— Дагы бир күнгө — дедим мен сөөмөйүмдү көрсөтүп.

— Сенин бир күн дегенине бир ай болду.

— Мен бүгүн квартира таап келдим, — дедим. — Эртең көчүп кетемин.

— Тапканың ырас болсо, бүгүн эле көчүп кет. Мен азыр жаман чемоданыңды алып чыгып беремин.

— Бүгүн кеч болуп калды. А квартира узак жерде. Пишпекте.

— Жок, бала. Ызатың бүттү.

Комендант бурулуп басып кетти.

— Байке... — деп жалдырадым, бирок ал артын карабай койду.

Кайрадан диванга барып отуруп, оозунда өчүп калган папиростун ордуна, жаңысын алып күйгүзө баштады. Бу киши оозунан папирос үзбөйт.

Мен бирпас карап туруп, анан аны алдайын деп чечтим. Эшиктин алдынан кетип, дубалдын боорундагы темир шатыга бардым. Темир шаты менин экинчи кабаттагы бөлмөмдүн терезесин жандап өтүүчү. Мурда да, далай жолу бул шаты менен өз бөлмөмө чыгып жүргөнмүн. Бирок менин бул сырымды комендант биле турган. Ошентсе да, шаты менен көтөрүлүп, өз бөлмөмө келип кирдим. Бөлмөдө, ушинтип атай берейин, анткени азыр мында менден башка киши жашабайт, төрт темир кровать, төрт тумбочка бар. Кроваттардын үчөө жайдак, а бирөөнүн үстүндө жалаң матрац жатат. Жайдак кроваттын ээлери мындан бир ай мурда, бирден дипломду чөнтөктөрүнө салып, бирден значокту көкүрөктөрүнө тагынышып алып, бул кроваттар менен түбөлүккө кош айтышкан. А матрацтуу кровать меники. Он күн илгери анын үстүндө, матрацтан башка, жууркан, ак шейшептер, пар жастыктар бар эле. Он күн илгери, ушундай маалда келсем, жалаң матрацтын өзү калыптыр. Ушунусуна да кудайга шүгүр деп, жатып жүрөм.

Мен чыракты жандырганым жок, ансыз да өз кроватымды табам, анын үстүнө, жарыктын анча кереги не, чечинем да жатам, бул жерге мен ушул үчүн гана келем. Чечине баштадым. Эми эле мойнумдан галстугумду алганымда, коридордон кишинин шарпасы угулуп калды. Эшиктен башбагып карасам, караңгы коридор менен папиростун жылтыраган оту чайпалып келатыптыр. Дароо коридорду кесип өтүп, үчүнчү этажга чыгуучу тепкичтерге барып жармаштым. Комендант мени көргөн жок, албетте, бирок шоокумду угуп калыптыр.

— Качпа, Акун, — деди ал. — Баары бир бүгүн сени бул жерге кондурбайм.

Мен унчукпай ордумда туруп калдым. Комендант менин бөлмөмө кирип, матрацты жыйыштырып алды да, келген жолуна түштү. Жалаң зымдын үстүндө укташ кыйын деп ойлодум. Амалым куруп, анын артынан ээрчип алдым.

— Байке, эми бүгүнчө коё турбайсызбы...

Кулак салган жок. Биз биринчи кабатка түштүк. Комендант, мен алып кача тургансып, матрацты диванга төшөдү да, өзү үстүнө жатып алды. Мага атайы көңүл бурбай койду. Мен эмне кылаарымды билбей, бир жаман креслого отуруп калдым.

— Мен иш таптым, — дедим бирпастан кийин, комендантты сүйлөтүп, көңүлүн жибитейин деген максатта. Бир нече жолу бул менин колумдан келген эле. — Радиого редактор болуп орношуп атам.

— И-и, газетадан бошоп алдыңбы? — деп какшыктады комендант. — Эки күн илгери газетага кабарчы болуп атпадың беле?

Мен антип айтканымды унутуп калыптырмын.

— Ал да туура, — дедим. — Бирок бүгүн радиого барсам, ой, бизге таланттуу жаштар жетишпей атат, бизге кел дешип калганынан, болуптур деп убада берип койдум.

— Айт, айта бер, — деди комендант. — Сенин алдында жинди олтурат, эмне десең да ишене берет.

Мен үндөбөй калдым. Ушул учурда эшик тарсылдай баштады. Эшиктин терезесин карасам, Айша туруптур. Коменданттын кызы. Ал мени эшиктин нары жагында туруп өөп койду. Мен ага эшик ачып бермекчи болуп, ордуман турдум эле, комендант өзү козголуп калды. Комендант — алтымыштарга барып калган, муруттары эки жакка чычайган, тултук бет, толо адам эле, — талтандап басып барып эшикти ачты.

— Кызым, мен сага канча жолу айтам, кечикпей келип жүр деп? — деди ал, көнүмүш түр менен наалып. — Азыр хулигандар көп, кокус, бирөө-жарымына туш келип калсаң эмне болот?

— Камтама болбо, мени узатып коюшту, — деди кыз, ичкери кирип жатып. — Саламатсыңбы, Акун. Иштер кандай?

Мен ийнимди куушуруп койдум.

— Ал бүгүн газетадан бошоп, радиого орношуп келиптир — деди мен үчүн комендант. — Эл кызмат таппай жүрсө, бул күн сайын кызмат алмашып турат.

Айша баарын түшүнүп, жылмайып койду. Мага жакчу бу кыз. Чырайлуу, акыл-эси да сергек. Мен ага дивандагы матрацымды көрсөттүм.

— Силер, эмне, дагы уруштуңарбы? — деди ал атасына ошол замат.

— Кетсин, — деди атасы. — Мага болбосо да, беш жыл бекер ушул жатаканада жашаткан, окуткан өкүмөткө ыракмат айтсын да, кетсин. Ызаты бүттү.

— А сенин эмнең короп атат? Ушул ободосу чыккан матрацынды аяйсыңбы? Кетет мүмкүнчүлүгү болгондо. — Айша барды да, матрацты түрүп келип, мага кучактатып койду.

Комендант кызын жанындай көрчү. Жалгыз перзенти эле.

— Болуптур, дагы бир күн, — деди ал мага, кечеги эле сөзүн кайталап. — Бирок айтып коёюн, бала, эртең дагы келчү болсоң, Айшага ишенбе, ийининден кармап туруп, эшикке түртүп чыгарам. Жүр!

Ал кызын алдына салып алып, коридор менен өздөрүнүн бөлмөсү тарапка басып кетти. Айша кетип баратып, мага досторчо көзүн кысып койду.

Мен матрацымды кайра өз кроватыма апкелип төшөп, чечинип жатып алдым. Жатарым менен көзүм ызгып кетиптир, кечке басып жүрүп чарчап калган элем. Бир маалда, уйку-соодо, бетиме бирөөнүн муздак эриндери тийгенин сездим. Айша эле албетте. Көзүмдү ачпай туруп, аны кучактап, боорума кысып алдым. Халатчан экен. Биз бирпаска өбүшүп-жытташып алдык. Айшадан эң назик атыр менен шампанскийдин жыты келип атты.

— Кана, бийкеч, айтыңызчы, бүгүн каерлерде жүрүп, кимдер менен болуп, эмне иштер иштеп келдиңиз? — деп сурадым андан.

Айша мага баарын жашырбай айта берчү.

— Түшкө чейин кир жуудум, — деди ал. — Түштөн кийин киного бардым.

— Ким менен?

— Кандидат менен.

— Анан?

— Анан ресторанга бардык. Ресторандан кийин анын үйүнө.

— Ох-о! Мурда да барган белең?

— Жок, барсам айтат элем да. Бул жолу да барбайт болчумун, такыр болбой туруп алды, таанышканыбызга бир ай болуп калды, а сен менин үйүмдү көрө элексиң деп. А үйүндө көрө турган деле эчтекеси жок экен. Мурдагы аялы ага бир шкаф, бир стол, бир телевизор, эки кишилик жаман жыгач кроват калтырыптыр.

— Анан? Анан эмне дейт, кандидат?

— Анын эмне дээрин үйүнө барбай туруп эле билгенмин. Кроватка жүр дейт да, эмне демек эле. Фу! Азыр эч бир эркек менен сый-сыпат, кадыр-баркың менен достошо албайсың. Биринчи күнү сени менен, «сиз», «биз» деп сүйлөшөт. Экинчи күнү өбүшөт. Үчүнчү күнү кроватка сүйрөйт кишини. Бардыгы бузулган. Бардыгы. Бир гана сен бузула элексиң. Сенин уят-сыйытың бар. Мен сага ишенем. Мен сени беш жылдан бери билем, сен мага бир жолу да ашыкча сөз сүйлөп, колуңду белимден ылдый түшүрө элексиң...

Бул ырас. Айша менин көз алдымда чоңойду десем да болот. Мындан беш жыл илгери, мен өзүм анда он сегиз жашар боз бала элем, комендант айткан жаман чемоданымды (анда ал жаңы болчу) көтөрүп алып, ушул жатаканын оозуна келгенимде, Айша он үч жаштыгы секелек кыз боолучу. Ошондо ал эшиктин алдында абитуриент кыздар менен топ ойноп атыптыр. Мен андан биринчи жатакана кайсы деп сурадым. Ал мага көрсөтүп берди, ал турмак, комен-

данттын кайсы жерде отурарын да айтып койду. Кийин мен анын комендanттын кызы экенин, мени менен бир жатаканада жашарын билдим. Биз, куду ага менен карындаштай ынак болуп кеттик. Мен аны өткөн жылга чейин эле бала деп эсептеп келгенмин. Өткөн жылы гана биринчи жолу, кокусунан, анын бойго жетип калганын, болгондо да сулуу кыз болуп чоңойгонун байкадым. Ошол күнү биздин филфактын жаны жылга карата уюштурулган кечеси болгон. Күндүзү мага Айша келип: «Акун, силердин кеченерге бир чакыруу билетин таап берчи» — деп калды. «А-а, жигиттүү болгон экенсиз да, айым?»— деп азилдештим мен. «Жинди, менин өзүмө» — деди Айша. «А сени билетсиз деле киргизишет. Сени бүт университет билет» — дедим. Бул чын эле. «А мен бирөөгө жалдырап жатып киргим келбейт!» — деп ачууланып берди Айша. «А мен атайы чакырылып киргим келет, билдинби?! Таап бербесең кой, таап алам!» Ал бурулуп кетмекчи болуп калды эле, мен дароо колуна өз билетимди кармата салдым. Ал: «Ракмат!» — деп жайдары жылмайып коюп, чуркап кетти. Мен кичине ойлонуп калдым. Ушу күнгө чейин ал чакырыксыз эле ар түрдүү студенттик кечелерден калчу эмес. Бирок бул жолу... Жок, менин айтайын дегеним бул эмес, менин айтайын дегеним ошол күнү кечинде болду. Кечинде ал балга келди. Бал кызып калган. Мен өзүмдүн курсташ кызым менен бийлеп атканмын. Бир маалда карасам, менин бийкечим турат. Четте, жападан жалгыз. О, ошондо бир көрсөңүз болот эле аны! Чачын чоң кыздарча таратыптыр. Куду кызыл ашыгына чейин жеткен кооз көйнөк кийиптир. Анысы чыбыктай солкулдаган нооча боюна жарашып калыптыр. Туфлиси да чырайлуу. Кичинекей кулактарына кооз сөйкө, апаппак узун мойнунда шуру, жүзүмдөй мөлтүрөгөн манчаларында кымбат баалуу шакектер жаркылдайт... Анан мунун турушу да бир ажайып. Мурдалары кечеге келсе, ал көпчүлүккө аралашып көрүнгөн студент менен бийлеп, ойноп-күлүп кетүүчү. А бул жолу ал негедир, өзүнүн ушул сулуу көркүнөн өзү уялгансып, тартынгансып, бүжүрөп четте турат. Бирок ошол эле учурда, куду өзүнүн биринчи балына келген Наташа Ростовага окшоп, көздөрү чачырап, жан-дили менен бийлейин деп дегдеп тургансыйт... Жок, мурда аны мындай көрө элек болчумун. Ал менин көзүмө дароо бойго жетип, бүт көркүнө чыгып көрүндү. Мына ушул минуталарда мен аны кичине сүйүп калдым окшойт...

Мен бийлеп аткан музыкабыздын бүтүшүн чыдамсыздык менен күтө баштадым. Музыка бүткүчө аны менен бир

жолу тиктешип, ага көзүмдү кысып койдум. Ал, негедир, сүйүнүп кеткендей болду. Кандайдыр уялынкы жылмайып, башын бир-эки жолу ийкеп жиберди. Музыка бүтөр менен, мен анын алдына жетип барып, ошол эле замат ойноло баштаган вальска чакырдым. Мурда мен аны менен эч бийлей элек болчумун.

Биз вальсты бийледик да, анан мен, куду аны бирөөлөргө тарттырып жибериштен коркконсуп, дароо үстүнкү кабатка жетелеп чыгып кеттим. Үстүнкү кабатта, карангы коридордо, тышта жаап жаткан кардын эпкини келип турган ачык терезенин алдында туруп, мен аны биринчи жолу өптүм...

— Ой, кандай таттуу! — деди бул кыз.

— Эмне таттуу? — деп сурадым түшүнө бербей.

— Сенин өпкөңүн, — деди бул кыз.

Кийинчерээк билсем, бул бийкеч он төрт жашынан бери өзүнүн тели-теңтуш балдары менен өбүшүп келаткан экен... Быйыл бул кыз он жетиге толуп, он сегизге карады. Онунчу классты бүтүрүп, университетке өтпөй калды. Ушундай бул бийкечтин баяны.

— А сен эмне дедиң анан кандидаттын бул сунушуна? — деп сурадым мен.

— Жок дедим, албетте. Мен столго отуруп да эс ала берем, а кроватка болсо, загстан кийин барып жатам дедим.

— Анда ал эмне дейт?

— Колума паспортун берет. Ишенбесең мына дейт, эртең эле барып жазылып келебиз дейт. А бүгүн дейт, кроватка жаталы дейт. Жок, кроват загстан кийин дедим. Адегенде — загс, анан — кроват. Күдөрү үзүлгөндө, такси чакырып, узатып койду.

— Азаматсың, — дедим мен. — Дайыма ошент.

— Ананчы. Алдана турган жинди бар бекен.

— Эми эмне кыласың? Дагы жолугушасыңарбы?

— Ой, билбейм... Ишенбей атам мен анын убадаларына. О, Акун, мен ушунчалык бактысызмын.

— Эси жок, — дедим мен, анын чекесинен өөп. — Бакыт дегенди биле тургансып сүйлөйт.

— Акун, мага үйлөнчү. Мен сага жакшы жар болуп берем.

— Жок. Мен айтпадым беле, кырк жашымда үйлөнөм деп. Ошол кезде, чын эле ошентип ойлочумун. Жиндилик экен, көрсө.

— Анда мен сени кыркка чыкканга чейин, турмушка чыкпай күтүп турайын, макулсуңбу?

Мен аргасыздан күлүп жибердим.

— Күтө албайсың, — дедим.

— Анда мен ага чейин бир күйөөгө тийип чыгайын, макулсуңбу?

— Бул да болбойт. Ага чейин сен беш баланын энеси болуп каласың. А беш баланы ташташ кыйын.

— А болуптур, албай эле кой мени. Бирок баары бир сени жакшы көрөм. Көрөсүң, кимге күйөөгө чыкпайын, сени ойнош кылып аламын.

— Жинди.

— Азыр деле ойнош кылып алат элем, бирок өзүн билесиң, биринчи эрге кыз бойдон барбасаң болбойт.

— Туура. Биринчи эрге кыз бойдон барыш керек...

Айша мени өөп койду.

— Менин акылманым, — деди ал. — Менин кенешчим. А билесиңби, сени менин апам менен атам да жакшы көрүшөт.

— Ооба сага, — деп ишенбей койдум.

— Өлөйүн калп айтсам. Кайсы күнү оокат ичип отурушуп, сени сөз кылып атышыптыр.

— Анда атаң эмне үчүн күн сайын кубалайт?

— Ал экөөбүздүн жолугушкандарыбызды шекшинип калыптыр. Күн сайын эле, туалетке чыгып келем деп коюп, жоголуп кетсем... Бир нерсе болуп кетпесе экен деп коркот. Болбосо, эмне, бош турган темир кроватты аяп жатат дейсиңби...

Ушул учурда коридордун төр жагынан комендanttын кыйкырыгы угулуп калды:

— Айша! О, Айша! Жаш-ша-багыр десе...

Экөөбүз тең коркуп кеттик. Айша мени чоп-чоп өөп алып, бөлмөдөн атырылып чыгып кетти. Болду-болбоду менин бөлмөмдүн мандайындагы туалетке кирет. А мен уктамыш болуп калдым. Комендант бөлмөгө кирип эле чыракты жандырды.

— А-а, уктап жатасыңбы? — деди ал, какшыктап. — Айша кана?

Мен көзүмдү ачпадым. Ошол учурда туалет тараптан суунун күчтүү шоокуму угулуп калды. Комендант чыракты да өчүрбөстөн чыгып кетти.

— Мен билгенмин сенин ушул жерде экенинди! — деген үнү угулду анын коридордон. — Эмне үчүн аялдардын туалети турса, эркектердикине келесиң ыя?

— Аялдардын туалетинде суу акпай калыптыр — деди Айша.

— Ыманынды жебе! Мен азыр ошол туалеттен келатам.

— Демек, азыр иштеп калган.

— О жер жуткур десе...

— А-а-а-ай! — деп кыйкырды Айша, сыягы атасы ага кол тийгизди окшойт.

— Бас, алдыма түш! Экинчи ушул жакка басып келгин, бутунду сындырайын...

Атасы менен кыздын шарпалары узап кетти. Мен, көңүлүм кичине жай алып, уктаганы камындым. Бирок көп өтпөй эле, комендanttын шоокуму дагы чыгып калды. Ашпаш дегиче болбой, ал бөлмөгө кирип келди. Чырак дагы эле өчүрүлө элек болучу. Дароо көзүмдү жуумп, коңурук тарта баштадым.

— Коңурук гана тартат, жөн да уктабайт! — деди комендант. — Кана, бала, тургун да, менин көзүмдөн караанынды өчүр. Болбосо, мен азыр сени тим эле...

Мен көзүмдү ачып, эчтекеге түшүнбөгөн киши болуп калдым.

— А-а, сиз белеңиз... Эмне болуп кетти?

— Муну, муну — деди жаны чыккан комендант. — Ой, атаганаңдын гөрүн урайын... — Ал энтигип-сентигип жатып, кроваттын астынан менин чемоданымды сууруп алды да, аны ачык турган терезеден ары бургап калды. — Эми түшүндүңбү эмне болгонун?! Кана, тур!

Комендант менин астыман матрацты сууруп алып, бөлмөдөн чыгып кетти. Мен майке-турсичен бойдон муздак базымдын үстүнө жатып калдым. Бирок көпкө чыдай алганым жок. Катуу экен. Ордумдан туруп, кийине баштадым. Бул жерден кетпесе болбой калды, — деп ойлодум. Бирок кайда барарымды билбейм. Беш жыл жашап, бул шаардан бир дагы үйлүү-жайлуу тааныш ашырган эмесмин. Баары бир кетиш керек деп чечтим. Чыракты өчүрдүм. Кийин, узун коридор менен басып барып, анан ылдый түшүп, ал жерден жанагы кутурган комендanttын алдынан өтүп отургум келбестен, чемонданыма жакыныраак жолду тандап алдым. Мен анын жанына темир шаты менен түшүп бардым.

Бечара чемоданым. Кишинин боору ачыгандай болуп, майышып-чоюшуп калыптыр. Менин беш жылдык айныбас жолдошум. Беш жылдын ичинде мени менен беш жолу алыскы Ноокаттагы, өрүк менен шапдоолу даректарына чүмкөлгөн, кичинекей кыштакка барып, беш жолу андан кайтып келди эле. Беш жолу айыл чарба жумуштарына барып, мага жумшак балыш болуп берген. Жазса, бир аңгеме болгудай өмүрү бар. Бечарам...

Мен чемоданымды жерден көтөрүп алдым да, уктап жаткан шаардын ээн көчөсүнө түшүп алып, басып кеттим.

Биз чемоданым экөөбүз университетти ушинтип бүтүрүп, аны менен ушинтип коштоштук. Бизди беш жыл бою бекер окутуп, беш жыл бою бекер жатаканага жаткырган окмотко ыракмат. Комендантка дагын...

* * *

Ошол бойдон түптуура шаардын эң жакшы деген мейманканасына келип кирдим. Мейманкананын кире беришине: «Чабандардын бүткүл Союздук слётуна катышуучуларга жалындуу салам!» деген жазууну илип коюшуптур. Адатта, мындай учурларда мейманканалардан орун алыш кыйын болуш керек. Үмүтүм кыйла басандай түштү. Ошентсе да, атайын келгенден кийин, бир сурап көрөйүн деп чечтим.

Администратор көз айнекчен, ажардуу кыргыз аял экен. Мен салам айтып туруп, орун барбы деп сурадым. Аял башын ийкеди. Мен дароо ага паспортумду сундум да, анан аны аял ачып карай электе эле, шашып-бушуп түшүндүрө кеттим: паспортумда дагы эле шаардын гражданы катары жазылуу элем, ал эми шаардыктарды өз шаарынын мейманканаларына кабыл алышпайт эмеспи.

— Эжеке, мен өзүм шаарда турам, — дедим куду бир күнөөм үчүн актанып аткансып. — Өзүмдүн үй-жайым бар. Бирок бүгүн кашайып айылдан ата-энем келип калышыптыр. Батышпастан, сиздерге келдим. Эптеп, бир күнгө жатарконок бериниздер.

— Ата-энең келсе эле, үйүнө батпай каласыңбы? — деди аял, менин паспортумду баракталанча.

— Билесизби, үйүм бир эле бөлмөлүү. А өзүм төрт жанмын: аялым, эки балам...

— А пастортуңда катын-балаң жазылбаптыр го?

Паспорттун бир өзгөчө жери: анда сиздин катыныңыз, бала-чакаңыз, небере-чебереңиздин тизмеси дайыма жазылуу жүрөт. Мен муну эстебей калыптырмын.

— Биз аялым экөөбүз али каттала элекпиз, — дедим.

— Эки балалуу болгонго чейин деңеби? Анда балдарың кимдин балдары болуп жүрүшөт?

— Аялымдын.

Администратор мени ишенбей карап алды.

— Болуптур, — деди анан, кудай жалгап. — Бир түнгө гана уруксат берем.

Жаным жай ала түштү. Колума уруксат кагазы тийгенче, аялды ыракматка бөлөп салдым.

Номер эки кишилик экен. Кроваттардын бирөөндө кийимкечелүү бойдон, бир кыштактык жигит жатыптыр. Жашы отуздарда бар, орто бойлуу, беттери тордогон бакжайган неме. Ал колуна «Чалкан» журналын кармап алып, өзүнчө эле шарактап күлүп атат. Салам айтсам да укпады. Мен бош турган кроваткага келип, чечине баштадым. Бир пастан кийин жигит журналды жерге таштап, а мүмкүн колунан түшүрүп жибердиби, күлгөн бойдон өйдө болду.

— Өтө кызык бекен? — деп сурадым.

— Айта көрбө, — деди жигит. — Ох, боорум эзилип калды. Хэ-хэ-хэ... Бир адам, катынымды уурдап кетиштиби, табууга жардам кылгыла деп жазыптыр. Ой, жинди десе, бир катынды кайтара албай уурдатып жиберет. А менин чоң атамдын үч сулуу катыны болгон, ал үчөөнө тең көз сала билген, азаматым. Ой, арбай ургуй десе...

— Ысык суу барбы? — деп сурадым.

— Эмне? А-а... Билбейм. Мен муздак суу менен жуунам.

Мен аргасыздан жылмайдым.

— Каяктан келдиң? — деп сурап калды эми кыштактык жигит.

— Москвадан, — деп койдум.

— Москвадан? Эмне, ошол жакта жашайсыңбы?

— Угу.

— Анда мен сени эмне үчүн көрбөдүм! Мен быйыл Москвада болгонмун.

Мен сүлгүнү алып душка кирип бараттым эле, ордумда катып калдым. Кийин күлүп жибердим.

— А Москвага эмне үчүн бардың эле? — Кичине кызыгып калдым.

— Менби? Сессияга... Мен — депутатмын. — Кыштактык стулда илинип турган пиджагын алып, анын көкүрөгүнө кадалган депутаттык значокту, бир алтын жылдызды көрсөттү.

— Эх-э, дос, сен таза атактуу адам турбайсыңбы — дедим. Какшык иретинде эмес.

— Мен жөнүндө «Правда» газетасы жазган, окугандырсың: атым — Маман, фамилиям — Сулайманов.

— Жок. Сен чоң киши экенсиң, Маман.

— Мени менен бардыгы эсептешишет. Райком, райисполком...

— Эсептешпегенде... Сен өзүң чоң бийликтин өкүлү болуп турбайсыңбы.

Мен дагы душка жөнөдүм. Бирок душтун оозуна барып туруп, оюма бир нерсе кылт эте түштү.

— Мүмкүн сен мага жардам берип жүрбогүн? — дедим мен Маманга.

— Айт, — деди Маман. — Кандай жардам керек?

— Билесинби, мен сага калп айттым, мен Москвада жашабайм.

— Мен деле ушундай деп ойлодум. Болбосо, көрөт элем да сени ал жактан.

— Ушундай. Мен университетти бүтүрдүм. Памирде Мургап деген бир кыргыз району бар экен, ошол жакка мугалим болуп бар дешти эле, барганым жок. А бул жерге калып, бир ишке орношоюн десем, колумдан келбей атат. Сен мен үчүн кадыр-баркынды салып көрбөйсүнбү?

— А эмне үчүн Памирге барганын жок?

— А муну сурап эмне кыласың, барганым жок. Кандай, жардам кыла аласынбы?

— Жок. Менин кадыр-баркым бул жерге өтпөйт. Мен — Тажикстандын депутатымын. Бул жерге малчылардын слётуна келгенмин.

— А-а...

Мен дагы душка кирмекчи болдум.

— Эй, дос, — деп калды Маман ушу тапта. — Айтчы, эмне үчүн Памирге барбадың?

— Муну айтып отурушка көп убакыт керек, — дедим. Чын да, бейтааныш кишиге бардык сырымды айтып отурмак белем.

— Бекер кылыпсың, — деди менин жаны таанышым.

— А эмне үчүн? — деп таң калдым.

— Биздин жер — сонун жер. Сага жагат эле.

— Сен, эмне, Памирденсиңби?

— Ооба. Сен айткан кыргыз районунанмын. Жүр, андан көрө мени менен.

Мен жылмайдым.

— Коё тур, — дедим, — адегенде душка түшүп алайын. Силердин душуңар жок да, ушундайбы?

Мен душка кирип кеттим. Бирок үстүмдө калган кийимимди чечкиче болбой, Маман келип, эшиктин алдына туруп алды. Анын көзүнчө жылаңачтаныштан уялдым.

— Бача, сен жакшы кылбай атасың, — деди Маман. Мен «бача» деген сөздүн маанисин кийин билдим, ал памирлик кыргыздардын тилинде «тентуш», «дос» деген мааниде колдонулат экен. — Биздин райондун мектептеринде мугалимдер жетишпейт. Ошондуктан, өрдөк жок жерде, чулдук бий дегендей, көрүнгөн эле киши мугалимдик кылып жүрүшөт. А сага окшогон билимдүү мугалимдер, минтип барышпайт, барышса да бир жыл иштеп, кайтып кача беришет. А жерибиз жакшы, элибиз жакшы. Бир гана айыбыбыз — шаардан алыс турабыз. Бирок окууну бүтүргөн мугалимдердин баары эле шаарда кала берсе, кыштактын балдарын ким окутат? — Маман менден жооп күткөнсүп, тынығып калды. Мен унчукпадым. — Мен го коюмду кайтарып жүрө берем, балдарга убал. Балдар өспөй атат...

Маман басылды. Мен бир нерсе дешим керек болуп калды.

— Памирде кишилер түтөгүп өлөт дешет, ушул чынбы? — деп сурадым. Оозума ушул келиптир.

— Э-э, өзүң да апенди экенсиң, — деди Маман. — Түтөгүп эле өлө берсе, ал жерде киши жашап эмне кылат? Ишенбе ар кимдин айткандарына. Андан көрө, өзүң барып, жашап көр. Эгер түтөгүп өлүп баратсаң, мага айт, мен райкомдун кара «Волгасы» менен кайра өзүңдүн Кыргызстаныңа жеткирип коём.

Мен мулуюп койдум. Маман муну көрүп жандана түштү.

— Чын эле, бача, бир барып көрбөйсүңбү бизге? — деди — Жакса, иштеп каласың, жакпаса, сенин колу-бутуңдан эч ким байлап калбайт, ал жерде да Советтик бийлик бар, бир жыл иштеп туруп, баса бересиң. Кандай дейсиң буга?

— Ойлонуп көрөйүн, — дедим. Чын эле ойлонуп көргүм келди.

— Майли, — деди Маман, баягыдан дагы жанданып. — Мен сени кыстабаймын. Мен эртең кетип атам. Адресимди сага таштап кетем. Эгер, барамын деп калсаң, ошол адрес менен туура бара бересиң. Мен ал жердегилердин баарына эскертип коёмун.

— Жакшы болот — дедим. — Мен жуунуп чыкканча, ардесинди жазып тур.

Маман эшикти жаап, басып кетти.

Жакшы эле кылган экенмин. Шаарда дагы бир жумача жүрүп Памирге кетүүгө аргасыз болдум...

* * *

Мен кыштакка кантип келип киргенибизди билгеним жок, уктап калыптырмын. Мени шоопур ойготту. Шоопур он сегиз жаштардагы бала. Мен аны менен райондун борборунда, Мургапта эле таанышып алдым, аты Шарип экен.

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 47203

Мен кабинадан чыгып, кыштакка көз чаптырдым. Бул кыштакты көз алдынызга келтириш үчүн, адегенде, бири-бирине оролушуп жаткан, чокуларынан жайын-кышы ак кар кетпеген, а жондору жыланач, кабагы бүркөө тоолорду элестетишиниз керек. Тоолордун арасында эсепсиз көп кууш өрөөндөр, жылгалар бар. Илгери, алайлык бир ырчы памирлик кыргыздардын тиричилигин мындай деп ырга кошкон экен: «Жылга башы үйү бар, үйү башы бийи бар»... Ал ырчы айткандай, булардын айылдары — жазгысы да, күзгүсү да, кышкысы да — мына ушул өрөөндөрдө, жылгаларда. Мен келген кыштак да бир нече жылганын оозунда, кууш өрөөндө экен. Өрөөн жайдак, анын бетинде чымчык коно турган бир дарак жок. Өрөөндү экиге бөлүп апаандак улуу дарыя агат. Дарыянын бир жээги кичинекей жашыл аралды түзөт. Аралда сетирейген жалгыз там турат. Кийин билсем, аралды азилдешип «Тайван» дешип коюшат экен, а үйдө болсо, он тогуз жашар кызы менен Толубай деген мерген жашайт экен. Экинчи жээк — бийик, топурагы чыккан боппоз талаа. Кыштак мына ушул бийик жээкке жайланышкан. Кыштак отуз чакты үйдөн турат. Үйлөрдүн жыйырма беш чактысы бир калыптан чыккандай окшош боз тамдар, а калган беш-алтоо чоң-чоң акталган имараттар. Акталгандары — колхоздун идарасы, клубу, мектеби, магазини, мейманканасы, а бирөө башкармасынын үйү. Үйлөрдүн баары чогуу, бирок башаламан түшкөн. Кыштактын эң четки үйүнөн беш жүз метрдей нарыда жупуну гөрүстөн жатат. Гөрүстөндөгү мүрзөлөрдүн саны кыштактын үйлөрүнөн үчтөрт эсе көбүрөөктүк кылат. Гөрүстөндө бир гана кабыр бар, ал пышык гыштан урулуп, төбөсүнө топоздун куйругу илинип коюлган. Топоздун куйругу шамалга дирилдеп, а бул жерде күн кур эмес кургак шамал жүрүп турат, кабырдын дубалдарында түндөлөрү кара каргалар түнөшөт. Кабырды, мен келбестен эки жыл илгери, башкарма өз атасына тургуздуруптур...

— Памир деген ушул экен да, — дедим мен кыштакты карап туруп. Өз ичимде келгениме бушайман жедим.

— А сиз кандай деп ойлодуңуз эле? — деп сурады Шарип, жаныма менин чемоданымды коюп жатып. Какшыктап эмес, кызыгып.

— Мектебинер кайсы? — деп сурадым мен, ага жооп бериштин ордуна.

— Анау, — деди Шарип, акталган үйлөрдүн бирин көрсөтүп. Ана мен дагы бир нерсе дегиче болбой, машинесине отуруп, чан ызгыткан бойдон жүрүп кетти. Мен кайда басарымды билбей, ордумда кыйлага чейин туруп калдым.

Эки жагымды карасам, кыбыр эткен киши көрүнбөйт. Ак тамдардын ортосундагы кең аянтта кандайдыр токулуу топоз үргүлөп турат. Ал үй менен бул үйдүн бурчун суулап, бир картаң кара дөбөт соксондоп чуркап жүрөт. Айылдын ичи жымжырт. Кыйладан кийин гана мектеп деген имараттын ичинен балканын токулдаган үнү чыкты. Мен чемоданымды ордуна калтырып, мектеп жакка бастым.

Мектеп али ремонт болуп атыптыр. Анын караңгы коридорунда парталар, доскалар, эски лозунгдар, белгилүү адамдардын портреттери чачылып жатат. Эшиги ачык турган класстардан акиташ менен боёктун жыты буруксуйт. Бирок эч жерде киши көрүнбөйт. Не кыларымды билбей туруп калсам, жанагы тарсылдак дагы угулуп калды. Мен басып бардым.

Класстардын бирөөндө бир эркек парта оңдоп атыптыр. Эркек кырк беш жаштарда бар, узун бойлуу, үстүнө кара чий баркыттан купайке, бутунда кайыш өтүк, башында тумак.

— Ассаломалейкум, — деп мен анын көңүлүн өзүмө бурдум.

Эркек мени көрүп, балкасын таштап, босогого басып келди.

— Алейкумассалом, — деди ал, мага ачык жүзү менен колун берип. — Куш келипсиз?

— Мен Фрунзеден келдим, мугалиммин, — дедим. — Мага мектептин директору же завучу керек эле.

— А-а — деп эркек негедир сүйүнгөнсүп кетти. — Маман айткан жигит сиз турбайсызбы.

— Ооба, — дедим мен. — Ал өзү кайда жүрөт?

— Маманбы? Кечээ областка кеткен. Жыйналышка. Бүрсүгүндөрдөн кайтып калат. Жүдө жакшы келипсиз да. Кана эмесе, таанышып алалы. Менин атым — Мамыт. Ушу мектептин завучу боломун.

Мен кичине уяла түштүм.

— Кечирип коюңуз, мен сизди уста экен деп ойлоптурмун, — дедим.

— А, эч нерсе эмес, — деди завуч. — Устачылык да кылабыз. Биз ар жылы өз мектебибизди өзүбүз ремонттойбуз. Буюм-кечелериңиз каякта?

— Эшикте.

— Анда жүрүңүз, мен сизди өзүңүз жашай турган үйгө алпарып коёмун.

Биз мектептен чыгып, менин жаман чемоданыма карай бастык.

— Бу кыштагыныздар тыптынч да? Адамдарынар каякта? — деп сурадым завучтан, кыштактын мурдагыдай эле ангырап, бопбош турганын кайра сезип.

Завуч мулуюп койду.

— Биздин турмушубуз ушундай, — деди ал. — Эрте баардан тартып, куду кеч күзгө чейин мына бул үйлөрдө эч ким жашабайт. Бардыгы жайлоодо болушат.

— Демек, бул жерде жыл бою үч-төрт ай гана жашашат экен да?

— Ооба. Ошондо да баары эле көчүп түшүшпөйт, көпчүлүгү жыл бою жайлоодо, кыштоолордо калып калышат.

— А эмне үчүн?

Завуч дагы мулуйду.

— Мал багышат.

— А окуучулар, мугалимдер каякта?

— Окуучулар каникулун ата-энелери менен өткөрүшөт. Мына эртен окуунун ачылышына, мугалимдер аларды жыйнап келгени кетишкен. Бүгүн түнү менен келип калышаар.

Ушу тапта бизге жакын жердеги үйдөн баланын ыйы угулуп калды. Ошол эле замат аны дагы бир нече баланын ыйы коштоп кетти.

— Бул эмне деген хор? — деп сурадым, таң калып.

— Биринчи класстын окуучулары — деди завуч. — Бүгүн эле жайлоодон түшүштү. Таанышасызбы?

Биз балдардын ыйы чыккан үйгө карай бастык. Үй узун болчу. Анан бир нече жеринде эшиги бар. Биз ачык турган эшикке багыт алдык.

— Биздин бардык тиричилигибиз ушул үйдө, — деди завуч адатынча жылмайып. — Жатаканабыз да, кампабыз да, ашканабыз да...

Ачык турган эшик ашкананын эшиги болуп чыкты. Ашкана бир далис, бир зор бөлмөдөн турат экен. Далисте бир аял казан-аякка киришип жүрүптүр. Зор бөлмөдө болсо, үстүнө клёнка жабылган узун стол турат. Столдун эки жанында ошондой эле узун эки скамейка коюлган. Скамейкаларда, калдыргачтын балдарындай тизилишип, жети-сегиз жаштардагы балдар, кыздар отурушат. Алардын баарысы алдыларына коюлган боткого көңүл бурбастан, ыйлап жатышат. Столдун бир учунда чарчы бойлуу, кирзовый өтүк, тумак, купайке кийген эркек, а башка учунда жыйырмажыйырма беш жаштардагы, нооча бойлуу, чырайлуу келин туруптур. Экөө тен балдарды сооротуп, аларга оокат жедириштин камында. Бизди биринчи болуп келин көрдү. Ал башын көтөрүп, мени карап туруп калды.

— Саламатсыздарбы, — дедим мен, келинге карап.

— Эсенсизби, келиңиз, — деди келин, сыпайы түрдө.

Эркек да шашпай басып келди. Ал отуз жаштарда эле. Жүзү кумсарынкы, заарлуу, жыпшык көздөрү бар.

— Мамандын келет деген киши ушул жигит экен, — деп таанышты мени завуч экөөнө.

— Сактан, — деди эркек мага колун берип. — Сактан Качыбеков. Математика мугалимимин. Биз сиз менен жердешпиз.

Мен да ага атымды атадым.

— А бу келиндин аты Ракыя, — деди завуч. Келин мага жылмайып, башын ийкеп койду. — Ушул отурган балдардын эжекеси.

— Менин аялым, — деп кошумчалады математика мугалими.

Мунусу мага, эмнегедир, бир чети: «Билип ал, бул аял мага таандык, башы бош эмес», — дегендей туюлду.

Мен аялга таазим кылдым. Келин мурдагыдай эле сыпайы жылмайып, билинер-билинбес башын ийкеп койду.

— Бу силер эмне ыйлап атасынар? — деп калды завуч балдарга кайрылып. А балдар биз киргенден кийин кичине бизге алаксышып, ыйлаганды унутуп калышкан эле. Завучтун суроосунан улам, алар кайрадан жатыркашып, коркушуп калышты. Кокусунан, бирөө озондоп коё берди. Ага калгандары дагы кошулуп кетти.

— Болду, болду, болду! — деди Ракыя, аларга анчейин опуза кылып.

— Бул жердин балдары ушунчалык жапайы келет, — деди Сактан Качыбеков, куду чет элдик туристке бир нерсени түшүндүрүп аткан гиддин түрү менен.

Завуч эшикке чыгып кетти. Эрди-катынга баш ийкеп коюп, мен да аны ээрчидим. Биз менин чемоданымды алып дагы бир узун үйгө келдик.

Бул үй мурдагы үйдөн да узун экен. Жакшылап назарымды салсам, ал бир үй эмес, жети үй болуп чыкты. Наяти, алар, корко тургансышып, бири-бирине туташ салыныптыр. Муну мен алардын там башынан ажыраттым: бирөөнүн там башы пас, экинчиси бийик.

Завуч эң биринчи эшикке келип, эшикке оролгон зымды чечти. Биз далисге кирдик. Далисте көмүрдүн жугу — журту, аялдын бир жуп эски байпагы, ичинде жазуусу бар дептерлер жатат.

Төркү бөлмө чон, жарык экен. А жарык болсо, адаттагыдай, дубалдын бооруна курулган терезеден эмес, үйдүн шыбы-

на курулган, балык жон терезеден түшүп турат. Бөлмөдө печке, стол, темир кровать бар. Нарыдан-бери жасалган эски тактапалда «Советский экран», «Юность» журналдарынын эски сандары чачылып жатат.

— Өткөн жылы бул үйдө Дүйшөмбүдөн бир орус кыз келип, жашап кеткен, — деди завуч, менин журналдарды карап калганымдан улам. — Орус тилинен берчү. Үч-төрт жылдан бери орус тил мугалимибиз жок жүрүп, ал кыздын келгенине таза сүйүнүп калдык эле. Бирок эки ай турупturбай кызың түшкүр, жадап, сабагын директирибизге тапшырып, кайтып кетип калды. Ошондон бери бул жерде эч ким жашай элек.

— А өзүнүздөрчү? Өзүнүздөр жадабайсыздарбы? — деп сурап жибердим мен. Орунсуз суроо, албетте. Өзүм да уялып калдым.

Завуч мулуюп, ийнин куушуруп койду.

— Жадасак, бул жерде жашабайт элек да, — деди ал. — Болуптур эмесе. Мен барып, сизге төшөнчү-орун жиберейин. А бир сааттан кийин өзүм келем, биздикине барып, чай ичебиз.

— Ракмат, — дедим мен, ыраазылык менен баш ийкеп.

Завуч чыгып кеткенден кийин, темир кроватка боюмду таштап, ойлонуп отуруп калдым...

* * *

Бирпастан кийин, тиш жуугуч сатып алайын деп, булардын магазиндерине бардым.

Магазинде үч эркек бар экен. Бирөө кырктардан ашкан, узун-узун саргыч муруттары бар, көздөрү кыйды киший. Ал прилавканын артында туруп алып бир нерсе жазып жатат. Беркилери ун салынган каптардын үстүндө отурушат. Булардын бири алтымыштарга барып калган сары, көсө адам. Экинчиси андан улуураак. Анысы топтомолок, семиз, көздөрү жүлжүйгөн, кара киши. Бул экөө арак ичип отурушуптур. Бирок мен кирер замат, тогологу шишени ката койду. Үчөө тең мени кызыгып карап калышты.

— Ассаломалейкум, — дедим мен, баарысына тиешелүү кылып.

Эркектер арсар алик алышты.

— Мага бир тиш жуугуч берип коюңузчу, — дедим кийин, жазуу жазып атканына келип.

Ал унчукпай менин акчамды алып, алдыма бир тиш жуугучту таштап койду. Мен тиш жуугучту алдым да, эшикке жөнөдүм.

— Ука, бу сизди тааныбадык го? — деп калды ушу кезде көсө.

— Мен сиздердин мектебиниздерге мугалим болуп келдим, — дедим. Атым — Акун.

Үчөө тең негедир жандана түшүштү.

— А-а-а! — деди көсө. — Мамандын биз үчүн таап келген мугалими сиз турбайсызбы? Биз сизди күтүп атканбыз. Таза жакшы болбодубу келгениңиз. Бизде беш мугалимдин орду бош. Кана, тааныша лы эмесе. Менин атым Ташмат, мектептин директору болом. А мынабу тоголонгон неме менин досум болот. Аты Толубай, мерген өзү. Анабу майлды болсо, Турат деп коёбуз, ал дагы менин досум. Арак ичпейт. Бирок берсеңиз кайт кылбайт: стаканыңызды алат да, прилавкасынын астына катып коёт, а сиз кеткенден кийин аны бирөөгө сатат.

— Эй-эй, Ташмат аке, мыймандын көзүнчө кишини каралабасаңызчы, — деди магазинчи, ырсактап күлүп.

— Кана, мыйман, эми биз менен отуруң, бирткеден ичели, — деди директор. Анан шеригине буюрду. — Аракты бер быякка.

Мерген каткан шишесин алып чыкты.

— Агай, капа болбонуз, биз сизди райондон келген чоң экен деп коркуп кеттик, — деди ал.

— А мен, эмне, чоңго окшоп турамбы? — дедим мен.

— Азыр чондор жаштардан чыгып атпайбы, — деди директор досунун сөзүн колдоп. — Кана, отур үка.

— Ракмат, — дедим мен. Мен ичпей эле коёюн, узак жол жүрүп, чарчап келдим. Башка жолу ичербиз.

Директор менен мерген бири-бирин карап алышты.

— Болуптур, — деди директор. — Бирок башка жолу жок дебейсиң...

Мен чыгып кеттим.

* * *

Ошол күнү кечинде, завучтун үйүнөн келатып, мергенге туш келип калдым. Карангы кирип калган эле. Магазиндин алдынан өтүп баратсам, бирөө:

— Агай, бери бас! — дейт.

Карасам, магазиндин босогосунда мерген отурат. А магазин жабык. Жанына басып барсам:

— Бача, мен мас болуп калдым, үйүмө жеткирип кой, — деп айтат.

Жок дешке уялып, макул болдум. Анын үстүнө мен али мергенди аралда жашарын билелек болчумун. Кыштактан чыгып, гөрүстөнгө карай жүрүп калганыбызда гана кичине кабатырланып:

— Үйүңүз каерде? — деп сурадым.

— Өйүздө, бача, — деди мерген. — Аралда.

Мен макул болгонума бушайман жедим, албетте, бирок айнышка кеч болуп калган эле.

Гөрүстөнгө жеткенибизде, тоонун аркасынан кыпкызыл ай башбакты. Анын нурлары тоолордун чокуларын гана жарытып, өрөөндөр, кокту-колоттор мурдагыдай эле карангылыкта турду.

Биз гөрүстөндү аралап кеткен жалгыз аяк жолго салдык.

Колтукташып баратканыбыздан, жолго батышпастан, улам бирибиз жолдон чыгып, гөрлөрдү тебелеп кетип жаттык. Мергенге көнүмүш болуп калса керек, эчтеке сезбейт, мен болсо, куду өлүк адамдарды тебелеп бараткандай, жүрөгүм үшүп, далыларым чымырап кетип атты.

— Бул — гөрүстөн, — деп койду мерген, мен билбей бараткансып. Же өзү үчүн айттыбы, ким билет. — Бардык тиричилик ушул жерде бүтөт... Кайгы-мунун да, кубанычын да...

Кокусунан, алдыбыздан бир нерсе чуркап өттү. Мен коркуп кетип, дирт эте түштүм. Мерген муну сезип калды.

— Коён, — деп койду ык тутуп ал. — Гөрүстөндө жалгыз коён бар. Мен кээде ага: «Эй, узун кулак, менин жолумдан көп сырандабай жүрсөңчү, бир күнү шорунду кайнатып, шорво кылып ичип коюп жүрбөйүн» — деп коём. Азилдешип, албетте. Күн көрсүн, бейтаалай. Мүмкүн, мен бул жерге келип жатканымда да, үстүмөн секирип чуркап жүрөр...

— Гөрүстөн бүткөндөн кийин жол, бийик жээктен ылдый кыялап, дарыяга түшө баштады. Ылдыйышка түшүш да экөөбүз үчүн кыйын болду. Бирок мерген ага карабай, ичкилик кыргыздардын обонуна салып, ырдап кирди:

— Эй-эй, кызыл, кызыл нар айдап,
Кыяларда болбодум.
Күлүп-ойноп сиз менен,
Кыяматтык болбодум...

— Агай, коштоп кой.

Мен түшүнө бербедим.

— Кантип?

— Кантип дейт! Киши ырдаганда, «а!», «па!» деп аны коштоп турат да.

Эми түшүндүм.

— Менин ырдаганга да, коштогонго да көнүлүм жок, аксакал, — дедим, кичине кыжырым келип. Кара муну, узатып баратканым өз келгенсип талабын көр.

Мерген ырдабай калды. Биз жээкке түштүк. Бу тапта ай дагы тоолордун чокулары менен барабарланып, анын нурлары ылдыйлап, түздөр да мурдагыдан жарышып келатты.

— Ушул ортодо асма көпүрө бар, — деди мерген. — Изделип көр, агай.

Мен жакабелимди карап, дарыянын үстүнөн тартылган эки жоон зым арканды көрдүм. Зым аркандардын биз турган учунда сандыкка окшогон бир нерсе асылып турат. Болсо болду, асма көпүрөсү ушул дедим да, мергенди анын жанына баштап бардым. Кийин билсем, бул көпүрө, дарыянын суусун өлчөп туруш үчүн курулган нерсе экен.

— Муну менен кантип өйүзгө өтөбүз? — деп сурадым мен мергенден.

Адегенде мени мынабу люлкага отургуз, — деди мерген. — Анан өзүң отур.

«Люлкасы» сандыкка окшогон неме эле. Мен ага мергенди чыгарып, артынан өзүм чыктым. Люлка дегени жээктеги темир түркүктөргө байланууу туруптур. Мерген аны өзү агытты. Люлка дарыянын кыйла жерине чейин өзүнчө жылып барып, анан токтоп калды.

— Эми, бача, зым аркандын бирин кармап алып, аны өзүнө тарта бер, — деп үйрөттү мерген. — Мына мага окшоп.

Экөөбүз зым аркандарды бир-бирден кармап алып, өзүбүзгө тартып, алдыга жыла баштадык. Кыйын жумуш экен. Бирпаста колдорум ачышып, чарчап калдым. Мен анда, Памирдин авасы суюк болорун, ага көнө элек туруп күч иш кылган кишинин бул ава бат чарчатып, дамыктырып, ал турмак, эстен тандырып коёрун билелек болчумун. А мерген болсо, эчтекеден бейкабар ырдап кирди:

— Кызыл, кызыл нар айдап,
Кыяларда болбодум.
Күлүп-ойноп сиз менен,
Кыяматтык болбодум...

— Коштоп кой, бача.

— Э коюңузчу, аксакал! — дедим, мурдагыдан бетер кыжырым келип.

— Ана, менин кызым да күтүп турат, — деди мерген, менин сөзүмө этибар бербестен.

Карасам, чын эле жээкте бир кыз туруптур. Кыздын арт жагында төрт ит, иттердин артында бир эшек да бар. Биз өлүп-талып жээкке жеткенибизде, кыз зым аркандар байланган темир түркүктөрдүн жанына басып келди да, унчукпай биздин люлканы тутуп, аны түркүктөргө байлай баштады.

— Карачач, мынабу агайың менен таанышып ал, — деди мерген. — Прунзеден келди бүгүн.

— Келиниз, — деп койду кыз мага. Анан унчукпай атасын түшүрө баштады.

Менин кызга жооп берер алым жок эле, башымды гана ийкеп койдум, бирок кыз мунуму байкаган да жок. Мерген жерге түшкөндөн кийин, мен люлканы кайра чече баштадым. Муну көрүп, кыз, негедир атасына суроолуу карап калды.

— Э-э, бача, эмне кылып атасын? — деди атасы мага, чочуган түр менен.

— Эми мен кайтып кетейин, — дедим.

— Э, кой, агай! Шунчалык келип калдың, биздикине конуп кет. Түш.

— Ыракмат, — деп коюп, чече бердим. — Барайын.

— Жок, бача, калбасаң болбойт, — деди мерген, баягыдан астейдилирээк. — Биринчиден, кызым экөөбүздү таарынтасың. Экинчиден, люлкабызды ал өйүзгө алпарып байлап таштасаң, эртең биз тиричилик кыла албай калабыз. Мундан башка көпүрүгүбүз жок.

А-а, ушундай беле али дедим ичимде. Өзүмдүн бул абалыма өзүм күлкүм келди. Кайсы гөрдөн да бул кишиге туш келдим деп кейидим. Бирок ушу тапта ушунчалык арып-чарчап, жанымды жер тартып бараткандыктан, кала берсе, кайсы үйгө түнөгөнүм баары бир эмеспи дедим да, жерге түштүм.

Кыз атасын эшекке мингизди. Эшек тыпылдаган бойдон мергенди аралдагы жалгыз үйгө алып жөнөдү. Биз кыз экөөбүз жана төрт тайган болуп, эшекти ээрчип алдык. Көп өтпөй мерген дагы ырдап кирди:

— Э-эй, кызыл, кызыл нар айдап...

Биз кыз экөөбүз үйгө жетер-жеткенче бир ооз сүйлөшкөнүбүз жок. Үйгө жеткенден кийин кыз атасын жерге түшүрүп, үчөөбүз ичкери кирдик.

Мергендин үйү, менин өйүздө калган жаңы үйүмө окшоп бир далис, бир мейманканадан турат экен. Экөөнүн тең терезелери шыптан чыгып, экөөн тең ай менен шишелүү чырактардын нурлары жарытып турат. Далисте идиш-аяк, сандык, кап, мылтык, капкан сыяктуу буюм-кечелер турат. Очокто кыктын оту күйүп, казанда эт бышып атат. Төркү бөлмөсүндө болсо, жыйылган көрпө-төшөктөн башка эчтеке көрүнбөйт.

Карачач элпек түрдө төрдөгү төшөктөрдү жаңырта салды.

— Кана, агай, төргө өт, — деди мерген. — Кызым ооката-тың пышса, апкел. Бозоңдон калды беле?

— Бозо бүгүн ичиле элек, — деп кыз далисге чыгып кетти.

— Ичилбесе, таза жакшы болуптур да, — деди мерген. — Ичилбесе, мана азыр ичебиз.

Бирпастан кийин алдыбызга дасторкон салынып, эки жыгач кеседе сорпо, чоң мис чарада эт, дагы бир чоң жыгач чарада бозо келди. Үйдүн ичи сорпо, эт, бозонун жытына толуп, шыптагы балык жон терезе алардын буусуна тердеп чыкты.

Мерген бирпаста этти бөлүштүрө салды.

— Кана, мейман, этке кара. Кийиктин эти, — деди ал. — Кызым, бозодон куй.

Менин курсагым ток болучу. Ошентсе да, кийиктин эти дегенден улам, а эт чынында да ширин экен, сонун көрүп, оңор эт жебедим. Бозону да мерген экөөлөшүп, куп ичтик. Бир маалда мен мас болуп калдым. Памир мурдагыдан жакшырып, а өзүмдүн минтип, ээн үйдө, мерген менен анын кызынын маңдайында, кайберген этин жеп, бозо ичип отурганым, өзүмө романтикалуу болуп көрүндү. Мергендин өзү да, анын тултук бет, жоош-момун кызы да жага баштады.

— Айтмакчы, бача, Кыргызстандын каеринен болосуң? — деп сурап калды мерген, гарт кекирип коюп.

— Ноокат деген жеринен, — дедим.

— Э-э-э! — деп кыйкырып жиберди мерген. — Сен мага тага болот турбайсыңбы?! Менин раматылык апам Ноокаттан болом дечү эле. Мана, мана, тууган чыгып калбадыкпы. Кана, бача, эттен ал. Кызым, менин тагама бозодон куй...

Ноокатта да бозо салабы, тага?

— Салат.

— А уучулук кылышабы?

— Кылышат.

— А өзүн уучулук кылгансынбы?

Бала кезимде тентуш балдар менен ит ээрчитип, таяк алып, кекилик, чил, коён кубалачы элем. Бирок бул киши менен мунумду мергенчилик деп эсептээрине шектенип:

— Жок, — деп койдум. — Бирок мергенчиликти жакшы көрөм.

— Анда мен сени мерген кылам, — деди мерген. — Мана көрүп турасын. Кийик аттырам, аюу аттырам, жолборс аттырам... Атасынын гөрү, тага-жээн болуп алып, бир уучулук кылалы, а?

Мен жылмайып койдум. Мергендин убадалары делебемди козгой баштады.

— А качан чыгабыз анда? — деп жибердим.

— Кааласаң, эртең эле, — деди мерген. — Эртең эртелеп, кийиктер оттогону түшкөн кезде, үстүнөн басабыз. Кызым, биз саар менен, жылдыз тарай электе ууга жөнөйбүз. Али жатаарда мылтык, ок-дары, дүрбү дегендердин баарын камдап кой. Эшекке жемден көбүрөөк сал. А иттерди бүгүн кантарасың. Эх, тага, эртеге сана бир тамаша куруп берейин! Куй, бозодон, кызым.

— Эми өзүңүздөр куюп ичип отурунуздар, мен казан-аякты жууштурайын, — деди кыз, чараны атасынын алдына жылдырып.

— А-майли, майли кызым, барып ишинди кыла бер, — деди мерген. Карачач идиш-аяктарды жыйыштырып, далисге чыгып кетти.

— Жакшы кыз, — деп койду мерген анын артынан. — Раматылык апасын тарткан. Кудай кааласа, бир кызматчыга күйөөгө берсем деген ниетим бар. Койчу-пойчуга тийсе, кор болот, бечарам... Сен үйлөнгөнсүңбү?

Мен башымды чайкадым.

А мерген, негедир, өзүнүн жакшы көргөн ырын эстей кетти:

— Э-э-эй, кызыл нар айдап,
Кыяларда болбодум...

— Э-э-эй! — деп кыйкырдым мен бул жолу, аны коштоп.

Мен качан жатканыбызды билбейм. Эртесинде көзүмдү ачсам, шыптагы терезеден күндүн нурлары куюлуп түшүп туруптур. Жанымда катуу конурук тартып мерген жатат. Анын баш жагындагы дубалда мылтык, патронташ, дүрбү

илинүү турат. Мен кечиндеги мергендин убадаларын эстеп, уучулукка барбай калганыбызды түшүндүм.

Кийин биздин бул жоругубуз өтө көп жолу кайталанды. Мерген мени бат-бат эле үйүнө чакырып калат. «Тага, бүгүн кечинде биздин үйгө келип жатасың, эртең азандан ууга жөнөйбүз», — дейт.

«А-а, айтмакчы, магазинден бир аз шише бир нерсе ала кел, бозого кошуп, эрмек кылып отурабыз», — деп кошуп коёт. Мен «бир аз шишесин» алып, кечинде анын үйүнө барам. Бүгүнкүдөй, көпкө чейин чардап отурабыз, а бечара Карачач биздин эртеңки күнүбүздүн камын жейт: мергендин курал-жарагын, иттерин, эшегин ууга даярдайт. Бирок эртеси күнү турсак эле, күн шашке болуп калган болот, ууга барылбай калат...

Бирок калп болбосун, бир жолу кийикке чыктык. Ошол күнү күн бүркөлүп, кичине кар гыбаңдап турган. Биз таң сүрүлгөн кезде туруп, бир чыныдан бозону шашып-бушуп ичтик да, жолго аттандык: мерген очоюп эшегине минди, мени болсо, бир колума таяк берип, эшегин айдаттырып, бир колума беш итин жетелеттирип койду. Эгер мергенчиликке ушунчалык дилгир болуп калбаганымда, өзүмдүн бул абалым үчүн намыстанып таарынмакмын.

Памирде кийик уулаш үчүн узакка барбайсыз. Эки тумшукту айланып өтүп, бир кең жылгага кире беришибизде эле, мерген эшегин токтотуп, дүрбү салып калды. Аны көрүп колумдагы беш ит да өздөрүнчө тынчсызданып, кулактарын түрүнүп, ээсинин ар бир кыймылын ээрчип карап калышты. Картаң боз эшек гана эч нерседен капарсыз, көздөрүн сүзгөн калыпта, чоң түп шыбактын түбүн суулап турду.

— Он чакты теке жүрөт, — деди мерген бир маалда.

— Кана? — деп колунан дүрбүнү жулуп алдым.

Карасам, чын эле ноопаздай-ноопаздай болгон он теке бейкапар оттоп жүрүшүптүр. Мен кичине толкундай баштадым.

— Эми эмне кылабыз? — дедим, көзүмдү дүрбүдөн албай.

Жооп бериштин ордуна, мерген эшегинен түшүп, иттерин агытып кирди. Иттери али текелерди көрө элек болучу, ошентсе да, алдыларында турган милдеттин кубанычына чыдай алышпай, ордуларында тыбырчылашып, кыңшылашып, көздөрү ала-чакмак болуп, туш келди жактыны карап атышты. Алардын баарын агытып болуп, ээси алардын барчу жагын колу менен көрсөтүп койду. Иттер көрсөтүлгөн жакка чуркап жөнөштү. Бирок көп узабай эле,

бараткан багытынан чукул бурулушуп, башка эле жакка бет алышты.

— Иттериниз тенирден тескери кетишти, — дедим мен, дароо иренжип.

— Алар текелерди көрүштү, — деди мерген. — Айланып барып, аркы жагынан чыгышат.

— Анда биз эмне кылып турабыз бул жерде? Биз да барбайлыбы ошо жакка?

— Биздин ал жакта керегибиз тийбейт. Иттер өздөрү айдап келип, тээтиги аскага камап беришет. Андан көрө, үстүндөгү тонунду чечип, женилденип тур.

Мен мергендин айтканын кылдым. Ангыча иттердин арсылдаган үнү чыгып калды. Карасам, төрт ит бир текени алдыларына салып алып, жанагы мерген көрсөткөн аскага карай кууп чыгып баратышыптыр. Теке иттерден жүз метрдей алдыда, байкуштун жаны көзгө көрүнүп, бар болгон күч-кубатын, күлүктүгүн качып кутулууга жумшап койгон. Ошол бойдон кача берсе, кутулуп кетмек, ал иттерден алда канча күлүктүк кылат экен, анын үстүнө, аскага жармашканда анын мүмкүнчүлүгү ого бетер арта баштады. Бирок ал өзүнүн бул артыкчылыгын пайдалана алган жок. Мунун ордуна, артындагы куугунчулардын тынымсыз арсылдаган үндөрүнөн улам, коркунучу артып олтуруп, акыры чыдабастан чукул бурула берип, типтик асканын жалама бети менен анын ортосуна чейин кадуулап чуркап барды да, бир алакандай жерге пөкүлдөп туруп калды. Албетте, ал токтогон жерге эч кандай ит баралмак эмес. Бирок мергендин иттери да ал жерге барышты ойлошподу. Мунун ордуна алар дароо асканы курчады да, коюшту: аларга ушул гана керек болучу. Бечара теке муну көрүп кутулуп кеттим деп ойлоп калды окшойт. Иттердин артынан мылтыкчан киши келерин ал кайдан билип коюптур.

— Мана, эми жөнө, — деди мерген. — Как башына аткын...

Мен аскага карай чуркадым. Бирок Памирде көпкө чуркай албайсыз. Түтөк дегени бар, дароо бутуңузду кишендейт да, коёт. Бул жерде өргө, мурдуңуз канабай, жай басып чыксаңыз да, өпкө, жүрөгүм абдан таза экен деп сыймыктана бериниз.

Мен аскага алпарчу кырдын оноюраак, а текеге көрүнбөс капталын тандап алып, жарым саат дегенде, асканын бир тарабын тоскон иттин жанына жеттим. Иттен текеге чейин элүү метрче гана аралык калды. Ушул жерден атмакчы болдум. Чон таштын боорына далдааланып алып, мылтыгымды октодум. Мылтыгым ГЭК, же памирликтер айткандай, «пырсылдак» деген мылтык эле. Толубай мергендин айтышына караганда мунун огу кийикке тийгенде «пап» деген, тийбегенде «чак» деген үн чыгат имиш. Атып көрүп билебиз да.

Мен мылтыктын аралык өлчөгүчүн жетимиш беш метрге коюп, көздөп калдым. Бирок абдан арып-чарчап калган болчумун, өпкөм кышылдап, колдорум калтырап, мылтыктын кароолу бир жерге турбай кыйнады. Бир паска башымды көторүп, текени карап алдым. Теке өтө чон, сулуу экен. Бечара өз үйүрүнөн ажырап, тынбастан арсылдап үрүп турган төрт иттин курчоосунда калганы үчүн коркуп, бүт денеси дирилдеп, башы үнкүйүп абдан аянычтуу көрүнөт.

Мен атып жибердим. Мылтыктан «пап» деген үн чыкты, тийди окшойт. Бирок теке жыгылган да, анан качкан да жок. Бир гана килейген денеси кичине жыйрыла түшүп, акырын бурулуп, мага тескери карап калды. Мен шашып-бушуп кайрадан октоп, дагы аттым. Бул жолу да жанагы «пап» деген үн угулду. Теке дагы эле жыгылбастан, качпастан, дагы эле жанагыдай ордунда бурулуп, кайрадан мен жакка карап алды. Үчүнчү жолу аттым. Бул жолу теке эч жакка бурула албастан, оор денеси менен кулач-кулач келген мүйүздөрүн аскага жөлөп туруп калды. Ушунда мен анын ал-акыбалын көрүп, ага ушунчалык ырайымым келди. Ишенсеңиз, текеден уялдым. Качып баратканда атып алсам бир жөн эле. Бирок минтип, өзүмдөн элүү метр аралыкка тургузуп алып, тургузганда да, мага каршылык көрсөтө алгыс кылып тургузуп, куду бута аткандай атып атканым, калыс тыкка жатпайт да. Теке, аргасыздан колго түшкөн эр жүрөк баатырга окшоп, а мен аны өлтүрүп аткан таш боор, бирок коркок желдетке окшоп аткансыдым. Мен өзүмдү ушул уят сезимдерден, а текени оор азаптан кутултуш үчүн, шашып-бушуп дагы атып жибердим. Теке чымырканып жатып ордунда айланмакчы болуп, бирок айлана албастан, зоодон учуп кетти. А зоо бийик эле. Ал кыйлага чейин авада каалгып сүзүп барып, анан асканын этегиндеги аппак майда шагылга түштү. Шагыл ордунан козголуп, анын сулкуйган жансыз (а мүмкүн жаны бардыр эле) денесин туптуура Толубай мергенге карай алып жөнөдү.

Мен шашпай келгиче, мерген текени мууздап, анын ичеги-кардын иттерине таламай кылып таштап коюптур.

— Келишкен теке атыпсын, бача,— деди мерген.— Терисин Мамытка берели, музейине койсун.

— А эмне деген музей? — дедим, кош көңүл гана.

— Э-э, сен али көрө элексинби анын музейин? Ал окуучуларына сонун музей жасап берген. Мен болсо ага жардам берип жүрөм. Музейдеги жаңыбарлардын баарысын мен атып барып бергенмин.

— А-а...

Биз текени шалактатып эшекке жүктөп алып, келген жолубузга түштүк. Менин ууга канааттанган да, кубанган да түрүм жок эле.

* * *

Эртеси күнү мектепте биричи конгуроо берилди. Мен бир журналды колтуктап алып, мугалимдер менен кошо мугалимканадан чыгып, коридордун эң төрүндөгү «VIII класс» деген жазуусу бар эшикке карай бет алдым. Бул менин классым эле. Өзүмдүн окуучуларым менен таанышууга жакшы деген кастюмумду кийип, жакшы деген галстугумду тагынып, ал турмак, көкүрөгүмө университеттин значогун да кадап алып келгенмин. Ошондуктан, өздөрүнүн күндөлүк эле кийимдери менен келишкен жергиликтүү мугалимдердин алдында куду эстрадада ырдап жаткан сылаңкороздун өзүнө окшоп калдым. Мунум үчүн кыйлага чейин уялып жүрдүм.

Коридордун төрүнө чейин мени менен Ракыя кошо барды. Анын классы менен менин классым катарлаш экен.

— Биринчи сабагыңызды жакшы өткөрүп чыгыңыз, — деди ал жылмайып, өз классына кирип баратып.

Бул тилектештик мага орунсуздай көрүндү. Ошентсе да ага:

— Ракмат, — деп галстугумду бир кармап коюп, эшикти ачтым.

Класстык бөлмө кең экен. Бирок анда сегиз гана парта болуп, ар бир партада бирден окуучу отуруптур. Окуучулар өздөрүнчө бир нерсени кызуу сөз кылышып, күлүп-жайнап отурушкан экен, мени көрүшүп, текши ордуларынан турушту.

— Саламатсынарбы? — дедим мен аларга.

— Саламатсызбы, агай?— дешти окуучулар хор менен.

Анан эң арткы партада отурган окуучу менин урукса-тымсыз эле отура берип, бирок тиктеп калсам, дароо тура калды. Бул окуучу класстагылардын эң улуусу көрүнөт. Жашы он сегиздер чамасында бар. Сөөлөтү меникинен кем калышпайт. Анын бул класста отурушу мени таң калтырды.

— Отургула, — дедим. Өзүм да отурдум. — Бүгүнкү сабагыбыз — таанышуу сабагы болсун. Менин атым — Акун,

фамилиям — Маткалыков. Мен силердин класс жетекчинермин, ошондой эле кыргыз тили жана адабияты боюнча мугалиминер боломун... Эми силердин аты-жөнүнөрдү билгим келет. — Мен журналды ачып, бир баштан тизмени окуй баштадым. — Туратов Ташпай деген ким?

— Мен, агай, — деп багжайган бала ордунан турду.

— Отур. Токтобаев Садык?

— Мен! — деп кыйкырды биринчи партада отурган таранчыдай болгон кичине бала.

— Баатырова Сара?

Класстагы үч кыздын бирөө турду. Унчуккан жок.

— Дөөлөтова Унсун?

Экинчи кыз турду. Ал да үндөбөдү.

— Тойчиев Паиз?

Эң арткы партадагы чоң бала козголду.

— Мен, — деди ал гүркүрөгөн жоон үн менен.

— Жашың канчада сенин? — деп сурадым мен андан.

— Он сегизде, — деди бала кыйналган түр менен.

— А эмне үчүн ушул убакка чейин сегизинчи класста отурасың?

Паиз унчукпады.

— Агай, бул бала ар бир класста эки жылдан окуганды жакшы көрөт, — деп жооп берди ал үчүн Садык.

Окуучулар күлүп калышты. Паиз Садыкты жаман көзү менен олурайып карап койду.

— Отур, — дедим мен аны көп кыйнабас үчүн. — Мамытова Адалат?

Класстагы үчүнчү кыз турду.

— Эсенов Эрмек?

Бул көздөрү бакыракай, мурду ороктой болгон бала болучу. Кийин билсем, анын апасы бадахшандык тажиктерден экен.

Мен журналды жаптым.

— Мына биз таанышып алдык, — дедим, ордуман туруп. — Эми мен силердин каникулду кандай өткөрүп келгениңерди билгим келет. Сүйлөп бергиле.

— Каникулубуз жакшы өттү, агай, — дешти бир нече үн.

— Эч кандай жакшы-макшы өткөн жок! — деп Садык аларга каршы чыкты. — Агай, биз каникул болуп өткөнүн да жакшы сезбей калдык. Баарыбыз колхоздо иштедик. Кыздар инек саашты, балдар чөп чабышты, кой кыркышты. Мунун эмнеси каникул?

— И-и, бейтаалай ий, — деди Адалат ага. — Сенин оюнча, каникулда биз эмне кылышыбыз керек эле?

— Эс алыш керек эле, көңүл ачыш керек эле, — деди Садык, өнөгүн бербей атты. — Мисалы үчүн, шаардык окуучуларды алып көрчү, эмне кылар экен каникулда! Эс алышат, ойноп-күлүшөт. Бул үчүн алардын атайын лагерь, Артек деген жерлери бар. Туурабы, агай?

Мен жооп бериштин ордуна тескери бурулуп, терезенин жанына басып бардым. Терезеден идара, мектеп, магазин, клуб — төртөөнүн ортосундагы тасырайган кен аянт көрүнөт экен. Аянттын ортосунда, топуракка буланып, аптапка кактalып баягы токулуу топоз жатат. Ушу тапта кокусунан, магазиндин бурчунан бир жаңы кара «Волга» шумкуп чыга келип негедир аянтты бир айланып алып, акырында топоздун алдына барып токтоп калса болобу. А машинеден болсо менин депутатым чыкпадыбы! Депутат топоздун маңдайынан сылап-сылап коюп, кийин шыпылдаган бойдон магазинге кирип кетти. Магазинде ал көпкө болгон жок, бат эле кайра чыгып, туура мектепти көздөй бет алды.

— Эйлер, карагыла, Маман акенин «Волгасы» келиптир! — деп кыйкырып калды балдардын бирөө ушу тапта.

Ошол замат бүт класс терезеге чуркап келип, «Волганы» карап калышты.

— Кана, ордунарга олтургула! — деп кыйкырдым мен. — Эмне, «Волга» көрө элек беленер?!

Балдар, эмнегедир, мени сөзүмө таң калышкандай, бири-бирин карап калышты. Ушул учурда күтүлбөгөн жерден конгуроо берилди. Мен танданып саатымды карадым, сабактын бүтүшүнө али жыйырма минут бар. Анғыча, балдар менин уруксатымды күтүшпөй эле, эшикке карай атырылышты.

— Каякка?! Каякка?! Отургула ордунарга! — деп кыйкырдым мен, ачууланып.

Бирок окуучулардын эч кимиси кулак салышпады. Класста жалгыз өзүм калдым. Мен окуучуларымдын тартипсиздигине, конгуроону эрте берген кишиге аябай жиним келип, туура мугалимканага жөнөдүм. Коридорго чыксам, бүт мектептин окуучулары чан-тополоң түшүп аянтка чыгып кетип жатышыптыр. Мугалимканага жеткиче, алжактан бир топ мугалимдер менен депутат чыга келишти. Депутат мени көрүп:

— Акун! — деп кубанычтуу кыйкырып, келип кучактап калды. — Ракмат, бача, келгениңе. Кандай, биздин жер жагып атабы?

— Шашпай тур, кичине жашай түшөйүн, анан айтам, — дедим. Анан завучту көрүп: — Бу, эмне конгуроо эрте берилди? — деп сурадым.

Завуч кысылып жылмайып, депутатты карап койду.

— Конгуроону мен бердим, — деди депутат.

— Мен? А эмне үчүн?

— А-а, балдар кара «Волганы» бирпас тамаша кылып алышсын. Азыр аны кайра районго кайтарып жиберем.

Мен түшүнө бербедим.

— Ал эмне дегенин? Алар, эмне кара «Волга» көрүшө элекпи?

— Көрүшкөн. Эки гана жолу. Экөөндө тең мен өзүм минип келгенмин. Депутат мени колуктап алып, аянтка алып чыкты. «Волганы» балдар ороп, такыр көрүнбөй калыптыр. — Биздин райондо, бача, бир гана ушул «Волга» бар. Быйыл жайында райком минсин деп келген. А райком Хорогго барганда гана минет. Колхоздордун жолу жаман, колхоздорго ал мурдагы эски виллиси менен барат.

— А сага кантип анан берип жүрөт?

— Магабы? Хе, апенди десе, — деди Маман, өзүнө жердеш мугалимдерди мулуя карап коюп. — Мен деген — мен да. Мага бербей көрсүнчү!

Мен күлүп жибердим. Биз баарыбыз машинеенин жанына басып келдик.

— Кана, көрүп бүттүңөрбү? — деп сурады депутат балдардан.

— Дагы кичине коё түшүңүзчү, Маман ака, — дешти балдар.

— Жок, кетсин эми, — деп койду Маман акасы. — Районго чейин жүз километр жер жатат, жетип алсын шоопур бейтаалай да. Кана, мындай болгула. — Балдар жол бошото бериште. Маман машинеенин ичинен чемоданын алып, аны Паизге узатты. — Топозго байла, — деди ага. Кийин мурутчан шоопурга кайрылды. — Эми сен кайта бер. Үсөнбай.

Үсөнбайы башын ийкеп коюп, чаң ызгыткан бойдон жүрүп кетти.

— Бирпас коё турсаңыз го, — деди Садык, анча ыраазы боло бербей.

— Шашпа, бача, — деди ага депутат. — Маман акең эсен болсо, дагы көп жолу көрөсүң бул машинени. Кана эмесе, мен да жарыкта жолумду алайын, мындан ары да бир күнчүлүк жол жатат.

— Андай экен, жанагы «Волга» менен эле жетип албайсыңбы? — дедим мен.

— Э-э, бача, мен турган жерге «Волга» эмес, танке да баралбайт, — деди Маман. — Паиз, менин топозумду апкел.

Паиз бир капталына чемодан байланган топозду жетелеп келди. Маман топозго минди.

— Жакшы калгыла эмесе, — деди анан ал көпчүлүккө.

— Жакшы барыңыз! — дешти балдар.

— Үйүнө аман-эсен жетип ал! — дешти улуулар.

— Кайыр эмесе, Акун, — деди Маман мага.

— Кайыр, — дедим мен башымды ийкеп.

— Ташмат ака! Мамыт ака! — деп кыйкырды депутат, деректир менен завучка кайрылып. — Акунду таарынтпагыла.

— Таарынтып эмне?! — деди деректир. — Айтканын кылабыз. Бүт мектептин кыргыз тил жана адабият сабагын бердик. Аз десе, дагы беребиз. Бизде чет тил мугалими жок, ыр-хор сабагы боюнча мугалимдин орду да бош. Кааласа, алсын ошолордун сабагын.

— Бергиле, — деди Маман.

Мен күлүп жибердим.

— Рахмат, — дедим. — Ансыз да сабактарым көптүк кылып жатат.

— Өзүң бил, — деди депутат. — Иши кылып, бизге ыраазы болсоң эле болду. Болуптур эмесе, мен кеттим. Кана, Паиз, тизгинди бер. Айтмакчы, Акун, Паиз менин жээним болот. Бир тууган эжемдин жалгыз уулу. Жакшылап окута көр. Эптеп быйыл сегизди бүтсө, өзүм Дүйшөмбүгө алпарып, мал доктурунун окуусуна киргизип келем. Окуп, адам болсун. Чу, жаныбарым...

Маман топозун капталына тепкилеп, кыдыңдаткан бойдон жолго түштү. Ошол замат биздин коңгуроо да шыңгырап, мугалимдер, окуучулар мектепке карай сүрүлүп жөнөштү.

— Э-э-эй, тага! — деп кыйкырып калды ушу бирөө менин артыман.

Карасам, Толубай мерген. Кызы экөө магазинден чыгып келатышыптыр. Кичине мас көрүнөт, кызына жетелеттирип алыптыр. Кызынын колтугунда түйүнчөгү бар.

— Ассалом алейкум, — дедим мен мергенге. — Арыба, Карачач.

— Бар болуңуз, — деди мергендин кызы.

— Тага, сен бүгүн кечинде биздин үйгө келип жат, — деди мерген. — Эртең экөөбүз ууга чыгабыз.

— Ракмат. Эртең менин сабагым бар, баралбайм.

— Анда сабагың жок күнү кел. Макулбу?

— Макул.

— Мана көрөсүң, мен сени мерген кылам. Кийик атасың, аюу атасың, жолборс атасың...

Карачач мага карап жылмайып койду. Мен анын эмне үчүн жылмайганын жакшы түшүнбөсөм да, ага жылмаюу менен жооп бердим. Бирок ошол эле замат, кыздын көздөрү мени ашыра тиктеп турганын байкап, дароо аркамды карадым. Аркамда, окуучулардан калып калган Паиз туруптур. Ал, кызга, дудуктарга окшоп колдору менен кандайдыр түшүнүксүз белгилерди жасап атат. Көрсө, Карачач ошого жылмайган экен. Мен осол болгонума ачуум келип, ачуумду Паизге чыгардым:

— А сен эмне кылып турасың бул жерде?! — деп кыйкырдым ага. — Же коңгуроону укканың жокпу?

Паиз шыпылдап басып кетти. Беркилерге бурулсам, алар да жетелешип алып, жолго түшүп калышыптыр. Мерген ырдап баратат:

— Э-э-эй, кызыл, кызыл нар айдап...

* * *

Дем алыш күнү өзүмчө отуруп, өз үйүмдү актап кирдим. Үйүм кыштактын көпчүлүк үйлөрүндөй эле, салынгандан бери бир жолу да акталбаптыр. Шондуктан, дубалдары акиташты түзүк кабыл албай, жакшы агарбай атты. Ошентсе да, бозоруп тургандан көрө, агыштанып турсун деп актай бердим.

Бир маалда үйгө жашы элүүлөрдөн ашкан, орто бойлуу, толо адам кирди. Түрүнө караганда, мүнөзү оор-басырыктуу көрүнөт.

— Ассалом алейкум, агай, — деди ал, мага колун сунуп. — Келгениңизди укканыма көп болсо да, келип таанышып кетишке такыр мүмкүнчүлүгүм болбой атты. Мен ушул колхоздун башкармасы болом. Атым — Жакып.

— А-а, ыракмат, — дедим мен. — Мени ки болсо, Акун.

— А түзүк, түзүк. Келгениңиз биз үчүн таза жакшы болду. Ушунча узак жерден келип, балдарыбызды окутуп атканыңызга ыракмат. — Мен буга эмне деп жооп кайтарарды билбей, ордумда ойдолоктоп калдым.— Биздин жерге сизге окшогон билимдүү жаштардан аз келишет, а өзүбүздүн кадрларыбыз азырынча аздык кылып атат. Ыракмат келгениңизге... — Башкарма басылып, а мен мурдагыдай эле эчтеке айта албай тура бердим. — Эмне, үй актап атасызбы? А бул кылганыңыз да жакшы экен. Биз, эмнегедир, ушуга онча көңүл бурбайбыз. Кана, сиз актай бериңизчи, эгер жакшы болсо, биз дагы өз үйлөрүбүздү актап кирсек ажап эмес. —

Башкарма күлүп калды. Аны колдош үчүн, мен да жылмайып койдум. — А-а... Ордо атканга кандайсыз? — деди анан башкарма, колундагы томпойду тегерете өкчөп.

— Аталбайм, — дедим мен, кичине тан калып.

— Аталбасаныз, биз үйрөтөбүз. Жүрүңүз, бирпас көңүл ачалы.

— Рахмат, башка күнү. Бүгүн үй актап алайын.

— А майли, майли. Анда өзүбүз ойнойбуз...

Башкарма чыгып кетти. Мен артынан жылмайып кала бердим. Кийин билсем, ордо — бул кыштактын бирден бир көңүл ачар оюну экен. Албетте, ал аш-тойлордо, Октябрь жана Май майрамдарында, бул жерликтер байге коюшуп, улак тартышат. Бирок аш-той, майрам деген нерселер андасанда боло турган окуялар да. Калган учурларда памирлик кыргыздар ордо менен гана өздөрүнүн кумарларын таркатышат. Кичине эле түйшүктөн колдору бошой калса (а булар өтө түйшүкчүл калк) кыштактын эркектери эки тарапка бөлүнүп алышып ордого киришет. Көп учурда колхозчулар бир тарап, мугалимдер бир тарап болуп калышат. Ортого, адатта, бир кой сайылат. Ордо бүткөндөн кийин, ордо аткандардын бардыгы сүрүлүп барып этти жешет, а койдун пулун болсо, уттурган тарап гана төлөп кала берет.

Башкарма Жакып ордого эң ышкыбоз адам экен. Ал, колхоздун иши менен алек болуп бир нече күндөр, жумалар бою үй бетин көрбөй, жайлоо, кыштоолордо жүрүп келет да, анан кыштакка жетер замат, ордо жөнүндө ойлойт. Үйүнө кирип-кирбей жатып, өзүнүн биринчи класста окуган баласына: «Абдисамат, бар, агайларына кабар бер, ордо атабыз», — дейт.

Бирпастан кийин магазиндин алдындагы аянтка биринделп-экиндеп, мугалимдер чогула баштайт. Аларды көрүп, өз идарасинан колхоздун активдери чыгышат: магазинчи Турат өз милдетин менин классымда окуган Ташбай деген уулуна өткөрүп берет; кимдир бирөө дөңгө келип, өз үйүнүн алдына ыбырсып жүргөн Толубай мергенге кол булгалайт; кандайдыр жумуштар менен жайлоодон же кыштоодон түшүп келишкен малчылар болуп калышса, алар басып келишет; окуучу балдар эрте күндө тамашадан калышпайт. Көп өтпөй, бир калта ашыгы менен бир томпоюн көтөрүп, шашып-бушуп өз үйүнөн башкарма чыгат. Оюн башталат...

Кээ бир учурларда башкарманын оюндагыдай эл чогулбай калат: мугалимдер сабагым дешет; колхоздун активдери план, отчётторун шылтоолошот; завмаг Турат соодасынын жакшы жүрүшпөй атканына даттанат; мерген мергендигин

кылып кеткен болот. Иши кылып, ордо атылбай калат. Мындай учурларда, башкарма ашык салган калтасы менен томпоюн көтөрүп алып, колхоздун идараси, магазин, мектеп үчөөнүн ортосунда ары-бери сабыры суз басып жүрүп, акырында шалпайып үйүн көздөй бет алат.

А эсимде, бир жолу ушинтип эл чогулбай калып, башкарма менин окуучум Паизди чакырып алып, ордону кечке ошону менен атышкан. Паиз ордо атчу эмес. Башкарма утуп-утуп, бирок кумарын кандыра албагандан кийин, аны жемелеп-жукалап кубалап жиберген.

А бир күнү, ал, Паизге окшогонду да таба албастан, ордону жалгыз өзү аткан. Ошол күнү айылды туман басып, кар себелеп турган. Башкарма кечке туман менен кардын арасында эрбендеп жүрүп, караңгы кирип, ашыктар көрүнбөй калганда гана көздөн кайым болгон. Ушундай ышкыбоз ордочу бул башкарма...

Мен үйдүн ичин актап болуп, эми сыртын актаганы эшикке чыктым. Аптаптуу күн эле. Мектептин арткы тарабындагы талаада окуучулар топ ойноп жатышыптыр. А мектептин алдындагы аянтта болсо, ордо аткандар кыйкырып-өкүрүп атышат. Мен бирпаска дубалдын түбүнө олтуруп, аларды тамаша кылдым да, анан өз ишиме кириштим. Адегенде, бир типтик жол салып, өз үйүмдүн чек арасын коңшулардыкынан бөлүп алдым. Кийин аки таш эритилген челегимди отургучтун үстүнө коюп алып, шашпай актай баштадым. Бирок көп убакыт өтпөй, аки-таш коюлуп, дубалга такыр жукпай калды. Бир бош челекти таап алып, сууга барууга туура келди.

Сууну кыштактагылар дарыядан ичет. Дарыяга бийик жээктеги кадууланган, ийри-буйру сокмо жол менен түшүшөт. Мындан тышкары араба жол да бар, бирок ал айланыш. Сууну бакандап, улоо менен, а мончого от жагышкан күндөрү, араба менен ташышат.

Мен бош челегимди кыйчылдатып алып, ылдый түшүп баратып, бакандап суу көтөрүп чыгып келаткан Ракыяга туш келип калдым.

— Саламатсызбы, Ракыя? — дедим ага, жол бошото берип.

Ракыя жандап өтүп кетиштин ордуна, менин жаныма келип туруп калды.

— Сиз, эмне, Акун, биротоло памирлик болоюн деп атасызбы? — деди ал.

— Эмне үчүн?

— Тиги тоокканага окшогон үйүңүздү актап атканыңызды айтам да.

— А-а.. Кичине тоокканадан айырмаланып турсун деп атам. Ракыя жылмайып, башын ийкендетип коюп, өтө берди.

Мен дарыяга түштүм. Мени көрүп, суунун үстүнөн бир топ жапайы өрдөктөр учуп жөнөштү. Булардан улам, дарыянын ортосундагы кичинекей аралдан, эки жээктеги бийик жарлардын түбүнөн, жакын жердеги тумшуктун артынан ондогон, жүздөгөн, түркүн-түркүн жапайы өрдөк, каздар көтөрүлдү. Алардын каркылдаган үндөрүнөн асман жаңырып, дарыянын шоокуму да мага угулбай калды. Мен көпкө чейин алардын ызы-чуусун тыншап, уйгу-туйгу болуп учуп баратышкандарын карап турдум. Булар өткүн куштар имиш. Кыштын келишине карата, бизди таштап, ысык жактарды издеп баратышыптыр. Мен муну Толубай мергенден сурап билдим. Дагы бир айча ушул жерден учуп өтүп турушат имиш, анан ошол бойдон жоголушуп, алашалбыртта кайтышат экен. Ушулардын ичинде бир ак каз бар, ошол ак каз биринчи болуп кайтып келет, ошонун келиши менен биздин Памирде жаз башталат деди мерген. Ал ошентип айткандан бери мен бул уюлгуган жапайы көчмөндөрдүн арасынан ошол ак казды издейм...

Көчмөндөр узап кетишти. Мен челегиме суу сузганы жардан түштүм. Айтмакчы, бул дарыянын аты да райондун атындай Мургап деп аталат. Тагыраак айтканда, райондун аты ушул дарыянын атынан коюлуптур,

«Мургап» деген тажиктин сөзү, ал, «мург — өрдөк, об — суу» деген эки бөлүктөн турат. Жалпы мааниси — өрдөктүү суу деген экен.

Мен челегимди сууга таштай берип, таштардын аралырында көшүлүп жатышкан бир нече форелдерди качырдым. Бул жердин балыктары өтө эле баёо келет. Жаш балдар кыздардын төйнөгүчүнөн кайырмак жасашып (кайырмак Турат акенин магазининде жок), анын учуна нандын күйүгүн сайып алып эле тутушуп, а Толубай мергендин айтканы ырас болсо, суу сузуп отурган катындар деле чөмүч менен жээкке сузуп ыргыта берет имиш. Бул, албетте, аларды эч ким билек түрүп, астейдил кармабагандыктан. Памирлик кыргыздар балык уулашпайт, анын этин тоотушпайт. Мен кайырмак алып жөнөп калсам, мени куду апенди адамды карагандай карап калышчу, а тутуп келген балыгымды кууруп жегиле деп берсем: «Ой, бача, анынды ким тазалап отурат?» — деп алышчу эмес. Мындай жердин балыгы, албетте, баёо болот да.

Сууну сузуп өйдө болуп, кокусунан, аркы өйүздү бойлоп баратышкан бойго жеткен кыз менен баланы көрүп калдым.

Колтуктарында бир тутамдан куурай бар. Экөө бири-бирин түрткүлөшүп, а кез-кези менен өбүшө калып, кетип баратышат. Жакшылап карасам, кыз — мергендин кызы, а бала болсо, менин Паизим экен...

— Мына эмесе... — дедим, кичине таң калып.

Кийин, алар мени байкагыча болбой, бурулуп кеттим.

Бул күнду мен өз классымдын окуучулары менен кеч киргиздим. Бешим ченде үйүмдү бүтүрүп, бешимде өз класымды алып, тезек терип келгени бардык. Мугалимдер алмак-салмак интернатка дежур болуп турушат. Алар балдардын тамак-ашына, сабак окугандарына, жатып-тургандарына көз салышат. Бүгүн менин кезегим эле. Үйүмдү актап бүтүп, ашканага келсем, ашпоз аял кечки оокатты бышырганга отун жок деп айтты. Мен дароо балдарга бирден кап таптырдым да, күн отургуча кыштактын жака-белинен тезек тердирдим. Тезек терип жүрүп, кокусунан, балдардын бирөө, көрсө, Унсун экен:

— Карагыла! Акун агайдын үйү ак паровозго окшоп калыптыр! — деп балалык кубанычы менен кыйкырып калды.

Биз дөң жерде болчубуз, кыштактын үйлөрү ылдый жагыбыздагы түздө жамырап жаткан. Карасам, менин актап койгон үйүм чын эле өзүнүн актыгы менен жанындагы тамдардан даана бөлүнүп, бир нече боппоз, көрксүз вагондорду сүйрөп бараткан паровозго окшоп калыптыр.

— Ооба! Ооба! — деп чурулдашты калган балдар да.

Бир Садык гана, мурдун тырыштырып туруп, Унсунга:

— Акылы пас, паровоз да ак болот бекен? — деп койду.

— Мен мисалга айтып атам, бейтаалай! — деди Унсун да кызандап.

— Чын эле, кандай жакшы паровоз, — деп калды Сара, берки экөөнүн талашына этибар бербестен.

Аны башкалар да колдоп кетишти.

— Кызык, ал каякка баратат болду экен?

— Ал эч жакка бараткан жери жок, вокзалда турат.

— Жок, баратат.

— Силер, эмне, жинди болдунарбы? — деди Садык, кайрадан жини келип.

Балдар өздөрүнүн кыял-жоруктарына өздөрү курсант болушуп, күлүп калышты.

— Эйлер, — деди ошентишкенден кийин деле, Адалат: — Чын эле, Акун агайдын үйү паровоз болуп, а берки үйлөр ага чиркешкен вагондор, бир сөз менен айтканда, поезд болуп калса, эмне кылар элек, а?

— Анда мен ага отуруп алып, жөнөп кетет элем, — деди бул жолу Садык да, оюнга кошулуп.

— Каякка? — деп сурашты андан.

— А баары бир. Мисалы үчүн, мектеби жок жакка...

Бардыгы күлүп калышты. Мен да жылмаюуга аргасыз болдум.

— Жинди, — деди Сара ага.

— А мен, — деп калды Эрмек, — Африкага барар элем!

— О-о-о-о! — дешти ага баары.

Бирөө ышкырып да жиберди.

— Африкада эч качан кыш болбойт, — деп улады Эрмек, тигилердин шылдынына көңүл бурбастан. — Кишилер дайыма жылаңач жүрүшөт.

Дагы күлүп жиберишти.

— Ыманыңды жебе? — деди Унсун. — Эч кур дегенде, турсичен десең болбойбу!

— Кандай айырмасы бар, — деди Эрмек.

— А мен мөва-чөвалары көп жакка кетер элем, — деди Ташпай.

— Соргок, — дешти аны бир ооздон.

— А сенчи, Унсун? — деп сурады Адалат тентушунан. — Сен каякка барар элең?

— Менби? Мен... Мен... А, баары бир мени апам эч жакка жөнөтпөйт, — деди Унсун.

Буга да күлдүк.

— А сен өзүңчү? — деп сурады Унсун.

— Билесиңерби, мен каякка барар элем? — деди Адалат, ойлоно калып, — мен Фрунзеге барар элем. Барып, өзүмө шаардык кыздар кийген кийимдерден көп-көп сатып алат элем дагы, күн сайын киного, театрга каттайт элем.

— Ой! — деди Унсун суктанып.

— А сенчи, Паиз? — деп сурап калышты, кокусунан, дайыма өзүн четте алып жүргөн Паизден.

Паиз эмне деп жооп берерин билбей мулуюп, кызарып-татарып кетти.

— А Паиз эч жакка барбайт болчу, — деди ал үчүн Садык. — Ал бир жакка кетип калса, Толубай мергендин кызы өмүр бою эрсиз калбайбы?!

Балдар бул тамашаны да күлкү менен кабыл алышты. Паиз гана ачуусу келип, алаканы менен Садыкты далыга чапмакчы болду эле, Садык өз учурунда буйтап кетти.

— Агай! — деп калды, кокусунан, Адалат мага кайрылып. — А сиз эмне кылар элеңиз?

Булардын оюнун колдош үчүн менин да бир нерсе дешим керек эле.

— Менби? — дедим. — Мм... Мен бир кичинекей жыгач үйдө отуруп алып, силерге ар тарапка барчу поездге билет берип турат элем. Өзүнөр билесинер, поезд билетсиз эч кимди эч жакка албайт да.

Менин жообум көңүлдөргүнө макул түштү окшойт, баарысы күлүштү. Негедир, баарыбыз өзүбүздөн өзүбүз эле курсант болуп, көңүлүбүз көтөрүлүп калды. Сыягы, ойноп айтсак дагы, ойлоп айтып аттык окшойт...

* * *

Бүгүн күн бүркөө. Тышта шамал болуп, ордо атылчу аянтта жоон куюн бийлеп жүрөт.

Мен бешинчи класста, директирдин сабагында отурам. Эртеден бери анын эки сабагына катыштым: география жана тарых боюнча өткөн сабактарына. Азыр ал орус тил сабагын өтүп жатат. Мугалимдердин минтип бири-биринин сабагына кириши биз өз тилибизде «тажрыйба алмашуу» деп коёбуз. Чынымды айтсам, директир экөөбүздүн алмаша турган тажрыйбабыз деле жок экен. Мага анын эки сабагы тең жакан жок. География сабагында ал бүт класстан: «Шалы деген эмне?» — деп сурап чыкты. Класс боюнча бир баладан башкасы шалынын эмне экенин билишпестен бардыгы «эки» деген баа алышты. А билген бала, класста экинчи жылы отурган бала болчу, өткөн жылы так ушул сурооого жооп бере албастан, экзаменден көчпөй калыптыр. Муну бала мага өзү айтып берди. Ал сабак бүтөр-бүткүчө кол көтөрүп, мен айтам деп жулунуп атты. Жанындагы жолдоштору: «Айтып койсоң эми?» — деп жалынып-жалбарышса да, ал аларга кулак салбады. Бирок директир андан эң акырында сурады. Бала туура жооп берди. Директир, билгенинди башкаларга айтпаганың үчүн деп ага да «эки» койду. Буга класстын бардыгы табасы канып, күлүп калышты. Мындай методду мен түшүнгөн жокмун.

Тарых сабагы да бир ажайып өттү. Директирдин «унчукпас оюн» деген ыкмасы бар экен. Бул ыкма (метод) боюнча, ал чоң доскага толтура суроолорду жазып таштап, кийин классты тизме боюнча бирден чакыра баштады. Окуучу доскеге чыгып, суроолордун тушуна билген жообун унчукпай жазып коюп, кайра олтуруп атты. Улам кийинки чакырылган окуучу алдынкынын жазып кеткен катасын оңдойт. Бул учурда, калган окуучулар, дудук болуп отура берүүдөн зериги, акырын карта ойноп киришти. Бир маал-

да оюнга кызып кеткен бирөө «Дама!» деп кыйкырып жиберди. Бул кыйкырык «унчукпас оюнунун» эрежесин бузду. Деректир ачууланып, а мүмкүн, өзү зериктип кеттиби, доскеге Паизди чакырып (сабак сегизинчи класста өтүп жаткан) андан оозеки эле жооп талап кылды. Паиз анын суроосун канааттандыра алган жок. Анда деректир Паизди доскеге тургузуп коюп, Садыкты чакырды. Садык чыгып, жакшы жооп берди. Деректир ага баа коюп болуп: «Кана эми, Садык, тиги турган немени жаакка чап» — деп Паизге ишаарат кылды. Бул буйрук классты жандандырып жиберди, окуучулар каткырып күлүшүп, баарысы анын аткарылышын күтүп калышты. Бирок Садык: «Агай...» — деп тайсалдап, батына албай атты. «Чап! Чап!» — деп кыйкырды деректир. «Чап! Чап!» — деп колдошту аны окуучулар да. Бечара Паиз, бул анын дайымкы ролу болсо керек, тагдырга тан берип, гөлөйүп тура берди. Бир жолу гана, негедир, мени жалдырап карап алды. Мен эмне кылаарымды билбей, башымды жерге салдым. Анчыча, алакандын «тарс» эткен үнү угулуп, класс дуу күлүп калды. Карасам, Паиз сол жаагын ушалаганча, ызага толгон көздөрүн терезе жакка буруп кетти. А терезенин ары жагында, шамал болуп, ордо атылчу аянтта жоон куюн вальс бийлеп жүрөт...

— Абсаматов! — деп кыйкырды деректир.

— Кайсынысыбыз, агай? — деп сурады андан бир окуучу.

— Сен эмес, — деди ага деректир. — Койчуман!

Доскеге жапалдаш, сапсары бала чыкты.

— Где ты стоишь? — деп кыйкырды ага деректир.

Койчуман орусчага түшүнө бербей, жолдошторуна суроолуу карады.

— Доскеге жакын тур деп жатат, — деп которуп берди ага бир классташы деректирдин сөзүн.

Койчуман доскеге карай бир кадам жылып алды да, мурдун шор тартып коюп, мугалимдин суроосун күтпөй эле, айтып кирди:

— Белеет парус одинокий
В тумане моря голубом
Что ищет... Что ищет...

Андан ары билбей дудаланып туруп калды. Деректир ага ачуулуу карады. Көз кыйыгын мен жакка да таштап койду. Мурдагы эки сабагы жөнүндө экөөбүз кичине сүйлөшүп, экөөн тең начар өттү деп койдум эле. Айтканда

да, мугалимдердин көзүнчө айттым. Өзү ошону талап кылды. «Айта бер, биз дайыма ашкере сүйлөшөбүз» — деп койду. Мүмкүн, менден мактоо сөз угам деп ойлодубу. Анын сабактарын баары макташат экен. Мугалимдердин райондук кеңешмелеринде бул кишини дайыма үлгү катары көрсөтүшөт имиш. Педагогдук стажын алса, чынында да үлгү болчу мугалим — жыйырма төрт жылдан бери мектепте иштеп келатыптыр. Шондуктан, менин начар пикирим ага өтө өөн учурадыбы, абдан чычалап, кызандап кетти. Ал турмак, биздин сөзүбүздү угуп отурушкан мугалимдер да, өздөрүнчө онтойсузданышып, мен үчүн уялгансышып калышты...

— Думай, думай, — деди деректир Койчуманга.

Ал бирде орусча, бирде кыргызча сүйлөп атты. Мен жок болсом, орус тилин кыргызча эле өтчүдөй түрү бар.

Койчуман ойлонуштун ордуна, классты жалдырап карап, жардам издейт. Жолдошторунун бирөө ага шыпты көрсөтүп койду. Ал дароо шыпты карады. Класстын шыбы эндүү-эндүү тактайлардан курулган болчу. Көрсө, ар бир тактайдын бети калем, сыя, бор менен жазылган жазууларга толтурулуп ташталыптыр.

Койчуман жазууларды кыйлага чейин кыйналып окуп туруп, акырында:

— В глу-би-не си-бирских руд... — деп энтелеп, ашкере окуп берди.

— Эмне?! — деп кыйкырды ага деректир, жаны чыгып.

Мен күлүп жибербес үчүн, терезе жакка бурулуп кеттим. Кудай жалгап, ушул учурда коңгуроо берилип калды. Мен дароо ордуман туруп, эшикке бет алдым.

Коридорго чыксам, Паиз Садыкты эки кулагынан бекем кармап алып, ал байкушту дубал сүздүрүп атат. Класста жеген тарсеги үчүн өч алып аткан көрүнөт.

— Эй, эй! — деп мен Паизге опуза кылдым.

Паиз Садыкты коё берип, шашпай басып кетти.

Мен мугалимканага кирдим. Кирсем, ал жерде отурушкан мугалимдердин баарысы бир нерсени кызуу сөз кылышып, өздөрүнчө шарактап күлүп жатышыптыр. А мен киргенден кийин, эмнегедир, дароо басылып, мени сынагандай тиктеп туруп калышты. Мен таң калдым.

— Эмне болду? — деп сурадым алардан.

— А, эчтеке эмес, — деп койду завуч. — Бир өткөн ишти эстеп алышып, күлүп атышат.

Анчыча деректир да кирип келди.

— Ко - о - ош, Акун, — деди ал, атайын жайдарыланып. — Бул жолу эмне дейсиң?

Менин эмнегедир жиним келди. Эмнеге экенин өзүм да билбейм.

— Бул жолу да начар дейм, Ташмат ака, — дедим. Окуучулар сабагынызды билишпейт.

Деректирдин эси ооЙ түштү. Ал бир кызарып, бир бозоруп, мугалимдерди кыдырата карады. Мугалимдер дагы ынгайсыз абалда калышты. Завуч чыдабастан:

— Убакыт болуп калды, жолдоштор, сабагынарга жөнөгүлө, — деп жиберди.

Мугалимдерге бул жага берди. Алар шашып-бушуп журналдарын алышып, бир-бирден чыгып кетишти. Мугалимканада директор экөөбүз гана калдык. Кыйлага чейин үндөшпөдүк.

— Андай болсо, сен мага эмне деп кенеш бересин? — деди директор бир маалда.

— Билбейм, — дедим мен. — Мен окуучуларды гана аяйм. Окуучуларга убал...

— Убал болсо, мен, эмне мугалимдикти таштайынбы?

— Ал сиздин ишиниз.

— Эй, бала! Сен билесинби, мен канча жылдан бери мугалимдик кылып келатам! Жыйырма төрт жылдан бери!

— Жыйырма төрт жылдан бери ушинтип окутуп келатасызбы?

Директордун көздөрү ачуусунан чакчайып, үнү буулуп калды. Мен дагы өзүмдү токтото албай аттым. Ошондуктан, урушуп кетпейли деп сабакты шылтоо кылып, тышка чыгып кеттим.

Коридордо Ракыяга туш келип калдым.

— Акун, — деди Ракыя, менин акыбалымды анча байкай бербей. — Жаңылыкты уктуңузбу?

— Кандай жаңылык?

— Толубай мергендин кызынын боюнда болуп калыптыр.

Ракыя мени эмнегедир сынагандай карап калды.

— Кызык жаңылык экен, — дедим мен, эчтекеден капарсыз жылмайып. — А баланын атасы ким экен?

— Аны атасы сабаса да айтпай атат имиш.

— Жаштык да, — дедим мен азилдешип.

— А мугалимдердин көпчүлүгү бул окуяга сиздин тиешениз бар деп жатышат, — деди Ракыя кокусунан, а көздөрү мурдагыдай эле мени сынай карап турат.

Мен эми гана анын оюн ачык түшүндүм. Дароо жанаарактагы мугалимдердин күлкүсү эсиме түштү. Оозум ачылды да, калды.

— Ошондойбу? — дедим. — Арам ойлор!

Ачуум келип, тамагым буулуп, башка эчтеке дебестен, шыпылдап басып кеттим.

* * *

Ошол бойдон үйүмө келип, эшикке кечке жуук гана чыктым. Эшикте самсаалап кар жаап атты. Туман. Ар-ар жерде анда-санда кишилердин элет-элет сөлөкөтү көрүнөт. Кыштактын ичи жымжырт.

Мен чай-кант алайын деп магазинге бардым. Магазинде үч дос гана бар экен: магазинчи, деректир жана мерген. Магазинчи прилавкасынын нары жагында, бир колу менен жаагын таянып, бир колу менен тишин чукуп отурат. Берки экөө кире бериштеги бочкалардын үстүндө отурушуптур. Ортолорунда бир шише арак турат. Мерген мас окшойт, Деректир соо эле көрүндү, жаш балача шолоктоп ыйлап атат. ал мергенди жемелеп-жукалап, ага бир нерсени үйрөтүп аткансыды. Бул көрүнүш мени кыйла кооптонтуп койду.

— Ассалом алейкум, — дедим ошентсе да, корунган түр менен.

Эч ким алик алган жок. Мерген гана башын көтөрдү.

— Арамынын баласы, — деди ал мага, эриндери титиреп. — Сени түзүк эле адам экен деп күн сайын, апта сайын үйүмө чакырып, тапканымды алдыңа коюп, сыйлап жүрсө, сенин колуңдан келген акыбат ушул беле карыганда элге шерменде кылдың. У-у-у-у... — Мерген дагы ыйлап кирди.

Мен сөздүн эмне жөнүндө баратканын дароо түшүндүм. Билмексенге салып, сураштырып отурбадым.

— Толубай ака, бул иште менин эч кандай тиешем жок, — дедим мен, ачуум келип турса да токтоо түрдө.

— Бар тиешең! — деп кыйкырды мерген. — Сенден башка эч кимдин колунан келбейт. Сенден башка менин үйүмө эч ким барган эмес!

Мен буга эчтеке дебедим.

— Акун, — деп калды бир жактан директор. — Сен билимдүү мугалимсиң, а мен билимсизмин. Сен балдарга көбүрөөк билим бересиң, а мен азыраак. Бирок экөөбүз тең советтик педагог деп аталабыз. Ушундайбы? Ушундай. Эми айтчы, советтик педагог ушу сен кылган ишти кылыш керекпи же жокпу?

«Демагог» дедим ичимде.

— Бул ишти мен кылганым жок, — деп жооп бердим.

— А эгер кылган болсоң, эмне кылыш керек?

— Жазалаш керек

— Ким?

— Деректир.

— Анда, өзүңө маалим, мен деректирмин. Мен сени жаза-

лаймын. Жазан ушул бүгүнчө Памирде түнойсүн, а эртен эрте туруп, чемоданынды аласын да, келген жагына жол тартасын.

Жаным ачып кетти.

— Болуптур! — дедим, ачуулуу чечкиндүүлүк менен. — Мен кетемин! Бирок...

— Жок! — деп кыйкырды мерген, менин сөзүмдү бөлүп. — Бул жаза аздык кылат, Ташмат. Ушул да жазабы?! Менин кызымдын боюна бүтүрүп, мени бүт Памирге шерменде кылып, унчукпай кете береби? Болбойт, агайнилер. Бул бала... үйлөнүш керек менин кызыма!

— Мына бул — акыйкат сөз! — деди баятан бери тишин чукуп, унчукпай отурган магазинчи. — Ошондо баары жайжайына келе түшөт.

— Толубай, кадырын жам болсун, сенин кызына күйөө табылат, — деди деректир. — Памирдин жигиттери бул келгинге караганда, өлсө өлүгү артык. Кетсин.

— Жок, Ташмат, бул үйлөнөт менин кызыма, — деди мерген. Ал ордунан туруп, мага карай басты: — Сен, бала, үйлөнөсүң менин кызыма. А үйлөнбөйт экенсин, — мерген мени жакадан алып, жулмалай баштады, — сени өзүм жазалайм. Мен сени, куду Памирдин кийигин аткандай, атып салам!

— Ох-о! — деди бирөө, ушу тапта тыштан кирип келип.

Магазиндин ичи караңгылашып калган эле. Мен аны тааный бербедим. Аны үстүндө оор тон, башында тумак, а тумагын көзүнө чейин баса кийип алыптыр. Башынан аягына чейин кар. Мен турмак, беркилер да таанышкан жок.

— Жакчы чырагынды, Турат ака! — деди ал, чыдамсыздык менен.

— Э-э, Мамансиңби? — деди магазинчи эми гана. — Азыр, азыр үка...

Маман дегенден улам магазиндин ичи жандана түшкөнсүдү. Мен болсо, куду атамды көрүп тургандай сүйүнүп кеттим. Депутат үстүндөгү карын кагына баштады. Аңгыча магазинчи чырагын жагып, биз анын жүзүн көрдүк.

— Кана, бул жерде ким кимди атмакчы болуп атат? — деди ал, азилге салып. Анан баарыбыз менен унчукпай кол алышып чыкты.

— Э-э, үка, бизде бир ажайып иш болуп жатат, — деди деректир, биринчи болуп ага жооп берип. — Биздин Акун, манабу бейтаалайдын кызынын боюна бүтүрүп коюптур.

Депутат чукул бурулуп, мени аябай таң калып карап калды. Мен аны эмне дээр экен деп унчуккан жокмун.

— Бу сенин кылган иштерин кызык го, Акун? — деди Маман, мени кичине ныктап. Ал деректирдин сөзүнө ишениптир.

— Жигит өлөйүн калп айтсам, — дедим мен, токтоолук менен, үнүмдү ишенимдүү чыгарууга аракеттенип, — баланын атасы мен эмесмин.

Мен ушинтип актанып атканым үчүн өзүмө кыжырым келди. Антпесе дагы болбойт эле, иш чатак жагына айланып баратат.

Депутат мени узакка сынап карап алды да, анан деректир менен мерген жакка бурулду.

— Сен бала ыманынды жебегин! — деп кыйкырды мерген мага. — Сенден башка менин үйүмө эч ким барган жок.

— Сен танбагын, Акун, — деди деректир да. — Андан көрө: «Акалар, жаштык кылып, шайтан жолдон чыгарып, ушинтип кыздын башын айлантып койдум эле», — дегин. Анда биз, мана Маман да келип калды, көптөшүп, бир чечимге келербиз: же жазан ушул болсун, ысыгында бул жерден кетип кал дээрбиз; же кызга үйлөнүп, кыздын да, анын атасынын да жана өзүңдүн да абийириңди жаап кал деп айтаарбыз. Туура айтамбы, Маман?

Деректир сөзүн бүтөр-бүткүчө депутаттын көзүн карап сүйлөп атты.

— Токтогулачы, — деди депутат. — Сөзүнөрдүн таризиге караганда, азырынча силер Акундан жөн эле шектенип аткан турбайсыңарбы? Кыз эмне дейт?

— Кыз, жугармек, мага эчтеке айтпай атат, — деди мерген, баягындан кыйла соолуккан түр менен. — Мен аны сөктүм, коркуттум, урдум — ким экенин айтпай койду.

— Жок, мындай болсо, бул маселени жакшылап туруп текшерип чечебиз, — деди Маман. — Жолдоштук сот кылабыз. Акун, сени биз жолдоштук сотто карайбыз. Коркпо, жолдоштук соттун председатели өзүммүн. Иштин акыйкатына жетемин: ак болсоң, акка чыгарам, кара болсоң, карага. Эгер, чын эле, баланын атасы сен эмес, башка бирөө болуп чыкса, сени күнөөлөп атышкандардын сакалын өрттөймүн. А эгер, күнөөлүү сен болуп калсаң, анда, бача, мага таарынбагын. Ушундай, Ташмат ака!

— Ов?

— Мен азыр районго шашып баратам. Чакыртышыптыр. Эртең бюро болот экен. А бүрсүгүнү, кудай кааласа, саат он эки ченде кайтып калам. Ошого чейин элди кулактандырып коёсуз, жолдоштук сот өткөрөбүз. Уктуңузбу?

— Уктум.

— Толубай ака, сиз кызынызды жетелеп келесиз, мен өзүм сурайм. — Мерген макулдугун билгизип, башын ийкендетти. — Ушундай болсун. Турат ака, раисти көрдүнүзбү?

— Таң. Баяракта районго барам деп жүрөт эле, — деди магазинчи.

— Районго биз экөөбүз бармакпыз. Менин келишиме, ал машина даярдап турмакчы эле. Болуптур эмесе, мен анын үйүнө карай басып барайынчы...

Депутат чыгып кетти. Магазинде дагы эле төртөөбүз калдык. Ортобузда онтойсуз абал пайда болду. Чыдап тура албай мен да чыгып кеттим. Эшикке чыгып гана чай, кант сатып алганы келгенимди эстедим, кайтып кирбедим.

Эшикке баягыдай эле кар жаап туруптур. Баары-жок тыптынч. Эч ким көрүнбөйт. Ордо атылчу аянтта гана Мамандын токулуу топозу турат.

Мен үйүмө карай бастым. Мектептин алдынан өтүп баратып, музейдин чырагы күйүп турганын байкап калдым. Терезесинен карасам, ак халат кийинип, бир текенин терисине чөп тыкмалап, биздин завуч отурат. Бирпас ойлонуп туруп, анын алдына кирип бардым.

Мен мектептин музейи жөнүндө мурда айтсам керек. Баягы мерген мактаган музей да. Чынында да мактай турган музей. Ал ар кандай областтык музейлерден кем калышпайт. Андан Памирдин бүт жан-жаныбарларынын кейиптери, топурак-таштары, өсүмдүктөрүнүн түркүн-түркүн үлгүлөрү бар. Мындайча айтканда, бул кичинекей Памир, Памир — музей. А бул музейди музей кылган чын эле Толубай мерген менен Мамыт аке. Бирөө талаадан атып, терип, казып келет, а бирөө минтип отуруп алып, алардын кейиптерин жасайт. Экөө тең өз ыктыярлары менен иштешет. Албетте, музей Мамыт акага керектүү нерсе: ал зоология, ботаника боюнча сабак берет, бирок Толубай мергенге эмне жок? Анын эмгеги үчүн мектеп ага бир тыйын төлөбөйт. Ырас, акчасы жок мүнкүрөп калган учурларда Мамыт ака өз жанынан беш-он сом берип коёт, же магазинге баштап барып чай-кант дегендей нерселерди алып берет, арак куюп берет, ошол бар болгону. Бул экөөн мактап, ыракмат айткан деле киши жок. Аны булар деле үмүт этишпейт.

Мен музейге кирип, тыкыс коюлган экспонаттарды аралап отуруп, Мамыт аканын жанына келдим.

— Ассалом алейкум, Мамыт ака.

— А-а, сенсиңби, Акун, — деди Мамыт ака жылмайып, — отур мындай.

Мен Мамыт ака көрсөткөн эски жашыктын үстүнө отура кеттим.

— Сен аткан теке, — деп койду Мамыт ака, жасап жаткан үлгүсүн көрсөтүп. — Сулуу теке атыпсың.

Карасам, чын эле ошол экен.

— Мамыт ака, сиз Толубай мергендин кызы жөнүндө уктунузбу? — деп сурадым мен завучтан.

— Уктум, — деп койду завуч.

Дагы бир нерсе дейби десем, дебеди.

— Буга мен күнөөлүү эмесмин, — дедим аны сынай карап.

— Күнөөлүү болбосоң, күнөөлүү эмессиң да, — деди ал.

— А мени күнөөлөп жатышат.

— Сен ага көңүл бурбагын. Эртедир-кечтир бул иштин акыйкатын билебиз. Менин бирөөдө шегим бар.

— Кимде?

Мамыт ака кыйладан кийин айтты.

— Паизде.

— Менин да! — деп кыйкырып жибердим. — Менин да ошол балага көңүлүм кеткен эле. Бирок өз окуучум жөнүндө ойлошко дитим барбай аткан.

— Карачач менен Паиз экөөнүн мамилелерин мурдатан билем. Экөө мектепке бир киришкен, алтынчы класска чейин бир класста, бир партада отуруп окуп келишкен. Алтынчы класстан кийин Паиз айныды, начар окуп, класстан класска көчпөс болду, а өткөн жылы такыр окубай да калды. А Карачач онду бүтүп кетти. Бирок алар азыр да бири-бирин жакшы көрүшөт. Паиздин оюна койсоң, окугусу жок, бүгүн эле мектепти таштап, Карачачка үйлөнүп алгысы бар. Чынымды айтсам, мен Паиздин ошенткени түзүк болор эле деп ойлойм. Өзүң да байкагандырсың, ал карыгыча окуса да, эчтеке чыкпайт. Андан көрөкчө, бир үй-бүлө куруп, колхоздун керегине жараганы түзүк.

— Анда эмне үчүн аны окутуп атабыз?

— Мамандын кылганы да. Эптеп, сегизди бүтүрүп бергиле, өзүм техникумга алпарып киргизип келем деп атпайбы. Ошонун көңүлүнөн өтө албай эле, окутуп жүрөбүз.

Экөөбүз тең кыйлага чейин унчукпай калдык.

— Ушундай... — деди анан завуч. — Менин ошол балада шегим бар.

Мен кетмекчи болуп ордуман турдум.

— Кайыр эмесе, — дедим эшикке карай басып.

— Сен камтама болбо, — деди завуч. — Биз аста-секин деп бул иштин акыйкатына жетебиз.

Мен өз үйүмө келип, чырагымды жактым. Печканын оту өчүп, үй муздап калган экен, кайрадан от жактым. Үнкүргө окшоп турган үйүмдүн ичи жандана түштү. Өзүмдүн

да мурдагыдан жаным жай алып калды. Депутат менен завуч санаамды кыйла тынчытып коюшту. Бирок, ошентсе да, көңүлүм таптакыр көтөрүлүп, черим жазылып кетпеди. Жүрөгүмдү белгисиз бир кусалык өйүп туруп алды. Жалгызсырайм. Колум эч бир ишке чаппай, оюма түзүк-курук ой келбей койду. Отту жагып болуп, дат баскан темир кроватымды кычыратып, шыптагы тереземден лапылдап жаап жаткан карды телмирип карап, кыйла жаттым. Кийин кроваттан да түшүп, печканын мандайына келип, үнкүйүп, жетимсиреп отуруп калдым. Бир маалда көзүмө бурчта турган бир шише арак урунду. Мергенге алпарам деп сатып койгон элем. Мурда айтсам керек, мергендин үйүнө эч куру кол барчу эмесмин, анткени мерген мени ууга чакырганда бир шише бир нерседен үмүт кылганын дайыма билдирип коюучу. Кээде, ал бир нерсе ичкиси келгендигинен гана мени ууга чакырчу.

Мен аракты көрүп, ишенсеңиз, сүйүнүп кеттим. Өмүрүмдө ичкиликти жалгыз ичип көрбөгөн жаным, бул жолу ордуман чечкиндүү туруп барып, кичине пиалага толтура куйдум да, бир дем албай ичип жибердим. Ичим өрттөнүп, оозуман түтүн чыгып кеткенсиди. Ачкарын элем, арак дароо алды. Бирпаста мас болдум. Бирок жүрөгүмдөгү кусалык дагы эле таркабады. Ошол учурда бир жакшы эркек менен достошкум келди, бир жакшы аялга ашык болгум келди. Кокусунан, комендanttын кызы эсиме түштү. Отуруп-отуруп эле ага кат жазып кирдим. Болжол менен айтсам, катымдын мазмуну мындай эле: «Айдыным, мен сени абдан сагындым. Ушул катты алар замат, мага карай жөнөгүн. Үйлөнөбүз». Катты конвертке салып сыртына адресин жазып отурсам, күтпөгөн жерден Паиз кирип келди. Бирок мен ошол учурда ушунчалык өзүмдүн катыма көңүлүм кетип калган экен, аны менен мергендин кызы туурасында сүйлөшкөндү да унутуп калыпмын. Кайра, аны келдиңбитурдуңбу дебестен туруп, колуна конвертти кармата салдым.

— Ме! Почточуга барып айт, бүгүн түнү жөнөтсүн! — дедим.

— Агай, менин сизде бир ооз сөзүм бар эле, — деди Паиз.

— Кийин! Кийин! — деп кыйкырдым мен. — Чурка!

— Почточу бүгүн түнү менен жөнөтө албайт, — деди Паиз. — Андан көрө, азыр Маман тагам районго жөнөп жатат, ошондон эле берип жиберейинби?

— Берип жибер! — дедим.

Паиз чуркап чыгып кетти.

* * *

Эки күндөн кийин, дем алыш болуп, үйдө окуучулардын дептерин текшерип отурсам, бешинчи класстын окуучусу Койчуман деген бала чуркап кирип келди.

— Агай! Маман ака келди, сизди келсин, жолдоштук сотту баштайбыз деп атат, — деди ал.

Эртеден бери, Маман келип, жолдоштук сот кылат деп кыштактын эли чыдамсыздык менен күтүп атышкан. А сот менин үстүмөн болот эмеспи. Мен, албетте, соттун жазасынан корккон жерим жок, өзүм ак болсом, неден корком. Бирок ушул «жолдоштук сот» деген спектаклдин башкы күнөөкөрү болуп атканыма уялып, жаным ачып атты. Айла канча, кийинип алып, тышка чыктым.

Ордо атылчу аянтта баягы кара «Волга» туруптур. Аны окуучулар, бекерчилер ороп алышыптыр. Мени көрүп, депутаттын жанында турган деректир, көпчүлүккө кайрылып:

— Кана эмесе, клубга киргиле, баштайбыз! — деп кыйкырып калды.

Эл дабырап, клубга карай сүрүлдү. Булардын түрүнө караганда, клубда азыр жолдоштук сот эмес, чын эле бир кызык спектакль болгону аткансыды — көңүлдөрү ушунчалык шат эле. Эмне кылсын бечаралар, бул жердин турмушу окуяга жарды келет эмеспи.

— А окуучулардын эмне кереги бар?! — деп ачууланып бердим, клубга биринчи болуп окуучулар кирип баратканын көрүп.

— А биздин жолдоштук сотторго элдин бардыгы катышат, — деди директор.

— Коркпо, — деди депутат күлүп, менин далыман таптап. — Ак болсоң — акка чыгарам, кара болсоң — карага.

Бул жолу менин депутатымдын сөздөрү мага жаккан жок, кайра жинимди келтирди. Спектаклдин режиссеру да ушул болуп атпайбы.

— Үсөнбай! — деп кыйкырды Маман кара «Волганын» шоопуруна. — Эми сен кете бер.

— Коё тур, бача, — деди Эсенбай, «Волгасынын» эшигин бекемдеп жаап. — Силердин тамашаңарды көрө кетейин. Мындай кызыктар биздин райондо да чанда болот.

— А-а, — деп күлүп калды Маман. — А майли, майли. Көрүп, айтып бар райондогуларыңа.

Мен клубга эң акыркы болуп кирдим. Клубдун ичи киши дегенге тирелип чыгыптыр. Мен келгенден бери бул клубда беш-алты жолу кино көрсөтүлдү, бир жолу колхозчулардын

чогулушу болду, бирок аларга мынчалык эл чогулган эмес эле. Мен киришим менен алардын бардыгы мени биринчи жолу көрүп атышкансып, карап калышты. Мен үндөбөй басып барып, алдынкы скамейкалардын бирөөндө отурган окуучуну тургуздум да ошонун ордуна отурдум.

— Акун, сенин ордуң бул жакта, — деп калды Маман сахнадан.

Президиумда андан башка дагы эки киши — деректир менен завуч бар эле. Деректир мага эң алды жакта, өз мандайына коюлган жалгыз отургучту көрсөтүп койду. Мен тишимди кычырата тиштенип ордуман туруп, көрсөтүлгөн отургучка барып отурдум. Эми арт жагымда бүт зал, алды жагымда президиум болуп калды. Депутат ордунан туруп, столунда турган коңуроону колго алып, аны менен элди тынчтыкка чакырды. Көпчүлүк тынчый түштү. Маман коңуроону коюп, алдындагы графинден стаканга суу куйду да, андан бир жутуп алды.

— Жолдоштор! — деди ал, залга кайрылып. — Өзүнөргө маалим, өткөн жылдан бери бизде жолдоштук сот өтө элек. Бирок, буга мен айыптуу эмесмин. Сот болуш үчүн, ага материал керек, а бизге ушу күнгө чейин материал түшкөн жок, жолдоштор. — Маман сөзүн токтотуп, суу ичип калды. Мен терезе жакты карадым. Терезеден ордо аянты көрүнөт. Ордо аянтында Мамандын токулуу топозу менен кара «Волгадан» башка эч нерсе көрүнбөйт. Кара «Волга» көшүлүп тынч турат, а топоз болсо, негедир, анын көз айнегин жалап жатат. — Мына, жолдоштор, эми бизге материал түштү, — деди жолдоштук соттун председатели. Суу ичип болуп: — Бүгүн биз мугалим Маткалыков Акундун ишин карайбыз. — Депутат мен жакты бир карап алды. Зал да мага тигилди, күбүрөп-шыбырап калышты. — Жолдоштор, тынчтангыла! — Депутат коңуроосун дагы шыңгыратып койду. — Эми, жолдоштор, жолдоштук сотубуздун кезектеги заседаниесин ачык деп жарыялаймын! — Маман өзү баш болуп, колун чаап койду. Зал аны колдоп кетти. Соттун председатели ордуна отуруп, суудан дагы бир жолу жутуп алды да, анан эки жагындагы заседателдери менен шыбырашып сүйлөшө кетти. — Кана эмесе, жолдош Маткалыков, ордуңуздан туруңуз, — деди анан мага кайрылып. Сиз деп да жиберди.

— А отуруп эле турсам болбойбу? — дедим мен.

— Жок, — деди председатель. — Тартип бузулат. — Мен ордумдан турдум. — Жолдош, секретарь, айыптоо арызын окуп бериниз.

«Жолдош, секретары» деректир эле. Ал ордунан туруп, тамагын түзөп, колундагы кагазын окуганы калды. Бирок ушул учурда, залдан кимдир бирөөнүн:

— Токтонуз! — деген кыйкырыгы угулуп, ага калакат болду.

Кыйкырган Толубай мергендин кызы экен. Көп ыйлагандыктан болсо керек, көзүнүн астылары шишип чыгыптыр. Ал ордунан туруп, залдан кимдир бирөөнү издей баштады.

— Паиз! — деп кыйкырды ал. — Эми айт! Турбайсынбы?!

Клубда олтургандардын баарысы кызды таң калышып карашып, өздөрүнчө кобурап-собурап кириштн.

— Мына, айтпадым беле?! — деди Садык, жанында отурган өзүнүн классташтарына кайрылып.

— Э-э, тынчтангыла! — деп кыйкырды, көпчүлүккө деректир. — Толубайдын кызы, сен тартипти бузбай, отургун ордуна! Бул жерге биз сенин тарабыңды талашып келип отурабыз.

— Ташмат ака, токтой турунуз, — деди Маман, башына бир ой кылт эте түшкөндөй кейиптенип. — Карачач, а Паизди эмнеге тур деп жатасың? Ал эмнени айтмак эле?

— Маман ака... — деди кыз, жалооруп. — Акун агайда эч айып жок...

Кудайга шүгүр дедим ичимде. Зал дуу-дуу боло түшүп, баарысы мени карап калышкансыды. Чынымды айтсам, ушундай болуп чыгарын жүрөгүм кичине сезип турган. Мен Маманды карадым. Маман мени менен тиктеше түшүп, кийин эчтеке дебестен, кайра Карачачка кайрылды.

— А ким айыптуу анан? — деп сурады ал.

Кыз ага жооп бериштин ордуна, залга карап:

— Паиз! — деп кыйкырды. — Сен айтам дебедиң беле?!

Ошол замат клубдун эң арткы бурчунан бирөө жөмшүктөп чыгып, ачык турган эшикке атырылды. Паиз экен. Залдагылар да, президиумдагылар да анын артынан жабыла тиктеп калышты!

— Ошолбу?! — деп кыйкырды мерген, кызынын жанына чуркап келип. Кыз жооп бериштин ордуна ыйлап жиберип, акырын ордуна отура кетти. — Айт, жаш-ш-шабагыр! — Мерген кызынын чачынан мыжыгып, булкуп жиберди. Кыз атасына моюн сунуп, бир-эки жолу үн-сөзсүз башын ийкендетип койду. Мерген ордунда селейип катып калды. А калган көпчүлүк болсо, бака-шака түшүп, клубду башына көтөрүп кетти. Мергендин, кыздын жана Паиздин адресине ар түркүн азил, күйдүргү сөздөр айтылып, ага

жараша күлкүлөр чыга баштады. Мен болсо унутулуп калдым. Бирок президиум жакка бурулуп, Маман менен дагы тиктеше түштүм. Маманды ой басып калыптыр. Ал мени көпкө карап тура албастан, ордунан турду да, конгуроосун шынгыратты. Эл тынчтана түштү.

— Жолдоштор, жолдоштук сотубуздун заседаниесин жабык деп жарыялаймын, — деди Маман.— Мугалимдерден башканар кете бергиле. Толубай ака, сиз да кызыңыз экөөнөр калгыла.

Көпчүлүк патырап, карс-карс сүйлөп, топ-тобу менен күлүп чыгып кетишти. Клубда калгандарыбыз Мамандын оозун тиктеп, күтүп калдык. Маман кыйлага унчукпай отуруп, акырында момураган үн менен сүйлөдү.

— Мен Паизди жалгыз эжемдин баласы деп, окутуп, адам кылайын деген оюмда бар эле, — деди ал мугалимдерге кайрылып. — Оюм ордунан чыкпады. Ал окуп бүттү. Эми аны мага бергиле, агайлар. Эми аны өзүм окутам. Толубай ака! Сиз көп кейибениз. Болор иш болуптур. Эмне кылабыз, экөө тең эси жоктук кылышыпыр. Эми сиз экөөбүз бул экөөн баш коштуруп коёлу. Каршы болбосонуз, мен буларды бүгүн эле, азыр эле, өзүм менен кошо ала кетейин. Кандай дейсиз?

— А той-сой дегенди кылбай элеби? — деди Толубай мерген. Ал иштин ушинтип бүткөнүнө ичинен сүйүнүп аткансып көрүндү.

— Тойду, кудай буюрса, жазында кылабыз, — деди Маман. — Азыр кыш, иштин күч маалы. Той беришке менин да мүмкүнчүлүгүм жок, той жешке элдин да чолосу тийбейт. Жакшы болду, бир короо койго койчу жетишпей атты эле, бул экөөн алпарып, санап өткөрүп берейин. Карачач! Бар карындашым, Паизди таап, менин алдыма баштап кел. Коркпой келе берсин, урбайм.

Карачач атасын бир тиктеп алып, анан ордунан туруп, эшикке карай шыпылдап басып кетти.

— Акун, — деди эми депутат мага кайрылып. — Бача, кечирип кой, биз сени бекер эле айыптаптырбыз. Ташмат ака, сиздин сакалыңызды бирден жулса болот го, бирок улуу кишисиз да.

— Э-э, мына бу да, — деди деректир айыпты мергенге жүктөп.

— Ыманынды жебе! — деди ага мерген. — Мен башта Акунга эч кандай күмөн санаган эмесмин. Бар болгону, сага келип, ушундай иштер болуп калыптыр дедим. Десем, сен дароо: «Бул Акундун колунан келет! Акунду карма!» — дединь.

— Болуптур эми, иш өткөндөн кийин кажандашып отурбагыла, — деди Маман, ордунан туруп. — Кана эмесе, тугандар, тарайлы. Мен да жарык жаанда кайтайын...

Баарыбыз сүрүлүп эшикке карай жол алдык. Эшикте эл тарай элек экен. Ал жерге туруп алышып, жанагы эле сөздү сүйлөп жатышыптыр. Кара «Волга» кеткен окшойт, анын ордунда топоздун өзү гана турат. Маман топоздун жанына басып келип, анын токум-толочун ондоп, чан-паңын күүй баштады. Ангыча болбой, анын жанына, элден кичине коруна басышып, Паиз менен Карачач келип калышты. Көпчүлүк ал экөөн көрүшүп, кайра жанданышты.

— Азаматсың, Паиз! — деди колхозчу жигиттердин бирөө.

— Сен эми, бача, сүйүнгүн, бизден таяк жегенден кутулдун, — деди классташы Садык. — Эх, сенин ордунда мен болуп калсамчы!

— Эш-ш-ек! — деди Маман Паизге, тиштенип. — Окуп, адам болот экен десе, мунун колунан келгенин көр... Карма мана муну! — Маман ага топоздун жылоосун сунду. Паиз аны уруп жибереби деп корккон түр менен жипти колуна алды. — Кел, мин.

Маман Карачачты колуктап, топозго мингизе баштады.

— Мен кийим-кечемди алып алайын дедим эле... — деп араң эле каршылык көрсөттү кыз.

— Кийим-кечеңди артыңдан берип жиберишет, — деди Маман. Эй, Толубай ака, кызыңыздын буюмдарын бирөөдөн берип жибериниз.

— Берип жиберем, берип жиберем! — деди мерген. — Бара бер, кызым.

— Тарт! — деп кыйкырды Маман Паизге.

Паиз топозду делдеңдетип жетелеп жөнөдү.

— Кана, ушул жаштарга бир дуба берип коёлу, — деди мерген алаканын жайып көпчүлүккө кайрылып. — Ылайым, экөөң кошо арып, кошо карыгыла, алдыңарды бала, артыңарды мал бассын. Облоу-акибар!

— Облоу-акибар! — дешти көпчүлүк, айрымы чын ыклассы менен, айрымы оюн түрүндө.

— Чампайган байкушум, — деди Маман мергенге. — Жалгыз кызын кайтара албайт.

— Ай, ай, Маман, — деди мерген. — Оозуңа карап сүйлө. Менин эле кызым күнөөлүү бекен.

— Кунажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзбөйт.

Укканлар күлүп жиберишти. Айрыкча балдарга жага берди.

— Эйлер, уктунарбы? — деп кыйкырды Садык. — Кунажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзбөйт экен. Ха-ха-ха-ха! Кунажын көзүн сүзбөсө...

Маман мага колун сунду.

— Кайыр, Акун.

— Кайыр, — дедим мен.

Маман жөнөп баратып, артына кайрылды.

— Айтмакчы, мен сенин катынды өз колум менен почтага таштап келдим, — деди ал мага.

— Кайсы катымды? — деп таң калдым.

— Ал эмне дегенин? Паизден берип жиберген турбайсынбы?

Эми гана араң эсиме түшүрдүм.

— А-а... — деп койдум.

Маман узап калышкан Паиз менен Карачачтын артынан жөнөп кетти. Кат... Кызык, эмне жөнүндө жаздым экен? Тфу!

* * *

Жол кууш, узун өрөөндү жойлоп баратты. Жолду эки тараптан тең тоолор ээрчип келатат. Өрөөндө да, тоолордо да таптаза, апаппак кар жатат. Кар бетинде январь айынын ачык тийген күнүнүн нурлары ойноп-куунап жүрүшөт.

Жолдо кар калың, ошондуктан машине аран эле өрмөлөйт. Мен ак жолду, ак өрөөндү, ак тоолорду карап, өзүмчө ойго батып отурам. Шопур болсо өз рулу менен алек. Шопур — Шарип. Эсиңиздеби мени биринчи жолу кыштакка апкелген бала.

Бир маалда кузовдогу балдардын кыйкырык, ышкырыктары угулуп калды.

— Аркарлар! — деди Шарип.

Мен да көрдүм, элүү чакты экен, алды жагымдан чуркап жолду кесип өтүштү.

— Аркарлар... — дедим мен дагы, артынан суктана карап.

— Эх, азыр мылтык болсочу! — деди Шарип.

Кардын калындыгынан түздө аркарлар анча жакшы чуркаша албай атты. Бирок көп өтпөй түз да бүтүп, алар кырга жармашты.

Машине аркарлардын изин басып өттү. Аркарлардан кийин кыйлага чейин сүйлөшпөй бардык. Анан Шарип:

— Агай, сизден бир нерсе сурасам болобу? — деп калды.

— Эмне үчүн болбосун? — дедим.

— Шаарда, Фрунзеде сиздин сүйгөн кызыңыз барбы?

Мен жылмаюуга аргасыз болдум. Кийин, кичине ойлонумуш болуп туруп:

— Бар, — деп койдум.

— Сулуубу?

— Сулуу.

— Абдан сулуубу?

— Абдан сулуу.

— Мына мунчалык барбы сулуулугу? — Шарип мандайына жармаштырылып коюлган бир сулуу кыздын фотопортретин көрсөттү.

Мен эми гана эски грузовиктин кабинасынын ичи жык сулуу кыздардын сүрөттөрүнө толуп турганын байкадым. Сүрөттөр ар түрдүү журналдардан кесилип алыныптыр, кыздар ар түркүн улуттардан экен, бирок баарысы тең жаш, сулуу.

Мен жылмайып коюп, Шариптин суроосуна жооп бердим.

— Жок, — дедим, — менин кызым мындан сулуураак. Ал булардын баарысынан сулуу.

— Эх! — деп Шарип үшкүрүп койду. — Сиз кандай бактылуусуз!

Бирпас туруп, ал дагы суроо берди.

— Айтмакчы, сиз мынабу кызды тааныйсызбы? — Ал дагы жанагы сүрөттү көрсөттү. — Фрунзеде жашайт.

— Бул кыздыбы? — деп ойлонумуш болуп калдым. — Өңү тааныш... Токточу... Жок, тааныбайт экенмин.

— Институтта окуйт. Мединститутта. Жакшы окуйт. Жалаң бешке. Активист, ар түрдүү кружокторго катышат. Бекеринен журналга сүрөтүн басышпайт да.

— А сен кайдан билесиң буларды? Журналдан окудуңбу?

— Жок. Журналга сүрөтү гана басылган. Калганын ал өзү жазып турат.

— Сен, эмне, аны менен кат алышып турасыңбы?

— Ооба. Ал өтө жакшы кыз.

— Мм... А мына булар мененчи? Булар менен да кат жазышып жүрбө?

— Жазганмын. Бирок алар жооп беришкен жок. А бул кыз жооп берди. Жакшы кыз.

— Аты ким?

— Айгүл. Жакшы ат, ээ? Институтту бүткөндөн кийин дейт силердин Памиринерге доктур болуп барам дейт. А мен кой, бул жакка келбегин деп үгүттөп атам.

— Эмне үчүн?

— А бизге келип эмне кылат? Бул жердин эмнеси жакшы? Мына бул тоолорубу? Анын үстүнө Фрунзедей чоң шаарда жашаса. Эх, жакшы да силердин шаарынарда, агай...

— Эмнеси жакшы?

— Баары. Баары жакшы. Мисалы, ал жерде ар күнү киного, театрга, танцыга бара аласын. Жакшы кийинесин, кроватта уктайсын. Жок, ал жакта турмуш таптакыр башкача.

— А сен өзүң шаарда болгонсунбу?

— Жок.

— А эмне үчүн барбайсын?

— Барам. Биротоло кетем. Айгүл да чакырып атат. Бир гана эжем жөнөтпөй атпайбы.

Балдардын бирөө кабинаны тарсылдатып калды. Шарип машинесин токтотту да, башын чыгарып туруп:

— Эмне болду? — деп кыйкырды.

Ангыча кабинага алтынчы класстын бир окуучусу басып келди. — Агай, мен ушул жерде калам, — деди бала мага.

— Эмне, келип калдыңбы? — деп сурадым.

Бала башын ийкеди. Эки жагымды карасам, айыл көрүнбөйт.

— А үйүң каерде? Эчтеке жок го бул жерде?

— Булардын өтөгү тээтиги жылгада, — деди Шарип. — Тээтиги эки топоз жүргөн жерде. Көрдүңүзбү?

— Жакшы кал эмесе, — дедим балага. — Эсинде болсун, он экинчи январь күнү мен сага келем, даяр болуп тургун.

— Он экинчи күнү ушул жерге чыгып, машинени күтүп тургун, түшүндүңбү? — деди Шарип да, кошумча болуп.

Бала башын ийкеди да бурулуп, аппак талаа аркылуу эки топоз оттоп жүргөн жакка карай бет алды. Мен анын далысына бор менен жазылган «жинди» деген жазууну көрүп, жылмайып калдым.

Машине кайрадан ордунан козголду.

Биз канчалык нарылаган сайын, кар калыңдай берди. Бир өргө келип, машинебиз такыр жүрбөй калды. Биз, Шариптен башкабыз, баарыбыз жерге түшүп, дөңгөлөктөрдүн астына таш, кум, чөп — колубузга урунган нерселерди таштап отуруп, аран дөнгө чыгардык. Дөңдө кайрадан машинеге отура баштадык. Садык гана түшкөн жок.

— Сен эмне чыкпайсың? — деп сурадым мен, колумду арчып жатып.

— Мен үйүмө келип калдым, агай, — деди Садык, башын шилтеп. Мен Садык баш шилтеген жакты карап, тээ алыста жылганын оозунда турган үч боз үйдү көрдүм. Боз үйлөрдүн алдында ат байлануу турат, бир нече кой жүрөт.

— А-а, анда бар, — дедим.

Кийин бутумдун карын кагып-кагып, кабинага кирип отурдум.

— Агай биздикине барып, чай ичип кетиниз, — деди Садык.

— Ракмат. Башка жолу, — дедим.

Машине козголуп, Садык ордунда калды. Ал кузовдогу тентуштарына кол булгалады да, боз үйлөр тарапка бет алды. Мен кабинанын терезесинен анын кантип талаанын калың карын жиреп баратканын карап отурдум. Ушу тапта көзүмө башка бир нерсе урунду: боз үйлөрдөн бир аялдын карааны бөлүнүп чыгып, баланы утурлай жөнөдү. Аял жай баспастан, чуркап келатты. Кардын калыңдыгы ага чоң тоскоол болуп атты, ал улам мүдүрүлүп, жыгылып, кайра туруп кетип жатты.

— Апасы, — деп койду Шарип.

Мен да ушундай го деп ойлодум эле. Машине улам узап эне-бала бири-бирине жакындап келатышты. Акырындап, алардын караандары кичирейип апаппак, жылаңач талаада эки тоголок топ гана бири-бирин көздөй тоголонуп келаткансыды. Көп өтпөй талаанын орто жеринде ал эки топ бирибирине кошулушуп, бир топко айланды. Ушул учурда машине чукул бурула берип, ал топ да көздөн кайым болду...

Кеч кирген ченде биз бир дөнсөөгө чыга берип, кең өрөөнгө түш келдик. Караңгы кирип калган болучу. Өрөөндөгү дөнсөөлөрдүн жана өрөөндү курчаган тоолордун чокулары гана көзгө урунат. Асманда бирин-серин жылдыздар чыгып, тоо артынан айдын жалыны көтөрүлүп келатат.

Жол таптакыр карга сиңип кетти. Машине аран эле жылып калды.

— Бул каргыш кеткен өрөөнгө дайыма кар калың түшөт, — деди Шарип.

Бир маалда машинебиз таптакыр карга тыгылып калды. Шарип удаа-удаа газ берип, сөгүнүп да эчтеке кыла албай койду.

Акырында ал кабинадан чыгып, машинени бир айланып келди.

— Агай, машине мындан ары бара албайт, — деди ал.

— Анда, эмне кылабыз?

— Жөө кетебиз. Койчумандын өтөгүнө чейин үч-төрт километрче калды.

Мен кабинадан чыгып, кузовдун артына келдим. Кузовдо бир эле окуучу, Койчуман гана калган болучу.

— Койчуман! Абсаматов!

Менин чакырыгыма Койчуман жооп бербеди.

Шарип моторун өчүрүп, кузовго чыкты.

— Эй, сен тирүүсүнбү? — деп кыйкырды ал.

— А-а, — деген Койчумандын үнү угулду.

— Анда түш, жөө кетебиз.

Койчуман жерге түштү, а Шарип кузовдон эски төшөк алып, моторун ороп-чулгады.

— Кандай, үшүгөн жоксунбу? — деп сурадым мен Койчумандан.

— Жок, агай. Чөпкө көмүлүп алдым.

Биринчи болуп Шарип жолго түштү. Ушу тапта ай тоонун чокусуна чыгып, анын муздак нурлары тоолордун жана өрөөндүн карларына себиле баштады.

Бир топко чейин үчөөбүз үн-сөзсүз жүрүп отурдук. Анан, кокусунан эле, Койчуман кыйкырып калды:

— Карагыла, карышкыр баратат!

Карасак, чын эле, бизден көп алыс эмес жерде бир жаныбар баратыптыр.

— Ал карышкыр эмес, эси жок, түлкү, — деди Шарип.

Кийин түлкүгө карай кыйкырып, ышкырып кирди. Бирок түлкү корккон жок, ал кыйла жерге чейин жортуп барды да, анан токтоп, биз жакты карап туруп алды.

* * *

Биз келген өтөк чоң дөбөнүн түбүндө экен. Айдын жарыгында көп сандаган койлор, топоздор ыкшалып турушат, төрт-беш боз үй дүмпүйөт. Үйлөрүндө кишилер али жатыша элек экен, алардын түндүктөрүнөн учкундар чачырап, түтүндөр созолонот. Бизди абалаган иттер тосуп алды.

— Силердин үйүнөр кайсы? — деп сурадым Койчумандан.

— Мана бул четтегиси, — деп жооп берди Шарип, Койчумандан озунуп.

— Жок, — деди Койчуман. — Биздин үй көрүнбөйт. А мына бул жерде болучу...

Койчуман кардын бетиндеги төгөрөк кара жерди көрсөттү. Ушул учурда четки үйдөн кичинекей киши чыга келди.

— Кимсинер? — деп кыйкырды ал ичке үн менен.

— Бизбиз, жезде, — деп жооп берди ага Шарип. Анан мага кайрылып түшүндүрө кетти. — Бул Берди деген запперме, менин бир тууган эжемдин күйөөсү.

— Э-э, бул Акун агай го? — деди завферма мени таанып. — Бу сизди кайдан шамал учуруп келди бул жакка?

— Каникулга тарадык, — дедим мен, анын сунган ысык колун алып. — Окуучуларды үйлөрүнө жеткирип жүрөбүз.

— Ушул суукта үйүңүздө эле отурбайсызбы, — деди завферма. — Балдар өздөрү деле жетип алышат эле да... А-а, бул сенсиңби, Койчуман? Мен кечээ сенин ата-энеңди Белге көчүрүп жибердим. Төл башталып, ал жерде киши жетишпей атат. Белге, албетте, сен бара албайсың эми: машине бара албайт, а улоо болсо жок. Эчтеке эмес, сен каникулуңду менин үйүмдө эле өткөрүп, ушул жерден кайтып кете бер. Кана, үйгө жүргүлө эмесе.

Мен ындыны өчө түшкөн окуучумду ийнинен алып, үйгө карай жетеледим. Завферма жүгүрүп барып, эшикти түрө көтөрдү да, үйүнүн ичине башпагып, бир нерсе деди.

— Кана, агай, ичкери кириңиз, — деди анан жаңыдан.

Мен өтүгүмдүн карын тазалап, кийин ийилип-бүгүлүп, босогону аттадым.

Үйдө отуз жаштардагы, ыманы ысык, жоош-момун көрүнгөн аял шашып-бушуп бизге төшөк салып атыптыр.

— Арыбаңыз, — дедим мен, кичине башымды ийип.

— Бар болуңуз, — деди аял, оор билериктүү эки колун көкүрөгүнө алып жана сыпайы жылмайып. — Келиңиз. Төргө өтүңүз.

Мен дагы бутумду карадым.

— Эчтеке эмес, өтө бериңиз, — деди аял.

Мен төргө өтүп, мандаш урунуп отуруп калдым. Менин жаныма Шарип келип отурду. Ал дароо буттарын сунуп, аркабыздагы жыйылган жүккө жөлөнө кетти. Эң артыбыздан Койчуман кирди.

— Арыбаңыз, — деди ал, кадыресе.

— Бар бол, айланайын, — деп аял анын маңдайынан өөп койду. — Жогору өт.

— Кана эмесе, оомин! — деп завферма алакандарын жайып калды.

Баарыбыз бата кылдык.

— Куш келипсиздер, — деди аял.

— Кудай кушбак кылсын, — дедим мен.

Кийин аял ордунан туруп, эшикке чыгып кетти.

Мен үй ичине назарымды салдым. Үйдүн ичи памирдин бардык боз үйлөрүнүн ичине окшош экен: ортодо темир печ-

ке, анын найы түндүктөн чыгат; төрдө тошок жыйылган; кыбыла тарапта бети кештелүү чачык менен жабылган сандык, а сандыктын үстүндө көп сандаган чынылар, пиалалар, транзистор, саат жана шишелүү чырак сыяктуу буюмдар тизилип коюлган; эшиктен кире бериште кичинекей тосмо кылынып, тосмонун ичинде он чакты козу жатат, а козулардын алдында бир тутам чөп байлануу турат.

— Кана, мен айтканды аткардынбы? — деп сурады завферма Шарипке кайрылып.

— Мен райпого бардым, — деди Шарип. — Бирөө да али сатылбаптыр.

— Оозуна май! — деди завферма сүйүнүп.

— Бирок алам дегендер көп экен: Кара-Көлдүн башкармасы, Ран-Көлдүн завмагы, Мургаптын чайханачысы... Көп. Бирок чондор, адегенде алдынкы чабандарга, баатыр энелерге, депутаттарга сатабыз, а силер ошолордон ашса гана аласынар деп турат имиш.

— Э, кудай-эй, — деди завферма алакандарын ушалап. — Бир мага боорун ачып: «Ал, Берди! Сен дагы менин бир кулумсун» — деп жибердсен экен... Агай, сиз билип атасызбы биздин эмне жөнүндө сүйлөшүп аткаыбызды?

— Мен кайдан билейин.

— Иш мындай, — деди Берди. — Биздин районго беш «Урал» мотоцикли келиптир. Мен ошолордун бирөөн сатып алайын деп атам. Бирок угуп атпайсызбы, мага окшогондорго сатышпай атат. Шондуктан, бир амал ойлоп таап атам. Биздин колхоздо бир Осмон деген койчу бар. Ошонун аялы ушул айда онунчу баласын төрөйт, мындайча айтканда, баатыр энелердин катарына кошулат. Мен ошол аялдын наамына алганы жатам. Түшүндүнүзбү?

Мен башымды ийкедим.

Эшиктен тезек көтөрүп завферманын аялы кирди.

— Сизди Калык ава чакырып атат, — деди ал күйөөсүнө.

— Байбиче, Осмондун балдарына чай, кант дегендей нерселерди даярдап койчу, эртен менен барып, бир кабар алып келейин, — деди завферма, анын айтканына этибар бербестен.

— Э ботом, кечээ эле барып келбединизби? — деди аял, кичине нааразылык менен.

— Барсам эмне болуптур? — деп күйөөсү ороюраак жооп берди. — Ал катын ар кандай саат, ар кандай күнү тууп коюшу мүмкүн. Туура айтамбы, агай?

Мен унчукканым жок.

Завферма ордунан туруп, эшикке чыгып кетти.

* * *

Мен эшикке чыктым. Күн тийип, калыптыр, туш тарапта кар жаркырайт, койлор, козулар маарайт, катын-калач чурулдайт.

Өзүнүн үйүнүн жанында Берди завферма атын токуп атыптыр. Мен чыккан учурда, ал бир жакка карап алып:

— Э-э-эй, Койчуман! Кайт артыңа! — деп кыйкырып калды. — Карасаңыз, агай, тиги бала ата-энесине кетпартат.

Койчуман өрөөндүн калың карына түшкөн жалгыз аяк жол менен узап баратыптыр.

— Көрсөнөр мунун өжөрлүгүн?! — деди кой арасында козу салып жүргөн аялдардын бирөө.

— Ананчы, атасын тарткан да, — деди экинчи аял.

— Э-э-эй, бала! — деп кыйкырды дагы бир жолу завферма. — О, Белге сен бүгүн жете албайсын!

Койчуман кайткан жок. А мен аны жалгыз жөнөткүм келбеди.

— Мага атыңызды берип турбайсызбы, ушу баланы ата-энесине жеткирип келейин, — дедим мен завфермага.

Завферма кичине тандана түштү.

— Жан-дилим менен берет элем, —деди анан ал, актанган түр менен. — Мен жанагы көп балалуу аялга жөнөп аттым эле... Андан бөлөк деле иштер болуп жатат, өзүңүз билесиз, азыр төл маалы... А улоосуз бул карда үйдөн чыга албай каласың киши.

Мен башка эчтеке дебестен, Койчумандын артынан жөнөдүм. Завферма да, калган кишилер да менин жоругума таң калышкандай, артыман карап калышты...

Ошол күнү окуучум экөөбүз кечке жол жүрдүк. Түшкө чейин күн ачык тийип, жол азабын анча сезгенибиз жок. Бирок түш ооп, биз арып-ачыган кезде, күн бүркөлүп, шамал согуп, суук боло баштап, жаныбызга аябай кыйынчылык келди. Ал кечке жуук болсо, өтө калың туман түшүп, кетип бараткан жолубуздан адашып калдык. Мени дароо санаа басты. Бирок жанымдагы жаш балага өзүмдүн кабатырланганымды сездирбеске тырышып аттым. Кудай жалгап, Койчуман чыныгы Памирдин баласы болуп чыкты: арып, курсагы ачканы билинип турганы менен, мага окшоп кыштын күнү, болгондо да кеч киргенде адашып, ээн өрөөндө калып кетпегей элек деген коркунучту мен анын жүзүнөн көрө алганым жок. Койчумандын мунусу кайра мага жөлөк болуп атты.

Биз бирде дөбөгө чыгып, бирде дагы паска түшүп жүрүп отурдук. Жол башчы — Койчуман.

— Эй, бала, сен деги биздин каякка баратканыбызды билесинби? — дедим мен бир маалда, ага кичине кыжырым келип.

— Менимче, туура эле баратабыз, агай, — деди Койчуман, билбейм, актанып айттыбы, же мени жуванткысы келдиби.

— Туура баратканыбызды каяктан билесин сен, төрт кадам жердеги төө көрүнбөйт? — дедим.

Бул чын эле.

— Агай, үй! — деп кыйкырды Койчуман, кокусунан, мага жооп бериштин ордуна.

Карасам, ырас эле, бизден эки арым жерде боз үй турат. Мен сүйүнгөнүмөн аптыгып кеттим. Дароо үйдүн эшигин таап, ичкери башпактым. Көзүмө жыйырма чакты козу, үстү жабык эки бешик урунду. Киши аттуу көрүнө бербеди. Мен өз окуучума суроолуу карадым.

— Бул жерде дагы үй болуш керек, — деди Койчуман.

Биз эки жагыбызды элендеп, нары бастык.

— Жымжырт, — дедим мен.

Ошол замат тумандын ичинен:

— Кимсинер? — деген аялдын үнү угулду.

Жалт карасам, жан-жагыбызда алтымыштарга барып калган, узун бойлуу, арык аял туруптур. Жүзү түнтүрөөк, капалуураак. Ал, негедир, жоон чылбыр сүйрөп алыптыр, а чылбырдын экинчи учу көрүнбөйт.

— Мен мугалиммин, — дедим аялга. — А бул болсо, менин окуучум. Биз Белге баратабыз.

— Белге бүгүн жете албайсынар, — деди аял. —Жүргүлө.

Биз аялдын артынан ээрчидик.

— Бул жерде, эмне, бир эле үй барбы? — деп сурадым аялдан.

— Эмне үчүн бирөө? Он, — деди аял. Ал мурдагысындай эле арканын сүйрөп баратты.

Көп өтпөй, чын эле, бир үйгө туш келдик. Бул жанагы биз тапкан үйдөн башка эле. Аял үйдүн эшигин көтөрүп, ичкери башпакты. Мен анын ийнинен ашыра карап, төрдө отурушкан үч-төрт жашаар эки кызды көрдүм. Кыздар көкүрөктөрүнө чейин төшөккө оронуп алышыптыр.

— Патма эже, апам качан келет? — деп сурады бирөө, ыйламсыраган үн менен.

— Азыр келет, — деп жооп берди да, аял эшикти жаап койду. Биз андан нары кеттик. Экинчи үйдө жети жашар чамасындагы кыз бешик терметип отуруптур. Өзү абдан үшүп алган.

— Уктай элекпи? — деп сурады Патма эже андан.

Кыз башын чайкады. Аял эшикти жапты.

— Булардын ата-энелери кайда? — деп сурадым мен аялдан.

— Кой издеп жүрүшөт, — деди аял, андан нары басып. — Бүгүн түндө койлорубуз короодон чыгып кетиптир.

Бул жолу аял издеген үйүн дароо эле таба бербеди. Ал адегенде, алды жакка, анан кайра артына басып келди. Токтоп, бир нерсени тыңшап да көрдү. Эчтеке кулагына кирбеди окшойт, турган жеринен кыйкыра баштады:

— Берди! О, Берди!

Тумандын ичинен жаш баланын:

— А-а? — деген үнү угулду.

— Отура бер. Үйдөн чыкпагын! — деп буюрду ага аял.

— Патма эже, печкеге от жагып алайынбы? — деп сурады бала.

— Жөн отургун! Отун жок, — деп койду аял.

Бала дагы бир нерсе дегенсиди, бирок аял ага кулак салган жок. Эми аял колундагы арканын кулачтап жыйнай баштады. Бирок жыйган сайын өзү арканды ээрчип, алдыга кетип баратты. Койчуман аялдын оюн түшүндүбү, анын алдына өтүп, арканды кубалап, тумандын ичине кирип жоголуп кетти.

Аркан абдан узун экен. Анын учуна жеткенче, аял экөөбүз эки жүз метрдей жол баскандай болдук. А аркандын учу бир боз үйдүн эшигине байланып коюлуптур. Аял үйдүн эшигин көтөрүп, мага:

— Кана, кир, — деди.

Мен ичкери кирдим. Койчуман эчак печкенин алдында олтуруптур. Андан башка, менин көзүмө биринчи болуп, үч бешик, бир көгөн козу урунду.

— Төргө өт, — деди аял мени. Анан печкеге жабышып жаткан Койчуманга кайрылды. — Чык сен дагы. О, от жок, печкеде жабышканың менен! Кечээтен бери жага элекмин. Бүт өтөк боюнча отунубуз түгөнүп калды.

Ошенткени менен, аял колундагы арканын жерге таштады да отуруп, печкенин эшигин ачты. Печкеде, жагыш үчүн даярдалып коюлган бир тутам куурай, а куурайдын астында газетанын айрындысы бар экен.

Аял Койчуманды, анан мени бир карап алды. Биз экөөбүздүн тең суукта беттерибиз көгөрүп, сары түктөрүбүз чыгып калган.

Аял өзүнчө үшкүрүнүп алды да, кийин чөнтөгүнөн күкүрт алып чыгып, печкедеги газетага от койду.

* * *

Мен иттин үргөнүнөн улам ойгондум. Боз үйдүн ичи кыйла жылып калыптыр. Чырак күйүп туруптур. Койчуман уктап атат. Бешиктеги наристелер дагы. Ал аял көрүнбойт. Дагы бир нерсени байкадым: эшиктин кире беришинде жаткан тааныш аркан жыландай жылып, эшикке чыгып кетип атыптыр.

Мен ордуман туруп, эшикке чыктым. Түн кирип калыптыр. Айлана баягыдай эле коюу туман. Гывандап кар жаап жатат.

Эшиктин оозунда бирпас туруп, кийин жерде сойлоп бараткан арканды колума алдым да, анын жетеги менен алдыга бастым. Көп өтпөй, аркан мени аялдын алдына алып келди. Аркандын учу аялдын белинде экен. Аялдын колунда узун факель. Дөңүрөөк жерде туруп алып, кайдадыр бир жакты карап, аял ал факелди булгалап атыптыр. Аялдын алдына келер замат кулагыма конгуроонун «дын, дын» деген назик үнү, койлордун маараганы, кишилердин күңүрөп сүйлөшкөндөрү угулду. Карасам, жакын эле жерде, бизге карап, көп сандаган факелдер жылып келатышыптыр. Бирпастан кийин аял экөөбүздүн ар жак, бери жагыбыздан койлордун жайык дарыясы агып өтө баштады. Факелдердин астынан кишилердин сөлөкөттөрү көрүндү, алардын башаламан сүйлөгөн сөздөрү дааналанды. А сүйлөшкөн сөздөрү «кош, кош», «тос, тос» менен гана чектелип атты.

— Биздин үйгө кирип, жылынып алгыла! — деп кыйкырды аларга аял.

Ошентип коюп, өзү биринчи болуп үйүнө карай басып кетти. Анын артынан көп сандаган факелдер ээрчип жөнөштү. Үйгө жетишкенден кийин, алар биринин артынан бири жерге таштalып, а аларды көтөргөн кишилер ичкери кирип кетип жатышат. Эки-үч факел койлордун үстүнөн ары-бери каалгып сүзүп калды.

Мен кыйлага чейин эшиктин оозунда, кардын үстүндө үйүлүп жаткан факелдердин жанында турдум да, акырында үшүп кетип, ичкери кирдим.

Үйдүн ичи кишиге толуп чыгыптыр. Отурарга жер жок, босогонун оозунда туруп калдым. Мени эч ким байкабады. Баарысы унчукпай, үнкүйүп отурушат. Көрүнүштөрү жүдөнкү — чарчаган, ач калган, үшүгөн. Булардын ичинде карысы бар, жашы бар, аялы бар, эркеги бар. Кокусунан, алардын арасынан өзүмдүн тааныштарымды көрүп калдым: бир катарда Паиз, Карачач жана Маман отурушуптур, абдан

сүйүнүп кеттим. Бечараларым... Үчөө тең кыйла өндөрүнөн азып калышыптыр. Же мага ошондой көрүнүп аттыбы.

— О кокуй, мейман босогодо туруп калган турбайбы! — деп калды ушу тапта печкенин оту менен алек болуп аткан Патма эже. — Кана, орун бошоткула!

Отургандар мени эми көрүштү.

— Акун! — деп кыйкырды менен депутатым.

— Агай, төргө өтүңүз, — дешти Паиз менен Карачач.

Отургандар жол беришти. Мен депутаттын жанына барып отурдум.

— Жол болсун? — деди Маман. — Кантип келип калдың бул жерге?

— Каникулга тарадык, окуучуларды үйлөрүнө жеткирип жүрөм, — дедим, дале капарсыз уктап жаткан Койчуманды көрсөтүп.

— А-а, Абсамат чалдын баласы турбайбы, — деди депутат Койчуманды таанып.

— Мунун ата-энеси азыр Белде, — деди Паиз. — А Белге бара албайсынар, агай.

— А эмне үчүн?

— Белге чейин бир ашуу бар. Азыр ашуу бекип калган.

— Эчтеке эмес, — деди Маман. — Биздин үйдө дем алып, анан мектебинерге кайтып кете бересинер. Абдан жакшы келипсиң. Апа! — депутат Патма эжеге кайрылды. — Кел, казанынды асып жибер, кой. Ата! — Атасы купкуу сакалмуруту бар, чоң чал экен. Ал таспи тартып отурат. — Бул жигит Фрунзеден келген мугалим. Мен апкелгенмин. Абышка мага аран эле башын ийкеп койду.

Депутат белинде байланууу турган чоң бычагын кынынан сууруп чыгып, а өтүгүнүн кончунан кайрак таш алып, бычагын кайрап кирди. Мурдагы арып-чарчап отурган түрү таптакыр өзгөрүлдү.

— Кана, айтчы, турмуш-акыбалың кандай? — деп сурады ал.

— Рахмат, түзүк эле, — дедим, ушунча кишилер отуруп, сөздүн мен жөнүндө эле болуп атканына кичине корунуп.

— Эч ким таарынткан жокпу? Таарынтса айтып кой, мен таарынткан киши менен сүйлөшөм. Памирде мени менен эсептешет! Райком, раисполкомдон тартып... — Ушул учурда кишилер ордуларынан козголушуп, бир-бирден чыгып кете башташты. — Э-э-э! Бу каякка жөнөп калдынар? Мен кой сойгону атам, отуруп эт жеп кеткиле.

— Кана, Маман, үйлөрүбүзгө баралычы, — деди эркектердин бирөө. — Бу бала-чакаларыбыз эмне болду...

— Эмесе, эт бышканда чакыртам, келгиле, — деди депутат.

— Болуптур эмесе, агай, — деди Паиз. — Жакшы түш көрүп жатыныз. Саар менен биздикинен чай ичип кетиниз.

— Кокус, кирбестен кетип калбаныз, — деп кошумча болду Карачач.

— А силер эмне коштошуп атасынар? — деди аларга Маман. — Же, силердин да үйүнөрдө ыйлап аткан баланар барбы? Калып, кызмат кылгыла. Карачач, женене жардам бер. Эй, тур эми өөктөп отура бербестен! — деди ал, бешиктеги баласын эмизип отурган келинге. Аялы экен көрсө. — Паиз, мени менен жүр.

Экөө чыгып кетишти. Үйдөгүлөр да ишке киришишти: Патма эже печкеге казан асып, отту улуулата баштады; келин супурасын жайып, камырга кам урду; Карачач эки чака кармап, үйдөн чыгып кетти. Чал экөөбүз гана төрдө чойкоюп, ишсиз, үн-сөзсүз отуруп калдык. Карасам, чал да тасписин тартканды коюп, үргүлөп баратыптыр.

Бирпастан кийин, тыштан Карачач кирди. Анын эки колундагы эки чакада чокчо кар бар. Карачач чакалардагы карды казанга оодарды. Чоң казандын ичи толтура кар болуп калды...

* * *

Түн ортосунда мени кимдир бирөө түрткүлөп уйкудан ойгото баштады.

— Эй... Эй...

Көзүмдү ачсам мандайымда Маман турат. Кийимчен.

— Эмне болду? — дедим.

— Чш-ш-ш! — деди Маман, сөөмөйүн оозуна басып. — Акырын сүйлө, чал ойгонуп кетет. Тур...

Мен өйдө болдум. Үйдөгүлөрдүн көпчүлүгү уктап атыптыр. Оң жагымда чал менен кемпири жатат. Сол жагымда — Койчуман. Койчумандын нары жагында Мамандын зайыбы бешигин кучактаган калыпта, үргүлөп отурат.

— Эмнеге ойготтуң? — дедим мен, эчтекеге түшүнө бербей. Мурдагыдан үнүмдү пас чыгардым.

— Арак ичебиз, — деди Маман.

— Тапкан экенсиң арак ичер маалды, — дедим да, кайра ордума жатмакчы болдум.

Бирок Маман ийнимден кармап калды.

— Жок, жок. Мен сени, мейман деп, сыйлаган атпаймынбы.

— Эртең менен.

— Эртең менен болбойт. Чал ичирбейт.

Мен аргасыздан, үстүмө тонумду жамынып, төшөгүмдүн үстүндө отуруп калдым.

— Кана, баягы аракты алып чык, — деди депутат аялына.

Аялы өйдө болоюн деди эле, баласы ыйлап берди.

— Өзүңүз эле ала коюнузчу, — деди ал күйөөсүнө.

— Каерге каткансың?

— Жүндүн ичинде.

Маман акырын атасы менен апасынын үстүнөн аттап өтүп, тирелип турган каптын ичине колун салды да, бир шише арак алып чыкты.

— Көптөн бери сактап жүрдүм эле, сага насып кылган экен, — деди ал мулуңдап.

Ал печкенин алдына дасторкон салды, эт кесип койду. Кийин эки чай пиалага толтура арак куйду да, бирөөн мага сунду.

— Кана, эсенчилик үчүн.

— Мынча көп куясың?

— Эч нерсе эмес. Кеттик.

Экөөбүз тен ичип жибердик. Менин демим кыстыга түштү. А Маман эчтеке сезбеди.

— Ысытмасы кайталекпи? — деп сурады ал аялынан, эттен жегенче.

— Кайтпай атат, — деди аял.

— Ысыгыраак орогун, таң атканча кайтып калар... Эми сен отура тур, бача, — деди Маман мага. — Мен бир койлорумду аралап келейин.

Ал кире бериште илинип турган ташпанарды алып, чыгып кетти.

Мен бешик терметип, үргүлөп отурган аялдын алдында жалгыз калдым. Ичилген арак бат эле мени кайп кылып койду. Бирөө менен сүйлөшкүм келди. А Маман кире бербеди. Күтүп, күтүп отуруп, акырында чала-була кийинип алып, сыртка чыктым. Чыгып эле эшиктин алдында ыкшалып жатышкан койлорго урундум. Койлордун арасында ары-бери каалгып Мамандын ташпанары жүрөт.

Мен койлорду жиреп, чатыштап-мүдүрүлүп отуруп, Мамандын жанына келдим. Ошол учурда Маман, жаңыдан эле жерге түшкөн козуну таап алып, анын чөп-чарын чарайнасынан тазалап отуруп калды. Мен анын жанында кыйла үндөбөй турдум да, анан:

— Эй, Маман, — дедим. — Эмне үчүн ушу каргыш тийген Памирди таштап, башка жакка көчүп кетпейсинер?

Депутат ишин токтотуп, мени тан калып карап калды.

— Памирди таштап? А эмне үчүн?

— Мм... Бир жакшыраак, өзүнөргө туруктуу үй-жай куруп, жер айдап, эгин-тегин эге турган жерге барып отурукташпайсынарбы?

Депутат мурда эч качан мындай сөздү укпаса керек, баштагыдай мени аңкайып карап тура берди.

— Мен сени анча түшүнбөй атам, — деди ал, моюнга алып. — Эмне, сенин оюнча, биз жаман жашап атабызбы?

— Анан жакшы жашап атасынарбы? Жайын-кышын боз үйдө...

— А сага боз үй жакпайбы? Хэ... — Депутат козуну эне-сине эмизе баштады. — Боз үйдү жактырбаган кыргызды биринчи жолу көрүшүм.

— Мен дагы... — дедим. Шашкандыгыман аптыгып кетип аттым. — Мен дагы боз үйүн мактабаган бир дагы кыргызды көрө элекмин. Кыргыз дайыма боз үйүн мактайт, дайыма аны менен сыймыктанат. Дайыма. Кылымдар бою ушинтип келет. Кылымдар бою. Башка элдер үйлөрүн жыгачтан, таштан, мрамордон салышат. А кыргыз жер каймактаганда бир боз үй дегенди ойлоп тапкан экен, ошондон бери сүйүп, сүйүүсү кана элек...

— Апенди, — деп койду депутат, мени аягандай бир жылмайып.

— Айтчы, — дедим мен кайрадан, — силерди бул жерде эмне кармап турат?

Маман ийнин куушурду.

— Билбейм... Бирок, мен, эмне үчүн бул жерди таштап кетишибиз керек экенин да билбейм...

Менин баягыдан демим сууй түшүп, унчукпай туруп калдым.

Бирпастан кийин Маман козуну колтуктап ордунан турду: — Жүр эми үйгө кирели, — деди ал.

Мен анын артынан ээрчидим.

* * *

Биз Койчуман экөөбүз Белге барбай калдык. Эртеси күнү эртең менен Маман бизди бир төөгө мингизип, келген жолубузга салды. Бирок төөчөн завферма Бердинин айлына чейин гана келдик. Мамандын айтуусу боюнча, бул жерде завферма бизге башка улоо таап берип, а төөнү кайра артына жибериш керек эле, анткени төө — Мамандын айлындагы

отун-суу ташып турган бирден бир улоо экен. Тилекке каршы, биз завферманы таппадык, а бүгүн да баягы айткан көп балалуу аялдан кабар алганы кетип калыптыр. Ошентсе да, төөнү анын өтөгүнө таштап, калган жолго жөө жөнөдүк.

Кыштакка күн батканда келдик. Кыштак ичи жымжырт экен. Көчөдөн бизге эч ким учураган жок. Койчуманды жатаканасына жеткирип, анан өз үйүмө кеттим.

Үйүмдө мени бир кызык иш күтүп туруптур: эшикти ачайын десем, эшик ачык; ичкери кирсем, чырак күйүп турат; печкеге от жагылган; анын үстүндө чай кайнап атат; а үйүмдүн ичи таптаза, менин бар болгон буюм-кечелерим аиреттелген, өз ордун тапкан; анан эң кызыгы, менин жаман чемоданымдын жанында бир жакшы чемодан жатат. Менин таң калганымды айта көрбөңүз. Оюм ар жакка кетти, бирок ал чемодандын ээси ким экенин такыр жоруй албай койдум. Эгер ушул учурда завуч кирип келбеген болсо, күтүп турбастан, эшикке чыгып, бирөө-жарымдан муну сурап келейин деп калдым эле.

— Таң калып турасызбы? — деди Мамыт ака жылмайып.

— Таап сурадыңыз, — дедим.

— Сизге бүгүн Фрунзеден бир кыз келди.

— Айша! — деп кыйкырып жибердим. — Каякта жүрөт ал?

— Азыр эле магазин тарапка кетпараткан.

Мен башка сөзгө келбедим. Ошол замат үйдөн атырылып чыгып, магазинге карай чуркадым. Ордо аянтына жеткенимде алдымдан бир караан чыкты. Карасам, ошол экен. Бир кучак кылып, кагазга оролгон бир нерселерди көтөрүп алыптыр. Мен өзүмдү тааныгып-тааныта койбой, аны белинен кучактадым да, ордумда тегерете баштадым.

— Акун! — деп кыйкырды Айша кубангандан. — Токтой тур жинди, баарын чачтың!

Чын эле, сатып келаткан нерселери колунан түшүп, жерге жайнап калды.

— Айдыңым, — дедим аны жерге коюп, маңдайынан өөп. — Айдыңым...


Айша да мени бир өөп алды да, анан отура калып, жерде жайнап жаткан чай, кант, печенье, консерваларын терип кирди. Мен дагы ага жардамдаша кеттим. Ушул учурда мен сүйүнүп гана аттым. Айшанын эмне үчүн келгени, эми экөөбүз эмне кыларыбыз жөнүндө ойлоп да койбодум. Жөн гана сүйүнүп аттым. Көрсө, Памирге келгенден бери, жалгызсырап, куса болуп бүткөн экенмин.

— Уят эле тиги карап турган кишилерге, — деди Айша.

Карасам, магазиндин жарык босогосунда директор, магазинчи, мерген — үчөө бизди унчукпай тамаша кылып турушуптур. Мен алар үчүн атайы Айшаны дагы бир жолу өөп койдум.

— Айдыным...

1973



ДАРЫЯЛАРДЫН ШООКУМУ

Азыр ал кыштак жок. Алтымышынчы жылдары колхоз анын үйлөрүн, өрүкзарларын, ой-кырларын бульдозёр сүздүрүп, жыл сайын сары тамеки эгилип турчу түптүз талаага айлантып салган. Кыштак Памир-Алай тоолорунун этегинде эле. Тоолордун кокту-колотунан куралып чыккан эки дарыя анын батыш жана чыгыш жак четинен жандап өтүүчү. Дарыялардын ар биринде ондогон жыгач көпүрүктөр, бешалтыдан таш тегирмендер боло турган. Тынчылык жана токчулук мезгилдерде дайыма көпүрүктөрдүн үстүндө эшек, атына жапма арткан, же ийинине куржун, кабы бар эл көрүнүп, тегирмендер кышын-жайын гүрүлдөп жүрүп турчу. Кышында дарыялар ак буу, көк музга айланып, а жазында кайрадан буркан-шаркан түшүп, үркөрдөй болгон кичине кыштакты жалап-жуктап кетчүдөй өндөнүп, тоо ылдый сойлогон эки ажыдаарга окшоп калышчу. Жазында кыштактын эли алардын шоокумун тыншап жатып ойгонушаар эле. Азыр ал дарыялардын да аты өчкөн. Азыр экөө биригип бир чоң каналды түзүп, ошол эле Памир-Алай тоолорун этектеп, ыраакы чөл тарапты багыт алып, чыгыштан батышка карай агып калышкан. Колхоз алардын эски нугун али буза элек. Алардын эски нугу шагыраган чаар таштар менен чытырман тал, чычырканак, ит мурун, жапайы роза гүлдөрү капталган ээн сайларга айланган. Тал, чычырканак, ит мурун, жапайы розалардын арасында мурдагыдай эле булбул уялап, кекилик, чил, кыргоол, коён сыяктуу жан-жаныбарлардын жатагы көбөйгөн. Колхоз көпүрүктөрдү да жөн койду. Бирок аларга илгеркидей кароо жок болуп, кээ бирлери өз алдынча эле урап түшүп калды. А бузулбагандары жайында аптапка күйүп, кышында суукка тоңуп, какшыган сайлардын үстүндө карарып, алардын бийик жээктерин кулачтап, алсыз-күчсүз асылып турушат. Азыр көпүрүктөр аркылуу көп өтүшпөйт, ансыз да арсак-терсек болуп турган такта, жыгачтары сынып, түшүп кетеби деп коркушат. Кез-кезде

гана мектепке катташкан шок балдар менен, түндөлөрү өз айылына шашып бараткан жалгыз-жарым мастар гана жүрөктүүлүк кылышат...

Тегирмендердин тагдыры да көпүрүктөрдүкүнө окшош. Бир да тегирменчи тегирменин бузган жок. Бузганда эмне кылышмак эле? Жаңыдан отурукташкан жерлеринде (азыр алар кыштак эмес, шаар тибиндеги селодо жашашат) тегирмендин кереги жок болуп чыкты: ун деген нерсе селонун магазининде сортко-сортко бөлүнүп, кап-капта тирелип турат. Анын үстүнө селодо тегирмендин парасын айланта турган суу да акпайт: адамдар сууну жер асты менен үйлөрүнүн ичине келип кирген куурдан* ичип жырган калышты. Ошентип, тегирмендердин ноолору да, паралары да, таштары да эч жерге, эч нерсеге керектелбеген соң, тегирменчилер тегирмендеринин эшигин жанса жаап, жапаса жаппай, аларга түбөлүккө кол шилтеп коюп, артын карабай, жаңы конуштарына кете беришти. Тегирмендер ээн сайлардын жээктеринде томсоруп калып калышты. Азыр, арадан көп жылдар өткөндөн кийин, алардын ноо, паралары какшып жарылып, а көпчүлүгүнүн түркүк, торсундары чирип, төбөсү түшүп, а кампасы менен таштарынын кычык-кучугуна чөп чыгып, кадимки чалдыбарга айланган. А кээ бирөөлөрүнүн үстү али бүтүн, алардын шамалга ачылып-жабылып турган эски эшикеринен кээде кептер, кыргоол, кекилик, чил жана коён сыяктуу жан-жаныбарлар киришип, саратандын ысыгынан, чилденин суугунан баш калкалашат...

Бирок бир тегирмен али да болсо өз турпатын жогото элек. Албетте, жүрбөйт, иштебейт ал деле: суу жок да. А суу болсо, жүргөнү турат, иштегени турат. Бул Ормон чолоктун тегирмени...

Эл көчкөндө Ормон көчкөн эмес. Тегирмен — анын жашаган үйү, иштеген жери, а тегирменчилик — колунан келген жана жандили менен сүйгөн бирден бир кесиби болучу. А жаңы конушта, селодо, ага үй да жок, иш да жок эле. Ырас, колхоз аны аяп, кыйлага чейин: бир башына бир далис, бир бөлмө үй салып берели деп жүрдү, бирок Ормон ынабады. Тегирменсиз, эч жерге, эч кимге кереги жок, таптакыр эле адам катарынан чыгып кала тургансып, коркуп туруп алды. Өтө намысчыл эле бул чолок. Бирок бул жерде калганың менен не пайда, суу жок, тегирмениң жүрбөсө... — дешти боорукер көпчүлүк. Суу болот деди чолок. Мынабу какшып жаткан сайлар бир күнү жибип, ийип, кайрадан

* Куур — водопровод.

аларда дарыя пайда болот, — деди. Антсе кана дешип, бирок ага анча ишенбей, эл барабар чолоктун көктүгүнө моюн сунуп, акыры аны өз оюна тек коюшту.

Ормондун үмүтүнө, ишеничине бир гана себеп бар. Илгери, дарыялар дарыя болуп турганда, ушул азыр аңгырап бош калган сайлардын өзүнөн, алардын жээктеринен майда-майда булактар оргуштап чыгып турчу эле. Эл булактарды кара суу деп коюшчу. Кара суу кышында тоңчу эмес, жылуу буу көтөрүлүп, үстүн муз каптаган дарыяларга көшүл-ташыл болуп агып жатышчу. Кийин, дарыялар каналга бурулганда, булактардын баары, негедир, өзүнөн өзү соолуп жок болушту. Ормондун ою боюнча, бир жаанчыл жазда алар кайрадан жер бетине чыгышы керек. Чыгышып, бирибирине кошулушуп отуруп, анын тегирменине жеткенче, өзүнчө бир дарыяга айланышат. А азырынча ал дарыя жер асты менен агып жаткан имиш. Биринчи жылдары Ормон колуна чоң темир күрөк алып, эски булактардын көздөрүн казып жүрдү. Эч жерден суу чыкпады. Бирок Ормон андан күдөрүн үзгөн жок. Азырга чейин ал маал-маалы менен какыр сайдын орто ченине барып, кулагын жерге төшөп, көпкө чейин жер астын тыңшап жатат. Мындай учурларда, бирде болбосо бирде анын кулагына жердин тээ тереңинде аккан дарыянын элес-булас шары угулгансыйт. Ошо кезде Ормон чолокту бир көрсөңүз болоор эле: кararган арык беттерине кан жүгүрүп, көгүш көздөрүнөн нур чачырап калат. Шашпа, жаз келсин дейт ал. Кудай жазыңды жаанчыл кыла көр...

А кийинки жаз келээр замат, Ормон сабы кыска кетменин белине кыстарып алып, тегирменине суу апкелчү арыгын жаңыртып чабат. Ноодун ичин кырып, шыпырып чыгат. Параны айлантып көрөт. Ар кандай улуу сууга пара туруштук бериши керек. Эгер өткөн жылдан бери суусуз туруп жарылып кеткен тиштери болсо, аларды алмаштырып чыгат. Таштардын экөө тең жаңы, дарыялар каналга бурулгандан кийин салынган, али бир ууч да ун чыгарыша элек; экөө тең тегиз чегилген, дан эмес, шагыл тартсаң да упа кылып таштайт; бирок Ормон аларды быйылкы жаздын эсебинен да бир сыйра көздөн өткөрөт. Кампасы болсо жаз, жай, күз бою мака же арпага толуп турат. Бирок кыш ичи аз-аздан эшегине жедирип отуруп, анысы жаңы жазга чейин түгөнүп калат. Ошондуктан, кокус суу келип калса, таштар курук айланып, бекеринен кызып кетпесин үчүн, аны дагы толтурат. А суу кайсы маалда болсо да келе берет: арыктын даанасы ачык, а ноодун оозун тосуп жыгач калак өйдө көтөрүлүп коюлган...

А азыр жаз...

* * *

Чак түштө сай боюнда жашаган парандалардын баарысы акактап чанкап, Кызыл булакка жоношот. (Коёндор ал жакка эртен менен же кечинде барышат.) А кичине түш ооган кезде токойдун ичинде оттоп жүргөн Ормон чолоктун боз эшеги токойдон чыгып, акырын басып, тегирмендин эшигине келет. Ормон эшегин токуйт. Ээрине куржун артат, а куржундун эки көзүнө эки жез кумганын тыгат. Анан өзү да секирип куржундун үстүнө минет да, эшегине: «Кы!» — деп буйрук берет. Эшеги аны туптуура Кызыл булакка алып келет...

Кызыл булак дегенибиз коншулаш эки райондун ортолугунда жаткан ээн талаада. Талааны өскүлөң, коюу бүргөн каптап, атам замандан бери амач көрбөй, мелтиреп дың жатат. Булак анын ортосунда. Ал бир төөнүн көзүндөй болгон тегерек чуңкурдан чыгат да, эки жүз метрдей жерге чейин жайылып агып барып, кайра майда шагыл менен кумга сиңип кетет. Булактын өңү кызыл. Бирок уучтап сузуп алсан, алаканында сымап өндөнүп калат. Демек, жердин кыртышы кызыл болгондуктан гана анын түсү да кызарып көрүнөт. Булактын суусу абдан ширин, иче бергиң келет. А ичкенинден кийин иштейиң ачылып, дароо оокатты күсөп каласың. Эл аны ыйык суу, дары суу дешет. Ыйыктыгы белгисиз, дарылыгы бар. Булактын төгөрөгүн коюу чычырканак каптап турат. Бир кездерде чычырканак аз эле экен, жылдан жылга тамырлап, туташып отуруп, азыр кичинекей токойго окшоп калган. Токойдун бир бурчунда жалгыз каана пакса там бар. Там өтө жапыс, өскүлөң чычырканактардын арасынан тамбашы көрүнбөйт. Тамда токсондон ашкан, узун бойлуу, бирок бели бүкчүйгөн, тыртайган арык чал жашайт. Чал бул жерлик эмес. Анын каерлик, кайсы уруудан экенин да, ал турмак, ушу убакка чейин аты-жөнүн да эч ким билбейт. Билгендери: чал бир кездерде дервиш болгон имиш, эл кыдырып, жер кыдырып жүрчү экен. Анан, негедир, а себеби эч кимге белгисиз, согуш башталаардан бир жыл мурунку жазда ушул жерге үй салып, биротоло отурукташып калат. Согуш учурунда аны согушка да алышкан жок, сыягы ал эч жердин, эч кимдин тизмесинде жок окшойт. Анын үстүнө ошондо эле пайгамбар жашына барып калган болчу бул адам. Ошол эле себептен колхоздун ишине да тартылбады. Бирок ал адамдарга жакшылык кылуунун өзүнө ылайык бир жолун тапты. А мүмкүн, ошон үчүн гана дервиштигин таштап, ушул жерге отурукташкандыр?

Иши кылып, биринчи күндөн тартып эле дервиш талаанын бүргөнүн жулуп (адегенде анын кетмени да болгон эмес), бүргөндү шыпыргы кылып байлап, базарга алпарып сата баштады. Биздикилерге бул өөн учурады. Бул кайдан келген соодагер кысталак, кудайдын бүргөнүн сатып, — деп жүрүштү кыйлага чейин. Адепке эле тапкан пулуна дервиш базардан бир кичинекей казан, эки таш кесе, жыгач чөмүч жана чоң гөзө* сатып алды. Казан, чөмүч, кеселер, албетте, анын үй тиричилигине керектелди. Бирок гөзө такыр башка максатка кызмат кылды. Күндөрдүн биринде дервиш ага Кызыл булактын суусунан толтуруп алып, аны ийинине артынып, колуна кесенин бирөөн кармап, Кызыл булактан эки чакырым алыстан өтүүчү бөксө жолду карай жөнөдү. Бөксө жол ошол кездеги эки райондун кыштактарын катнаштырып турган бирден бир жол эле. Аны менен ат-араба, жөө-жалан жолоочулар гана каттоочу, машине жүрчү эмес, машиненин өзү да жок болчу! Ошо күнү бу жолдо, буйрук-насипти караңыз, ушу Ормон чолок келатыптыр. Албетте, анда анын алты саны аман, жаш курч мезгили, мингени эшек эмес, колхоздун аты, эсепчи болуп иштөөчү да. Ормон узактан эле жол боюнда отурган дервишти тааныды. Дервиштин алдында гөзө менен кесе туруптур.

— И-и, аксакал, отуруп калыпсыз? — деди ал, жакын келип гөзө менен кесени таныркай карап.

Дервиш өйдө болду.

— Балам, суу ичип кет, — деди ал. — Кызыл булактын суусу. Муздак...

— А-а, ушундайбы, — деди Ормон, дервишти кекетип. — Биздин талаанын бүргөнүн сатканыңыз аздык кылып, эми анын суусуна өткөн экенсиз да?

Дервиш жаратылышынан жумшак, тартынчаак адам эле. Кызарып кетти.

— Э жок-э, балам, — деди шашып. — Сууну саткан кесип болоор. Сууну жөн эле өткөн-кеткен ичип өтсүн үчүн алып чыктым. Ич, ичип ал. Дары болот...

Ормон аң-таң калды. Ишенип, ишенбей карады дервишти.

— А-а, соопчулуккабы, — деди анан кесени колуна алып. — А мындай болсо, рахмат сизге... — Чаңкап турган экен, кесени бир эле шимирип койду. — Ох, жаныбар, ажайып суу да. Жолдон ырааста, болбосо, ары өткөн, бери өткөндө кайрылып ичип өтүп турсаң кана...

---

* *Гөзө* — кумара.

— Мен ошону ойлоп, ушинтип отурбаймынбы, уулум. Эми мындан нары өткөн-кеткенинде дайыма ушул жерде болом. Өзүм жок болсом, мына бул гөзө менен кесе турат. Ичип өтүп жүр.

Ормон ого бетер тандана баштады. Бу кишиге мундан не пайда? Не муктаждыгы бар? Соопчулук үчүн элеби? Түшүнбөй койду. Түшүнбөгөн бойдон жолго түштү. А мүмкүн, бул дервиштин кейпин кийген кызыр же... албарсты болуп жүрбөсүн? — деп да ойлоду жолдо баратып.

— Кызыр болсо, кудай берди... Албарсты болсо... — Анын далылары чымырай түштү. Азыр артына бурулуп караса, дервиш ордунда жок болуп чыкчудай көрүндү. Чымырканып туруп, карап да көрдү. Дервиш ордунда экен...

Жол боюнда булактын муздак суусун сунуп турган дервишке, ээсиз калган гөзө менен кесеге Ормон чолок гана эмес, жолоочулардын баарысы эле көпкө чейин тан калып жүрүштү. Бирок, бара-бара көнүп кетишти. Кийинчерээк, дервиш, аптапта суу ысып кетет экен деп, жерге оро казып, ага гөзөсүн мойнуна чейин көөмп койду. Гөзөгө курт-кумурска түшпөсүн үчүн, оозуна жыгачтан калын капкак жасады. А кесе ошо капкактын үстүндө турчу болду. Эми дервиш гөзөнү ордунан жылдырбай эле, күн сайын жаңы суу алпарып, аны толтуруп коюп жүрдү. А суу ташыш үчүн арчадан жасалган бир сүйрү челек сатып алды...

Кийинки жазда дервиш гөзөнүн жанына бир түп кайрагач экти. А кайрагач кичине чоңоюп, жерге көлөкө бере баштаганда, анын астына таш тизип, үч-төрт киши отура турган супа жасады. Азыр ал кайрагач аябай чоңойгон, а супа кенейген...

Дервиш гөзөсүнө сууну жаз, жай, күз ичи гана ташыйт. Кышында жолдон жолоочу да аз каттайт, суукта суу да ичилбейт. Кышында чал аргасыз бош отуруп калат. Ишсиз зеригет бечара. Мурдалары али күүлү-күчтүү кезинде, ийнине он-он беш бүргөн шыпыргыны көтөрүп алып, аптасына бир жолу болсо да базарга барып, өзүнө аш-туз кылып келгенче, кыйла черин жазып кайтаар эле. Азыр ал бул жумушун күн ысыкта, жер кургакта гана жасап калды, кышкысын токсондогу чалга базарга катташ, — а базар андан жети чакырым жерде, — оорлук кыла баштады. Анын ыкыбалына мурдагы кыштак да алыстап кетти. Болбосо, чал кээ бир күндөрү арча челегине булактын суусунан сузуп алып, кыштакты көздөй бөжөндөп жөнөп калчу. Кыштакка келип, ал үй тандап отурчу эмес, каалаган эшигин ачып, кирип барчу. «Мына, — дечү, үй ээсине челегин сунуп, — булактын суусун апкелдим. Чай кылып ичкиле...» А чайга Кызыл булактын суусунан өтөөр суу жок, муну баары билишет. Бирок эл дервишти апкелген суусу үчүн гана эмес, ансыз да жакшы көрүшчү. Кайсы үйдүн босогосун аттабасын, мээримдүү тосуп алышчу, курсагын тойгузуп, кетээринде белине нан, чай, кант түйүп беришчү. Ырас, дервиш алардын бергенин кыйналып жатып алчу... Мына эми кышкысын базарлаш да, мейманчылаш да калды. Кышты ал өзүнүн чычырканактуу аралынан эч жакка чыкпай кыштайт. Анчамынча эрмеги бар. Күнүнө эки маал, эртең менен жана кечинде, булакка суу ичкени келген жапайы парандаларга, өзү суюк аш же ботко кайнатып жеп отурган таруудан жем чачып коёт. Парандалар ага көнүп бүткөн, андан анча жатыркашпайт, коркушпайт. Алар үчүн дервиш жана анын жапыс тамы чычырканактуу аралдын пейзажын толуктап турган табигый көрүнүш катары сезилет. Ырас, дервиш, мезгил-мезгили менен, этсиреген учурларда аларга билинтпей тузак коюп, кекелик, чил, кыргоол же коёндордун бирөө-жарымын алып калат. Жоготууну тигилер дароо туят, бирок чалдын мунусуна кайыл болушабы, эртесинде дагы эле келе беришет...

Бүгүн Ормондун келишине дервиштин казанында кекилик кайнап атыптыр. Казанын дервиш жаз келгенден бери эшигинин оозундагы очогуна асып калган. Очоктун алдында боёгу өчкөн, жыртык шалча жатат. Шалчанын үстүндө, очокко тезек сындырып салып коюп, чалдын өзү отурат. Тезек анын жыл бою жага турган бирден бир отуну. Жаз, жай, күз ичи дервиш өскүлөң бүргөндүн арасында эрбеңдеп жүрүп тезек терет. Терген тезеги үйүнүн жанында үй болуп жыйылып турат. Кышында анын кычык-кучугуна торгой, таранчы сыяктуу майда чымчыктар сууктан корголоп чыгышат. А кээде бирин-серин коён да жатак кылып алат...

— О, ассолоом-алейкум, дервиш ава, — деп шаңкылдады Ормон, эшегинен түшпөй жатып.

— А, кел, кел, Ормон, — деп жооп кайтарды дервиш, ордунан козголбостон. — Кана, эшегинди сугар, сууңду сузуп кой. Анан экөөбүз шашылбай отуруп кекилик шорво ичебиз...

— А-а, бүгүн уучулук кылган экенсиз да? Жуда жакшы, жуда жакшы...

Эшегин Ормон чолок булактын соолуп бараткан жеринен сугарат. Ошол жерге дервиштин уруксаты менен атайын көлчүк жасаган. Көлчүк тамдын артында, чычырканактын арасында. Ал жакка эшегин минип кириш кыйын, жетелеп гана кире алат. Чолок жетелеп кирип, бирок анын суу ичип бүтүшүн күтпөй эле, чылбырынан көлчүктүн

жанындагы чычырканакка байлап таштады. «Каалаганынча ичип жат...» — деп койду. Анан куржунун ийнине артынып алып, булактын көзүнө жөнөдү. Дервиштин үйүнөн булактын чыккан жерине чейин сокмо жол бар. Жол чычырканактарды аралап, алардын башаламандыгына баш ийип, ийри-буйру болуп кетет. Жолду дервиш салган. Колу менен эмес, албетте, буту менен, нары-бери каттап жүрүп. Бирок жаан-чачындагы баткактан жадап, чал жолго чон-чон жалпак таштардан апкелип жаткырып чыккан. Туташ эмес, бир аттам жерге бирден кылып. Таштар жанидан жашара баштаган жумшак чымга бир элидей батып кеткен. Дервиш аларды күнүгө шыпырып турат, анткени парандаларга жемди ошолордун үстүнө чачат. Ормон чолок таштан ташка секириктеп баратып дайым желбей калган тарууларга көзү түшөт...

Таштар Ормонго кыйла кыйынчылык келтирет. Анын буттары тизесинен артын карай бүгүлүп турат эмесни, ошондуктан, тизелери менен гана басат. А таштарды тизелери менен аттаганга арымы жетпейт. Ошол себептен, адатынча, эки колун жардамга чакырат да, куду маймылга окшоп, сырандап секирип жөнөйт. Бул чолоктун бардык күчү колдоруна чыккан. Жашы элүүдөн ашканына карабай, өзүнүн узун, комуздай түптүз көөдөнүн эки колу менен куду мышыкты ыргыткандай ыргытып кете берет. Болгондо да манжаларынын учу менен гана...

Ормон булактын көзүнө келсе, бир даакылуу түлкү суу ичип атыптыр. Ормондун шарпасын угуп, сыран этип, тикенектин арасына кирип кетти.

— Эй-эй! — деп кыйкырып калды чолок анын артынан. Бирок ошол эле замат дервишти эстеп, коркуп кетти. Дервиш булакка келген ит-куштарды чочутканга ага уруксат бербейт, билсе катуу жемелейт. «Жөн, келип, жөн кетип жүр», — деген ал бир жолу Ормон суу ичип аткан кептерлерге таш ыргытып койсо. Деги эле Ормондун ушу булакка келип, эшегимди сугарып, өзүмө суу алып кетип жүрөйүн деген өтүнүчүнө дервиш кыйылып макул болгон. Ичи тарлыктан эмес, албетте... Жат кишини көрүп, жапайы айбандар булактан ооп кетеби деп коркот. Аларсыз булак мазарга айланат имиш. Бирок ошол эле учурда чал Ормонду аяды. Дарыясы каналга бурулгандан кийин чолок суусуз калган. А канал алыс. Анын үстүнө ал шар агат, а жээктери цемент, жылма: эшеги да, өзү да ага энкейип түшө албайт. Дервиш чолокко: бир күндө бир жолу, болгондо да, булактын өз ээлери суу ичип кетишкенден кийин гана келип

жүрөсүн деди. Ушунусуна да кудайга шүгүр деп, Ормон минтип күнүгө өз учуру келген кезде гана келет...

Чолок, адатынча, адегенде колдорун жууду. Колдору көп учурда буттарынын түйшүгүн бөлүшүп жүрүп, чор болуп калган тарашадай катуу жана дайыма кургак. Чолок аларды чала-була суулап, анан экөөн бириктирип бир чоң кесеге ала-була суулап, анан экөөн бириктирип бир чоң кесеге чала-була суулап, анан экөөн бириктирип бир чоң кесеге айлантып, аны менен суу сузуп ичти. Муздак суу какшыганын өзөгү менен жүгүрүп түшүп кетти. «Ах жаныбар...» — деди чолок жаны рахаттанып. Анан колунун нымы менен аттын жаактарындай узун-узун жаактарын сылап койду. Мына ушундан кийин гана ал эки чөгүнүн булакка чөмөрүп алып, алардын ооздорун жакшылап бекитип, куржунуна салып, а куржунун ийинине артынып, кайра кайтты...

Дервиш казанын очоктон чыгарып, а очогуна суу толтурулган кичинекей абдестесин асып коюп, Ормонду күтүп отуруптур. Ормон келгенден кийин дервиш ортого дасторкон салды. Дасторкону — чекелери жыртылган алакандай сокмо таар эле. Дасторкон курук экен.

— Нан жок, — деди дервиш. — Нан кыла элекмин.

— А мен нан апкелдим, — деди Ормон. Анан белиндеги чарчысын чечип, очокко жабылган бир калама алып чыкты. Калама жүгөрүнүн унунан жасалыптыр. — Ысык. Жаңы жаптым.

— А-а, ырас болбодубу...

Дервиш кекиликтин этин эки таш кесеге бөлүштүрүп, эттин үстүнөн сорпосун куйду. Сорпосу кеселерге жарымжартылай болуп калды.

— Көп кайнап, шорвосу соолуп кетти жаныбардын, — деп койду дервиш.

— А эч нерсе эмес, — деди чолок.

Экөө тең сорпого нан туурап кириштти. Ушу минутадан баштап, сорпо ичилип, эт желип, кеселер сөөмөйлөр менен жаланып бүткөнчө бир ооз да сүйлөшпөдү. Сөзгө чай ичүү маалында гана өтүштү. Булар дайыма көк чай ичишет. Чайдан кичине тезектин даамы, жыты келип турат...

— Кудай буюрса, быйылкы жаз жаанчыл болот, —деди Ормон.

— Болсун, болсун, ылайым, — деди дервиш.

Бир пас унчукпай калышты.

— Мен тегирменимдин арыгын жаңыртып чаап койдум, — деп улады анан Ормон өз оюн.

— Жакшы кылыпсың, — деди дервиш.

Ормон ойлонуп калды.

— Түндө түшүмө эски кыштак кириптир, — деди кийин жылмайып. — Куду азыркыдай жаз маалы экен.

Дарыялардын суусу аябай кириптир, тим эле шоокумунан кулагын тунуйт...

Дервиш мулуюп койду. Анын көз алдына эски кыштак, жаз, ташкындаган дарыялар элестеди...

Чай ичилип бүттү. Ормон чолок эшегине минип, жолуна түштү. Кетип баратканда дервиш ага бир жакшы бүргөн шыпыргы тартуу кылды.

— Ой, жакшы кылбадыныздыбы, — деди чолок. — Албетте, мунунуз менен кампа, таштарды шыпырууга болбойт, ыпырындылары унга аралашып кетет. Бирок эшик-эликти шыпырганга куп жарайт да. Рахмат...

* * *

Бүгүн түнү бою жамгыр жаап чыкты. Бул быйылкы жаздагы эң узак жаан болду. Ормон чолок анын бир калыпта дыбыраган доошун тыншап: «Жаай бер, жаныбарым, жаай бер» — деп тилеп жатып, танга жуук гана уйкуга кетти. Бирок эртең менен ойгонсо, жамгырдын үнү угулбайт. Кийинип эшикке чыкса, жамгыр такыр басылып, коюу туман гана каалгып туруптур...

«Эчтеке эмес, — деди Ормон. — Бир түндүк жаанын берген кудай дагы берет».

Ошентип, асманды карап койду. Мына ошол карашында көзүнө көпүрүк менен келаткан аял урунду. Ырас, көпүрүктүн өзү туманда көрүнбөйт, ошондуктан, аял көзгө көрүнгүс ичке зым арканда басып келаткансыйт. Анын үстүнө, аялдын башында түйүнчөгү бар экен, а эки колу бош, эки колу менен куду эле дарчыга окшоп, бутунун астын карап, кадамын этияттап шилтейт. «Коркуп атат, бечара, — деп койду Ормон. Бул көпүрүк — сайдын эң эндүү, эң бийик жээктерине салынган, эң кууш көпүрүк болучу. Эл аны бирде Ормон чолоктун көпүрүгү дешсе, бирде шайтан көпүрүк деп коюшат. Көпүрүктүн али жаңы кезинде деле аны менен ат, эшек-чен адам өтө алчу эмес: көпүрүк солкулдап, желбешик деп аталчу куртка окшоп, термелип туруучу, шондуктан, ат, эшек кичине басып келгенде эле, андан коркуп, көздөрүн бакырайтышып, кулактарын тикчийтип, кетенчиктеп туруп алышчу; көпүрүк менен жөө-жалаң киши гана каттап келген. Мына эми гана, сай какшып калган кезде, ал керексиз, кароосуз калып, күч-алдан тайып, үстүнөн адам эмес, түлкү чуркап өтсө качырап сынып кетчүдөй болуп, жүргүнчүлөрдү өзүнөн качырып турат, азыр анда эч ким өтпөйт... Мына

ошондуктан да, тигил өтүп келаткан аялды Ормон чолок аябай тан калып карап турду. «Болсо-болду, бул биздин жерлик аялдардан эмес...» — деп чечти ал.

Аял, мурдагысындай эле төбөсүндөгү түйүнчөгүн кылтындатып, эки колу менен көрүнбөгөн жан жыгачтарын кармалап, кыска-кыска арымдап, бүжүрөп келе жатты... Бул көрүнүш, кокусунан, Ормон чолокко тээ алыс, согуш жылдарынын арасында калып кеткен, башка бир көрүнүштү элестетип жиберди. Ошондо да азыркыдай таң эртең туман эле, бирок ал кыштын таны, кыштын туманы болучу. Саар менен, ушундай маалда, тегирмендин жүгү түгөнүп, тартарга эчтеке калбай, Ормон эл чакырганы эшикке чыккан. Элди ал өгүздүн мүйүзүнөн жасап алган карнайы менен чакырчу. Өгүздүн мүйүзүнүн ичи көңдөй, а Ормон анын ичке учун кичине аралап туруп, тешип койгон. Оозуна такап алып үйлөсө, куду волторнанын үнүндөй жоон, коңур үн берет. Бирок волторнанын үнүнөн мүйүздүкү күчтүүрөөк, алыска угулат. Ошо кезде мүйүз карнайды тегирменчилердин баарысы колдонушаар эле. Бирок башка тегирмендерге караганда, Ормон чолоктукуна эл көп келишчү... Албетте, анын сыры мүйүз карнайда эмес, тегирмен менен тегирменчинин өзүндө болчу: тегирмен — жакшы тартчу, унду, майда жана берекелүү чыгаруучу; а тегирменчи — гырамдыгы жок жигит эле, галаны аз алчу же ченинен ашырчу эмес. Ормон, айрыкча, согуш жылдары кадыр-барктуу болгон: элде дан аз, ачарчылык, ким ашыкча гала бергиси келсин? Бирок Ормондун тегирмени да курук калган күндөрү көп болду. Кээде бир-эки жумага чейин эч ким келбей койчу. Мына ушундай күндөрү чолок мүйүз карнайын көтөрүп чыгып, озондотуп тартып туруп алчу. Өйүз-бүйүз кыштактарга тегиз угулсун үчүн, көп учурда ал өзүнүн шайтан көпүрүгүнүн орто ченине барып алып тартчу. Күндүзү, түндөсү — каалаган учурда, зериккен учурда, куса болгон учурда тартчу. Уккан элге анын мүйүз карнайинин авазы мундуу жана аянычтуу угулчу. «Айланайын, алпарганга эчтемем жок болсо, эмне кылайын?» — деп күңкүлдөштү өздөрүнчө...

Мына ошо күнү да Ормон чолок карнайин алып чыгып, эшигинин алдында туруп алып, ал өйүз менен бул өйүзгө жар сала баштады. Көпкө чейин боздоду. Бир маалда көпүрүктүн үстүндө бир караан көрүндү. Менин чакырыгым менен келаткан киши болсо керек деп, Ормон үмүттөнүп күтүп калды. Караандын башында түйүнчөгү бар экен, демек, аял. Ал куду эле азыркы аялдай, эки колу менен көмөк,

рүнбөгөн көпүрүктүн жана жыгачтарын кармалап, аран-аран аяк шилтейт. Албетте, анда көпүрүк күүлү-күчтүү эле, көпүрүктөн корккон эмес ал аял. Ормон аны тайгак муздан коркуп атат деп ойлоду. Айткандай эле, аял кокусунан жыгылып кетти. Жыгылганда да катуу жыгылды көрүнөт, көптөн кийин аран турду. Тургандан кийин, негедир, бир колу менен ичин кармап баса баштады. Ормон аны утурлап барып, башындагы жүгүн алмакчы болуп, көпүрүктүн учуна карай жөнөп калды. Көпүрүктүн учу жээкте. А жээк тегирменден эки аркан бою бийикте турат. Экөөнүн аралыгына Ормон кеткен менен оюп, көп сандаган тепкичтер жасаган. Мына ошол тепкичтери менен төкөрөндөп чыгып барды. Ага чейин тигил аял да келип жетти. Суусар экен көрсө...

— Ой, сенсинби? — деди Ормон. — Катуу жыгылдын окшойт?

— А-а, — деп койду Суусар, күчкө салып жылмайып.

Курсагындагы колун ала койду. А курсагы чыгып калган экен ошо кезде. Ормон келиндин бети-башы бүтүндөй көгала болуп шишип кеткенин да байкады. Байкап, андан нары ага үндөбөдү, ал да унчукпай кете берди. Кийин билсе, ошо кетишинде, күйөөсүнөн — Колдоштон үч талак жообун алып, биротоло ата-энесинин үйүнө бараткан экен. Атасыныкына барар замат, баласы боюнан түшүптүр. Өзү ооруп бир жылча төшөктө жатты. Бир жылдан кийин ата-энеси аны өздөрүнүн бир алыскы тууганына күйөөгө берип жибериштн. Он жылдай тиричилик кылды окшойт, ал тууганы менен. Анан анысы, туубас турбайсыңбы деп коюп жиберген. Азыр ал коңшу райондо пенсияга чыккан сельсоветтин председателине катын болуп жүрөт... Бир кезде Суусар дарыянын наркы өйүзүндөгү чоң кыштактын эң сулуу деген кызы эле. А биздин айылдын эң сулуу жигити — Ормон болучу. Экөө бири-бирин жакшы көрүшчү. Абдан жакшы көрүшчү. Аз эле жерден үйлөнүшпөй, калышты: капилеттен согуш чыгып, Ормон пронтко кетти, а эки жылдан кийин, эки бутунан ажырап кайтып келсе, Суусар Колдошко тийип алыптыр.

— Насип-тагдыр экен да, ушундай болуп кетти, — деди ошондо Суусар Ормонго. — Таарынба эми... Көп кейибе... Сени да бир бактылуу күтүп тургандыр...

— Кор болосуң, Колдошко, — деди Ормон каңырыгы түтөп туруп.— Мени айтты дээрсиң, кор болосуң...

Суусар айткан бактылуу кыз Балтабай кашыкчынын көзү алчы кызы болуп чыкты. Билерман көпчүлүк Ормон чолокко ошондон өтөр аял жок деп табышты. Койдон момун жан эле ал бечара. Өмүрү кыска экен шордуунун, бир кыз төрөп берип, учуктан өлүп кете берди. Кызын Ормон өзү багып-чонойтту. Окутту. Азыр кызы Фрунзеде, артист. Жылына бир маал артист күйоосу менен жалгыз уулу үчөө келип, беш-он күн жүрүп кетишет. Эки жыл илгери өздөрү менен кошо бир аялды ээрчите келишиптир. Аял кыркта экен. Төрт эрден чыгыптыр. Бала-чака көрбөптүр. Ормондун кызы менен күйөө баласы иштеген театрда кийим илгич болуп иштейт имиш. Кызы менен күйөө баласы аны биздин атабызга алып беребиз деп көндүрүп, ээрчитип жүрө беришиптир. Ормон дагы макул болду. Аялды бир сыйра кийиндирип, молдого нике кыйдырып алды. Жаш экенсиң, иштегин деп, колхоздун бала бакчасына ашпозчу кылып орноштуруп койду. Бирок шаарлык аялы Ормон менен алты ай аран жашады. Зеригип, шаарын сагынып, шаарына кайтып кетип калды. Кеткенде да, Ормонго айтпастан качып кетти. Ормон анча кейиген жок, түшүндү. Бирок талагын албай кеткенине окүндү. Менин никемде туруп, башка эрге тие албайт да эми бечара деди. Ары ойлонуп, бери ойлонуп жүрүп, акырында кат жүзүндө болсо да катынынын жообун берди. «Байбиче, мен сага ыраазымын. Бир талак койдум. Багың ачылсын», — деп жазды катында. Кийин кызы менен күйөө баласынан укса, аялы бул катка аябай күлүп, көрүнгөнгө окуп берип, көпкө чейин азилдеп жүрүптүр. Ормон ошондон бери үйлөнө элек...

Көпүрүктөгү аял жээкке жакындап калды. Жакындаган сайын ал Суусарга окшой берди. Тээ согуш жылдарында ушул эле көпүрүктөн, ушундай эле туманда өтүп бараткан Суусарга жээкке чыккандан кийин караса, чын эле Суусардын өзү. Ормон чолоктун картайып бараткан жүрөгү бир жолу туйлап алды.

— А-а, сенсинби, Суусар, — деди ал жылмайып. — Арыба.

— Бар бол, — деди Суусар да жайдары түрдө. — Бу бекер отургуча, көпүрүгүндү ондоп койсоң болбойбу.

— А бул көпүрүктөн эч ким өтпөй калган азыр. Сенин өтүп келатканыңды көрүп, бу ким болуп кетти деп таңыркап турдум эле. Көрсө, сен экенсиң...

— Менмин, Ормон, менмин... Кандай, аман-эсен турасыңбы?

— Кудайга шүгүр. Өзүң кандайсын?

— Өзүм... Өзүм ушинтип келатам... Жакында сельсевит күйөөмдү көмдүм. Эми минтип келатамын. Биротоло.

Ормон эми гана Суусардын көйнөк, жоолугу кара экенин байкады.

— А-а... Жайы жаннаты болсун ылайым, — деди да, алакандары менен бетин сылап, бата кылып койду.

— Ушундай, Ормон.. Кайыр...

— Кайыр... Эми бир жолу келсең, корушуп турабыз.

Акыркы сөздөрүн айтаарын айтып алып, Ормон кызарып кетти. Эмне үчүн айтканын өзү билбей калды. Суусар буга мулуюп койду.

— Албетте, — деди. Эми эч жакка барбайм. Барып бүттүм.

— Ким билет. Дагы бир жактан жуучу келсе, кете беришиң мүмкүн да.

— Ушу кебетем менен дагы эрге тиемби?..

— Эмне экен? Кебетен эң сонун. Кырктагы жубандай болуп турасың.

Ормондун айтканында чындык бар эле. Суусар анча карыбаптыр. Төрөгөн эмес да. Муну өзү да билет окшойт, Ормондун сөздөрү ага жага берди. Каткырып күлүп жиберди. Оозу жык алтын тиш экен.

— Ой, Ормон, ой, Ормон, — деди анан, ошенткен бойдон басып кетти.

Ормондун да көңүлү негедир көтөрүлө түштү. «Эх, согуш, согуш, — деди Суусарды узата карап. — Эх, Колдош, Колдош... Атың өчкүр, атың өчтү го акыры...»

* * *

Ушул убакка чейин Колдоштун Суусарды эмне үчүн коюп жибергенин эч ким билбейт. Ормон дагы. Ырас. Колдош өз учурунда: «Менин катыным бузук чыкты. Мен жокто менин төшөгүмдү булгаптыр. Мына ошону үчүн талагын колуна бердим», — деп элге жарыя кылган. А эл буга ишенип, ишенбейт. Суусарды карашса, Суусар унчукпайт. Кийин Колдоштун өзү тигиндей болуп кетти. Суусар болсо жаңы эрге тийип алды, а бүдөмүк бойдон кала берди. А иш, чынында мындай болгон экен...

Ошол, Суусар көпүрүктөн жыгылып-мүдүрүлүп өтүп бараткан күндөн бир күн илгери, куптан ченде, Колдош Ормондун тегирменине келген. Мингени Разак рейистин боз жоргосу, астында бир канаркап кайракы буудайы бар. Буудай да, албетте, райистики. А Колдоштун өзү райиске бир тууган жээн. Жалгыз эжесинен калган жалгыз туяк.

— Ормон! Эй, чолок! — деп кыйкырды ал, атынан түшпөй жатып.

Ормон ичкериде болчу. Шишелүү чырактын күңүрт жарыгында Айниса эже менен сүйлөшүп отурган. А тегирмен, бир калыпта күркүрөп, Айниса эженин бир куржун макасин шак кылып чыгарып аткан. Ал кезде Айниса эже бозо салчу, гаргарлик* кылчу.

Беш баласы бар эле бечаранын, баарысы жаш, а күйөөсү согушта. Бозо сатып багып жүрдү балдарын. Ырас, кыштакта анын бозосун ичээрге эркек деле аз калган, а калгандары Айниса эжени жарытчу эмес, ичишсе, насыяга ичишет, же катын-балдарынан катып, анда-санда бир кила, эки киладан мака алып беришет. Шондуктан, бозосунун көбүн ал базарга алпарып сатат. Күн сайын эртен мененки үрүн-баранда ийнине бозо куюлган чон гөзөнү артынып алып, базарга барчу араба жолго биринчи болуп жаны из салып, жалгыз өзү бөжөндөп жүрүп кетет...

— Ормон! О чыкпайсынбы бери, ит чолок! — деген кыйкырык келди тыштан.

— Ботом, Колдош жинди го! —деди Айниса эже кичине кабатырланып.

Колдоштон катын, балдар коркушчу. Кайсар жигит эле.

— Ошол, —деди Ормон, эшикке карай жөнөп. — Ичип алган окшойт бу байдөбөт.

— О кокуй, анда этият бол, айланайын, — деп калды Айниса эже. — Ичип алса, жоолашканга жоо таппай калат ал...

Ормон чыкса, Колдош атын байлап атыптыр.

— А-а, сен белең эргул, — деди Ормон.

— Ой, тегирменине жүк апкелген кишини утурлап албайсыңбы, — деди Колдош. — Жүк жок деп го керели-кечке отурасың карнайинди чалып.

— Айып бизде, таксыр. Куш келипсиз, куш келипсиз. Кана, жүгүңүздү көтөрүп ичкери кириңиз.

— Ошондой десең, гөр чолок...

Колдош жоргонун үстүндөгү капты далысына оодарып алып, талтаңдай басып, тегирменге кирди.

— О-о, гаргар да ушерде турбайбы, — деди Айниса эже-ни көрүп.

— Ушуердемин, айланайын, ушуердемин,— деди Айниса эже бөйпөлөндөп. — Силердин камынарды көрүп, шак тартып атам. Кана, тезирээк түшүр жүгүңдү... Акырын...

Бечара, жардамдашып да жиберди. Колдош кабын жерге таштап, үстүнө очоюп отуруп калды. Колдошко кудай

---

* *Гаргар* — бозо салып, бозо саткан киши.

сөөлөттөн, күчтөн мол берген. Түсү кашкара, жаактары саландап, кулактары жарга жабышкан жарканаттарга окшоп түлкү тебетейдин астынан жапырылып чыгып, бакырайган чон-чон көздөрү канталашып, алда-кандай болуп ойноктоп турат. Колдош түлкү тебетейин колуна алып, тиринке менен капталган тери тонун жени менен мандайындагы терин сүрттү.

— Оф... — деп койду артынан.

— Кайраным, оозундан Орун тааженендин арагы буркурайт го? — деди Ормон.

Колдош курсант болуп күлдү буга. Тиштери аттын тиштериндей чон-чон, апаппак эле.

— Ананчы, — деди мактанып. — Араксыз бул суукта мен алардын буудайын кантип тарттырып барып берем. Кандай дейсиз, Айниса эже?

— Туура айтасын, айланайын, — деди гаргар. — Эшик өтө суук болуп турат. Ичкенин аш болсун, ылайым.

Тегирмендин үнү өзгөрө баштады. Ормон кампадан дандын түшүшүн карады.

— Айниса эже, куржунунузду даярдай бериниз, — деди анан. — А сен кабындын оозун чеч.

Колдош кабынын оозун чечти. Ормон экөөлөп аны кампанын кырына чыгарышты. Кийин Ормон калагын алып Айниса эженин куржунуна чыккан шакты салыштыра баштады. Салыштырып бүткөнчө, кампада калган мака дагы түгөндү. Ормон кампанын оозундагы чүрүшкөн үч бурчтук жыгач кеседеги данды кагып түшүрүп, кесенин оозун жогору көтөрүп койду. Колдош кабындагы буудайды акырын кампага куя баштады. Таштардын ортосундагы мака таза чыгып бүткөн кезде. Ормон кесенин оозун кайта ылдыйлатып, Колдоштун буудайын коюп жиберди. Анан дароо пышан менен тегирмендин кулагын көтөрө коюп, кулакка кыстарылган шынааны алып койду. Тегирмен шак эмес, майин ун чыгара баштады...

— Ботом, сен гала албадын го? — деди Айниса эже, эстей коюп.

— Галаны мен бозо болуп чыкканда аламын, — деди тегирменчи.

— Рахмат, айланайын, өмүрүң узун болсун, ылайым. Эртең келип бозо ичип кет. Колдош, сен да баргын.

— Барбаганда анан, — деди Колдош.

— Айтмакчы, сен, Айниса эженин бозосун бекер ичип жүрө бересинби? — деп калды ага Ормон. — Төлөбөйсүнбү акысын?

— Төлөйм, төлөйм, — деп ырсандап күлдү Колдош.

— Качан? Тоонун карды жарылгандабы? Анда Айниса эже да бозо салбай коёт, сенден акы албайт. Төлөсөн, азыр төлө. Манабу унундан!

— Ой, бул ун бироонукү да?

— Бироонукү болгондо — тагандыкы. А таган ким, сен ким? Баары бир бир канты эки үй бөлүшүп жейсинер, туурабы? Андан көрө, кутулуп ал. Айниса эже, идиш бериниз!

— Э мейли, — деп койду Колдош аргасыздан.

А Айниса эжеге кудай бере салды. Мындай учурду күткөн эмес.

— И-и, айланайын, идишим да жок эле, кап! — деп шашып калды. — Башындагы жоолугун эстей койду. — Манабу оромолго болсо да... Карангы эмеспи, эч ким көрбөйт жыланбаш баратканымды...

Ормон жоолукту жерге жайып жиберди. Колдоштун чыгып аткан кайрак унунан калак менен сала баштады. Эки-үч калак салгандан кийин Колдош:

— Эй-эй, болду, болду! — деп кыйкырды. — Нысапсызга кашык салса, эки ууртайт.

— А сен Айниса эжемдин бозосун ичип атканда «болду, болдулап» кыйкырбайсын го? — деди ага Ормон. Оромолду түйүп, Айниса эженин колуна карматты.

— Айланайындар, экөөнө тен рахмат, — деди гаргар жетине албай. — Бечара балдарым көптөн бери буудай нан жешелек... Саар менен бозого келгиле...

Ормон анын ийнине куржунун көтөрүп койду.

— Кел дегенге жараша, бозодон көбүрөөк калтырсаңыз, баарын эле базарга алып кетпей.

— Мына өзүнө келгенде, напсин дароо баш көтөрөт, — деди Ормон.

— Боптур, кагылайын, мындан ары көбүрөөк калтырып жүрөйүн, — деп Айниса эже чыгып кетти.

Эми экөө гана калышты.

— Өзү албарстыдай болгону менен, кызы бир жакшына кыз болуп, көздү күйгүзүп келатат, — деди Колдош, ырсандап күлүп.

— Ким! Сонобу?

— Ооба.

— Уялсаңчы айван. Соно — бала да али. Он алтыга эми чыкты.

— Балабы? Хе! Сен айткан бала ат багар Закир менен өбүшүп жүрөт күн сайын. Бала имиш...

— Өбүшсө, өбүшкөндүр. Экөө тентүш, бирге окушат. Экөөбүз деле мектепте экенибизде озубуздун класстан кыздарыбызды чырылдатып өпкүлөп калчу элек го? А-а... Айтмакчы, анда кыздар сени жанына жакын жолотушчу эмес.

— Туура. Бирок ошондогу мени жанына жолотпой, а сага өптүрүп жүргөн кыздардын бири, бири эмес — пири, азыр биздин коюнда жатат. Күн сайын. Мына үч жылдан бери.

— Сеники да туура, — деп моюнга алды Ормон жылмайып. — Согуш кылды муну. Согуш болбосо...

— Жок, муну тагдыр кылды. Тагдырдын иши бул.

— Тагдыр? Эмне, мен тагдырдын буйругу менен согушка барыптырмынбы? А сен тагдырдын буйругу менен согуштан калдынбы?

— Ананчы?!

— Анда, тагдыр деген, сен үчүн таган турбайбы.

Колдоштун көздөрүнөн заары чачырай түштү.

— Эй, чолок, оозуна каран сүйлөсончу...

Ормондун да жини келди, бирок өзүн басты. Болор иш болду, эми айтышкандан не пайда?

— А кел, эмесе, башка нерсе жөнүндө сүйлөшөлү.

— Мына эми өзүнө келдиң, чолок. Өткөндү козгоп не кыласын. Андан көрө, катынына айтчы суу алып чыксын.

— Катын атасыныкына кеткен. Өзүң кирип ичип чык.

Тегирмен эки канаага бөлүнөт. Биринде Ормон аялы менен тиричилик кылат. Колдош ошо бөлмөгө кирип, суу ичип чыкты. А кайтканча, Ормон тегирменден түшкөн унду чогултуп турду.

— Сен эмне, буудайын тартылып бүткүчө менин алдымда отурайын дейсиңби? — деп калды ал Колдошко.

— Ананчы.

— А-а, бул жакта жүрсөң үйүнө бирөө келип, Суусарды коркутпайбы?

— А гөр чолок десе, — деп күлдү Колдош. — Азыр биздин айылда ушу менин катынымдын койнуна кирер эркек калдыбы? Шектенээр эле кишим өзүң экенсин. Бирок мен сенден коркпойм. Анткени барчу болсоң, изинден дароо таанып алам: төрт буттап басат эмессинби.

— Эмне үчүн биздин айылды эле аласын? А дарыянын өйүзүндөгү кыштактарды неге кошпойсуң? Ал жакта али эркек көп. Айрыкча, Суусардын өз кыштагындагы жигиттердин көбү ушул жерде. Болгондо да, бир кезде Суусарды менден кызганып жүргөндөр бар. Алардан этият болушун керек, досум.

— Э-э, чологум, сен менин ичимди күйдүрөм деп атасын, билемин. Бирок кадырын жам болсун, менин ичим күйбөйт, кайра озүнө эле кыйын болот, байкушум. Суусар меники. Ал мени жакшы корот. Менин никемде турганда, жанына жат эркекти жолотпойт. Мен бага ишенем.

— Жакшы корот дейсиңби? Мына ушунда шегим бар. Менин укканыма караганда, Суусар сенин эки жолку жуучуна жок деп жооп беріптир. А үчүнчүсүндө, арданып, таган өзү барып, ата-энесин аран кондүрткон имиш. Мүмкүн, бул ушак сөздүр?

— А гөр чолок, күйүтүн али да күчтүү экен го? А мен ойлоп жүрөм, эстүү неме, озүнүн аскерден төрт буттан келгенин эске алып, энчисине Балтабай кашыкчынын көзү кыйшык кызы тийгенине кудайга шүгүр деп, жүрүп-жүрүп Суусардан күдөр үздү деп. А көрсө... Кой, бул жерде отурсам, тан атканча мээмди чириткендейсин. Андан көрө үйүмө эле барып уктап келейин. Суусар да төшөктү жылытып койгондур...

Колдош шылдындан күлүп коюп, чыгып кетти.

Бул айван туура айтат деп моюнга алды Ормон жалгыз калып. Күйүт күчтүү... Мүмкүн ал өмүр бою калаар...

* * *

Айыл эки дарыянын ортосуна кысылып, дарыялар ийменде се, кошо иймендеп, эбегейсиз чоң крокодилди элестетип тоо ылдый чубалып жатчу. Айылдын үйлөрү чачкын, аралары алыс-алыс эле. Ар бир үйдү өрүкзар чүмкөп турчу, өрүкзарга киргенге чейин, үй көрүнчү эмес. Ошол түнү асман чайыттай ачык болуп, ай жаркырап тийип турган. Катый түшкөн калың кар өзүнүн тазалыгы, тунуктугу менен көз уялтып, кararган калың өрүкзарларды ого бетер карартып, ай астында мемиреп, жеңил жорткон желге бетин сылатып, муздап жатты. Өрүкзардын арасынан көгүш түтүн көтөрүлүп, анда-санда ит үрөт...

Райистин боз жоргосу катыган карды качыратып, Колдоштун олчойгон денесин бир калыпта чайпап тегирменден Колдоштун багына барып кирчү сокмо жолдо келатат. Колдош жоргону өз басыгына жөн койду. Өзү кызык ойдо. Өрүкзарына келип жеткенде, ал, жоргонун жылоосун тартып, өрүктөрдүн арасынан чала-була көрүнгөн үйүн көпкө карап турду. Анан, жинди немече, бир жолу заарлуу күлүп алды да, шап жерге түшүп, атын өрүккө байлады. Тонун чечип,

— Өбүшсө, өбүшкөндүр. Экөө тентуш, бирге окушат. Экөөбүз деле мектепте экенибизде өзүбүздүн классташ кыздарыбызды чырылдатып өпкүлөп калчу элек го? А-а... Айтмакчы, анда кыздар сени жанына жакын жолотушчу эмес.

— Туура. Бирок ошондогу мени жанына жолотпой, а сага өптүрүп жүргөн кыздардын бири, бири эмес — пири, азыр биздин коюнда жатат. Күн сайын. Мына үч жылдан бери.

— Сеники да туура, — деп моюнга алды Ормон жылмайып. — Согуш кылды муну. Согуш болбосо...

— Жок, муну тагдыр кылды. Тагдырдын иши бул.

— Тагдыр? Эмне, мен тагдырдын буйругу менен согушка барыптырмынбы? А сен тагдырдын буйругу менен согуштан калдынбы?

— Ананчы?!

— Анда, тагдыр деген, сен үчүн таган турбайбы.

Колдоштун көздорунон заары чачырай түштү.

— Эй, чолок, оозуна карап сүйлосончу...

Ормондун да жини келди, бирок өзүн басты. Болор иш болду, эми айтышкандан не пайда?

— А кел, эмесе, башка нерсе жөнүндө сүйлөшөлү.

— Мына эми өзүнө келдиң, чолок. Өткөндү козгоп не кыласың. Андан көрө, катынына айтчы суу алып чыксын.

— Катын атасыныкына кеткен. Өзүң кирип ичип чык.

Тегирмен эки канаага бөлүнөт. Биринде Ормон аялы менен тиричилик кылат. Колдош ошо бөлмөгө кирип, суу ичип чыкты. А кайтканча, Ормон тегирменден түшкөн унду чогултуп турду.

— Сен эмне, буудайың тартылып бүткүчө менин алдымда отурайын дейсиңби? — деп калды ал Колдошко.

— Ананчы.

— А-а, бул жакта жүрсөң үйүнө бирөө келип, Суусарды коркутпайбы?

— А гөр чолок десе, — деп күлдү Колдош. — Азыр биздин айылда ушу менин катынымдын койнуна кирер эркек калдыбы? Шектенээр эле кишим өзүң экенсиң. Бирок мен сенден коркпойм. Анткени барчу болсоң, изинден дароо тааныш алам: төрт буттап басат эмессиңби.

— Эмне үчүн биздин айылды эле аласын? А дарыянын өйүзүндөгү кыштактарды неге кошпойсуң? Ал жакта али эркек көп. Айрыкча, Суусардын өз кыштагындагы жигиттердин көбү ушул жерде. Болгондо да, бир кезде Суусарды менден кызганып жүргөндөр бар. Алардан этият болушуң керек, досум.

— Э-э, чологум, сен менин ичимди күйдүрөм деп атасың, билемин. Бирок кадырын жам болсун, менин ичим күйбөйт, кайра өзүнө эле кыйын болот, байкушум. Суусар меники. Ал мени жакшы көрөт. Менин никемде турганда, жанына жат эркекти жолотпойт. Мен буга ишенем.

— Жакшы көрөт дейсиңби? Мына ушунда шегим бар. Менин укканыма караганда, Суусар сенин эки жолку жуучуна жок деп жооп беринтир. А үчүнчүсүндө, арданып, таган өзү барып, ата-энесин аран кондурткон имиш. Мүмкүн, бул ушак сөздүр?

— А гөр чолок, күйүтүн али да күчтүү экен го? А мен ойлоп жүрөм, эстүү неме, өзүнүн аскерден төрт буттап келгенин эске алып, энчисине Балтабай кашыкчынын көзү кыйшык кызы тийгенине кудайга шүгүр деп, жүрүп-жүрүп Суусардан күдөр үздү деп. А көрсө... Кой, бул жерде отурсам, тан атканча мээмди чириткендейсин. Андан көрө үйүмө эле барып уктап келейин. Суусар да төшөктү жылытып койгондур...

Колдош шылдындап күлүп коюп, чыгып кетти.

Бул айван туура айтат деп моюнга алды Ормон жалгыз калып. Күйүт күчтүү... Мүмкүн ал өмүр бою калаар...

* * *

Айыл эки дарыянын ортосуна кысылып, дарыялар ийменде, кошо иймендеп, эбегейсиз чоң крокодилди элестетип тоо ылдый чубалып жатчу. Айылдын үйлөрү чачкын, аралары алыс-алыс эле. Ар бир үйдү өрүкзар чүмкөп турчу, өрүкзарга киргенге чейин, үй көрүнчү эмес. Ошол түнү асман чайыттай ачык болуп, ай жаркырап тийип турган. Катый түшкөн калың кар өзүнүн тазалыгы, тунуктугу менен көз уялтып, кararган калың өрүкзарларды ого бетер карартып, ай астында мемиреп, жеңил жорткон желге бетин сылатып, муздап жатты. Өрүкзардын арасынан көгүш түтүн көтөрүлүп, анда-санда ит үрөт...

Райистин боз жоргосу катыган карды качыратып, Колдоштун олчойгон денесин бир калыпта чайпап тегирменден дош жоргону өз басыгына жөн койду. Өзү кызык ойдо. Өрүкзарына келип жеткенде, ал, жоргонун жылоосун тартып, өрүктөрдүн арасынан чала-була көрүнгөн үйүн көпкө карап турду. Анан, жинди немече, бир жолу заарлуу күлүп алды да, шап жерге түшүп, атын өрүккө байлады. Тонун чечип,

тескери кийди, тебетейин оодарып, көзүнө чейин кептеп алды. Ошондон кийин өрүктөрдүн көлөкөсү менен калдандай басып үйүн көздөй жөнөдү. Күйөөсү кечиккен күндөрү (а Колдош көп кечигет), Суусар аны күтпөстөн жатып алат; бирок таттуу уйкусунан ойгонуп барып ага эшик ачыштан зеригип, көп учурда эшигин ичинен илбей коёт. Мунун айынан экөө далай чатакташкан. «Менин ордума башка бирөө кирип келсе, эмне болот, канчык?!» — деп чанырат Колдош.

«Корксоң, кечикпей келип жүр», — дейт Суусар. «Мен тегирменде түнөйм, эшикти бекем дембелеп ал», — деген эле Колдош бүгүн. А Суусар анын айтканын кылбаптыр. Буга Колдоштун табасы кана түштү. «Мына эми жазасын тартасын, айым», — деди ал, үйүнө уурданып кирип алып. Суусардын уйкусу катуу эле, сезген жок муну. Жалгыз жана кичинекей терезеден түшкөн айдын жарыгында билинер-билинбес конурук тартып, бейкапар мемиреп жатат. Колдош көздөрү карангылыкка жакшылап көнүккөнчө, босогонун алдында тыныгып турду. Кийин шапа-шуп барып, кийимчен бойдон Суусардын койнуна шумкуду. Суусар адатынча жыпжыланач экен. Анын дайыма жыланач жатмай адаты да Колдоштун жинин келтирчү. Бирок азыр буга Колдош сүйүндү. Колдоштун муздак кийимдери денесине тиер замат Суусар чочуп, кыйкырып жиберди:

— Ай-ай! Бул ким?! Колдошсунбу!

Колдош жооп бериштин ордуна, анын кымча белинен бек кучактап, бетинен, мойнунан, көкүрөгүнөн өпкүлөп, катуу-катуу тиштегилеп кирди. Ошондо гана Суусардын чындап үрөйү учуп, үнүнүн барынча чыңырып, Колдоштун кучагынан чапчып турганга умтулду. Бирок Колдоштун оор денеси анын үстүнөн басып, колдору колдорун аёосуз кайрып кирди. Күрөш бар болгону он минуттай гана созулду...

Он минуттан кийин Колдош үйүнөн атырылып чыгып, келген изи мене бакты аралай чуркап жөнөдү. Өлүп-талып босогого жетип келген Суусар анын өрүктөрдүн көлөкөсүндө эрбеңдеп бараткан элес-булас сөлөкөтүн жан-алакетке түшүп карады. Бирок анын кимдигин даана тааный албай каңырыгы түтөп, желбегей жамынган желегин желге желбиретип, эшиктин ордуна эшик болуп, армандуу кала берди...

Боз жорго кайтадан Колдошту үстүнө отургузуп, кайтадан катуу карды качыратып, желип-жортуп жолго түштү. Бирпастан кийин ал колхоздун атканасына баратканын байкап, абдан сүйүнүп кетти.

Аткана кыштактын тээ жогору жак четинде эле. Аны алты паксалуу эски коргон курчап турат. Коргондун бир бурчуна, аткананын эшигине мандайлаш, бир үймөк беде, бир үймөк чөп, бир үймөк саман жыйылган. Үчөө тең азыр, кыштын акыркы айында, жарым-жартылай эшперилип калган. Алардын азайышына боз жоргонун да тиешеси бар. Ал күн сайын бир маал Колдош менен келип, каалаганча отко тоюп, а кетеринде эки жагына эки тангак кылып, артының да кетет. Албетте, ал райистин аты болгондуктан, райистин аялы Орун сыяктуу эле өзүнүн озгөчө абалынан абдан пайдаланууччу. Орун, башка аялдарга окшоп, оор жумуш кылбагандай, а жегени арпа же маканин наны эмес, жалан кайракы буудай жегендей, боз жорго дагы башка аттарга окшоп, жазында кош айдап, жай жана күз бою кырман жанчып, эгин тартпай, а жегенге келгенде, жапайы чөп, саман деп отурбай, бедени гана жейт. Жегенде да туура үймөктүн өзүнөн жеп, жегенинен көп шакел чыгарып, майкандап, абдан ысыран кылат. Бул үчүн атбагарлар аны сөгүшөт, бирок бирөөгө угузбай сөгүшөт...

Колдош коргондун дарбазасына келип, көнүмүш түрдө анын тешигинен колун сунуп, илгичин түшүрүп, ичкери кирди. Кирип, аттан түшүп, жоргонун ооздугун чыгарып, эркинче коюп жиберди. Жорго беденин скирдасына, а өзү атканага карай бет алды.

Атбагарлар экөө. Бири — Ысман деген адам: бою кыска, тоголок келген, кулагы оор, мурду менен сүйлөгөн киши. Экинчиси — Закир, он алты жашар боз бала. Экөөнүн карамагында алтымыштан ашык жылкы бар, алардын көпчүлүгү бээ. Бечараларда эртеден-кечке тыным жок. Эртен менен бир-бирден жетелеп чыгып, эшиктеги акырларга байлашат, акырга чөп кыркып салышат, айдап барып дарыядан сугарып келишет, астыларын күрөшөт, а кечинде кайта ичкери апкирип, дагы жем-чөп чачышат. Ошондон кийин гана экөө очокко самандан жагышып, чөгүнгө чай куюшуп, суу болгон кийим-кечелерин кургатканча, чарчап-чаалыккан денелерин эс алдырышат. Мына ушундай маалда, кээде, Колдош кокус кирип барат.

Аткананын эшиги экөө: биринчиси — чыгыш жак башында, экинчиси — түндүк-түштүк бөлүгүнүн орто ченинде. Экинчи эшикти атбагарлар кечки иштер бүтөөр замат дароо бекитишет, а биринчисин өздөрү жатаар алдында гана демелешет. А булар өтө кеч жатышат. Арып-чарчагандарына карабай, очокко самандан улам-улам чеңгелдеп салып коюшуп, кээде түн ооганча аны-муну сүйлөшүп отура беришет.

А бир айдан бери жакшы эрмек таап алышкан: бир айдан бери экөөлөп бир өгүздүн терисин ийлешет. Терини жакшылап бышырып туруп, өздөрүнө пайчеки тиктиришмекчи...

Колдош биринчи эшикке басып келип, анын кычыгынан очок жакка көз чаптырды. Очок эшиктен кире бериште сол жактагы бурчта эле. Очоктогу оттун жана эки ташпанардын жарыгында мандай-тескей отуруп алышып, атбагарлар терисин тарткылап атышат. Арткы дубалга алардын көлөкөсү түшүп турат.

Эмне кылып кирсем? — деп ойлонуп калды Колдош. Ал келсе, жөн келчү эмес, дайыма бир шумдукту ойлоп таап, бечараларды коркутуп-үркүтүп кирчү. Бирде эшиктин кычыктарынан мылтыгын же бычагын сунса, бирде эшиктин оозунда туруп алып, бөрү болуп улуп туруп алат. А бир жолу ушундай маалда келатып, эшикти кыйгач ачып, очоктун боюна коёндун башын ыргытып коюп, өзү көрүнбөй кете берген. Азыр тырмактары менен эшикти тытмалап, ит болуп кыншылай баштады. Ысман аке, албетте, укkан жок муну. Бирок Закир эшикти тикчийип карап калды. Аны көрүп Ысман аке да бурулду.

— Эмне болду? — деп сурады ал шеригинен.

— Ит... — деди Закир, кабатырланган түр менен.

Анын коркунучу Ысман акеге да өттү. Экөө кыйлага чейин унчукпай эшикти жалдырап карап турушту. Акырында Ысман аке өйдө болуп, абайлап басып келип, эшикти ачты.

— Баа-аа! — деп кыйкырып жиберди Колдош.

Ысман аке чочуп, кетенчиктеп кетти.

— Ай, адепсиз, — деди анан наалып. — Ушу сенин жаман адатың качан калаар экен...

Колдош ырсаң-ырсаң күлдү.

— Карасаң, бизди коркутуш үчүн, атайы тонун, тебетейин тескери кийип келиптир.

Колдош, чынында, тону менен тебетейин унутуп калган болучу. Үсүтүнө бир карап алды. Кийин шек алдырбастан, күлкүсүн улап:

— Ананчы,— деп койду. Тонун чечип, ондоп кие баштады. — Иштер кандай, Закир? Гаргардин кызын өпкүлөп атасыңбы?

Закир уялып, унчуккан жок.

— Кой, баланы антип кызартпа, — деп болушту Ысман аке. — Теңтуш болгондон кийин анча-мынча азилдешет да.

Ысман аке ордуна отуруп, Закир экөө кайтадан өгүздүн терисин колго алышты. Колдош да отурду.

— Ой, дагы эле ийлеп бүтө элексинерби? — деди ал.

— Күндүзү колубуз бошобойт, кечинде гана минтип кичине-кичинеден тарткылап калабыз, — деди Ысман аке.

Колдош очоктун он жак тарабындагы түркүккө байлануу турган чаначка көзүн артты. Атбагарлар кысыр калган бээлерди саап, оздорү үчүн кичинеден кымыз кылышчу.

— Кымызынардан куйбайсынарбы бир чыны, — деп калды Колдош.

— Кымыз... жетиле элек али, — деди Ысман аке кыйылып. — Жана эле саап куйганбыз.

— Мейли. Саамал кымыз дартка даба болот...

— Эмесе... кичине куюп бер, — деди Ысман аке аргасыздан.

Закир ордунан туруп, кымызды бышып кирди. Кымыз чаначтын түбүндө гана чулуктап атты.

— Аз го? — деди Колдош.

— Анан эмне.. Эки кысыр эмди тайдан арткан сүт да. Булар да байып баратат...

Закир бир таш кесеге толтура кымыз куюп Колдошко сунду. Колдош аны бир шимирип койду.

— Ох... Рахмат...

— Пронттон кандай кабар бар, Колдош? — деп калды Ысман аке. Бу бүтөйүн дейби жакын арада?

— Э-э, аны эмне менден сурайсыз? Мен каяктан билем.

— Эми сен эл арасында жүрөсүң, угасың, көрөсүң дейм да. А биз Закир экөөбүз атканадан чыкпай, эчтекеден кабарыбыз жок. Бирок ойлогон оюбуз, сүйлөгөн сөзүбүз эле — пронт... Өзүң билесиң, менин уулум, а Закирдин атасы жүрөт ал жакта. Э-э, кыяматкайым иш кылды бул Гитлериң, үйүң күйгүр...

— Аксакал, оозуңузга карап сүйлөңүз! Гитлер меники эмес! — деп Колдош кокусунан ачууланып берди.

Ысман аке андан коркуп кетти.

— Ой, албетте, сеники эмес, — деди бечара шашып. — Меники да эмес. Закирдики да эмес. Гитлер немистердики да. Биздин душманыбыз да.

— Анан эмне Гитлериң дейсиз?

— Айланайын, мен жөн эле айттым. Сөз келип калганын...

— Сөзүңүздү мага келтирбей жүрүңүз, уктуңузбу?

— Ботом, сен азилдешип атасыңбы же?..

Колдош чындап эле айтып аткан, бирок эми азилге айлантып, күлүп жиберди.

— Азил, Ысман аке, — деди. — Эмне, мени кыргыздын тилин түшүнбөйт дейсизби?

— Ошондой десең, үкө, — деп Ысман аке женилдей түштү.

Колдош күлүп-күлүп, ордунан козголду.

— Кой, мен кетейин. Түн да бир маал болуп калды.

— Закир, тур бедеден танышып бер.

— Жо-жок, өзүм эле танып алам...

Атбагарлар бирин бири таныркай карашты: мындай жардамдан Колдош баш тартчу эмес.

— Жакшы калгыла...

— Жакшы бар...

Колдош атканадан чыгып, беде үймөккө келди. Боз жорго жыргап кардынын камын жеп атыптыр. Колдош анын басмайылын бошотуп, үстүндөгү кийиз жабуусун ондоп жатты. Кийин, саман үймөккө барып, анын бир капталын оё баштады. Бирпаста кичинекей үнкүр пайда болду. Колдош аткана жакты бир карап алды да, үнкүргө кирип, кымтыланып жатып алды. Самандан чычкандын жыты бур дей түштү. Көп убакыт өтпөй, чычкандардын чыйпылдаганы угулду. Алардын үнүн тыншап жатып, Колдош акырындан уйкуга кетти.

* * *

Колдош чыгып кеткенден кийин атбагарлар кыйлага чейин унчукпай өздөрүнүн ишин кылып отурушту. Ашачынын теринин экөө эки четинен кармап алышып, ар кимиси өзүнө тартышат, тери секин-секин тегеренип чыгат...

— Кызык, — деп койду Ысман аке бир маалда. — Пронттон сүйлөсөн эле ушу жигиттин жини келет. Сыягы коркот окшойт.

— Эмнеден? — деп сурады Закир.

— Пронттон. Өзүн да пронтко алып кетиши мүмкүн да. Ырас, бир жолу чакыртканда, тагасы алып калган.

— А мен коркпойм. Эгер мени чакыртса, жан деп кете берет элем. Пронтто атамды табат болчумун, сиздин баласыңыз, Мурат акеге жолукмакмын. Аларга кошулуп, немистер менен салгылашка кирмекмин!

— А-а, уулум-а, баласын да... Согуш — балдардын оюну эмес. Ал жерде күн сайын киши өлүп турат, тирүүлөр өлгөндөрдүн үстүнөн аттап жүрүшөт... Андан көрө согуштун тезирээк бүтүшүн тилейли, биздикилердин женишин, алардын аман-эсен келишин күтүп, мына минтип колубуздан келген ишти иштеп, чыдап тура берели, — Ысман аке ишин токтотуп, теринин ал жер, бул жерин кармалап, анан канчалык ийленгенин сынай баштады. Тери кыйла жумшап, агарып калган. — Дагы бир жумадай ийлеп туруп, анан быча берсек болот. Кудай буюрса, экөөбүздөн ашат, тери чоң.

— Ашса, ашканын дервиш авага береличи, ал дагы пайчеки тигип алсын, бечаранын чарыгы такыр жыртылып бүтүптүр.

— Туура айтасың. Ошо кишиге беребиз.

— И-и, айтмакчы, Ормон аке да сурап жүрбөйбү! Эки тиземе жамачы кылып алайын деп?

— Ага аз эле кетет. Өөнүнөн берип коёбуз. — Ысман аке терини бүктөй баштады. — Кел, эми жаталы...

Ысман аке очоктун жанындагы кичинекей жыгач сөрүгө жатат. Сөрү менен аттардын ортосун арсак-терсек жасалган жыгач тосмо бөлүп турат. Ушундай эле сөрү, ушундай эле тосмо аткананын түндүк-түштүк төрүндө да бар. Ал Закирдики. Закир ташпанардын бирөөн алып, ордунан турду.

— Соргок кашканы карай өтчү, дагы жибин үзүп алып жүрбөсүн башыңды жегир, — деп тапшырды ага Ысман аке.

— Жакшы түш көрүп жатын.

— Жакшы түш көрүп жат...

Ысман аке терини башына жаздап коюп, шашпай чечинип кирди. Ушу тапта кысыр эмди тайлардын бири жыгач тосмонун жанына басып келип, атбагардын чечингенин таңыркап карап калды...

Закир акырлардын ортосундагы коридорго түшүп алып, өзүнүн ордуна жөнөдү. Түндөсү аткананын ичи абдан жылып кетет. Ал жылуулук, биринчиден, күндүзү кечке ачык турчу жана терезе менен көң чыгарылуучу эшиктердин милдетин аткарган көп сандаган төгөрөк тешиктердин бекитилишинен болсо, экинчиден, аттардын өзүнөн чыккан деминен пайда болот. Ырас, бул жылуулуктан коңурсук жыт келет. Мындан эки жыл илгери Закир жаңыдан атбагардын жардамчысы болуп киргенде, бул жытка көпкө чейин көнө албай, маал-маал көңүлү айнып жүрдү. Жаңыдан келгенде, ал деги эле аткананын түнкү турмушунан коркчу: тунжураган караңгылык, ал караңгылыкта аттардын көздөрү куду томпок линзалардай жалтылдап, аткананын ичин сүрдүү да, сырдуу да кылып көрсөтчү. Азыркыдай узун коридор менен басып баратканда ал көздөр коюу караңгылык менен коюу туман басып турган көчөнүн эки четине орнотулган кош

панарларды элестетет. А минтип колуна чырак карман алсан, чырагын кош панарлардын ичинде чагылышып, өзүнө алыстан-алыстан бүлбүлдөп көрүнөт...

Закирдин келатканын сезип, Соргок кашка андан үмүттөнүп окуранып, чала-була кишенеп жиберди. Ал дайыма өз жемин башкалардан мурда жеп алып, тойбостон ушинтип тура берчү. Закир анын алдына келип, мойнундагы жибин текшерди, анан боору ооруп, жанындагы аттын чөбүнөн бир тутам алып, акырына таштап койду. Кийин ушундай эле боорукерлигин ал өзүнүн сөрүсү менен тосмосуна жеткенде, эң четки буурул атка да көрсөттү...

Ар күнү сөрүнүн астына бир кучак беде катылат. Муну Закир менен ушул буурул аттан башка эч бир жан билбейт. Жатаарында Закир бедени кучактап келип, буурул аттын акырына тыгат. Ырас, кээде муну буурул аттын катарындагы картаң бээ байкап калат. Байкап, бечара, буурул ат жакка мунайым карап коёт. Мындай учурларда Закир бээнин алдында өзүн күнөөкөр сезип, уялып, бедеден тутамдап ага да ооз тийгизет. Ошондон кийин өзүнүн сүйгүнчүгүн мойнунан кучактап, жалынан сылап, а кээде мандайынан өөп эркелетет да, анан төшөгүнө барып чечине баштайт. Уктаганга чейин тосмонун арсайган тешиктеринен буурул атты карап, анын күтүрөтө беде чайнаганын, мезгил-мезгили менен бышкырганын тыншап жатат. Буурул ат дагын анда-санда ага көз кыйыгын салып коёт...

Буурул аттын аты — Тулпар. Эки жыл илгери, Закир жаңы атбагарлыкка келгенде, ал алыста, аттардын арасында байланчу. Кийин Закир экөө достошуп кетип, Закир аны өзүнүн мандайына апкелип байлап алды. Эки жылдан бери экөө жайын-кышын ажырашпайт. Бирге кош айдашат, бирге чийне менен чөп тартышат, бирге кырманда эгин жанчышат. Экөөнүн эки шериги бар: Ысман аке менен Соргок кашка. Жаз келер замат башка аттар жана кошчулар менен бирге төртөө амач, моюнтуктарды артынып алышып, кайракы арпа, буудай сепкени кыштактан отуз чакырым алыстыктагы адырларга кетишет. Адырда бир айдан ашык болушат. Кийин кайтып келишип, суулуу жерлердин эгинтегинин эгишет. Анан тамекинин түйшүгү, беде орук, чөп чабык башталат. Алар бүткөн соң кырман, кырмандан кийин дагы кош айдоо... Иши кылып, кар кеткенден тартып, кар түшкөнгө чейин төртөөндө тыным жок. А кышты болсо, дагы минтип бирге кышташат. Бирок быйыл жазда Закир Ысман акеден бөлүнгүсү бар. Таптакыр эмес, албетте, жөн гана Ысман акенин кош баш жетелеп берген баласынын милдетинен кутулуп, Ысман акенин өзүнө окшоп, амач кармасам дейт. Ырас муну Ысман аке али билбейт. Билсе эмне дээри Закирге белгисиз. Макул болот же таарынат. Макул болсо, Закир өзүнө ат жетелеп бере турган шерик табышы керек. Бул баарынан кыйын. Анткени кош айдоо маалында Закирден башка кошчулардын бардыгы чоң кишилерден болушат, алардын эч кимиси Закирге ат жетелеп беришпейт, бала деп тоотушпайт, бул турган кеп. А өзү тендүү балдар болсо колхоздун ишине окуу токтогондон кийин гана келишет, а кезде кош айдоо бүтүп калат, анда алардын кереги жок болот. Мына ушул кош башчы маселеси Закирди кыйнап жүрөт... Кээде ал өзүнүн үкаси Ганыны чоттоп коёт. Ганы, албетте, жаш, сегизге араң чыкты, бирок абдан тетик, зирек бала. Ырас, анын окуусу бар, өзүнө окшотуп, окуудан бошотуп алышы керек, а бошотушаар бекен?

Закир бошонгондо он төрттө эле, анын үстүнө окууну таштап, атбагарга жардам берүү — анын өз демилгеси эмес, райистин өтүнүчү болучу, а Закир буга дароо макул болуп, а мугалимдер, мейли, ансыз да окуусу начар, окуган менен мындан эчтеке чыкпайт дешкен. А Ганы болсо али экинчи эле класста, анан жакшы окуйт, эмне дешээр экен буга? А кокус, болуптур, өз үкөң экен, өзүң бил деп калышса, таенелери ынаар бекен Закирдин оюна? Ай, кудай билет. Төбө чачы тик турат го. Андан көрө, аны акең сени сагынып калды, барып эрмек болуп жанына жатып кел деп, анча-мынча жөнөтүп турганына да кудайга шүгүр деш керек... А кош баш жетелеп берчү кишини кош чыкканча дагы караштырат...

Уктаар алдында Закир дайыма Сонону эстейт. Бул ага өнөкөт болуп калган. Соно өзүнөн өзү көз алдына келе түшөт. Эскермесинде Сонону ар кайсы мезгилде, ар кандай шартта кезиктирет. Бирок көп учурда экөөнүн бирге өткөргөн сонун учурун тандап алып, ошону башынан аягына чейин кайрадан жашап чыгат. Айрыкча быйылкы жайдагы бир күндү көп элестетет. Бул күндүн окуясын, жакшы жомоктой миллион ирет кайталаштан да жадабайт. А бар болгону мына бул иш өткөн... Он чакты эркек болуп беде чаап атышкан. Түш ченде чалгычылар кичине дем алганча, үйдөн апкелген оокат-азыгыбызды шам-шум этип алалы дешип, шакка чыга башташты. А Закирдин орто дасторконго кошоор эчтемеси жок эле, ошондуктан алардын катарына куру кол отуруштан тартынып, тигилердин кел, келе берине карабастан, үйүмдөн ысык оокат ичип келем деген болуп, өскүлөн бедени аралап жөнөп берди. Үйүнө бармак кайда,

үйүндө жей турган бир нерсе болсо, энеси муну минтип талаага азыксыз жөнөтөт беле. Энесинин айтымына караганда, үйлөрүндө бир чымчым ун, бир бүдүр дан калбаптыр. Эчтеме эмес, алды жакта бышыкчылык келатат. Өрүктөрдүн горосу, алмалардын богогу чоноюп, аларга алма, өрүктүн даамы кире баштады. Эки-үч күндөн бери Закир түшкүлүк оокатын колхоздун өрүкзарынан кылып жүрөт. Колхоздун өрүкзарында эрте бышаар бир түп картан алма бар, богоктору ыран кайтарып, жегенге кадимкидей жарап калды. Азыр барып, ошол алмадан он-он беш богокту жеп, кайра кайтат. Бир жаман жери, богоктон кийин эриндерин балапандын оозундай саргарып кетет, кечээ чалгычылардын бирөө, бу сен үйүнө барбай эле, алма богок жеп кайтып келген окшойсуң деп шектенип койду. Закир буга кызара түштү. Ырас, башка бири, жесе жегендир да деп, ал үчүн жооп берди...

Беделүү талаа менен колхоздун өрүкзарынын ортолугунда буудай эгилген тектир жатат. Буудай текши баш алып, жапжашыл болуп суйсалып турат, бою өскүлөн жана коюу. Закир бедеден чыгып, буудайды жөмкүштөп аралап кирди. Күн бүркөө болчу, ошол учурда жамгыр жаай баштады. Буудайдын арасы шыртылдап, Закирдин буттарынан жүздөгөн боз чегирткелер секирип качып, ар-ар жерде саргалдак сайрап атты. Бир маалда Закирдин каршысынан Соно пайда болду. Белине чоң калтаны байланып алып, буурчак терип атыптыр. Закирдин шарпасын угуп, өйдө боло берди, кичине чочуп кетти.

— Ой, сенсиңби? — деди анан, апаппак тиштерин кашкайта жылмайып.

Башында жука көк жоолук, үстүндө кызыл көйнөк менен кара бакмалдан камзир, а бутунда эски мастикалиш. Жаш маралдай болуп манкайып, жоош, ишеним жана мээрим менен жалдырап карап турат. Закирдин жүрөгү элжиреп кетти.

— А-а, — деди. — Эмне, буурчак терип атасыңбы?

— Буурчак.. Майга кууруп берсе, балдар ушундай жакшы жешет...

— Жамгыр жаап кирди...

— Угу...

— Суу болосуң го?

— Ошондой окшойт. Сен үйүнө кетип баратасыңбы?

— Мм... Үйгө...

— Анда мен да кетейин...

Экөө ээрчишип колхоздун өрүкзарын көздөй бет алышты. Жамгыр шатыратып кирди.

— Ой, качтык! — деп кыйкырды Соно!

Чуркап жөнөштү. Буудай бүтүп, бакка киргенче, шөмтүрөп суу болуп кетишти. Закир бир чоң түп картаң өрүктүн түбүнө барып тура калды. Соно да анын артынан жетип келди. Өрүктүн жоон денеси экөөн беймарал калкалайт экен. Бирок кийимдери денелерине жабышып, алардын суугунан ичиркенишип, кичине бири-бирине ыктап турушту.

— Азыр басылат, — деди Закир далил жок эле.

— Угу, — деп койду Соно аны коштоп.

Ырас эле, бирпастан кийин жамгыр басылды. Бирок ал мөндүргө айланды...

Бул мөндүрдү биздин кыштактагылар азырга чейин эскеришет. Чынында да ажайып мөндүр болучу. Чондору тооктун тукумундай, кичинелери жаңгактай келет эле. Кудай жалгап узакка созулган жок, бар болгону бир пияла чай ичкенчелик убакытка жаады. Бирок ошол мезгилдин ичинде өрүктөрдүн бариктери менен горолорун жерге сабап таштады. Жердин бети барик, горо, мөндүр менен көмүлүп калды...

Соно менен Закир мындай мөндүрдү көрүшө элек болучу, үрөйлөрү учуп, үн-сөзсүз катып калышты. Соно коркуп, Закирди бекем кучактап алды, а Закир аны. Бул алардын биринчи ирет бири-бирине кол артышы болду. Кийин мөндүр басылып, эс-учуна келишкенде өз акыбалдарын сезишти, бирок экөө тең уялышкан жок, кайта тагдырга ыраазы болушкандай, бири-бирине мээримдүү жылмайып коюшуп тура беришти. Ошондо Закир Сонону биринчи жолу бетинен өптү, а Соно буга ыраазылык менен карады...

Жамгыр да, мөндүр да таптакыр басылган соң, экөө өрүкзарды аралап үйлөрүнө жөнөштү. Шагыраган мөндүр, горо, бариктерди шилей басып, тайгаланып, мүдүрүлүп баратышты...

— Закир, карасаң! — деп калды кокусунан Соно.

Жерде өрүктөн сынып түшкөн эки ача шак жатыптыр. Шактын ачасында сааванин уясы бар экен. Уяда үч-төрт кызыл эт балапан болуп, баарысы мөндүрдүн үстүнө төгүлүп калыптыр.

— Бечаралар... — деди Закир, боору ооруп.

Кийин экөө бактан чыкканча, а бак бир нече гектарга созулат, түркүн-түркүн куштардын сынык жумурткаларын,

аппак мөндүрдүн үстүндө чоктой кызарып өлүп жаткан тонкулдакты, канаты кайрылып кайкалай басып бараткан сагызганды көрүштү... А бактан чыгып, дарыяны жээктеп келатышып, өздөрү келаткан сокмо жолдо отурган аран жан коёнго туш келишти. Сыягы, мөндүр, байкуштун талуу жерине тийген көрүнөт, эси ооп баратат...

Экөө дарыяны жээктеп келишип, Ормон чолоктун көпүрүгү аркылуу кыштак тарапка өтүштү. Көпүрүктүн үстүнө мөндүр куду сайдын ташындай шагырап жыйылып калыптыр. Бассан тайгаланасын. Закир өтүкчөн буттары менен аларды шилей басып, Соного жол ачып берип отурду. Мөндүрлөр сүрүлүп дарыяга чулпулдап түшүп атты. Дарыялардын күрпүлдөп кирген мезгили болучу. Бирок ошо күнкү жаан, мөндүрдөн кийин, алар биротоло кыян-жаян болуп, жээктерин каптап, айрым жапыс жана алсыз көпүрүктөрдү агызып кетти. Апаппак дарыялар ылайланып, өркөчтөнгөн толкундарында ар түрдүү дөнгөк-тамырлар, узун-кыска жыгачтар калкып баратты. Жыгачтардын биринде бир чоң кара куш отурат.

— Закир, карасан! — деп кыйкырды Соно аны көрүп алып.

— Ой-ой, бүркүт го? — деди Закир. — Кап, тутуп алса ээ?

— Мунун да бир жери майып болгон көрүнөт...

— Ананчы. Болбосо, мени агызып кет деп отуруп бермек беле..

Көпүрүк бүтүп, жээкке чыгаарда, Ормон чолокту көрүп калышты. Бечара чолок, белине кетменин кыстарып алып, тегирменине суу апкелчү бийик арыкты бойлоп шашып баратыптыр. Сыягы, суу көп келип, коркуп, аны сайга буруп жибергени бараткан окшойт...

Кыштакка киришкенден кийин Соно:

— Мен тезирээк үйгө барайынчы, балдар эмне болду... — деп калды.

— Бар... — деди Закир.

Экөө эки сокмо жолго түштү. Закир кыйлага чейин кылчактап Сонону карап барды... Өздөрүнүн багына келип киргенде, алдынан Ганы үкасы менен анын бир топ тентуштары чыга келди. Ганынын колунда тирүү ачакуйрук жүрөт. Балдардын баарысы аны ороп алышыптыр.

— Аке, карасаңыз, мен өзүм туттум! — деп мактанды Ганы. — Азыр таш менен өлтүрөбүз.

— Эмне үчүн өлтүрөсүнөр? — деп үтүрөндөдү, Закир.

— Бул ачакуйрук да, биздин жөжөлөрдү жейт.

Закир эмне дээрин билбей, ойлоно түштү.

— Баары бир өлтүрбөгүлө, убал болот, — деди анан.

Балдар бири-бирин жана ачакуйрукту карап калышты.

— А силердин таененер өлүп калды! — деп сүйүнчүлөдү, кокусунан алардын эң кичиги, мурдун шакмар болгон жени менен сүртүп коюп.

— Эмне?! — деп чаңырды Закир.

— Жалган айтат, аке, — деди Ганы. — Өлгөн жок. Жөн эле эчки жетелеп келатса, башына мөндүр тийип, эси ооп жатып калыптыр. Соно эжемдин апасы Айниса эже көтөрүп үйгө алпарып жаткырып койду. Азыр үйдө. Эй, неге жалган айтасың?

Закир дароо үйүн көздөй чу койду. Өлүп-талып үйүнө келсе, энеси очоктун боюнда, тонун желбегей жамынып алып, чай ичип отуруптур, Закир кирип барып эле, анын тизесине жыгылды. Гөвар кемпир небересинин түрүнөн анын эмне үчүн чуркап келгенин түшүнүп, ичинен ага ыраазы болуп, тарамыштай катуу колу менен анын башынан сылап, жай мулуюп койду.

— Коркпо, — деди. — Мен силерди чоңойтуп, адам кылмайынча, кандай ажал келсе да өлбөйм...

Закирдин көздөрүнө жаш келип, тамагы буулуп кетти.

«Кандай ажайып күн, — деди ал өзүнө өзү. — Соно... Ганы... Энем...»

* * *

Гөвар кемпирдин өрүкзары Колдош менен райис Разактын өрүкзарына жакын, экөөнүн ортосунда. Колдош тагасыныкына Гөвар кемпирдин өрүкзары аркылуу гана каттайт. Кеч күздөн эрте жазга чейин, кыштактын бардык бактарындай эле, бул бакты дагын кара каргалар түнөк кылып чыгышат. Кээ бир ичип алган күндөрү Колдош колуна чачма мылтыгын кармап алып, ушул үч бактын биринен бирине өтүп, андагы каргаларды бир сыйра аткылап чыкмай адаты бар. Бечара каргалардын түн уйкусу бузулуп, караңгыда ызы-чуу түшүп, патрап учуп, Колдош өз багынан кубаласа, Гөвар кемпирдин багына, кийин райистикине өтүшөт. Же тескерисинче, качышат. Мындай түндөрү мылтыктын үнүн угуп, Ганы эшикке чуркап чыгат. Чыгып өрүктөрдүн далдаасына жашынып, Колдоштун артынан би-

линбей ээрчип алат. Аны Колдоштун өзү кызыктырбайт. Колдоштун өзүнөн коркот. Аны карангыда атылган мылтыктын үнү, андан чыккан кышкызыл жалын, ызы-чуу түшүп, уйгу-туйгу качышкан каргалар кызыктырат. Каргаларды ал жакшы көрөт. Алардын тан азандан жем издеп бараткандарын, анын кечки үрүн-баранда көпкө чейин жайланыша албай, бири-биринен орун талашып, улам бир шактан экинчи шакка учуп-конушун, кыжы-кужу чурулдашканын ар күнү зор ынтызарлык менен карап жүрөт. Бирок мылтыктын үнүн укканда, каргаларды жакшы көргөнүн дароо унутат. Чон, картан орүкзардын бир жеринен мылтык атылат, ошол замат өрүктөрдүн арбайган шактарынын арасынан төгөрөк от дүрт этет, каргалар дабыраап учуп жөнөшөт, алардын учушу менен орүктөрдү чүмкөп турган жаны кар, эгер жаныдан жааган болсо, элгектен элгендей тосуп, жерге жаап калат, кар менен кошо майда-чүйдө чырпыктар, ок, дары оролгон кагаздын жыртыктары самсаалап түшөт. Ганы мына ушул көрүнүшкө куштар!

Мылтык эки-үч жолу тарсылдаган соң каргалар да, Колдоштун өзү да жоголуп, бак тынчып, ангырап бош калат. Ошондо Ганы акырын өрүктүн далдаасынан чыгып, бакты аралап жөнөйт. Жана апаппак болуп турган калын кардын бетине эми Колдоштун издери, кararган чырпыктар, кararган каргалар пайда болот. Каргалардын денеси али жыпжылуу, а айрымдары тирүү бойдон жатат. Ганы аларды бирден чогултуп чыгат. Мына ошо ээн бакта темселеп каргалардын өлүгүн жыйнап жүргөн чакта гана анын жүрөгү кайрадан жибип, каргаларды аяй баштайт. Каргалардын өлүгү аз болгондо экөө, көп болгондо беш-алтоого жетет. Ганы алардын баарысын бир өрүктүн түбүнө үйөт да, анан өзү аларга болгон аёо сезими менен үйүнө кайтат. Үйүндө таенеси урушат.

— Сен ушу акыры Колдош зөөкүрдүн огуна учуп өлөөр бекенсин?! — деп кейит кемпир.

— Ал мени көрбөйт, — деп актанат Ганы.

— Ошо көрбөгөндүктөн атып салат да! Экинчи ал ойрондун алдына чыкпагын, уктуңбу?

— Уктум...

Бирок дагы эле тыштан мылтыктын үнү чыкса, дароо ордунан чапчып турат. А укпаган түнү анын үнүн тыншап, өрүктөрдүн шактарында каракомок болуп уктап отурушкан жүздөгөн, миндеген каргаларды көз алдына элестетип, ар түркүн ой-кыялдарга батып, унчукпай сандалда отуруп калат. Бүгүн ошондой түн: эки буту, эки колу сандалда, колдору менен сандалдын үстүнкү такталарын черткилеп, ээгин сандалга жабылган төшөккө коюп, зериккен түр менен энесин карап отурат. Энеси жетинчи чыректын жарыгында таар согуп атат. А кемпирдин алды жагында, али согула элек жиптердин үстүндө Кабылан аттуу килейген кара мышык бырылдап уктап жатат. Кемпирдин оор кылычы келип таарды солкулдатканда, мышык кошо солкулдап коёт...

Таар кызгылтым-сары түстө, жиптери өрүктүн тамырынан чыккан боёкко боёлгон эле, согулуп бүтөйүн деп калды. Согулуп бүтсө, энеси аны Ганы менен Закирге шым бычып, тигип берет. Экөөнөн ашканын кемпир өзүнө жайнамаз жана токол эчкиге желин калта кылмак. Токол эчки али тууй элек, бирок желини чоноюп, эртели-кеч тууй турган болуп, эшиктин артында, очоктун сол жак тарабындагы бурчта байлануу турат. Энелери анын көзүн карап, каалаганча жемчөп берип, күндө үч маал астын кургактап, мекиренсе толгоосу келди деп алдына жетип барат. Жылына токол эчки эки улак тууйт байкуш. Анын улактарын, таенеси, торолгончо сандалдин эки бурчуна жаткырып, үстүн төшөк менен кумтулап багып жүрөт да, кичине торолгондон кийин, энесинин катарына байлап, алдыларына чөптүн майининен тандап дубалга жөлөп коёт. Улактар кичинеден отуга баштайт, а отуккандан кийин кемпир токол эчкини аз-аздан саап кирет...

Очоктун оң жак тарабындагы бурчтан чычкандын үнү угулду. Ганы менен кара мышык жарыша ошол жакты карашты. Очоктун оң жак тарабындагы бурчта бир түп жоон, картан өрүк бар. Өрүктө Гөвар кемпирдин туз баштык, чыны кап, супра сыяктуу буюм-кечелери илинип турат. Туз баштыктагы туздун жыты, супрадагы ундун жыты дайыма чычкандардын делебесин козгойт. Үйдүн ичинде чычкан жок, алар тамбашта, чөптүн ичинде жашашат. А чөп өрүктүн түбүнө жайылган. Шондуктан алар үйдүн ичине өрүктүн жоон сотосу менен гана чуркап түшүп келишет. Азыр да бирөө шыптан ичкери башпагып, бирок туз баштык менен супрага түшүп келиштен коркуп, үйдүн ичин аңдаштырып, өрүккө жабышып туруптур. Кара мышык да аны көрүп, кана эр болсоң ылдыйлап көрчү дегендей, башын эки бутуна коюп, аябай күтүп калды. Чычкан кыйлага чейин ичке муруттарын кыбыратып, мурду менен ун, туздун жытын искеп турду да, анан тобокелге салып, акырын ылдыйлай баштады. Супурага жакындаганда кара мышык шарт өрүккө таштады. Бирок чычкан да аны дароо байкап, артына тыз койду. Мышык өрүк менен куду шыпка чейин чыгып барып, арманда кала берди.

линбей ээрчип алат. Аны Колдоштун өзү кызыктырбайт. Колдоштун өзүнөн коркот. Аны карангыда атылган мылтыктын үнү, андан чыккан кышкызыл жалын, ызы-чуу түшүп, уйгу-туйгу качышкан каргалар кызыктырат. Каргаларды ал жакшы көрөт. Алардын тан азандан жем издеп бараткандарын, анын кечки үрүн-баранда көпкө чейин жайланыша албай, бири-биринен орун талашып, улам бир шактан экинчи шакка учуп-конушун, кыжы-кужу чурулдашканын ар күнү зор ынтызарлык менен карап жүрөт. Бирок мылтыктын үнүн укканда, каргаларды жакшы көргөнүн дароо унутат. Чон, картан оруксардын бир жеринен мылтык атылат, ошол замат оруктордун арбайган шактарынын арасынан төгөрөк от дүрт этет, каргалар дабыраа учуп жөнөшөт, алардын учушу менен оруктордү чүмкөп турган жаны кар, эгер жаныдан жааган болсо, элгектен элгенгендей тосуп, жерге жаап калат, кар менен кошо майда-чүйдө чырпыктар, ок, дары оролгон кагаздын жыртыктары самсаалап түшөт. Ганы мына ушул көрүнүшкө куштар!

Мылтык эки-үч жолу тарсылдаган сон каргалар да, Колдоштун өзү да жоголуп, бак тынчып, ангырап бош калат. Ошондо Ганы акырын оруктун далдаасынан чыгып, бакты аралап жөнөйт. Жана апаппак болуп турган калын кардын бетине эми Колдоштун издери, кararган чырпыктар, кararган каргалар пайда болот. Каргалардын денеси али жыпжылуу, а айрымдары тирүү бойдон жатат. Ганы аларды бирден чогултуп чыгат. Мына ошо ээн бакта темселеп каргалардын өлүгүн жыйнап жүргөн чакта гана анын жүрөгү кайрадан жибип, каргаларды аяй баштайт. Каргалардын өлүгү аз болгондо экөө, көп болгондо беш-алтоого жетет. Ганы алардын баарысын бир оруктун түбүнө үйөт да, анан өзү аларга болгон аёо сезими менен үйүнө кайтат. Үйүндө таенеси урушат.

— Сен ушу акыры Колдош зөөкүрдүн огуна учуп өлөөр бекенсин?! — деп кейит кемпир.

— Ал мени көрбөйт, — деп актанат Ганы.

— Ошо көрбөгөндүктөн атып салат да! Экинчи ал ойрондун алдына чыкпагын, уктуңбу?

— Уктум...

Бирок дагы эле тыштан мылтыктын үнү чыкса, дароо ордунан чапчып турат. А укпаган түнү анын үнүн тыншап, оруктордун шактарында каракомок болуп уктап отурушкан жүздөгөн, миндеген каргаларды көз алдына элестетип, ар түркүн ой-кыялдарга батып, унчукпай сандалда отуруп калат. Бүгүн ошондой түн: эки буту, эки колу сандалда, колдору менен сандалдын үстүнкү такталарын черткилеп, ээгин сандалга жабылган төшөккө коюп, зериккен түр менен энесин карап отурат. Энеси жетинчи чыректын жарыгында таар согуп атат. А кемпирдин алды жагында, али согула элек жиптердин үстүндө Кабылан аттуу килейген кара мышык бырылдап уктап жатат. Кемпирдин оор кылычы келип таарды солкулдатканда, мышык кошо солкулдап коёт...

Таар кызгылтым-сары түстө, жиптери өрүктүн тамырынан чыккан боёкко боёлгон эле, согулуп бүтөйүн деп калды. Согулуп бүтсө, энеси аны Ганы менен Закирге шым бычып, тигип берет. Экөөнөн ашканын кемпир өзүнө жайнамаз жана токол эчкиге желин калта кылмак. Токол эчки али тууй элек, бирок желини чоңоюп, эртели-кеч тууй турган болуп, эшиктин артында, очоктун сол жак тарабындагы бурчта байланууу турат. Энелери анын көзүн карап, каалаганча жемчөп берип, күндө үч маал астын кургактап, мекиренсе толгоосу келди деп алдына жетип барат. Жылына токол эчки эки улак тууйт байкуш. Анын улактарын, таенеси, торолгончо сандалдин эки бурчуна жаткырып, үстүн төшөк менен кумтулап багып жүрөт да, кичине торолгондон кийин, энесинин катарына байлап, алдыларына чөптүн майининен тандап дубалга жөлөп коёт. Улактар кичинеден отуга баштайт, а отуккандан кийин кемпир токол эчкини аз-аздан саап кирет...

Очоктун оң жак тарабындагы бурчтан чычкандын үнү угулду. Ганы менен кара мышык жарыша ошол жакты карашты. Очоктун оң жак тарабындагы бурчта бир түп жоон, картаң өрүк бар. Өрүктө Гөвар кемпирдин туз баштык, чыны кап, супра сыяктуу буюм-кечелери илинип турат. Туз баштыктагы туздун жыты, супрадагы ундун жыты дайыма чычкандардын делебесин козгойт. Үйдүн ичинде чычкан жок, алар тамбашта, чөптүн ичинде жашашат. А чөп өрүктүн түбүнө жайылган. Шондуктан алар үйдүн ичине өрүктүн жоон сотосу менен гана чуркап түшүп келишет. Азыр да бирөө шыптан ичкери башпагып, бирок туз баштык менен супрага түшүп келиштен коркуп, үйдүн ичин аңдаштырып, өрүккө жабышып туруптур. Кара мышык да аны көрүп, кана эр болсоң ылдыйлап көрчү дегендей, башын эки бутуна коюп, аябай күтүп калды. Чычкан кыйлага чейин ичке муруттарын кыбыратып, мурду менен ун, туздун жытын искеп турду да, анан тобокелге салып, акырын ылдыйлай баштады. Супурага жакындаганда кара мышык шарт өрүккө таштады. Бирок чычкан да аны дароо байкап, артына тыз койду. Мышык өрүк менен куду шыпка чейин чыгып барып, арманда кала берди.

— Мий-аввв... — деп чанырды аламина чыдабай, куйругун булактатып.

— Э-эй, ашкеби, — деди Ганы ага жини келип. — Кичине чыдап турсан го, супрага келип кирет эле...

— Ооба сага, — деди кемпир Ганыны кекетип. — Супрага кирсе, андагы унду арам кылып кетпейби? Мышык деген ошо казан-аякка, тамак-ашка чычканды жолотпой эле турса болду, а тутабы, тутпайбы — ал өз иши...

Кара мышык сөздүн өзү жөнүндө болуп атканын билгендей, күнөөкөр түр менен кайрадан жерге түшүп, сандалдын бир бурчуна келип, жаланып-жуктанып отуруп калды. Ганы аны маскаралап, тилин көрсөтүп койду. А Кабылан ага койчу эми дегендей таарыныч менен көзүн сүздү. Чынында экөө дос. Күндүзү кечке ээрчишип жүрүшөт, а түндөсү бир төшөктө жатышат...

Кокусунан, дагы чычкан чыйпылдады. Кабылан менен Ганы бирдениге өрүктү карашты. Чычкандын үнү басылды. Бирок экөө өрүктөн көздөрүн албай күтө башташты. Чычкан көпкө чейин түшкөн жок. Ганы андан оюн буруп, эми өрүктүн өзү менен алаксып кетти...

Өрүктүн үйдүн ичиндеги бөлүгүндө беш-алты майда чырпыгы бар. Алардын эң астынкыларын Гөвар кемпир кесип, өзүнө туз баштык, чыны кап, супра илгич кылып алган. Калгандары кадимкидей өсүп турат. Алар ажайып чырпыктар: кыш, суук дегенди билишпейт, шондуктан, жаз айынын алгачкы күндөрүнөн баштап эле, эшикте кар жатабы, муз жатабы — иши жок, өздөрүнчө бүрдөп, гүлдөп кирет. Албетте, мөмөлөрү да эрте бышат. А күзгө жакын болсо дагы бир жолу гүл ачып, дагы бир жолу мөмөлөп алышат...

— Эне, биздин өрүк бүрдөгөнү калыптыр, — деп койду Ганы, өрүктү телмире карап олтуруп.

— Кой жөөлүбө, — деди энеси ишенбей. Ошентсе да, кайрылып бир карап алды. Кийин кылыч, аркагын жыйыштырып ордунан өйдө болду. — Ой, белим-ай... Кел эми, жаталы. Бар, эшикке чыгып, сийип кел...

Ганы өтүгүн коңултак кийип, тышка чыкты. Чыгып эле, үйдүн үстүндө тарбайып турган өрүктүн башын карады. Өрүктүн шактарындагы кара комок каргалар канаттарын айдын нуруна жалтыратып, мемиреп уктап атышат. Уйкусоодо чукуранышып, өз тилдеринде бир нерселерди чуруктап коюшат...

Ганы башка өрүктөрдөгү каргаларды да көргүсү келип, бакты чала-була кыдырып чыкты. Башка өрүктөрдөгү каргалар да катуу уйкуда экен. Бактын ичинде сонун тынчтык өкүм сүрүп турат...

— Бүгүн Колдош эчтеке ичкен эмес окшойт, — деп кирди ал ичкериге.

— Ошондой го, — деп койду энеси ага төшөк салып жатып.

А Колдош бу кезде, өзүңүз билесиз, саман скирданын ичинде коңурук тартып уктап жатат...

* * *

Ошо түнү Суусар уктабады. Таң атканча ары оонап, бери оонап, үйгө кимдин келип кеткенин ойлоп жатты. Аныгын биле албай жаны ачыды. Эртен менен эрте туруп, кийинип алып эшикке чыкты. Эшикте түндөгү жаркыраган ай жоголуп, күн бүркөлүп, айланага боз түшүп келатыптыр. Бирок Суусар муну көргөн да жок. Ал туура бак ичин жарып кеткен издерге барып, аларды куып жөнөдү. Тааныш издерди таанығысы келди. Өтүктүн издери экен. Бирок бул жерде эркек аттуунун баарысы өтүк киет эмеспи, кимисиники? Бактын орто ченине жеткенде, артынан:

— Эй! — деген үн угулду. Караса, эшиктин алдында Колдош турат. Жорго жок. Тегирмендеги жүгү менен кошо ээсине тапшырып келген көрүнөт. — Эмне кылып жүрөсүң ал жакта? — деп сурады.

Колдош капилеттен келип, капилеттен берди суроосун. Суусар эмне дээрин билбей калды. Убакытты утуш үчүн артына кайтып, Колдоштун көздөрүнө тике карай, аста басып ага жакындап келди. Колдоштун жүзүнөн эчтеке биле алган жок. Эмне десем? — деп кысталды. Анғыча Колдош дагы суроо берди.

— Ой, мынабу кимдин изи? Бирөө келип кеткен го?

Суусар тобокелге салды.

— Сенин изиң.

— Бу эмне деп жөөлүгөнүң?

Суусар бул жолу да анын жүзүнөн шектене албады. Колдош чын ыкласы менен таң калды.

— Анда мен да билбейм, — деди да, ичкери кирип кетти.

— Кызык... — деп Колдош издерди жакшылап карай баштады. — Ушунун билгени жакшы эле. Билип, мени менен урушкай эле,— деп тиледи ал ушу учурда. А бир пастан кийин үйгө кирип, далистеги очокко от жагып жаткан Суусарга: — Ушу сен соо эмессиң го? —деди.

Суусардын колунан аташкөрөк түшүп кете жаздады. Бирок Колдошко ызырына карап:

— Жөөлүбөчү! — деп койду.

Колдошту бирөө шибеге менен сайып алгансыды. Демек, тангысы бар деди ичинен. А сыртынан, айтканын азилге айлантып күлүп жиберип, тонун чече баштады. Бул обонду ал көпкө созгусу келди. Суусар шек албасын үчүн. Адегенде чай ичип, отун жарып, үйдүн тегерегиндеги каткан карды күрөп келип, анан болор-болбос бир себептен улам, бул сөздү кайрадан баштайт. Ага чейин Суусардын баскантурганынан көзүн албай, сүйлөгөн сөздөрүнүн маанисин баамдап, сыноосун астыртадан уланта берет. Бирок тонун чечип атып, кокусунан жүзү жыйрылып, заманасы куушурула түштү.

— Суусар, мага дагы повестка чыгыптыр, — деди ал бечара түр менен.

Суусар чөөгүнгө суу толтуруп аткан. Дароо күйөөсүн карады.

— Койчу?

Көз карашында жана үнүндө кабатырлангандык эмес, а кандайдыр, кызыккандыктын белгиси сезилди. «Бул, эмне, сүйүнгөнүбү?!» — деп ойлоду Колдош айран-таң болуп.

— Чын. Азыр тагамдардыкынан келдим. Тагам мана повестканы көрсөттү. Бүгүнкү күнгө чакырыптыр.

Колдош, буга эмне дейсиң дегендей Суусардан жооп күтүп калды. Суусар эмне дээрин билбей, кыйлага чейин унчукпай, эри менен тиктешип турду. Ишенбей атат окшойт, — деп ойлоду Колдош.

— Кейибе, — деди акырында Суусар. — Мүмкүн баягы жолкудай военкоматтан эле кайтып келээрсиң...

— А келбей, ошондон нары кетсемчи?

Суусар чөөгүнүн отко койгондон кийин гана жооп берди.

— Келбесең... Эмне экен, эл катары эл барган согушка барып, эл менен бирге ата-журтунду коргоп, жеңиш менен, кадыр-барк менен кайтып келесиң. Эл алдында жүзүң жарык болот...

— Атаңдын гөр-ү-ү-ү... Ой, сен мени үгүттөп атасың го дейм? Сенин оюнча, бул жерде, эл арасында менин бетим чиркөө экен да?

— Аны сезген киши гана билет. А сен сезбей жүрөсүң. Элдин баарын жинди ойлойсуң. А эл көрүп, билип турат. Бир гана жери — унчукпайт, райис тагаңдан айбыгат. Өзүң билесиң, азыр райистердин күчүнө кирген мезгили, урганды урат, сөккөндү сөгөт...

Колдоштун эси ооп, очоктун боюндагы өзү отуруп жүрчү дөңгөчкө унчукпай отуруп калды. Аялынын ачык айткан сөздөрү сайсөөгүн сыздатты. Мындай сөздөрдү андан биринчи угушу эле.

— Ушинтип айтаарынды билгенмин, — деди ал бир маалда канырыгы түтөп. — Мейли, эл го ошентип ойлойт экен, а сенчи? Сен өзүң эмне деген ойдосуң?

— Мен эмне... Мен сенин аялыңмын. Сен менин кардымдагы баламдын атасысың. Мен сага жакшылык каалайм. Бирок Колдош, менден башка аялдардын эрлери же пронтто кан кечип, же бул жерде, колхоздо күнү-түнү дебей иштеп жүрүшөт. Сен болсон пронттон калып калдың, а колхозго иштебей койдун. Элдин баары сени райистин атбагары, райистин койчусу, райистин отунчусу дешет. Бирде болбосо, бирде жаның ачыйт экен, намыс-ариетине келет экенсин ушундай сөздөрдү укканда...

— А-а, түшүнүктүү... Болуптур. Пронтко жөнөтсө — барайын. Бирок сен, Суусар, менин никелеп алган катыным, мен айланып кайтып келгенче күтөсүңбү мени?

Суусар сүйүнүп кеткенсиди.

— Күтпөгөндөчү?! — деди. — Эмне үчүн күтпөйт экенмин? Башка катындардан менин эмнем кем? Жүда күтөм да!

Колдош буга ыраазы болду, ичи жылыды. Ошентсе да:

— А кантип күтөсүң? — деди. Күткөндүн да күткөнү бар.

Суусар солуй түштү. Кыйлага чейин унчукпай кетти.

— Эл күткөндөй күтөм, — деди анан, супсак түрдө. — Колдош, сен мага ишенгин. Келгенинче сенин төшөгүнө эркектин жытын жыттатпайм.

Мына так ушул жерде Колдоштун жүрөгү бурап ооруп берди. Түнкү окуяны билбейт деп, аны танып атканы да бул деп чечти. Жок, отун жарып, кар күрөп келгенче чыдай албайт. Тезирээк бул катындын кимдигин аныктап билиши керек. Бирок кантип баштасын? Бирпаска ойлонуп отурду. Аңгыча чөгүндөгү суу кайнап, Суусар чай демдөөгө кириштти. Мына ошол кезде эркелетимиш болуп, Колдош анын мойнунан мыжыга кармады. Суусар жыйрыла түштү.

— Эмне эле мынча оронуп алгансың? — деди Колдош.

Суусар кызыл гүлдүү кара жоолугу менен мойнун бекем ороп алган болучу. Эрин шектүү карады.

— Тамагым ооруп атат, — деди анан. — Кечинде муздак суу ичип жаттым эле...

— Анда, кел өөп коёюн, тезирээк айыгып кетсин, — деп Колдош оромолду чечмекчи болду.

Суусар коркуп кетип, башын чулгап алды.

— Койчу эми, оокат кылганы атканда...

«А-а, билип койдум сырыңызды» — деди Колдош ичинен. Бирок кантип шек алдырбай тамагын көрүш керек деп баш катыра баштады. Экөө тең ичтеринен дымып калышты: бирөө билмексенге салып андып келаткан тайган окшоп, бирөө тайган али менин көрө элек, көргончо бир жакка буйт берип кутулуп кетемин деген түлкү болуп...

Бир маалда Суусардын чала-була чечилип калган жоолугу бошоп отуруп, бир жак учу өзүнөн өзү түшүп кетти. Өз ою менен алек болуп калган Суусар аны бир нече секунддан кийин гана сезип, дароо өлүп-талып кайтадан байламак болду. Бирок Колдош анын тамагын, ээгин көрүп койду, албетте. Суусардын тамагы менен ээги ойлогондой, көгала болуп чайналып калыптыр.

— Токточу, — деп Колдош Суусардын оромолун шып жулуп алды. Анан көргөн көзүнө ишенбей, көздөрү алайып отуруп калды. — Бул эмне?.. — деди кийин тамагы буулуп. — Тамагың, ээгин, жаактарың... эмнеге көгөргөн?

— А-а... — Суусар жортекке жылмайды. Анан башка жооп таппай, оозуна киргенди оттоп салды. — Түндө мен өзүмдү өзүм мууттум... Өлгүм келди...

Колдоштун оозуна да:

— Эмне үчүн? — деген суроо кирип келди. Сурап алгандан кийин гана Суусардыкы калп экенин эстеди. Бирок суроо берилген соң, жообун угуш керек.

— Жөндөн жөн эле...

— Калп!

— Эмне калп!

— Өлгүң келгени. Өзүңдү өзүң мууntканың. Карачы, ушу мууntканга окшоп турабы! Тиштердин изи алдагы! — Суусар унчуккан жок. — Айт, ким менен жаттың түндө!

— Эч ким менен.

— Шуркуя! Дагы мени согушка жөнөтүп, күтөт имиш. Ушинтип күтөсүңбү?

Согушка эмес, тегирменге барып келгенче кылганың бул, а согушка кетип, бир-эки жыл жоголуп келсем, эмне кылаcың сен? Менин үйүм канчыктуу үйгө айланып, айылдагы дөбөттөрдүн баарысы ушул жерде болот. Эч кимиси калбайт. Чолок-чулагынан өйдө келет. Мен муну бүгүн түшүндүм. Эмне эле мени согушка үгүттөп калды десе... Көрсө, эптеп менден кутула албай аткан турбайбы. Кадырың жам болсун, бийкеч, мен согушка барбаймын, тагам дагы бир жолун табам деп жатат. Ушундай, каламын, бул жолу да каламын, уктунбу? А! Буга эмне дейсиң?

— Эмне демек элем... Уф...

— А-а, үшкүрүп коёт. Үшкүргөндү мына эми көрөсүң. Сенин ушул кылганына барбы... Шерменде! А сен билесиңби, эмне үчүн мен биринчи жолку повесткадан калып калганмын? Коркоктуктан, коркондуктан деп ойлойсуң го сыягы? Элдин бардыгы ошентип жүрүшөт. А бул менин арнамысыма тиет. Себеби мен коркок эмесмин! Эмесмин! Ушу сенин Ормон чологун барып атышып келген немистер менен мен деле атышып келмекмин, мен дагы эки буттан, а керек болсо, баштан айрылыштан коркпойт бочумун. Бирок мен... бир жерден жаңылыштым. Муну мен кийин-кийин... азыр... түшүнүп отурам. Көрсө, бекер кылган экенмин...

— А-а... анда эмне үчүн калып калдың?

— Сени деп...

— Мени деппи? — Суусар биринчи жолу угушу бул сырды. Ан-таң болду.

— Ооба, сени деп... — Колдош бечара боло түштү. — Өзүң билесиң го, мен сени Ормондон кем сүйчү эмесмин. А сен Ормонду гана жакшы көрөт элең. Мени болсо, эл көзүнө маскара кылып, кемсинткенди гана билчүсүң... Мунун баары менин жүрөгүмдү өйүп жүрдү. Ормон экөөңөрдүн баш кошмокчу болгонуңарды уккан күнү сенден биротоло күдөр үзүп, эми шашпагыла деп кекендим. Силерден өч алууну чечтим. Бирок кантип? Кокусунан согуш чыкты. Биздин эски райисибиз биринчилерден болуп согушка кетип, а менин өмүрүмдө биргаттиктен көтөрүлбөгөн, чала сабат, оорукчан тагам анын ордун басып калды. Өрдөк жок жерде, чулдук бий болду, албетте. Бирок менин ишим эмне анысы менен? Менин тагам — райис, колхоздун кожоюну — мага ушунусу керек эле. Дароо боюм көтөрүлө түштү. Эми Суусар мени башкача көзү менен карайт деген үмүт пайда болду. А башка кыздар, балдардын, айрыкча, Ормондун алдында, ышкырып гана басып калдым. Бирок, байкасам, мен өзүм эле өзгөрүп, а сен өзгөрбөй койдуң. Буга таң калдым. Бирок күтүп жүрө бердим. Күзгө барганда Ормон экөөбүзгө повестка чыкты. Адегенде, Ормонго табам канып, абдан сүйүндүм. «Мына эми го, бала, Суусар сулууну таштаарсың», — дедим бетине. «Таштасам, эмне, сага таштамак белем? Биз убактынча гана ажырашып атабыз, кайтып келгенден кийин баары бир үйлөнөбүз», — деди ал. Мага анын: «Таштасам, эмне, сага таштамак белем» дегени, негедир, кызык таасир кылды, кулагыма шак эте түштү. Кап, атандын гөрү, ушу дегениңе ушул жерде калган болсомчу, ошондо Суусарды мага таштабаганыңды көрөт элем деп кейидим ичимден. А ошол эле күнү кечинде тагам менен таженемдин коштошуу

тамагын жеп, арагын ичип отуруп, кокусунан, тагама жалынып кирдим.

«Тага, мени согуштан алып калчы? Коп эмес, бир жылга. Эгер бул мүмкүн болбосо, жарым эле жылга. Үч ай болсо да, мейли!» — дедим. Тагам менен женем айран-тан калышты. «Эмне үчүн?» — деди тагам. «Мен согушка үйлөнүп туруп, анан кетким келет. Мүмкүн ал жактан кайтып келбестирмин. Мүмкүн бул менин акыркы отүнүчүмдүр?» — дедим: «О, кокуй, антип айтпаныз, уул!» — деди женем бечара. «Тантыбачы!» — деп койду тагам. Кийин экөө тен үнкүйүп отуруп калышты. Акырында бирин бири тымызын карап башын көтөрүштү. «Бир нерсе дебейсинби?» — деди женем. «Эмне дейм? Колумдан келер бекен?» — деди тагам. А өзүн көрүп, колунан келди...

— Хм... Ормон экөөбүздөн ушинтип өч алдым дечи?

— Ооба. Максатыма жеттим.

— А убаданды неге аткарбайсын?

— Кайсы убаданы?

— Тагаңа берген убаданы? Бир жылга, же жарым жылга дептирсин, а быйыл үч жылга айланып баратат. Мына эми экинчи повестка келип отурат...

— Эми да баргым жок. Эмки себеп: үйүмдө жаш, сулуу аялым калып атат. Ал мени сүйбөйт. Шондуктан мен кетээр замат өзүн башка эркектердин алдына талпак кылып салып таштайт. Кудай билет, биринчилерден болуп ал талпакка Ормон чолок келип отурат. Сен анын өрмөлөп басканына карабайсың да, жийиркенбейсиң да андан, туурабы?

— Туура, — деди Суусар мисирейген түр менен.

Колдоштун жаны чыга түштү.

— Шуркуя! — деп чаңырды ал. — А мүмкүн, түндө келип кеткен да ошол болуп жүрбөсүн? — Айтаарын айтып алып, осолдой түштү: өзү тегирменде түнөгөн болуп атпайбы. Ондоп кетти. — Мени уктатып коюп, келсе келе берет да?

— Чык, — деп койду Суусар тилинин асты менен. — Издери аныкына окшобойт. Издер эки бут менен баскан кишиники.

Колдош, ушу капыр мага тийиштирип айтып атат го деп да ойлоп кетти. Ушунун чындыкты билгени эле түзүк болуп турат деди. Ал өзүнүн түнкү жоругуна бушайман жеп, өзүнүн сурагынан өзү кабатырлана баштады. Суусар, акыры отуруп, ушундай-ушундай иш деп, чынын айтып берсе го бир жөн. Анда Колдош ага ыраазы болот. Аны көп кейитпес үчүн, арсандап күлүп туруп, кечирип кой, түндөгү киши

өзүм болчумун, азилдештим дейт. Суусар аны бирпас жемелейт, албетте, бирок экөө тең женилдей түшүшөт... А кокус башынан аягына чейин эч ким келген жок, эчтеме болгон жок деп танып чыгып кетсе эмне кылат? Анда ал ишеничсиз аял болуп чыгат. Колдоштун корккону мына ушул...

— Эми ким ошол киши?

— Билбейм. Үйгө кирген жок.

— А-а, ошондойбу? А тамагыңды ким көгөрттү анда?

— Айттым го...

Колдоштун күйбөгөн жери күл болуп баратты. Бирок Суусарды зордуктап, коркутуу жолу менен чындыкты айттыра албайсың, анда ал өчүшүп алат, мүнөзү ошондой. Тескерисинче аны сылап-сыйпап, алдап көрүшү керек.

— Уятсыз...— деди ал, арып-чарчаган, баарысына макул болгон түр менен. — Болоор иш го болуптур. Эми ушуну, касам ичип, көз көрүнөө тангандын ордуна, болду эле деп койбойсуңбу? Моюнга алсаң, мага кыйла женил болбойбу. — Колдош кокусунан Суусардын алдына чөгөлөй түштү. — Мейли, аты-жөнүн айтпа. Жөн гана: ооба, шайтан жолдон чыгарды, мындан ары кайталанбайт деп койчу. Суранамын, ошентчи? Кана?

Суусар тобокелге салып, ушунун баарын кылган өзүңсүң, анткор дегиси келип барып, кайрадан өзүн араң токтотту. Коркуп кетти. Кокус өзү болбой калсачы? Колдош аны өмүрүндө кечирбейт. А азыр жөн эле кууланып атат. Пейили курусун мунун.

— Жок. Эчтеке болгон жок.

Колдош андан ары чыдай албады. Суусарды көкүрөктөн нары муштап калды. Суусар кулап түштү.

Ал ордунан тура калып, бүткүл ачуусу, бардык күчү менен тепкилеп, жаман сөздөр менен сөгүнүп кирди. Суусар каршылык көрсөткөн жок. Колдору менен бирде жүзүн, бирде курсагын калкалап, тыбырчылап жерде жата берди. Бир маалда гана жанынан барынча чыңырып, ичин кучактап, көмкөрөсүнөн түшүп жатып калды. Колдош да кичине соолуга түштү. Энтиге дем алып, көздөрү алоолонуп, аялын дагы эле жеп-жутуп жиберчүдөй карап турду. Суусар эки колун таянып, кичине өйдө болду.

— Жедиң... — деп шыбырады ал. — Жедиң... Баланы жедиң, доңуз...

— Ажап болот! — деди Колдош. — Мага арамдан туулган баланын кереги жок.

Суусар тик турууга аракеттенип, бирок тура албай, төрт аяктап өрмөлөп, таш бакага окшоп акырын жылып, төркү

тамагын жеп, арагын ичип отуруп, кокусунан, тагама жалынып кирдим.

«Тага, мени согуштан алып калчы? Көп эмес, бир жылга. Эгер бул мүмкүн болбосо, жарым эле жылга. Үч ай болсо да, мейли!» — дедим. Тагам менен женем айран-таң калышты. «Эмне үчүн?» — деди тагам. «Мен согушка үйлөнүп туруп, анан кетким келет. Мүмкүн ал жактан кайтып келбестирмин. Мүмкүн бул менин акыркы өтүнүчүмдүр?» — дедим: «О, кокуй, антип айтпаныз, уул!» — деди женем бечара. «Тантыбачы!» — деп койду тагам. Кийин экөө тен үнкүйүп отуруп калышты. Акырында бирин бири тымызын карап башын көтөрүштү. «Бир нерсе дебейсинби?» — деди женем. «Эмне дейм? Колумдан келер бекен?» — деди тагам. А өзүн көрүп, колунан келди...

— Хм... Ормон экөөбүздөн ушинтип өч алдым дечи?

— Ооба. Максатыма жеттим.

— А убаданды неге аткарбайсын?

— Кайсы убаданы?

— Тагана берген убаданы? Бир жылга, же жарым жылга дептирсиң, а быйыл үч жылга айланып баратат. Мына эми экинчи повестка келип отурат...

— Эми да баргым жок. Эмки себеп: үйүмдө жаш, сулуу аялым калып атат. Ал мени сүйбөйт. Шондуктан мен кетээр замат өзүн башка эркектердин алдына талпак кылып салып таштайт. Кудай билет, биринчилерден болуп ал талпакка Ормон чолок келип отурат. Сен анын өрмөлөп басканына карабайсың да, жийиркенбейсиң да андан, туурабы?

— Туура, — деди Суусар мисирейген түр менен.

Колдоштун жаны чыга түштү.

— Шуркуя! — деп чаңырды ал. — А мүмкүн, түндө келип кеткен да ошол болуп жүрбөсүн? — Айтаарын айтып алып, осолдой түштү: өзү тегирменде түнөгөн болуп атпайбы. Ондоп кетти. — Мени уктатып коюп, келсе келе берет да?

— Чык, — деп койду Суусар тилинин асты менен. — Издери аныкына окшобойт. Издер эки бут менен баскан кишиники.

Колдош, ушу капыр мага тийиштирип айтып атат го деп да ойлоп кетти. Ушунун чындыкты билгени эле түзүк болуп турат деди. Ал өзүнүн түнкү жоругуна бушайман жеп, өзүнүн сурагынан өзү кабатырлана баштады. Суусар, акыры отуруп, ушундай-ушундай иш деп, чынын айтып берсе го бир жөн. Анда Колдош ага ыраазы болот. Аны көп кейитпес үчүн, арсандап күлүп туруп, кечирип кой, түндөгү киши

өзүм болчумун, азилдештим дейт. Суусар аны бирпас жемелейт, албетте, бирок экөө тен женилдей түшүшөт... А кокус башынан аягына чейин эч ким келген жок, эчтеме болгон жок деп танып чыгып кетсе эмне кылат? Анда ал ишеничсиз аял болуп чыгат. Колдоштун корккону мына ушул...

— Эми ким ошол киши?

— Билбейм. Үйгө кирген жок.

— А-а, ошондойбу? А тамагыңды ким көгөрттү анда?

— Айттым го...

Колдоштун күйбөгөн жери күл болуп баратты. Бирок Суусарды зордуктап, коркутуу жолу менен чындыкты айттыра албайсын, анда ал өчүшүп алат, мүнөзү ошондой. Тескерисинче аны сылап-сыйпап, алдап көрүшү керек.

— Уятсыз...— деди ал, арып-чарчаган, баарысына макул болгон түр менен. — Болоор иш го болуптур. Эми ушуну, касам ичип, көз көрүнөө тангандын ордуна, болду эле деп койбойсуңбу? Моюнга алсаң, мага кыйла женил болбойбу. — Колдош кокусунан Суусардын алдына чөгөлөй түштү. — Мейли, аты-жөнүн айтпа. Жөн гана: ооба, шайтан жолдон чыгарды, мындан ары кайталанбайт деп койчу. Суранамын, ошентчи? Кана?

Суусар тобокелге салып, ушунун баарын кылган өзүңсүң, анткор дегиси келип барып, кайрадан өзүн араң токтотту. Коркуп кетти. Кокус өзү болбой калсачы? Колдош аны өмүрүндө кечирбейт. А азыр жөн эле кууланып атат. Пейили курусун мунун.

— Жок. Эчтеке болгон жок.

Колдош андан ары чыдай албады. Суусарды көкүрөктөн нары муштап калды. Суусар кулап түштү.

Ал ордунан тура калып, бүткүл ачуусу, бардык күчү менен тепкилеп, жаман сөздөр менен сөгүнүп кирди. Суусар каршылык көрсөткөн жок. Колдору менен бирде жүзүн, бирде курсагын калкалап, тыбырчылап жерде жата берди. Бир маалда гана жанынан барынча чыңырып, ичин кучактап, көмкөрөсүнөн түшүп жатып калды. Колдош да кичине соолуга түштү. Энтиге дем алып, көздөрү алоолонуп, аялын дагы эле жеп-жутуп жиберчүдөй карап турду. Суусар эки колун таянып, кичине өйдө болду.

— Жедиң... — деп шыбырады ал. — Жедиң... Баланы жедиң, доңуз...

— Ажап болот! — деди Колдош. — Мага арамдан туулган баланын кереги жок.

Суусар тик турууга аракеттенип, бирок тура албай, төрт аяктап өрмөлөп, таш бакага окшоп акырын жылып, төркү

үйгө кирип кетти. Колдош кайта өз дөңгөчүнө отурду. Бирпастан кийин анын канталашкан чон-чон көздөрүнөн өзүнөн өзү диркиреп жаш кетти. Ал көпкө чейин ыйлады. Бирок эмне үчүн ыйлап атканын өзү да жакшы билген жок. Бир маалда төркү үйдөн кичине түйүнчөк колтуктап, Суусар чыкты. Жүзү күпкүү алсыз.

— Туура кыласын, кет, кет, — деди ага Колдош ый аралаш. — Мен аягы суюк аял менен жашай албайм. Мен сенин жообунду бердим. Бир талак! — Суусар жооп бергенге чамасы келбей, теңселе басып, унчукпай үйдөн чыкты. — Бул аздык кылса, эки талак! Үч талак! — деп кыйкырды Колдош ордунан туруп, босогого чейин чуркап барып.

Ошондо гана Суусар секин бурулуп, аны карап:

— Бечара... — деп койду да, кайрылып жолго түштү.

Колдош ага жооп бере алган жок. Не дээрин билбей, өзүнө да, Суусарга да жини келип, босогосунда селейип кала берди...

Жанагы эртең мененки бозомук тарткан айлана андан бетер бозоруп, калың туманга айланыптыр. Суусар айылдан чыгып, Ормондун көпүрөсүнө жеткенде, көпүрүктүн аркы учундагы кишини даана көрүш кыйын болуп калды. Туман аз келгенсип, көпүрүктүн үстүндөгү кар такыр катып, бут коюштан коркосун. Суусардын жыгылган себеби да ошол болду. Жыгылганда да катуу жыгылды. Алыстан карап турган Ормон муну кайдан билсин. А Ормонду Суусар жакын барганда гана көрбөспү. Көрүп, намыскөй жаны андан намыс кылып, өзүнүн чыныгы акыбалын ага сездирбес үчүн аябай чымырканып, калп жерден ырсайып күлүп, бирдемелерди булдурап сүйлөп жанынан өтүп кетти. Бирок өтөөрүн өтүп алып, көпкө чейин далысы менен Ормондун көз карашын сезип барды. Анан ал сезимден кутулуп, кутула электе, каршысынан Ормондун көзү кыйшык аялы Гүлсүн чыга келди. Колунда нариste кызы, башында түйүнчөгү бар. Гүлсүн менен Суусар экөө бир айылдан, ал турмак ата-энелери коңшу турушат. Бир кезде Ормон үчөө бир класста окушчу эле. Гүлсүн кыздардын куниги, жоош-момуну болуп, көрүнгөн бала, кыз дебей аны бири ыйлатса, бири сооротуп турушчу. А Ормон менен Суусар, байкушту өздөрүнө почточу кылып пайдаланышчу. Тагдыр экен да, мына эми келип...

— Ой, Суусарсынбы? — деп калды Гүлсүн. — Бу тан азандан каякка жөнөдүн?

— Атамдардыкына...

— А мен атамдардыкынан. Ормонго жаргак шым тиктирдим эле, ошону алып келатам. Суукта тизеси какшап, бечарамдын шаштысы кетип атат.

Суусар бирпаска унчукпай аны карап турду. Гүлсүндүн бактысына көзү күйдү. Анан анын көз карашына Гүлсүндүн таңыркай түшкөнүн сезип, баласына алаксый кетти.

— Кызың чоноюп атабы? — деп кыздын бетин ачып, мандайынан өөп койду. Ормонго окшош болот деди ичинен. Ошол замат өзүнүн кардындагы баласы туйлап, ичи катуу ооруп берип, көздөрү тунара түштү.

— Ой! — деп кыйкырып жиберди.

— Суусар... Суусар... Сана эмне болду? — деп Гүлсүн байкуш күйпөлөктөп калды.

— Эчтеке эмес... Эчтеке эмес... — деди Суусар тиштенип. Анан куду Ормонго жылмайгандай калп жылмайып, шашып жолуна түштү.

— Кайыр, Гүлсүн...

— Кайыр...

Гүлсүн таңыркаган бойдон калды. Эми Суусардын артынан Ормон гана эмес, анын аялы Гүлсүндүн көз карашы да узатып турду. Көп убакыт өтпөй буга кошумча болуп, Ормондун мүйүз карнайинин үнү келди. Карнайдын үнү Суусарды куду атасынын босогосуна чейин ээрчип барды. Суусарга ал абдан мунду угулуп атты. Анын көздөрүнөн шорголоп ысык жаш кетти...

* * *

Эртең мененки туманда эрбеңдеп жүрүшүп, атбагарлар аттарын эшиктеги акырларына алып чыгып байлашты. Байлап болуп, бир четтен алдыларына саман төгө башташты. Мына ошол маалда аткананын коргонуна райис Разак келип кирди. Боз жорго менен, албетте. Боз жоргодон түшүп, аны беденин үймөгү жакка коё берип, өзү саман скирданын түбүндө саман каптап атышкан атбагарлардын жанына басып келди. Райис Разак бою пас, бирок дыгдыйган жоон киши эле, муруттары узун, көздөрү жээни Колдоштун көздөрүндөй чанагынан чыгып, канталашып турат. Айылдагылар мурда муну Разак кодоо дешчү, райис болгондон бери антип айтышпай калышты, айтышса да угузбай айтышат. Разак акенин өзү дагын мурда кодоолугуна макул болуп, кодоо дешсе, ага терикчү эмес, а райис болгондон бери, кодоо деп айтышпаса да, өзүнөн бою узун адамды астыртадан чакчая карап, болор-болбос жерден корс-корс сүйлөп басып кетет. Айтмакчы, басыгы да өзгөрдү: илгери дайыма шашып, кыдыңдап чуркап жүргөн киши, эми

таптакыр салабаттуу басып, боюн кайкалатып, а эки эли мойнун куду эки карыш моюндай созуп басып калды. Башта эл арасында «Разак кодоого окшоп кыдындап басып» деген салыштыруу болсо, азыр «Разак райиске окшоп койкоё басып» деген салыштыруу чыкты. Разак аке мына ошол райис басыгы менен басып келип:

— О, ассалом-алейкум, атбагарлар! — деп салам берди.

Атбагарлар экөө тең ордуларынан туруп, ага кол беришти.

— А Разак... Кел, кел... — деди Ысман аке.

— Кандай, эр жигит, кыйналбай атасынбы? — деди райис Закирге.

— Жо-ок, — деп койду Закир, жылмайып.

— Кыйналып атат, албетте, — деди Ысман аке. — Бала да.

— А эчтеке эмес. Эртели-кеч согуш бүтөт. Атаң келет. А сиздин уулуңуз келет. Аскерлердин баарысы кайтышат. Ошондо мына өзүм, биринчи болуп, экөөңө жооп берем: сиз, Ысман аке, кемпириңиздин алдында чай ичип отуруп калассыз, а сен кайтадан окуунду улантасың.

— Ой, оозуна май, үка, тезирээк эле келсе экен ошол күн.

— Келет, келет... — Райис скирдаларга назарын салды. — Жем-кашек дагын азайып баратыптыр. Ченеп бергиле, Ысман аке. Жазгы кош айдоого калгандай болсун.

— Куда кааласа, жеткиребиз. Жаз жакын...

Райис башындагы суусар тебетейин алып, ага жабышкан чөп-чар болсо терип таштайын дегенсип, нары-бери тегерете баштады. А ой-максаты башкада экен.

— Ысман аке, мен районго кетип баратам, — деди. А силерге бурулганымдын себеби бул: Закирди армияга чакырышыптыр. Мен муну военкоматка ала барайын...

Ысман акенин үрөйү учуп кетти. Закирди аңкая карап, катып калды. Закирдин жүрөгү зырп чочуп алды, ою уйгутуйгу боло түштү. Дароо анын алдында кандайдыр терең, улуу белгисиздик пайда болуп, ал белгисиздиктен ошондой эле терең, улуу коркунучтун илеби келди. Бирок ушул эле учурда анын балалык кыялын бул терең, улуу белгисиздик каратып туруп жыландай арбай баштады.

— Койчу? — деди Ысман аке. — Ушу... баланы дагын согушка алабы? Жаңылыштык го?

— Мен да ошентип ойлоймун, — деди райис. — Бул жаңылыштык. Бирок Ысман аке, Закир военткоматка барып көрүнүшү керек. Барсын. Өзүм алпарам. Алпарып, айтамын: бала жаш деймин...

— Туура, туура! Айт, үка! Айт! Бала он алтыга эми чыкты дегин; боюна карашпасын, бою солдойгону менен жашы он алтыда; Айнисанын кызы Соно экөө тең, экөө биздин кыштакты улуу сел каптаган жылы туулган.

— Билем, билем.

— Билсең, айта көр, үка. Колунда карыган энеси, жаш үкасы бар, а атасы пронтто дегин...

— Айтам, айтам.

— Ошент... Сенин тилинди алышат...

— Кана эмесе, Закир, жоргону апкел.

— А-а... мен үйгө барып, энем, үкам менен коштошуп кетейин... — деди Закир.

— Коштошуп эмне кыласың? Кайтып келесиң кечке. Андан көрө кемпирди кабатыр кылбай, билгизбей барып келели.

— А Разак туура айтат, балам. Энеңдин билбегени жакшы, билсе жүрөгү жарылып кетет бечараның.

— Анда, Ганы оокат апкелгенде, мени бир жакка жумшап жибердим деп коюң, энеме айтып барбасың, — деп өтүндү Закир.

— Боптур, боптур. Бар, бара кой. Ылайым кудай жолунду кыска кылып, райондон бери кайтып кел, оболу акибар! Ысман аке дуба кылды.

Райис атына минип, Закирди учкаштырып, жөнөп калышты. Ысман аке аларды дарбазанын оозуна чейин ээрчип барды.

— Кудай ай, кандай заман болуп кетээр экен, жаш балдарды да согушка ала баштады... — деп кейиди бечара, боз жоргонун артынан узата карап...

Кыштак менен райондун борборуна чейин төрт эле чакырым жер. Боз жорго үчүн ал бир чай кайнатым убакыты алды. Райис менен Закир военкоматтын коргонуна келип түшүшүп, жоргону коргонду бойлото байланган көп сандаган ат, эшектердин катарына байлашты.

— Эми сен, жоргону караганча, ушул жерде тур, — деди райис. А мен военкоматка кирип сүйлөшүп чыгайын, куппу? Узак кетпегин, чакырып калыштары мүмкүн...

Ошентип коюп, коргондун жабык дарбазасын ачып, ичкери кирип кетти. Ушунча болуп Закир бул дарбазанын нары жагына башпагып көргөн эмес. Райисти ээрчий басып, дарбазанын жыртык-тешигинен шыкаалап, коргондун ичине көз чаптырды. Коргондун ичи жык адам: эркектер, аялдар, балдар... Көпчүлүгүнүн колунда куржун, түйүнчөгү

бар. Топ-топ болуп турушат, эң азы экиден, жалгызы жок. Кээ бирөөлөрү ыйлап алган...

«Пронтко кетип аткандар турбайбы, — деп түшүндү Закир. — Кокус мени да жоготүп калышса, энем менен Ганы узата албай калышат экен да. Эгер мына булардай коштошкон болсок, энем менен Ганы атама дубай-салам айтышат эле, белек берип жиберишет эле...» Ушинтип кейип турганда, дарбазанын алдына оокат-азыгын асынган эки киши келип токтошту. Бирөө элүүлөргө барып калган эркек, экинчиси он сегиз, он тогуздагы бала. Экөө бири-бирине окшош, ата-бала экен көрсө.

— Ата, анау кишини күтө туралы, — деди бала, дарбазаны ача баштаган атасына.

— Күтсө, күтөлү, — деди да, атасы оор үшкүрүп койду.

Булардын артынан милиция формасын кийген, атчан киши келатыптыр. Закир атчанды дароо тааныды. Райондук милициянын начальниги Ысак экен. Ысак-аке биздин айылдык болот. Биздин айылдан чыккан эң көрүнүктүү кишибиз ушул. Биздикилер аны менен абдан сыймыктанышат, начайлик Ысак деп баркташат. Ысак аке ушерде жашайт, бирок айыл менен серкаттоо, ал жердегилердин карыжашына чейин, эшигиндеги итине чейин тааныйт. Ошондуктан, Закирди көрөр замат:

— Эй, сен эмне кылып турасың? — деп сурады.

— Повестка чыгыптыр, — деди Закир.

— Санабы? Кана повесткан? — Начальник атынан түшүп, Закирге колун сунду.

— Повесткам... Разак акеде. Ошо киши апкелди мени.

Ысак аке ойлоно түштү.

— Пай-пай, балапан гана бойдон экенсин, кулунум, — деп койду берки киши.

— Кана анан Разак? — деп сурады начальник, кичине кескин түрдө.

— Ичкери кирип кетти, — деди Закир.

Ысак аке тезаптык менен Закирге атынын тизгинин карматты.

— Ме, бир жерге байлап кой, жүргүлө!

Ата-баланы алдыга салып, начальник коргонго кирип кетти. Закир нар жак, бер жагын карап чыгып, анын атын боз жоргонун жанындагы бош жерге жетеледи. Райистин аты менен начальниктин аты тааныш окшойт, бири-бирин онурайып карап коюшту. Закир Ысак акенин атын байлап, үзөнгүлөрүн ээрдин кашына илип, анан бирпаска жалынан, жонунан сылап туруп, кайта дарбазанын оозуна келди. Келип, дагы эле ичкери жакты шыкаалап калды. Кыйладан

кийин ал көпчүлүктүн ичинен жирип чыгып келатышкан Ысак начайлик менен Разак райисти көрдү. Экөөнүн түрү жаман, колдорун бири-бирине шилтеп, урушуп-талашып келатышкансышат. Закир алардан коркуп, дарбазадан кичине оолактай берди. Биринчи болуп дарбазадан райис атырылып чыкты.

— Шашпа! Ушинтип эле начальник болуп турганынды көрөм сенин! — деди ал ызырынып.

— Мен да сенин ушинтип райис болуп турганынды көрөм! — деди Ысак начайлик.

— Көрүшөбүз!

— Көрүшөбүз!

Райис Разак өзүнүн райистик басыгын унутуп, дикилдеп чуркаган бойдон барып, жоргого жабышты. Эки-үч умтулуп жатып жоргонун үстүнө конду да, анын башын чукул буруп, жолго түштү. Закир эчтекеге түшүнбөй, не кыларын билбей, акырын басып Ысак акенин жанына келди. Ысак аке жоргонун артынан ачуулуу караганча, чөнтөгүнөн кып-кызыл кабагын алып чыгып, шашылбай нас чеге баштады. Насын чегип, кабагын кайра чөнтөгүнө салып жатып гана Закирди байкады. Байкап, ага кандайдыр аталык мээрим менен карады.

— Сен барып, аттарыңды бага бер, — деди анан. — Сенин ордуна пронтко Колдош барат.

* * *

Колдош кыштакка кечки иңирде гана келип кирди. Ийнинде чачма мылтык, колунда беш-алты кекилиги бар. Мурутуна муз тоңуп, бутундагы өтүгү кожоюп катып, баскан сайын карч-курч үн чыгат. Кыштакка кирип, өз үйү эмес, тагасынын үйүнө бурулду. Тагасынын дарбазасына келип, адегенде коргондун ичин бир сыйра антарыштырып карап алды. Коргондун ичинде эки үй, жыйырма чакты койэчки кечки чачылган жем-чөбүн жеп атышат, алардан башка тирүү жан көрүнбөйт. Колдош дарбаза менен үйдүн босогосуна чейинки аралыкты тездик менен басып өттү да, куду кыргыйдан качкан таранчыдай ичкериге шумкуп кирди. Үйдө Орун таженеси гана бар экен. Таженеси очоктун боюнда күймөнүп, оокатка урунуп атыптыр. Ал киши чочуп кетти.

бар. Топ-топ болуп турушат, эң азы экиден, жалгызы жок. Кээ бирөөлөрү ыйлап алган...

«Пронтко кетип аткандар турбайбы, — деп түшүндү Закир. — Кокус мени да жонотүп калышса, энем менен Ганы узата албай калышат экен да. Эгер мына булардай коштошкон болсок, энем менен Ганы атама дубай-салам айтышат эле, белек берип жиберишет эле...» Ушинтип кейип турганда, дарбазанын алдына оокат-азыгын асынган эки киши келип токтошту. Бирөө элүүлөргө барып калган эркек, экинчиси он сегиз, он тогуздагы бала. Экөө бири-бирине окшош, ата-бала экен көрсө.

— Ата, анау кишини күтө туралы, — деди бала, дарбазаны ача баштаган атасына.

— Күтсө, күтөлү, — деди да, атасы оор үшкүрүп койду.

Булардын артынан милиция формасын кийген, атчан киши келатыптыр. Закир атчанды дароо тааныды. Райондук милициянын начальниги Ысак экен. Ысак-аке биздин айылдык болот. Биздин айылдан чыккан эң көрүнүктүү кишибиз ушул. Биздикилер аны менен абдан сыймыктанышат, начайлик Ысак деп баркташат. Ысак аке ушерде жашайт, бирок айыл менен серкаттоо, ал жердегилердин карыжашына чейин, эшигиндеги итине чейин тааныйт. Ошондуктан, Закирди көрөр замат:

— Эй, сен эмне кылып турасың? — деп сурады.

— Повестка чыгыптыр, — деди Закир.

— Саңабы? Кана повесткан? — Начальник атынан түшүп, Закирге колун сунду.

— Повесткам... Разак акеде. Ошо киши апкелди мени.

Ысак аке ойлоно түштү.

— Пай-пай, балапан гана бойдон экенсин, кулунум, — деп койду берки киши.

— Кана анан Разак? — деп сурады начальник, кичине кескин түрдө.

— Ичкери кирип кетти, — деди Закир.

Ысак аке тезаптык менен Закирге атынын тизгинин карматты.

— Ме, бир жерге байлап кой, жүргүлө!

Ата-баланы алдыга салып, начальник коргонго кирип кетти. Закир нар жак, бер жагын карап чыгып, анын атын боз жоргонун жанындагы бош жерге жетеледи. Райистин аты менен начальниктин аты тааныш окшойт, бири-бирин онурайып карап коюшту. Закир Ысак акенин атын байлап, үзөнгүлөрүн ээрдин кашына илип, анан бирпаска жалынан, жонунан сылап туруп, кайта дарбазанын оозуна келди. Келип, дагы эле ичкери жакты шыкаалап калды. Кыйладан

кийин ал көпчүлүктүн ичинен жиреп чыгып келатышкан Ысак начайлик менен Разак райисти көрдү. Экөөнүн түрү жаман, колдорун бири-бирине шилтеп, урушуп-талашып келатышкансышат. Закир алардан коркуп, дарбазадан кичине оолактай берди. Биринчи болуп дарбазадан райис атырылып чыкты.

— Шашпа! Ушинтип эле начальник болуп турганынды көрөм сенин! — деди ал ызырынып.

— Мен да сенин ушинтип райис болуп турганынды көрөм! — деди Ысак начайлик.

— Көрүшөбүз!

— Көрүшөбүз!

Райис Разак өзүнүн райистик басыгын унутуп, дикилдеп чуркаган бойдон барып, жоргого жабышты. Эки-үч умтулуп жатып жоргонун үстүнө конду да, анын башын чукул буруп, жолго түштү. Закир эчтекеге түшүнбөй, не кыларын билбей, акырын басып Ысак акенин жанына келди. Ысак аке жоргонун артынан ачуулуу караганча, чөнтөгүнөн кыпкызыл кабагын алып чыгып, шашылбай нас чеге баштады. Насын чегип, кабагын кайра чөнтөгүнө салып жатып гана Закирди байкады. Байкап, ага кандайдыр аталык мээрим менен карады.

— Сен барып, аттарынды бага бер, — деди анан. — Сенин ордуна пронтко Колдош барат.

* * *

Колдош кыштакка кечки иңирде гана келип кирди. Ийнинде чачма мылтык, колунда беш-алты кекилиги бар. Мурутуна муз тоңуп, бутундагы өтүгү кожоюп катып, баскан сайын карч-курч үн чыгат. Кыштакка кирип, өз үйү эмес, тагасынын үйүнө бурулду. Тагасынын дарбазасына келип, адегенде коргондун ичин бир сыйра аңтарыштырып карап алды. Коргондун ичинде эки үй, жыйырма чакты койэчки кечки чачылган жем-чөбүн жеп атышат, алардан башка тирүү жан көрүнбөйт. Колдош дарбаза менен үйдүн босогосуна чейинки аралыкты тездик менен басып өттү да, куду кыргыйдан качкан таранчыдай ичкериге шумкуп кирди. Үйдө Орун таженеси гана бар экен. Таженеси очоктун боюнда күймөнүп, оокатка урунуп атыптыр. Ал киши чочуп кетти.

— Ой, сиз белениз? — деп ордунан тура калды.

— Мен жене, мен, — деди Колдош, бечаранын үнү менен.

Мурдагы Колдош эмес, сакал-муруту өскөн, этинен түшүп, ыраны азгын.

— Таза үшүпсүз, тезираак чечине калын, — деди женеси ага боору ооруп.

— Үшүдүм, үшүдүм... Бул жерге жаз келип калыптыр, а тоо жакта кар улуу...

Колдош кекиликтерин эшиктин артындагы бурчка ыргытып, мылтыгын мыкка илип, тебетейин, тонун, өтүгүн чече баштады. Бирпастан кийин жылаңбаш, жылаңбут болуп, колдорун отко тутуп, очоктун боюндагы талпакка отуруп калды.

— Жене, бирдеме ичиринчи, — деп өтүндү.

— Азыр, — деди женеси элпек козголуп.

Аш-пай дебей Колдоштун алдына дасторкон салып, нан, арак жана пиала апкелип койду. Колдош пиалага аралтан жык куюп, чоң жутуп алды да, артынан бир тиштем нанды бүкүлү-какылы жеп жиберди.

— Ох... — деп үшкүрдү анан рахат менен. — Адам боло түшпөдүмбү. Рахмат, жене...

— Аш болсун, — деди женеси, анын ыраазылыгына ыраазылык менен жылмайып.

Женеси тагасынан жыйырма жаштай кичүү, отуз бешке эми барды. Бою сымбаттуу, чырайдан кудай берген. Райис күйөөсүн өтө ысык сүйбөсө да, чын ыкласы менен ызаат кылат, кечирген турмушуна ыраазы. Бирок Колдош анын бир кылмышын билет. Эки жыл илгери, карангыда булардын үйүнө келатып, женесинин бирөө менен дарбазанын оозунда эзилишип сүйлөшүп турганын көргөн. Өрүктүн паанасына жашына калып, тыншаса атбагар Ысмандын уулу мугалим Муратгын үнү чыгат. Сөздөрүн даана угалган жок, бир нерсеге убадалашып атышты иши кылып. Колдош чыдабай, ышкырып жиберди. Мугалим бакты аралап качып жөнөдү, женеси коргонуна жылт койду. Артынан ээрчип кирсе, эчтеке болбогонсуп, эчтеке билбегенсип, казан-аягы менен алек болуп калыптыр. Бирок кайнисин тике карай албайт.

— Көрдүм, уктум, жене,—деди Колдош. — Убаданар бышты. Шордуу тагамдын жүрөгү жарылып кетээр бекен, айтсам?

Орун таженесинин колундагы чынысы жерге түшүп тең бөлүнүп, өзүнүн үрөйү учуп туруп калды.

— Айтпан, айланайын жээн бала, айта көрбөн,— деп жалына кетти анан. — Айтсаңыз чындап эле таганызды

өлтүрөсүз. Өмүр бою кулунуз болоюн, ушуну оозунуздан чыгарбаң, уулжан...

Колдош айткан жок. Таженеси да убадасында туруп, анын айткан-дегенин кылып келатат, бечара: пул десе пул берет, арак десе арак берет... А мугалим Мурат болсо, ошондон кийин он күн өтпөй эле согушка кеткен. Кызык, кетпегенде эмне болоор эле? Эмне деп убадалашты экен ошондо бул экөө?

— Тагам каякта? — деп сурады Колдош эми гана.

— Районго кеткен, — деди женеси.

— А! А эмнеге?

— Райком чакырган имиш го. — Женеси кайнисинин кабатырланганын көрүп, аны жайкап койду. — Колхоздун ишин сурайт да, эмнеге чакырмак эле.

— Ошентсе экен, дагы бир балээ болуп... Эх, коркок болуп да бүттүм. Ушинтип, тоо-таштын арасында суукка тоңуп, ачка болуп, жапайы адамча жалгыз күн көргөнчө, согушта жүргөнүм түзүк эмес беле. Ал жерде кыйналсаң да, өлсөң да көпчүлүктүн арасында кыйналасың, көпчүлүктүн арасында өлөсүң... — Колдош ушул сөздөрүнөн улам, пронтко барбай калганына себепчи болгон кишисин эстеп, кабыргасы кайыша түштү. — Сиз ага бардыңызбы?

— Кимге?

— Суусарга.

— Бардым... Боюнан түшүптүр, бечаранын. Уул бала экен. Тирүү туулуп, чай кайнатым убакыттан кийин чарчаптыр. А келиндин өзү төшөктө жатыптыр...

Женеси унчукпай, Колдош да кыйлага чейин тунжурап отуруп калышты.

— Сүйлөштүңүзбү?

— Сүйлөштүм. Тезирээк сакайып кетиниз, келин, өзүм келип алып кетем дедим.

— Десеңиз, эмне дейт?

Женеси кыйладан кийин жооп берди.

— Айыккан болсом, мени Колдоштун үйүнө алпарган сокмо жолду кирасин куюп өрттөйм деди...

— Туура кылат... Мына эми сүйгөн аялдан да, көптөн көп күткөн уулдан да куру калдым.

— Чала болот сана, — деди бирөө эшик жактан.

Босогодо үйдүн ээси туруптур. Арып-чарчаган, көңүлү гаш көрүнөт. Орун женеси тура калып, колунан камчысын, башынан суусар тебетейин алып, чепкенин чечкенге жардам берди. Райис очоктун боюна отурар замат:

— Оокатың бышса, казанынды чыгарчы, өзөгүм салаңдап калды, эртең мененки чайдан бери оозума наар ала элекмин, —деп наалый кетти.

— Азыр, азыр, — деди илберинки жаш аялы.

Казан дароо чыгарылды. Дароо сорпосу кеселерге куюлуп, эти мис табакка салынып, дасторконго коюлду. Ошого чейин тагасы отко жылынып үн-сөзсүз отурду. Тамак-аш алдына келгенден кийин гана кабагы ачылып, Колдошко көңүл бурду.

— Сен жакшы түшүп келипсин, — деди, сорпосунан шоршор ууртаганча. — Сүйлөшүш керек. Анан... Курсак тойсун...

Оокат ичилип бүттү. Курсактар тойду. Бирок Колдош ичкен, жегенинин даамын сезбеди: эмне кабар айтаар экен деп, белгисиздиктен көңүлү уйгу-туйгу болуп, кабатыр болуп күтүп атты. Өзү да түйбай арактан эки жолу жутуп алды. Тагасы ичпейт. Оорукчан. Бөйрөгү ооруйт.

— Эмесе мындай, — деди тагасы акырында, узун муруттарын сылап, аларга жуккан оокаттын жугу-журтун кетиргенче. — Мен азыр туура райкомдун кабинетинен чыгып келатам. Иш чатак, жээним... Райкомго военкоматтан кат түшүптүр, сен тууралуу. Райкомдун секретары: «Тез арада качык жээнинди кармап келип согушка жөнөт, болбосо, башкармалыгынды тапшыр да, ордуна өзүн бар», — деп айтты...

— Ой... — деп Орун женеси жүрөгүн басты.

А тагасы жээнинен сөз күтүп калды. Жээни не дээрин билбей, эси кетти.

— Жээним, сен көпчүлүк барган жерге барып кел, көпчүлүк көргөндү көрүп кел, — деди анда тагасы. Анан дагы күтүп калды.

— Кеч болуп калды, тага, — деди Колдош бул жолу, армандуу үшкүрүп.

— Эмне үчүн?

— Мени эми көпчүлүк барган жакка жөнөтүшпөйт. Андай болсо, кана? Барат элем. Кудай урсун, барат элем! Эми менин мурдагыдай бул жерде кыңырылып, кыялбас кишим да жок. Силер өзүңөргө албагыла, силердин жөнүнөр башка... Мен өз сүйүүмдү, суйсалган Суусар сулуумду айтып жатам. Эми мен баары-жоктон айрылып, өз үйүмдөн бетер кутум качып, ээн жерде энгиреп, жападан жалгыз калдым. Эми мен, тага пронт эмес, тозоктун отуна барууга да даярмын. Бирок... турмага эмес! Турмага мен барбайм. Турмага барганча, тоо-таштардын арасында жүрүп, айбандарга кошулуп айбан болуп кеткеним түзүк. Турма — өмүр бою жууса кетпес кир, тага! А согуштан, өзүн келбесен да «жоокер Паланчаев өз Ата Журтун коргоп, өз милдетин

аткарып жатып, баатырларча курман болду» деген эки эли кагаз келет. Бул кагаз кара кагаз делгени менен, ошо, пронттон качкандыгы үчүн, паланча жыл турмада аристан болуп жашап келди деген наалаты сөздөн мин эсе агыраак жана тазараак!

Колдош кызуусу менен шишедеги калган аракты да шарылдатып куюп калды.

— Кудай сактай көр, — деди тагасы, жакасын кармап. — Бу сени ким турмага отургузуп атат? Сана соттон эмес, военкоматтан повестка келген!

— Э-э, тага, мени билбейт деп турасызбы? Мен билем. Военкоматтын да соту бар. Военный сот деп аталат ал. Куду мага окшогон качкындарды, чыккынчыларды соттойт. Укканбыз, билебиз...

Разак райис буга эмне дээрин билбей, бирде аялын, бирде жээнин карап отуруп калды.

— Жээним, баары бир барышың керек военкоматка, — деди акырында өтүнгөн түр менен. — Сен барбасан, мен барышым керек. Башка арга жок.

— Сиз өзүңүздөн кабатыр болбоңуз тага. Райком жөн эле опуза кылып айтыптыр. Сизди пронтко албайт. Пронтто эмне бар сизге? Өзүңүз кары, оорукчан болсоңуз... Ал жакта сиздин пайда жок. Пайда болсо, алып кетээр эле эчак. Сиздин пайданыз, ушуерде тиет өкүматка. Тийип атат. Шондуктан, сизди ордунуздан козгошпойт. Коркпоңуз. А менден болсо, тууган катары, кол үзүңүз.

— Эмне?!

— Кокуй, уул, эмне дегениңиз?

— Ушинткиле. Өзүңөр үчүн жакшы. Билбейбиз, көрбөйбүз дей бергиле сураганга. Керек болсом, өздөрү издеп таап алышсын.

— Эси жок,— деди тагасы.— Биз бири-бирибизден такыр кечише албайбыз. Тууган катары да, жат катары да. Экөөбүз эми жөн гана тага-жээн эмес, тагдыры туташ адамдардан болуп калдык. Эми биз бири-бирибиз үчүн жооп беришибиз керек: мен — сен үчүн, сен — мен үчүн... Түшүндүнбү?

— Түшүндүм. Бирок таарынбан: өз ыктыярым менен турмага өлсөм да барбайм. Кошкула. Кылган жакшылыгынар үчүн рахмат. Ата-энемден артык асырап келдинер... Облоу акибар!

Колдош шапа-шуп туруп, өтүк, тонун шашып кие баштады.

— Ботом, сиз бул үйгө келбечүдөй сүйлөйсүз да?! — деди Орун таженеси.

— Келбейм, жене, келбейм. Жакшы ит эълерине олүгүн көрсөтпөй өлөт дешет. Мен дагы эми силерге караанымды жолотпой жоголомун.

— Эгер сен биздин кылган жакшылыгыбызды ошентип кайтармакчы болуп атсан, айтып коёюн, бул акын аздык кылат, — деди тагасы, очоктогу отту мелтирей карап отуруп.

Колдоштун колдору шалдая түштү.

— Кечирип коюн, жан тага, — деди ал каргылданган үн менен. Анан көзүнөн жашы дирилдеп куюлуп кетип, башка сөз айтышка чамасы келбей, шарт бурулуп чыгып кетти. Тагасы кайрылып караган жок.

— Уул! Уулжан! — деп безилдеген бойдон Орун таженеси артынан ээрчий чыкты. — Уул, токтосонуз! Эч кур дегенде азык-оокат түйүп берейин... Уул!

Дарбаза шарактап жабылганда гана ал күдөрүн үзүп, кайра кирди. Күйөөсү мурдагыдай эле телмирип очокту карап отуруптур. Эчтеке дебестен жанына келип отуруп калды.

— Баарына өзүм күнөөлүүмүн, — деди райис бирпастан кийин. — Биринчи повестка чыкканда эле мунун тилин албай койгондо, мындай иш болмок эмес...

— Мындай болоорун ким билиптир, — деди зайыбы. — Мен дагы ошондо сизди күш-күштөп туруп албадымбы. Менин да айыбым бар...

Ушул учурда тыштан мылтыктын үнү угулду. Эрди-катындын эси чыгып, бирин-бири селейе карап калышты. Мылтыктын үнү экинчи жолу чыкканда гана эс ала түшүштү.

— Баягы жинди адатын карматып, дагы бечара каргаларды аткылап кирди, — деп койду райис.

Мылтыктын үнү, тарсылдагандан тарсылдап, улам узап баратты.

— Кудайга шүгүр, үйүнө карай кетип баратат, — деди Орун таженеси, үндүн багытын тыншап отуруп.

Бирпастан кийин мылтыктын үнү тынчыды... Катар турган үч бактын ичиндеги таза абада дарынын жыты жыттанып уйкусу бузулуп, дабырап учуп-конуп атышкан каргалардын наалыган кыжы-кужу үндөрү угулуп, кararган муздак жерде алардын шериктеринин өлүктөрү калды...

А ортоңку бактын арасында жаш баланын карааны эрбендеп жүрдү...

Колдош бу маалда үйүнө жетип, жыйылган төшөктөрдүн эки-үчөөн нарыдан-бери жая салып, кийимчен бойдон эле жатып алды. Бул түнү ал абдан аз уктады. Таңды жакшы аттырбай туруп, ийнине мылтык жана чон чаначты асынып, үйүнөн чыкты. Чыгып, туура тоону көздөй жөнөдү.

Асманда анда-санда жылдыз бар, жерде үрөн-баран, чыкыроон. А кыштак али ойгоно элек. Бир гана Айниса гаргардын үйүндө чырак күйүп, а Айниса эженин өзү ушу тапта Колдошко каршы келатыптыр. Ийнинде чон гөзө, колунда бозо куйчу идиш-аяктары түйүлгөн түйүнчөгү бар. Экөө жолугушкан кезде бири-биринен коркуп кетишти.

— Ботом, Колдошсунбу?! — деп кыйкырып жиберди Айниса эже. Уф... Жүрөгүмдү түшүрдүң, айланайын. Мындай маалда мана эч ким жолукчу эмес... Бу каякка жөнөдүн саарлап?

— Уга, — деди Колдош. — Андан көрө бозонуздан бир чыны ичирип койбойсузбу? Суукту сезбей барайын.

— И-и, айланайын үйгө барып иччи, силерге атап бир чара калтырып келатам. Соно ойгоо отурат...

— Ага убакыт жок, эже. Мейли эмесе...

— Ой, кой анда, менден эле ичип кет... Ме, өзүң куюп ич...

Гаргар түйүнчөгүн чечип, гезөсүн тосуп берди. Колдош гезөнүн оозун ачып, бир кесе толтура куюп алды. Түндө ичкен арактын онкулдаган ордуна жылуу бозо барып тийгенде, жаны жыргай түштү.

— Оф... Чоң рахмат, эже. А акысын...

— А бересиң, берерсиң...

— Базарыңыз кызысын.

— Жолуң болсун...

Экөө эки жакка: бирөө базарды карай жорголоп, бирөө тоону бет алып, лапандап басып кетти. Экөөнүн бул акыркы сүйлөшкөнү, акыркы коштошкону эле. Бирок эч кимиси муну билген эмес...

* * *

Ошол күнү шашке ченде райистин дарбазасына Ысак начайлик келип токтоду. Ийнинде беш атар мылтык, жанында тапанчасы бар. Келип, аттан түшпөй туруп, райисти чакырды.

— Разак! Өй, Разак!

Аткана жактан Орун жене башпакты, колунда бешилик. Ысак начайликти көрүп, коркуп жүзү өзгөрө түштү.

— Арыба, Орун, — деди Ысак аке.

— А-а... Келиң, Ысак авке, — деди Орун жене, жоолугун ондоп.

— Разак каякта?

— Билбейм. Эртең менен аттанып чыгып кетти эле...

— Мм... А Колдош кайниңчи?

— И-и... О б[illegible] кыйладан бери биздикине келе элек. Үйүндө болсо кер[illegible]...

— Кайыр...

Ысак начайлик атын бурду. А райистин өрүкзарын аралап салды. Ба[illegible]ган чыкканча ал эки жерден карганын өлүгүн көрдү. Нач[illegible]лик атын токтотуп, алардын бирин камчысынын сабы менен козгоп көрдү. Каргалар анча тоңбоптур. «Мергендин огу б[illegible]арга бүгүн түнү эле тийген көрүнөт», — деп койду начайлик ичинен. А мергендин ким экенин жакшы билчү. Райистин багынан чыгып, Гевар кемпирдин багына келип кирсе, ал жерде да каргалар жатат. Начайлик бул бакта Ганыны [illegible]нуратты. Ганы тырбаландап бир өрүктүн шагына асылып а[illegible]птыр.

— Ээй! Эмне [illegible]лып атасың? — деп сурады начайлик жакындап келип.

— Мынабу карганын канатына ок тийип, уча албай жатат, — деди Ганы, шакта отурган карганы көрсөтүп. — Ит, мышык жеп койбосун деп шакка кондуруп атам.

— А ким атып жүрөт бу каргаларды?

— Колдош аке да.

— Качан?

— Кечээ кечинде атып өттү.

— Мм... Сенин атын Ганы беле?

— А-а!

— Тайнен демдүү отурабы?

— Шүгүр-а.

— Ысак начайлик салам айтты деп кой. Куппу?

— Куп. Кирип чай ичип кетпейсизби?

— Рахмат. Шашылышмын.

«Айнанайын...» — деп кошумчалап койду анан начайлик өзүнчө бастырып баратып. Өзүнөн өзү баланын атасын эстей кетти. Экөө жакшы тентуш эле. Айылдан айыл кыдырып жүрүп бирге бозо ичишчү, каерде байге, улак болсо, бирге барышчу; досу ашынган кыякчы эле, ал кыягын ала барган той-тамашаларда, үлпөтчүлүк кечелерде сулуу келиндердин көзүнө түшүп кайтышчу. Кайран досу каерлерде жүрөт болду экен? Кыйладан бери кат-кабар жок...

Досунун багынан чыгып, Колдоштун багына бет алды. Бирок Колдоштун багына жетпеди. Жолунан жонуна бир кап тезек көтөргөн, колуна мис чөөгүн кармаган дервиш бүкчүндөп чыгып калды. Начайлик алыстан эле ага жол бошотуп, ал киши жакын келгенче токтоп турду. Дервиш узун бойлуу, арык, сары киши эле. Сейрек сакал-муруту өсүп ыраны азып калыптыр. Башындагы тебетейи, үстүндөгү куур

тону, бутундагы чарыгы — баарысы эскирип, көрүнүшү өтө жүдөнкү бечаранын...

— Ассалом-алейкум, Дервиш ава, — деди тиги киши жакын келгенде.

— О, алейкум-ассалам, — деди Дервиш ава. — Аман-эсен жүрөсүңбү, үка?

— Шүгүрчүлүк. Өзүңүз кандайсыз? Кыйналып атасыз го?

— Жок, жок, үка. Мен — бир баш жанмын, тиричилигим өтүп жатат. А мына бул элге жабийир болду, — Дервиш, айылга көз чаптырды. — Катын-калачка, бала-чакага...

— Эч нерсе эмес, ава. Жакында согуш бүтөт. Пронттогулар кайтып келет...

— Ошентсе экен, ылайым. Тезирээк эле ошентсе экен.

— Бу каякка жөнөп калдыңыз көтөрүнүп?

— А-а... Айтмакчы, суу ичсең, үка, булактын суусу... — Дервиш чөгүнүн сунду. — Гевар кемпирге алпараттым эле. О киши булактын суусунан чай ичкенди жакшы көрөт...

— А тезекти неге көтөрүп алдыңыз?

— Тезекти Айнисага алпарам. Аял эмеспи, көп учурда жаш балдары менен отунсуз отуруп калат. Анын үстүнө бозо салган үйгө отун түтөбү...

Ысак начайлик дервиштин суусун ичкенче, өзү анын сөздөрүн угуп, адамгерчилигине ыраазы болуп, а кишини жакшы көрүп турду.

— Ох... Рахмат, ава, — деди анан чөөгүндү ээсине кайтарып.

— Аш болсун... Бу өзүң каякка жол алдың?

— А-а... Колдошко жолукканы баратам. Кичине ишим бар эле.

— А Колдош үйүндө жок. Ууга кеткен. Саар менен булактын төгөрөгүн шыпырып атсам, артына мылтык, азыкоокатын асынып өтүп калды. Булактан суу ичти. Каякка десем, ууга деген...

— А-а... Анда башка күнү келет экенмин. Кайыр эмесе, ава.

— Кайыр, үка. Эсен бол...

Дервиш бүкчөндөп жолуна түштү. Ысак начайлик анын артынан бирпас карап туруп, атынын башын бурду... Бирпастан кийин ал кыштактан чыгып, дарыяны бойлоп, дарыя агып чыккан даранын* ичин көздөй багыт алды. Кичине жүргөндөн кийин, дарыяга аттарын сугарып аткан атбагар Закирге туш келди.

---

* Дара — капчыгай.

— О, иштер кандай, эр жигит? — деди ал балага.

— Жакшы... Келиң, — деп жооп берди Закир.

— Бу жаз келип калды го, кошко качан чыгасынар?

— Кошко үч-төрт күндөн кийин кетебиз.

— А-а, түзүк, түзүк... Сен Колдошту көрдүңбү?

— Он күн илгери ушу даранын ичиндеги үңкүрдүн оозунан көргөнмүн.

— Мм... А сен аякка неге барып жүрөсүн?

— Ошо күнү ушуерде ушинтип аттарды сугарып турсам, кокусунан, анау талдын артынан түлкү качып калды. Мен кууп жөнөдүм. Түлкү дарыяны бойлоп отуруп, дарага кирип кетти. Мен да кууп бара бердим. Бир маалда тарс эткен мылтыктын үнү чыгып, түлкү тоңколчок атып кетти. Карасам, суунун өйүзүндөгү чоң үңкүрдүн оозунан ак түтүн булап атат, а түтүндүн арасында мылтыгын таянып Колдош аке туруптур. Мага жылмайып койду.

«Ал эми, өнөрүп кет» — деди анан. Мен не кыларымды билбей калдым. «Түлкү эми сиздики да?» — дедим. Десем: «Мага анын кереги жок. Ал, ала бер!» — деп дагы айтты. Мен кичине тайсалдап туруп, анан түлкүгө бастырып бардым да, шыйрагынан эңип алып, жолума түштүм. Колдош аке артыман: «Мени көргөнүңдү эч кимге айтпай эле кой!» — деп кыйкырып калды. Менимче, ал киши ошол жерде жашайт окшойт...

— Эмне үчүн антип ойлойсун? — деп сурады начайлик баланы сынамакка.

— Ысман аке айтат, эми Колдош качык болуп калды, эми ал элден жашырын жашайт, — дейт.

— Ысман аке туура айтат. Колдош — качык. Мен аны кармап, военкоматка алпарып тапшырышым керек. Түшүндүңбү? Демек, сенин оюңча, ал дарадагы чоң үңкүрдө жашайт экен да? Мм... Анда мен ошол жакка кеттим. Кайыр, эр жигит...

Ысак начайлик дараны көздөй жолун улады.

— Ысак аке! Мен да кошо барайынбы? — деп кыйкырып калды анын артынан атбагар бала.

Начайлик аны тандана карады. Карап туруп, негедир, жибип кетти. Анысын билинер-билинбес жылмаюусу менен билгизди.

— А аттарың эмне болот?

— Аттарым атканага өздөрү бара беришет, а ал жерде Ысман аке бар...

— А жүр эмесе, эрмек болосуң...

Закир астындагы тулпарына шак камчы уруп, дароо начайликке жанаша түштү. Даранын оозу көрүнүп турган,

бирпастан кийин даранын ичине кирип барышты. Даранын күнгөй бетинин кары эрий баштап, ар-ар жеринен карарып, а тескей жагы апаппак болуп мелтиреп жатат. Күнгөйүнө күн тийип, тескейин калың көлөкө басып турат. Ысак начайлик менен атбагар Закир суу жээгиндеги калың талдарды аралай кеткен эски жолдун нугу менен аттарын жай бастырып, шашылбай келатышты. Талдардын арасынан бирде коён качса, бирде кекилик, чил жана түркүн-түркүн суу чымчыктар учуп калышат...

— А сен билесиңби, — деп калды милициянын начальниги, — бир кезде биз сенин атаң, Колдоштун атасы болуп, ушул жерлерде басмачылар менен салгылашканбыз? — Закир билбейт экен, башын чайкады. — Билбейсиң... Э-ээ, балам, биздин баштан нелер гана өтпөдү...

Бирок начайлик «эмнелер өткөнүн» айтпай койду. Бир аз басышкандан кийин алды жактан үңкүр көрүндү.

— Оонау үңкүрдөн көргөнмүн! — деди Закир үңкүрдү көрсөтүп.

— Түтүн жок, — деп койду начайлик үңкүрдү карап.

Ошондон бир минута өтпөй туруп, арт жагынан:

— Э-э-эй! — деген үн чыкты.

Кайрылып карашса өздөрү басып өткөн жолдун ортосунда мылтык асынган, бирок далысында эртең мененки чаначы жок Колдош туруптур.

— Колдош аке... — деп шыбырады Закир.

— Ошол, — деди начайлик. — Сен менин аркамдан жүр...

Ошентип коюп, Колдошту көздөй жөнөп калды.

— Колдош, мен сени издеп келатканмын, — деди ал алыстан эле.

— Эмне үчүн? — деди Колдош.

— Сана повестка чыккан...

— Билем.

— Билсең, жүр.

— А мен барбайм. Мен — качыкмын. Мен качамын. Мына!

Чын эле, жинди шарт-шурт секирип качып жөнөсө болобу. Качканы да кызык: ыңгайлуу күнгөй жак турса, тескейге карап салды. Болгондо да алды жагында калың карлуу жалаң тилке жатат, а тилке бүткөн жерде — типтик аска. Акмактык, албетте.

— Э-эй, Колдош! Бул эмне кылганың?! — деп кыйкырды артынан Ысак начайлик. — Кимден качасың? Кайда качып баратасың, жинди?!

Колдош кулак салган жок. Калың карда мөңкүштөп секирип кете берди.

— Токто! Атам! — деп коркутту начайлик, ийнинен беш атар мылтыгын алып.

Бирок Колдош коркподу. Аны көрүп начайлик да атпады, кайра мылтыгын акырын ылдый түшүрдү. Ал бир нерсени түшүндү. Түшүнүп, Колдоштун артынан унчукпай карап тура берди. Колдош чуркап отуруп акыры аскага жетти да, анан асканын бетиндеги калын карды кере кучактап катып калды. Ошол бойдон ал көпкө чейин козголгон жок.

— Өй! Бери бас, — деп чакырды Ысак начайлик.

Колдош акырын оодарылды да, чарчанкы түрдө артына кайтты. Жакындап келгенде, начайлик Ысак менен атбагар Закир анын жүзүнөн салаа-салаа болуп аккан көз жашын көрүштү...

— Атпайсынбы?! Неге атпайсын?! — деп чанырды ал кокусунан начайликке ызырынып. — Мындай учурда атыш — сенин милдетин, айбан! Эгер сен аткын келбесе, мына мен атамын сени! Буга эмне дейсиң-а? — Колдош колуна мылтыгын алып, начайликке кезеди.

— Сени аткыдай, эмне, душман белең мен үчүн? — деди начайлик жай гана. — А сен адам аткын келсе, согушка бар да, немистерди ат.

Ушерде Колдош өнгүрөп, оксүп-оксүп ыйлап жиберди. Бирок кайта бат эле соолугуп, көз жашын жени менен ааарчып, башын көтөрдү. Кокусунан мылтыгын Закирге сунуп калды.

— Ма, үка, уучулук кылып жүр, — деди.

Закир аргасыздан начайликти карады. Начайлик сунулган мылтыкты өзү жулуп алып, ээринин кашына илип койду.

— Мылтык сенин өзүңө керек, — деди анан Колдошко.

— Эмнеге?

— Биз пронтко кетип аткандарга согуш өнөрүн үйрөтүш үчүн мылтык жеткире албай, ар түркүн жыгачтан мылтык чаптырып, ошону менен үйрөтүп атабыз. Эртең сен дагы ошо машыгуучулардын катарына кошуласың. Мылтык өзүңө керек.

Колдош начайликке жалдырай карады.

— Ысак аке... Ысак аке... — деди ал жалооруп. — Жан аке, мени... ошентинизчи... Мени ошол пронтко кетүүчүлөрдүн катарына коштуруңузчу... Мени пронтко жөнөтүңүзчү бир акелик кылып... Жан аке... Мен турмага баргандан көрө, жөн эле өлгөнүм артык... Жан аке, бир жакшылык кылынчы... Эгер согуштан аман келсем, ал жакшылыгыныз үчүн өмүр бою кул болуп берейин. А келбей кал-

сам, өзүңүз биринчи болуп кара кагазымды аласыз. Ошо кагаз менин сизге айткан саламым, рахматым болсун...

(Оозуна сала берген экен, бечаранын. Бир жылдан кийин, чын эле, кара кагаз келди. «Кайран жигит...» — деп үшкүрүп койду Ысак начайлик аны окуп туруп.)

— А-а... Бул бала эмне деп эле жөөлүп атат десе, — деди Ысак аке. — Эми түшүндүм... Эй, жинди, сага окшогон эр азаматтар тээтиги кандуу майданга керек болуп атса, сени бул жерде турмага отургузуп коёлубу? Согуш бүткөнчө бекер тамак менен багып туралыбы? Жок, амеки! Эртеңден баштап душман менен согушууга даярданасың, он күндөн кийин пронтко жөнөйсүң. А дагы он күндөн кийин немис менен бетме-бет туруп каласың. Түшүндүңбү?

— Оозуңузга май, аке. Мына колдорум! — Колдош эки билегин сунду.

— А колдоруңду не кылам?

— Байлабайсызбы?

— А жөн баралбайсынбы? Акмак!

— Рахмат, аке.

— Атка учкаш!

— Жо-жок. Мен пияда эле... Алдыңызга түшүп...

Колдош алдыга түшүп жүрүп калды. Анын артынан Ысман начайлик, а үчүнчү болуп — атбагар Закир жөнөштү. Колдош өзүнүн алдындагы белгисиз тагдырына бет алып, ал жөнүндө ар түркүн ойлорду ойлоп, а Ысман аке ага кичине ичи жылып, аны ичинен аяп, Закир болсо, балалык жүрөгү элжиреп, көздөрү жашөөрүп бара жатышты. Аттарын сугаруучу жайыкка жетишкенде, ал берки экөөнөн бөлүндү.

— Айтмакчы, үка, — деп калды ушул учурда Колдош ага. — Жанагы өзүң көргөн үнкүрдө бир чанач ун калды. Колун бош күнү ошону Айниса эжеге алпарып берчи, тай. Карызым бар эле, ал кишиден...

— Алпарып берет, алпарып берет, — деди Ысак начайлик. — Алпарып бергин, а?

— Алпарып берем, Колдош аке. Сөзсүз алпарамын, — деди Закир. — Кайыр кош, аке. Жакшы барың!

— Жакшы кал, үка, — деди Колдош. — Мени эстей жүр. Бир кезде биздин айылда Колдош деген бир бактысыз жинди бар эле деп айта жүр...

Закир буга эчтеке дей алган жок. Сүйлөйүн десе тамагы буулуп, көздөрүнө кайрадан жаш толуп, чыдабай кетип, атына удаа-удаа камчы уруп жиберди. Кара Тулпар анын куштай жеңил денесин көтөрүп алып, чымын-куюн болуп, кыштакты көздөй жөнөдү. Кыштакка шумкуп кирип баратканда,

алдынан мектепке келатышкан майда балдар чыгып калды. Аларды уруп кетпес үчүн Тулпар аргасыз акырындады. Ошо кезде тизгини да кошо тартылды. Закир шашыла көз жашын сүртө кетти.

— Аке! Аке! — деп кыйкырды балдардын бирөө. Озүнүн Ганысы экен. — Аке! Сүйүнчү! Биздин эчки тууду. Экөө. Экөө тең Соно эжелердин текесине окшош: сапсары! Барып көрсөнүз, аке! Анан дагы, үйбүздүн ичиндеги өрүк да гүлдөдү!

— Койчу? — деди ошондо гана Закир, кызыгып.

— Өлөйүн агер жалган айтсам. Гүлдөдү. Бир чырпыгы. Барып көрсөнүз, аке.

Закир болуптур дегендин ордуна, атын шарт үйү жакка буруп, чаап кетти. Жаш балдар анын артынан суктануу менен карап калышты.

Закир келсе, энеси жаны туулган улактарды эмизип, эшиктин алдындагы апторойдо* отуруптур. Атын нары-бери байлай салып.

— Эн-оо! — деп, энесинини алдына жетип барды.

— Энен айлансын сенден, — деди Гөвар кемпир небересинин чекесинен өөп. — Кандай, кыйналбай жүрөсүнбү? Арыктап кетипсин... Эчтеке эмес. Мына, эчки да туун берди. Айран, сүт болот... Анан бат эле бышыкчылык да келип калат... Ичкери кир, алдыңа азыр курут коём...

Закир үйгө кирип эле бурчтагы өрүккө келди. Үкаси айткан чырпыкты тапты. Чырпык али гүлдөй элек экен. Бирок бүчүрлөп, бүчүрлөрү кызарып, а анча-мынчасынын учу агыш тартып калыптыр. «Гүлдөгөнү ушул да, — деди Закир чырпыкты назик сылап. — Жакшылап ачылган күнү Соного айтыш керек. Келип көрсүн. Соно... Соно... Соно...»

* * *

Ормон чолоктун какыр сайындагы тал, чычырканак, ит мурун, жапайы розанын арасында канатына жаанын огу сайылган короз кыргоол качып баратат. Уча албайт, а чуркашын жакшы чуркайт. Бирок соройгон жаанын огу дарак, чөп, таш сыяктуу нерселерге тийген сайын, бечаранын жаны көзүнө көрүнө түшүп, аргасыздан бирпаска токтой калып, дагы чуркайт. Анын артында, жашарган жаш чөптүн бетинде билинер-билинбес изи, анда-санда каны тамчылап келатат. Ошол из менен канды кубалап атылган октун ээси Ормон чолок сырандап келет. Ийнине жаасын жана

* *Апторой* — күнөстүү жер.

эшегине жем берчү калтасын асынып алган, калтадан жаанын бир даана огу сороюп чыгып турат. Жааны да, октору да чолок өзү жасайт: жааны — талдан, а октору — камыш менен жука тыныкеден. Жаа — анын бирден бир уучулук куралы: мылтык атып, капкан коюп, тор жайганды жаман көрөт...

Короз кыргоолду ал өзүнүн көпүрүгүндө туруп көрүп калды. Бир жумадан бери бул шайтан көпүрүктү ондоп аткан. Суусардын жемеси ага катуу таасир кылды. Айтса-айтпаса, бекер отурганча, ондоп коё турган иш экен. Сайдын боюндагы эле талдардын жоон-жоон шактарынан кесип чыгып, арсак-терсек тешиктерин бүтөп жатат. Бүгүн-эртең бүтүрөт. Ойлоп көрсө, көпүрүктүн иштеп турушу, Суусарга гана эмес, өзү үчүн да абдан керек болуп чыкты: кокус, сайга кайра улуу суу келип, тегирмени зуулдап жүрүп берсе, аны менен эл каттай баштайт да...


Короз кыргоол өзүнө өзү кылып алды. Эмесе, Ормондун бүгүн уучулук кылайын деген ниети жок болчу. Ал терлептепчип кызуу иштеп аткан. Кокусунан, короз кыргоол өзү куркулдап жиберди. Болгондо да көпүрүктүн тушундагы элечычырканактын ичинен. А Ормон башын көтөрүшү менен көрдү аны. Коюу чөптөн койкоюп мойнун созуп туруптур. Ормон ойлонуп көрсө, дервиштин кекилигинен кийин эт жей элек экен. Ал дароо балта-тешесин таштап коюп, шашкан бойдон тегирменине түшүп кетти. Бирпастан кийин, жаасы менен ок салынган торбосун асынып алып, короз кыргоол жүргөн чычырканакка келип кирди. Кыргоол алыс кетпептир. Көргүлүгү бар экен шордуунун, көздөлүп атылган ок шуу этип барып канатына сайылды. Жыгылбады, бирок тызылдап качып жөнөдү. Мына ошондон беракка качып келатат...

Бир маалда Ормон аны чаташып өскөн ит мурундун ичине киргизип жиберип, изин да, канын да жоготуп койду. Көп издеди. Акырында кыргоол эмес, кыргоолго сайылган өзүнүн огуна туш келди. Огу эки ача ит мурундун ортосунда кыпчылып, сынып жатыптыр.

«Кутулуп кеткен экенсиң, кысталак» — деп койду Ормон. Ал кыргоолдон күдөрүн үзүп кетмекчи болуп аткан да, кокусунан, чөптүн арасындагы төгөрөк уяга көзү түштү. Уя кыргоолдуку экен. Ичинде үч тукуму бар. Ормон аларды карап туруп, тамшанып койду. Көрсө, эртеден бери эчтеке жебептир. «Кечирип кой, сен дагы туун аласың...» — деди ал тукумдарды тууган мекиянга арнап. Анан тукумдардын бирөөн кылдаттык менен чымчып алды да, койнуна салып,

басып кетти... Жыйырма метрге жетпей туруп, бир түп розанын көлөкөсүнө отурду. Отурар замат койнунан тукумду алып чыгып, учуна бир чертти да, ичиндеги суюк затты оозуна оодарып алды. «Кудайга шүгүр...» — деп койду артынан. Мына ошондон кийин гана ал үстүндөгү розанын гүлдөрүн көрдү: «Ой сени... Ачылып калган турбайсынбы...» — деди чолок, гүлдөрдү эркелете кармалап. Кийин бирөөн назик жыттап коюп, анан чалкасынан түшүп көк чөпкө жатып алды. Анын көңүлү ток, кайгысы жок эле ушу тапта. Бирпастан кийин көшүлүп уйкуга кетти. Чолоктун түшүнө эски кыштак кирди. Куду азыркыдай жаз маалы экен. Дарыялардын суусу аябай кириптир, тим эле шоокумунан кулагың тунуйт..

1979



КЫЗЫЛ БЕДЕ

(Киноповесть)

Саратандын ысык аптабына какталып беде эгилген кең талаа ныксырап жатат. Беде кызыл. Ал урук үчүн эгилген, шондуктан, алиге чейин чабылбастан, кишини көмгүдөй болуп өсүп, роза гүлү түспөлдөңүп гүлдөп турат. Беденин арасынан саратандын чызылдаганы, чегирткелердин чырылдаганы, бөдөнөнүн бытпылдыгы угулат. Булардын үнү болбосо, талаа мемиреп тыптынч...

Талаанын орто ченинде жалгыз дарак сербейет. Бул — долоно. Долоного ар түркүн чымчыктар коно берип, анын бариктерин апаппак кылып таштаган. Мына азыр да анын учуна бир сарала чымчык келип конду. Бул чымчыкты саргалдак деп коюшат. Саргалдак конор замат:

«Чит-чит-чит-чиро-ло-ло-ой...» — деп сайрап койду да, бирок ошол эле замат, долононун астын бир кыйгач карап алып, эмнедендир үркүп, учуп кетти...

Ошол эле учурда долононун астынан жыйырма жашар чамасындагы бир кыз чапчып турду. Турду да, адегенде эки жагын элеңдеп кабатырлана карап алып, анан өскүлөң коюу бедени аралап, чатыштап чуркап жөнөдү. Кыз ак көйнөкчөн, көк жоолукчан эле. Бирок беденин жайпалган кыпкызыл бетинде анын көк жоолугу гана сүзүп баратты. Ал көпкө чуркады. Акырында талаа бүтүп, арбайган картаң талдар каптаган жайык сайга туш келди. Сайда, талдардын арасында жайылып, туптунук дарыя агат. Кыз дарыянын жээгине келип жыгылды. Кичине дем алды. Анан, дагы ал жак, бул жагын каранып алып, шашып-бушуп чечине салды да, жыпжылаңач болуп, сууга кирди. Суу муздак экен, анын тердеп-тепчиген, беденин кыпкызыл гүлдөрү жабышкан, апаппак сулуу денесине өтө жага берди. Кыз рахаттана кирине баштады. Бирок киринип жатып, элеңдеп каранганын койгон жок. Ырас, анын коркконунчалык да бар эле: суунун наркы өйүзүн бойлоп, жалгыз аяк жол өтө турган. Бир маалда мына ошол жол менен келаткан кишинин күнкүлдөп ырдаганы угулуп калды. Кыздын жаны чы-

гып, дароо жолду карады. Талдардын арасынан эрбенден чемодан көтөргөн бир жаш солдат көрүндү. Кыз кийимдерине карай боюн таштагысы келди. Бирок кийимдери кыйла ынгайсыз жерде калган болучу, шондуктан, ал тобокел кылганды коюп, маңдайындагы картан талдын жоон денесине барып жабышты. Солдат ырдаган бойдон өтүп кетти. Кыз аны таанып калды.

— Малик... — деп шыбырады ал, солдатты узата карап...

* * *

Сайдын наркы жээгинен тамеки эгилген жапжашыл мейкин талаа башталат. Талаа созулуп отуруп, тээ тоо этегиндеги бак-даректуу кыштакка такалат. Кыштакка барыш үчүн ушул талааны кесип өтүш керек. Малик келе жаткан сокмо жол өскүлөң тамекинин ичине сойлой кирди...

Түш чен болучу. Тамекичилердин алды сарайдагы тамекилерин тизип бүтүп, кайра үзүүгө чыгып калышкан. Малик биринчи болуп Сайра эжени учуратты. Сайра эже — жашы кырк беш менен элүүнүн ортосундагы, жапалдаш бойлуу сары аял эле, ал киши үзгөн баригин кучактап, жөөктүн ичи менен чайпала басып, шакка, Маликтин жолуна карай чыгып келатыптыр. Шакта чырпыктан токулган себет, бир түйүнчөк, бир термос турат.

— Арбаңыз, Сайра эже! — деди Малик.

— Ботом, Маликсиңби? — деди таженеси, аны жакшылап карап.

— Ооба, — деди Малик жылмайып.

— И-и-и, алдыңа кетейин, келип калдыңбы? — Сайра эже кучагындагы барикти себетке төгө салып, Маликти ширелүү колдору менен кучактап, шилекейлүү эриндери менен анын жаактарынан өпкүлөп калды...

— Кандай, демдүүсүзбү? — деди Малик, таяженесинин кучагынан өзүн бошото берип.

— Шүгүр-а, айланайын, — деди таяженеси, тамекинин ширесине шакмар болгон кең көйнөгүнүн жеңи менен пешене терин ааршып. — Өзүң аман-эсен кызматыңды бүтүрүп келдиңби?

— А-а...

— Эки жыл да бат эле өтүп кетет турбайбы, кечээ эле кеткендей болдуң эле. Ой, мен эмне карап турам. Жүр, андан көрү, мен сени акең менен женеңе сүйүнчүлөйүн. Акең болбосо да, женең ушул жерде.

Сайра эже Маликтин алдына түшүп жөнөп калды. Жолдо баратып, Малик дагы бир кишинин эсен-соолугун билги-

си келди. Сайра эженин бойго жеткен кызы бар эле. Жанагы, кызыл беденин ичинде чуркаган кыз...

— Айткандай, Марал көрүнбөйт да?

— Жүрөт, — Сайра эже жандана түштү. — Эки жыл удаасы менен Фрунзеге окууга барып, өтпөй келди. Быйыл Оштогу институтка кирем дейт. А биз, атасы экөөбүз кой деп атабыз.

— Ийи?

— Жетишет да ошончолугу. Өтө албагандан кийин. Элжуртка да сөз болот. Ырас, быйыл Осмон: «Өзүм жардам беремин, сөзсүз өткөрөмүн» — деп атат.

— Кайсы Осмон?

— Турган кемпирдин күйөө баласы.

— И-и, Салия эженин күйөөсүбү? Эмне, ал киши бул жакка келди беле?

— Эки жумадан бери Салия экөө ушул жерде.

— А-а... Институтта сабак берет деп уккан элем. Ал кишинин колунан келиши мүмкүн. Андай болсо, Маралдын жолун тоспоң.

— Э-э, айланайын, аял окуп каерге бармак эле. Окуган кыздарды көрүп атпайбызбы. Шаарда төрт-беш жыл окуп келишип, эми эрге тие албай, так этип жүрүшөт. Базар көргөн эчкиден түңүл, шаарда жашап келген кыздардан бизди балдар качып атышат. А биздин Маралга, кудайга шүгүр, жуучу жөнөтпөгөн айылда бир да боз улан калган жок...

Малик жылмайып койду.

Бир арыктан өтө берип, Сайра эже токтоду.

— Женеңдин тамекиси ушул, — деди. Кийин тамекинин ичине карай кыйкыра баштады. — Алийма! О, Алийма!

— У-у-у! — деген аялдын үнү келди.

— О, бери чыгып сүйүнчү бер, кайниң келди!

— Ай-ий!

— Э-эй! — деген үндөр чыкты ал жакта.

— И-и, жакшы болбодубу, — деди Сайра эже. — Акең менен иниң да ушул жерде экен.

Тамекинин ичинен биринчи болуп иниси Камил чуркап чыкты. Ал он алты жашта эле, бою нооча бала. Камил агасы менен кол берип көрүштү.

— Саломалейкум!

— Алейкум-ассалом.

Малик анан колун алып, кийин чоң кишилерче иниси-нин ийнинен таптап койду. Аңгыча агасы менен женеси да келип калышты.

— Кана, сүйүнчүнөрдү узаткыла, — деди Сайра эже.

— Токтой турунузчу, адегенде учурашып алалы, — деди Мурат. О кел, солдат! — Акеси ага кучагын жайды.

— Келдик... — деп гана койду Малик, башка эмне дээрин билбей.

Акеси андан беш жаш улуу. Мындан беш жыл илгери өзү да ушинтип солдаттыктан кайтып келип, ошол жылы үйлөнгөн. Азыр эки баланын атасы болуп калды.

— Арбаныз жене, — деди Малик, акесинин кучагынан бошоно берип.

— Бар болунуз, — деди женеси жайдары жылмайып. Кайниси менен эки колдоп көрүштү. — Эсен-аман келдинизби?

— Кана, эми сүйүнчүңдү бер, — деп калды кайрадан Сайра эже Муратка.

— А мына, мына... — деди акеси.

Анан өтүгүнүн кончуна колун салып, акча салгычын сууруп чыкты да, андан үч сом пул алып, Сайра эжеге сунду.

— Мына, — деди Сайра эже мулундап, — бир жоолукка иштеп алдым. Кап, иштен калам да, болбосо, барып атанар менен апанарды да сүйүнчүлөп, бир көйнөк кийип келбейт белем. Мейли эми... Камил, калгандарга өзүн сүйүнчүлө, айланайын...

Ошентип койсо, Камил чындап эле чуркап жөнөдү.

Бирок аны акеси токтотуп калды.

— Эй, эй! Сен кетип калсаң тамекини ким үзөт?

— Ой ушул Малик акем аскерден келген күнү тамеки тизбей койсок эмне болот эле, — деди Камил, кынырылып.

Беркилер буга күлүп калышты.

— Жок силер, женен экөөн дагы кичине үзгүлө.

— А сиз, эмне, кетип атасызбы? — деп сурады андан Алийма.

— Мен барбасам болбойт, — деди Мурат. — Кечинде үйгө Малик менен учурашканы эл келет. Камыныш керек...

— И-и, эми сизге кудай берип калбадыбы, уулду шылтоолоп үч-төрт күн мас болосуз...

— Кана, солдат, кеттик...

Ага-инилер жолго түштү.

— Кой, биз да иш кылалы, — деди Сайра эже. — Айткандай, менин кызымды көрбөдүнөрбү?

— Жок, — деди Алийма.

— Өлүгүндү көрөйүн, каякта жүрөт болду экен...

* * *

Кайра келсе, Марал тамеки үзүп атыптыр. Өзү да шымаланып ишке кирди.

— Ой, жаш-ш-шабагыр десе, сен каякта жоголуп жүрөсүң? — деди ал кызына.

Сарайдан чыгып, сайды бойлоп келатсам, кыздар кириниип атыптыр, мен да кириниип калдым ошолорго кошулуп, — деди Марал, ишин токтотпостон, апасына буруларып карабастан.

Анын кирингени, айтпаса да көрүнүп турган: чачы, көйнөк-көнчөгү сууланып турат.

— Ой, өлүкгананды көрөйүн десе, ушу чак түштө да киши киринет бекен, бирөө-жарым көрүп койсо эмне болот? — деп ачууланды апасы.

— Эч ким көргөн жок, — деп койду Марал.

— Ботом, мойнундагы мончогуң кана?

Мончогун эми эстеди көрүнөт, мойнун сыйпалап алды.

— Киринип атсам, жиби үзүлүп кетип, сууга чачылып калды, — деди анан.

— А-а-а, мойнуң үзүлгүр десе... Эсил мончок... Менин кыз кезимде тагынып жүргөн мончогум эле...

— Жей турган бир нерсе апкелдиңби? — деп сурады Марал, сөздү башка жакка бургусу келип.

— Шакта, — деп койду апасы.

Өздөрү шакка жакын жерде үзүп атышкан. Марал шакка чыгып, себеттин жанына отуруп, түйүнчөктү чечти. Түйүнчөктө нан, алма, өрүк жана бир пиала бар эле. Пиалага термостогу чайдан куйду да, шашып-бушуп оокаттана баштады. Курсагы ачып калыптыр кыздын.

— Айтмакчы, Малик аскерден келди! — деп шаңкылдады апасы тамекинин ичинен.

— И-и, жакшы болгон турбайбы, — деди Марал, шек алдырбастан. — Келет-келет деп атышкан эле үйдөгүлөрү.

— Баягы Малик эмес: бою өсүп, сымбаты келишкен жигит болуптур, — Марал өзүнчө мулуюп койду. — Сени сурады.

— Мени? Эмне деп? — Марал дароо кызыга түштү.

— Марал жүрөбү деп. Мен, жүрөт, эч жакка окууга да барган жок, тамекиде эле иштеп жатат десем, сүйүнүп кетти.

— Сүйүнүп? Эмнеге сүйүнөт?

— Э-э, балам, бойго жетип калган боз балдардын башына ар кандай ой-кыялдар кире берет да, — деп койду апасы

— Токтой турунузчу, адегенде учурашып алалы, — деди Мурат. О кел, солдат! — Акеси ага кучагын жайды.

— Келдик... — деп гана койду Малик, башка эмне дээрин билбей.

Акеси андан беш жаш улуу. Мындан беш жыл илгери өзү да ушинтип солдаттыктан кайтып келип, ошол жылы үйлөнгөн. Азыр эки баланын атасы болуп калды.

— Арбаныз жене, — деди Малик, акесинин кучагынан бошоно берип.

— Бар болунуз, — деди женеси жайдары жылмайып. Кайниси менен эки колдоп көрүштү. — Эсен-аман келдинизби?

— Кана, эми сүйүнчүңдү бер, — деп калды кайрадан Сайра эже Муратка.

— А мына, мына... — деди акеси.

Анан өтүгүнүн кончуна колун салып, акча салгычын сууруп чыкты да, андан үч сом пул алып, Сайра эжеге сунду.

— Мына, — деди Сайра эже мулундап, — бир жоолукка иштеп алдым. Кап, иштен калам да, болбосо, барып атанар менен апанарды да сүйүнчүлөп, бир көйнөк кийип келбейт белем. Мейли эми... Камил, калгандарга өзүн сүйүнчүлө, айланайын...

Ошентип койсо, Камил чындап эле чуркап жөнөдү.

Бирок аны акеси токтотуп калды.

— Эй, эй! Сен кетип калсаң тамекини ким үзөт?

— Ой ушул Малик акем аскерден келген күнү тамеки тизбей койсок эмне болот эле, — деди Камил, кынырылып.

Беркилер буга күлүп калышты.

— Жок силер, женең экөөң дагы кичине үзгүлө.

— А сиз, эмне, кетип атасызбы? — деп сурады андан Алийма.

— Мен барбасам болбойт, — деди Мурат. — Кечинде үйгө Малик менен учурашканы эл келет. Камыныш керек...

— И-и, эми сизге кудай берип калбадыбы, уулду шылтоолоп үч-төрт күн мас болосуз...

— Кана, солдат, кеттик...

Ага-инилер жолго түштү.

— Кой, биз да иш кылалы, — деди Сайра эже. — Айткандай, менин кызымды көрбөдүңөрбү?

— Жок, — деди Алийма.

— Өлүгүндү көрөйүн, каякта жүрөт болду экен...

* * *

Кайра келсе, Марал тамеки үзүп атыптыр. Өзү да шымаланып ишке кирди.

— Ой, жаш-ш-шабагыр десе, сен каякта жоголуп жүрөсүң? — деди ал кызына.

Сарайдан чыгып, сайды бойлоп келатсам, кыздар киринип атыптыр, мен да киринип калдым ошолорго кошулуп, — деди Марал, ишин токтотпостон, апасына бурулуп карабастан.

Анын кирингени, айтпаса да көрүнүп турган: чачы, көйнөк-көнчөгү сууланып турат.

— Ой, өлүгүнөнды көрөйүн десе, ушу чак түштө да киши кириинет бекен, бирөө-жарым көрүп койсо эмне болот? — деп ачууланды апасы.

— Эч ким көргөн жок, — деп койду Марал.

— Ботом, мойнундагы мончогуң кана?

Мончогун эми эстеди көрүнөт, мойнун сыйпалап алды.

— Киринип атсам, жиби үзүлүп кетип, сууга чачылып калды, — деди анан.

— А-а-а, мойнуң үзүлгүр десе... Эсил мончок... Менин кыз кезимде тагынып жүргөн мончогум эле...

— Жей турган бир нерсе апкелдиңби? — деп сурады Марал, сөздү башка жакка бургусу келип.

— Шакта, — деп койду апасы.

Өздөрү шакка жакын жерде үзүп атышкан. Марал шакка чыгып, себеттин жанына отуруп, түйүнчөктү чечти. Түйүнчөктө нан, алма, өрүк жана бир пиала бар эле. Пиалага термостогу чайдан куйду да, шашып-бушуп оокаттана баштады. Курсагы ачып калыптыр кыздын.

— Айтмакчы, Малик аскерден келди! — деп шаңкылдады апасы тамекинин ичинен.

— И-и, жакшы болгон турбайбы, — деди Марал, шек алдырбастан. — Келет-келет деп атышкан эле үйдөгүлөрү.

— Баягы Малик эмес: бою өсүп, сымбаты келишкен жигит болуптур, — Марал өзүнчө мулуюп койду. — Сени сурады.

— Мени? Эмне деп? — Марал дароо кызыга түштү.

— Марал жүрөбү деп. Мен, жүрөт, эч жакка окууга да барган жок, тамекиде эле иштеп жатат десем, сүйүнүп кетти.

— Сүйүнүп? Эмнеге сүйүнөт?

— Э-э, балам, бойго жетип калган боз балдардын башына ар кандай ой-кыялдар кире берет да, — деп койду апасы

тамсилдетип. — Мүмкүн, Малик да аскерден бир жакшы максат менен келаткандыр, ким билсин...

— Ой, апам ай... — деп койду Марал.

Анткени менен апасынын айткандары ага да жагып атты. Ал дасторконго дуба кылып коюп, кайра барып үзүүгө кириштп.

— Андан көрө, — деди апасы, — тамекини тезирээк үзүп болуп, үйгө кайталы. Сен жуунуп-тараныл, жакшылап кийинип алып, Малик менен учурашып кел.

— Эми учурашам деп, атайы үйүнө барайынбы?

— И ботом, барсан эмне болот экен? Адатта, киши бир узак жакка барып келгенден кийин, аны менен учурашып коюш — бүт кыштактын парызы. Кой, барып кел. Мен дасторкон жасап берем, колтуктап аласын.

— А дасторкондун эмне кереги бар?

— Куру кол барган болбойт. Эки каттама кылып берейин.

— Ай-ий бетим, каттаманы кантип көтөрүп барам уялбастан?

— Макул, полоо демдеп берем.

— Полоого эт керек.

— Жанагы жалгыз корозду соёбуз...

* * *

Кечинде үйлөрүнө келишкенден кийин, Марал чын эле ошол жалгыз корозун кубалап кирди. Килейген чоң короз болучу, көпкө чейин туткурбастан, кызды суй жыгылтты. Бул аз келгенсип, коншунун эгин-тегининин арасына качып кетип, андан бетер айласын кетирди. Коншулары — Турган кемпир эле. Ал киши өз колу менен тигип-көгөрткөн сабиз, пияз, картошкасына короз түгүл, чычкан аралатчу эмес. Марал корозунун артынан эгиндин ичине кирип баралбастан, тайсалдап туруп калды. Анын үстүнө кемпир эшикте, пешайвандагы очоктун алдында күймөнүп жүрүптүр. Кызы менен күйөө баласы эшикте экен: экөө бадминтон ойноп атышыптыр. Булардын көзүнчө кантип кемпирдин эгин-тегинин аралап, короз кубаласын киши...

— Апа, короз Турган чоң эненин коргонуна кирип кетти, — деди ал.

Апасы пешайвандагы очокко от жагып аткан.

— Кирип кетсе, артынан кирип, тутуп чык, — деп шанкылдады ал.

Марал, аргасыздан эки үйдүн короо-жайын бөлүп турган жыгач тосмону аттап өтүп, картошканын шагына келди да, анын ичинде жүргөн корозуна таш ыргыта баштады.

— Күш... Күш... Күш...

— Ай-и, ботом, корозун картошканы майкан кылбадыбы! — деп кыйкырды кемпир аны көрүп.

— Тутайын деп кубаласам, ушул жакка кирип кетти, — деп актанды Марал.

— Азыр мен тутушуп берем, — деп калды Осмон.

Ал дароо ракеткасын ыргытып жиберип, гүлдөп турган өскүлөң картошканын ичинде секириктеп, корозду кубалап кирди. Муну көрүп Турган кемпирдин чый-пыйы чыкты.

— О кокуй, картөшкөнү түгөтпөдүңбү биротоло?! О чык бери! — Бирок күйөө баласы ага кулак салбады.

— Салия, тос нары жагын! Тос! Тос! — деп кыйкырды ал аялына.

Салия да күйөөсүнө кошулуп кетти.

— Тос! Тос! — деп кыйкырды Осмон Маралга.

Ал бирпаста короз кубалоону оюнга айлантып жиберди. Үчөө корозду бири-бирине айдашып, каткырып күлүп атышты. Акырында кемпир да кошулду.

— Атканага айдагыла! Атканага киргизгиле! — деп үйрөттү ал. Кыйла кубалашкандан кийин көптөшүп жатып арып-чарчаган корозду атканага киргүзө аргасыз кылышты. Короздун артынан Осмон чуркап кирип кетти.

— Уф... — Салия ырахаттанып терин арчыды. — Эми Осмон тутуп чыгат...

Осмон карангы атканадан корозду кыйкыртып көтөрүп чыкты.

— Мына корозун.

— Рахмат...

Марал корозун алып, үйүнө карай басты.

— Марал, биз эртең кетпартабыз, — деди Салия. — Демек, сен барар замат, Осмон жездене жолугасың, куппу?

Марал башын ийкендетти.

— Сен барганча, мен өзүмчө аракет кылып турам, — деп кошумчалады Осмон.

— Марал дагы башын ийкеди.

— Көрүшпөй калсак, жакшы барыңыздар, — деп басып кетти анан.

— Жакшына кыз, — деп койду Осмон.

— Менден дагыбы? — деди Салия эркелеп.

Осмон күлүп, анын маңдайынан өптү. Очоктун боюнда отурган кемпир муну көрүп:

тамсилдетип. — Мүмкүн, Малик да аскерден бир жакшы максат менен келаткандыр, ким билсин...

— Ой, апам ай... — деп койду Марал.

Анткени менен апасынын айткандары ага да жагып атты. Ал дасторконго дуба кылып коюп, кайра барып үзүүгө кириштн.

— Андан көрө, — деди апасы, — тамекини тезирээк үзүп болуп, үйгө кайталы. Сен жууныл-таранып, жакшылап кийинип алып, Малик менен учурашып кел.

— Эми учурашам деп, атайы үйүно барайынбы?

— И ботом, барсан эмне болот экен? Адатта, киши бир узак жакка барып келгенден кийин, аны менен учурашып коюш — бүт кыштактын парызы. Кой, барып кел. Мен дасторкон жасап берем, колтуктап аласын.

— А дасторкондун эмне кереги бар?

— Куру кол барган болбойт. Эки каттама кылып берейин.

— Ай-ий бетим, каттаманы кантип көтөрүп барам уялбастан?

— Макул, полоо демдеп берем.

— Полоого эт керек.

— Жанагы жалгыз корозду соёбуз...

* * *

Кечинде үйлөрүнө келишкенден кийин, Марал чын эле ошол жалгыз корозун кубалап кирди. Килейген чон короз болучу, көпкө чейин туткурбастан, кызды суй жыгылтты. Бул аз келгенсип, коншунун эгин-тегинининн арасына качып кетип, андан бетер айласын кетирди. Коншулары — Турган кемпир эле. Ал киши өз колу менен тигип-көгөрткөн сабиз, пияз, картошкасына короз түгүл, чычкан аралатчу эмес. Марал корозунун артынан эгиндин ичине кирип баралбастан, тайсалдап туруп калды. Анын үстүнө кемпир эшикте, пешайвандагы очоктун алдында күймөнүп жүрүптүр. Кызы менен күйөө баласы эшикте экен: экөө бадминтон ойноп атышыптыр. Булардын көзүнчө кантип кемпирдин эгин-тегинин аралап, короз кубаласын киши...

— Апа, короз Турган чоң эненин коргонуна кирип кетти, — деди ал.

Апасы пешайвандагы очокко от жагып аткан.

— Кирип кетсе, артынан кирип, тутуп чык, — деп шанкылдады ал.

Марал, аргасыздан эки үйдүн короо-жайын бөлүп турган жыгач тосмону аттап өтүп, картошканын шагына келди да, анын ичинде жүргөн корозуна таш ыргыта баштады.

— Күш... Күш... Күш...

— Ай-и, ботом, корозун картошканы майкан кылбадыбы! — деп кыйкырды кемпир аны көрүп.

— Тутайын деп кубаласам, ушул жакка кирип кетти, — деп актанды Марал.

— Азыр мен тутушуп берем, — деп калды Осмон.

Ал дароо ракеткасын ыргытып жиберип, гүлдөп турган өскүлөң картошканын ичинде секириктеп, корозду кубалап кирди. Муну көрүп Турган кемпирдин чый-пыйы чыкты.

— О кокуй, картөшкөнү түгөтпөдүңбү биротоло?! О чык бери! — Бирок күйөө баласы ага кулак салбады.

— Салия, тос нары жагын! Тос! Тос! — деп кыйкырды ал аялына.

Салия да күйөөсүнө кошулуп кетти.

— Тос! Тос! — деп кыйкырды Осмон Маралга.

Ал бирпаста короз кубалоону оюнга айлантып жиберди. Үчөө корозду бири-бирине айдашып, каткырып күлүп атышты. Акырында кемпир да кошулду.

— Атканага айдагыла! Атканага киргизгиле! — деп үйрөттү ал. Кыйла кубалашкандан кийин көптөшүп жатып арып-чарчаган корозду атканага киргүгө аргасыз кылышты. Короздун артынан Осмон чуркап кирип кетти.

— Уф... — Салия ырахаттанып терин арчыды. — Эми Осмон тутуп чыгат...

Осмон караңгы атканадан корозду кыйкыртып көтөрүп чыкты.

— Мына корозуң.

— Рахмат...

Марал корозун алып, үйүнө карай басты.

— Марал, биз эртең кетпартабыз, — деди Салия. — Демек, сен барар замат, Осмон жездеңе жолугасың, куппу?

Марал башын ийкеңдетти.

— Сен барганча, мен өзүмчө аракет кылып турам, — деп кошумчалады Осмон.

— Марал дагы башын ийкеди.

— Көрүшпөй калсак, жакшы барыңыздар, — деп басып кетти анан.

— Жакшына кыз, — деп койду Осмон.

— Менден дагыбы? — деди Салия эркелеп.

Осмон күлүп, анын маңдайынан өптү. Очоктун боюнда отурган кемпир муну көрүп:

— Уятсыздар, — деп нааразылык менен күбүрөп койду.

* * *

Шишенин тыгыны тарс ачылып, шампан атылып кетти. Сөрүдө отургандар куунак чурулдап калышты. А сөрүдө — Малик, анын акеси менен женеси, алардын тентушу Камчы менен Бурул, Марал менен Камил олтурушат. Камилден башкасы ичкилик ичип атышат. Акеси менен Камчы кайп болуп калышкан.

— Карагыла, ай! — деп кыйкырды Малик кубаныч менен. Даректардын тарбайган шактарынын арасынан кыпкызыл болуп, чоң төгөрөк ай көтөрүлүп келатыптыр.

— Эмне, сен келген жактын айы жок беле? — деди Марал. Башкалар күлүштү, а Малик күлгөн жок. Бул өзгөчө ай эле. Өз жеринин айы. Бул айды ал өзү туулуп-өскөн картан бактын ичинде, өзүнүн жакындарынын арасында отуруп көрүп атпайбы. Ал өзү үчүн куюлган бокалды айга тосуп, анын ичинде туйлап аткан шампан аркылуу айдын кызыл нурларын жаш балача суктанып карай баштады. Муну Марал байкап, сүйкүм менен мулуюп койду. Ал дагы Маликти туурап, бокалын айга тууралады.

— А эсиңдеби, Малик, биздин «Алтын кызды» койгонубуз? — деди ошентип жатып. Анан «Алтын кыздагы» ырды ырдап кирди. Калгандары аны коштоп кетишти:

Төбөбүздө сан жылдыздар тарашат,
Ай да асманда алыс кетип баратат.
Ой, келин, кыз, ой жигиттер, курбулар,
Кандай болот үй-үйлөргө тарасак...

Ырдап бүтүшүп, өздөрүнө өздөрү кол чаап калышты.

— Чын эле, эми тарайлы, — деп калды Бурул. — Алима экөөбүздү сарайда эки таңгак тамеки күтүп турат. Кана, абышка мени менен барып тамеки тизишиң.

— Эй, катын, — деди ага Камчы, — ушул мен, азыр сенин тамекинди тизгендей болуп турамбы? Уялсаңчы.

Беркилер күлүп калышты.

— Эртен менен айтпадыңыз беле, барикти көбүрөөк үзө бер, кечинде өзүм барып тизишип берем деп?

— Анда мен Маликтин келишин каяктан билип коюптурмун. Менин ырыскыма мына мундай жакшына ичимдиктер жайнап каларын каяктан билиптирмин?

— Туура, — деди Мурат. — Бурул, сен күйөөңдүн ырыскысын кыйба.

— Бул ырыскыны экөөң күн сайын эле ичип жүрбөйсүңөрбү! — деди Бурул.

— Бурул, убара болбо, — деди Алийма. — Алдыларында шише турганда буларды иштете албайсын. Андан көрө кудай өзүбүзгө күч-кубат берсин. Жүр.

— Жене, мен сизге жардам берем,— деп калды Камил.

— Оозунузга май, — деди Алийма.

Үчөө сөрүдөн түшүп, дарбазага карай бет алышты. Бирок Алийма кайра токтоду.

— Уул, сиз биздикине түнөйсүзбү? — деп сурады ал Маликтен.

— Жок. Чал-кемпирдикине кетем, — деди Малик.

— Анда сиз төшөктү күндөгүдөй салып жата бериниз, — деди Алийма күйөөсүнө.

— Куп болот, айым, — деди Мурат. — Төшөктү сиз каалаган жерге салам.

Баарысы күлүп калышты. Алийма, Бурул, Камил үчөө кетишти. Эркектердин арасында жалгыз калганына Марал да тынчсыздана баштады.

— Мен да кетейинчи, — деди ал Маликке, куду уруксат сурагансып.

— Мен сени узатып коём, — деп калды Малик.

— Жакшы калыңыздар, — деди Марал берки экөөнө, ордунан тура берип.

— Мен да ошондон нары кеттим, — деп койду Малик агасына.

— Мына эми, арак да, шампан да өзүбүзгө калды, — деди Камчы, алар кетишкенден кийин.— Куй, дос, өлө турган жанга.

— Эй, сенин аялың күн өткөн сайын сулуу болуп баратат да? — деп калды Мурат, арак куюштуруп жатып. — А меники болсо, тыртайып же семирбейт, же өңүнө чыкпайт.

— Эмне, алмашайлы деп турасыңбы? — деди Камчы.

— Бир түнгө алмашпайлыбы?

— Кел атасынын көрү!

— Колду бер!

— Мына кол.

Экөө кол алышты.

— Азили жок?

— Азили жок!

Экөө бирин-бири тиктешип туруп, каткырып күлүп калышты.

* * *

Маралдын үйүнө барчу жол мектептин багын аралап, мектепти жандап өтө турган. Марал менен Малик бакка кириштн. Мектеп айдын жарыгында кашкайып бактын ортосунда турат.

— Биздин мектеп, — деди Малик.

— Биздин мектеп, — деди Марал.

Малик терезелердин бирөөнө келди да, класстын ичине үңүлө карады.

— А-у-у! — деп кыйкырды ал. — Жүр, ичкери киребиз!

— Эшик кулптануу.

Малик эшикке чуркап барды. Эшиктин кулпу жок экен, жөн эле жип менен байлап коюптур.

— Келе бер! — деп чакырды ал. — Биз мындай кулптардын далайын ачып көргөнбүз.

Ал жипти чечип жиберип, ичкери кирип кетти. Марал да анын жолун жолдоду...

Коридордун ичи жарык экен — көп сандаган терезе-эшиктер аркылуу айдын нуру түшүп турат. Анын босогосу менен ырааккы төрүнүн ортолугунда ондогон жарканаттар каршы-терши зыпылдап учуп жүрөт. Жарканаттар ачык турган класстарга да шумкуп кирип, кайра атылып чыгып жатышат. Марал кирер замат, алардан чочуп:

— Ай! — деп бир кыйкырып алды.

— Мына бул биздин класс! — деп шаңкылдады Малик, анын чочуганына этибар бербестен. Ал класска кирип кетти.

Марал анын артынан кирди.

— А бул болсо, биздин партабыз, — деп улады Малик, класстагы эң алдыңкы партага отуруп. — Экөөбүз кантип отурчу элек? Көрсөтчү?

Марал күлдү да, анын жанына барып отурду.

— Мына минтип...

Экөө бирпаска бири-бирин унчукпай тиктеп отуруп калышты.

— Марал, — деди анан Малик, кичине буулган үнү менен, — калп айтпасам, биз кучакташканбыз, өбүшкөнбүз, ушундайбы?

— Бир гана жолу, — деди Марал. — Сахнада. Элдин көзүнчө... Ошол күнү үйгө келип таяк жегенмин.

— А мен ошол бойдон эч кимди кучактай да элекмин, өбө да элекмин. Мен ошол оюнубузду сагындым...

— Чын элеби?

— Чын... Абдан, абдан... Аскерде экенимде аны дайыма эстеп жүрдүм... Кээ бир түндөрү көз-алдыма элестетип алып, таң атканча уктабай чыкчу элем.

— Азизим...

Экөө кучакташып, өбүшүп калышты. Класста уйгу-туйгу болуп жарканаттар учуп жүрдү.

— Марал... Марал... — деди Малик тамагы буулуп. — Кел, баш кошолу.

— Жок, Малик, — деди Марал, дароо боюн түзөп. — Мен сени жакшы көрөм, өзүң да билесиң. Эгер мен ушу кыштакта түбөлүк жашаган болсом, сенден башка күйөө тандабас элем. Бирок мен жакында Ошко жөнөп кетем, Малик. Ошол жакта окуп, ошол жакта жашап калам.

— Эки жолу өтпөй калыптырсың го...

— Быйыл өтөмүн. Сөзсүз. Осмон жезде өткөрөмүн деп атат.

Анан шаарга азыр эле кетип аткансып ордунан туруп, эшикке бет алды. Малик шагы сынып, ындыны өчүп, анын артынан ээрчиди...

* * *

Ушул түнү мына мындай ажайып окуя болду.

Түн ортосунда Алийма сарайдан келет. Келсе, күйөөсү күндөгүдөй эле сөрүгө төшөк салып, ай нурунда көшүлүп уктап аткан болот. Арып-чарчап келген Алийма чала-була чечинип, анын койнуна кирет.

— Фу, сасыгын, — деп алат ал, арактын жытынан жийиркенип. — Нарыраак жатын?

Өзүнө жай бошотуш үчүн күйөөсүн түртөт. Күйөөсү ойгонуп кетет.

— А-а, Алийма... — дейт ал, али мастыгы тарай элек үнү менен. Анан ошол эле замат Алийманы кучактайт.

Алийма кыйкырып жиберип, төшөктөн чапчып турат. Көрсө, тигил неме Мурат эмей эле, Камчы экен.

— Ботом, бул жерде эмне кылып жатасың? — дейт анан кичине эсине келип. — Үйүнө кетпединби?

— Меним ордума Мурат кетти, — деди Камчы.

— Эмне?!

— Э-э... Экөөбүз ушинтип чечтик. Бүгүн ал Бурул менен түнөмөк болду, а мен сени менен. Хе...

Алийма эми гана түшүндү. Каңырыгы түтөп кетти. Эмне дээрин, эмне кылаарын билбей калды.

— Ушундайбы... Силер ушинтип чечтинерби... Эмне экен... Биз баш иебиз... Эрдин айтканы айткан, дегени деген да...

— Бирок эч ким билбесин муну, — деп шыбырады Камчы.

— Кадырынар жан болсун, — деди Алийма, баягыдан кыйла чыйралып, токтолуп. — Бурул экөөбүз ошончолук эле акылсыз бекенбиз...

— Кел эми, жат.

— Азыр, азыр...

Алийма нары-берисин караса, көзүнө тандырдын көсөөсү урунду. Ал Камчынын үстүнөн төшөктү сыйрып таштап, анын жонуна көсөө менен чапкылап кирди.

— Ой-ой-ой! — деп кыйкырып жиберип, ордунан чапчып турду Камчы.

Алийма чапкылай берди. Камчы майке-турсичен бойдон сөрүдөн секирип түшүп, кийимдерин издей баштады. Алийма аны сөрүнү айланта кубалады.

— Ушундай дечи?! Мени менен гана жатасын ээ?! — деп кекетип атты Алийма.

— Билип койгун, — деди Камчы кийимдерин териштирип, — Мурат менен Бурул азыр бир төшөктө жатышат!

— Абдан жакшы болуптур жатышса. А сен бул жерден жогол, өлтүрүп коё элегимде!

— Коё тур эми, кийинип алайын.

Алийма ага болбоду. Камчы колго кирген кийим-кечесин колтуктап качууга аргасыз болду. Алийма аны дарбазадан чыкканга дейре кубалап барды.

— Өлүгүндү гана көрөйүндөр... Катын алмашышат имиш...

Алийма кайтып келип, сөрүнүн кырына шылкыйып отуруп калды. Бирпастан кийин ызасына чыдабай ыйлап жиберди. Кыйлага чейин ыйлады. Кайра басылды. Кыйлага чейин мелтиреп ойлуу отурду. Анан өзүнчө кандайдыр чечимге келди окшойт, өз тизесин өзү бир муштады...

Мына ушул учурда көчө жактан шашып-бушуп Мурат кирип келди. Алийма ошол замат төшөккө кирип, уктамыш болуп калды. Мурат энтигип жетип келип, Алийманын жанын сыйпады. Эки-жагын каранды. Болду-болбоду Камчыны издеди. Көңүлү тынчыган соң акырын аялынын жанына жата кетти. Алийма уйкусурамыш болуп, аны кучактады:

— Камчы... Камчы... — деп шыбырап койду.

Мурат секирип кетти. Алаканы менен Алийманын жүзүнө тарс эттире чаап калды. Алийманын көздөрүнөн от

чагыла түштү. Бирок ал сыр бербестен оюнун уланта берди: чочуп кеткен киши болуп ордунан тура калды да:

— Ой, сиз белениз? —деп, анан уурулукча эки-жагын каранып койду.

— Жалап! — деп чаңырды Мурат. — Кантип ушул төшөктү булгадың?! Кантип дитиң барды ушуга?!

— Ой-эй, өзүнөр ошентип чечипсинер го, — деп күнкүлдөдү Алийма, актанган түр менен.

— Чечсе эмне экен? Бул жөн эле оюн болчу! Биз силерди сынагыбыз келген!

— Мен каяктан билиптирмин...

— У-у-ух! — Мурат Алийманы мойнунан бууп, булкуп-булкуп коюп жиберди. — Ушу Бурулчалык болбойсун! Бурул мени бычак алып кубалады! Мына!

Мурат билегин көрсөттү. Ак көйнөгү билегинен жыртылып, ошо жери кан болуп жүрүптүр.

— А сен макоо, эч кандай каршылык көрсөтпөстөн... — деп улады Мурат каңырыгы түтөп. — Жок, мен эми сени менен жашай албаймын. Андан көрө, кет. Жогол!

— Мен сизден суранамын, бир жолкусуна кечирип коюнуз, — деди Алийма жалооруп. — Эми ар кандай сыноонуздан өтөм...

— Жап оозуңду канчык!

Мурат ачуусуна чыдабай ыйлап жиберди. Бирок дароо кайра соолугуп, төшөктүн үстүндө жаткан көсөөнү ала коюп, коргондон чуркап чыгып кетти. Алийма анын артынан табасы кана жылмайып калды. Ошол эле замат ал өзү да шашып-бушуп кийине баштады...

* * *

Эртеси күнү Мурат саарлап ата-энесинин үйүнө келет. Атасы менен апасы пешайвандагы сөрүдө экен. Атасы тасби тартып, үнкүйүп ойлуу отурат. Апасы Мураттын уулу менен кызына оокат берип жатат. Мураттын уулу эки жашар, а кызы төрткө чыгып калган.

— Ассалом-алейкум, — деди Мурат атасына, анан сөрүнүн кырына отуруп калды.

Атасы башын гана ийкеп койду. Мурат билгизбей эшикэликти караштырды. Анын издеген киши — Алийма көрүнө бербеди.

— Апа, чай-пайын барбы, апкелчи, — деди Мурат.

— Азыр, балдар жууныл келишсин, — деди апасы. — Тигине келатышат.

Бактын төр жагынан жаш балдарча кол кармашып Малик менен Камил чыкты. Экөөнүн тең ийнинде бирден сүлгү бар. Экөө бир нерсеге күлүп келатышат.

—Айланып кетейиндерим, — деп койду апасы, аларды карап.

— Эми Маликке колукту караштырыш керек, — деди атасы дагы, балдарын сүйкүм менен күзөтүп.

— Өзү караштырсын — деди Мурат.

— Алийманын айтканына караганда Марал экөөнүн көңүлү жакын имиш, — деп койду апасы.

— Марал окууга кетпартат, окууга кирип калса, ал кыз сиздин баланызга карап да койбойт.

— Барам дей берет да, — деди атасы. — Эгер биз куда түшүп, энчилеп койсок, эч жакка баралбай калат.

— Туура, — деди апасы аны колдоп. — Алийма деле өз учурунда далай оолукпады беле. Биздин үйгө келгенден кийин өзүнөн өзү эле тынчып калды го.

Бирпас туруп, Мурат өзүн тынчсыздандырган суроону берди.

— Айтмакчы. Алийма бул жакка келбедиби?

Эми аны атасы менен апасы суроолуу карап калышты.

— Эмне дагы уруштунарбы, — деди сурады апасы.

— Демек, энесиникине кеткен экен, — деди Мурат өзүнө өзү.

— Уф, — деп койду апасы.

Ал балдардын оозу-башын аарчып: «Баргыла эми, ойногула», — деп айдап жиберди. Балдар жетелешкен бойдон көчөгө карай жөнөштү. Кийин өзү да сөрүдөн түшүп, очок жакка басып кетти. Ангыча Камил менен Малик да келип калышты.

— Камил түш көрүптүр, — деди Малик. — Түшүндө өзү беш жашар балага айланат имиш да, апам экөө кызыл беденин ичинде көпөлөк кубалап жүрөт имиш.

Дасторкон, чайнек көтөрүп келаткан апалары муну угуп калды.

— Апаң айлансын сенден, — деп койду ал.

— Бирок бул апам эмес, — деди Камил, күнөөкөр түр менен. — Берги апабыз...

Беркилер бири-бирин селейе тиктеп туруп калышты. Айтарын айтып алып, Камил өзү да уялып кетти.

— Камил эмне деп дөөрүп атасын? — деди Мурат ачууланып. Биздин бир эле апабыз бар, мына мандайыбызда турат. Бул кишиден башка апабыз жок.

— Бар, — деди Камилдин да кичине жини келип. Бирок коркуп апасы менен атасын карап калды. Атасы менен апасы үнкүйүп онтойсуз акыбалда калышты. Камил тынығып туруп, дагы кошумчалап койду. — Бир жерлерде жүрөт.

— Камил... — деди Малик да, аны тыйыш үчүн. Бирок эмне айтаарын билбей, унчукпай калды.

— Сен Жыпарды айтып жатасың го, балам, — деди аталары. — Албетте, үчөөнөрдү тең тууган ошол катын. Бирок ал бир дудук, дүлөй макулук эле да. Ал силерди тууганды гана билген, а силерди баккан, тарбиялап адам кылган мына бул апанар.

— Биз ал катынды билбей да калдык, — деди Мурат, атасы менен апасынын көңүлүн улап. — Ал кеткенден бери канча жыл өттү...

— Он бир жыл, — деди Камил. — Сиз анда он төрт жашта элениз... Малик акем — тогузда, а мен — беште. Экөөңөр унутуп калышыңар ыктымал, а менин эсимде.

— Эмне эсиңде? — деди Мурат кекетип да, кызыгып да.

— Эсимде. Жыпар апам экөөбүз тезек теребиз деп адырга чыкканбыз. А адырдын бети кыпкызыл жоогазын гүлү эле... Апам... сулуу болчу. Күлгөндө тиштери апаппак болуп кашкая түшчү...

Камил апасынын көзүнө жаш алганын көрүп, тынчый түштү. Өзүн күнөөкөр сезип калды. Апалары сөрүдөн түшүп, басып кетти.

— Келесоо, — деди Мурат. — Апамды да ыйлаттың...

Ал дасторкондон бир сындырым нан алып, анан бата кылып, ордунан туруп кетти, калган үчөө үнкүйгөн бойдон кала беришти...

* * *

Дарыянын жээгиндеги жайыкта жыйырма чакты эркек чөп чаап жатышат. Алардын арасында Мурат менен Камчы да бар. Экөө элдин артында, ээнирээк баратышат. Бир маал да Камчы токтоп, чалгысын кайрап калды.

— Биз экөөнөн тең кечирим сурашыбыз керек, — деди ал Муратка. — Айрыкча Алиймадан.

— Эмне үчүн? — деди Мурат.

— Сен аны урдум деп атпадыңбы.

— Мен анын андай амалын кайдан билиптирмин.

— Жок, биздин катындар, бечаралар, түзүк экен. Көрчү экөө тен жүнүбүздү тозута сабап кубалап чыкты. Кээ бир катындар антпейт...

Дагы бирпас чабышкандан кийин, Камчы чалгысына жөлөнүп, белин кармап туруп калды. Мурат кыйла озуп кетти. Чалгычылардын бирөө:

— Э-э-эй, Камчы! — деп кыйкырып калды. — Сен эмне бүгүн белинди эле кармап калгансын?

— Бурулга белин алдырып койгондур да, — деп азилдешти башкасы.

Калгандар шарактап күлүп калышты. Камчы өзү да ырсайып койду. Бир гана Мурат күлгөн жок. Тескерисинче, ал Камчынын ырсайганын көрүп, үтүрөйо түштү.

Кокусунан ушу тапта чалгычыларды жандап өткөн сокмо жолдон Алийма көрүндү. Алийма чалгычылардын баарын өзүнө каратты жана тан калтырды: ал куду майрамга бараткандай, кызыл-тазыл болуп жасанып алыптыр. Мураттын өзү да оозу ачылып туруп калды.

— Э-э-эй, — деп жиберди кимдир бирөө.

— Адегиле, азаматтар! — деп шаңкылдады Алийма көпчүлүккө. Үнү да көрүнүшүнө жараша кубанычтуу чыкты.

— Адеп атабыз, — деп жооп берди үч-төртөө.

— Жол болсун, Алийма? — деди дагы бирөө.

— Сарайга баратам, — деп жооп берди Алийма.

— Ой, тамеки тизгенге ушинтип жасанып баратасынбы?!

— Ооба, майрамды күтүп жүрө берсем, кийим жыртылчудай эмес.

Көпчүлүк күлдү. Камчы менен гана Мурат тымтыйып, кыймылсыз турушту.

— Ой, жаша, Алийма! — дешти кээ бири.

— О кокуй, Алийма, сен биздин катындарга жаман үлгү көрсөткөнү турасың, — деди башкасы азилге салып. — Бардык катындар сени туурап киришсе, биздин күнүбүз эмне болот?

— Туурашсын! — деди Алийма. — Силерге койсо, катыныңарды өз тоюнда кийип келген жалгыз көйнөк менен карыткынар келет.

— Э-э, карындашым, колдо жок да, — деди бирөө. — Колдо болсо го биз деле аябайт элек силерден.

— Колго түшкөндү аракка алмашып жиберип атпайсынарбы.

— Мунун ырас.

— Кээ бирөөн ичкилик деп жүрүп, аялынды урматтамак түгүл, аны бирөөнүн койнуна салып бериштен да тайбай турган болуп калдынар.

— Э, жок-э, — дешти көпчүлүк. — Андай айбандар азырынча арабызда жок, кудайга шүгүр.

— Бар!

— Ким, мисал үчүн?

— Бири-биринди жакшылап карасанар, таап аласынар... А-а, Камчы, сен да ушерде белен? Баятан бери көрбөптүрмүн. Акыбал калай? Бел ооруган жокпу?

— Кичине ооруп атат, — деп ырсайып койду, Камчы.

Чалгычылар дуу күлүп жиберди.

— Ой, Алийма, бу сен Камчынын белин эмнеге сурап калдың? — дешти алардын бирөө. — Башкабыздыкын эмнеге сурабайсын?

— Кийинки кездерде Камчы мага көбүрөөк жагып жүрөт.

Дагы күлүштү.

— Ой, Мурат, бу катының эмне дейт?

Мурат Алийманын кордугуна араң гана чыдап турду.

— Эй, катын, бар ишиңе! — деп койду ал, көпчүлүккө сыр бербестен.

— Куп болот, таксыр! — деди Алийма ага. — Өзүңүз билесиз, каалаганыңыздын баарын аткарып келатам. Бул буйругуңузга да баш ием...

Ошентти да, бурулган бойдон басып кетти. Эркектер эми гана Алийманын сөзүндө тузу бар экенин туюп, эрди-катындын ортосунда бир иш өткөн экен деп ойлошуп, баягыдан тынчып калышты...

Кайрадан ишке алаксып кетишти.

Өздөрүнүн артта калганынан пайдаланып, Мурат дароо ишин токтотуп, чалгысы менен Камчыны такымдап алды.

— Азыр сени экиге бөлүп таштаймын, — деди ал, көздөрүнөн заар чачырап. — Чыныңды айт, эмне үчүн Алийма сенин акыбалыңды сурайт?

— Акмак! — деди Камчынын да жини келип. — Мына бул үчүн сурайт!

Ал көйнөгүн көтөрө берип, Муратка жылаңач далысын тосту. Байкуштун көсөө жеген жерлери тилке-тилке болуп көгөрүп чыгыптыр. Муну көрүп, Мурат жеңилдей түштү. Ичинен кубанып, анысын Камчыны аёо менен билгизди.

— Чын эле, дос, сени чатак кылган экен жанагы катын, — деди жылмайып.

— Түндө эле айтпадым беле, ал экөөбүздөн өч алганы атат. Көрөсүң, ал биздин жоругубузду элге жайып тынат.

— Анда өлдүк! — деди Мурат, эми бул жагынан кабатырланып. — Өмүр бою көнчүлүккө шылдын болобуз.

— Ошону билсең, анын жолун торо.

— Кантип?

— Катыныңдан кечирим сура. Жалынып-жалбарып болсо да, тезинен үйүнө кайтып алып кел. Уктунбу?

Мурат өскүлөн чөптүн арасында буластап узап бараткан Алийманы карап калды...

* * *

— Адегиле, эже-сиңдилер! — деди Алийма тамеки сарайга кире берип.

Сарайдын ичи жык катын-кыздар эле. Алийманы көрүшүп, куду чалгычылар сыяктуу көңүлдүү түрдө дуулдап калышты.

— Ой, өлүгүңдү көрөйүн десе, сен эмне бүгүн кулпуруп калгансың? — деди тентуш келиндердин бирөө.

— А-а, күн сайын кир кийимдерди кийип жүрө берип, көңүлүм кирдеп кетти, — деди Алийма. Ал алдына этек байланып, ийне-жибин таап, тизүүгө кириште. — Өлө турган жанга көңүлдү да көтөрүш керек да, — деп койду анан.

— Ырас кыласың, — деди дагы бир келин. — Өз көңүлүңдү өзүң көтөрбөсөң, сен жөнүндө ойлогон киши жок.

— Ошону айтсаң, — деди башкасы. — Эрлерибиз болсо иштегенди билет, ичкенди билет, бала төрөткөндү билет...

Анын сөзүнө шарактап күлүп калышты.

— А дейбиз, бу дейбиз, мандайыбызга жазылганы ушу болсо кантебиз, — деди орто жашап калган аял. — Колхоздун иши, үй-тиричилиги, бала төрөш, бала багыш — баарысы биздин милдет турбайбы.

— А мен бир жумадан кийин бул милдеттен кутулам! — деди Марал.

— Ботом, кантип?

— Окууга кирип кетем.

— А-а кокуй десе, окуп, билимдүү болсоң эле аялдык милдеттен кутулуп калат бекенсиң. Кызматчы аялдардын деле өзүнө жараша түйшүгү болот. Алар да бизге окшоп өкүматтын ишин кылат, бизге окшоп казан-аяк кармайт, бала төрөйт...

— Алар баланы аз төрөйт, — деди Марал. — Катын каадасын кылып гана бирди-экини төрөп коюшат. А кылган иштери болсо жеңил, күнүгө сегиз саат иштеп коюп, калган учурда бош...

— Ишке да мага окшоп таза кийинип барышат десең, —деп кошумча болду Алийма.

— Ооба... Бир жумада эки күн бош болушат, — деп улады Марал, — бир жылда бир айдан отпускеге чыгып, эрлери менен бир жактарга барып эс алып келишет.

— Мисалы, биздин Салияга окшоп, — деди Алийма. — Көрбөйсүнөрбү, бизде иштин күчөгөн маалы, күнү-түнү иштеп атабыз. А Салия болсо күйөөсү экөө бул жерде күнүгө дарыяга кирининп, күнгө кактанып, эчтекеден капарсыз, көпөлөктөй гана жашап жүрөт. Жок, эмне болсо да, билимдүү аялдардын турмушу жеңил. Марал, сен туура кыласың, сиңдим. Окугун!

— Рахмат, эже. Бул кыштакта мени бир гана сиз түшүнүп, сиз колдоп турасыз...

Алийманын жанына Бурул келип отурду. Ал эки-жагын каранып алып, Алиймага сырдуу жылмайып койду.

— Эмнеге күлүп атасың? — деди Алийма сыр бербей.

— Биздин жиндилердин түндөгү кылык-жоруктарына, — деп шыбырады Бурул. Бул экөөнүн сырдашып калганын көрүп, башкалар унчукпай калышты. — Ажап кылдык экөөн тең, — деп улады Бурул. — Күйөөң айтып баргандыр?

— Сен ал байкушту үйүндөн кубалап чыккан турбайсыңбы?

— Анан эмне. Кубалаганда да аш бычак менен кубаладым. Жетпей калдым, жетсем дагы бир жолу сайып калат элем.

— Жакшы кылыпсың бир чети. Мен дагы ошентмекмин, бирок кашайып, сенин эриң экенин билбей калбадымбы.

Бурулдун оозу ачыла түштү.

— Ал эмне дегениң?

— Мен аны өз күйөөм экен деп ойлоптурмун... Жоо өткөндөн кийин кылычынды ташка чап деген эмеспи. Чуу салганың менен не пайда...

— Демек, сен...

— Айтып атам го, билгеним жок деп.

Бурул эмне дээрин, эмне кыларын билбей калды.

— Сен... Сен... Уятың жок экен! — деди акырында тамагы буулуп.

Анан таарынып, чукчуң этип туруп кетти, Алийма макасатына жетип, артынан жылмайып койду...

* * *

Булардын чоң өрүк багы бар. Өрүктөр шактары жерге ийилип, бышып турат. Азыр Камил алардын бирөөнө чы-

гып алып, узун шыргый менен кагып жатат. Өрүктөр мөндүрдөй дабырап жаап, жердин бети кыпкызыл. Жерге түшкөн өрүктөрдү үй-бүлөнүн калган мүчөлөрү — атасы менен апасы, Мурат менен Малик — талдын чыбыгынан токулган себеттерге терип, тергендерин бактын ортосундагы күнөстүү ачык жерге жайып жатышат. Мураттын уулу менен кызы да ушул жерде оролушуп жүрүшөт. Бир маалда экөө уруша кетип, уулу ыйлап калды. Аналары жүгүрүп келип, соорото баштады.

— Балдар Алийманы сагынды, — деди ал. — Барып алдап-соолап апкелбейсинби!

— Эки жолу бардым, — деди Мурат. — Болбой койду.

— Сен аны элге шерменде кылып жүрсөң... — деди апасы.— Бурул көпчүлүккө бир нерселерди жайып жибериптир...

— Мунун баары калп.

— Калппы, чынбы, элдин оозун тыя албайсың, — деп койду атасы да. Үй-бүлө үчүн бул сөз оор эле. Унчукпай калышты...

* * *

Сарай. Катындар тизген тамекини үвагандарга илип жүрүшөт.

— Мунун баары калп! Ишенбегиле! — деп жатат Камчы аларга. Бул Алийманын ойлоп чыгарганы.

Катындар дуу-дуу күлүшөт. Алийманын өзү да жыргап күлүп атат. Бир гана Бурул тултуюп унчукпайт. Ал Алийманы жаман көзү менен карап коёт.

— А чыны кайсы анан, Камчы? — дешти аялдар. — Бир чындыгы болушу керек да, төгүн жерден да сөз чыкчу беле?

— Биз аябай мас элек... — деп баштады Камчы. — Айрыкча Мурат. Бир маалда ал: «Дос, сен эми жатып эс ал, мен да үйүмө барайын» — деп калды. Ал ошондой дегенден кийин мен да ойлоптурмун, өз үйүмдө экенмин деп. Мурат кетти, мен төшөк сала баштадым...

Катындар дагы каткырып калышты.

— Камчы! — деп кыйкырды Алийма күлкү аралаш. — Бул сенин ойлоп чыгарганын. Катындар, кимибизге ишенесинер?

— Албетте, сага ишенебиз да! — дешти көпчүлүк.

Бирок чынында эми алар Камчынын ойлоп тапкан амалына көбүрөөк ишенип, а Алийманын айтканын азил катары кабыл ала башташты. Буга эркек башы менен Камчынын болгон чындыкты өлүп-талып танып атышы, тескерисинче, Алийма катын болуп туруп, мындай уят ишти жашырыштын ордуна, кайра ойноп-күлүп жарыя кылганы шек туудуруп, кошумча себеп болуп атты. Муну Камчынын өзү байкап ичинен сүйүнө баштады. Алийма да сезди. Сезип, бир чети Камчыга ыраазы боло түштү. Канткен менен да ушул элдин арасында жашоого туура келет. Мүмкүн, эртедир-кечтир кайра барып, дагы эле Мурат менен оокат кылар. Бирок азырынча азил-чынга аралаштырып, анын кылган кылык-жоругу үчүн өч алып турса боло берет...

— Ой, Алийма, минтип отурсаң, сен мени жаман катыным менен ажыраштырып тынасың, — деп митаамдыгын улантты Камчы. — Бул эси жок сенин айтканыңа ишенип, мага күн көрсөтпөй атат.

— Туура кылат! — деди Алийма.

Анан тамеки таңа турган таңгагын алып, күлгөн бойдон нары басып кетти.

* * *

Кызыл беделүү талаа. Талаа баягыдай эле кыпкызыл болуп аптапка какталып жатат.

Талаанын үч жагынан үч аялдын карааны көрүндү. Аялдар үчөө тең талаанын ортосун көздөй бетме-бет келатышты. Бирпастан кийин экөө бири-бирине бет маңдай келишти. Булар Алийма менен Марал болучу. Алийманын колтугунда тангагы бар, а Марал чемодан көтөрүп алган.

— Эмне, жөнөп калдыңбы?— деп сурады андан Алийма.

— Ооба.

— Ылайым, быйыл өтүп кет.

— Ырахмат эже. Айтканыңыз келсин.

— Ботом, мына бул ким болуп кетти?

Аларды жандап, колунда түйүнчөгү бар бейтааныш аял өтүп баратты. Аял кырк бештерге барып калган, жүзү ажардуу. Ал кыздарга жылмайып, башын ийкеп койду. Кыздар да ага баш ийкеп, жооп беришти.

— Болуптур эмесе, Марал, жакшы бар,— деди Алийма.

— Жакшы калың, — деди Марал.

Экөө өз жолдоруна түшүштү.

Эми үч аялдын карааны талаанын ортосунан үч жакка карай узап баратты.

* * *

Үй-бүлө дагы эле бактын ичинде болучу.

— Карагыла, биз жакка бир аял келатат! — деп калды Камил өрүктүн башынан.

Бул жанарааkта Алийма менен Маралга жолуккан аял эле. Аял үй-бүлөнүн мүчөлөрүнөн көзүн албай, өрүктөрдү аралап жай басып келатты.

Булар дагы аны таңыркап карап турушту.

Аял жакын келип, баарына унчукпай баш ийкеди.

Эрди-катын аялды эми гана тааныды. Таанып, бири-бирин карап алды.

Балдар аялга:

— Келиниз — деп коюшту.

Аталары да аялга баш ийкеди.

Апалары барып:

— Кел, — деп ага кол берди. Кийин балдарына кайрылды. — Балдар, Жыпар дудук деген ушул болот. Силерди төрөгөн аял...

Бир туугандардын оозу ачылды да калды. Үчөө улам бири-бирин карашат, аялды карашат, эмне кыларды билишпейт.

Апалары аларды келгин аялга тааныштырды.

— Сенин балдарын, — деп үчөөнө баш ийкеди.

Жыпар-дудук түйүнчөгүн жерге коюп, тартынган түр менен келип Муратка эки колун созду. Кучактагысы келди. Бирок Мурат анын оюн түшүнүп, дароо бир колун берсалып, кайра бат эле тартып алды. Аял осолдой түшүп, анысын сездирбес үчүн жылмайып койду. Маликке келгенде ага кучагын ачкан жок, колун гана сунду. Малик унчукпай колун берди, бирок акесине окшоп шашылыш тартып албады. Шондуктан, дудук апасы анын жүзүнө тигиле карап, эки ийнинен сылап койду. Эми ал четте узун кадага жөлөнүп турган Камилге бурулду. Камил дароо таякты таштап, чечкиндүү түрдө ага өзү басып келди. Жыпар аны ишенимдүү түрдө кучактап, жыттагылап калды. Кокусунан ыйлап да жиберди. Камилдин көзүндө да жаш кылгыра түштү. Муну көрүп, аталары чыдабай нары карай басып кетти. Апалары жерге энилип өрүк теримиш болуп калды. Мурат болсо толтурулган себеттерди көтөрүп жөнөдү. Малик гана эмне кыларын билбей чечкинсиз акыбалда тура берди.

Бирок Жыпар дудук бат эле соолукту. Жоолугунун учу менен көз жашын сүртүп алып, өз түйүнчөгүн чечип калды. Түйүнчөгүндө үч окшош көйнөк бар экен. Ал түшүнүксүз бир нерселерди сүйлөп, куду кечирим суранган түр менен жылмайып, көйнөктөрдү балдарына тартуулай баштады.

Ага-инилери дагы бири-бирин, апаларын суроолуу карашты. А бечарам, силерге белек алып келген турбайбы, — деди апалары. —Алгыла, алгыла!

Мурат өз көйнөгүн унчукпай алып, өрүктүн ачасына кыстарып койду.

— Рахмат, — деди Малик, бирок көйнөктү эмне кылаарын билбей, кармаган бойдон туруп калды.

Камил дудук апасын дагы курсант кылды. Ал майкечен болучу, дароо үстүнө кийип алды. Көйнөк ага чоң келди. Дудук анын жендерин түрө баштады. Ал өзүнчө сүйүнүп, мулундап күлүп, түшүнүксүз тили менен божурап сүйлөп атты...

Көйнөктөр берилип бүткөндөн кийин кайрадан оңтойсуз абал пайда болду. Баары эмне кыларды билей калышты. Акырында апалары дудукка үй тарапты көрсөттү:

— Үйгө жүр, чай ич, — деп калды.

Дудук макул болбоду. Ал дагы келген жагын көрсөтүп, бир нерселер деп шылтоо айтты. Апалары анын айтканын кунт коюп угуп туруп, акырында ага башын ийкендетти да, анан ага-инилерге кайрылып:

— Коштошкула, — деди.

— Эмне, ушинтип эле кете береби? — деди Камил таң калып. — Кал дебейсиздерби?

— Калбайм дейт, — деп койду апалары орой түрдө.

Ага-инилер дагы бир жолу бири-бирин карап алып, кийин башын ийкендетип аткан Жыпар дудук менен баш ийкешип коштошту. Жыпар дудук бурулуп басып кетти. Үч бир тууган оңтойсуз абалда аны кыйлага карап турушту...

— Апа, бул аял бизге кантип эне болуп калып жүрөт? — деп сурады Камил, кайрадан баарысы ишке киришкенден кийин.

— Көпкө айтыш керек, — деп койду апалары, жооптон тайсалдап.

— Айта бериңиз, биз угабыз, — деди Малик.

Апалары балдарын бир сыйра карап алып, анан чечкиндүү түрдө:

— Болуптур, — деди. — Ырас, билгиңер келип калыптыр, айтып берейин. — Бир туугандар бирин бири кабатырлана карап алышты. — Биз, атаңар экөөбүз бөлө болобуз. Бир чети, эжели-синди энелеribиздин каалоосу менен, экинчиден өзүбүз бири-бирибизди жактыргандыктан баш коштук эле. Беш-алты жылга чейин ынтымак жашадык. Бирок ортобузда бала болбоду. Атаңар менден айный баштады. Сөгө

турган болду, ура турган болду. Коюп жиберейин дейт, коюп жибере албайт: экөөбүз бөлөбүз, энелерибиз бир тууган, алардын көнүлүн кыйгысы келбейт...

Ушинтип жүргөнүбүздө айлыбызда бир Ташмат деген жалгыз бой чал бар эле, ошол кайдандыр-жайдандыр өзүнө катын таап келип калды. Катынынын ээрчиткен бойго жеткен кызы бар экен, анысы да дудук болуп чыкты...

Катын аларын алып, бирок жарым жыл өтпөй бечара чалдын көзү жумулуп кетти. А жанагы аялы менен дудук кызы болсо келген жагына кайтып кетпестен, ушул жерде оокат кылып калышты. Катындын бозо салмай өнөрү бар экен, бозо салып, бозо сата баштады. Айылдын эркектери керели-кечке ошол катындын үйүнөн чыкпай бозо ичишип, кумар ойношчу болду. Силердин атаңар да ошого көнүгүп кетти...

Биз, катындар бозокор аялды жаман көрүп калдык, көрүнгөн жерд аны менен урушчу болдук. Бирок башка амал кылууга күчүбүз жетчү эмес...

Мына ошол келгин аял күндөрдүн биринде биздин үйгө чоң чатак менен келди. Көрсө, дудук кызынын боюна бала бүтүп калыптыр, а баланын атасы сенин күйөөң дейт. Күйөөң үйлөнсүн кызыма, болбосо, бир ыгын таап туруп өлтүрөмүн анынды деп эскертти. Биз, атаң экөөбүз нары ойлонуп, бери ойлонуп, тууган-уругубуз менен кеңешип отуруп, бир жумадан кийин дудук кызды үйүбүзгө киргизип алдык... Мына ушул. Дудук кыз анан бизге силерди төрөп берди...

Ага-инилер апаларынын сөзүн абдан кызыгып угушту. Ал турмак, ар кимиси өз алдынча ошол алыста калган дудук кызды, анын энесин, алардын үйүнө толгон бозокор, кумарпос эркектерди, алардын арасында отурган өздөрүнүн мас атасын, анын дудук кызга кылган мамилесин элестеткенге чейин барышты. Бир нече жолу алардын көзүнө Жыпар энелеринин азыркы кебете-кешпири, анын бир жерлерде бараткан элеси элестеп кетти...

— Анан? Анан эмне болду? — деп сурады Камил чыдай албай. — Эмне үчүн бизди таштап кетти.

Бул суроого апалары кыйналып, каалабай туруп жооп берди.

— Силерди тууп берип коюп, бул катын атанардын көнүлүн биротоло өзүнө буруп алды, а мени болсо көзүнө илбей калды. Карасам, дудук күндөшүм, акырындап мени өзүнүн бала бакчусуна айлантып, а өзү үйдүн байбичеси болуп калчудай. Ар ким өз бактысын ойлойт. Атаңарга айттым: же мени дегин, же дудукту дегин; мындан нары үчөөбүз

бирге жашай албайбыз дедим. Атаңар арсар болду. Балдар дудуктуку. Бирок мени кетирсе, дудук өзүнчө үй тутуп, силерди тарбиялай албайт. Анын үстүнө, мен атаңарга аял гана эмес, жакын тууган да болом. Шондуктан ал нары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп, акырында силерди биротоло менин колума өткөрүп берип, дудуктун өзүн жолго салды. Болгон чындык ушул. Эми силер мен жөнүндө, атаңар жөнүндө эмне ойлойсуңар — ойлой бергиле...

Ушинтип коюп, апалары өрүккө толгон себетин көтөрүп жөнөп калды. Ага-инилер үн-сөзсүз аны тиктеп турушту. Үчөөнө тең бүгүн өз ата-энелеринин жаңы касиети ачылды. Бирок бул туурасында эмне дешээрин али өздөрү да биле элек. Арсар абалда.

— А азыр ал каякта жашайт? — деп сурады Камил, дагы эле алымсынбастан.

— Өзгөндө, — деди апалары, атайы, токтоп кайрылып туруп. — Бизден кеткенден кийин бат эле апасы өлүп калган, а андан жарым жыл өтпөй өзү да өзгөндүк бир адамга күйөөгө тийип кеткен. Ал эрине да бир эркек бала төрөп бериптир деп укканбыз...

Апалары кетип калды.

Үч бир тууган кыйлага чейин үн-сөзсүз селейип турушту.

— Мен аны издеп табам! — деди Камил акырында...

* * *

Бүгүн түш ченде жапжашыл болуп керилип жаткан таметки плантацияларына вертолёт менен дары чача башташты. Вертолёт кең талаанын бир четинен шумкуп кирип, экинчи тарабынан кайкып чыгып кетип жатты. Анын артынан, куду реактив самолёттун түтүгүндөй чубалып, майда ак дары себилип баратты...

Катындар үзүүдө эле. Атчан бригадир келип, аларды тарката баштады.

— Кана, ишиңерди токтотуп, үйүңөргө барып эс алгыла! — деп кыйкырды ал.

Катындар сүйүнүп, чурулдап калышты.

— Канча убакка эс алабыз!

— Дарынын жыты кеткенче!

— Демек, бир жума экен да?!

— Бир жумага, эмне, байлап коюптурбу ал жытты бул жерде?! — деди бригадир. — Ашып барса үч күн!

— Мейли, ушуга да кудайга шүгүр. Кир-когубузду жуулганча жетет.

— Эх, бир ойноп-күлүп алалычы! — деди Алийма.

— Хмм... — деп койду Бурул жактырбай. — Кээ бир катындардын эси-дарты эле оюн болуп калды. Үйү менен иши жок, балдары менен иши жок...

— Э-э, бечарам десе, — деди ага Алийма. — Үйүм, эрим, балдарым деп жүрүп, жыйырма бешке жетпей картайып турасын. Өзүңдү бир карачы, күрп болгон тоокко окшоп калыпсын.

— Мейли. Бирок мен сенчилеп, бир өзүмдүн көнүлүмдү улап, өз эримди башка эркек менен чаташтыргым келбейт.

— Бекер кыласын.

Катындар күлүп жиберишти. Алийма озондоп ырдап кирди.

— О-о керилген тоонун астында.
Кекире баскан буудай бар.
Кел ойнойлу, жаш бозой,
О, кечире турган кудай бар...

Аялдар дагы каткырып калышты.

Тамекинин арасынан чыккандан кийин катындар бирден-экиден болуп туш-тушка тарай башташты. Алийма жалгыз өзү кызыл бедени аралап салды. Талаанын ортосуна жеткенде анын алдынан Мурат чыга калды.

— Мен сени күтүп турам, — деди ал.

— Коош? — деди Алийма.

— Үйгө жүр.

— Мм... Ушундай де. Сен, эмне, ушунча кеп-сөздөрдөн кийин мени дагы катын кылгын барбы?

— Кеп-сөздөрдү өзүң таратып жүрөсүң. Мен ага ишенбейм.

— А эл ишенип калды.

— Ишене беришсин. Сен тазасың.

— А-а. Демек, мени таза деп ойлоп, кайра чакырып аткан турбайсынбы?

— Ананчы.

— Анда болбойт экен. Мен сенин алдында айыптуумун. А сен адегенде ушул айыбымды кечиришиң керек. Ошондо мейли, барамын.

Мураттын дагы жини келди.

— Сен эч кандай күнөө иш кылган жоксуң! — деп кыйкырды ал. — Жөн эле менин ичимди күйгүзгүң келип атат!

— Күнөө кылдым. Сен кылдырдың.

Ошентип коюп, Алийма өз жолу менен басып кетти. Мураттын ичин ит тыталап, эмне кыларын билбей дел-дейип кала берди...

* * *

Уй жетелген бейтааныш аял Камилди жапжашыл шалыпаяларга баштап келди. Алар келаткан сокмо жолдун боюнда, тизесинен сууга батып, бир аял менен он-он эки жашар бала шалы отоп жүрүшүптүр.

— Тетиги аял, — деди Камилдин жол башчысы. — А жанындагы бала болсо, сен айткан Жыпар дудуктун баласы болот.

— Рахмат, — деди Камил.

Аял уюн жетелеп өз жолу менен кете берди. Камил тилке-тилкеге бөлүнгөн шалыпаянын шактары менен басып, шалы отоп аткандардын алдына келди.

— Арбаңыздар, — деди ал.

Аял менен бала баштарын көтөрүшүп, аны таңыркай карап калышты.

— Бар бол, — деп койду аял.

— Сиз Балтабай акенин зайыбы болосузбу?

— Ооба...

Камил андан нары эмне дээрин билбестен, кичине кысталып калды.

— Мм... Мен Жыпар деген аялды издеп жүрөм, — деди анан.

— Дудук Жыпарбы? А-а... Аны эмне үчүн бул жерден издейсиң? Ал биз менен жашабайт. Алты-жети жыл болуп калды...

— Анан каерде жашайт?

— Ит билсинби, айланайын. Бизден кеткенден кийин, Анжияндын үстүндөгү Айым деген кыргыз кыштакка күйөөгө чыккан. Анысынан бир кыз төрөгөн. Муну мен каяктан билейин, ошол жерде менин бир синдим жашайт, ошол айтканда. Бирок быйыл жазында мына бул баласын көргөнү келгенде, өзүнөн сурасам, ал күйөөсү да кызын алып калып, өзүн айдап жибериптир. Бир жылча болду дейт. Анан азыр каяктасың десем, бирдемелерди булдурап айткан болду, түшүнө албай койдум... Ырас, биздикилер Оштун базарына барган сайын эле айтып келишет: Жыпар дудукту көрдүк, жаңгак сатып отурат дешип. Бир жолу менин күйөөм да ошентти...

Камил аялдан билерин билип алып, эми бала менен тиктешип калды. Бала Жыпар апасына окшош экен. Камил ага көнүлү жылып турду.

— Демек, бул бала Жыпардын баласы турбайбы? — деди ал баладан көзүн албастан.

— Жо-жок, — деди аял. — Бала меники. Төрөгөнүн гана дудук төрөгөн.

— Анда, жигит экөөбүз бир туугап экенбиз, — деди Камил балага жылмайып. — Мени да ошо Жыпар деген аял тууган.

— Ай-ий ботом, бая эле ошондой дебейсинби, — деп калды аял. — Демек, биринчи күйөөсүнөн турбайсынбы? Биринчи эримде үч балам калды деп айтып калчу эле, байкушум...

Камил аялдын сөзүнө күлак салбады.

— Кел, таанышып алалы, — деп балага колун сунду. Бала тартынып турун колун берди. — Атын ким?

— Акжол, — деди бала.

— А меники Камил. Окуйсунбу?

— Үчүнчү класста.

— Азамат. Жакшы окугун.

— Башындагы калпакты ошо дудук энеси келип кийгизип кетти, — деп сөз кошту аял.

— Биз эми жолугушуп туралы, макулбу?

— А кантип? — деди бала, кызыккан түр менен.

Аял жаныдан таанышкан ага-инилерди кабатырлана карап калды.

— Биз Акжолду узакка жөнөтө албайбыз, — деп эскертти ал. Камил кичине ойлонуп турун:

— Мен өзүм келемин! — деди. Анан билегиндеги саатын чече салып, жаны табылган инисине сунду. — Ме, тагының жүр.

Акжол тайсалдап, саатты дароо эле ала бербеди.

— Ал, ал! — деди ага аял. — Акендин белеги, ала бер!

Акжол алып:

— Рахмат, — деп койду.

Камил аны кучактап, мандайынан бир өөп алды да, анан шашып жөнөп калды.

— Жакшы кал!

— Жакшы барын? — деп кыйкырды бала.

— Ботом, сен үй жакка барып чай-пай ичсен болот эле, — демиш болуп койду аял дагы.

Камил анын сөзүнө этибар бербеди. Тилке-тилкеге бөлүнгөн шалпаянын жээги менен шыпылдап кете берди. Акжол анын артынан жылмайып карап турду...

* * *

Оштун базары. Базардын ичиндеги көп сандаган майда, катар дүкөндөрдү бойлоп, Алийма келатат. Колунда чон сумкасы бар. Ал ар бир дүкөндүн алдына токтоп, дүкөндөгү буюмдарды кызыга карап, айрымдарын кармалап көрүп, кээсинин баасын сурап коюп баратат. Аны көбүнчө аялдардын кийимдери, атыр, эндик сыяктуу буюмдары кызыктырып атат. Бир дүкөндөн өзүнө ич көйнөк тандай баштады. Ич көйнөктөр биринен бири кооз экен. Кайсынысын аларды билбей, суктук кылып, улам бирин жазып көрүп, жаш дүкөнчү кыздын кыжырын келтирип турганда, кокусунан, анын жанында Марал пайда болду.

— Ой, Алийма эже!

— Марал! — дешип экөө тең сүйүнүп кетишти.

— Бу кандай шамал айдап Ошко келип калдыңыз?

— Э-э, кичине каткан акчам бар болчу, ошого бирдемелер алып кийсемби деп келгеним эле.

— Ох, Алийма эже! Эриңизден кеткенден бери, ушундай өзгөрдүңүз: жашарып, сулуу болуп кеттиңиз.

— Чын элеби?!

— Азаматсыз. Мен да сизге окшоп, өзүм каалагандай жашагым келет.

— Туура кыласың. Эрдин көзүн карап жүрө берсең, өмүрүң зая кетчүдөй... Кана, айтчы, кайсынысын алсам болот?

— Баарысы да кооз экен, — деди Марал. — Менимче, колуңуздагы сонун көрүнөт.

— Ошондой дейсиңби? Анда ушуну бериңиз.

— Жыйырма беш сом, — деди сатуучу кыз...

Көйнөктү сатып алышкандан кийин, экөө ээрчишип мөмө-чөмө базарын аралай жөнөштү.

— Айткандай, окуун эмне болуп атат? — деп сурады Алийма.

— Ой, эже, быйыл өтүп кетчүдөй болуп турам! — деди Марал сүйүнүп.

— Ошондой эле болсун ылайым.

— Үч экзаменди жакшы тапшырдым. Азыр акыркысын тапшырганы баратам. Осмон жезде мунусун да бир мугалим менен сүйлөшүп койгон.

— Демек, Салиянын күйөөсү ишке жарап аткан экен да.

— Ананчы! Ал киши болбосо, өзүм бирөөнөн да өтө алмак эмесмин.

— Азамат. Күйөө балалыгын көрсөтүп аткан экен... Айтмакчы, мен Салия менен учурашып кетким келип турат.

— Анда үйүнө барасыз. А кишиге бүгүн дем алыш.

— А мен анын үйүн билбейм.

— Мен сизге адресин берем. Ой, алар ушундай сонун жашашат, үйүнө кирсениз чыккыңыз келбейт...

— Жо-жок, — деди аял. — Бала меники. Төрөгөнүн гана дудук төрөгөн.

— Анда, жигит экообүз бир тууган экенбиз, — деди Камил балага жылмайып. — Мени да ошо Жыпар деген аял тууган.

— Ай-ий ботом, бая эле ошондой дебейсинби, — деп калды аял. — Демек, биринчи күйөөсүнөн турбайсынбы? Биринчи эримде үч балам калды деп айтып калчу эле, байкушум...

Камил аялдын сөзүнө күлак салбады.

— Кел, таанышып алалы, — деп балага колун сунду. Бала тартынып туруп колун берди. — Атын ким?

— Акжол, — деди бала.

— А меники Камил. Окуйсунбу?

— Үчүнчү класста.

— Азамат. Жакшы окугун.

— Башындагы калпакты ошо дудук энеси келип кийгизип кетти, — деп сөз кошту аял.

— Биз эми жолугушуп туралы, макулбу?

— А кантип? — деди бала, кызыккан түр менен.

Аял жаныдан таанышкан ага-инилерди кабатырлана карап калды.

— Биз Акжолду узакка жөнөтө албайбыз, — деп эскертти ал. Камил кичине ойлонуп туруп:

— Мен өзүм келемин! — деди. Анан билегиндеги саатын чече салып, жаны табылган инисине сунду. — Ме, тагынып жүр.

Акжол тайсалдап, саатты дароо эле ала бербеди.

— Ал, ал! — деди ага аял. — Акендин белеги, ала бер!

Акжол алып:

— Рахмат, — деп койду.

Камил аны кучактап, мандайынан бир өөп алды да, анан шашып жөнөп калды.

— Жакшы кал!

— Жакшы барын? — деп кыйкырды бала.

— Ботом, сен үй жакка барып чай-пай ичсен болот эле, — демиш болуп койду аял дагы.

Камил анын сөзүнө этибар бербеди. Тилке-тилкеге бөлүнгөн шалпаянын жээги менен шыпылдап кете берди. Акжол анын артынан жылмайып карап турду...

* * *

Оштун базары. Базардын ичиндеги көп сандаган майда, катар дүкөндөрдү бойлоп, Алийма келатат. Колунда чон сумкасы бар. Ал ар бир дүкөндүн алдына токтоп, дүкөндөгү буюмдарды кызыга карап, айрымдарын кармалап көрүп, кээсинин баасын сурап коюп баратат. Аны көбүнчө аялдардын кийимдери, атыр, эндик сыяктуу буюмдары кызыктырып атат. Бир дүкөндөн өзүнө ич көйнөк тандай баштады. Ич көйнөктөр биринен бири кооз экен. Кайсынысын аларды билбей, суктук кылып, улам бирин жазып көрүп, жаш дүкөнчү кыздын кыжырын келтирип турганда, кокусунан, анын жанында Марал пайда болду.

— Ой, Алийма эже!

— Марал! — дешип экөө тең сүйүнүп кетишти.

— Бу кандай шамал айдап Ошко келип калдыныз?

— Э-э, кичине каткан акчам бар болчу, ошого бирдемелер алып кийсемби деп келгеним эле.

— Ох, Алийма эже! Эринизден кеткенден бери, ушундай өзгөрдүнүз: жашарып, сулуу болуп кеттиниз.

— Чын элеби?!

— Азаматсыз. Мен да сизге окшоп, өзүм каалагандай жашагым келет.

— Туура кыласын. Эрдин көзүн карап жүрө берсең, өмүрүн зая кетчүдөй... Кана, айтчы, кайсынысын алсам болот?

— Баарысы да кооз экен, — деди Марал. — Менимче, колунуздагы сонун көрүнөт.

— Ошондой дейсиңби? Анда ушуну бериңиз.

— Жыйырма беш сом, — деди сатуучу кыз...

Көйнөктү сатып алышкандан кийин, экөө ээрчишип мөмө-чөмө базарын аралай жөнөштү.

— Айткандай, окуун эмне болуп атат? — деп сурады Алийма.

— Ой, эже, быйыл өтүп кетчүдөй болуп турам! — деди Марал сүйүнүп.

— Ошондой эле болсун ылайым.

— Үч экзаменди жакшы тапшырдым. Азыр акыркысын тапшырганы баратам. Осмон жезде мунусун да бир мугалим менен сүйлөшүп койгон.

— Демек, Салиянын күйөөсү ишке жарап аткан экен да.

— Ананчы! Ал киши болбосо, өзүм бирөөнөн да өтө алмак эмесмин.

— Азамат. Күйөө балалыгын көрсөтүп аткан экен... Айтмакчы, мен Салия менен учурашып кетким келип турат.

— Анда үйүнө барасыз. А кишиге бүгүн дем алыш.

— А мен анын үйүн билбейм.

— Мен сизге адресин берем. Ой, алар ушундай сонун жашашат, үйүнө кирсениз чыккыңыз келбейт...

— Марал, — Алийма Маралдын колунан кармап токтотуп калды.

— А?

— Тетиги аялды карасан...

Алийма жангак сатып отурган аялды көрсөттү. Жыпарадудук экен.

— Ой, эже, баягы биздин айылга барган аялбы?

— Ошол.

Ангыча Жыпар да бул экөөн байкап, аларды дароо таанып, куду жакын кишилерин жолуктургандай сүйүнүп, бирдемелерди булдурап сүйлөй кетти.

— А кокуй, дудук турбайбы? — деди Марал.

— Ошондой экен, бечара. А кебетесин карап туруп, эч антип ойлобойсун...

Дудук басып келип, булар менен көрүшүп, жаңгак жегиле деп ишаарат кылды.

— Жангак сатып алгыла деп жатат, — деп жоруду аны Марал.

— Кел, алсак алалычы ушу бечараныкын, — деди Алийма. Анан сумкасын ачып туруп, дудукка сөөмөйүн көрсөтүп койду. — Бир кила...

Бирок дудук жаңгагын тартпай эле, уучтап сала баштады.

— О кокуй, бул эмне кылганы?

— Жөн эле берип атат көрүнөт, — деди Марал.

— Болот, болот! — деп, Алийма сумкасын жаба салды. Анан акча бермекчи болуп калды эле, бирок Жыпар бир нерселерди айтып, колдору менен итерип, акчаны албай койду.

— Эми эмне кылабыз? — деди Алийма.

— Ырахмат айтабыз, — деди Марал. — Рахмат. Рахмат, сизге...

— Ырахмат, — деди Алийма да.

Жыпар башын ийкендетип, өзүнчө курсант болуп, жылмайып кала берди.

— Жакшы аял экен, — деди Марал, экөө андан узагандан кийин.

— Бирок ким болду экен бул?

* * *

Алийма эптеп Салиянын үйүн таап келди. Салиянын кара дермантин менен капталган эшиги бар экен, түртсө эле ачылып кетти. Алийма куду ит каап ала тургансып, акырын ичкери башбакты да:

— Салия... Салия... — деп секин-секин чакырып көрдү.

Бирок ичкериден жооп болбоду. Алийма коридорго кирип алып чакыра баштады:

— Салия... О, Салия!

Бул жолу ваннанын ичинен:

— Ким бул? — деген үн чыкты.

Алийма Салиянын үнүн таанып, ваннанын оозуна келди. Келип кыйкырып жиберди. Көрсө, Салия жыпжылаңач болуп ваннада отуруптур. Колунда китеп.

— Алийма! — деп кыйкырды Салия да аны көрүп, — Кир! Кир!

Алийма босогону аттады.

— Ой, өлүгүндү көрөйүн десе, кантип коркпой отурасын? — деди ал. — Кокус менин ордума эркек кирип келсе эмне болот?

— Көп болсо баса калар да, анын эмнесинен корком. — Экөө тең күлүшүп, өбүшүп алышты. — Бу кантип келип калдың меникине?

— Адегенде кийинчи, анан айтып берейин.

— Макул. Тиги халатты берип кой...

Алийма илинип турган кооз желекти узатып койду.

— Ой, андан көрө, сен да түшүп алчы, тердеп-тепчип калыпсың, — деди Салия. — Анан жай отуруп сырдашабыз.

— Койчу нары, үйүнө кирбей жатып, киринейинби?

— Эчтеке болбойт. Чечин, чечин!

— А эриң каякта?

— Коркпо, ал кеч келет. Сен жууна бер, сүлгү, халатты анан алып келип берем...

Салия халатын чала-була кийинип алып чыгып кетти. Алийма арсар түрдө чечине баштады...

* * *

Осмон үйгө келгенде эки курбу үйдүн ичин заңгырата күлүп атышыптыр. Ортолорунда стол. Столдун үстү толтура жемиш, вино, шампан. Экөө тең кыйла кызып алышкан. Осмондун киргенин да кыйладан кийин гана байкашты. Биринчи болуп Алийма көрдү. Көрүп кыйкырып жиберди. Осмон аны түшүнүп, күлүп калды.

— Келиңиз, келиңиз, Алийма, — деди ал, Алиймага колун сунуп.

— Саламатсызбы...

Осмон Алийманын колун өөп койду.

— Отурунуз, отура бериниз.

— А мени неге өппөйсүн? — деп калды Салия.

Осмон аялын эркелете кучактап, жаагынан өөп, жанына отурду. Салия ага да шампан куйду.

— Куш келипсиз, — деди Осмон Алийманын фужери менен фужерин уруштуруп.

— Рахмат, — деп койду Алийма.

Осмон биринчи болуп ичип жиберди. Салия ичкени атып, кокусунан, дагы каткырып калды.

— Ой, экөөн эмне эле күлүп атасынар? — деди Осмон.

— Жаны анекдот, — деди Салия күлкү аралаш. — Алийма... Алийма... Күйөөсүнөн кетиптир...

Андан нары айта албай, күлкүгө жендирип кетти.

— Салия! — деп Алийма кабатырлана баштады.

— Жок, Алийма, мен мындай нерсени күйөөмдөн жашыра албайм, — деди Салия. — Осмон, угуп тур...

— Ой, жинди десе! — Алийма секирип туруп, коншу бөлмөгө качып кирип кетти.

Кирген бөлмөсү эрди-катындын жатаканасы экен. Ал акырын басып келип анын ичиндеги буюм-кечелерди бирбирден суктанып карай баштады. Айрыкча ага жанаша коюлган жыгач кроваттар жакты. Ал кроваттардын бирөөнө отуруп, а экинчисине чалкасынан жатып турду. Кийин трюмонун мандайына келип, күзгүгө көрүнө баштады. Өзүнүн көрүнүшү да аны ыраазы кылды. Бүгүнкү сатып алган кийимдерин кийип алган эле. Шаардыктардын кийими ага жарашып калат экен...

Мейманканадан үй ээлеринин каткырыгы көтөрүлдү. Алийма өзү да аргасыздан жылмайып коюп, алардын үстүнө чыгып келди.

— Уятсыз, — деди ал Салияга, анчейин гана.

— Азаматсыз, Алийма, — деди Осмон, күлкүсүн тыя албай жатып. Ал бокалдарга шампан куйду. — Сиз үчүн, Алийма...

— Сен үчүн, — деди Салия дагы.

— Рахмат, — шампанды ичишкенден кийин Алийма сөздү башкага бургусу келди. — Сенин турмушуң бейиш эле турбайбы, — деди ал курбусуна.

— Мен эмес, сен жашашын керек эле ушул турмушта, — деди Салия ага. Кийин күйөөсүнө кайрылды. — Алийма биздин мектептеги эң мыкты деген окуучу болучу. Онунчу классты күмүш медалы менен бүтүрдү. Бирок экөөбүз

Фрунзеге окууга жөнөөрдө эле бул айымга жанагы күйөө сөрөйдөн жуучу келип, а айым: «Мен окубайм, мен эрге тием», — деп калса болобу.

— Андай эмес, — деп актанды Алийма Осмондун алдында. — Менин жалгыз чоң энем бар. А мен чоң энемдин жалгыз небересимин. Экөөбүздө тең урук-тууган жок. Мына ошол чоң энем, мен окууга барам десем, ыйлактап туруп алды: мени кимге таштайсын, сен келгенче мен бар боломбу, жок боломбу андан көрө эрге тий, мен сенин балдарынды көрүп, көңүлүм тынчып кетсин о дүйнөгө деп. Ойлоп көрсөм, аныкы да туура. Окууга барбай калдым, анан ошентип...

— Бирок чоң энең ушу күнгө чейин өлбөй-житпей, сенсиз эле, өзүнчө бир жакшына оокат кылып отурбайбы?! — деп Салиянын жаны ачыды.

— Бул туура, — деп моюнга алды Алийма. — Жаштык кылган экенмин. Кете берсем да болмок экен...

— Али да кеч эмес, Алийма, — деди Осмон. — Азыр окусаныз да боло берет.

— Ооба,— деди Салия күйөөсүнүн оюн улап. — Андан көрө мындай кылайлы. Сен Ошко каласың. Мына ушул үйдө жашайсың. Биз сени ишке орноштурабыз. А эмдиги жылы бир окууга киресиң.

— Туптуура, — деди Осмон дагы. —Ошентиңиз.

— Болбойт, — деп Алийма үшкүрүп койду. Балдар бар. Балдар энесиз калат.

— Осмон уктуңбу? — деди Салия жини келип. — Эми буга балдары тоскоол!

— А сиз балдарыңызды да алып келиңиз,— деди Осмон.

— Анда алар атасыз калышат, — деди Алийма.

— Шашпачы, — деди Салия. — Сен, эмне жанагы айбан күйөөнө кайтып барганы атасыңбы?

— Мурат абдан иштемчил, — деп Алийма күйөөсүн актай кетти. — Жыл бою дикилдеп колхоздун ишинен калбайт. Үй-тиричилигиндеги оор жумуштун баары ошонун мойнунда... Айыбы, кичине ичет. Анан жанагыдай жиндилиги бар... Бирок өзүң билесиң, биздин эркектердин көпчүлүгү аялдарга ушундай сокур мамиле жасашат да. Бир эле менин эрим эмес. Бул ата салты турбайбы...

Ушундан кийин эрди-катын эмне айтаарын билишпей, ичтеринен каңырыгы түтөп отуруп калышты...

Коридор жактан телефондун шыңгыраганы угулду. Осмон сүйлөшкөнү кетти.

— Ох, Алийма, Алийма, — деди Салия. Анан азилге салып айтты. — А мен сага күйөө да таап берет элем. Билимдүү, маданияттуу.

Алийма аргасыздан күлдү.

Осмондун көңүлү суз келди.

— Эмне болду? — деп сурады Салия.

— Марал эки алып калыптыр, — деди Осмон.

— Керим менен сүйлөштүм дебедин беле?

— Керимдин өзү звонить этти. Колунан келбептир.

— Кап!?

— Эми эмне болот, окубай калабы? — деп сурады Алийма кабатырлана. Осмон башын чайкады. — Бечара кыз... Окуп, шаарда жашасам дегенде эки көзү төрт эле... Бирок анын билиминин тайкылыгына ал күнөөлүү эмес да! Аны мектепте начар окутушкан, үйдө иштетишкен...

Эрди-катын буга үндөбөдү...

* * *

Колхоздун жүзүм багы. Бак абдан кең, анын баш-аягы көрүнбөйт. Бактын арасында кичинекей үй турат. Үйдүн ээси элүү жаштардагы, сөөк-саактуу, мурутчан эркек. Ал эшиктин алдындагы жоон жыгачтын үстүнө отуруп алып, чоң кайчыны өгөөлөп жатат. Анын нарыраагында беш жашар чамасындагы кыз куурчак ойноп отурат...

Багван кайчысын курчутуп болуп, баш бармагы менен анын мизин текшерди. Кайчы жакшы курчуган көрүнөт. Ал кайчыны жанына коюп, чөнтөгүнөн чакчасын сууруп чыгып, насбай чеге баштады. Нас чегип атып, кызга назарын салды. Кыздын өзүнчө сүйлөнүп, өтө берилип ойноп атканына мулуюп койду.

— Зулайка, сен ойноп отура тур ээ, кызым? Мен кичине иш кылып келейин, — деди анан. Бирпастан кийин апан да келип калат...

Бирок кыз анын сөзүн укkан да жок. Укса да жооп бербеди.

Багван кайчысын алып, бакты аралап кетти. Бактын тээ төрүндө, жүзүмдөрдүн астында кичинекей шаты турган. Эркек ошо шатыга келип, шатыны нарыраак жылдырып койду. Кийин шашылбай шатыга чыкты да, кайчы менен мөмөлөрүнө көлөкө түшүрүп турган артыкбаш шактарды кыя баштады...

Мына ушундан кийин гана, үйдү жакын жерден жандап өткөн, суусу жок эски арыктын ичинен Жыпар дудук суурулуп чыкты. Ал өлүп-талып кыздын жанына жетип барды. Кызды чочутуп жибербес үчүн, анын мандай жагынан келди.

Зулайка чочуган жок. Кайра аны таанып, жылмайып ордунан турду. Жыпар кызды бооруна басып, өөп-жыттады. Көздөрүнө жаш алды... Зулайка менен бир сыйра учурашып болуп, Жыпар дароо өз түйүнчөгүн чечти. Түйүнчөгүндө куурчак-аюу бар экен. Куурчак Зулайканын колуна тийди. Кыз сүйүнүп кетип, атасына кыйкыра баштады:

— Ата! Жыпар дудук мана куурчак апкелди! — деди ал.

Бирок атасы андан узак эле, уккан жок. Анын үстүнө, Жыпар коркуп кетип, кыздын оозуна алаканын тосо койду.

«Кыйкырба» — деди ал, белги менен.

Зулайка буга кичине таң кала түштү. Жыпар муну сезип, аны кайра өптү да, кийин колунан жетелеп жөнөп калды.

— Каякка? — деп сурады Зулайка, дудукка түшүнүктүү болуш үчүн, башын кошо ийкеп.

Жыпар алды жакты көрсөтүп койду.

— Апамабы? — деп сурады анда Зулайка кайрадан.

Жыпар кыздын суроосун түшүнүп, башын ийкендетти. Ал кызды жанагы өзү жашынып жаткан арыктын ичине сүйрөп түштү. Арыктын ичи менен жүрүп отурушту. Жыпар кичине башын эңкейтип алды. Мунун баары Зулайкага табышмактуу көрүнүп атты, бирок көздөрүн бакырайтып алып дудуктун жетегинде кете берди. Бир маалда дудук отура калып, аркама чык деп ишаарат кылды. Зулайка кабатырланган түр менен анын далысына жабышты. Кызды көтөрүп алгандан кийин, Жыпар дудук мурдагыдан алда канча тез жүрүп калды...

* * *

Тамеки талаасы.

Малик тамеки сугарып жүрөт. Солдаттык формасы өзгөргөн: кийгени джынсы, жеңил көйнөк, калпак. Кандайдыр обонду ышкырып ырдап жатат...

— Иш илгери болсун! — деген үн чыкты бир маалда.

Караса, мандай жагында Камил турат. Камил пиджагын чечип, ийнине таштап койгон.

— О-о, келип калдыңбы?! — деди Малик жылмайып. Ага-инилер басып келишип кол алышты. — Кана, сүйлө.

— Мен Өзгөнгө бардым, — деп баштады Камил. — Апабыздын Өзгөнгө күйөөгө чыкканы чын экен. Ал жерде анын бир баласы калыптыр. Мен ал инибиз менен таанышып келдим...

— Калыптыр дегенин кандай?

— Апабыз Өзгөндөн кетип, Анжияндын Айым деген жерине жаны күйөөгө тийип кетиптир. Мен ал жерге да бардым. Бирок апабызды табалган жокмун. Бир жыл илгери күйөөсү кетирип жибериптир. Кайда кеткени белгисиз. Беш жаштагы кызы бар экен, аны күйөөсү алып калыптыр. Бирок так эле мен барган күнү, мындайча айтканда кечээ, ал кызды уурдап кетиптир.

— Уурдап? Ким уурдайт?

— Эч ким билбейт. Айылда чан-тополон. Кыздын атасы менен өгөй апасы шолоктоп ыйлап жүрүшөт. Милицияга да кабар беришиптир...

— Кызык...

— Болуптур эмесе, аке. Калган сөздү үйдө сүйлөшөбүз. Мен ысыкта аябай башым ооруп келатат.

Камил басып кетти, Малик ойлонуп туруп калды...

* * *

Камыштуу саздак жер. Камыш калың жана бийик. Чак түш. Тыптынч.

Бир маалда камыштын арасынан Жыпар дудук чыга келди. Үстү-башы баткак, аябай арып-чарчап, жүдөп калган. Ийнинде уурдаган кызы бар. Кыз башын шылкыйтып уктап калыптыр.

Жыпар-дудук эки жагын уурданып карап алды. Жакын жерде шоссе жол өтө турган. Жолдо киши көрүнбөйт. Бирок алыста бир машина келатат. Жыпар ошо машинанын өтүп кетишин күтүп турду да, кийин жолду тез-тез басып кесип өттү. Ал жолдун аркы өйүзү дагы саз, дагы камыш. Эне менен кыз кайрадан камышка кирип кетишти.

* * *

Кызыл беделүү талаа. Чак түш.

Бедени аралап Алийма менен Марал келатат. Алийманын колунда сумка, Маралдын колунда чемоданы бар...

— Эми мени айылдагылар ого бетер сөз кылышат, — деди Марал.

— А сен алардын сөзүнө кулак салба, — деп үйрөттү Алийма. — Мына мага окшоп жүрө бер.

Экөө бири-бирине жылмайып коюшту.

— Менимче, — деп улады Алийма кыялдуу түрдө, — ар ким өзүнө өзү эркиндик бериш керек экен. Ошондо ал чындап өзүн эркин сезгидей.

Ишенесинби, эрим, балдарым, үй-тиричилиги деп жүрүп, мен өзүмдү такыр унутуп коюптурмун. Кыйладан бери өзүмдү кайрадан адам катары сезе баштадым. Өзүм жөнүндө ойлончу болдум. Карасам, менин күйөөмдүн менден эч кандай артыкчылыгы жок экен. Кайра ал менин көзүмдү карап, мени сыйлап жүрө турган жөнү бар экен...

— Туура! Туура эже! — деди Марал шашып-бушуп. — Эми эч качан барбаңыз ага!

Алийма жылмайып башын чайкады.

— Балдар, — деди ал. — Балдардын убалына калам...

Булардын жолу экиге бөлүндү. Экөө токтоду.

— Болуптур эмесе, — деди Марал жылмайып.

— Кайыр, — деди Алийма жылмайып.

Экөө эки тарапка бет алышты.

Бирпастан кийин Алийма кыштактагы деңсөөлөрдүн бирөөн кыялай түшүп, жыгач көпүрөлүү кичинекей сууга туш келди. Көпүрөнүн үстүндө жаш балдардын көйнөктөнчөгү чачылып жатат. А көпүрөнүн жанында Мурат кызы менен баласын киринтип атат. Мурат балдарды суунун ичине тургузуп алып самын менен жышып, а берки экөө көнүлдүү ызы-чуу салып бири-бирине суу чачып ойноодо...

Алийма ошо көпүрө аркылуу өтүшү керек эле. Ал эмне кыларын билбей тайсалдап калды. Башка жолго да бурулуп көрдү. Бирок балдарына болгон сагынычы аны жеңип кетти. Бирпаска сүйкүм менен карап туруп, кийин аларга карай жүрүп калды. Биринчи болуп аны кызы байкады.

— Апам келатат! Апам келатат! — деп ал суудан чыга чуркады.

Уулу да анын жолун жолдоду. Алийма балдарын бооруна кысып, экөөн алмак-салмак өпкүлөп калды.

— Айланып кетейин... Айланып кетейин силерден, — деп атты ал. Мурат бул көрүнүшкө жүрөгү элжиреп, бирок анысын Алиймага байкатпас үчүн, балдардын кийимдерин чогултуп, өзүн алаксыта баштады. А Алийма муну сезип турду.

— Апа, Гүлайым сенин тарагынды сындырып койду, — деп даттанды уулу.

— Жалган айтат, өзү эле сынып калды, — деди кызы актанып.

— А мен силерге костюм алып келдим, — деп сүйүнчүлөдү Алийма дагы. Анан сумкасын ачып, балдарына атаган базарлыгын алып чыкты. — Адегенде аарчынгыла, анан киесинер.

Мурат унчукпай оролуу турган сүлгүнү ыргытып койду. Алийма буга өзүнчө жылмайып коюп, балдарын аарчып кирди...

* * *

Малик дагы эле тамекинин сугатында экен. Алыштын суу жеп кеткен жерлерине чым басып атыптыр. Үстү-башы суу, баткак...

Марал аны кыйлага чейин карап турду да, анан:

— Арыба, Малик! — деп салам берди.

Малик аны көрүп жадырап-жайнай түштү.

— А-а, сенсинби. Бар бол... — деп өзүнчө жылмайып, бети-башын аарчып калды.

— Бу, тамеки сугарып калыпсың го?

— Анан эмне кылам. Акыры колхозго иштей турган болгондон кийин...

— Мм... Эми мен дагы биротоло колхозчу боло турган болуп калдым, — деди Марал, өзүн өзү басынта жылмайып.

Малик дароо түшүндү.

— Абдан жакшы болуптур! — деди ал сүйүнгөн түр менен. — Бирге иштейбиз. Бирге жашайбыз...

Марал буга мулуюп коюп, жердеги чемоданын колго алды.

— Болуптур эмесе...

Малик анын артынан бирпас карап туруп, анан:

— Марал! — деп кыйкырды. — Атаң менен апаңа айтып кой: жакында жуучулар барат!

— Жинди! — деди Марал жылмайып. Анан кете берди.

* * *

Булардын тою кеч күздө болду. Айлуу түндөрдүн биринде айылдын жоон топ жигиттери Маликти жандап алып, ийримуйру тар көчөнү ыр менен күлкүгө толтуруп жүрүп отуруп, Маралдын үйүнүн алдына келип токтошту...

Түштүк кыргыздардын салты боюнча колуктусун күйөө бала өзү келип көчүрүп алып кетиши керек. Албетте, кыздын эл-жерине, анын ата-энесинин алдына күйөөнүн өзүн жалгыз жөнөтүшпөйт, а көп сандаган тели-теңтуштары ага жөлөк-таяк болуп кошулуп барышат. Күйөө менен кошулуп барган жигиттерди «күйөө жандоочулар» деп коюшат. Күйөө жандоочулар той болуп жаткан кыздын эшигине келишип, кыйлага чейин ал жердеги чогулган элге ырдап беришет. Кээде чогуу ырдашат, кээде алмак-салмак ырдашат...

... Азыр Камчы безилдеп ырдап жатты:

— Э-э-эй, эгиз тоого, сен чыксаң,
Мен көрөйүн.
Эрке чачың сен жуусаң,
Мен өрөйүн.
Жабираил жан алгыч сага келсе,
Кылыч берип, карап тур,
Адебин мен берейин...

— Э-э-эй! — деп кыйкырды бир эркек ырчыны колдоп...

Марал өзүнүн теңтуш кыздары менен көпчүлүктүн арасында турат. Анын эки көзү Маликте...

Малик болсо күйөө каадасын кылып жасанып, суусар тебетейди баса кийип, жүзүн элден жашырып алган...

— Бурул эже, — деп шыбырады Марал, — жанында турган Камчынын аялына. — Мени көчүргөндө, сиз мага жене болуп барыңызчы...

Бурул, албетте, буга сүйүнүп кетти.

— Болуптур. Жан дилим менен барам, — деди ал. Бирок айтчы, эмне үчүн мени тандап атасың?

— Сиз Маликтин үй-бүлөсү менен катташып жүрөсүз, аларга жакынсыз...

Элдин ичинен кимдир бирөө күйөө жандоочулардын катарында турган Камилге тийишип калды:

— Эй, Камил! Сен эмне үчүн ырдабайсың? Акендин тоюнда ырдабаган ырды качан ырдайсың? Ырда!

Ошентип койсо эле, Камил өзү да ырдайм деп турган окшойт, шарт эле коюп жиберди. Бирок ыры элге өтө кенири белгилүү, баркы жок ырлардан болуп чыкты:

Э-э-эй, кичине гана тору тай
Сууга салсам бойлобойт,
Кысталактын кыздары
Мени менен ойнобойт...

Албетте, көпчүлүк күлүп калды. Бирок Камил буга анча этибар бербестен, уланта берди:

— Мени менен ойносо
Кош билерик саламын,
Колукту кылып аламын...

А эл күлө берди.

— Ушул элеби каалаганың? — деп кыйкырды жигиттердин бирөө, азилдешип.

— Уялтпагыла менин баламды! — деп чыкты апасы, өзү да күлкүсүн зордоп тыйып. — Ошенте кой, кубатым, ошен-

те кой. Эмки кезек — сеники. Колукту тапсаң эле, той беремин...

Камил уяла баштады, же ыры түгөндүбү, андан нары ырдабай койду. Анын ырын башка бирөө улап кетти...

Ушул учурда кыз тараптан бир топ кыз-келиндер чыгып, күйөөгө, анын жанчыларына сарпай кийгизе баштады. Бир жактан чачыла чачып кириште. Көпчүлүктүн үстүнө ар түркүн конфеттер, сары чакалар, кызыл-тазыл бет арчуулар, ал турмак, шайы, атлас жоолуктар, кештелеп тигилген чарчылар жаап жатты. Эл толкуп кубанычтуу ызы-чуу түшүп калды...

* * *

Тойдун эртеси да болду...

Таң азандан Камчы досунун коргонуна келип кирди. Ал келгенде Мурат, Алийма, Бурул — үчөө бактын ичиндеги сөрүдө, баягы чыр-чатактуу сөрүдө чай ичип отурушкан.

— О келин кут болсун! — деп шаңшыды Камчы.

— Рахмат. Кел, Камчы,— деди Алийма.

— Ай-ий, ботом, бул эмне карга бок чокуй электе эле жетип келди,— деди Бурул.

— О кайраным,— деди Мурат. Мен билемин мунун эмнеге келгенин. Сөрүгө чык.

Мурат сөрүнүн астынан бир шише арак алып чыкты.

— Бах! — деп жиберди Камчы шишени көрүп.

Мурат аракты эки пиялага куя баштады. Алийма аны жаман көзү менен карап койду.

— Болду, болду байбиче,— деди Мурат анын оюн түшүнүп. — Айтпадымбы, той өткөндөн кийин кайрадан таштайбыз. Ушундай ээ?

— Сөзсүз! — деди Камчы досун колдоп.

— Көрөбүз,— деп койду Бурул дагы.

Эркектер арагын колго алышты.

— Жаны үй-бүлө үчүн! — деди Камчы.

Аялдар аларга закуска беришти.

— Булар качан ойгонушат? — деп койду Мурат, үй жакка башын ийкеп.

— Мейли уктап алышсын, — деди Камчы. — Тилекке каршы, мындай түн адамдын өмүрүндө бир жолу болот.

Баары бир сыйра күлүп алышты.

— Айтмакчы, байбиче, сен жене катары азыр алардын төшөгүн жыйсаң керек? — деп улады Камчы.

— Ананчы, — деди Бурул. — Андан көрө баарынар сүйүнчүнөрдү камдай бергиле.

— Сүйүнчү сенден айлансын. Андан көрө сүйүнтө алар бекенсиң бизди?

— Тилиңе тибиртке.

Дагы күлүштү.

— А билесинерби, — деп калды Камчы дагы. — Ушу биздикиндей эле салт Германиянын бир жеринде бар экен.

— Койчу? — деди Мурат.

— Мен бир китептен окудум. Болгондо да кандай: алар нике кыйылган түндүн эртеси келин менен күйөө жаткан шейшепти эшикке алып чыгып илип коюшат экен.

— Ай-ий бетим, — деди Алийма. — Биздикинен да жаман го...

Мына ушул учурда үйдөн күйөө бала — Малик чыгып калды. Анын көңүлү суз эле. Адегенде муну эч кимиси байкай бербеди.

— О куш боо бек болсун, Малик! — деди Камчы биринчи болуп.

— Жакшы жатып, жакшы турдуңузбу, күйөө бала? — деди Бурул, жеңелик милдетин аткарып.

Маликке булардын сөзү шылдың катары угулду. Ал экөөнү тең дулдуя карап алып, унчукпай дарбазага карай басып кетти. Ушундан кийин гана сөрүдөгүлөр бири-бирин алая карашып калышты.

— Жүрчү, — деди Бурул Алиймага.

Аялдар Малик менен Марал түнөгөн үйгө кетишти...

— Дос, мен кетейинчи, — деди Камчы, жүрөгү бир нерсени сезип.

— Жок, дагы бирден ичели, — деп калды Мурат.

Ал өзүн токтоо кармаса да, арак куйган колу калтырап жатты... Алийма менен Бурул көп узабай эле кайра чыгышты. Бурул бир нерсеге кабатырланып алыптыр. Алийма болсо мисирейип эчтеке билгизбейт. Мурат да, Камчы да экөөнүн оозун карап калышты...

— Мага силердин сүйүнчүнөр буюрбаптыр, — деди Бурул.

Ошентер замат, Алийма анын оозун алаканы менен жаба салды.

— Тсс... Бул сөз ушу коргондон чыкпасын. Уктуңарбы баарыңар?

— Жок, мен буга макул эмесмин! — деди Мурат. Ал сөрүдөн секирип түштү. — Камчы, тамеки ташыган араба каякта?!

— Сарайда болсо керек, — деди Камчы. — Анын сага эмне кереги бар?!

Мурат жооп бербестен, чуркаган бойдон коргондон чыгып кетти.

— Камчы, токтот муну! — деди Алийма. — Жет артынан!

— Мурат! Мурат! — деп кыйкырып, Камчы да жоголду.

— А сенин оозунду ким тырмалады? — деп чаңырды Алийма Бурулга.

Бурул байкуштун көздөрү ала чакмак боло түштү...

* * *

Үйдөн чыккандан кийин Малик туптуура колхоздун багына келип кирди...

Бакты бак кылган картаң өрүктөр. Өрүктөрдүн жалбырактары текши саргарып, бириндеп учуп түшүп турат. А жерде болсо шүүдүрүм жатат. Эртен мененки бактын ичи салкын, ээн, тыптынч. Тээ алыскы төрүндө гана кулундуу бээ оттоп жүрөт...

Малик кулундуу бээни карап, бирок ой-кыялы башка жакта болуп, бактын орто ченинде селейип турду.

Бир маалда анын арт жагынан Алийма басып келди.

— Уул, — деп чакырды ал акырын.

Ошентсе да Малик чочуп кетти. Ал жеңесин карады.

— Уул... Акеңиз Маралды өзү үйүнө алпарып таштаганы атат, — деп жооп берди Алийма анын суроолуу көз карашына.

— Эмне үчүн? — деп жиберди Малик. Анан өзү уяла түштү.

— Эгер Маралды жакшы көрсөңүз, аны алып калыңыз,— деп улады Алийма.— Менимче, жакшы көрөсүз. Марал чынында да жакшы көрө турган кыз. Ар кандай жигитке жакшы аял болуп берет.

Малик жеңесинин сөзүн андан ары угуп отурбай, жолго түштү. Адегенде жай жөнөдү. Бара-бара ылдамдады. Акырында чуркаганга өттү...

Алийма анын өрүктөрдүн арасында калдандап бараткан карааанын карап, ичинен ага ыраазы болуп турду...

* * *

Кыштактын кайчылашкан ийри-муйру көчөлөрү менен жалгыз ат чегилген араба баратты. Арабага Маралдын себи: кызыл-тазыл көрпө-төшөктөр, шалча килемдер жана бир узун күзгү жүктөлгөн. Септин үстүндө Марал олтурат. Ал

кызыл гүлдү кара жүн жоолукка жүзүн бекитип алып, шолоктоп ыйлап баратат. Арт жактагы соройгон узун күзгү анын ушул кебете-кепширин өзүнө чагылтып турат.

Арабаны жандап Мурат келатат. Анын бир колунда картаң тору аттын тизгини, экинчи колунда узун камчы. Ал бирде арабанын бул капталына, бирде тиги капталына өтө калып, атайы эл уксун, эл көрсүн үчүн улам-уламдан атка кыйкырып-өкүрүп коёт. Анын ачуулуу үнү бүт кыштакты жаңыртып, эшиктеринде жаткан иттерди абалатып, үйлөрүндө отурган кары-жашты тышка кубалап чыгып атты. Эл арабаны көргөн-көргөн жеринде катып, андан көзүн албай узата карап калууда. Албетте, жөн эле калбастан, ар түркүн сырдык сөздөр менен адаттан тышкары болгон бул окуяга өздөрүнүн мамилесин билдирип жатышат.

— А бетиң курсун-а, бетиң курсун, — деп күбүрөдү, суу көтөрүп бараткан аял. — Жалпы эл-журтубузду жаманатты кылбадыбы бул кыз. Эми биздин айылдан эч ким кыз албайт...

— Бул жакшылыктын белгиси эмес, — деди бир чолок эркек жанында турган жигиттерге. — Биздин айылда мындай иш мындан отуз беш жыл илгери гана бир болгон. Так ошол окуя болгон жылы согуш чыгып кеткен. — Эркек чолок колун көрсөтүп койду. — Жок, бул жакшылыктын белгиси эмес...

— Көрүп ал! — деп кыйкырды апасы бойго жеткен кызына. — Эгер, сен ушинтчи болсоң, үстүнө кирасин куюп туруп, өрттөп жеберем!

— Жаштарга ыйман бер... Жаштарга намыс-ариет бер... — деп тилеп атты, сүрөдө тасби тартып отурган ак чач кемпир.

— Чо! Чо! — деп кыйкырып баратты Мурат, ачуу аралашкан жасалма шайырдуулук менен...

Араба Маралдын үйүнө аз калганда гана Малик анын алдынан чыкты. Малик келип, аттын жылоосуна асылды.

— Аке... Аке... — деди ал, күйүккөн үнү менен. — Бул эмне кылганыңыз?

— Бул кыз бизди шерменде кылды, үка, — деди Мурат. — Шермендеден кутулалы.

— Кутулуш, кутулбасты мен чечишим керек да, аке...

Марал ыйын токтотуп, ага менен инисинин сөзүн тыңшап калды. Марал да, ага-ини да арабадагы узун күзгүдө көрүнүп турушту.

— Үй-бүлөнүн ар-намысы барыбызга тиешелүү, — деп жооп берди Мурат. — Анан кала берсе, бул аялды сага мен алып бергенмин. Той-тамашаңа мен чыгып болдум? Эми деле сени өзүм үйлөймүн.

— Кереги жок мага башка аялдын! — деп кыйкырды Малик кокусунан. — Мен Маралды сүйөм, билдинизби? Билдинизби?

Акеси иренжиген түр менен инисин карап туруп калды.

— Сүйүү деген нерсе намыстан жогору турушу керек эмес, — деди анан, инисине жини келип. — Сени эл-журттан намыс кылат экен десе... Кач!

Мурат аттын тизгинин катуу силкип, арабаны ордунан козгоду. Малик шашып-бушуп аялына кол узатты:

— Марал, түш бери!

Бечара Марал сүйүнүп кетип, күйөөсүнө колун сунуп калды эле, бирок Мурат:

— Тарт колунду! — деп өкүрүп, узун камчысы менен экөөнүн сунулган колдоруна удаа-удаа чаап жиберди.

Марал дароо колун тартып алды. Малик ооруган колун кармап, четке секирип кетти.

— Аке-е-е! — деп кыйкырды ал, бүт ачуусун, ызасын чыгарып. Акеси кулак салган жок. Атты кайра-кайра камчылап, арабаны таскактатып кете берди. Көп өтпөй араба Маралдын дарбазасына келип токтоду. Мурат дарбазаны кичине ачып, ичкериге башпакты. Эшиктин алдында эч ким көрүнө бербеди?

— Сыдык аке! — деп чакырды Мурат. — О, Сайра жене! Өзүнүн тамаркасында турган кемпир сабиз казып отурган. Ал Муратты көрүп, анын үнүн угуп, ордунан турду.

— О кире бер, ити каппайт! — деди ал. Кемпир али арабаны көрө элек.

Ушул учурда өз үйлөрүнөн Маралдын атасы менен апасы чыга келишти. Мурат дарбазаны кеңири ачып койду. Эрди-катын арабада отурган кызын көрүп, эстери ооду да калды.

— Кызынарды түшүрүп алгыла, — деди Мурат аларга, жай гана. Анан күтүп калды. Тигилер, албетте, жамандыкты сезишти. Бирок суроо беришке ооздору барбай, үрөйлөрү учуп тура берди.

— Менин үкөм жубан катын албайм деп койду, — деп кошумчалады анда Мурат.

Ошентти да, жолуна түшүп кете берди.. Эрди-катын арабага карап басышпады. Ал турмак, бири-бирининжүзүнө тике карашка кудурети жетпей секин бурулуп, экөө эки бөлмөнүн эшигине кирип кетишти. Мунун баарын көрүп-угуп жаткан Турган кемпир алардан бетер эси катып, мелтиреп туруп калды. А арабанын үстүндө болсо, баягыдай эле көз жашын төгүп кечээ күнү тою түшкөн кыз олтурду.

Кемпирдин ага ырайымы келди. Ал кызды карап туруп, акырында арабага басып барды.

— А кызым-а, кызым, эси жоктук кылыптырсың да, — деп кейиди ал, — кана, түш эми... — Марал өпкөлөп ыйлап жиберди? — Түш, түш... — деди кемпир ага колун созуп. Марал секин арабадан түштү. Кемпир аны колтуктап алып, ата-энесинин үйүнө карай жетеледи. — Кайсы кудайдан үмүтү жок сени жолдон чыгарды экен. Ылайым үйү күйсүн ошонун...

* * *

Бүркөө күн.

Тамекичилер ар кимиси өз участогунун тамекипаясын оруп жатышат. Орулган тамекипаяны алар ошол эле замат боолап, батыраак кургасын үчүн, боолорду үч-төрттөн кылып бири-бирине тикесинен жөлөп коюп баратышат. Жөлөнгөн боолордун ар бир тобу өзүнчө бир алачыкка окшоп, кең талаанын бетин каптап жамырап турат...

Тамекипая оргону адамдар үй-бүлөсү менен, бала-чакасы менен келишкен.

Маликтин үй-бүлөсү — атасы менен апасы, акеси менен жеңеси, Камил иниси да ушул жерде. Үй-бүлө иш менен алек. Кеп-сөз деген жокко эсе. Алийма гана кез-кез күңкүлдөп өзүнчө бирдемелерди ырдыгы коёт. Анын кийгени шаардыктарча: куртка, джинсы. Ал азыр күйөөсү менен:

«Кааласаң ушу, каалабасаң жок!» — деп гана жашап калган...

Бир маалда анын жанына кичүү кайниси басып келди.

— Жене... Жене... — деди Камил, куду жашырын сырын айтып аткандай, үнүн басаң чыгарып.

— А-а? — деди Алийма.

— Үйдөгү иштер бүткөндөн кийин, мен Жыпар апамды дагы бир издеп келсем деп турам.

— Абдан жакшы кыласыз. Сиз ал кишини сөзсүз табышыңыз керек. Азаматсыз!

Камил, жеңесине да, өзүнө өзү да ыраазы болуп, жылмайган бойдон кайра басып кетти.

— Алийма! Алийма! — деп калды ушу тапта кайненеси. — Балам, үй жакка барып, бир чай-пай кайнатып келсең?

— Макул, — деди Алийма. Анан орогун таштап, жөнөп калды. Улуу кайнисин жандап салды. Өтүп баратып ага назарын таштап койду. Малик кийинки күндөрү эч ким менен сүйлөшпөй, түнт болуп кеткен. Бирок азыр башын

көтөрүп, женесине бирдеме айтчудай көрүндү. Женеси муну сезе коюп дароо токтоду.

— Жене... — деди Малик, кичине буйдалып. Мурат жакты бир кыйгач карап алып, Алиймага карай басты. Мурат муну көрүп, кулагын түрүп калды. — Мага бир сигарет ала келиңизчи, —деп улады Малик, үнүн чыгара.

— Макул.

— Мына акча...

— Жөн эле коюңуз, уул, өзүмдө да бар.

— Жок алыңыз...

Малик болбой эле бир кагазды кармата салды. Анысы, чынында да кагаз экен. Алийма дароо түшүндү. Ал күйөөсүн бир тиктеп коюп, басып кетти. Мурат аны шектүү карап калды...

Кылбатыраак жерге жеткенден кийин Алийма кагазды ачып көрдү. Анда мындай деген жазуулар бар экен: «Марал! Баарына мен өзүм күнөөлүүмүн. Кечирип кой. Бирок болор иш болду. Эми экөөбүзгө тең бул жерде жашаш кыйын болот. Шондуктан бул жерден кетип, бирге тиричилик кылалы. Ошто менин бир досум бар. Аялы экөө текстиль комбинатында иштейт. Жакшы жигит, армияда бирге служить кылганбыз. Барчу болсок, ал бизге сөзсүз жардам берет. Макул десең, эртең саат он эки ченде, бедепаядагы жалгыз долононун жанына кел. — Малик».

Кат Алийманы абдан ыраазы кылды. Ал мулундап сүйүнгөн бойдон шыпылдап басып кетти...

* * *

Эртеси күнү гывандап кар жаап турду. Бул биринчи кар эле...

Марал бир түйүнчөктү колтуктап алып, айтылган убакта, кызыл беде эгилген талаанын ортосундагы жалгыз долононун жанына келди. Беде эчак чабылып, ташылып кетилген. Азыр бул жерде, жаап жаткан кардын арасында карарып, анда-санда гана мал оттоп жүрөт.

Малик али келе элек экен. Марал эки жагын каранып, күтүп туруп калды. Бирпастан кийин анын көзүнө жерде, чөптүн арасында чачылып жаткан чоң-чоң акак мончоктор урунду. Маралдын денеси дүркүрөй түштү. Ал кыйлага чейин мончокторду селейип карап турду да, анан акырын отуруп аларды бирден тере баштады. Бул өзүнүн мончоктору болучу. Маралдын жүзүн ой басып, көздөрү ысык жашка толуп чыкты. Ал, мончогу үзүлгөн күндү, мончокту үзгөн кишини эстеди...

... Ошондо, Марал ордунан туруп, өскүлөн кызыл беденин аралап чуркап кеткенде, ал киши, эми атын атай берсек да болот, Осмон, долононун түбүндө калган. Ал уктап аткан болучу, а Марал аны ойготкусу келген эмес. Осмон көпкө уктаган. Акырында ойгонуп, жанын караса, Марал жок. Жапырылган беденин бетинде анын суналып жаткан изи гана калып, ал издин үстүндө акак мончоктор чачылып жатат. Осмон мончоктун бирөөнү алып, аны ары-бери оодарып, караганча, ыраазылык менен мулуюп койду. Бирпастан кийин ал дагы ордунан туруп, ар жак, бер жагын каранып алып, анан бедени аралап, жай басып кетти...

...Бирпастан кийин Малик келди да, унчукпай Маралды колдон алды. Экөө жаап турган карды аралап узап кетишти...

* * *

Биринчи кар Арстанбаптын тоолоруна да, тоолордун этекжонун, коюн-колтугун каптаган чытырман токойго да жаап жатты. Биринчи кар менен кошо токойдун акыркы бариктери түшүп атты...

Самсаалаган ак кардын, жоон-жоон жаңгактардын арасынан элес-булас көрүнүп, тээ алыста эки караан келатты. Караандын бири — чоң киши, экинчиси — жаш бала. Экөө жөн келбестен, бири-биринен жашынып, бири-бирин кубалап — оюн салып келатышты...

Булар Жыпар дудук менен анын уурдап тапкан кызы эле. Энеси да, кызы да бирден калта асынып, бирден чыбык кармап алышкан. Оюн арасында чыбыктары менен жердеги калың бариктерди оодарыштырып, анын арасынан жангак көрүнсө, аны калталарына салып коюшат. Калталары толоюн деп калган...

Кокусунан, экөө кыпкызыл болуп бышып турган жапайы алчага туш келишти. Жыпар дудук дароо алчанын шагын ийе баштады. Кызы алакандарын тосту. Дудук биринчи сыдырганын кызга берип, экинчисин өз уучуна калтырып, кайрадан жолго түштү. Эне менен кыз алча жегенче, жай басып узап кетишти.

Булар бараткан тарапта, тээ алыста, жаап жаткан кар менен кararган даректардын арасынан кичинекей кыштактын үйлөрү бүлбүлдөп көрүнүп турду...

1978



КҮНӨСТҮҮ АРАЛ

Волна печали,
Пощади, пощади.
Я вижу остров
Далеко впереди.
Я вижу остров
В сиянии дня.
Волна печали,
Пощади меня.

(Ленгстон Хьюз. «Остров»)

Жаңыл бир ажайып түш көрүп атты. Шаардын борбор көчөсү менен бир кара кемпир он чакты ак эчки айдап баратат. Туш-тарабынан гызылдап машиналар өтүп турат. А кемпир камырабай эчкилерин айдап баратат...

Жаңыл кемпирди тааныды: ал өткөн жылы булардын үйүнө келип, бир ай жүрүп кеткен кемпир эле. Ал Жаңылдын атасына апа болот экен. Өз апасы эмес, албетте, багып алган апасы. А өз ата-энеси Жаңылдын атасы билбейт.

Жаңыл кемпирден көзүн албай, анын өмүрү үчүн кабатырланып, жүрөгү үшүп карап турду. Бир маалда кемпир зымырап бараткан троллейбустун далдасында калды. Жаңыл коркуп кыйкырып жиберди. Кыйкырып, өз кыйкырыгынан ойгонуп да кетти...

Бул үйдө бирөө бирөөнү ойготчу эмес. Ар кимиси өз алдынча ойгонуп, шашылып жуунуп, шашылып тамагын ичип, шашылып тарап-тарап кетишет: атасы академиясына, апасы поликлиникасына, эжеси университетине, иниси техникумуна. Жаңыл болсо дайыма баарынан кеч турат. «Бүгүн дагы кечигет экенмин!» — деп сүйлөнөт ал ар күнү, ойгонор замат уйкулуу көздөрү менен саатын карап алып. Анан нары-бери кийинип, төшөгүн жыйып, жуунуп-тараныш, ашканага чыгат. Адатта, бул учурда ашканада киши калбай калат. Бирок бүгүн эч кимиси кете элек экен, баарысы унчукпай отуруп алышып, оокаттарын ичип атышыптыр. Оокаттары

күндөгүдөй эле айран, сүт, каймак, май, нан, чай... Жаңыл да үндөбөй отуруп, пиалага сүт куюп, нандын бетине май сүйкөй баштады.

— Оозунардын желин аясанар да бирөөн мени тур деп койбойсунарбы, — деди ал бирпастан кийин, эч кимге кайрылып карабастан.

Беркилер да аны карашпады. Кыйлага чейин унчугушкан да жок. Бир маалда гана эжеси:

— Сени ким саат экиге чейин китеп окуп жатсын дептир? — деп койду.

— Сен билбей атасың, —деди ага иниси. — Бу киши китеп окубай эле телефондун шыңгырашын күтүп отурду. Кокус, зоомузейден бирөө жарым звонить этип калабы деп.

— А-а, — деп койду эжеси. — Бирок зоомузейдегилердин бизди сагынган жери көрүнбөйт го?

Жаңылдын ачуусу кайнап чыкты. Бирок өзүн токтоо кармоого аракет кылды.

— Айтмакчы, силердин ишиңер кантип атат? — деп кайрылды ал эжеси менен инисине. — Кыйладан бери алакыбал да сурашпай кеттик. Сен, иним, орус тили менен политэкономиядан карыздарынды тапшырдыңбы?

— О-о, таза ичимди күйгүздүң да, — деди студент какшыктап.

— Тапшырып кой, алдыңа кетейиним, — деп улады Жаңыл. — Дайыма карыз болуп, дайыма стипендияга жетпей, өз үйүндө ашка жүк, башка жүк болуп жүргөнүң уят. Өзүң мындай сыланып-сыйпанып жүргөн жигит болсоң...

— Эй кыз, оозуңа карап сүйлөгүн! — деди иниси, баягыдан теригип. — Бир-эки жолу киного тыйын берип койдум деп эле, оозуңа киргенди оттой бербегин.

— А сенчи, эжеке? — деди Жаңыл, эми эжекесине бурулуп.

— Мен эмне болуптурмун? — деди эжеси кичине кабатырланып.

— Бул беш жылдыкта кандидат боло аласыңбы? Же дагы бир беш жылдык керекпи? Көпчүлүк үч жылда жактап жүрүшөт го?

Эжесинин заары жүзүнө чачырап чыкты.

— Билесиңби, айым кыз, — деди ал. — Бул сенин жумушун эмес.

— А-а, ошондойбу? Андай болсо, эжекебай, сиз дагы менин иштериме кийлигишпей жүрүңүз, куппу?!

Тыштан машинанын сигналы угулду. Атасынын машинеси. Атасы оозун сүртүп, турганга сазданып калды.

— Сен мени таштап өтүп кетесиңби? — деп сурады андан апасы.

— Жок, шашылышмын, — деп койду атасы.

— Кийинки учурларда дайыма шашчу болдун, — деди апасы, сөзүнө кандайдыр кошумча маани берип.

Атасы аны бир онурайып карап коюп, бирок үндөбөстөн ордунан турду.

— Айтмакчы, ата, — деп калды эжеси ушу тапта, — сен кечээ бир кызматчынды иштен бошоткон имишсин, ушу чынбы?

— Эмне болуптур бошотсом? — деди атасы.

— Ошол кызмат мага абдан ылайык келер эле...

— Мүмкүн, — деди атасы. — Бирок ал кызматка сен ылайык келбейсин.

«Ажап болду» — деди Жаңыл ичинде, табасы каныш. Атасы күзгүнүн мандайына барды. Эшикке чыгып баратып, күзгүнүн алдында бир-бирден токтоп өтүш бул үйдө адат. Атасы өзүнүн буурул тартып, суюлуп бараткан чачын, көздөрүнүн астындагы, мойнундагы тырыштарын кабатырлана карап калат. Апасы эркектердикиндей тегерете кыркылган кыска чачын тарайт, эрдин боёйт, бетине бетмай сыйпап, көпкө чейин анын майда тырыштарын жазып турат. Студент болсо, өзүн дайыма жаш, сулуумун деп ойлойт, ошондуктан күзгүгө каранса да, дагы бир жолу өзүнүн жаштыгына, сулуулугуна ишенип коюш үчүн гана каранат. Ал күзгүнүн тушунда көпкө аярланбайт, ийнине түшкөн узун, коюу чачтарын нары-бери сылагылап коюп, басып кетет. Ал дайыма өзүнө өзү ыраазы. Мунун тескерисинче, эжесинин эртен мененки убактысынын көбү күзгүгө багышталат. Бечара өтө эле семиз. Дагы семирип жатат. Ошондуктан кандай жаңы кийим кийбесин, бир айдан кийин тар келип, аны кыжаалат кылат...

— Өлүгүңдү көрөйүн, эки жолу кийгенче болбой, бул да батпай калды, — деп сүйлөндү ал бүгүн да күзгүдөн үстүндөгү костюмду көрүп.

— Мага сат, — деди Жаңыл анын сөзүн илип ала коюп. Ага эжесинин жаңы костюму абдан жага турган. Эжеси, өзүнө жарашса, жарашпаса да, дайыма кийимдин жакшысын, кымбатын кийүүчү. А анын жолун жолдоого Жаңылда кудурет жок.

— Сен адегенде үстүндөгү көйнөктүн акчасын төлөп бүт, — деди эжеси.

— Он эле сомун калган, ушул ай ичи аласын, — деди Жаңыл.

Бирок эжесинин көңүлү башка жакка бурулуп кетти.

— Айтмакчы, апа, сен бүгүн менин кызымды садиктен алып коёсунбу? — деп калды ал, үйдөн чыгып бараткан апасына. — Иштен кийин жетекчиме жолугушум керек эле...

— А мен иштен кийин базарга барамын, — деди апасы. Силер эрте күндө менин ордума базарга барбайсынар да, а кечинде, баары бир дасторконго отурасынар. Ушундай эмеспи?

Ошентти да, чыгып кетти.

— Ой, эми эмне кылам? — деди эжеси, дагы эле күзгүнүн алдынан жылбай. — Жаңыл, сен алып коё албайсыңбы?

— Жок, — деди Жаңыл. Искендер звонить этет, кечинде экөөбүз киного барабыз.

— А, кудай билет. Ушунундан кол жуудукпу деп турам. Сырты сулуу эркек экен, менин билишиме караганда андайлардын сүйүүсү бат түгөнчү эле...

— Тилиңе тибиртке...

Сөзгө студент аралашты.

— Эжеке, а эжеке,— деп калды ал, эшикке чыгып бараткан жеринен кайрылып. — Эгер, бир чырванынды аябасаң, кызынды мен алып коёмун.

— Бир чырван түгүл, бир тыйыным жок,— деди эжеси.

— А менин доцент жездемдин жиберип турган алиментин эмне кылып атасың?

— Жерге көөмп, үстүнө зандап коюп жатам. Кач жолдон!

Экөө түртүшкөн бойдон чыгып кетишти.

«Күндө ушул, — деп койду Жаңыл өзүнчө, элден кийин күзгүнүн мандайына келип. — Бири-бирибизди таарынтып, көңүлүбүздү калтырып туруп, туш-тушка таркап кетебиз. Эмне болуп баратканыбызды билбейм...» Кокусунан, телефон шыңгырап калды. Жаңыл өлүп-талып чуркап барып трубканы алды. А трубкадан:

— Бул театрбы? — деп сураган аялдын үнү угулду.

— Ооба, — деди Жаңыл. — Беш актёрдун театры...

II

Жарым сааттан кийин ал шашып-бушуп өзүнүн аптекасына келип кирди.

— Ай-яй-яй, — деди Анна Никифоровна, анчейин эле наалыган болуп. — Ушу сенин кечиккениң качан калар экен.

— Калат, Анна Никифоровна, — деди Жаңыл жарооркерленип. — Эртең эле калтырам. Саламатсынарбы?

Аптека кичине. Шондуктан, бир эле «саламатсынарбы» бардыгына жетет. А бардыгы болуп аптекада беш эле киши иштейт. Анна Никифоровна башчылары. Ал киши рецепт боюнча даярдалган дарыларды берип турат. Люба — кассир, Самар — сатуучу. Калган үчөө — Сейил, Нурия, Жаныл болсо, дары даярдашат.

Жаныл нарыдан-бери халатын кийип, өз ордуна келип отурду.

— Мага эч ким звонить эткен жокпу? — деп сурады ал, колу ишке тиер-тийбестен.

— Азандан эле ким сүйүү жөнүндө сүйлөшкүсү келсин, — деп жооп берди Анна Никифоровна.

Калгандары күлүп калышты.

— А менин сага айта турган жаңылыгым бар, — деп калды Сейил. — Абакирге өз заводу квартира берген атыптыр. Кудай буюрса, жаңы жылга чейин бирөөлөрдүн менчик үйлөрү менен түбөлүккө коштошобуз.

— А-и-и, кут болсун! — деди Жаныл, чын ыкласы менен сүйүнүп. — Жолдоштор, уктунарбы, Сейил квартиралуу болгону атыптыр.

— А бизге ал келер замат эле айтып берген, — деди кассир Люба.

— Сен беш минутка кечигип келдиң, — деди Анна Никифоровна. — Беш минутка чейин мындай жаңылык ичте кантип чыдап турсун.

Күлүп калышты.

— Ананчы, — деди Сейил, — үч балалуу болгондо аран үйлүү болуп атсам...

— Төрт балалуу дегин, — деди сатуучу Самар, Сейилдин боюндагы баласын да эсепке кошуп.

— Эми үйлүү болуп, жашаганына жакшы шарт түзүлсө, бала дегенди кудай ар жылы берип турат го сага, — деди Нурия.

— Кудай бербесе, өзүм жасайм баланы, — деп жооп кайтарды буга Сейил. — Үйүмдө арыстандай эркек жашап жүрсө...

Сейилдин сөзү аптеканын ичин күлкүгө толтурду. Бир гана Нурия күлгөн жок. Анткени ал үчүн Сейилдин сөзү туздуу сезилди. Сейил менен Нурия тентуш, экөө тен жыйырма беш жаштарда. Бирок Нурия күйөөсү менен ажырашып алып, көптөн бери эрсиз жашап келатат. Азыр Сейил ага ошонусун эске салып койду. Деги эле бул экөө кез-кези менен бири-бирин ушинтип сөз менен чымчышып алмай адаттары бар.

— Пшш... — деп гана койду Нурия башка сөз таба албай. Телефон шынгырады. Жаныл, адегенде, чочуп кеткенсиди, дирт этип алды да, анан телефонго карай өзүн таштады. Бирок аппарат Анна Никифоровнага жакын эле, трубканы биринчи болуп ошол алды.

— Аптека, — деди ал киши. А Жаныл ордунда катып, күтүп турду. Анын жүрөгү безилдеп согуп атты.

— Бар. Бирок врачтын рецепти менен гана беребиз...

Анна Никифоровна трубканы ордуна коюп, Жанылды карап койду. Жаныл ордуна келип отурду.

— А эмне үчүн өзүн звонить этпейсин? — деди Сейил, анын томсоро түшкөн түрүн көрүп.

Бул кичинекей аптекада сыр сакталчу эмес. Сакталса да, аз кезинде гана сакталып, а көбөйүп кеткенде, көкүрөккө батпастан, бир күнү өзүнөн өзү эле булактай оргуштап тышка агып чыкчу. Жаныл чынын айтты.

— Акыркы жолу биз араздашып ажырашканбыз, — деди ал. — Ал мени таарынткан. Эми өзү звонить этсин. Сүйгөнү чын болсо звонить этет...

— Нурия, сага киши келди, —деди ушу тапта Анна Никифоровна.

— Анна Никифоровнанын мандайындагы айнек тосмонун ары жагында, аптеканын чакан залында, жашы отуз бештерге барып калган, буурул чач эркек туруптур. Нурия аны көргөндө, ал ага билинер-билинбес башын ийкеп, билинер-биленбес мулуюп койду. Нурия да сүйүнүп кетти, бирок анча сездирбестен, унчукпай ордунан туруп, залга жөнөдү. Кийин экөө бири-бирине бир да сөз айтпай, аптекадан чыгып кетишти. Мунун бардыгын беркилер тымызын байкап турушту.

— А билесиңерби, бул джентельмендин ким экенин? — деп калды Сейил.

— Архитектор, — деп жооп берди Люба.

— Дагы?

— Биздин Нуриянын жакшы көргөн киши.

— Жана бир аялдын күйөөсү, бир баланын атасы. Анан ушундай кишини сүйүүгө болобу? Менимче, мындай сүйүү кыянаттыкка жатат.

— Ох, Сейил, Сейил, — деди айнек тосмонун ары жагынан Самар, нааразы түрдө. — Турмушта ар түрдүү иштер болот да. Мүмкүн, бул адам өз аялын сүйбөй калгандыр, аны менен ажырашкысы келип жүргөндүр, андан кутула албай аткандыр, ким билет...

— Мен түшүнбөйм кээ бир кишилерге, бири-бири менен бир жакшына ынак жүрүшүп эле, анан, кокусунан, жатка айланышат. Мына, Нурия дагы... Кишинин сугу кире турган күйөөсү бар эле: сулуу десең — сулуу, эстүү десең — эстүү, билимдүү десең — билимдүү, а айлыгы болсо менин Абакиримдин айлыгынан эки эсе көп. Эми ушундай кишини сүйүп, аны менен сопсонун жашап жүрүп эле, бир күнү андан кетип калды. Айран-таң каласың киши...

— Бир себеби бардыр да, — деп койду Анна Никифоровна.

— А себеби бул, — деди Самар, үнүн басаң чыгарып. — Күйөөсү бир аялга көз артып коюптур. Эркек неме да. А Нурия муну билип алат...

— Ушул эле болсо мен кечирип коймокмун, — деди Сейил. — Жаака эки чабат элем да, өзүм кухняга кирип, ыйлап-ыйлап алып, ишимге кете бермекмин.

— Сен — сенсиң да, — деп койду Анна Никифоровна, мулуюп. Жаңыл баарын кунт коюп угуп жатты. Ошол эле учурда ал өзү жөнүндө, өзүнүн сүйүүсү жөнүндө ойлоп отурду.

III

Иш менен, сөз менен болуп отуруп, тамак ичер маал да келип калды.

— Кана, чечкиле халатынарды, — деди Анна Никифоровна. — Шам-шум этип келели.

— Мен барбайм, — деди Жаңыл.

— И-и, дем алыш учурунда бирөө-жарым звонить этип калабы деп турасыңбы?

Жаңыл мулуюп гана койду. Чын эле ошентип ойлоп аткан. Мурдалары ал ушундай маалда да телефон чалып, экөө жолугушчу, кээде бирге оокат ичишип, а кээде оокаттан кечип, бир кылбат жерде кучакташып отурушчу, же жетелешип алып, магазиндерди кыдырышчу. Звонить этсе, этип кала берет да...

— Бир нерсе ала келейинби? — деп сурады Сейил.

— Угу, сүт, пирожки болсо... — деди Жаңыл. Анан сумкасынан бир сом акча алып берди.

— Зериксең, менин китебимди окуп тур, — деди Любада. — Кызык китеп.

— Тигине менин транзисторум турат, — деп койду Самар да. Баары кетишти. Жаңыл эшикке «перерыв» деген жазууну илип коюп, колун жууганы коңшу бөлмөгө кирди. Колун аарчыганча терезеге басып келди. Аптеканын бул арткы терезеси кичинекей короого карачу. Короонун ортосунда жалгыз түп картаң шабдаалы болуп, а шабдаалынын астында эки скамейка бар эле. Азыр ошол скамейкада Нурия менен анын буурул чач киши отурат. Буурул чач Нурияга бир нерсенидир астейдил түшүндүрүп атат, а Нурия анын айткандарын кунт коюп угуп жатат. Албетте, сөз оздорү жөнүндө баратат деп ойлоду Жаңыл. Экөөнө көзү күйдү. Дагы өзүнүн жакшы көргөн кишисин эстеп кетти. Эмне үчүн звонить этпейт? — деди ичи бышып. Анан, бул жерге телефондун шынгыраганы угулбай калабы деп, дароо отурган бөлмөсүнө кайра келди. Кыйлага чейин телефондун аппаратын мелтиреп карап турду да, кийин залга чыгып, Самардын транзисторун койду. Бир аял ырдап жатыптыр. Жаңыл анын ырынын эки сабын кулагына тутуп калды:

— Первая любовь придёт и уйдёт,

Как прилив и отлив...

«Ушундайбы али?»— деп койду ал. Анан кассага келип, Любанын күзгүсүнө көрүнө баштады, Любанын маңдайында дайыма бир күзгү, бир китеп ачылып турчу. Колу бошой калса эле күзгүгө каранат, китеп окуйт, же мисте чагат.

«Карып кеттим», — деп койду Жаңыл, күзгүгө тигиле карап туруп.

Албетте, он сегиз жаштагы кызга минтип айтыш анча жарашпайт.

«Жүдөп кеттим», — десе, бир жөн.

Телефон шыңгырады. Жаңыл жаны-али калбай чуркап барып, трубканы алды:

— Алло?

— Жаңыл, бу менмин. — Апасы экен. — Келбейсиңби, бирге барып, оокат ичип келели.

— Апа, менин оокат ичкенге кушум жок.

— Кап... А мен сени менен сүйлөшөйүн дедим эле.

Жаңыл кичине кызыга түштү.

— Эмне жөнүндө?

— Атаң жөнүндө.

— А атам эмне болуптур?

Апасы аярлап туруп жооп берди.

— Атаң мени алдап жүрөт. Ал жанагы өзүнүн ойсоңдогон секретаршасы менен соо эмес.

— Ой, апа, болбогон сөздү сүйлөбөчү, — деди Жаңыл, иренжиген түр менен. — Атам андай эркектерден эмес. Анын үстүнө, жашы да бир мунчага келип калбадыбы...

— Мен да ошону айткым келип атат. Уят... Болуптур эмесе, бул жерге кишилер келип калды... Демек, оокатка барбайм дечи?

— Мен түшүнбөйм кээ бир кишилерге, бири-бири менен бир жакшына ынак жүрүшүп эле, анан, кокусунан, жатка айланышат. Мына, Нурия дагы... Кишинин сугу кире турган күйөөсү бар эле: сулуу десең — сулуу, эстүү десең — эстүү, билимдүү десең — билимдүү, а айлыгы болсо менин Абакиримдин айлыгынан эки эсе көп. Эми ушундай кишини сүйүп, аны менен сопсонун жашап жүрүп эле, бир күнү андан кетип калды. Айран-таң каласың киши...

— Бир себеби бардыр да, — деп койду Анна Никифоровна.

— А себеби бул, — деди Самар, үнүн басаң чыгарып. — Күйөөсү бир аялга көз артып коюптур. Эркек неме да. А Нурия муну билип алат...

— Ушул эле болсо мен кечирип коймокмун, — деди Сейил. — Жаака эки чабат элем да, өзүм кухняга кирип, ыйлап-ыйлап алып, ишимге кете бермекмин.

— Сен — сенсиң да, — деп койду Анна Никифоровна, мулуюп. Жаңыл баарын кунт коюп угуп жатты. Ошол эле учурда ал өзү жөнүндө, өзүнүн сүйүүсү жөнүндө ойлоп отурду.

III

Иш менен, сөз менен болуп отуруп, тамак ичер маал да келип калды.

— Кана, чечкиле халатынарды, — деди Анна Никифоровна. — Шам-шум этип келели.

— Мен барбайм, — деди Жаңыл.

— И-и, дем алыш учурунда бирөө-жарым звонить этип калабы деп турасыңбы?

Жаңыл мулуюп гана койду. Чын эле ошентип ойлоп аткан. Мурдалары ал ушундай маалда да телефон чалып, экөө жолугушчу, кээде бирге оокат ичишип, а кээде оокаттан кечип, бир кылбат жерде кучакташып отурушчу, же жетелешип алып, магазиндерди кыдырышчу. Звонить этсе, этип кала берет да...

— Бир нерсе ала келейинби? — деп сурады Сейил.

— Угу, сүт, пирожки болсо... — деди Жаңыл. Анан сумкасынан бир сом акча алып берди.

— Зериксең, менин китебимди окуп тур, — деди Люба. — Кызык китеп.

— Тигине менин транзисторум турат, — деп койду Самар да. Баары кетишти. Жаңыл эшикке «перерыв» деген жазууну илип коюп, колун жууганы коншу бөлмөгө кирди. Колун аарчыганча терезеге басып келди. Аптеканын бул арткы терезеси кичинекей короого карачу. Короонун ортосунда жалгыз түп картаң шабдаалы болуп, а шабдаалынын астында эки скамейка бар эле. Азыр ошол скамейкада Нурия менен анын буурул чач кишиси отурат. Буурул чач Нурияга бир нерсенидир астейдил түшүндүрүп атат, а Нурия анын айткандарын кунт коюп угуп жатат. Албетте, сөз оздөрү жөнүндө баратат деп ойлоду Жаңыл. Экөөнө көзү күйдү. Дагы өзүнүн жакшы көргөн кишисин эстеп кетти. Эмне үчүн звонить этпейт? — деди ичи бышып. Анан, бул жерге телефондун шынгыраганы угулбай калабы деп, дароо отурган бөлмөсүнө кайра келди. Кыйлага чейин телефондун аппаратын мелтиреп карап турду да, кийин залга чыгып, Самардын транзисторун койду. Бир аял ырдап жатыптыр. Жаңыл анын ырынын эки сабын кулагына тутуп калды:

— Первая любовь придёт и уйдёт,

Как прилив и отлив...

«Ушундайбы али?»— деп койду ал. Анан кассага келип, Любанын күзгүсүнө көрүнө баштады, Любанын маңдайында дайыма бир күзгү, бир китеп ачылып турчу. Колу бошой калса эле күзгүгө каранат, китеп окуйт, же мисте чагат.

«Карып кеттим», — деп койду Жаңыл, күзгүгө тигиле карап туруп.

Албетте, он сегиз жаштагы кызга минтип айтыш анча жарашпайт.

«Жүдөп кеттим», — десе, бир жөн.

Телефон шыңгырады. Жаңыл жаны-али калбай чуркап барып, трубканы алды:

— Алло?

— Жаңыл, бу менмин. — Апасы экен. — Келбейсиңби, бирге барып, оокат ичип келели.

— Апа, менин оокат ичкенге кушум жок.

— Кап... А мен сени менен сүйлөшөйүн дедим эле.

Жаңыл кичине кызыга түштү.

— Эмне жөнүндө?

— Атаң жөнүндө.

— А атам эмне болуптур?

Апасы аярлап туруп жооп берди.

— Атаң мени алдап жүрөт. Ал жанагы өзүнүн ойсондогон секретаршасы менен соо эмес.

— Ой, апа, болбогон сөздү сүйлөбөчү, — деди Жаңыл, иренжиген түр менен. — Атам андай эркектерден эмес. Анын үстүнө, жашы да бир мунчага келип калбадыбы...

— Мен да ошону айткым келип атат. Уят... Болуптур эмесе, бул жерге кишилер келип калды... Демек, оокатка барбайм дечи?

— Жок... Апа!
— А?
— Түшүндө эчки көрсө эмне болот?
— Мм... Менимче, эчки — оору. Эмне, түшүнө эчки кириптирби?
— Ооба. Бирок эчкини мен эмес, чоң энем айдап баратыптыр.
— Чоң энем? Кайдагы чоң энен?
— Атамдын апасы.
— А-а, деди апасы. — Ооруса, ошол ооруйт экен да.
Апасы трубканы коюп койду.
«Фу, айтканын көр, — деди Жаңыл. — Оорубасын, бечара. Жакшы кемпир болучу...» Жаңыл дагы коңшу бөлмөгө кирип, терезеге келди. Нурия менен буурул чач дале скамейкада отурушуптур. Эми Нурия сүйлөп атыптыр. Анын көңүлү куунак көрүнөт, күлүп-жыргап жатат...
Аны бир пас карап турам деп, Жаңыл да аргасыздан, өзү да сезбестен, жылмайып турду. Кийин өзү жөнүндө ойлоп кетип гана дароо көңүлү чөгө түштү.
«Эмне үчүн звонить этпейт?!» — деди ал кайрадан ичи букка толуп.
Дагы телефонго келди. Бирпас күтүп отуруп, атасына звонить этти. Трубканы секретарша алды.
— Директорду айтып коюңузчу, — деди Жаңыл, аны менен саламга келбей. Секретарша да унчуккан жок. Көп өтпөй, атасынын «да» дегени угулду. — Ата, бул менмин.
— И-и? — деди атасы.
— Чоң энем кайсы жерде жашайт? — деп сурады Жаңыл түз эле.
— Чоң энем? — Атасы да таң калды. — Кайсы чоң энеңди айтасың?
— Менин канча чоң энем бар эле?! — деп ачууланып берди Жаңыл. — Сенин апаңды айтып жатам!
— А-а... Аны эмне эстеп калдың?
— Кимдир бирөө эстеш керек да. Өз уулу эстебесе, келини эрте күндө...
— Мм... — деди атасы.
Ал чындап эле абдан таң калып аткансыды. Мүмкүн, ал Жаңылга ыраазы болуп, өзүнчө мулуюп да тургандыр. Жаңыл ушуну ойлоп алып, өзү да жылмайып койду.
— Бүгүн ал менин түшүмө кириптир, — деп улады ал. — Ооруп атыптыр бечара.
— Ооруп? — Атасы кичине кабатырлана түшкөнсүп туюлду. — Албетте, сенин түшүңдө да. Түшкө ар нерсе кире берет.

— А кээ бир түштөр туура чыгат. Мисалы, менин түшүм дайыма турмушка туш келет. Мына, мени айтты дээрсин, ушу кемпир ооруп атат азыр.
— Мүмкүн, кызым. Кары киши да...
— Андан көрөкчү, бир барып кабар алып келбейсинби. Эмне болсо да энен эмеспи.
— Кантип барам, кызым? Институттун ишин кимге таштайм?
— Иш, иш, иш! Баарынар иштен башканы билбейсинер. Мейли сен барбасаң, мен өзүм барамын. Андан көрөкчү, каерде жашаарын айтып берчи.
— Кызым, сен кичине коё турчу, бул жерде кишилер күтүп калышты. Бул жөнүндө экөөбүз дагы акылдашабыз. Мен сага өзүм телефон чалам. Куппу?
— Арыстанбапта жашайм деген эле, — деди Жаңыл, кичине кыялдуу түрдө. — Бирок Арыстанбап — учу-кыйыры көрүнбөс кең токой да, анын каеринде жашаарын билбеймин.
— Кызыл-Үнкүр деген жеринде, — деди атасы, трубкасын коюп жатып.
Туура. Кемпир өзү да ушинтип айткан. Бечара, жакшы кемпир эле. Бир ай Жаңыл менен бир бөлмөдө жатып-туруп жүрүп ага өзүнүн жашаган жери, ал элдин кечирген тиричилиги жөнүндө түрдүү-туман аңгемелерди айтып берип кеткен. Анын айтканына караганда, Арыстанбап — бир бейиш жер... Эмне экен, барса барып келет. Ал турмак... биротоло ошол жакка кетип да кала алат. Эх, ошондо көрөт элек го кимди ким сагынарын, кимди ким жоктоорун...

IV

Айткандай эле бир жумадан кийин, ал Арыстанбапка жөнөп кетти. Самолётто учту, автобуска түштү, жүк машинанын кабинасына отурду. Акырында Арыстанбап аймагына келип жетти. Бирок Кызыл-Үнкүргө эч кандай улоо чыкпастан, он беш чакырымча жерге жөө жөнөдү...
Бул жакта да күздүн күтүрөп турган учуру экен. Тоолорду, кырларды, ойлорду, кокту-колотторду каптаган чытырман токой кызыл-тазыл болуп жалындап турат. Жаңгак, алма, алмурут, алча, карагат, ит мурут, долоно, чекенде жана Жаңыл атын билбеген түркүн-түркүн даректардын мөмөлөрү бышып, сабактарынан үнсүз үзүлүп, жердеги калың бариктердин үстүнө шыртылдап жаап жатат. Мөмөлөрдүн, бариктердин жыты буруксуйт...

Жаңыл бир сокмо жолго түшүп алып, бирде онго, бирде солго бурулуп, улам өрлөп, улам ылдыйлап жүрүп отурду. Токойдун ичи ээн, мемиреп тыптынч. Даректардын көлөкөлөрү менен олтуруп бараткан күндүн нурлары бири-бирин үнсүз кубалашып, жашынмак ойноп жүрүшөт. Анда-санда гана карга каркылдап коёт. Жолду кесип, коён чуркап өтөт...

Жолдун теңине жеткенде караңгы кирди. Жаңыл кетпараткан жолун жоготуп коюштан коркуп, аргасыздан бир жоон түп жаңгактын түбүнө келип отуруп калды. Ай чыгаар деп ойлоду. Ай чыкпаса, ушул жерде түнөп, сапарымды эртең улантамын деп чечти. Өзү да абдан чарчап калган эле. Талыкшыган боюн жаңгакка жөлөп, зыркырап ооруган буттарын узун сунду да, асмандагы жамыраган жылдыздарды карап, далдайып жатып калды...

Бирпастан кийин, жакын жерден кандайдыр жапайы кыйкырык угулду. Жаңыл селт этип караса, мандайындагы даректын арбайган шактарынын арасынан опокшош эки сары жылдыз чекчейип карап туруптур. Үкү экен көрсө.

«Уф, чочутуп да жиберди кишини...» — деп койду Жаңыл.

Анан кыйлага чейин анын жанган көздөрүн карап жатып, өзү да сезбестен, үргүлөп кетти. Бир маалда үкү дагы кыйкырды. Жаңыл чочуп көзүн ачса, карарган даректардын арасынан кыпкызыл жалын көтөрүлүп келатыптыр.

«Ай ... — деди Жаңыл сүйүнүп. — Рахмат, үкү, өз учурунда ойготтуң».

Ал жанында жаткан кайыш калтасын алып, жолуна түштү. Жол эми жакшы көрүнө баштады. Жаңыл да кыйла эс алып, жеңил басып калды. Ал шыпылдап жүрүп отуруп, өз чамасында, жолдун калган бөлүгүн да басып койгонсуду. Бирок бир жерге келип, кашайып жалгыз аяк жол үчкө бөлүнүп кетсе болобу. Жаңыл кайсынысына салышын билбей, башы айран болду. Кокус, жаңылыш тандап алып, таптакыр башка жакка кетип калыштан коркту. Ойлонуп, ойлонуп туруп, ушул эле жерде түнөп калышты чечти. «Түнт токойдо тобокел кылган болбойт, — деди өзүнө өзү. — Таң атсын».

Жанагыдай эле чоң түп даректын түбүнө токтоду. Аденде жердеги кургак бариктерди колу, буту менен шилеп, астына төшөдү. Башына болсо калтасын жаздады. Кийин ач курсагынын камын көрдү. Жей турган эчтекеси жок болучу. Шондуктан, жака-белдеги алма-алчалардан бир ууч үзүп келди да, кыйлага чейин ошону эрмек кылып отуруп, акырында кынтайып уйкуга кетти. Бирок эми көзү ызгы-

ганда, мандайына бир жаңгак келип тийип, уйкусун бузуп жиберди. Көрсө, жаңгак өзүнчө түшпөптүр. Так эле Жаңылдын төбөсүндөгү шакта көздөрүн жылтыратып тыйын чычкан олтурат. Ал Жаңылды тигиле тиктеп, куду анан: «Ай, сен кимсиң?» — деп, тан кала сурап тургансыйт. «Салам!» — деп койду Жаңыл ага досторчо. Тыйын чычкан бир сыраң этип секирип алды да, анан өзүнүн кызык оюнуна чуркап кеткен баладай, жаңгактын жоон, картаң боору менен жогору карай чуркап кетти. Жаңыл жылмайып, аны кыйлага чейин карап жатты. Тыйын чычкан чуркап отуруп, акыры жаңгактын кылдай учуна чыгып барып, сүзүп бараткан тегерек айдын так ортосуна туруп калды.

V

Саар менен Жаңыл кызыл ыштандын токулдагынан улам ойгонду. Көзүн ачса, күн чыгып калыптыр, туш-тарапта куштар сайрап атат. Өйдө боло берип, ал чочуп кетти: өзүнөн эки метрдей жерде, токойчунун формасын кийген он тогуз жаштардагы боз улан турат.

— Сен кимсиң? — деп жиберди ал, дароо ордунан тура калып.

— Мен Айдармын, — деди жаш токойчу, тиштерин кашкайта жылмайып. Тиштери аппак, а жылмайышы абдан жарашыктуу экен. — А өзүң кимсиң?

— А мен Жаңылмын. Кызыл-Үңкүр деген жерге баратам.

Токойчу дагы жылмайды.

— Кызыл-Үңкүр деген жер ушул.

— Ушундайбы? — деп Жаңыл сүйүнүп кетти. — А мен кечинде мына бул үч жолдун кайсынысына салышты билбей, ушул жерде түнөп калбадымбы.

— Кимдикине баратасың?

— Чоң энемдикине. Айкыз кемпирди билесиңби?

— Билбегенде. Ал менин да энем болот.

— Кандайча?

— Киндигимди кескен. Ал Кызыл-Үңкүрдүн эң кары адамы, биздин элдин жарымдан көбү ошол кишинин колунда төрөлүп, ошол киши киндигин кесип, ошол киши ат койгон. Баарыбыз аны эне дейбиз.

Жаңыл мулуюп койду.

— Эми мен ага кайсы жол менен барсам болот?

— Ортоңку жолго түш, — деди Айдар. — Ортоңку жол киндик энемдин жолу.

— Рахмат. Жакшы кал.
— Жакшы бар.
Жаныл жолго түшүп, токойчу анын артынан карап калды.

Бирпастан кийин жол бир жапыс кырды өрдөй баштады. Кырдын эки тарабы ой жер экен. Ал жерлердин даректары жоон-жоон, сейрек келип, алардын арасынан кыштактын чачкын үйлөрү көрүндү. Үйлөр, балдардын түр калам менен тарткан сүрөттөрүндөгү үйлөргө окшош: ак, кызыл, сары, боз түстө; моруларынан көкмөк, таптаза түтүн булайт. Үйлөр Жаныдын көңүлүн көтөрдү.

Кыр келип-келип, кызыл-ала тоого такалды. Тоонун бетин ирик-ирик даректар, бадалдар каптаган. Тоонун чокусунан чыңк ылдый, коюу шактардын арасынан чагылган-дай жарк-журк чагылыша калып апаппак шаркыратма сойлоп түшүп жатат. Ылдый жакта, шаркыратманын тушунда, жалгыз боз там турат. Там жамбоор жерге салыныптыр, аны эки кабат десе да болгудай; үстүндөгү жалгыз бөлмөдө киши жашайт көрүнөт; бөлмөнүн оозунда эки түркүктүү кичинекей пешайван бар; түркүктөрдүн бирөөндө эски кыргыз мылтык, экинчисинде чоң капкан илинүү турат; астынкы кабатын дубалдары жок, анын бир жагын кетмен менен тегиз кыркылган жар тосуп, калган жактары аңгырап ачык, а үстүнкү кабатын болсо, жоон-жоон төрт түркүк гана көтөрүп турат. Үйдүн бул бөлүгү аткана, тагыраак айтканда, эчкиканын милдетин аткарат окшойт, азыр ал жерде он чакты ак эчки көгөндө байланууда турат, а эчкилердин бирөөн карыган кемпир саап отурат. Жаңыл өзүнүн түшүнө кирген эчкилерди жана аларды айдап бараткан кемпирди тааныды.

— Чоң эне! — деди ал жакын келип.
Кемпир аны көрүп, колундагы жыгач кесеси менен өйдө болду.
— Энең айлансын сенден,— деди ал, Жаныдды өөп.— Бу кандай шамал айдап келди сени мага?
— Мен биротоло сизге кыз болгону келдим, — деди Жаныл. — Атам менен апам жиберишти. Кемпир карып калды, барып беш күн болсо да тиричилигине каралашып, жүгүн женилдеткин, биздин кемпирге кылар жардамыбыз ушул дешти.
Чоң энеси Жанылга тандана карап калды. Ишендиби, ишенбедиби муну Жаңыл биле алган жок. Кемпир карап, карап туруп, жылмайып койду.
— Атан, апан ырас кылышыптыр, — деди анан, колундагы кесени Жанылга сунганча. — Ме, ысыгында ичип ал.

— Чийки бойдон элеби?
— Ич! Ич! Дары болот.
Ошентип коюп, кемпир саан эчкисинин желинине калта тага баштады. Жаңыл булоолонуп турган сүттү бирпас карап туруп, кесенин четинен бир шимирип алды. Мурда эчкинин сүтүн, болгондо да чийки сүтүн ичип көргөн эмес эле, ал ушунчалык даамдуу көрүндү. Кемпирди бир карап коюп, дагы шимирип кирди. Аппак сүт чагылышып, анын ансыз да ак жүзүн андан бетер тунук, сулуу кылып көрсөтүп атты. Муну Жаңыл өзү да сезип турду.
— Иче кой, иче кой, кагылайын, — деди кемпир.
Ар бир эчкиге калта тагып, экинчисинин желинин жөн гана ылай менен шыбап койду. Кийин эчки, улактарынын баарын агытып, айдап жеберди да, унчукпай үстүнкү кабатка карай бет алды. Жаныл, калтасы менен бошоткон жыгач кесесин көтөрүп алып, анын артынан ээрчиди. Үстүнкү кабатка алар кетмендеп жасалган тепкичтер менен чыгышты.
— Кана, ичкери кир,— деп койду кемпир, босогого жеткенде, бирок Жаңылдан мурда кемпир өзү кирип кетти.
Үйдүн ичи кең жана жарык экен. Анын эки капталында эки терезеси болуп, алар кырдын оң жак, сол жагындагы ойлорго, андагы кызыл-тазыл үйлөргө карап турушат. Кирип-кирбей жатып, Жаңыл өзүнө бейтааныш күчтүү жытты сезди. Көрсө, үйдүн босогосунан тартып төрүнө чейин ар кыл түстөгү талпактар төшөлүптүр. Талпактар аюунуку, арстандыкы, илбирстики, карышкырдыкы, кашкулактыкы, түлкүнүкү, суурдуку... Дубалдардын боорлоруна жапайы текенин, бугунун, эликтин мүйүздүү баштары кадалып коюлган, түрдүү туман жапайы чөптөр, жапайы куштардын канаттары илинген.
Жаңыл ушулардын баарын таңыркап да, сонуркап да карап туруп калды.
— Мен сага айтсам керек, чоң атаң ыраматылык мерген болучу, — деп койду кемпир. — Жакшы адам эле жайың жанатты болгур. Аз калды, алдына барамын... Төргө өт.
Жаңыл колундагы кесе менен торбосун жерге коюп, пальтосун чечип, барып аюунун талпагына отурду. Отурар замат, шыпка жабышып турган бир нече тирүү жарканаттарды көрүп, чочуп кетти. Бирок алдына дасторкон сала баштаган үй ээсинин бейкапар жүзүнө карап, кайра көңүлү тынчып, ал турмак, жылмайып койду. Кемпир дасторконго өзү очокко бышырган жүгөрүнүн нанын, каймак, майын коё баштады.
— Курсагың таза ачкандыр, алдыңа кетейин, — деди.

Ушу тапта үйгө бир дардайган чоң жигит кирип келди. Кийгени колдо ийленип тигилген тери камзир, тери шым, башында эски калпак, бутунда ултарма чарык. Сакал-муруту өскөн. Бир өлгөн кекиликти чубалтып кармап алыптыр. Ал босогону аттай берип:

— Эне! — деди да, бирок Жаңылды көрүп, дароо токтоп, аны тигилип карап туруп калды.

— А-а, сенсиңби, Алишер. Кел, кел,— деп кемпир анын колунан кекиликти алды. Жигит кемпирди чала-була карап алып, дагы эле Жаңылга бурулду.— Бул кыз сенин Прунзедеги акендин кызы болот. Өт, жанына отуруп, оокат кыл.

Алишер Жаңылга ырсайып койду да, тарткынчыктап барып, анын маңдайына келип мандаш урунуп отурду. Отурар замат, ага өнөкөт болсо керек, дароо калпагын алып, колтугуна кыпчып койду. Анын устара менен алынган капкара чачынын арасында, куду маңдайынан тартып, как чокусуна чейин жеткен беш салаа болгон, аппак, чачсыз жолоктору бар экен. Жаңыл, бул эмне деген жолоктор экенине эми эле ой жорута баштаганда, Алишер анын таңыркап аткан түрүн байкай калып, калпагын кайра кийип алды.

— Дагы тишиң менен мууздапсың, ээ, үйүң күйгүр? — деп калды кемпир, Алишерге кекиликти көрсөтүп. — Мен сага бычак сатып бербедим беле?

— Жоготуп койдум, — деди Алишер, күнөөкөр түр менен.

Анан Жаңылды карап алып уялып, башын буруп кетти. Айкыз кемпир анын алдына кара жыгач кесеге айран апкелип койду.

— Нандан туурап, ичип ал, — деп кошумчалады. Анан Жаңылга кайрылды. — А сен эмне муну аңкайып карап калдың? Бул да менин балам болот. Үч жашарында ата-энеси өлүп, багар-көрөөрү жок калганынан, өзүм асырап алганмын. Мына эми киши болуп калды байкуш... Ич, иче кой. — Кемпир Алишердин кесесине нан туурап салып койду. — Эми бир катын алып берсем, карызымдан кутулат элем. Бирок катындын уругу куруп, буга такыр катын чыкпайт.

— Зулайка жүрбөйбү, — деп койду Алишер.

Анан ошол замат Жаңылды карап алып, өз сөзүнө өзү уялып кетти.

— Зумуран калгыр, ошондон көңүлүң калбай койду. Кыз кезинде да Зулайка дечү элен, эми күйөөдөн чыгып келгенден кийин да оозундан түшүрбөйсүң. А мага Садык тегирменчинин ошол кызы эч качан жаккан эмес. Кыз кезинде шайкелең эле эрге тийип, эки балалуу болуп да токтолбоптур. Ал сени жаш баладай ойнотот.

— Ойнотуп көрсүнчү...

— Анын үстүнө, ал бейдаба, жанагы сержант Серкебайыпка күйөөгө чыгам деп жүрөт имиш го?

— Сержант Серкебаев Ошко которулуп кетем деп арыз берип жүрөт. А Зулайка болсо, мен бир оштугуң менен сенин Ошуңда жашап келдим, эми ал жакка өлсөм да барбайм деп жатат. Ошентип, экөө эки сөздү сүйлөп атышса, баш кошушмак беле...

— Болуптур, мен тегирменчиге кызынды бер деп көрөйүн. Бирок сен өзүң да аракет кыл, Зулайканын көңүлүн ал. Болбосо, атасы макул дегени менен да, кызы тийбейм деп турса, эчтеке чыкпайт. Ошент. Өзүңдү жакшыраак алып жүргүн. Бул турушуң менен Зулайкага жакпайсың, ал шаар көрүп келген неме. Карасаң: үстү-башыңдын баары кандын тагы, алча, алма, бүлдүркөндүн ширеси... Эсил гана эмгегим, кечээ эле жакында тигип бердим эле... Айтмакчы, өткөн жекшембиде эмне үчүн арак ичтиң, ырысы жок? Мас болуп алып, картошка казып жүргөн катындарды кубалаган имишсиң го?

— А-а, жанагы сержант Серкебаев да...— деди Алишер күнөөкөр түр менен. Жаңылды да бир карап койду. — Туулган күнүм, стакан кагыштырып кой деп жалынып туруп алды...

— Туулбай туна чөксүн ошол сержантың, — деди Айкыз кемпир. — Өзү ичкени аз келгенсип, сени да көндүрмөк болду... Ичпегин, бейтаалай! Сага жакпайт, жиниң кармайт. Ансыз да, эл ичинде: жиндүү Алишер, жапайы Алишер атыгып жүрөсүн.

— Айтса, айта беришсин, эмнем коромок эле, — деп койду Алишер.

— Койсончу ошол үнкүргө жашаганыңды? — деди кемпир, өтүнгөн түр менен.

Алишер буга ынааркабай, ордуна ойдолоктоп алды. Ал бошогон кесесин бат-бат колдору менен жалай салды, дасторконго бата кылды да, ордунан туруп кетти. Кемпир менен Жаңыл үйдөн чыгып кеткенче артынан карап калышты.

— Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүргөн салабы, — деди кемпир, ал чыгып кеткенден кийин. — Миң жолу айтып да, үнкүрдө жашаганын койдура албадым.

— Ал эмне деген үнкүр? — деп сурады Жаныл.

— Кызыл-Үнкүр, мен сага айтсам керек. Эл аны жапайы адамдын үйү деп коюшат. Кечээ жакынга чейин эле анда жапайы адам жашачу.

— Жапайы адам?!

— Ооба... Бирок азыр ал жерден кеткен, Алишер барып жатып жүрүп, аны өзү үйүнөн жеритип жиберди. Ырас, мындан сегиз жыл илгери бир келип, ал жерде уктап жаткан Алишердин башын апчып кетиптир. Байкадын бекен, Алишердин башында беш салаа болгон тыртыгы бар, ошол жапайы адамдын тырмактарынын изи. Ошондон бери бечара баламдын акыл-эси да кирди-чыкты болуп калгансыды. Сопсоо эле жүрүп, кокусунан жини кармап калат, айрыкча бирдеме ичип алган күндөрү...

— А эмне үчүн ал үнкүрдө жашайт? — деп сурады Жаныл, таныркоосу таркабай.

— Ал жердин булбулу көп, — деди кемпир. — Жазында барып калган киши булбулдун үнүнө кулагы тунуйт: ал жагындан да безилдеп сайрап аткан, бул жагындан да... А Алишер кичинесинен алардын үнүн жакшы көрөт. Мына ошол үчүн гана... Жыл сайын жаз келер замат үнкүрүнө жашаганы үйдөн кетип, кайра кыш түшкөндө гана бир келет. А өткөн жылы, ал турмак, кыштап да калды. Эмне десем, кээ бир түндөрү, очокко оттон улуу жагып алып, тыңшап отурсам, тышта булбулдар сайрап аткансып туюлат дейт. Оф, жараткан, бала кичине майып болуп калды...

— А өзү бир иш кылабы?

— Отунчу. Жайын-кышын лесхозго отун даярдайт. Тойдо жыйылган отун көрсөң эле, Алишердин отуну дей бер... Кел, дасторконго дуба кылалы. Оомийин, эккен-тикенге тийсин сообу...

Батадан кийин чоң энеси идиш-аяктарды жыйыштыра баштады. Жаңыл ага жардам кылды.

— Эми сен тиги айранды бышып, майын ал, — деп калды кемпир кийин, бурчта турган жыгач гүптү* көрсөтүп.

— А мен Алишердин кекилигин тазалайын...

— А-а... айранды кантип бышат? — деп сурады Жаңыл, кичине уялып.

Бирок чоң энеси буга таң калган жок.

— Мен сени үйрөтүп коём, — деди кайра.

---

* *Гүп* — айран бышып, майын алчу идиш.

Анан ичинде толтура айраны менен пишкеги бар гүптү эшикке көтөрүп чыгып, пешайванга койду да, үйрөтүп берди. Анча деле кыйынчылыгы жок экен. Жаныл бат эле үйрөнүп алып, кийин өзүн курчаган токойду, анын ичиндеги кызыл-тазыл үйлөрдү, кызылала тоону, тоонун боорунан сойлоп түшүп аткан узун шаркыратманы суктана карап, шашпай бышып атты...

VI

Айран бышылып, майы алынгандан кийин, кекилик тазаланып, казанга салынгандан кийин, чоң энеси айтып калды:

— Эми кичине иштеп келели, — деп.

— А эмне иш кылабыз? — деп сурады Жаңыл, экөө эрчишип эшикке чыгышкандан кийин.

— Жаңгак теребиз, балам. Лесхозго жаңгак терип беребиз. Азыр негизги жумуш — жаңгак. Чөптү чаап, жыйнап алдык; алма, алчанын планынан кутулдук; картөшкө казылып бүтүп калды... Эми ушу жангакты коротпой терип, өткөрүп алсак, быйылкы жылдын түйшүгүнөн такыр кутулат элек.

— Эмне, бул жерде сага окшогон кары кишилерди деле иштете береби? — деп сурады Жаңыл, энесинин сөзүнө таң калып.

— Жок, — деди энеси. — Кары кишилер өзү иштейт. Албетте, колунан келген иш болсо...

Үйдүн жанынан бир тегирмен суу агып өтөт экен. Суунун бетинде алма, алча, жаңгак, бариктер калкып баратат.

— Ой! — деп сүйүнүп, Жаңыл кызыл алманы тутуп алды.

— Шаркыратманын суусу, — деп койду кемпир, көпүрөнүн милдетин аткарган чириген жоон жыгач аркылуу өтүп баратып.

Жаңыл тоонун бетиндеги жаңгак, алма, алча даректарын караганча колундагы алмасын жей баштады. Бир чакырымдай барышкандан кийин, кемпир токтоп:

— Ушул жерден теребиз, — деп калды.

— Эл көрүнбөйт го? — деди Жаңыл эки жагын карап.

— Токой кең да кызым, — деп койду кемпир. Ал белиндеги белдемчесин чечип, Жаңылга берди. Көрсө, анысы узун калта экен. — Сен ушуга тересин, — деди.

Өзү болсо, алдына байланган этегинин эки бурчун бүрүштүрө кармап, ошого тере баштады. Жаңыл да калтасынын учунан сүйрөп алып, жерге энилди. Бирок көзүнө калың бариктерден башка эчтеке уруна бербеди.

— Жаңгак жок го? — деди ал таң кала.

— Бариктердин арасынан кара, — деп үйрөттү кемпир. — Колуна бир чыбык алып алып, бариктерди оодарыштыр.

Жаңыл чоң энесинин айтканын кылды. Көрсө, жангактар жерге түшкөндө, кабыгынан ажырап, а жыланачтангандан кийин, өңү саргарып, бариктерден айырмаланбай, көзгө жакшы урунбай калат экен. Бул бейтааныш ишке Жаңылдын бат эле көздөрү каныгып, колдору үйрөнүп кетти. Бара-бара ага кызыгып, бир маалда энесин жоготуп койду.

— Чоң эне-е-е! — деп кыйкырып калды ал, эки жагына элендеп. Чоң энеси жооп бербеди. Жаңыл, чытырман токойдо адашып калган экенмин деп эси чыгып, издеп жөнөдү. Улам-улам кыйкырып коёт.

— Чоң эне-е-е!

Бир оокумда, алды жагындагы өскүлөң ак чөптөрдүн арасынан бир чоң кыргоол чыга калып, аны аябай чочутуп жиберди. Анын: «А-а-аай!» — деген кыйкырыгынан улам, кыргоол учуп кетти.

— Чоң эне-е-е!

Көп өтпөй ал дагы бир жолу үркүп алды. Кокусунан, анын жолунан эки кулун кубалашып чыга келсе болобу. Ал кыйкырган бойдон, четке чыга качты. Кулундар оюн салган бойдон өтүп кетишти. «Оф...» — деп койду Жаңыл, алардын артынан ээрчий карап...

— Чоң эне-а-а!

— А чоң энең ким? — деп калды бул жолу бирөө жан жактан.

Жаңыл дирт эте түштү. Он метрче жерде, жаңгак терип жүргөн бир аял аны карап туруптур. Аял аркасына жаш баласын таңып алган. Жанында беш жашар чамасындагы кыз да турат. Жаңыл буларды көрүп сүйүнүп да, өзүнүн алдастап коркуп алган көрүнүшү үчүн кичине уялып да кетти.

— Арбаңыз, — деди ал аялга адегенде. Чоң энесинин айтканына караганда, Арстанбапта ушинтип саламдашыш керек эле.

— Бар бол, — деди аял, ага карай басып. — Сен биздин жерликке окшобойсуң го? Анан кимди чоң эне кылып жүрөсүн?

— Айкыз кемпирди, — деди, Жаңыл да аялды утурлай басып.

— Аа, киндик энемдин небересисиңби? — деди аял.— Анда сен Фрунзеден келген турбайсыңбы? Фрунзеде бир балам бар деп жүрчү эле. Кел, өөп коёюн... — Аял өзү отуз

жаштарга чыга элек болсо да, улгайган аялдардын каадасын кылып, Жаңылдын мандайынан өөп койду. Өөп, анан ошол замат калтасын жерге таштап, өзү да анын жанына отура кетти. — Оф... Отур, синдим, — деп койду Жаңылга да.

— Жок, мен энемди таап алайын, — деди Жаңыл.

— Энени бөрү алат дейсинби, жүргөндүр да бир жерде... кел, кызым, чечип койчу.

Кыз чуркап келип, аялдын белиндеги баланы орогон чоң жоолукту чечип койду. Аял баланы алдына алып, Жаңылдан тартынбастан эле анын оозуна эмчек салды.

— Чоң энемди бир көрүп келейин деген экенсин да? — деди аял. — Түзүк, түзүк.

— А мен биротоло келдим, — деди Жаңыл.

— А-а, киндик энеме эрмек табылып, таза жакшы болгон турбайбы. Тиштебе, өлүгүндү көрөйүн. — Аял эмчек ээмп жаткан наристе кызынын жаагына секин чаап койду.

Ушу тапта бирөөнүн күнкүлдөп ырдаганы, бариктердин шартылдаганы угулуп калды. Карашса, аларды жандап, ак желек кийген бир жигит өтүп баратыптыр. Колунда кол саадыгы бар. «Туруш-турмушу менен врач»,— деп койду Жаңыл көңүлүндө, аны тандана карап. Ангыча жанындагы аял ага кыйкырып калды:

— Осмон!

Ак желекчен аларды көрүп, жолунан бурулду.

— А-а, Зулайка... Арыба, — деди ал, жакындап келип. А Жаңылды болсо, кызыга бир карап алды.

— Бар бол, — деп алик алды аял. — Мына бул Бактыгүлдүн кулагына бир нерсенди сыйпап койчу. Кечээ кинодик энеме кулагын тештирдим эле, бүгүн шишигенсип калыптыр.

— Ошол жез кемпиринерди бир сотко беремин! — деди Осмон отуруп, сандыкчасын ача баштап.

Көрсө, ал фельдшер экен: сандыкчасынын ичинде түрдүү-туман дары-дармектер, аспаптар жүрөт.

— И-и, ал кемпир сага эмне кылды? — деп сурады Зулайка, Жаңылга көзүн кысып коюп.

— Эмчи-домчулардын заманы эчак өткөн. Азыр, ооруган киши фельдшерге, мына мага келиши керек, билдиңби? А силердин элинерчи? Башы ооруса да, ичи ооруса да Айкыз кемпирге чуркашат. А төрөгөндө болсо, эрте күндө. Мына, келгениме эки жыл болуп баратат, бир да киши ооруду деп алдыма басып келе элек, төрөтөм деп районго аял алпара элекмин. А райондогулар мени урушат: деги сен эмне кылып жүрөсүң ал жерде, айлыкты эмне үчүн алып

жүрөсүң дешет. Мен болгон ишти айтам: биринчиден, бул жердин калкы өлөр-өлгүчө оорубайт, а кокус ооруп калса, булардын бир кемпири бар, ошого барышат; кемпир болсо чөп-чар, мөмө-чөмө, жан-жаныбарлардын майы, эти, өтү ошогон нерселер менен эле айыктырып алат; аял төрөсө да, ошол кемпир төрөтөт дейм. Антсем, дагы жемелешет: бир картаң кемпирге кантип күчүң жетпейт, сен ал эскинин калдыгы менен аёосуз күрөш жүргүзүшүң керек дейт; бул үчүн дейт, ооруларды өзүң издеп табышың керек, боюнда бар аялдарды күн мурунтан билип, аларды андып жүрүшүң керек дейт. Эмне кылмак элем, моюн сунам да. Көрбөйсүнбү, эртеден-кечке эл бар жерди кыдырып жүрөм.

Зулайка менен Жаныл бири-бирин карап, жылмайып коюшту.

— Жолуң болуп атабы анан? — деп сурады Зулайка.

— Ооруган киши жок, — деди Осмон. — Бирок боюнда бар аялдардын саны алтоого жетип калды. Буюрса, дагы кошулат... — Фельдшер негедир, Зулайканын курсагын, анан өзүн карап мулуюп койду. Анын акыркы сөзүнүн бир өтмө мааниси бар окшойт, Зулайканын жүзү өзгөрө түштү.

— Кадырың жам болсун,— деди ал.— Канчалык көбөйбөсүн, баары бир бул жердин аялдары сага төрөгөнү барышпайт.

Осмон сүйлөп атып, даярданып алды: мойнуна тыныгыч аспабын асып, колуна ак мээлейин кийди. Эми болсо, аспабын Бактыгүлдүн көкүрөгүнө коюп, анын жүрөгүнүн кагышын текшере баштады.

— О, кокуй, эмне кылып атасын? — деди муну көрүп Зулайка. — Анын эч жери оорубайт, кулагына эле май-сайынды сыйпап кой.

— Э-э, эмнени билесин сен, — деди Осмон. — Кулагы ооруйбу, тырмагы ооруйбу, баары бир барып жүрөгүнө таасир этет. Сактыкка кордук жок, текшерип койдум. — Ал тыңшагычын сандыкчасына салып, анан кыздын кулагына май сыйпай баштады. — Мен мына бул карындашты тааныбадым го?

— Киндик энемдин небере кызы, — деди Зулайка. — Бүгүн Фрунзеден келди. Эми биротоло ушул жерлик болом дейт.

— Хе, — деп койду Осмон, башын чайкап. — Бирөөлөр Фрунзени көрүүгө зар болуп жүрсө, бирөөлөр андан безип, ушу кудай унуткан жапайы токойго келет.

Зулайка менен Жаныл дагы бири-бирин тиктеп, жылмайып алышты.

— А ким Фрунзени көрүүгө зар болуп жүргөн? — деп сурады Зулайка.

— Мен, мисалы үчүн.

— Андай зар экенсиң, эмне кылып отурасын бул жерде, кетпейсинби ошол жакка?

— Ыктыяр өзүмдө болсо кана, ушинтип силерге илимимди кор кылып жүрөт белем. Бошотушпай атпайбы бул жерден? Болду...

Осмон ишин бүтүп, сандыгын жаба баштады. Ушул учурда Зулайка анын аппак далысынын алакандай жерин жапкан кандын тагын көрүп калды.

— Ботом, далың эмне кан болгон? — деди ал.

— А-а, — деп койду Осмон. — Жанагы отунчу Алишер балтасы менен бир колун билегине чейин үзө чаап алыптыр, ошону таңгамын...

— Койчу? — деп Зулайка үрөйү уча түштү. Жаныдын да ичи ачышып калды.

— Келатсам, бирөө жараланган аюудай өкүрүп атат. Чуркап барсам, отунчу. Өзү бир жерде туйлап жатат, колу нары жакта, аппак чөптүн арасында сырандап бийлеп жүрөт.

— Ой, кудай ай, — деди Зулайка, жүзү тырышып.

— Болуптур эмесе, жакшы калгыла, — деп фельдшер ордунан турду.

Ушул учурда токойдун ичин жаңыртып, балтанын үнү угулду. Баарысы тыңшап калды.

— Ыманыңды жутупсун, ээ? — деди Зулайка, Осмонго ачууланып.

— Жигит өлөйүн, — деди тигил. — Кайсар неме да, бир колдоп иштеп жатат.

Ошентти да, басып кетти. Зулайка менен Жаныл үнсөзсүз тиктешип отуруп калышты. Мына ушу тапта, кокусунан Жаңылдын башына: «О, кокуй бул баягы чоң энем менен Алишер сөз кылган Зулайка турбайбы!» — деген ой келе түштү. Ушундан улам, Зулайканы мурдагыдан кызыгуураак карай баштады.

— Жүрчү, барып көрүп келели, — деп калды Зулайка ангыча. — Кызым, сен үкөндү ойнотуп турчу...

Экөө балтанын үнүн ээрчип жүрүп отурушту. Коюу бадалдарды аралап өтүштү. Алдыларынан суусар качырышты. Саз кечишти. Акырында бир кызыл жарды кыялап түшүп барышып, Алишердин алдынан чыгышты. Алишер куурап калган бир жоон жангакты жыгып алып, анын шактарын бутап атыптыр. Эки колу тең сопсоо экен.

— Мм... Алданыппыз, — деди Зулайка, көрүп эле.

— А эмне үчүн ал калп айтат? — деп таң калды Жаныл.

— Азыр билебиз... А де, Алишер!

— А деп атам, — деди Алишер, ишин токтотуп. — Келгиле.

— А билесиңби биздин эмне үчүн келгенибизди?

Алишер ийнин куушуруп, жылмайып койду да, жени менен мандай терин аарчый баштады.

— Осмондун эмне үчүн далысы кан болуп жүргөнүн билгени келдик.

Алишер дагы жылмайды, бирок бул жолу анын жүзү жийиркеничтүү жыйрылып алды.

— Мен колумдагы кекилик менен бир койдум, — деди анан.

— А эмне үчүн? — Зулайка көрдүңбү дегендей Жаныылга ишаарат кылып койду.

Алишер жооп бериштен мурун Жаныылга бир карап алды.

— А сени... сержант Серкебаевдин идарасына барып жүрөт деп айтты.

Зулайка дароо мисирее түшүп, итиркейи келип алды, бирок ошол замат Жаңылды бир карап коюп, кайра жасалма жайдарыланып, эчтеке болбогонсуп калды.

— А сенин буга эмне ичиң күйөт? — деди ал кылыктана күлүп. Алишер Жаныылдан корунуп, түз жооп бере албастан, тескери бурулду да, ишине кириштi. Токойдо кайрадан балтанын үнү жаңыра баштады.

— Кеттик, — деди Зулайка. — Эми мунан сөз чыгара албайсың. Жаңыл негедир Алишерди аяп, а Зулайканын жоругун анча жактырбай, аны кынырылган түрдө ээрчиди. Көп узабай эле токтоп:

— Эми мен энемди издейм, — деп шылтоо кылды.

— Энеңди эми үйдөн табасың, — деди Зулайка. — Андан көрү, азыр кырманга барып, терген жангагынды өткөр дагы, үйгө кет.

— А-а... кырман каерде?

— Мына ушул сокмо жол менен бара берсең, өзүнөн чыгасын.

— Рахмат.

VII

Кырман токойдун ачык, күнөстүү жеринде экен. Тегерек, кең аянтта сапсары болуп жаңгак кургап жатат. Кургагандарын ар-ар жерге дөбө-дөбө кылып үйүп коюшуптур. Кырманда эки эле киши көрүнөт: бирөө жыгач күрөк менен жайылган жангакты аралаштырып жүрөт, экинчиси кырмандын ортосуна коюлган оор таразанын четине эс алып отурат. Отурганы Айдар болуп чыкты. Ал Жаңылды тааный коюп, куду эски таанышын көргөндөй жылмайып, ордунан турду.

— О-о, келип эле ишке кириштинби? — деди ал Жаныылдын ийнинен калтаны алып.

— Ананчы, — деди Жаныл да, жылмайып. — Акыры ушул жерде жашап, иштей турган болгондон кийин... Уф...

Айдар калтаны таразага тарта баштады.

— Эмне, терген жангакты кабыл алыш да сенин милдетиңби? — деп сурады Жаңыл.

— Угу... Бул жерде менден башка токойчу жок, — деди Айдар кичине мактанган түр менен. — Сегиз кило терипсиз. Эки сом кырк тыйын.

— «Эки сом кырк тыйынын» эмне?

— Сенин эмгек акың.

Айдар анын терген жаңгагын кырманга төгүп, калтасын бошотуп берди. Кийин таразанын четине отура калып, калың дептерине бир нерселерди жаза баштады.

— Кол кой, — деди жазып бүтүп.

Жаңыл анын көрсөткөн жерине кол койду. Айдар ошол эле замат жанындагы сандыгын ачып, анын акчасын санап берди.

— Чынымды айтсам, кичине тартынып турам, — деди Жаңыл, акчаны ала бербей.

— Ал, ал, — деди Айдар. — Чоң энеңе кант, чай сатып барып бересиң. Анан Жаңылдын макулдугун күтпөй эле, акчаны анын калтасына таштап койду.

«Жакшына жигит экен, — деп көңүлүнөн өткөрдү Жаңыл. — Сулуу, эстүү...» — Болуптур эмесе, мен үйгө барайын, — деди ал.

— Токтой турчу, мен сени өзүмдүн ата-энем менен тааныштырып коёюн, — деп калды Айдар күтпөгөн жерден.

Жаңыл ан-таң болуп, эки жагын карана берип, кырманга карай келаткан аял менен эркектин жана аларды ээрчиген бир короо жаш балдарды көрдү. Баарысынын көтөргөн торбо, куржундары бар. Алар Жаңылды таныркай караганча, жакындап келиштi да, көтөргөн жангактарын бир-бирден таразага коё башташты.

— Ата! Апа! — деди ушу тапта Айдар, эркек менен аялга кайрылып. — Бул кыз бая мен айткан киндик энемдин небереси.

— И-и, айланып кетейин, ушундайбы? Келчи өөп коёюн, — деди аял биринчи болуп. Ал Жанылдын башын энип, чекесинен өөп койду. — Жылдызын ысык экен, садаган кетейин. Барган жеринден бак тап, ылайым.

— Жаш кезимде мен сенин атаң менен ынак дос элем,— деди эркек да. —Экөөбүз үйлөнүп, балалуу-чакалуу болсок, бири-бирибизге куда түшөбүз деп ант беришкен элек. Насип экен, атаң үйлөнгөнчө болбой эле шаарга кетип калып, ошол бойдон кайтып келбей койду. Мына эми мен аның кызын, сени көрүп отурам...

Жаныл кичине уялып, ордунда ойдолоктоп алды.

— А булар болсо, менин карындаш, инилерим, — деп калды Айдар, Жанылды кызыгып карап турушкан балдарга ишаарат кылып.

Жаныл өзүн ороп турушкан бул жаңы тааныштарына кандайча мамиле кылышты билбей, башын гана ийкендетип, жылмайып тура берди. Акырында, онтойсуздуктан кутулуш үчүн:

— Эмесе, мен кетейин, — деп шашып-бушуп жолго түштү. — Жакшы калыңыздар.

— Жакшы бар, кагылайын, — деди аял.

— Үйүнө барсаң, мына бул жолго сал! — деп кыйкырды Айдар. Жаныл анын көрсөткөн жолуна бурулду. Баарысы аның артынан жактыра карап, сөз кылып калышкансыды. «Кандай жакшы кишилер, — деп баратты Жанылдын өзү да. — Мээнеткеч, ак көңүл...»

Барып-барып, ал бир ажайып үч үйдүн алдынан чыкты. Үйлөр катар жана жакын-жакын түшүптүр. Үчөө тең кичине-кичине, дубалдары апаппак, тамбаштары кыпкызыл. Баарынан кызыгы, азыр үч киши үч тамды актап жатат... Кишилер да окшош — баарысы жашыл желек кийип алышкан. Жаныл биринчи үйдүн мандайына келип, анын эшигинен «Медпункт» деген жазууну окуп, а актап аткан кишиси Осмон фельдшер экенин тааныды.

— А-а, сенсиңби, — деди Осмон да аны көрүп.

— Аппак эле турган үйдү эмне үчүн актап атасыз? — деп сурады Жаныл кызыгып.

— Бекерчиликтен, — деди фельдшер. — Бир иш кылыш керек да. Жаныл жылмайып коюп, нары басты. Экинчи үйдүн эшигинде «Милиция» деген жазуусу бар экен. Жаныл үйдү актап аткан кишиге салам берди:

— А дениз!

Тигил, кырк жаштарга барып калган, чычайган мурутары бар адам болуп чыкты. Ал дароо ишин токтотуп, Жанылды көздөй басса болобу.

— Милициянын сержанты Серкебаев! — деди ал, Жанылга честь берип. — Кулак сизде, гражданка?

— Саламатсызбы, — деди Жаныл, башка эмне дээрин билбей.

— Саламатчылык. Кандай арыз-мунуңуз бар?

— Эч кандай, — деди Жаныл жылмайып. — Кызык, үйүңүз аппак эле экен...

— А-а, кыларга иш жок...

— Кантип, сиз үчүн делеби?

— Менин милдетим: тартипти сакташ, законду кармаш. А бул жерде, тилекке каршы, тартип менен законду бузушка чололору тийбейт.

— Кантип эле? Кур дегенде, мас киши болуш керек да?

— Жок, — деди сержант үшкүрүп. Бирок ошол замат эстей койду. — Астафурулла, бир отунчу бар, Алишер аты. Ошол гана кез-кез ичип коёт... Бирок аны апкелип камашка уруксат эмес.

— Эмне үчүн?

— Лесхоздун эң жакшы көргөн отунчусу. Лесхоз районго эки миң кубометр отун тапшырса, ошонун жарымын Алишер даярдайт. Иштемчил жигит. Албетте, мындай адамын лесхоз милицияга бербейт да. Ушундай, карындашым, бул жерде милиционер болуп иштеген адам жарыбайт.

— Түшүнбөдүм... Сиз эмне, кылмыштын жоктугуна нааразы болуп атасызбы?

— Ананчы! Милиция кылмыш менен милиция да. Кылмыш жок болсо, милициянын эмне кереги бар? Кылмыш бар жерде милициянын баркы бар, кылмыш жок жерде, ага эч ким карабайт. Мына, мисалы үчүн, мени алалы... Бул жердин калкы мени бекерчи, арам тамак деп жаман көрүшөт. Бир чети алардыкы да туура: өкмөттүн берген айлыгын алыштан башка эч иш кылбайм. Келгениме, мына он жыл болуп баратат, бир кылмышкер кармап, камай элекмин. Мына бул ак үй — сержант өзүнүн «Милициясын» көрсөтүп койду. — Менин ишканам, а кылмышкердин түрмөсү. Жүрсөң көрсөтөйүн...

Жаныл анын көңүлүнөн өтө албай, ээрчип алды. Үйдүн ичи, чын эле, тең ортосунан экиге бөлүнүп коюптур. Кире беришинде стол, стул жана бир скамейка бар. А решетканын артында болсо, жалгыз темир кроваттан башка эч нерсе жок. Ырас, кроваттын үстүндө төшөнчү жатат, буттарында милициянын формасы илинүү турат.

— Мына, — деди сержант Серкебаев, — закон боюнча решетканын бери жагы меники, нары жагы кылмышкердики

болушу керек эле. А иш жүзүндө кандай? Иш жүзүндө экөө тең мага таандык: кроватка жатам-турам, а столго отуруп, мени башка жакка которгула деп районго, областка арыз жазам.

— Кызык,— деди Жаңыл, ого бетер таң калып.— Ушундай жерден кеткиниз келеби? Кылмыш жок болуп, түйшүгүңүз аз болсо, кайра жакшы эмеспи?

— Жаңылышасың, айым кыз. Жана эле айтпадымбы, милиция кылмыш менен милиция деп. Кылмыш болбосо, милиционер өспөйт. Мына мени көрбөйсүңбү: он жыл болду ушул жерге келгениме. Сержант элем, сержант бойдон жүрөм. Буга ким күнөөлүү? Албетте, кылмыштын жоктугу. Кылмыш болсо, мен аны жасаган кишини таап, закондун колуна тапшырып, көзгө көрүнмөкмүн, чиним жогоруламак, айлыгым көбөймөк.

— Түшүндүм, — деди Жаңыл ойго батып.

— Эчтеке эмес, — деп жубатты өзүн өзү сержант. — Бир айдан кийин областтан акыркы арызыма жооп алам. Бул жолу сөзсүз сенин пайдана чечилет деп жатышат райондогу тааныштарым. Кудай буюрса, эмки айда бул жерде менин издерим гана калат.

Жаңыл буга эчтеке дебестен, башын ийкендетип коюп, эшикке чыкты. Эшиктин оозунда беш кой туруптур.

— Менин койлорум, — деди сержант Серкебаев.

— Бай турбайсызбы, — деди Жаңыл, бир нерсе деш үчүн гана.

— Алтоо болучу. Бирөөн акчага айлантып, арызга коошуп областка жөнөтүп жибергенмин. Дагы бирөөн, ушул жерден кетип калышыма жардам болор бекен деп, кудайдын жолуна кудайы айтып койдум, кетпаратканымда бул жерликтерге таштап кетем, союп жешип, менин ишимдин ийгилигин тилешип, дуба кылып коюшсун.

Барган сайын сержант Жаңылга жакпай баратты. Анын алдынан батыраак кеткиси келди

— Жакшы калыңыз, — деди да, жолго түштү.

— Жакшы бар, — деди Серкебаев, анын кетпаратканына кыңырылгандай түр менен. — Айтмакчы, карындашым, ким болосун? Каяктан каякка баратасын?

Жаңыл сизге мунун эмне кереги бар деп айткысы келди. Бирок өзүнөн улуу кишинин көңүлүнө азар бергиси келбеди.

— Мен Фрунзеден келдим, Айкыз кемпирдин небереси болом.

— А-а — деп калды сержант кызыгуу менен. — Фрунзеде менин бир досум жашайт. Азыр ал милициянын полковниги болуп калды...

Жаңыл, анын сөзүн аягына чейин тыңшабастан, үчүнчү үй тарапка басып кетти. Үчүнчү үйдүн эшигинде «Универмаг» деген жазуусу бар экен. А үйдү актап аткан неме, болду-болбоду магазинчи деп чечти Жаңыл. Магазинчи жаш жигит болуп чыкты.

— Оо, келиңиз! — деди ал элпектик менен, куду кадырлуу мейманын тосуп жаткансып. — Мен эртең менен эле укканмын сиздин келгениңизди. Кана, ичкери кирели.

Жаңыл өзү да магазинге кире өтөм деп келаткан. Ал кирди. Магазин кичине көрүнгөнү менен, ичинде түрдүүтүмөн жакшы буюмдары бар экен. Жаңыл басып келип костюмдардын бирөөн кармап калды.

— Эмне, ошол костюмду берейинби? — деп сурады сатуучу, шашып-бушуп прилавкасынын нары жагына өтүп.

— Жок, бул костюм биздин бул жерге кийгенге жарашпайт, — деди Жаңыл сатуучуга эмес, өзүн өзү, кандайдыр рахат менен. — Мындай кийимди шаардыктарга кут кылсын... Мага чай, кант бериңиз.

Дүкөнчү Жаңылдын сунган акчасына чай, кант алып берди.

—Дагы эмне берейин?

— Тиш жуугуч.

— Тиш жуугуч бизде болбойт, — деди дүкөнчү күнөөкөр кишиче жылмайып.

Жаңыл буга таң калды.

— Эмне үчүн?

— Биз тишибизди алма жеп эле тазалап алабыз. Алма тишти жакшы агартат.

— Кызык экен, — деди Жаңыл жылмайып. — Бирок алма дайыма эле болуп турбайт да? Мисалы үчүн, жазында аны каяктан таап жейсинер?

— Бариктердин астынан, — деди магазинчи. — Кар кетер замат биз кайрадан колубузга куржун, калта алып, күзүндө терилбей калган алма, жаңгактарды терип киребиз. Кээде алма, жаңгактарга аралаш, түркүн түстөгү алчалар да учурап калат...

— Мен бул жөнүндө укkан эмес элем, — деди Жаңыл, дагы жылмайып. (Калп айтат, чоң энеси айтып берген.)

Ушу тапта, кокусунан, бооруна сатылчу баасы илинген коляскалардын бирөөнөн наристе баланын ыйы чыгып калды. Жаңыл чочуп кетти.

— Менин кызым ойгонду, — деп коюп, дүкөнчү коляскага чуркап барды. — Апасы жаңгак терип жүрөт, — деди анан, актанган түр менен.

— А-а, — деди да, Жаңыл эшикке карай басты. — Айтып коюңузчу, мен өзүбүздүн үйгө кантип барсам болот?

— Эшикке чыгып туруп, сол жакка кеткен сокмо жолго түшүңүз, — деди дүкөнчү. — Бара берсеңиз, шаркыратманын үнүн угасыз.

— Рахмат. Жакшы калыңыз.

— Жакшы барыңыз. Кирип турунуз...

Фельдшер менен милиционерге караганда, дүкөнчү мага көбүрөөк жакты деп жыйынтык чыгарды Жаңыл өзүнчө, кетип баратып.

Үйгө жеткенче кеч кирип калды. Энеси эшигинин алдында эчкилерин саап атыптыр.

— Ме, ысыгында ичип ал, — деди ал, башка кеп-сөзгө келбестен, ага эртең мененки кара кесени сунуп.

Кам сүт ичкенге Жаңыл кыйла көнүп калыптыр, ал кечегеди сүттүн баарын ичип, дагы тамшанып койду. Кийин энеси экөө жер тепкичтер менен жогору үйлөрүнө көтөрүлдү. Үйдүн ичи капкараңгы экен, Жаңыл босогого келип тайсалдап туруп калды.

— Чырактын майы түгөнүп калыптыр, — деди энеси, өзү биринчи болуп босогону аттап. — Эчтеке эмес, азыр ай чыгат. Кир, кире бер...

Жаңыл киерин кирип алып, бирок эчтекени көрбөй, бөлмөнүн ортосунда селейип туруп калды. Ошол замат анын кулагын бирөө чертип кеткенсиди. Жаңыл кыйкырып жиберип, энесин кучактап калды.

— Ботом эмне болуп кетти, — деди энеси да чочуп.

— Кулагымды бирөө чертти.

Энеси күлүп койду.

— Коркпо, кызым,— деди анан. — Булар менин жаркынаттарым, сени менен амандашып атат. Кел, отур, оокат ичебиз.

— А сен эшикти кара, көзүң батыраак каныгат.

Чын эле, ачык турган эшикти карап, Жаңыл андан учуп-кирип, учуп-чыгып жаткан көп сандаган жарканаттарды көрдү. Эми аларды өз көзү менен көргөндөн кийин, алардан өзүн коргоп, турган жерине бүжүрөп отуруп калды. Бат эле көздөрү да карангылыкка көнүгүшүп, алдына коюлган нандары, кекиликтин этин, алма, алча жана жүзүм сыяктуу мөмөлөрдү даана ажырата баштады...

Оокаттанып бүтүшкөнгө чейин ай да чыгып, төшөктөрүн айдын нурунда салып жатышты. Жатаардын алдына энеси, негедир, босогонун алдында күймөнүп калды.

— Эмне кылып атасың, эне? — деп сурады Жаңыл, анын кыймыл-аракетин түшүнө албай.

— Мен жайын-кышын эшикти ачып коюп уктайм, — деди энеси, өз төшөгүнө басып келип. — Шондуктан, уктап атканда үйгө ит-куш кирип келбесин деп, астанага аркан тартып, ага дем салып коём.

Бул да бир жаңылык эле. Жаңыл өзүнчө жылмайып койду.

— Жакшы түш көрүп жат, эне.

— Жакшы түш көрүп жат, кулунум.

Терезеден, эшиктен айдын нуру төгүлүп турду. Анын жарыгында жарканаттар бирде үйгө, бирде тышка карай каршы-терши зыпылдап учуп жүрүштү. А эшиктен көрүнгөн токойдун төрт бурчтуу тилкеси айдын нуруна көшүлүп үргүлөп турат. Мемиреген тынчтыкта шаркыратма гүрүлдөйт...

Жаңыл кыйлага чейин уйгу-туйгу учушкан жарканаттарды карап жатып, акырында уктап кетти. Ошо уктап баратып, уйку-соодо арстандын арылдаган үнүн угуп калды. Анын көздөрү пар ачылып, ордунан секирип турду. Караса, чын эле босогого арстандын айбаттуу көлөкөсү түшүп туруптур.

— Эне-е! — деп кыйкырып жиберди ал.

— Коркпо, — деди энеси, камырабай гана. — Ал арстан күн сайын келет, бирок аркандан аттап өтө албай, туруптуруп кайра кетет. Сенин астындагы талпак ушул таалайсыздын жубайынын териси болот. Чоң атаң ыраматылык өлөр жылы атып келди эле. Мына, чоң атандын өлгөнүнө быйыл тогуз жыл толот, ошол күндөн ушул күнгө чейин бул байкуш ашык гарып ар түнүн мага бир жолу келип кетет. Мунун жамандык кылайын деген деле ою жок, ыраматылык жолдошунун кебете-кепширин көрүп, анын арбагы менен тилсиз сүйлөшүп гана, кайра кетип жүрөт. Бейкапар уктай бер, жылдызым...

Бирок Жаңыл уктай албай койду. Ал баарын унутуп коюп арстандын көлөкөсүн карап жатып калды. А арстандын көлөкөсү босогону бойлоп тура берди, а арстан өзү түк көрүнгөн жок...

— Сен, эмне, дагы эле уктай элексиңби? — деди энеси, бир маалда башын көтөрүп. — Эчтеке эмес, бир-эки жумадан кийин көнүп кетесин.

Ырас, бир-эки жумадан кийин ал арстанга үйрөнүп калды. Бирок ошол түнүн таң атканга чейин да уктай алган жок...

VIII

Чексиз токой көшөрүп турат. Бир айдын ичинде анын бариктери текши күбүлүп, боппоз болуп жылаңачтанып алды. Эми анын арбайган шактарында ар түркүн канаттуулардын эсепсиз көп уялары гана карарат. Жердин бетинде болсо, мурдагыдан газан калындады, а анын арасындагы жаңгак азайып, эл жаңгак тергени кыштактан узак-узак жактарга кетишчү болду. Бүгүн Жаныл ушунчалык алыс кетти, азыр өзүнүн каерде жүргөнүн да жакшы биле албай жатат. Жакабелинде эч ким көрүнбөйт. Эч кандай шоокум угулбайт...

Бир маалда гана күкүктүн үнү угулуп калды:

— Күү-күк...

Жымжырт турган токойдо анын үнү кандайдыр жалгызсырап, аянычтуу чыкты. Жаныл энесинен уккан легенданы эстеди.

— Куу арча башын сактаган күкүк,
Куйругун күнгө кактаган күкүк —

деп ырдады ал легенданын ырынан.

— Күү-күк... — деген жооп болду күкүктөн.

Жаныл жылмайып коюп, дагы улады:

— Карагай башын сактаган күкүк,
Канатын күнгө кактаган күкүк...

— Күү-күк...

Жаңылдын көңүлү куунак боло түштү. Ээн токойдо адашып жүрүп, кокусунан, өз курбусунун авазын укканда болуп кетти. Күкүктүн өзүн көргүсү келди. Жаңгагын андасанда тергенче, күкүктүн үнү келип жаткан жакка жөнөдү. Бирок эми күкүк сайрабай калды.

— Күү-күк! — деп чакырды Жаныл.

— Күү-күк! — деген жооп болду.

Бирок бул жолку үн күкүктүкүнө анча окшой бербеди. Жаныл бурулуп карап, өзүнө карай күлүп келаткан Айдарды көрдү. Айдар формасынын үстүнөн боосу узун сумка асынып алыптыр. Чоң-чоң өтүк кийген буттары калың бариктерди шилеп, шоокум чыгарат.

— Ой, сен белең! — деди Жаныл, жайдары түр менен.

— Сүйүнчү! — деди Айдар, башка сөзгө келбей, — Жаңгак планын толтурдук!

— Ырас элеби?!

— Азыр мен акыркы машинаны жүктөп берип келатам.

— И-и-и, жакшы болгон турбайбы.

— Эми мына бул калтадагы жаңгакты «пландан тышкары» деген эсепке кошобуз. Билдинби?! — Айдар азилдешип, Жаныл дын калтасын бир муштады.

— Билдим, — деп Жаныл да сөөмөйү менен Айдардын мурдун басып койду.

— Кел эми, ошол үчүн кичине эс алып алалы.

— Кел.

Отурушкандан кийин, Айдар чөнтөгүнөн эки алма алып чыгып, бирөөн Жаныл га берди.

— Жолдон келатып үзүп алдым.

— Рахмат.

Экөө тең качыратып алмаларын жеп киришти. Экөө тең бири-бирин тигиле тиктешип, өздөрүнчө эле мулундап күлүп коюшту. Бир айдын ичинде аралары жакындап, ынак болуп калышты.

— Жаныл? — деди Айдар, бирпастан кийин.

— А? — деди Жаңыл.

— Бир сөз айтсам, таарынбайсыңбы?

— Кандай сөз?

— Мен сени жакшы көрөм деген.

— Жинди, — деди Жаныл, ыраазылык менен жылмайып. — Ушундай сөзгө да киши таарынчу беле. Айта бер...

— Мен сени жакшы көрөм.

— Мен дагы.

— Мен сени өпкүм келип турат.

Чын эле, баягыдан анын көздөрү бозоруп, эриндери билинер-билинбес дирилдеп алыптыр.

— Өбө бер, — деди Жаңыл. Айдар аны эңип чекесинен өөп койду. — А мен кинодогудай өпкөндү жакшы көрөм.

— А... Кинодо кандай өбөт?

— Мындай, — Жаңыл Айдардын мойнунан кучактап, анын эриндеринен узакка өөп алды.

— Кинодо жакшы өбөт экен, — деди Айдар, энтиге дем алып. — Келчи мен да ошентип өөп көрөйүн...

Бул жолу экөө өбүшкөн бойдон жерге сулап түшүштү. Ушул учурда бариктер шыртылдап калды. Жаңыл көз кыйыгы менен карап узагырааkta өтүп бараткан фельдшер Осмонду көрдү. Осмон баягыдай эле ак желекчен, колунда сандыкчасы бар. Жаңыл секирип турмакчы болду эле, Айдар аны кучагынан бошотпой койду.

— Чшш... Ал бизди көрбөйт.

Ырас эле, фельдшер аларды көрбөстөн, жандап өтүп кетти. Экөө дагы өбүшүп кирди.

— Мен сага үйлөнгүм келет, — деди Айдар, үнү толкундап. — Сен мага тиесинби?

— Тием, — деди Жаңыл да.

Дагы бири-бирине жабышып калышты. Астыларында бариктер шуудурап атты.

— Жок! Жок! — деди Жаңыл, өзүн Айдардын колунан коруп. — Кийин... Никеден кийин...

— Мен бүгүн эле атам менен апама айтам, киндик энеме барып, той жөнүндө сүйлөшүшсүн, — деди Айдар.

— Айт, — деди Жаңыл, алсыз үн менен.

— Бүгүн эле... Жок, азыр эле! — Айдар ордунан чапчып турду. Атам менен апам тигил жакта жангак терип жүрүшөт. Мен аларды таап, айтып, анан кайра сага келем. Сен ушул ортолордо болосуңбу?

— Токточу, — деди Жаңыл, жооп бериштин ордуна. — Кокус, ата-энең макул болбой койсочу?

— Эмне үчүн макул болбойт?

— Мм... Мен шаардыкмын да. А силер шаардан келгенderди анча жактырбайт окшойсунар.

— Сен өзүндү фельдшер менен сержантка теңебегин. Сен таптакыр башка шаардыксын. Сени ким болсо да жакшы көрөт.

Ошентти да, Айдар чуркап кетти. Жаңыл да өйдө болду. Ушу тапта жакын жерден чөп жүктөлгөн үч эшек өтүп калды. Үчөөнүн үстүндө үч жаш бала баратат. Жаңыл чачтарына жабышкан чөп-чарды күбүгөнчө, аларды жылмая карап, узатып калды. Кийин көңүлү куунак түрдө ордунан секирип туруп, кайрадан жангагын терип кирди...

Бирпастан кийин ал бир сокмо жолго туш келди. А сокмо жолдо болсо, беш коюн алдына салып алып, сержант Серкебаев келатыптыр. Ийнинде куржун, колунда таяк, а өзү көңүлдүү түрдө ырдап келатат:

— Э-э-эй, байтак, байтак, байтак жол,
Байтак жолдо көч келет.
Байтал минген кыз келет
Эки бети алмадай,
Күйүп жаным калбады ай.

Жаңылга анын ыры да, ырдаганы да кызык көрүнүп, шыңкылдап күлүп жиберди. Сержант чочуп кетти, эки жагын караңып калды.

— А-а, сенсиңби, Жаңыл?! — деди анан Жаңылды көрүп, кубанган түр менен. Мас экен, көрсө. — Кана эмесе, бир

куттуу болсун айтып кой: сержант Серкебаев Ош шаарына кетип баратат!

— Кут болсун, жолдош сержант, — деди Жаңыл.

— Эми, кудай буюрса, «сержант» атымдан кутулам го. Буюрса, мындан ары өзүмдү «жолдош кенже лейтенант», «жолдош капитан», «жолдош майор», «жолдош подполковник», «жолдош...» Оф! — сержанттын деми кыстыгып, шашып-бушуп жакасынын топчусун чечип калды.

— Полковник, — деп ал үчүн Жаңыл улап койду.

— Ооба, «жолдош полковник» дедиртем, — сержант ыктытып алды.

— Эмне экен, — деди Жаңыл, — шаардын шартында бул тилегиңиз орундалышы ыктымал.

— Оозуна май, карындашым,

— Айтмакчы, коюңуздун бирөөн кудайы айтпадыңыз беле? — деди Жаңыл, койлордун саны азайбаганын көрүп. —Таштабаптырсыз го?

— А-а, — деп сержант колун шилтеди. — Таштасам, алышпай коюшту. Биз, арамдан табылган кой этин жебейбиз дешет. А мен жалынганым жок. Кайыр!

Сержант Серкебаев басып кетти. А нарыраак баргандан кийин, кайрадан ырын баштады:

— Э-э-эй, байтак, байтак, байтак жол...

Жаңыл жылмайып койду да, жолду кесип өтүп, жаңгак терип калды. Көп өтпөй ал бариктердин шыртылдаганын укту. Караса, мандай тарабынан, наристе кызын аркасына таңып алып, улуу кызын ээрчитип, Зулайка келатыптыр. Улуу кызынын экөөнүн колдорунда жаңгак терген калталары бар.

— Алишерди көрдүңбү? — деп кыйкырды ал узактан эле, арыба эсенби дештин ордуна.

— Жок, — деди Жаңыл. Анан ойлонуп туруп, кошуп койду. — А сержант Серкебаевди көрдүм.

— А өлүгүн көрөйүн ошонун. Кетти ал. Бирок жөн кетпестен, менин Алишеримди мас кылып коюп кетиптир үйүн күйгүр.

Мына эмесе деди Жаңыл таң калып, качантан бери Алишер мунуку болуп калган.

Зулайка жакын келип, жерге отура кетти.

— Оф... Каякта жүрөт болду экен?

— Мас болсо, жаткандыр да бир жерде өзүн билбей, — деди Жаңыл, анын жанына отура берип.

— А-а, сен али Алишердин пейилин биле элек экенсин. Алишер мас болсо, кутурган буурага окшоп калат: көзүнө көрүнгөн кишини качырып сала берет.

— Мунусу жаман экен, — деп койду. Жаңыл жактырбай.

— Бир жиндилик кылып, киндик энемин каарына калбагай эле. Менин коркконум эле ушул.

— А чоң энем эмне кылмак эле?

— О-о, кокуй, ал кишинин ачуусу келбесин. Ачуусу келсе барбы, кудай анын бетин ары кылсын, эч кимди аябайт. Мен сага бир мисал айтып берейин... Ушул Алишер баласы менин тоюм түшүп жатканда, сопсоо эле туруп, менин күйөөмдүн минип келген атын союп таштаган. Мына ошондо киндик энем Алишерди алдына салып айдап барып, бир күн кечке шаркыратманын астына тургузуп койгон.

— Ой! — деп жиберди Жаңыл. — Ооруп калбайбы киши?!

— Ооруду, албетте. Бирок киндик энем өзү эмчи-домчу эмеспи, ар түрдүү дары-дармектерди ичирип, шыбап жүрүп, бир айдын ичинде кайра айыктырып алды. Ошондон бери мен киндик энемден корком...

Экөө сүйлөшкүнчө, Зулайканын кызы жака-белден бүлдүркөн терип келип, апасы менен Жаңылды сыйлап калды.

— Айтыңызчы, Зулайка эже, — деди Жаңыл, бүлдүркөн жегенче.— Алишер акем эмне үчүн сиздин күйөөңүздүн атын союп жүрөт?

— Кызганып, — деди Зулайка, жылмайып. — Ал мени алам деп жүргөн. Бирок менин атам өз билгенин кылып, Ошто жашаган бир алыскы жээнине берип жиберген. Ушундай, ал мени жакшы көрөт...

— А сизчи?

— Мен дагы, — Зулайка мулуюп койду. — Эми биз баш кошобуз кудай буюрса. Кечээ кечинде экөөбүз ушинтип убадалашканбыз. Бүгүн эртең менен киндик энем биздин үйгө барыптыр, атам менен апам менин көзүмчө макулдугун беришти. Мен азыр Алишерди таап, ошол кабарды сүйүнчүлөйүн десем, ал жок. Жанагы жер жуткур сержанттын кылганы да... Эчтеке эмес, бул анын акыркы жолу ичиши, мындан ары ичире турган да киши жок, болсо да мен буга жол бербеймин... Кой, жарык-жаанда мен аны издеп табайын. Жүр, кызым...

Зулайка ордунан туруп, балдары менен жөнөп калды. Жаңыл алардын артынан ыраазы боло карап турду, анан ишине кириштери. Бул ортонун жангагы суюк экен, ал бариктерди шуудуратып отуруп, улам алыстап кете берди.

Бир маалда ал бир ажайып булакка туш келди. Булак бир тарбайган картаң алчанын түбүнөн оргуштап чыгып, ак жана кара кайыңдар каптаган жайык кокту менен ылдый агып кетип жатат. Булактын үстүнөн булоо көтөрүлүп турат. Жаңыл колун салса, жылуу экен. А мезгил кеч күз.

— Ой! — деди Жаңыл таңданып.

Ал бирпас булакты суктанып карап туруп, кокусунан, киринип алгысы келип кетти, шаардан чыккандан бери кирине элек болучу. Эки жагын караса, эч ким көрүнбөдү. Нары-бери чечине салып, булактын кайнап турган көзүнө чалкасынан түшүп жатып калды. Далысы майда шагылга ыкшалып, жаш, сулуу денесин жылуу суу каптады. Жаңылдын жаны жыргай түштү. Ал көпкө чейин, үстүндөгү алчанын сапсары бариктери менен жалтыраган тунук мөмөлөрүн карап, жүзүн аптапка тосуп, рахаттанып жатты. Бир маалда анын көздөрү өзүнөн бир карыш жерде турган гүлдүү чөпкө урунду. Бул жердегилер муну самын чөп дешсе керек эле. Жаңыл өйдө болуп, чөптү үздү да, денесин жышый баштады. Чын эле чөп көбүрүп чыкты. «Ха-ха!» — деп койду Жаңыл, өз табылгасына кубанып. Ушу тапта, кокусунан, кургак чырпыктын кырс этип сынганы угулду. Жаңыл селт этип карай берип, үрөйү учуп кетти: кыпкызыл болуп бышып турган коюу ит мурундардын арасынан отунчу Алишер карап турат; белинде чылбыр, ийнинде балта; өзү өлгөнчө мас, шилекейи куюлуп, көздөрү жанып, эки аттап жетип келип, басып калчудай түрү бар. Жаңыл жаныынын барынча чыңырып жиберип, өз кийимдерине барып жабышты. Бирок Алишер аны таң калтырды: ал өзү Жаңылдан бетер коркуп кетти, чымын-куюн болуп качып жөнөсө болобу. Жаңыл анын артынан көпкө чейин селейип карап калды.

«Жок, — деди анан ал өзүнчө мулуюп, — биздин бул жерде мындай ишке барыша албайт. Эң эле жаман деген кишибиз дагы...»

Ал кийинип бүтүп калганда, кокусунан, узактан Айдардын кыйкырыгы угулду:

— Жа-ңы-ыл!

Үндүн бир кубанычы бардай сезилди. Жаңыл дароо жооп берди:

— А-ау-у-у!

Айдар жоголуп кетти, кыйладан кийин дагы кыйкырды. Бул жолу үнү жакындан чыкты. Жаңыл туруп караса,

Айдар бирде көлөкөгө кире калып, бирде күнөско чыга калып, жоон, сейрек даректардын арасында элес-буластап чуркап келатыптыр. Анын бир жакшылык кабары бар эле. Жаңыл да чыдап тура албастан, калтасын алып, аны утурлай чуркады. Экөө, ак чөп баскан күнөстүү ачык жерде, бири бирине жетишти.

— О, Жаңыл! —деди Айдар энтиге дем алып. — Экөө тең ушунчалык сүйүнүп кетишти. — Апам бечара көзүнө жаш алып жиберди...

— Ох, Айдар! — деди Жаңыл, Айдардын боюна боюн таштап.

Ошол замат, Айдардын арт жагында, өскүлөн чөптүн арасында секириктеп качып бараткан кыпкызыл эликти көрүп калды...

Телефон мына ушул жерде зынгырады. Жаңыл чочуп кетти, бирок кыйлага чейин өзүнө келе алган жок: телефон удаа-удаасы менен зынгырап атты, а элик качып кете берди... Акырында элик көздөн кайым болду. Жаңыл бирпаска аны кара аппаратты мелтиреп карап отуруп, анан гана трубкага колун созду:

— Алло...

— Жаңыл, сенсинби?

Ошол! Жаңылдын жүрөгү туйлап кетти. Бирок өзүн колго алып, салмак менен жооп берди:

— Ооба...

— Салам!

— Салам...

— Сен, эмне: тааныбай атасыңбы? Мен — Искендермин.

— Искендер болсоң, эмне кыл дейсиң?

Искендер унчукпай калды. Өчөшүп, трубканы коюп коёбу деп Жаңыл коркуп турду.

— Жаңыл, мен сени көргүм келип атат.

— Кудайга шүгүр, — деди Жаңыл. Бирок унчукпады.

— Бир келип кетчи.

Жаңыл адегенде, жок деп, же дагы унчукпай коюп, сынагысы келди, бирок каадаланам деп, ачуусуна тийип алыштан коркту.

— Иштен кийин, — деп жооп берди шондуктан.

— Жок, азыр кел,— деди Искендер.— Айта турган зарыл сөзүм бар.

Жаңыл саатын карады.

— Макул,— деди анан. — Бирок айтып коёюн, беш эле минутка барам.

Ал трубканы коюп, шашып-бушуп кийине баштады. «Тфу!» — деди ал, бат эле таарынычы жазылып, макул боло койгонуна кыжыры келип...

IX

Аптека менен зоология музейинин аралыгы бир чакырым жер эле, Жаңыл желип-жортуп өттү бул аралыкты. Бирок музейге энтиккен бойдон кирип барбас үчүн эшиктин оозунда демин кичине суутуп туруп, анан кирди.

Искендер музейде кеп жасоочу болуп иштейт, анын өзүнүн бир кең бөлмөсү бар. Бул бөлмөгө кириш үчүн экспонаттар коюлган чоң зал аркылуу өтүш керек. Адатта, залда экскурсияга келген кишилер болот, бирок азыр түшкү дем алыш мезгили болгондуктан, эч ким көрүнбөйт, ал турмак музейдин кызматчылары да, музейдин ичи музей дегидей тыптынч. Жаңыл Искендердин бөлмөсүнө келсе, ал жерде да киши жок. Бирок Искендер аманат гана чыгып кеткен көрүнөт, токко сайылган аллюминий чайнекте суу кайнап атат. Жаңыл бөлмөгө кирип, күтүп отурмакчы болду.

Бөлмөнүн ичи бир бечара скульптордун ишканасына окшош; ар жерде бычак, шибеге, жубалдыз, саман, пахта сыяктуу буюм-кечелер чачылып жатат. Булардын бардыгы кеп жасаганга керек. Бүгүнкү жасалып аткан кеп кыпкызыл эликтики экен. Кеп бүтөйүн деп калыптыр: соолуган эки көзүнө теннистин эки ак сакасын салып койсо эле, залдагы экспонаттардын арасына барып туруп калчудай көрүнөт. Элик оңурайган көздөрү менен эшик жакты тиктеп турат. Жаңыл аны көрөр замат токтоп, аны карап туруп калды.

— Кандай, сулуу элик бекен? — деп сурады ушу тапта арт жактан Искендердин үнү.

Жаңыл бурулуп карады. Искендер ак желегинин чөнтөктөрүнө колдорун салып, босогодо мулуюп туруптур. Ушундай жерде иштегенине карабай, желеги дайымкысындай таза, а өзү дайымкысындай чырайлуу. Жаңыл дароо толкундап, боюн анын боюна таштагысы келип кетти, бирок күч менен өзүн кармап калды. Адегенде, ал баштасын, анан мен деди ичинен... Ошондуктан, Искендердин суроосуна жооп бергенче, эликти айлана басымыш болду.

— Өлүк да, — деди ал. — Өлүк эликтин сулуулугу кайсы болсун.

— Ошондой дечи?— Искендер да аны ээрчий басты. — А мен жинди болуп, муну сулуу экен деп суктанып отурбаймынбы.

— Анткени эч качан анын качып баратканын көргөн эмессин.

Искендер күлүп жиберди. Ал Жаңылдан он жаш улуу болучу. Шондуктан, көп учурда Жаңылга балача мамиле жасайт.

— Туура айтасың, көргөн эмесмин, — деди ал.

Анан өзүнүн каршысына келе түшкөн Жаңылды шап кучактап алып, аны өпкүлөп кирди. Жаңыл көшүп туруп берди. Кокусунан, көздөрү эликтин чункур көздөрүнө түшташ келе калып, негедир, денеси дүркүрөп кетти. Ошондо гана ал Искендердин кучагынан акырын бошонуп, төр жакка карай басты.

Бөлмөнүн төрүндө бир эски стол, эки эски кресло боло турган. Жаңыл креслонун бирөөнө келип отурду.

— Азыр кофе ичебиз, — деди Искендер.

Ал кайнап аткан чайнекти сууруп келип, столдун үстүнө койду. Кийин столдун тартмасынан кофенин банкасын, стакан, кашык, кант, печенье сыяктуу нерселерди алып чыга баштады. Жаңыл саатын карап алды.

— Коош, эмне айтмакчысың мага? — деди анан.

— Сабыр кыл, — деди Искендер. — Адегенде мына бул кофени ичип көр, жакса айтам, жакпаса айтпайм.

Искендер кофе даярдап, Жаңылдын алдына жылдырып койду. Жаңыл ичип көрдү.

— Жакшы экен, — деди жылмайып.

— Анда кулак сал, — деди Искендер, анын маңдайына отуруп. — Менин бул жерден кетким келип жатат, Жаңыл. Мен сага айтып бербедим беле: мен университетти бүтүргөнмүн, дипломум бар, а бул жерге кокусунан эле орношуп калганмын, түзүгүрөөк кызмат табылган күнү кетемин деп.

— Айткансың, — деди Жаңыл. — Эми, эмне, ошондой кызматты таптыңбы?

— Таптым, — деди Искендер. — Бирок ага орношуш үчүн сенин жардамың керек болуп атат.

— Менин? — Жаңыл аябай таң калды. — Кандайча?

— Билесиңби, кечээ сенин атаң бир кызматчысын иштен айдап жибериптир. Муну мен бир досумдан уктум. Кызмат абдан жакшы, айлыгы дагы...

Искендер унчукпай калды. Жаңыл анын оюн түшүндү. Түшүнүп, кыйын абалда калды. Атасынын пейили ага маалим болучу, ал Жаңылды башка балдарынан жакшыраак көргөн менен, өз ишине келгенде, мунун сөзүн укпайт, бул анык. Жок, жардам бере албайт...

— Ох, Искендер, — деди ал, каныргы түтөп. — Жан дилим менен жардам бергим келет сага, бирок колумдан келбейт.

— Эмне үчүн?

— Атам менин тилимди албайт. Искендер.

— Кап, а мен сенден үмүт кылып жүрбөймүнбү...

Экөө тең сөздөрү түгөнгөнсүп, унчукпай калышты. Ушул учурда босогодо бир ажарлуу жаш аял пайда болду. Аялды Жаңыл мурда көрүп жүргөн, ушу музейде экскурсовод болуп иштейт. Аял бирдеме ичип алган көрүнөт, кызарып-татарып алыптыр. Колунда чала жеген алмасы бар.

— Искендер, сени күтүп калышты,— деди аял, Жаңылды чала-була карап алып. Анан столдун үстүндөгү чайнекке ишаарат кылды. — Дагы ичесиңерби?

— Алып кете бер, — деди Искендер.

Аял чайнекти алып, эшикке бурулду.

— Стакандарды ала келерсиң, — деп койду чыгып баратып.

Бул сүйлөшүүдөн улам, Жаңыл өзүн кемсингендей сезип калды. Мени кетиришсе да, кичине сылыгыраак кетиришпейби деди ичинен. Жок, бул мени сүйбөйт, — деди ал, Искендердин көзүнө тигиле карап. Сүйбөйт.

— Ушул, — деди Искендер, ийинин саал куушуруп.

«Тфу! — деди Жаңыл, өзүнө өзү кыжыры келип. — Ушу сөздөн мурдараак ордумдан турушум керек эле». Ал башына муш жеген кишидей болуп ордунан турду.

— Болуптур эмесе, мен барайын, — деди ал, эшикке карай басып.

— Жакшы бар, — деди Искендер кош көңүл гана.

Анан ошол замат эки стаканды алып, алардын ичилбей калган кофесин төгүп, өзүнчө күймөнүп калды. Жаңылды узаткан жок. Жаңыл экспонаттар коюлган залды аралап өтүп баратып, эшиктин оозуна жеткенде артына бир кайрылды. Искендер өзүнүн иш бөлмөсүнөн чыгып, эки стаканды көтөрүп, башка бир бөлмөгө карай шашып басып баратыптыр. Жаңыл чыдабай кетти.

— Сен эми мени эч качан көрбөйсүң! — деп кыйкырды ал. Бирок үнү менен эмес, зыркырап ооруп жаткан жүрөгү менен...

Аптекасына ал ыйлап келди. Кызматчылардын баарысы орду-ордуларында отуруп иштеп атышыптыр, анын түрүн көрүшүп, бири-бири менен үн-сөзсүз тиктешип калышты.

— Мен силерден кетем! — деди Жаныл аларга. — Мен деги эле бул шаардан кетемин!

Отургандар иштин жайын бүдөмүк болсо да түшүнүшүп, өздөрүнчө мулуюп-мулуюп алышты.

— Ботом каякка? — деди Самар, калгандарга көзүн кысып коюп.


— Арыстанбапка,— деди Жаныл.— Чоң энеме, Айдарга, Алишерге...

Ошентти да, беркилер дагы бирдеме дегиче болбой, көз жашын жууганы коңшу бөлмөгө кирип кетти. Отургандар кайрадан бири-бирин тиктешип калышты...

X

Айткандай эле, бир жумадан кийин, ал Арыстанбапка жөнөп кетти. Адегенде самолётко отурду...

1974



СҮЙҮҮНҮН КАЙЫГЫ

I

Кеч күздүн бул жамгырлуу кечинде эски корпуста бар болгону эки киши калды: профессор Калык Акматов жана студент кыз Баси. Аңгыраган аудиторияларда, коридорлордо чырак өчүп, вестибюль гана күңүрт жарык болуп турду. Вестибюль дагын бүгүн өзгөчө ээн, адатта эшиктин оозундагы эски диванда отурчу швейцарь азыр өз ордунда жок. Көп сандаган кийим илгичтерде ээлерин күткөн эки плащ илинип турат калас...

Плащтардын ээлери саат сегиз ченде гана бошоп чыгышты. Адегенде Акматов пайда болду. Ал ак халатчан, ак сүлгү менен бети-колун арчынып, арып-чарчаган акыбалында акырын басып келип, столго отурду да, ошол эле замат телефон чала баштады.

— Министр кете элекпи? — деп сурады адегенде. — Кошуп коюңуз... Карим Каратаевич, бул менмин, профессор Акматовмун. Өлүктү жарып, анализин лабораторияга жибердим... Азырынча айткым келбей турат. Анализдин натыйжасын күтөлү... Макул... Куп болот... Албетте...

Профессор трубканы коюп, чөнтөгүнөн сигарет издей баштады. Ошол учурда Баси көрүндү. Ал дагын халатчан, көрүнүшү чарчаңкы. Өз плащына басып барып, плащынын астында илинип турган сумкасынан бет арчу алды, аны менен сууланган бети-колун арчып кирди.

— Швейцар көрүнбөйт да? — деп койду.

— Үйүнө кеткен, — деди профессор.

— Албетте, медиктердин өздөрү дүрбөп качып баратышса, жөн адам карап турмак беле.

— Жок, өз ишине кылган мамилесине караганда, бул киши менин кесиптештеримдин кыйласынан түзүк экен. Сиз бара бериңиз десем: «Эртең кожоюндар эмне дешээр экен?» — деп кыйылат.

— Карапайым неме, бул жерде эмне болуп жатканын түшүнгөн эмес да.

— Бул адам институтта жыйырма жылдан бери иштейт, уваба деген эмне экенин укkан чыгаар.

Баси түшүнбөй калды.

— Эмне деген дединиз?

— Уваба, — деп кайталады профессор. — Кыргыздар холераны ушинтип коюшат.

— Уваба... Уваба... Демек, кыргыздар да ооруган экен да бул оору менен?

— Азыр экөөбүз ичин жарып чыккан шордуу — кыргыз болуп атпайбы?

— Анын оорусу али аныктала элек.

Баси халатын чечип, өз кийимин кийди. Кийин сумкасын асынып, эшикке карай бет алды. Акматов аны унчукпай карап отурду.

— Сиз кетпейсизби үйүңүзгө? — деп сурап койду кыз.

Профессор башын чайкады.

— Анда жакшы калыңыз.

Баси эшикти түрттү. Эшик ачылбай койду. Дагы нары-бери тарткылап көрдү. Ачылбады.

— Кулптануу го? — деди ошондо гана.

Калык Акматов ага чөнтөгүнөн ачкыч алып көрсөттү.

— Ачкычы менде.

— А-а...

Баси бейкапар басып келип, ачкычка колун сунду. А Калык ачкычты унчукпай чөнтөгүнө салып алды.

— Түшүнбөдүм? — деди кыз таңыркап.

— Сиз да мени менен кошо күтүшүңүз керек, — деди профессор.

— Эмнени?

— Анализдин натыйжасын.

— Кечириңиз, ага менин эмне керегим бар?

— Албетте, анализдин натыйжасын угуп, ооруну аныктоого сиздин керегиңиз жок. Сиздин керегиңиз, кокус, биздин диагноз райондук врачтын болжолун ырастап калса гана тиет.

— Кандайча?

— Анда экөөбүз тең өзүбүзгө холера оорусун жуктуруп алган болобуз, — деди профессор. — Демек, бул оору менен шаарга чыгып, аны элге таратышка такыр акыбыз жок. Түшүндүңүзбү?

Баси кабатырлана баштады.

— Анда эмне кылабыз?

— Элди эскертебиз: биз холера менен ооруп калдык деп. Анан өз сөзүбүзгө аларды ишендириш үчүн, ушул жерде отуруп, тан атканча өлүп беребиз.

Профессор буларды азил-чынга салып айтты.

— Оозуңузга кара таш! — деди буга кыз.

Калыктын оозу ачыла түштү.

— Кечирип коюңуз, абдан суук сөздөрдү сүйлөп жибердиниз,— деди кыз кайрадан.

— Сиздин керегиниз ушул, айымкыз, — деп улады Калык какшык менен.— Менин керегим дагын... Экөөбүздүн элге кылган жакшылыгыбыз ушул. Биз өлөбүз, башкалар тирүү калат.

— Менин өлгүм келбейт,— деди Баси кескин түрдө.

— Ким эле энсеп турат дейсиз,— деди Акматов астыртадан кызды сынай карап.— Бирок керек болуп калса, ушинтип өлгөнүбүз оң... Илгери бирөө: «Аттин, атамдын өлөөрүн билгенде, бир куржун кебекке сатып жебейт белем» — деп арман кылыптыр. Анын сынарындай, кокус, өлөөрүбүздү билип калсак, акыркы мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, өзүбүздүн өлүмүбүздү башкалардын пайдасына айлантып калышыбыз керек...

— Ой!

Баси башын чулгуп алды. Кийин кыжаалаттанып, нары-бери баса баштады. Калык кыйлага чейин аны унчукпай көзөмөлдөп отурду.

— Токтоңузчу, — деди анан ороюраак.— Деги сиз ким болосуз? Кантип менин жанымда калып калдыңыз?

— Мен — студентмин, Калык Акматович,— деди Баси ордунда токтоп.— Бирок мени жекеме жеке көрө элек болчусуз, анткени биздин курс сиздин сабактарыңызга жете элек али... А калып калышым кокусунан болду. Мен өзүбүздүн кураторубуз Кудайкул Маймыловичти издеп жүрүп, сиздин кабинетиңизге туш келип калдым. Так ошо кезде сиз бир топ мугалимдер менен практикант-студенттерге райондон келген өлүк жөнүндө, анын оорусун райондук врач холера деп болжолдогонун айтып атыптырсыз. Өлүктү өзүм соём дединиз. Бирок эки-үч кишинин жардам берүүсүн өтүндүңүз. А карап турам дегендерге уруксат деп койдуңуз. Ошентип коюп, өзүңүз моргго түшүп кеттиниз. Беркилер селейген бойдон калышты. Үрөйлөрү учуп, коркуп алышыптыр. Көп өтпөй студенттер сүрүлүп жөнөп беришти. Биздин куратор: «Менин башым ооруп турат, калалбайм» — деди дагын, алардын артынан түштү. «Мен бала бакчадан баламды алышым керек» — деп экинчи мугалим чыгып кетти. Карасам, бир нерселерди күнкүлдөп коюп, калган мугалимдер дагын таркап баратышат. Акырында өзүм калдым. Адегенде мен деле кетмекчи болдум. Бирок муздак

моргдун ичинде эрбендеп жүргөн сиздин элесиңизди элестетип туруп, аяп кеттим...

— Аяганыңа рахмат, — деди Калык, кызга чын дили менен ыраазы болуп. — Бирок эми келип минтип коркоорунду билсем, ошондо эле кайра кубалап жибермекмин...

Экөө тең унчукпай калышты. Кыз негедир тунжурап туруп калды. Канткен менен жакшы кыз экен деп койду профессор, аны астыртадан карап отуруп. Кыз дагы аны карады.

— А-а... Холера менен ооруп калган кишини кантип билсе болот? — деп сурады бул жолу.

— Кускусу келет... Ичи ооруйт... Ичи өтөт... — деп түшүндүрдү профессор.

— Кускусу келет... Ичи ооруйт... Ичи өтөт...

Кыз анын айтканын кайталап, дагы нары-бери баса баштады. Калык телефон чалып кирди.

— Кыздар, анализ эмне болуп жатат?— деп сурады ал.

— Тездеткиле, — деди профессор. — Өзүм калдым?.. Беркилерчи?.. А ким уруксат берди? Шашпай тургула, эртең канынарды ичпесемби... — Акматов трубканы койду. — Албетте, эртеңге чейин өзүм тирүү калсам...

Баси буларды угуп, коркунучу артты. Ал Акматовду мелтирей карап, не кыларын билбей туруп калды. Профессор сигарет күйгүздү. Кызга анын колдору калтырап аткансып көрүндү. Агай да коркуп атат деген ой кетти ага. Бирпастан кийин чукул бурулуп, жөнөп берди.

— Каякка? — деп сурады Калык.

— Туалетке... — деди кыз. — Кускум келип атат...

— Эмне?! — деп кыйкырды Калык.

Баси чуркап кетти. Калык кабатырлана баштады. Ордунан туруп кыздын артынан карап туруп калды. Кыз караңгы коридорго житип кетти. Калык кайра отурду. Кыйладан кийин кыздын кыйкырыгы угулду. Акматов ордунан атырылып туруп, таш полду тарсылдата чуркап жөнөдү. Кызды ал карангы коридордун төрүнөн тапты. Баси балтырын ушалап, онтоп отуруптур. Анын тушундагы терезенин биринчи кабаты ачылып калыптыр. Сыягы, кыз аны ачып атканда тайгаланып кеткен көрүнөт. Профессор кызды колтуктап тургузуп, кайтадан вестибюлга жетелеп жөнөдү. Кыз аксап келатты.

— Эси жок,— деди Калык, эркелеткен үн менен.— Качканың менен менден кутуласың, а холерадан кутула албайсың да.

Баси бышактап ыйлап кирди.

— Калык Акматович, эшикти ачып бериңиз, мен кетейин,— деп сурады ал.

— Анткенге болбойт, эркем, — деди Калык. — Азыр экөөбүзгө зор жоопкерчилик жүктөлүп турат билсен.

— Ким аны бизге жүктөгөн?! Бизге эч ким эч кандай жоопкерчилик жүктөгөн эмес!

— Туура, — деди профессор.— Биз ал жоопкерчиликти өзүбүзгө өзүбүз артып отурабыз. Ырас артынгандан кийин, аны көтөрө билишибиз керек. Болбосо, кыянатчылык кылган болобуз.

Акматов кызды диванга апкелип отургузду. Кыз көз жашын тыйып, соолуга түштү. Бирок терезени карап, эшиктен көзү учат.

— Бүт шаар бейкапар кечки тиричилигин өткөрүп атат, — деди ал жаш балача улутунуп. — А биз болсо бул жерде отуруп... өлүшүбүз керек.

— А мүмкүн, өлбөстүрбүз,— деди Калык.— Мүмкүн, жарым саат, бир сааттан кийин биз да алардын катарына кошулуп каларбыз. Кел, андан көрө, бутунду танайлы, үйүнө канталап барганың жарабайт.

Баси канаган тизесин кош көңүл карап койду.

— А гөргө киргенге боло берет,— деди анан.

— Бекер айтасың. О дүйнө да тазалыкты сүйөт. Бекеринен жуып-тазалап аткарат дейсиңби ал жакка кишини. Мен азыр келем... Калык каридор жакка басып кетти. Баси ойлонуп отуруп калды. Анан столго барып, телефон чалып кирди.

— Айшене, бул менмин,— деди.— Жамийла театрга кеттиби?... А гүл алып кеттиби?.. Эстүүм!.. А мен баралбай калдым... Кийин айтып берем. Кош болуңуз...

Баси сүйлөшүп бүткөн кезде, Калык да келип калды. Колунда бинт, пахта, көкмөк суюк дары бар.

— Кана, бутунду тос,— деди ал, кыздын жанына отуруп.

Баси бутун сунду. Профессор дарылап кирди.

— Ой, ачышып кетти! — деди кыз чыдабай, канаган жерине суюк дары тийгенде.

— Өзүңдөн көр,— деди Калык.— Сени ким бийик терезеге асыл дептир? А нары жакка секиргениңде, андан да бийик болчу, бутун сынып кетмек... Бутундун иши бүттү. Эми башыңа өтөлү...

— Ал эмне дегениңиз?

Калык чөнтөгүнөн жүз граммдык шишедеги коньяк алып чыгып, унчукпай ача баштады.

— Жок, мен ичпейм,— деди Баси алдын ала.

— Чарчап турасың, көңүлүң ачылат,— деди профессор шишени сунуп.

— А-а... өзүңүзчү?

— Мен да ичем.

— Анда сиз баштаңыз.

— Кыздын кырк чачы улук дептир бир акылман кыргыз. Мен ошонун сөзүнө кошулам.

— Рахмат...

Баси эки ууртап, калганын кайра берди.

— Ылайым, ушул жерден эсен-аман чыгып кетели, — деди Калык. Анан коньяктын калганын ичип алды.— Кап, ачуу басар эчтекебиз жок...

— Ой, менде конфет болушу керек эле. — Баси сумкасын аңтарып, жалгыз конфет таап чыкты. — Бирөө гана калыптыр.

— Экөөгө айлантыш оной эле, — деди Калык.

Конфетти бөлүп, тенин кызга берди. Экөө мулундап жей баштады.

— Айтмакчы, сен эртең өз курсташтарына менин кабинетимен коньяк табылганын айтып коюп жүрбө, — деп эскертти Калык, кызды эркелеткен түрдө. — Бул шишени мен атайы экөөбүз үчүн гана катып койгон болчумун.

— Эгер эртенки лекцияга чейин аман болсом, — деди Баси, — анда курсташтарымын алдына чыгып туруп: «Мен профессор Акматовдун өзү менен жекеме-жеке отуруп коньяк ичиштим!» — деп мактанамын. Албетте, көпчүлүгү ишенбейт, бул турган иш. Бирок ишенгендеринин ичтери күйөт. Сөзсүз.

— Кызык... Эмне үчүн ичтери күйүшү керек?

— Биринчиден, сиздин атыңыз. Ал биздин институтта гана эмес, бүт республиканын медиктеринин арасында легенда катары айтылат.

— Каршылык көрсөтүүгө уруксат этиңиз...

— Экинчиден, өзүңүз. Баарысы сизди поэзияны жакшы көргөн, музыка, театрды сүйгөн, өтө маданияттуу киши деп билишет.

— Мына эмесе...

— Мен сизге айтсам, студент жигиттерибиз сизге сукданып, кыздарыбыз аз-аздан ашык болуп жүрүшөт.

— О! Ушул жери кызык экен,— деди Калык.— А сенчи? Өзүңчү?

— Мен дагы, — деди Баси жылмайып.

— Жок, мен муну жөн койбоймун! — деди профессор.— Сөзсүз, аялыма айтамын. Ал бийкеч мени: картайып

калдың, эми сени эч ким карабайт деп күйгүзөт. Өзү менден он жаш кичүү. Быйыл отузга чыгат. Ошого мурдун көтөрөт.

— Жыйырма жаш кичүү болсо да, антип айтууга негиз жок, — деди кыз, кызуулук менен.

— Рахмат. Эми мен ага так ушинтип жооп берип жүрөмүн.

— Албетте, аялыңыз жөнөкөй аялдардан эмес,— деди Баси башкача ыргак менен.— Университетте сабак берет. Китеп жазат...

— «Никелер жана ажырашуулар» деп...

— Жаңы сүрөт көргөзмөлөрүнөн, кино, спектаклдердин премьераларынан такыр калбайт.

— О, бул жагынан ал кишиге шаар боюнча тендеш аял табылбас. Сүрөтчүлөр, кинорежиссёрлор, артисттер биздин байбиченин энсеген чөйрөсү. Аларга аралашканда, чери жазылып, врач болуп калганым үчүн мени кичине аяп кетет.

— Кантип эле?

— Коку-уй, такыр унутуп калган турбаймынбы: бул катын бүгүн да мени театрга сүйрөмөкчү эле.

Калык шашылыш түрдө телефон чала баштады.

— Жаңы спектаклгеби? — деп сурады Баси.

— Ооба...

— Мен да бармакчы элем...

— Ка-ап, бая эле эскертип койбой,— деп өкүндү профессор, номерлерди алып бүткөн соң.— Жемелеп кирет эми... Ало, байбиче... А-аа, Э-ээ... Себебин уксаң адегенде... Кайдагы ресторан... Институттун вестибюлинде отурам, билсең!.. Зачет алып бүткөнчө жанагы алжыган швейцар эшикти сыртынан кулптап, үйүнө тамак ичкени кетип калыптыр... Билбейм качан келээрин... Эми бүгүн барбасак, башка күнү барабыз да... Таарынышпайт, айтабыз... Эмне?.. Эки эле кишибиз... Таап сүйлөдүн... Жаш... Сулуу... Ал турмак, акылдуу да экен... Кадыр түн тосуп отурабыз...

Калык трубканы кескин коюп, ичинен бир нерселерди жиндене күбүрөп калды.

— Кадыр түн деген эмне?— деп сурады Баси, анын көңүлүн башка жакка буруш үчүн.

— А? — деди Акматов, өзүнө келе албай.

— Кадыр түн.

— А-а... Рамазан айынын жыйырма жетинчи түнү. Жакшылык күтүүнүн түнү. Бул түндө адамдар уктабастан, бири-бирине ымандай сырын айтышып, бири-бирине жакшылык каалап отуруп таңды атырышат. Ушул түнү алар жамандыктан тазарып, жакшылык тилектери ишке ашат...

— Ажайып түн экен...— деди Баси чын дили менен таңыркап. — Эртең тентуштарыма айтам, биз Калык Акматович экөөбүз кадыр түн тостук деп.

Калык жылмайып койду.

— Муну айтсаң боло берет, — деди.

Кокусунан телефон шынгыраы. Экөө тең элейип бирибирин карап калышты.

— Министр же лаборатория,— деди Калык. Анан трубканы алды.— Алло? А-а, сиз белениз, Кудайкул Майлович? Кандай, башыныздын оорусу басылдыбы?.. Дагы элеби?.. О-о, этият кылыш керек, тууган. Кара баштан башка экөөбүздө эмне бар?.. Не дединиз?.. Өзүмбү?.. Угуп турбайсызбы, азырынча өлө элекмин. Бирок негедир чүчкүргүм эле келип атат. Ушу холеранын чүчкүрүгү болуп жүрбөсүн, ыя, Кудайкул Маймылович?.. Билбейсизби?.. Ошентсе да, сактыкка кордук жок дегендей, кулагынызды трубкадан алсанызчы, кокус ичине чүчкүрүк кирип кетсе... — Калык Басини карады.— Трубканы коюп койду. Болбосо чындап эле чүчкүрөт болчумун...

Баси күлүп жиберди.

— Жан бакты,— деди Калык, жинденип.— Оголе жаны ширин мунун. Бирөөлөр жөнүндө ушундай кам көрсөң го, диссертация жакташтан мурда сокур ичеги кескенди жакшылап үйрөнмөксүн, оорулар жалдырап жатып колунда өлбөйт болчу...

Экөө тең кичине унчукпай калышты.

— Калык Акматович,— деди анан студент кыз,— а эгерде киши врачтык кесипти тандап алып, ага көп жылын сарп кылып окуп, бирок баары бир жакшы врач боло албай калса, анда эмне кылышы керек ал адам? Мисалы, Кудайкул Маймыловичтин ордунда сиз болуп калсаңыз, кантээр элениз?

— Карындашым, — деди Калык, — мен үчүн врачтык кесип — адамдарга жакшылык кылуунун бир гана формасы, бир гана жолу. А турмушта мындай жолдор толуп жатат. Врачтык колумдан келбей калган күнү ошол жолдордун бирин тандап аламын...

Калык кайрадан унчукпай калды. Кийин кызды бир кызыга карап алып:

— Мен сага бир нерсени айтып берейин, — деп калды.— Менин жаш кезимде биздин кыштакта орто мектеп жок болучу. Биз аны коншу кыштакка каттап жүрүп бүтүрдүк. Эки кыштактын аралыгында он чакырымдай ээн, такыр талаа созулуп жатчу. Кышы өтө суук, жайы абдан

ысык эле бул талаанын. Бирок анын бир ажайып нерсеси түбөлүк эсте калды...— Калыктын жүзүндөгү майда тырыштар жазылып, алардын ордуна жумшак нур жайылгансып кетти.— Талаанын орто ченинде, биз каттаган сокмо жолдон тай чабым ылдыйда, алакандай жер дайыма жашарып жатчу. Балдар аны Жашыл арал деп коюшчу. Аралды арал кылган: төөнүн көзүндөй булак, жепирейген жер там жана бул экөөн туш-тараптан ороп турган карагат, ит мурун сыяктуу бадалдар эле. Бадалдын арасында жапайы коён, кекилик, чил уялап, а жер тамда жалгыз чал турчу. Мен алиге чейин чалдын ал жерге кантип отурукташып калганын билбейм. Билгеним: ал жерде абышка өткөн-кеткен жолоочуга жакшылык кылыш үчүн гана жашачу. Жаз, жай, күз өткөнчө, чал күн сайын биздин жолдун боюна өз булагынан бир кумура суу сузуп келип койчу. А кышында болсо, үшүгөн жолоочулар бурулуп кетсин үчүн, керели-кечке тамынын морусунан тезектин көк түтүнүн булатып отурчу... Менин айтайын дегеним, кызым: ар кимибиздин ушундай жашыл аралыбыз, ушундай жакшылык ишибиз болушу керек. Ансыз турмуш бекер өтөт...

Баси ыраазылык менен жылмайып койду. Калык дагы тамеки чекмек болду. Бирпаска үндөбөй калышты.

— Башым ооруп чыкты, бул эмнеси?— деп койду анан Баси кайрадан кабатырланып.

— Таза абанын жетишпегендигинен,— деди Калык, кызды кубантып.

Анан күтүлбөгөн иш жасады: ордунан туруп барып, ачкычын алып, эшикти кең ачып салды, ал турмак ачкычы асылган бойдон калды. Баси буга аябай таң калып, профессорун аңырая карады. Карап, анын жүзүнөн өзүнө болгон ишенимин көрүп, ыраазы болду.

— Рахмат, — деди кыз.

Анан ордунан туруп, эшиктин оозуна басып барды. Эшиктен анын жүзүнө жаап аткан жамгырдын, таза аванын муздак эпкини урду.

— Ох, эшик сонун экен!— деди жыргап.— Жаан... Машинелер... Адамдар... Тигинде экөө өбүшүп турушат... Кызына караганда жигити сулуу көрүнөт...

Калык мулуюп койду.

— А-а, сенин өзүндүн сулуу жигитиң барбы?— деди ал.

— Бар. Бирок...

— Эмне «бирок»?

— Үйлүү-жайлуу...

— Мм... Сени жакшы көрөбү?

Баси ойлоно түштү.

— Кызык... Эстеп көрсөм, бир жолу да «сүйөм» деп айтпаптыр...

— Кээ бир киши сүйөм дебесе да, ичинен сүйүп жүрө берет.

— Анда анын сүйүүсүн кантип билсе болот?

— Бир жолун таап сынап көр...

Кыз дагы ойлонуп калды.

Ушу тапта телефон кайра шыңгырады.

Экөөнүн тең өңү дароо өзгөрө түштү. Бири-бирин кооптуу карап алышты. Калык трубканы алды. Баси ордунда катып, аны тыңшап турду.

— Алоо?.. А-а... Даяр болсо, айта бер... Жок-жок, коё тур, калем-кагазымды камдап алайын...

Калык шашып-бушуп чөнтөгүн тинтип кирди.

Басинин эми чындап үрөйү учту. Тагдырлар чечилчү учур келди. Азыр ал экөө өлүшөт же тирүү калышат. Кыздын көздөрү дароо ачык турган эшикке тигилди, эшиктеги эркиндиктен көзү учту. Эшик ачык... Эшик ачык... Бир шумкуса көчөдө болот. Бирок бир шумдук күч аны шыйрактан бекем кармап турду.

— Кана, айта бер, — деди Калык, жазууга камданып.

— Так... Так... Так...

Баси кыйлага чейин ачык эшик менен арбашып туруп, анан кокусунан ага чуркап барып, аны ичинен шарт жаап, ачкычын бурап-бурап алды. Профессор муну байкаган жок, ал бүт ынтаасы менен лаборанттын айткандарын жазып жатты. Басиге анын колдору калтырап-титиреп аткансып көрүндү.

— Болдубу? — деди акыры Акматов. Анан трубканы коюп, көздөрү жазылган жазууларга жабыша туруп калды. Көп өтпөй анын түнөргөн кабагы жарыла түштү. — Сүйүнчү! Биз сопсоо экенбиз!

— Оозуңузга май! — деп кыйкырды кыз.

Анан чуркап келип Калыктын бетинен өпкүлөп, ыйлап жиберди. Калык кыздын далысынан эркелете таптап коюп, өзү кайтадан телефон чалып кирди.

— Эми жолдош министрди куттуктап коёлу, — деди. — Карим Каратаевич, коркпой эле коюңуз: жарыктык киши сибирь язвасынан өлүптүр. Сыягы ооруган малдын этин жеп койгон го... Эчтеке эмес, бул биздин милдет да... Кош болуңуз...— Профессор трубканы коюп, Басини мулундай карады.— Мына эми өзүбүзгө уруксат беребиз...

Ордунан туруп, халатын чечип, кийим илгичтеги плащын кие баштады. Баси аны жылмайып карап турду.

— Кеттик эмесе, — деди кийинип бүтүп.

Экөө эшикке келишти. Калык жабык турган эшикти итерди.

— Ой, кулптануу го? — деди таң калып.

Баси эми гана эсине келди.

— А-а... — деди ал шаштысы кетип. — Үшүп кеттим эле... Ашыгып ачкычты издеди. Чөнтөгүнө салып коюптур, көрсө. Калык баарын түшүндү. Түшүнүп, ыраазылык менен мулуюп койду.

— Рахмат, эркем,— деди ал, ачкычты алып жатып.— Эгер менин студенттерим, кесиптештерим баары сендей болсо, мен үчүн жашоо да, иштөө да женил болоор эле.

— Сизге да чоң рахмат, Калык Акматович,— деп жооп берди кыз.— Эми мен сиздей адамдардын ишин женилдетип, турмушун бактылуу кылыш үчүн гана жашаймын.

— Билесиңби, Исландияда жашаган адамдар бири-бири менен: «Өткөн жолку жолугушуу үчүн рахмат» — деп учурашат экен. Эми мен дагы сени көргөн сайын, ушул кадыр түн үчүн сага рахмат айтып жүрөмүн.

— Мен дагы, Калык Акматович.

Калык кызды ийнинен алды. Экөө ээрчишип чыгып кетишти.

II

Калык менен Баси барабыз деп баралбай калган спекталь аяктады. Көшөгө түшүрүлдү. Көрүүчүлөр шатырата кол чаап калышты. Көшөгө кайра ачылды. Көшөгөнүн артында күтүп турушкан артисттер менен оюнду койгон режиссер авансценага басып келишип, көрүүчүлөрдүн куттуктоосун кабыл кылып, аларга өз ыраазылыктарын билдире жүгүнүп киришти.

— Автор! Автор! Автор!— деп кыйкырып калды актёрлордун бирөө, залга карап.

Калгандары аны коштоп кетишти. Автор көрүнө бербеди. Анда оюнду койгон режиссёр алдыга чыга берип:

— Сали! Сали! — деп чакырды.

Сали амфитеатрда отуруптур. Ал ордунан турар-турбас болуп, сахнага чыгар-чыкпас болуп назданып, бирок чыкпаска айла канча дегендей акывалда, а чынында ичинен жыргап, желип-жортуп чыгып келди. Келди дагын, шашкылаң түрдө артисттер менен режиссёрдун колун кысып, аларды кыдырата куттуктап чыкты. Кийин өзү да көрүүчүлөргө бурулуп, аларга башын ийкендетип, кол чабымыш болуп калды.

Баси ойлоно түштү.

— Кызык... Эстеп көрсөм, бир жолу да «сүйөм» деп айтпаптыр...

— Кээ бир киши сүйөм дебесе да, ичинен сүйүп жүрө берет.

— Анда анын сүйүүсүн кантип билсе болот?

— Бир жолун таап сынап көр...

Кыз дагы ойлонуп калды.

Ушу тапта телефон кайра шыңгырады.

Экөөнүн тең өңү дароо өзгөрө түштү. Бири-бирин кооптуу карап алышты. Калык трубканы алды. Баси ордунда катып, аны тыңшап турду.

— Алоо?.. А-а... Даяр болсо, айта бер... Жок-жок, коё тур, калем-кагазымды камдап алайын...

Калык шашып-бушуп чөнтөгүн тинтип кирди.

Басинин эми чындап үрөйү учту. Тагдырлар чечилчү учур келди. Азыр ал экөө өлүшөт же тирүү калышат. Кыздын көздөрү дароо ачык турган эшикке тигилди, эшиктеги эркиндиктен көзү учту. Эшик ачык... Эшик ачык... Бир шумкуса көчөдө болот. Бирок бир шумдук күч аны шыйрактан бекем кармап турду.

— Кана, айта бер, — деди Калык, жазууга камданып.

— Так... Так... Так...

Баси кыйлага чейин ачык эшик менен арбашып туруп, анан кокусунан ага чуркап барып, аны ичинен шарт жаап, ачкычын бурап-бурап алды. Профессор муну байкаган жок, ал бүт ынтаасы менен лаборанттын айткандарын жазып жатты. Басиге анын колдору калтырап-титиреп аткансып көрүндү.

— Болдубу? — деди акыры Акматов. Анан трубканы коюп, көздөрү жазылган жазууларга жабыша туруп калды. Көп өтпөй анын түнөргөн кабагы жарыла түштү. — Сүйүнчү! Биз сопсоо экенбиз!

— Оозуңузга май! — деп кыйкырды кыз.

Анан чуркап келип Калыктын бетинен өпкүлөп, ыйлап жиберди. Калык кыздын далысынан эркелете таптап коюп, өзү кайтадан телефон чалып кирди.

— Эми жолдош министрди куттуктап коёлу, — деди. — Карим Каратаевич, коркпой эле коюңуз: жарыктык киши сибирь язвасынан өлүптүр. Сыягы ооруган малдын этин жеп койгон го... Эчтеке эмес, бул биздин милдет да... Кош болуңуз...— Профессор трубканы коюп, Басини мулундай карады.— Мына эми өзүбүзгө уруксат беребиз...

Ордунан туруп, халатын чечип, кийим илгичтеги плащын кие баштады. Баси аны жылмайып карап турду.

— Кеттик эмесе, — деди кийинип бүтүп.

Экөө эшикке келишти. Калык жабык турган эшикти итерди.

— Ой, кулптануу го? — деди таң калып.

Баси эми гана эсине келди.

— А-а... — деди ал шаштысы кетип. — Үшүп кеттим эле... Ашыгып ачкычты издеди. Чөнтөгүнө салып коюптур, көрсө. Калык баарын түшүндү. Түшүнүп, ыраазылык менен мулуюп койду.

— Рахмат, эркем,— деди ал, ачкычты алып жатып.— Эгер менин студенттерим, кесиптештерим баары сендей болсо, мен үчүн жашоо да, иштөө да женил болоор эле.

— Сизге да чоң рахмат, Калык Акматович,— деп жооп берди кыз.— Эми мен сиздей адамдардын ишин женилдетип, турмушун бактылуу кылыш үчүн гана жашаймын.

— Билесинби, Исландияда жашаган адамдар бири-бири менен: «Өткөн жолку жолугушуу үчүн рахмат» — деп учурашат экен. Эми мен дагы сени көргөн сайын, ушул кадыр түн үчүн сага рахмат айтып жүрөмүн.

— Мен дагы, Калык Акматович.

Калык кызды ийнинен алды. Экөө ээрчишип чыгып кетишти.

II

Калык менен Баси барабыз деп баралбай калган спекталь аяктады. Көшөгө түшүрүлдү. Көрүүчүлөр шатырата кол чаап калышты. Көшөгө кайра ачылды. Көшөгөнүн артында күтүп турушкан артисттер менен оюнду койгон режиссер авансценага басып келишип, көрүүчүлөрдүн куттуктоосун кабыл кылып, аларга өз ыраазылыктарын билдире жүгүнүп киришти.

— Автор! Автор! Автор!— деп кыйкырып калды актёрлордун бирөө, залга карап.

Калгандары аны коштоп кетишти. Автор көрүнө бербеди. Анда оюнду койгон режиссёр алдыга чыга берип:

— Сали! Сали! — деп чакырды.

Сали амфитеатрда отуруптур. Ал ордунан турар-турбас болуп, сахнага чыгар-чыкпас болуп назданып, бирок чыкпаска айла канча дегендей акывалда, а чынында ичинен жыргап, желип-жортуп чыгып келди. Келди дагын, шашкылап түрдө артисттер менен режиссёрдун колун кысып, аларды кыдырата куттуктап чыкты. Кийин өзү да көрүүчүлөргө бурулуп, аларга башын ийкендетип, кол чабымыш болуп калды.

Баси ойлоно түштү.

— Кызык... Эстеп көрсөм, бир жолу да «сүйөм» деп айтпаптыр...

— Кээ бир киши сүйөм дебесе да, ичинен сүйүп жүрө берет.

— Анда анын сүйүүсүн кантип билсе болот?

— Бир жолун таап сынап көр...

Кыз дагы ойлонуп калды.

Ушу тапта телефон кайра шыңгырады.

Экөөнүн тең өңү дароо өзгөрө түштү. Бири-бирин кооптуу карап алышты. Калык трубканы алды. Баси ордунда катып, аны тыңшап турду.

— Алоо?.. А-а... Даяр болсо, айта бер... Жок-жок, коё тур, калем-кагазымды камдап алайын...

Калык шашып-бушуп чөнтөгүн тинтип кирди.

Басинин эми чындап үрөйү учту. Тагдырлар чечилчү учур келди. Азыр ал экөө өлүшөт же тирүү калышат. Кыздын көздөрү дароо ачык турган эшикке тигилди, эшиктеги эркиндиктен көзү учту. Эшик ачык... Эшик ачык... Бир шумкуса көчөдө болот. Бирок бир шумдук күч аны шыйрактан бекем кармап турду.

— Кана, айта бер, — деди Калык, жазууга камданып.

— Так... Так... Так...

Баси кыйлага чейин ачык эшик менен арбашып туруп, анан кокусунан ага чуркап барып, аны ичинен шарт жаап, ачкычын бурап-бурап алды. Профессор муну байкаган жок, ал бүт ынтаасы менен лаборанттын айткандарын жазып жатты. Басиге анын колдору калтырап-титиреп аткансып көрүндү.

— Болдубу? — деди акыры Акматов. Анан трубканы коюп, көздөрү жазылган жазууларга жабыша туруп калды. Көп өтпөй анын түнөргөн кабагы жарыла түштү. — Сүйүнчү! Биз сопсоо экенбиз!

— Оозуңузга май! — деп кыйкырды кыз.

Анан чуркап келип Калыктын бетинен өпкүлөп, ыйлап жиберди. Калык кыздын далысынан эркелете таптап коюп, өзү кайтадан телефон чалып кирди.

— Эми жолдош министрди куттуктап коёлу, — деди. — Карим Каратаевич, коркпой эле коюңуз: жарыктык киши сибирь язвасынан өлүптүр. Сыягы ооруган малдын этин жеп койгон го... Эчтеке эмес, бул биздин милдет да... Кош болуңуз...— Профессор трубканы коюп, Басини мулундай карады.— Мына эми өзүбүзгө уруксат беребиз...

Ордунан туруп, халатын чечип, кийим илгичтеги плащын кие баштады. Баси аны жылмайып карап турду.

— Кеттик эмесе, — деди кийинип бүтүп.

Экөө эшикке келишти. Калык жабык турган эшикти итерди.

— Ой, кулптануу го? — деди таң калып.

Баси эми гана эсине келди.

— А-а... — деди ал шаштысы кетип. — Үшүп кеттим эле... Ашыгып ачкычты издеди. Чөнтөгүнө салып коюптур, көрсө. Калык баарын түшүндү. Түшүнүп, ыраазылык менен мулуюп койду.

— Рахмат, эркем,— деди ал, ачкычты алып жатып.— Эгер менин студенттерим, кесиптештерим баары сендей болсо, мен үчүн жашоо да, иштөө да женил болоор эле.

— Сизге да чоң рахмат, Калык Акматович,— деп жооп берди кыз.— Эми мен сиздей адамдардын ишин женилдетип, турмушун бактылуу кылыш үчүн гана жашаймын.

— Билесинби, Исландияда жашаган адамдар бири-бири менен: «Өткөн жолку жолугушуу үчүн рахмат» — деп учурашат экен. Эми мен дагы сени көргөн сайын, ушул кадыр түн үчүн сага рахмат айтып жүрөмүн.

— Мен дагы, Калык Акматович.

Калык кызды ийнинен алды. Экөө ээрчишип чыгып кетишти.

II

Калык менен Баси барабыз деп баралбай калган спекталь аяктады. Көшөгө түшүрүлдү. Көрүүчүлөр шатырата кол чаап калышты. Көшөгө кайра ачылды. Көшөгөнүн артында күтүп турушкан артисттер менен оюнду койгон режиссер авансценага басып келишип, көрүүчүлөрдүн куттуктоосун кабыл кылып, аларга өз ыраазылыктарын билдире жүгүнүп киришти.

— Автор! Автор! Автор!— деп кыйкырып калды актёрлордун бирөө, залга карап.

Калгандары аны коштоп кетишти. Автор көрүнө бербеди. Анда оюнду койгон режиссёр алдыга чыга берип:

— Сали! Сали! — деп чакырды.

Сали амфитеатрда отуруптур. Ал ордунан турар-турбас болуп, сахнага чыгар-чыкпас болуп назданып, бирок чыкпаска айла канча дегендей акывалда, а чынында ичинен жыргап, желип-жортуп чыгып келди. Келди дагын, шашкылан түрдө артисттер менен режиссёрдун колун кысып, аларды кыдырата куттуктап чыкты. Кийин өзү да көрүүчүлөргө бурулуп, аларга башын ийкендетип, кол чабымыш болуп калды.

Кол чабуулар узакка созулуп кетти. Залдан сахнага карай гүл көтөрүп жөнөгөн кишилер пайда болду. Алардын ичинен бир жаш кыз, сыягы студент болсо керек, гүлүн Салиге сунуп калды.

— Өзүмдөн жана подругамдын атынан, — деди кыз. — Спектакль бизге абдан жакты. Рахмат.

— Силерге да рахмат,— деди Сали ичи элжиреп.

Акыры көшөгө жабылды. Эми ээн калган артисттер бири-бирин кучактап, өпкүлөшүп калышты. Башкы ролду ойногон жаш, сулуу актриса Салинин жаагынан өөп, кулагына: «Биз баарыбыз режиссёрдун үйүнө баратабыз. Сен да келесиңби?» — деп шыбырады.

— Кап,— деп өкүндү Сали чын дили менен.— Үйгө үч күндөн бери түн ортосунда келип атам. Бүгүн эрте кайтам деп койдум эле...

— Өзүң бил,— деп басып кетти актриса.

Сали кыйылган түрдө ажырады алардан...

III

Барбаганы жакшы болуптур. Үйүнө келсе, аялы конок күтүп атыптыр. Мейманканадагы столдун үстүнө дасторкон жайылып, аш-тамак жайнап калыптыр.

— Мына эмесе...— деди Сали оозу ачылып.— Эй, байбиче! Карачач!

— Ов! — деп кыйкырды аялы ашканадан.

— Бу сенин мейман тосчу түрүң бар го?

Карачач чыгып келди.

— Рапия телефон чалды,— деди ал.— Калык институтунда кармалып, спектаклге баралбай калдык дейт. Андай болсо, үйгө келип, бирпас отуруп кеткиле дедим. Макул болушту.

— А-а, ошондой бекен... А мен аларды театрдан издебедимби. Карачач Салинин сунган гүлүн алды.

— Спектакль кандай өттү?

— Куду өзүң көргөн күнкүдөй!

Карачач күйөөсүнүн көтөрүңкү көңүлүн кубаттады.

— Болсун, болсун,— деди.— Самандары сизге пайда, кызыл даны бизге пайда.

— Ал эмне дегениң?

— Атак-данкы сизге буюрсун, акчалары бизге буюрсун дегеним. Сали күлүп жиберди.

— Кооз гүлдөр экен,— деди Карачач гүлдү жыттап.

— Бир сулуу кыз тартуулады.

— Бактылуу болсун ылайым.

Карачач ашканага кирип кетти. Сали дасторкондон шапдоолу алып, диванга отурду. Гүл салынган ваза кармап Карачач кайра чыкты.

— Сен, эмне дагы байыйбыз деп турасыңбы?— деп сурады Сали, аялынын акча жөнүндөгү сөзүн улагысы келип.

— Ананчы,— деди аялы вазаны столго коюп.— Биринчи пьесабыз «Жигули» алып берди, экинчи пьесабыз дача салып берди. А экөө тең сынчылардын пикири боюнча, орточо же ортодон төмөн пьесалар болучу.

— Акыр аягында, бул аз келгенсип, бирөөн басмага, экинчисин киного сатып жибердик,— деди Сали дагын аялын туурап.

— Ооба. А азыркы пьесабызды болсо ошол эле сынчылар шилекейи куюлганча мактап атышат. Демек...

— Карачач, менин бир кушкабарым бар,— деп калды Сали кокусунан, аялынын сөзүн болүп.

— Айтчы,— деп Карачач кызыга түштү.

— Бул азырынча жашыруун сыр. Оозундан чыгарба.

— Чыгарбайм.

— Эмесе, мындай. Биздин жаңы спектаклди республиканын мамлекеттик сыйлыгына көрсөтмөкчү болушту.

— Ай-ий!

— Бул гана эмес.

— Дагы?

— Өзүмө болсо, искусствого эмгек синирген ишмер деген наам бергени жатышыптыр.

— Ой, Сали! — Карачач күйөөсүнүн мойнуна асылып, беттеринен өпкүлөп жиберди.— Демек, мен лауреаттын, эмгек синирген ишмердин аялы болот экенмин да?!

— Бирок эч кимге айта көрбө.

— Кадырың жам болсун. Ой, казанымдан кабар алып коёюн...

Карачач чуркап кетти. Бирок Сали шапдоолусун жеп бүткөнчө кайра чыкты.

— Айтмакчы, Сали, менин да сага айта турган кубаныч-туу кабарым бар: жакында баланын атасы болосуң!

Сали тиштеген шапдоолусун тиштеген бойдон катып калды. Ал аялын сынай карады. Башынан аягына чейин.

— Жок, мен эмес,— деди Карачач күйөөсүнүн оюн түшүнүп. — Бурул төрөйт. Менин синдим.

Салинин жүзү дароо сууй түштү.

Кол чабуулар узакка созулуп кетти. Залдан сахнага карай гүл көтөрүп жөнөгөн кишилер пайда болду. Алардын ичинен бир жаш кыз, сыягы студент болсо керек, гүлүн Салиге сунуп калды.

— Өзүмдөн жана подругамдын атынан, — деди кыз. — Спектакль бизге абдан жакты. Рахмат.

— Силерге да рахмат,— деди Сали ичи элжиреп.

Акыры көшөгө жабылды. Эми ээн калган артисттер бири-бирин кучактап, өпкүлөшүп калышты. Башкы ролду ойногон жаш, сулуу актриса Салинин жаагынан өөп, кулагына: «Биз баарыбыз режиссёрдун үйүнө баратабыз. Сен да келесиңби?» — деп шыбырады.

— Кап,— деп өкүндү Сали чын дили менен.— Үйгө үч күндөн бери түн ортосунда келип атам. Бүгүн эрте кайтам деп койдум эле...

— Өзүң бил,— деп басып кетти актриса.

Сали кыйылган түрдө ажырады алардан...

III

Барбаганы жакшы болуптур. Үйүнө келсе, аялы конок күтүп атыптыр. Мейманканадагы столдун үстүнө дасторкон жайылып, аш-тамак жайнап калыптыр.

— Мына эмесе...— деди Сали оозу ачылып.— Эй, байбиче! Карачач!

— Ов! — деп кыйкырды аялы ашканадан.

— Бу сенин мейман тосчу түрүң бар го?

Карачач чыгып келди.

— Рапия телефон чалды,— деди ал.— Калык институтунда кармалып, спектаклге баралбай калдык дейт. Андай болсо, үйгө келип, бирпас отуруп кеткиле дедим. Макул болушту.

— А-а, ошондой бекен... А мен аларды театрдан издебедимби. Карачач Салинин сунган гүлүн алды.

— Спектакль кандай өттү?

— Куду өзүң көргөн күнкүдөй!

Карачач күйөөсүнүн көтөрүнкү көңүлүн кубаттады.

— Болсун, болсун,— деди.— Самандары сизге пайда, кызыл даны бизге пайда.

— Ал эмне дегениң?

— Атак-данкы сизге буюрсун, акчалары бизге буюрсун дегеним. Сали күлүп жиберди.

— Кооз гүлдөр экен,— деди Карачач гүлдү жыттап.

— Бир сулуу кыз тартуулады.

— Бактылуу болсун ылайым.

Карачач ашканага кирип кетти. Сали дасторкондон шапдоолу алып, диванга отурду. Гүл салынган ваза кармап Карачач кайра чыкты.

— Сен, эмне дагы байыйбыз деп турасыңбы?— деп сурады Сали, аялынын акча жөнүндөгү сөзүн улагысы келип.

— Ананчы,— деди аялы вазаны столго коюп.— Биринчи пьесабыз «Жигули» алып берди, экинчи пьесабыз дача салып берди. А экөө тең сынчылардын пикири боюнча, орточо же ортодон төмөн пьесалар болучу.

— Акыр аягында, бул аз келгенсип, бирөөн басмага, экинчисин киного сатып жибердик,— деди Сали дагын аялын туурап.

— Ооба. А азыркы пьесабызды болсо ошол эле сынчылар шилекейи куюлганча мактап атышат. Демек...

— Карачач, менин бир кушкабарым бар,— деп калды Сали кокусунан, аялынын сөзүн болуп.

— Айтчы,— деп Карачач кызыга түштү.

— Бул азырынча жашыруун сыр. Оозундан чыгарба.

— Чыгарбайм.

— Эмесе, мындай. Биздин жаңы спектаклди республиканын мамлекеттик сыйлыгына көрсөтмөкчү болушту.

— Ай-ий!

— Бул гана эмес.

— Дагы?

— Өзүмө болсо, искусствого эмгек сиңирген ишмер деген наам бергени жатышыптыр.

— Ой, Сали! — Карачач күйөөсүнүн мойнуна асылып, беттеринен өпкүлөп жиберди.— Демек, мен лауреаттын, эмгек сиңирген ишмердин аялы болот экенмин да?!

— Бирок эч кимге айта көрбө.

— Кадырың жам болсун. Ой, казанымдан кабар алып коёюн...

Карачач чуркап кетти. Бирок Сали шапдоолусун жеп бүткөнчө кайра чыкты.

— Айтмакчы, Сали, менин да сага айта турган кубаныч-туу кабарым бар: жакында баланын атасы болосуң!

Сали тиштеген шапдоолусун тиштеген бойдон катып калды. Ал аялын сынай карады. Башынан аягына чейин.

— Жок, мен эмес,— деди Карачач күйөөсүнүн оюн түшүнүп. — Бурул төрөйт. Менин сиңдим.

Салинин жүзү дароо сууй түштү.

— Бурул төрөсө, мен кантип ата болом?— деди ал кичине жини келип.

— Ал баласын бизге бермекчи болду. Биз аны бала кылып алабыз. Бул анын биринчи баласы, ал али жаш, өздөрү үчүн дагы төрөп алат.

Карачач эмне дээр экен деп Салини көз кыйыгынан карап койду. Сали унчукпай шапдоолу жеп атты. Буга ардана түштү.

— Бурулдун күйөөсү жөнөкөй жигит,— деди ал.— Ал аялынын боюнан түшүрткөндү билбейт...

— Карачач! — деп кыйкырды Сали, тынчсызданып.— Козгобочу эми ошону, кудай жалгагыр. Жок дегенде, бүгүнчө. Азыр меймандар келишет.

Карачач дымып калды. Сали алаксыш үчүн барып телевизорду ачты. Телеэкранда мультфильм болуп атыптыр. Сали дароо өчүрүп, Карачачка кайрылды.

— Кала берсе, бул адилетсиздик,— деди.— Сен мени гана күнөөлөштү билесиң.

— Биз жаш элек. Биз студент элек. Биз бирөөнүн үйүн жалдап турчубуз. Балалуу болуп, бала багып-өстүрүшкө мүмкүнчүлүгүбүз жок болучу. Ошондуктан, баланы коё турушубуз керек эле. Окууну бүтүп, иштеп, үйлүү-жайлуу болгонго дейре.

— Туура! Ушунча себептер аздык кылабы?

— Мына эми бизде баары бар: үй, машине, дача... Дагы болот. А балабыз жок. Балабыз болбойт.

— Болот.

— Качан? Мен отузга кирип калдым.

— Элүүгө чыгып деле төрөп жүрүшпөйбү?

— Эх, эмне үчүн сенин тилиңди алдым экен...

Экөө тең бирпас үндөбөй калышты.

— Мүмкүн, кыз болоор беле,— деди анан Карачач куду өзүнө өзү сүйлөп жаткандай.— Кыз болсо, сулуу кыз болмок.

— Сени тартса,— деп койду Сали кошоматтык иретинде.

— Быйыл туптуура онго чыкмак. Үчүнчү класста окуп калмак. Өзүм окутат болчумун. Эң алдыңкы партага отургузуп... Кооз көйнөк кийгизип, көкүлүнө көрктүү бантик тагып...

— Болдучу эми! — деп кыйкырып жиберди Сали чыдай албай. — Жадап кеттим. Он жылдан бери укканым «бала», «бала»...

— Эх, Сали, Сали, түшүнбөйсүң...

— Эмнени түшүнбөймүн?

— Баланын мага кандай керектигин.

— Ой, ушунун эмнесин түшүнбөйүн? Ар кандай ургаачы сымак, төрөп тукумунду уланткың келет. Ушул.

— Сали, мен көптөн бери жалгызсырап жүрөм...

— Мына эмесе... А менчи?

— Сен өзүң менен өзүн алексиң. Жазуучулугуң менен... Атак-даңкың менен...

Сали тунжурап ойго бата түштү.

Ушул учурда эшиктин коңгуроосу шыңгырап калды. Карачач эшик ачканы жөнөдү. Меймандар келген экен деп Сали да анын артынан ээрчиди. Бирок меймандар эмес болуп чыкты. Босогодо булардын кошунасы, элүүдөн ашып калган, орус аял туруптур.

— А-а, Вера Петровна... Келиниз,— деди Карачач.

— Кечирип койгула, түн киргенде темселеп, — деди Вера Петровна. Ал үйгө кирген жок. — Кечиниз кайрымдуу болсун, Сали.— Сали башын ийкеп койду.— Карачач, менин мышыгым кирбедиби бул жакка?

— Жок,— деди Карачач, кичине таңданып.

— Үйдөн кетип калды таш капкыр. Үч күндөн бери дайынсыз. Ушундай сулуу, ушундай акылдуу мышык эле...

— Мүмкүн, кайтып келээр,— деди Карачач.

— Небилейин. Ушунча жыл бирге жашап келип, кылган кылыгын көр уятсыздын. Же мен аны бир таарынтсам экен.

— Мүмкүн бирөө уурдап кеткендир?— деди Карачач иши кылып эле бир нерсе айткысы келип. Кошунасынын күйүтүн бөлүшкүсү келип.

— А? Шондой деп ойлойсузбу? Билбейм. Ошол түнү түн ортосунда эшикке чыгам деп калганынан, чыгарып жибергенмин. Түн ичинде дайыма эшикке чыкчу, бирок кайтып келчү. А бул жолу келген жок... Болуптур. Кечирип койгула...

Кошуна акырын бурулуп, басып кетти.

Эрди-катын мейманканага кайтып келишти. Бирок кыйлага чейин сүйлөшкөн жок.

— Айдыңым,— деди акырында Сали аялын имере кучактап.— Ишенсең, бала дегенде, мен дагы ак эткенден такмын. А анын жоктугу үчүн, албетте, өзүм күнөөлүүмүн...

— Мүмкүн, сен мени менен ошол үчүн гана жашап келатып жүрбө? — деди Карачач. Салиге тигиле карап.

Сали ага жооп тапканча, кудай жалгап, эшик дагы чырылдап калды. Экөө унчугушпай босогого басып барышты. Үйгө Калык менен Рапия кирди. Рапия Сали менен тең.

Орто бойлуу, толо, кызыл жүздүү келин. А анын күйөөсү болсо, тескерисинче, узун, арык, жүзү кумсарынкы, көздөрүнүн астына тегерек тактар пайда болуп калган, буурул чач эркек. Ал аялынан он жаш улуу. Бул, анын өз оозунан чыккан сөз.

— Кечинер кайрымдуу болсун,— деди ал астанадан аттай берип.

— Келгиле, келгиле, — дешти үй ээлери жарышып.

Аялдар өбүшүп көрүшүштү. Баарысы мейманканага басышты.— Премьераң кандай өтүп атат?— деп сурады Калык Салиден, куду анын ден соолугун сурап аткандай. — Биз бүгүн да баралбай калдык.

— Азырынча жакшы кабыл алып жатышат, — деди Сали сыймык менен.

— Мен үч рецензия окудум, үчөөндө тең мактап жазышыптыр,— деп кошумчалады Рапия.

— Кана эмесе, столго отургула,— деди Карачач.

— Ох, эмне деген дасторкон! — деп суктанды Калык колдорун жайып.— Карачач, сен меймандостуктун гениисиң. — Анан аялынан корккон киши болуп, шашып улап жиберди.— Менин аялым дагы.

Анын айтканын азыл-күлкү менен кабыл алышты. Карачач жез чөөгүн, жез чылапчын апкелип, баарынын колуна суу куя баштады.

— Институтуңда эмнеге кармалдын? — деп калды Сали Калыкка карай.

— А-а...— деди Калык капарсыз.— Эми эле үйгө кетейин деп турсам, райондон бир өлүк келип калды. Райондун врачы аны холерадан өлдү деп министрге билдириптир.

— Холерадан? — деп сурады Карачач кабатырланып.

— Ооба... А министр мага буйрук берди: тезинен өлүктү жарып, туура диагноз кой деп. — Ох, эт абдан жакшы сүрсүптүр...

— Токточу...— деди Сали кызыгып.— А-а, эмнеден өлүптүр анан?

— Азырынча белгисиз. Анализин алып, лабораторияга тапшырып келдим. Эртең билебиз го.

— Эмне? — деп чыныдды Рапия үрөйү учуп.

— Калык...— деди Сали да кооптонуп. — А кокус... чын эле холера болуп калса эмне болду?

— Эмне болмок эле, министрге ошентип айтамын.

— Көк мээ! — деди Рапия жаны чыгып. — Эгер холера болсо, биринчи иретте сен ооруйсуң ал оору менен. Анан — мен! Акырында — булар... Бардыгыбыз өлөбүз!

— Ооба... Өлөбүз...— деди Сали дагы.

— Чын эле, Калык... — деди Карачач дагы калтырап. Калыкка эми гана жеткенсип, колундагы этин койду да, эси чыккан кишидей, акырын ордунан турду.

— Байбиче...— деди ал жалдырап.— Достор... Кечирип койгула. Мен бул жөнүндө такыр ойлобоптурмун...

Рапия чуркап барып сумкасын алды.

— Сали... Карачач...— деди ал далбастап.— Мен кеттим! А сен Кемчонтой, менин артымдан ээрчип үйгө келбегин! Киргизбейм!

— Кызык... Анан каякка барып түнөйм? — деп жалдырады Калык.

— Моргго! — деди аялы.— Жанагы сойгон адамыңдын жанына, уктуңбу?

Калык каткырып калды.

— Мен билгенмин сенин сөзсүз ушинтип айтарыңды, — деди ал аялына.

Анан кайра отуруп, этин жей баштады. Баарысы анын азилин түшүндү.

— Жамандын жарты өнөрү ашык,— деди Рапия кайтадан өз ордуна отуруп.— Ушинтип да тамаша кылат бекен...

— Ошону айтсаң,— деди Сали.

— Ох, жүрөгүм түшүп кала жаздады,— деди Карачач күлүп.

— Жакын кишилерди ушинтип анча-мынча сынап коюп жүргөн жакшы,— деди Калык мулуңдап.

— Сынабай жерге кир сен,— деди Рапия.— Жан-алым калсачы...

Калык күлүп койду.

Эми баарысы жай отуруп, аш-тамакка киришти.

— Иштериң кандай, Рапия? — деп калды Карачач.

— Мындайча айтканда, жаңылыктарыңдан айта отур, — деп кошумчалады Сали аялын азил менен колдоп.

— Ушул эле жуманын ичинде, биздин шаарда...— деп баштады Калык.

— ... жыйырма жуп киши никелешип, жети жубу ажырашты, — деп улады аялы.

Баары тең күлүп калышты.

— Ушу сотто иштегендер да кызык адамдар көрүнөт, — деди Карачач.— Ажырашабыз деп келишсе эле, ажыраштыра беришеби?

— Ха! — деп койду Рапия.— Кантип эле ошентип калышсын? Айнытышат, албетте. Айрымдарын жарым жыл, бир жылга чейин сүйрөп барышат. Кээде бул жардам берет,

а көпчүлүк учурда эчтеке чыкпайт. Дагы эле ээрчишип келип, отубуз күйүшпөй атат дешет.

— А сотко келишкенде, негизинен, алар эмне деп дат-танышат? — деп сурады Сали кызыккан түр менен.

— Ар түркүн себептерди айтышат. Мисалы, интеллигенттердин көпчүлүгү: сүйүүбүз түгөнүп калды дешет.

— Хэ! — деди Калык башын чайкап.— Сүйүүбүз түгөнүп калды... Жалаң сүйүү менен жашоого болбойт да!

— Анан дагы эмне менен жашаш керек, доктор?— деди Сали тамашалап.

— Биздин чоң ата, чоң энелерибиз, адатта, өздөрүнүн тою күнү таанышкан. Алар үчүн сүйүү тойдон кийин башталган. Анан ал сүйүү алардын өмүрүнүн акырына чейин жеткен. А эгер жетпей калса, алар ага кайгырган эмес, турмушун бирге уланта беришкен...

— А менин апам менен атамды он төрт жашында эле үйлөп коюшуптур,— деди Карачач.— Эки-үч жылга чейин экөө ага менен карындаштай жашашат: ойноп-күлүшөт, мушташат, жарашат... Апам кайненесинин койнунда жатып жүрөт. Үч жылдан кийин гана кайненеси: «Э, өлүгүңдү көрөйүн, сен кимге тийгенсиң: магабы же менин баламбы? Бар эриң менен жат» — деп төшөгүнөн кубалап чыккан экен.

Карачачка каткырып калышты.

Ушу кезде телефон шыңгырады.

— Ким болуп кетти түн ортосунда чалган, — деп Сали ордунан турду.

Ал өз кабинетине кирди.

Кабинеттин ичи жык китеп. Дубалдардын ачык калган жерлерин Салинин пьесаларына жасалган афишалар, ар түркүн чөп-чар өстүрүлгөн карапа идиштер ээлейт. Терезенин түбүндө чоң жазма стол бар. Столдо кол жазмалар, китептер чачылып жатат, жазма машинка жана капкара телефон турат.

Сали келип трубканы алды.

— Алло?

— Кечирип коюңуз, мен сизди уйкудан ойготтум окшойт,— деди трубкадан бейтааныш кыздын үнү токтоолук менен.— Бирок айтаар сөзүм өтө маанилүү, таң атканча күтүүгө кудуретим жетчүдөй эмес.

— Токтоңузчу,— деди Сали кичине кыжыры келип. — Сиз ким менен сырдашканы атасыз?

— Сали менен,— деди бейтааныш кыз.— Сали Бегматов менен. Эмне, жаныльштымбы?

— А мага өтө маанилүү сөздү ким айтканы атат?

— Басинин тенттушу. Атымды атабай эле коёюн.

Сали мейманкана жакты бир карап алды. Мейманканада меймандар гана калышыптыр. Карачач ашканага кирип кеткен көрүнөт.

Сали столдун алдындагы креслого отурду.

— Баси? Кайсы Баси? — деп сурады анан бейтааныштан.

— Анткорлонбоңуз,— деди кыз.— Сиз аны жакшы билесиз. А эгер чын эле унутуп калган болсоңуз, эстетейин: профессор Мусулманкуловдун кызы. Өткөн жылы жазында каза болгон профессордун. Сиз анын мүрзөсүндө сөз сүйлөгөнсүз. Мен сизге айтсам, сөзүңүз тургандардын баарын толкундаткан. Баси экөөбүздү дагын. Баси ошондон кийин сизге ашык болуп калып жүрбөйбү.

— Болуптур,— деди Сали чыдамсыздык менен.— Эмне демекчисиз?

— Мен азыр эле Басилердин үйүнөн чыктым. Баси чакырткан экен. Келсем, көз жашын көлдөтүп отуруп, бир сырын айтты... Сали, Басинин боюна бүтүп калыптыр. А баланын атасы сиз экенсиз.

Бейтааныш кыз унчукпай калды, сыягы, буга эмне дээр экен деп Салинин жообун күтүп калгандай. А Салинин эси ооп түштү. Кыйлага чейин эмне дээрин билбей туруп, араң өзүн колго алды.

— А-а, мен сизди билдим, — деди жайдары, бирок заар үн менен.— Сиз — авантюристка экенсиз. Мени сынап, коркутайын дединиз. Бирок Басинин тенттушу, оюңуз ойрон болду. Кош болуңуз.

Бирок коштошоорун коштошуп алып, трубканы коё алган жок. Эми ал өзү бейтааныш кыздын жообун күтүп калды.

— Сали, мен сизди сынап, коркутуп эмне кылайын,— деди кыз, жай, ишенимдүү түрдө.

— Мен бул кызды үч айдан бери көрө элекмин! — деп кыйкырып жиберди Сали чыдабастан. Анан ошол эле замат өзүн ашкерелеп атканын түшүндү.

— А бала беш айлык болуп калыптыр, — деди кыз, мурдагы эле камырабаган калыбында.

Эми Салинин таптакыр ындыны өчтү. Ал унчукпай отуруп калды. Басинин тенттушу андан жооп күтүп атты. Бирок бул жактан үн-сөз боло бербегендиктен, кайра өзү сүйлөдү.

— Сали, сиз тезинен Басиге жолугушуңуз керек,— деди, куду Салиге боору ачып аткандай үн менен.— Же звонить этиниз. Айткандай, Баси азыр жалгыз. Апасы Москвада.

Кааласаңыз азыр эле звонить этиниз. Иши кылып, аны менен сүйлөшүңүз, Сали. Ага жардам керек. Эмне кыларын билбей эси ооп отурат байкуш. Өзүңүз билесиз го, ал он тогуз жашта, али бала бойдон. Кокус...

Сали андан нары укkан жок. Ал мелтиреп бир чекитти тиктеген калыпта акырын трубканы ордуна басты. Ошол бойдон ал кыйлага чейин кыймылсыз отурду да, анан секин ордунан туруп, мейманканага кирди.

— Ким звонить этиптир? — деп сурады Карачач.

— Менин бир тааныш кызым,— деди Сали жасалма токтоолук менен.

— А-а, ошондойбу али? Атын айтсаңыз болбойбу?

— Силер аны тааныбайсынар.

— Болуптур, болуптур. Айткың келбесе, айтпа.

Сали билип эле турду. Карачач бул бойдон тим калбайт. Сөзсүз кайрылат бул темага. Шондуктан, ушул кызуусунда эле, сөздүн аягына чыгып коюш керек деп чечти.

— Бечаранын башына мүшкүл иш түшүптүр,— деди. — Жардам кыл дейт. Жолугуш керек болуп калды.

— Бул биздин ишибиз эмес,— деди Карачач. Кийин меймандарга кайрылды. — Келгиле, плов бышканча, бир оюн ойноп отурали? Мисалы паша-вазир.

— Апкел чүкөлөрүндү, — деди Калык аны колдоп.

Карачач кошуна бөлмөгө кирип кетти. Сали да ордунан турду. Анын өзүнчө бир чечимге келген түрү бар.

— Жанагы кызга бир нерсени айтпай калыптырмын, — деди ал меймандарга. — Мен азыр...

Ошентип коюп, ишканасына кирип кетти. Калык менен Рапия бир-бирин астыртан карап коюшту.

Сали креслого жайланышып отуруп алып, телефондун номерлерин ала баштады. Бирпастан кийин аялдын сылык, коңур үнү угулду:

— Алло?

— Эсенсиңби, Баси,— деди Сали, жасалма жайдарылык менен.— Бул менмин Салимин.

— А-а,— деди Баси супсак түрдө.

— Мен сени ойготкон жокмунбу?

— Жок, китеп окуп отурам.

— А-а... А апаң уктап аткандыр?

— Апам Москвада.

— Демек, сен азыр жападан жалгыз турбайсынбы?

Баси унчукпай койду. Салинин суроолору түгөнүп, андан нары эмне дээрин билбей калды. Бирпаска экөө тең унчукпай турушту. Кийин Баси кокусунан:

— Сали, эмнеге звонить эттин? — деп сурап калды.

Сали бул суроону күткөн эмес.

— Билесиңби,— деп баштады ал шашып-бушуп, жасалма шайырлык менен.— Азыр бир кызык иш өттү. Угуп тур, күлөсүң. Мен өз кабинетимде иштеп отургам. Кокусунан бирөө звонить этет. Трубканы алсам, кандайдыр бейтааныш кыздын үнү чыгат. Мен Басинин теңтушу болом дейт бул үндүн ээси. Коош, — дедим. Тигил неме оозу-мурду кыйшайбай туруп, мына муну айтты. Билесизби, мен азыр эле Басинин алдынан чыктым. Баси мага бир сырын айтты. Анын дейт, сени айтып жатат, беш айлык боюнда бар экен. А баланын атасы... сиз экенсиз, — дейт. Калп айтсам өлөйүн, так ушундай деди.

Сали айткандарынын Басиге кандай таасир этээрин жоруп, ичине демин жыйып, күтүп калды. Баси көпкө чейин унчукпады.

— Сали, көрүп турасың го, мен күлгөнөм жок, — деди анан алсыз муңкураган үн менен.

— Демек, анын айткандары...

— Чын, Сали.

Сали талып отуруп калды. Баси, сыягы өз сөзүнүн ага кантип таасир эткенин тыңшап калды окшойт. Кыйлага чейин үн-сөзсүз турушту. Кийин Сали, Басиге эчтеке дебестен, трубканы акырын коюп койду. Бирок ордунан козголгон жок. Талып отура берди.

Бирпастан кийин кабинетке Калык кирди.

— Сали, чүкөлөр каерде, биз таппай атабыз? — деп сурады ал. Сали жооп бербеди. — Э-э, сен эмне уткурган кумарбазга окшоп калгансың?

Сали аны унчукпай карап турду да, анан чечкиндүү түрдө:

— Эшикти жаап кой, — деди.

— Ичиненби, тышынанбы? — деп сурады Калык азилге салып. Бирок өзү чын эле Салинин оюн түшүнө бербей калды.

— Ичинен, — деди Сали.

Калык эшикти жаап, бери басты.

— Калык, менин үйүм күйдү, — деди Сали.

— А мен али түтүнүн көрө элекмин, — деди Калык.

Сали анын азилин колдогон жок.

— Менин ордумда башка киши муну кайта жашырмак, — деди ал. — Бирок мен уят-сыйытты жыйыштырып коюп, сага айтайын. Сен менин досум эмессиңби.

Калык китеп жыйылган текчелерге жөлөнүп, кунт коюп угуп калды.

— Билесиңби, апендим,— деп баштады Сали,— өткөн жылы мен бир жаш кызга ашык болуп калдым. Көпкө чейин аны менен жолугушуп жүрдүм. Бирок бир жолу болорболбос жерден аны таарынтып алып, ошондон кийин көрүшпөй кеттик эле. Азыр мен ошол кыз менен сүйлөштүм. Боюна бүтүп калыптыр. А баланын атасы менмин... Эми эмне кылам?

Калык кыйлага чейин Салини сынай карап туруп, анан мулуюп койду.

— «Сүйүүнүн кайыгы талкаланды тиричиликке урунуп...»*

— Мышыкка оюн, чычканга көз жаш,— деди Сали, таарыныч менен.

— А ким чычкан? Сенби? Тапкан экенсиң чычканды! — деди Калык.— Жок, агайын, сен мышыксың, а чычкан азыр үйүндө ыйлап отурат.

Сали унчуккан жок.

— Болуптур,— деди Калык.— Кыздын өзү эмне кылсам дейт?

— Билбейм. Мен аны сураштырышка чамам келбей калды.

— Билгин. Эгер кыз макул болсо, баланы боюнан түшүртүш керек.

— А макул болбосочу?

— Анда бир гана жол калат.

— Кандай?

— Үйлөнөсүң.

— Эки аял алууга уруксат жок.

— Бала канча айлык болуптур?

— Беш...

— Тууган, ишиң куржун экен. Беш айында бала адам болуп калат. Маңдайында турган таалайсызды энеси жети айлыгында эле жарык дүйнөгө чыгарып жибериптир. Эмне айтайын дегенимди түшүндүңбү?

— Эмне, беш айлыгында баланы алып таштоого болбойбу?

— Болот. Андан медицинанын эчтекеси коробойт. Бирок адамгерчилик жагы бар эмеспи. Балага убал. Энеси оорукчан болуп калат. А эгер бул анын биринчи баласы болсо, мындан кийин такыр төрөбөй калышы ыктымал.

— Бул анын биринчи баласы.

— Мына көрчү.

* В. Маяковский. «Во весь голос».

— Анда эмне кылам?

— Эшек такалап жүрдүңбү ушул күнгө чейин?

— Мен муну азыр угуп отурбаймынбы.

Калыктын башына бир ой кылт дей түштү.

— Токточу,— деди Салинин көздөрүнө тигиле карап.— Мүмкүн, бала башка бирөөнүкүдүр?

— Жок, жок, — деди Сали шашып-бушуп. — Мен Басиге ишинем. Баси андай кыздардан эмес.

— Мм... Эмне кылыш керек? Мен, мисалы үчүн, сага жардам бере албайм.

Бирпаска басылып калышты.

— А мүмкүн Рапия жардам берип жүрбөсүн? — деди анан Сали. — Аял эмеспи...

Калык ийинин куушуруп койду.

— Кааласаң айтып көрөйүн.

Ошентти да, чыгып кетти. Кыйлага чейин тунжурап отуруп, Сали дагын ордунан козголду. Мейманканада Калык жалгыз отуруптур.

— Мен Рапияга айттым, — деди ал.

— Эмне деди?

— Карачачка айтайын деп кухняга кирип кетти.

— Эмне?! — деп кыйкырып жиберди Сали. — Силер, эмне, жинди болдунарбы?

— Кой десем, болбой койду. Карачачтан жашырыштын кереги жок дейт. Карачач Салини жакшы көрөт, демек, анын абалын түшүнөт, жардам берет деп айтты. Менимче, аныкы да туура.

— Комедия... — деди Сали башын чайкап.

— Туура, — деди Калык. — Сен муну жазсаң болот.

Сали аны карап калды. Акырында сырдуу мулуюп койду.

— Рахмат...

Ушул учурда ашканадан Рапия менен Карачач чыга келишти. Рапия чоң табакка булоосу буркураган палоо көтөрүп, а Карачач пиала, чайнектер салынган патнус алып келатат.

— Мырзалар, палоо жейбиз,— деди Рапия жасалма шайырдуулук менен.

— Бах, палоо болбосоң болбой кал! — деди Калык аны колдоп. Аялдар колдорундагысын дасторконго коюшуп, өздөрү да жайланышып отурушту.

— Кана эмесе, ашка карагыла,— деди Карачач, ал дагы эчтеке болбогондой жайдары үн менен.— Кол менен жегинер келсе кол менен, кашык менен десеңер кашык менен жегиле.

— Мен колум менен эле жейм,— деди Калык.

— А мен мындай ысык палоого колумду салалбайм,— деди анын аялы.

— Сали, сен эмне эле мелтиреп отуруп калгансың? Ашка кара,— деди Карачач.

Бардыгы унчукпай палоо жеп кириштн. Бирок баарысы, качан Карачач уккан жаңылыкты сөз кылаар экен деп өз ичтеринен күтүп атышты. Карачач оокат желип бүткөнчө үндөгөн жок. Оокат желип бүткөндө гана башын көтөрүп, Салиге кычкыл мулуюп койду.

— Ушундай дечи?

Бирок көздөрү учкундап, эриндери билинер-билинбес дирилдеп турду.

— Кечирип кой,— деди Сали.— Кечире алсан.

— Аргасыздан кечирем,— деди аялы кылгыра түшкөн жашын сүртүп.

— Ал эмне дегенин?

— Кечирбесем, сени менен ажырашышым керек. А мен анте албайм. Ырас, ажыраша албагандан кийин, кечиришим керек. Ал турмак сенин талабыңды талашышым керек.

— Мм...— деп койду Калык.

— Калык... Рапия... Көптөшүп Салини бул түйшүктөн куткаралы. Болбосо мунун карьерасына зор зыян келгени турат.

— Бул өзүнөн өзү түшүнүктүү,— деп койду Рапия.— Силер бизге доссунар, силерге айта берсек болот. Туурабы, Сали?

— Эмнени, кокуй? — деди Сали.

— Эмесе мындай, достор. Салинин жаңы спектаклин республиканын мамлекеттик сыйлыгына, а өзүн болсо, анын искусствосуна эмгек синирген ишмер деген наамга көрсөтүп жатышат.

— О-о-о! — деди Рапия.

— Болсун, болсун,— деди Калык.

— Ой, байбичем ай,— деп наалыган болду Сали.— Азырынча бул сөз гана да.

— А төгүн жерден сөз чыкпайт,— деди Рапия.

— Эми ушундай жакшылык иштер башталып атканда, жанагы кыздын чатагы чыкса, эмне болот? — деп калды Карачач.

— И-и, анда эле кудай урбадыбы,— деди Рапия.

— Рапия, биз тез арада кызга жолугуп, сүйлөшөлү.

Сали сактана түштү.

— Эмне деп сүйлөшөсүнөр?

— Баланды алдыр деп айтабыз.

— Макул болбосочу?

— Анда коркутабыз.

— Коркутабыз? Кантип?

— Анын жолу көп? — деп кошулду Рапия. — Болсо болду, ал бир жерде иштейт же окуйт. Ушундайбы?

— Окуйт.

— Мына көрчү. Студент деле кыңыр ишин жашырат. Болбосо, жазаланат.

— Токтогулачы,— деди Калыктын жини келип.— Силер өз жакыныңарга гана жан тартып атасынар. А тиги кыздын тагдырын неге ойлобойсунар? Анын беш айлык баласына неге ырайым кылбайсынар? Алардын убал-сообу кимге тиет? Башкалар түшүнбөсө да, Карачач сен алардын акыбалын түшүнүшүң керек эле...

Карачач шалдая түштү.

— Мунун туура... Бирок анда эмне кылыш керек? Анда... төрөсүн. Төрөсүн да, ушул жерге келип жашасын. Мен үйдү бошотуп берем.— Баарысы унчукпай калышты. Ыңгайсыз абал пайда болду.

Кокусунан Сали күлүп жиберди.

— Жок, бул оюнду токтотпосом болбой калды, — деди ал. — Болбосо өтө терендеп баратабыз.

— Оюн? — деп таңыркады Рапия.

— Ооба,— деди Сали.— Кечирип койгула, бул обу жок оюнга тартам деп силерди түйшүккө салып койдум. Ушундай, достор, бул — оюн! Силер таанышып чыккан окуя, менин башымдан эмес, менин жаңы пьесамдын баш каарманынын башынан өтөт.

Беркилер бири-бирин шектүү карап алышты.

— Эмне, ишенбей атасыңарбы? Анда угуп тургула... Пьеса минтип башталат. Убакыт түнкү саат он эки. Башкы каарман, атын Айдар деп коёлу, өз кабинетинде иштеп отурат. Коңшу бөлмөдө анын аялы менен нариете баласы уктап жатышат. Кокусунан телефон шыңгырайт. Айдар трубканы алат. Телефон чалган бейтааныш кыз болуп чыгат. Кыз өзүн Басинин тенттушумун деп тааныштырат. А Баси деген ат Айдарга тааныш. Басинин тенттушу андан нары эмне үчүн телефон чалганын түшүндүрөт. Басинин боюна бүтүп калыптыр, а баланын атасы сиз экенсиз дейт. Бул жаңылык Айдардын шаштысын кетирет. Айдар мунун калп-чынын билиш үчүн дароо Басиге телефон чалат. Баси өз тенттушунун сөзүн ырастайт.

Сали чайын ичкенче, беркилерди бир сыйра сынай карап алды. Тигилер анын ангемеси каерге барып такаларын али билбейт. Бирок кунт коюп үгуп атышканы көрүнүп турат.

— Мен азыр ушерге чейин гана жаздым, — деп улады Сали.— А жазганымды бүгүн театрга ала барып, эки актрисага бердим. Ролдор ошолорго арналып жазылып жатат. Берип, кечинде ушул көрүнүштү телефон аркылуу репетициялап көрөлү дедим. Айдардын ролун өзүм алдым. Бул менин чыгармачылык экспериментим болчу, достор. Чынын айтсам, эксперимент мен ойлогондон да жакшы өттү.

Берки үчөө жеңилдей түшүштү.

— О-ой, Сали! — деди Рапия.

— Артист, — деди Карачач.

— А бизди неге тарттың бул оюнуңа? — деп сурады Калык.

— Сынагым келди. Сен деле бизди сынадың го.

Баарысы курсант күлүштү.

— Эчтеке эмес, — деди Калык, — сокур таягын бир гана жолу жоготот. Экинчи жолу биз да сага алданбайбыз. Кана эмесе, байбиче, кетели.

— Туура айтасың, туралы, — деди Рапия дагын.

— Каякка шашасынар, дагы отурабыз, — деди Карачач.

— Абдан көп отурдук. Оомин эмесе...

Төртөө тең турушуп, эшикке карай басышты.

— Рахмат, — деди Калык босогодо.

— Сали, эртең кечинде биздикине келгиле, сенин пьесаңдын уландысын жазабыз, — деп күлдүрдү Рапия.

— Болуптур, келебиз, — деди Сали.

— Жакшы баргыла,

— Жакшы калгыла.

Меймандар кетишти. Эрди-катын эшиктерин жабышты.

— Ох, өлгөндөй чарчадым,— деди Карачач эрине эркелей жөлөнүп.

Сали анын чекесинен өөп койду.

— Чарчасаң, жатып эс ал.

— А сенчи?

— Мен кичине отуруп, анан жатам.

— Макул. Жатарында мени ойготпо.

— Бул өтүнүчүңүз аткарылбайт.

— Жинди...

Карачач жатаканага кирип, эшигин жаап алганча, Сали мейманкананын ортосунда күтүп турду. Кийин өзү да ишканасына кирип, эшигин жаап алды. Кирер замат көзүнө капкара кооз телефон урунду. Сали босогонун алдынан жылбастан телефонду мелтирей карап туруп калды...

IV

Жарым сааттан кийин Басилердин үйүндө коңгуроо чырылдады. Баси али уктай элек болучу. Чоң диванда чалкалай жатып алып китеп окуп аткан. Дароо ордунан чапчаң туруп, телефондун трубкасын алды. Бирок трубкадан үзгүлтүксүз гудок угулуп туруптур. Баси, чырылдаган — эшиктин коңгуроосу экенин түшүндү. Ал, бул ким болуп кетти дегендей түр менен коридорго чыкты.

— Бул ким? — деп сурады эшиктин алдына келип, чочулаган үн менен.

Сырттан: «Менмин, Салимин» деген үн чыкты.

Басинин жаны жай ала түштү. Ошентсе да эшикти дароо эле ача бербеди.

— Сен эмне, жинди болдуңбу? — деди кичине ачууланган болуп. — Саат бир болуп калды. Коңшулар кокусунан көрүп калышса эмне дейт?

— Эч бир жан көргөн жок, — деди Сали. — Машинени көчөгө койдум.

— Баары бир. Анын үстүнө мен уктап атам.

— А чырагың күйүп турат.

— Болуптур. Эмнеге келдиң эми?

— Сүйлөшкөнү.

— Сүйлөшкөнгө эртең да күн бар.

— Эртеңге чейин жүрөгүм жарылып кетет.

Баси мулуюп койду.

— Күтө тур, кийинип алайын.

Баси халатчан эле, ача берсе да болмок. Бирок ал кичине убакытты утуп, даярданып алгысы келди. Күзгүнүн жанына басып барып, өзүн сынай карап туруп калды.

Баси нооча, кымча бел кыз. Көздөрү маралдын көздөрүндөй жоодурап, каштары эки жакка карай түтөп турат. Өзү шаарда туулуп-өскөнү менен, куду илгерки замандын кыздары тагынчу сырга, мончокторду тагынып жүрөт. Бул шаан-шөкөттөрдүн баарысы ага абдан жакшы жарашат.

Ал чачтарын оңдоп, беттерин сылап бирпаска күзгүнүн маңдайында турду да, кийин чечкиндүү барып Салиге эшик ачты. Сали плащчан, беретчен экен.

— Кир.

— Менин сулуум.

Сали кыздын чекесинен эркелете өөп койду. Экөө ээрчишип мейманканага киришти.

— Отур,— деди Баси, диванды көрсөтүп.

Сали диванга отурду. Отурар замат диванда жаткан солдат жигиттин фото сүрөтүнө көзү түштү. Ал сүрөттү колуна

алып, солдатты кош көңүл карап, анан сүрөтүн оодарды. Артында жазуусу бар экен.

— «Менин эң жакшы көргөн адамым Басиге»,— деп окуду Сали. Мм... Ушундайбы али?

— Ушундай, — деп койду Баси. Сүрөттү Салинин колунан алып, биринчи жолу көргөнсүп карап калды. — Сулуу жигит бекен?

— Мм... Түзүк эле.

— Сулуу жигит. Байкушум... Эгер окко учпаганда, ушул ай, ушул күндөрү бошоп келип калмак.

— Окко? Каяктагы окко?

— Артык чек арада кызмат өтөп жүрчү. Быйыл жазда, каргаша болуп, биздин чекти бирөөлөр бузуп өтөт. Артык алар менен аткылашат, сайгылашат, акырында өзү баатырларча курман болот. «Капкарангы түн болчу, —деп жазат командири. — Артык шыбак баскан талаада чалкасынан түшүп, жылдыздуу асманды карап жатыптыр...»

— «Кандай сонун өлүм!» — деп айтмак Кутузов эгер муну көргөндө,— деди Сали какшык менен.

— Кудайдан үмүтү жок, — деди Баси буга таарынып. — Өлгөн кишини да ушинтип шылдыңдайбы?

— Кечирип кой, бирок сен Артыгындын өлүмүн куду Толстой Андрей Балконскийдин өлүмүн сүрөттөгөндөй сүрөттөп атасың.

— А мен сүрөттөп атканым жок. Мен анын командиринин катын айтып берип жатам.

— Макул. Сөзүмдү кайра алдым. Демек, бул жаш баатыр сенин жакын кишиң болгон экен да?

— Кайтып келсе, үйлөнмөкпүз.

— Мына эмесе.

— Биз али бешикте экенибизде эле ата-энелерибиз кудалашып, мага сырга салып коюшуптур. Биз бирге чоңойдук, бир мектепте окудук... Айт сайын, майрам сайын ал мага, колуктусу катары, ар түркүн белек берип турчу...

— Эмне үчүн мага бул жөнүндө мурда айтпадың?

— Сага мунун эмне кереги бар эле...

Экөө тең унчукпай калышты. Сали сөздү башка жакка бургусу келди.

— Көрүшпөгөнүбүзгө көп болуп кетти,— деди ал кыздын ийинине колун коюп.

— А мен сени бүгүн көрдүм,— деди Баси.

— Каерде?

— Театрда.

— Эмне, спектаклге бардың беле?

— Угу...

— Анда неге мага учурабадың? Басып келбейсиңби, куттуктабайсыңбы...

— Мен сени куттуктадым. Гүл тапшырдым. Теңтуш кызым аркылуу.

— А-а, ошол кыз сенин теңтушуң беле? Мм... Эми түшүндүм.— Сали ордунан туруп, нары-бери баса баштады.— Демек, театрдан чыккандан кийин теңтушуң экөөң туура ушул үйгө келесиңер. Бул жерде өзүңөргө чай кайнатып, куймак бышырганча, көрүп келген спекталь жөнүндө, мен жөнүндө сүйлөшө кетесиңер. Кокусунан, теңтушун: «Баси, а Баси! Кел, Салиге телефон чалып, сынап көрөлү?» — деп калат. Сен колдоп кетесиң? Ушундайбы?

— Калп айтам: мен театрга бармакчы элем, баралбай калдым. Сенин театрда болгонунду сага гүл тапшырган кыздан уктум. Телефон аркылуу.

— Телефон аркылуу... Мындайча айтканда, ал кыз сенин үйүңдөн чыккан жок, сенин сырыңды укkан жок?

Баси аргасыздан жылмаят.

— Туура. Сага телефон чалган ал эмес.

— Анан ким?

— Мен.

— Мен?!

— Ооба.

— А-а, ушундайбы? — деди Сали, кайрадан жандаңып. — Түшүнүктүү. Ээн үйдө жалгызсырайсың. Зеригесиң. Мен жөнүндө ойлой кетесиң. Экөөбүз бирге өткөргөн күндөр эсиңе түшөт. Ысык-Көлдүн жээги... Сары-Челек... Билинбей отуруп мага жүрөгүң жибийт. Алма-Атанын мейманканасындагы таарынчыңды да унута баштайсың. Кайрадан мени менен жолугушкуң келет. Жолугушуунун жолун издейсиң. Түз эле телефон чалганга намыс кыласың. Ойлонуп-ойлонуп отуруп... баланы ойлоп табасың...

Сали булардын баарын оюнга салып айтты. Бирок ушундай болуп калгай эле деп, Басини үмүттүү карап туруп калды. А Баси мунун оюн түшүнүп, кытмыр жылмайып койду.

— Өтө жакшы кураштырдың, — деди ал.— Жазуучусуң да. А мен анте албайм. Менин сөздөрүм жөнөкөй, орой угулат. Мына угуп тур: — Сали, менин чын эле боюмда бар.

— Калп! Ишенбейм! — деп жиндене сүйлөдү Сали. — Өзүңдү карачы, ишен беш айлык боюнда бар аялга окшоп турасыңбы?

— Ишенбесең, эмнеге келдиң?

— Сени көрө электе ишенгем, эми ишенбейм.

— Эмне экен, анда жолунду ал. Экөөбүздүн мындан башка сүйлөшөр сөзүбүз жок.

Сали, албетте, кеткен жок. Кайра жоошуй түшүп, унчукпай отуруп калды.

— Болуптур,— деди бирпастан кийин.— Сен өзүң качан билдиң муну?

— Төрт ай илгери.

— А мага эмне үчүн мурдараак айтпадың?

— Биз экөөбүз урушуп ажырашканбыз. Сен мени катуу таарынткансың. Шондуктан, сага айтпай туруп төрөгүм келген. Төрөгөндөн кийин да билгизбейм дегем. Мейли, өзүнүн балалуу болгонунан кабары жок, балам жок деп ак эткенден так этип, төрөбөс аялынын жанында жашап жүрө берсин деп ойлогом. Ушинтип сенден өч алмак болгом.

Салинин үрөйү учуп, секин ордунан турду.

— Токточу...— деди ал кичине тамагы буулуп.— Сен, эмне баланы төрөгөнү атасыңбы?

— Ооба,— деди Баси таңыркаган түр менен.— Антпесем аны неге көтөрүп жүрөм, алдырып таштабайт белем эчак эле.

— Бирок... биз экөөбүз эрди-катын эмеспиз да? Менин үй-бүлөм бар, сенин... күйөөң жок. Закон кандай карайт буга, эл эмне дейт?

— Эмне, закон менен эл-журт биринчи көрүп атыптырбы бизге окшогондорду?

— Биринчи жолу эмес, албетте. Бирок көрүп калса, закон жазалап, а эл-журт ушактап келатпайбы?

— А-а, эми түшүндүм. Сен жаза менен ушактан коркуп аткан турбайсыңбы.

— Ананчы! Болбосо эмне...

— Анда мындай. Баланын атасы сен экенинди азырга чейин энесинен башка эч ким билбейт. Мындан ары да эч ким, эч качан билбейт. Демек, сени эч ким жазалабайт да, эч ким сөз кылбайт. Уктунбу? А мен болсо эчтекеден коркпойм: жазаласын, ушактасын — баары бир төрөйм. Төрөйм, чоңойтом!

Сали дароо жеңилдей түштү. Жүзүндө бактылуу жылмаюу пайда болду. Кызды эки колдоп ийинден алды да, эриндеринен өптү.

— Андай болсо, мен — бала үчүн? — деди энтиге.

Баси аны менен көпкө чейин көздөшүп туруп, кокусунан күлүп жиберди.

— Эмне күлөсүң? — деди Сали таңыркап жана шектенип.

Баси анын колдорунан боюн бошотту.

— Ушинтээр бекен деп ойлогон элем,— деди анан сабыры суз түрдө.— Ойлоп, корккконмун. Эми минтип ойлогон оюм онунан чыгып отурат.

— Ал эмне дегениң?

— Сали, кадырың жам болсун: менин боюмда бала жок. Бар болгону, мен өзүмдүн энсеген оюмду оюнга айланттым. Оюн бүттү...

Сали оозу аңырайып туруп калды.

— Жез кемпир! — деди анан ачуулуу. А Баси буга жылмайып гана койду.— Оюн! Буга баары — оюн!

Сали чөнтөгүнөн сигарет алып чыкты. Сигарет тутантып атып, столдун үстүндө жаткан сүрөткө көзү түшүп калды.

— Мүмкүн, айдың талаада автомат кучактап өлүп жаткан арстан дагы оюндур? — деди ага башын жаңсап.

— Оюн, — деди Баси күлүп.

Аны карап туруп Сали да күлүп жиберди.

— Кандай, оор жүктөн кутулдуңбу? — деп сурады Баси.

— Угу...— деди Сали.— Бирок... бала төрөлбөй калды да...

— Ал төрөлмөк. Сен аны өлтүрдүң.

Сали башын ийкеди.

— Бул туура...

Кийин кош дегендей кол булгап, унчукпай үйдөн чыгып кетти. Көп өтпөй анын жол боюна коюлган «Жигулиси» ордунан олдоксон козголуп, уктап жаткан шаардын ээн көчөсү менен шуулдап жүрүп берди. Сали дароо күзгүгө карады. Карап, өзүнө өзү мулуюп койду. Кийин радиосун ачты. Салондун ичинде жеңил музыканын илеби пайда болду...

Кокусунан жолдун четинде отурган чоң мышыкты көрүп калды. Дароо кошунасынын жоголгон мышыгы эсине түштү. А секиндеп барып мышыктын тушуна токтотту. Бирок мышык ошол замат килтендеп качып берди. Сали анын артынан караган бойдон ордунан козголду. Бирпастан кийин үйүнө келди...

Үйүнө кирип баратып, эшиктин оозундагы скамейкада отурган аялды көрүп, чочуп кетти. Карачач экен деп ойлоду адегенде. Бирок кудай жалгап, кошунасы Вера Петровна болуп чыкты.

— Ой, эмне кылып отурасыз бу жерде? — деди буга сүйүнүп.

— Жылдыздарды карап,— деди Вера Петровна.— Бүгүн асманда жылдыз көп.

Сали бүгүнкү түнү биринчи жолу асманды карады.

— Чын эле...— деди ал.

— Билесизби, бир кемпир айтат: акылдуу мышыктар үйүнөн адашканда, үйүнөн канчалык алыс кетпесин, түндөлөрү жылдыз санап отуруп, акыры үйүн таап келет дейт. Көрдүңүзбү, жылдыз санап?! А менин мышыгым акылдуу мышык болучу, ал сөзсүз жылдыздарды санай билиши керек...

— Ананчы, ананчы,— деди Сали, аялдын көңүлүн көтөрүш үчүн. — Айтканыңыз келсин ылайым. Кош болуңуз.

— Жакшы түш көрүп жатыңыз...

Сали караңгы подъездге кирип, мышыктай жеңил басып, мышыктай аяр басып өз квартирасына көтөрүлө баштады. Үйүнө кирген соң, ошол эле аярлыгы менен акырын чечинип, секин барып аялынын койнуна кирди.

Карачач камырабай уктап атыптыр...

V

Сали кеткенден кийин жарым саат өтпөй, эшик дагы чырылдады. «Эми эмнеге кайтып келет?» — деп Басинин жини келе түштү. Ошо жиндегенден бойдон барып эшик ачты. Бирок босогодо Сали эмес, сүрөттөгү солдаттын өзү — Артык бажырая күлүп туруптур. Артык узун бойлуу жүзү ыймандуу жигит эле.

— Ой, Артык! — деп сүйүнүп кетти Баси.

Артык ага честь берип калды.

— Сержант Баатыркулов Артык аскер кызматын бүтүрүп, өзү айткан ай, күнүндө алдыңызга келип турат!

Баси ага кол сунду.

— Куш келипсиз, жолдош сержант.

— Кудай кушбак кылсын.

— Кана, төргө өт, чечин. А мен чай коёюн.

— Чайды анан ичебиз. Баси,— деди Артык шапкесин мыкка илип, чемоданын бурчка коюп жатып.— Андан көрөкчө бирпас мандайымда турчу, жакшылап көрүп алайын.

— Макул,— деди Баси. Анан Артыктын алдында айланып, тез бурулду.— Мына көрүп ал.

— Мм... Ушундай келишкен кыз болуптурсуз, ээ?— деди солдат суктанып.

— А сиз ушундай келишкен жигит болуптурсуз да. Пай, пай, пай...

Экөө тең күлүп алышты.

— Айткандай, мен бакылдап эле сүйлөп атам да, — деди Артык коншу бөлмө тарапка баш ийкеп. — Уктап атабы?

— Апам үйдө жок,— деди Баси.— Москвада, ооруканада жатат.

— И-и качантан бери?

— Көп болду.

— Түзүкпү анан?

— Угу. Он күндөн кийин үйгө келет.

— Ой, жакшы болгон турбайбы.

Артык эми гана шинелин чечти. Анын көкүрөгүндө көп сандаган БГТО, ГТО, комсомол значоктору менен кошо бир медалы бар экен. Басинин медалга көзү түштү.

— Кана, кана,— деди ал.— Баягы медалың ушулбу?

— Ушул,— деди Артык көкүрөгүн тосуп.

Баси медалды кармалап көрдү.

— Ой, ушу сен эрдик жасадың ээ?— деди.

— Ананчы! — деди Артык.— Азамат бекенмин?

— Азаматсың, азаматсың,— Баси ийиндерин алаканы менен чаап-чаап койду.— Кана, отур эми, эс ал.

Артык диванга олтура кетти, а Баси анын маңдайында кол куушуруп туруп калды.

— Ок тийген жериң айыгып кеттиби?— деп сурады ал.

— А-а, ошондо эле айыккан, — деди Артык камырабай. — Кичине эле жанып кеткен болчу да.

— А эми айтчы, эмне үчүн командириндин катын мага жиберттиң?

— А-а...— деди Артык кичине уялгансып.— Мен али госпиталда болчумун. Бир күнү командирибиз келип, мен сенин эрдигиң жөнүндө өзүңдүн жакындарыңа жазып жиберейин, сүйүнүп калышсын, — деп калды. — А менин эки эле жакын кишим бар — дедим. Бири — чоң энем, айылда жашайт, экинчиси — колуктум, шаарда жашайт. Кечирип кой, мен сени ошентип койдум? — Баси күлүп, башын чайкап калды. — Чоң энем кат тааныбайт — дедим. Кокус менин жарадар болуп ооруканада жатканымды билсе, ал киши ийнине куржунун асынып, колуна таягын таянып алып, мени көздөй жөнөп берет. Ошондуктан, кары кишини убара кылбай эле, колуктума жаза бериңиз. Ал бийкеч биздин ким экенибизди билип койсун дегем...

— Жакшы кылыпсың,— деди Баси.— Мен ал катты апама окуп бергенмин. Апам бечара куду өз баласына сүйүнгөндөй сүйүнгөн. Ал сени жакшы көрөт эмеспи.

— Мен дагы ал кишини өз энемдей жакшы көрөм.

— А менин жообумду командирин сага айттыбы?

— О-о, ананчы! Дем алыш учурунда баарыбызга окуп берген. Ошондо менин көңүлүмдүн көтөрүлгөнүн айтпа, сыймыктанганымды айтпа...

Артык ордунан тура берип, столдун үстүндө жаткан өзүнүн сүрөтүн көрүп калды.

— А-а, биз жаткан турбайбызбы бул жерде бакыйып,— деп койду, көңүлү курсант болуп.

— Кечирип кой, тосуп чыга албай калдым,— деди Баси.— Жакшы эле уктабай, саат экини күтүп отурдум эле, кокусунан үйгө киши келип калды...

— Тосуп чыкпаганың деле жакшы болуптур. Эшик абдан суук болуп турат. Анын үстүнө биздин поезд жыйырма минут кечигип келди. Мен бир чети, сени вокзалда болсо экен деп тилеп келатсам, бир чети уйкудан калып, суукта үшүп турса керек байкушум деп, аяп келаттым?

— А келсең, вокзалда мен жокмун...

— Келсем, сен жоксуң. Бардык жүргүнчүлөрдү тосуп алып жатышат. А мен болсо жападан жалгыз эки жагымды элендеп туруп калдым.

— Бечарам,— деп Баси Артыктын чачтарын аймалап койду.

— Тосуп чыкпаганыңа деле кайыл элем,— деп улады Артык, бирок бүгүн өзүндү көрөмүн деп делгирип келгенмин. Ушуга аябай ичим ачышты. Туруп, туруп, мейли эми, азыр болбосо саар менен учурашабыз дедим да, таксиге отуруп, мейманканага кеттим. Мейманканага келсем, кашайып орун жок. Экинчисине барсам — дагы жок. Үчүнчүсүндө дагы...

— А эмне үчүн туура эле келе бербединг? Сени бул үйдөн ким кубалап чыкмакчы эле? Мурда деле түнөп калып жүрчү элең го?

Артык бажырая жылмайды.

— Калп айтам,— деди анан.— Туура эле ушул жерге келдим... Карасам, таң атканга чейин сени көрбөстөн туралчудай эмесмин. Болбосо, вокзалда деле түнөп калмакмын.

— Апенди,— деп койду Баси күлүп.— Коош, ушинтип кутулуп келип калдың? Эми эмне кыласың? Кайра өз заводуна барасыңбы?

— Жок, Баси? Өз кыштагыма кетем.

— И-и? Шаарлык болмокчу эмес белең?

— Чынымды айтсам, шаарлык болоюн деген деле оюм жок болчу. Мен бул жерге окуп, билим алмакчы болуп кел-

генмин. Бирок өзүң көрүп, мединститутка өтө албай калдым? Ошондо эле кетип калмакмын. Бирок экзамен тапшырып жүрүп сени менен таанышып, кийин сени таштап кете албай, аргасыздан заводго орношуп калганмын. А заводдон армияга алып кетишти...

— А эмичи?— деди Баси мугамыр жылмайып.— Эми мени таштап кете бересиңби?

— Жок, Баси. Амалым жоктуктан гана кетип баратам.

— А анчалык эле эмне зарылчылык болуп кетти?

— Чоң энем чакырып атат. Беш күн болсо да жанымда бол, — дейт. Үйлөн, сенин баланды көтөрүп жүрүп өлүп кетейин, — дейт. А мен анын айтканын кылышым керек, Баси. Менин атам да, энем да ошо кемпир. Муштайымдан багып чоңойткон адам. Эми карыганда аны кароосуз таштап коюп, өзүмдүн бул жакта жүрүшүм окшобой атат. Аз болсо да жанында жашап, кызматын кылып, карызымды кайтарайын...

— Туура кыласың,— деди Баси.

Артык бир нерсени айта албай кыйналып калды.

— Баси...— деди акырында. — Андан көрө, мени менен жүрбөйсүңбү?

— Эмне үчүн? — деп таң калды кыз.

— Мм... Жер көрөсүң, эл көрөсүң...

— Ой, окуумду эмне кылам? Анын үстүнө апам келет жакында. Мен үйдө болушум керек.

— А сен ага чейин келип каласың! Мен өзүм алып келем. Мен дагы ал киши менен жүз көрүшүп, ал-акыбалын сурап кетишим керек. А Баси? Жүрсөң? Чоң энем абдан сүйүнүп калат эле.

— А эмне үчүн ал киши менин барганыма сүйүнүшү керек?

— Билесиңби, өткөн жылы отпускеден кайтып жатканымда, кемпир ыйлактап, сенин кайтып келишиңе бар боломбу, жок боломбу, сенин аялыңды да көрбөй калат окшоймун, сенин баландын үнүн укпай кетет окшоймун дей бергенинен, мен анын көңүлүн көтөрүш үчүн: сен мен келгенче өлбөй тургун, чоң эне, менин Фрунзеде колуктум бар, аскерден бошоп келатып аны ала келемин, андан көрө тойго камына бер, — деп койдум эле. Бекер айткан экенмин. Мен кеткенден бери кемпир тойго даярданып атыптыр. Ал тургай, күн мурунтан элди да тойго чакырып коюптур. Жакында бир тентушумдан кат алдым. Бүт айыл сенин тоюңду жейбиз деп күтүп атат — деп жазыптыр. Эмне кыларымды билбей калдым. Кокоюп жалгыз барсам, чоң энем байкуш ого күнү мүрт кетеби деп коркуп атам...

— Ох, Артык, Артык, бала экенсиң да,— деди Баси чын дили менен кейип.— Кана айтчы, сени мен сүйөмүн деп айттым беле? Эч?

— Жок,— деди Артык сабыры суз.

— Мен сени күтөмүн деп убада бердим беле?

— Жок. Эмне үчүн минтип сурайсың?

— Кудайга шүгүр,— деди Баси, куду өзүнө өзү айткандай. — Эң кур дегенде сенин алдында айыбым жок.

— Айыбың жок, — деди Артык дагы.

— Артык, сен мага үйлөнгүң келет, ушундайбы?— деп калды кокусунан Баси.

— Сени биринчи көргөн күндөн бери тилеген тилегим ушул,— деди Артык ак дилинен.— Сен билбейсиң, бул өткөн эки жыл мен үчүн ушунчалык кыйын да, ушунчалык бактылуу да жыл болду. Мен ой-кыялымда сени менен гана жашап келатам.

— Рахмат. Мен да сени жакшы көрөм, Артык. Сен мага бир тууганымдай болуп калдың. Бирок мен сага күйөөгө чыга албаймын...

— Билем...

— Эмнени билесиң?!

— Мен сенин теңиң эмесмин.

— Теңимсиң. Сен менден жогору турасың, билсең. Бирок кеп мында эмес...

— Анда эмнеде?

— Мейли, айтып берейин. Менден көңүлүң калсын, күдөрүң үзүлсүн... Артык, мен бир аялы бар адамды сүйүп калдым. Ал адам сенин алдыңда ушул жерден чыкты. Чыгып, аялынын алдына кетти.

— Мм... Эми эмне болот?! Ал киши аялын таштап, сага үйлөнөбү?

— Жок.

— Эмне, сени менен жашаганды каалабай атабы?

— Мен каалабадым аны менен жашаганды. Мен муну бүгүн түшүндүм.

— Демек, башың бош экен да?!— деп кыйкырды Артык сүйүнүп.

— Бош...

— Анда кеттик, Баси! Бизди той күтүп атат!

— Жинди...— деди Баси.— Төө десем, бээ дейт...

А Артык болбой эле албууттанып алды.

— Биз үйлөнөбүз... Балалуу болобуз... Балабыз сени «аа» деп, мени «ат-оо» деп чакырат...

— Тобо, ушундай да адамдар болот экен ээ?

— Мен ага жыгачтан желбешик жасап, гүлдөгөн шабдаалынын шагына асып коём,— деп кыялданды Артык, кызды карабастан,— аарылардын ырын тыңшап ойноп жата берсин...

— Каяктагы шабдаалыны айтып жатасын?— деди Баси аргасыздан.

— Биздин үйдү туш-тараптан шабдаалы даректары курчап турат,— деди Артык ага бурулуп.— Өтө көп шабдаалылар. Мен өзүм тигип көгөрткөнмүн. Беш жыл илгери. А азыр баары мөмө берип калды. Бирок мен алардын мөмөсүнөн дагы, гүлдөгөн мезгилин жакшы көрөм. Ой, ушундай ажайып гүлдөйт дейсиң. Үйүбүз суунун боюнда да. Шабдаалылар гүлдөгөн учурда, наркы өйүздөн сууга түшкөн кыз-келиндер, сууларын сузуп коюп, биздин үй жакты эле карап туруп калышат...

Баси баягыдан жандана баштады.

— Үйүбүз суунун боюнда дейсиңби?— деп сурады кызыгып.

— Кичине дарыянын жээгинде,— деди Артык.

— Үйүңөргө анын шоокуму угулуп турар?

— Ооба, күнү-түнү дебей шаркырап турат. Анын суусу ушунчалык тунук, күндүзү болобу, же айдын жарыгында болобу, таштардын арасында жаткан форель балыктарын көрөсүң. Балыктар абдан баёо. Бир жолу мен ат жетелеп өтүп келатып, колум менен эле бирөөн кармап алганмын...

— Эмне, атыңар да барбы?

— Бир картаң бээбиз бар. Бирок жылына бирден кулун тууйт. Өзү абдан жоош. Дарыянын өйүзүндөгү шиберге кулуну менен байлап коёбуз да, энем экөөбүз алмак-салмак саап өтүп турабыз. Бир жаман адаты — такыр көпүрөдөн өтпөйт...

— Көпүрүңөр кичине да,— деди Баси дагы кыялга берилип.— Эки-үч эле эски жыгачты жаткырып койгонсунар...

— Туура,— деди Артык таңыркап.— Бирок сен муну каяктан билесиң?

— Жазында суу киргенде аны улам агызып кетип турат. Ооруканасына шашып бараткан кыз башка көпүрө издеп, сууну бойлоп чуркап жөнөйт...

Артык кыздын оюнуна кошулду.

— Эгер ал врач кыз мени үйүмдөн чыгып, менин үйүмө кайтчу болсо, ал үчүн күн сайын жаңы көпүрө салып берип турат элем.

— Эх, кандай бай адамдарсыңар...

— Бул эмне дегениң?

— Жанагы сенин алдында чыгып кеткен адамдын өз үйү, дачасы, машинеси, атак-даңкы бар. Ал адам булардын баарын жакшы көрөт. Эч кимисин эч нерсеге алмашпайт. Ал турмак сүйүүгө дагын... Сен болсо, бир сулуу кышактын ээси экенсиң. Менин гана эч бир эчтекем жок.

— Кааласаң, менин кыштагым — сенин кыштагың болот! — деди Артык. — Бул аздык кылса, мен сага бүткүл Кыргызстанды тартуу кылам!

— Чын элеби?! — деп делгирди Баси.

— Бүткүл тоо, токойлору менен; миндеген дайра, көлдөрү менен; көркүнө көз тойгус чөлдөрү менен; мээнеткеч, сыпайы элдери менен. Бардыгы сеники болот!

— Бардыгын мага берип коюп, өзүң эмне кыласың?

— Уруксат этсеңиз, өзүмдү да сиздин колуңузга тапшырсам. Өмүр бою кызматыңызда болот элем.

— Колундан эмне келет?

— *Жоокер* болуп, чек араңызды коргоймун. Уста болуп, *үйлөрүңүздү курамын*. Дыйкан болуп, эгининизди эгемин. *Малчы болуп*, малыңызды багамын. Карып-арыгыча айныбай өзүңүздү сүйүп өтөмүн. Көп сандаган балдарыңызга ата болуп беремин...

— Болуптур,— деди Баси.— Ушу минутадан баштап, бүт Кыргызстан, анын ээси менен кошо менин менчигиме айланып, турмушума кирсин.

— Рахмат, ханышам...

Артык кыздын алдына чөгөлөп, ага таазим урду. Баси эңилип, анын мандайынан өптү.

1970

Аңгемелер



— Бул эмне дегенин?

— Жанагы сенин алдында чыгып кеткен адамдын өз үйү, дачасы, машинеси, атак-даңкы бар. Ал адам булардын баарын жакшы көрөт. Эч кимисин эч нерсеге алмашпайт. Ал турмак сүйүүгө дагын... Сен болсо, бир сулуу кышактын ээси экенсиң. Менин гана эч бир эчтекем жок.

— Кааласаң, менин кыштагым — сенин кыштагың болот! — деди Артык. — Бул аздык кылса, мен сага бүткүл Кыргызстанды тартуу кылам!

— Чын элеби?! — деп делгирди Баси.

— Бүткүл тоо, токойлору менен; миндеген дайра, көлдөрү менен; көркүнө көз тойгус чөлдөрү менен; мээнеткеч, сыпайы элдери менен. Бардыгы сеники болот!

— Бардыгын мага берип коюп, өзүң эмне кыласың?

— Уруксат этсеңиз, өзүмдү да сиздин колунузга тапшырсам. Өмүр бою кызматыңызда болот элем.

— Колуңдан эмне келет?

— Жоокер болуп, чек араңызды коргоймун. Уста болуп, үйлөрүңүздү курамын. Дыйкан болуп, эгининизди эгемин. Малчы болуп, малыңызды багамын. Карып-арыгыча айныбай өзүңүздү сүйүп өтөмүн. Көп сандаган балдарыңызга ата болуп беремин...

— Болуптур,— деди Баси.— Ушу минутадан баштап, бүт Кыргызстан, анын ээси менен кошо менин менчигиме айланып, турмушума кирсин.

— Рахмат, ханышам...

Артык кыздын алдына чөгөлөп, ага таазим урду. Баси эңилип, анын мандайынан өптү.

1970

Дүйнөлөр



БУУРУЛ ТҮНДӨ ТУУЛГАН КЫЗ

Абышка бир айдан бери сегиз жашар небереси менен Арсланбаптын түнт токоюнун адам буту басып бара элек жапайы төрүндө жаңгак терип жүрдү. Ал бул токойго жыл сайын келет. Бирок дайыма жалгыз. А бу жолу картаң бээсине учкаштырып, өткөн жылы кургак учуктан каза тапкан кызынын жалгыз баласын да ээрчите келди. Антпесе, жаш баланы алыскы тоо этегиндеги, ээн эски тамга жалгыз калтырып кетүү мүмкүн эмес эле.

Кеч күз болучу. Ой-кырын токой баскан тоолор, саргара бышкан бариктерден улам, вулкандар сыяктуу жалындап турат. Жаңгактар шактарынан эчак күбүлүп түшүп, аларды тынымсыз жаап турган бариктер көөмп калган. Алмалар да газан болгон. Алчалар жаңыдан күбүлө баштаган. Даректарга жана аскаларга чырмалышкан жүзүмдүн мөмөлөрү өтө бышып кеткендиктен, бүрүшүп соолууга өткөн.

Абышка менен небереси кылымдар жашаган картаң, төбөсү менен көктү сүзгөн бийик, алты азаматтын кучагы жеткис жоон чынардын түбүндө: астыларына күзгү жер жазданып, үстүлөрүнө айлуу түн жамынышып, жашап жүрүштү. Алардын терген жаңгактары да Ош менен Жалал-Абаддын базаларын күтүп, ой-дөбө болуп ошол жерде жатат.

Булар үйлөрүнөн эч кандай азык оокатсыз чыгышкан. Ошондуктан алар жалаң гана токойдун жемиштери менен оокат кылышчу: атайын жасалган учу айры таякчалары менен бариктердин арасынан жаңгак чукулашып жүрүп, тунук сары алмаларды таап жешчү; төө менен тайлак сыяктанышып, алчалардын мөмөлөрүн сыдырышчу; чарчашса, олтуруп алышып, жаңгак чагышчу; суусашса, жүзүмдүн ширелүү суусун сорушчу; бирок жүзүмдү көбүнчө эчкинин терисинен жасалган чаначтарына толтура эзишип, кийин аны беш-алты күн ачытып коюшуп, анан ичише турган. Жүзүмдүн ачытылган суусу ток тутчу. Ошондой эле кээде көңүлдү көтөрүп, шире кайп кылганга чейин бара турган.

Жаңгакты алар эртеден кечке чейин теришчү. А кечинде өздөрүнүн картаң чынарларынын түбүндө кургак шактардан улуу от жагышчу да, күңүлдөп сүйлөшүп

олтурушуп, убакыт өткөрүшчү. Бул учурларда абышка небересине жомоктор айтат. Көргөн-билгендеринен ар түрдүү окуяларды сүйлөй берет. Бир жолу абышка небересине кызык аңгеме сүйлөп берип, анын көзүнөн ысык жаштар төктүрдү.

Бул күнү алар өздөрүнүн жата конокторуна адаттан тышкары кечигип келишти. Келишип, күндөгүдөй эле өздөрүнүн кечки турмуштарын башташты. Бала жака-белдеги даректардын куураган шактарынан сындырып келип, от жагууга кириштн. Таятасы жакын жердеги суунун аркы өйүзүнө өтүп, картаң бээси менен учурашты, анын жонуна, куйруктарына жабышкан чөп-чарды тазалады. Кийин кайра келип небересине от жагышты.

Бир пастан кийин кургак отун чатырап күйүп, улуу жалын кызыл жоолук сыяктуу булактап, бийикке атырылып чыкты.

— Эми чаначты алып кел,— деп буюрду абышка небересине, өзү оттун жанына мандаш урунуп олтуруп алып.

Бала газанга көмүлүп жаткан чаначты сүйрөп келди. Абышка шашпастан анын оозун чечти. Чаначтан ачыган жүзүмдүн кычкыл жыты буруксуп, быжырап кайнаган дабышы угулду.

— Түзүк,— деди абышка. Кийин чаначтын оозун түрүп узакка жутту.— Ох! Жакшы ачыптыр, жаныбар, ме...

Ал чаначтын оозун, өзүн жалдырап карап, тамшанып турган небересине тутту. Бала тооктун жөжөсү сымак мойнун узун созуп жатып, канганча шимирди.

Мына ушундан кийин абышка жегдесинин чөнтөгүнөн теспесин сууруп чыгып, аны жай тартууга кириштн. Ошо эле учурда кыңылдап, өзүнүн эң жакшы көргөн ырын баштады:

«Мас булбул жол алды гүлүстөн жакка...»*

Ал чыгыштын классик акындарынан көп ырларды жатка билүүчү. Ал турмак өзү да бир убактарда араб алфавити менен сүйүү жана шарап, өмүр жана өлүм жүнүндө рубаилер жазган. Ал рубаилер чийилген дептерлер, чириген самандай саргайып, чаң басып, жаман үйдүн шыбында алиге чейин кыстарылып турат.

Абышка ырдаган рубаисинин аягына чыгып, аны кайрадан баштады. Балага анын бул ыры жат болучу. Ал күн сайын кайталана берип, аны жадатып бүтүргөн эле. Ошон-

*Омор Хаямдан.

дуктан унчукпай ордунан туруп барып, чынарда илинип турган комузду алып келди.

Абышка муну түшүндү да, теспесин кайра чөнтөгүнө салып комузду колуна алды:

— «Бегарстан Тайшиниби?» — деп сурады ал небересинен.

Абышка кыргыздын көп эски күүлөрүн чертчү. Бирок балага алардын ичинен «Бегарстан Тайши» айрыкча жага турган. Ал аны күн сайын угуудан да жадачу эмес.

— А-а,— деди бала, таятасынын маңдайына олтура берип.

Абышка бир топко комузун күүлөдү. Анан небересинен:

— Айтып чертейинби? — деп сурады. Тиги чоң-чоң көздөрүн бакырайтып, таятасын таң калгандай карап калды.

— А анын айта турган окуясы да барбы?

— Ананчы. Эмне, мен сага айтып берелекминби?

— Жок, Сиз бардык күүлөрдү айтып чертчүүсүз. Бирок «Бегарстан Тайшини» бир да айткан эмессиз.

— Ошондой дечи. Анда угуп олтур.

II

Абышка токсон жашта эле. Бирок карылыгына карабай өтө сөөлөттүү көрүнүүчү. Анын жаактарын, ээгин каптаган өтө коюу сакалы да, башындагы сейрек чачтары да айлуу түндөгү кар сыяктуу агарып, алардын арасынан араң бөлүнүп турган картаң жүзү айдын бетиндеги кара такты элестетүүчү. Бийик жар сыяктуу көтөрүлүп турган өскүлөң, купкуу каштарынын астындагы караңгы үнкүрлөрдө жашынып жаткан көздөрү болсо, карт арстандын көздөрү сыяктуу заар чачып тура турган.

Ал башын төмөн салып, бир топко өзүнүн черткенин тыңшап олтурду. Кийин баш көтөрүп барып, өзүн кунт коюп күтүп олтурган небересине карап, аңгемесин баштады:

— Илгери, илгери,— деди ал,— мына ушул эле биздин Арсланбаптын этек жагында Кара-Дарыя менен Нарын дарыянын чатында бир уруу кыргыздар жашаган. Алар ошол кездеги бардык кыргыздар сыяктуу эле эгин эккени эгин эгип, мал бакканы мал багып, оокат кылышкан. Урууга Акмат менен Бегмат деген эки бир тууган баш-көз болуп турушчу. Алар сүлкүлдөгөн жаш, өтө акылдуу мырзалар эле. Акмат менен Бегматты эл жакшы көрүшчү. Анткени алар эл менен ысык, суукту кошо көрүшүп, дайыма алардын камын ойлошчу.

Мына ушул ага-инилердин бир Мактым аттуу жалгыз карындашы болгон. О, тайлагым, мен сага айтып берсем, ал ушундай зирек, бүт ааламды кыдырсаң табылгыс сулуу кыз эле. Анын жүзү толгон айдай нур чачып, көздөрү мына бул төбөбүздөгү жылдыздар сыяктуу чачырап туруучу. Анын чачы ашык-кеми жок кырк кулач болучу, тайлагым. Албетте, бул кыялкеч боз балдардын түшүнө кирчү гана сулуулук. Бирок сен ишенгин, тайлагым. Мактым ушундай сулуу болгон.

Анын минтип өзгөчө жаралып калганынын себеби бар: ал буурул түндө туулган кыз эле. Ооба, боз кыроодо, кишинин баарын ачкан буурул түндөрдүн биринде.

Садагаң кетейин, ал ушундай бир касиеттүү түн эле: бүт аалам буурул тартып, асман ушундай тунук, ушундай жылдыздуу болучу.

Мына ушул түндө Мактым төрөлдү. Аны, апасы токойдун этегиндеги айылда, айылдын четиндеги бийик дөбөчөдө, дөбөчөдөгү жалгыз тамда төрөдү. Төрөдү да, жайың жанатта болгур, энеси каза тапты.

Бул күнү атасы жана агалары ууга кетишкен. Үйдө эч ким жок болучу. Ошондуктан наристенин төрөлгөнүн да, ким жок болучу. Ошондуктан наристенин төрөлгөнүн да, энесинин өлгөнүн да эч ким туйбады. Бирок кичинекей Мактым көпкө чейин кароосуз калган жок.

Ошол бийик дөбөнүн так этегинде бир жапжашыл көл тоболо турган. Бул көлгө дөбөдөгү үйдүн, көлдү курчаган тогол

Ошентип, алар жардамга келишти. Келишип, өтө көп болушкандыктан кичинекей үйгө батышпай, жарымы тышта калышып, жарымы ичкериге киришти.

Үйдүн ичи караңгы болучу. Анын боорундагы терезе ордуна оюлган, төөнүн көзүндөй жалгыз тешиктен гана чубалган ичке жарык түшүп, жаныдан төрөлгөн наристенин бетин жаркыратып турган.

Үрдүн кыздары киришип, өздөрүнүн назик колдору менен эненин бетин жабышты. Ыйлап жаткан наристени колдоруна алышып, аны биринен бирине өткөрүшүп, өздөрү тегеректеп турушуп, бир укkан киши өмүр бою бактылуу боло турган уккулуктуу үндөрү менен ырдап киришти. Аларга тышта тамды айланып жүрүшкөн жалгыз тешиктен узун моюндарын созушуп, карап турушкан башка курбулары да кошулушту.

Наристе бир паста басылды. Анчыча таң атып кетти. Мактымдардын үстүнө, ошол айылдын жүз жаштагы эмчи кемпир туз сураганы кирди. Ал жез кемпир кейиптенген түрү суук кемпир болучу. А үрдүн кыздары түрү суук нерселердин бардыгынан коркушат эмеспи, алар үйдөн чуркап чыгышып, келген жолдору менен көлгө түшүп кетишти.

Кемпир иштин ал-жайына түшүнгөн соң, наристеге май жалатты, киндигин кести. Кийин элге, кыздын ата-агаларына кабар бердирди.

Абышка комузун бир паска тизесине коюп, эки колдоп, жанында сулайып жаткан чаначтын оозун ачты да, быжылдап кайнап жаткан жүзүмдүн суусунан канганча шимирип алды.

— Ох, ээн калгырдыкы,— деди ал,— чыныгы шарап болуп кеткен турбайбы. Ичесиңби?

Көздөрү караңгыдагы мышыктын көздөрүндөй жанып, жүрөгү туйлап олтурган небереси жооп берүүнүн ордуна:

— Анан эмне болду? — деп сурады.

— Анан,— деди абышка, комузун кайрадан колуна алып,— анан бир жаман иш болду.

— Жаман иш?..

— Ооба. Мен сага айттым эле го, Мактымдын чачы кырк кулач деп. Мына ошол чачын Мактым улуу дайрага гана жууй турган. Антпесе, кырк кулач чачты кантип жазып, кантип тарайт? Ал өзү жээкте калып, чачын сууга агызып жиберүүчү. Кырк кулач коюу чач кырк кулач жерге чейин чубалып, көбүктүү толкундар менен кошо буластап агып турчу. Анан аны жууга, бир уруу элдин бардык кыз-

келиндери катышчу. Мактымдын чачы жуулчу күнү-түнү, дарыянын жээги кызыл-тазыл болуп, шаан-шөкөттүү көңүл ачууга айланууучу. Кырк кулач чач бир күн кечке жуулуп, эртеси кечке өрүлө турган.

Бир күнү Мактым ушинтип чачын жуудуруп олтурганда, анын бир тал чачы түбүнөн жулунуп, сууга агып кетти. Мактым жана кыздардын бардыгынын эстери чыгып, аны кармап калыш үчүн дарыяны бойлой чуркашты. Бирок суу өтө улуу болгондуктан, чач эч кимге туттурбай агып кетти. Мактым ыйлап, ыйлап кала берди.

Анын бир тал чачы көпкөк толкундар менен кошо ойноп, бир нече күндөр, бир нече түндөр тынымсыз акты. Ал нечен-нечен булбулдуу бактарды бойлоп, нечен-нечен гүлстан талааларды аралады. Суу жээгиндеги сейил курган кыздарды суктандырып, суу жээгинде кир жууган жубанды таң калтырып, суу жээгинде кайырмак салып олтурган боз баланы кыялга батырып, түрдүү бейтааныш жерлер, бейтааныш элдерди артка таштады. Акырында, ал бир жерге келип, суунун ортосунда суу ичип турган кандайдыр тулпар сымак, келишкен аттын бутуна урунуп, андан ары кете албай туруп калды. Ошол замат ага аттын үстүндө башын төмөн салып, кыялга чөмүлүп олтурган жаш сулуу жигиттин көзү түштү. Жигит камчысынын сабы менен чачты эңип алды. Чачтын суудагы учун көрө албай тандады. Ал кызыгып, чачты колуна түрө баштады. Чач болсо суудан чыгып жатат, чыгып жатат. Аты суу ичип бүткөнчө араң түрдү. Түрүп болуп этектей алаканын жаап калган капкара чачтын түрмөгүн, каухарды тиктегендей суктана тиктеп калды. Ал таттуу кыялга кетти. «Бул жөнөкөй кыздын чачы эмес,— деди ал.— Мунун ээси адамдын акылы жеткис сулуу болуу керек. О, кандай жигиттин бактысына жаралды экен, бу кыз?»

Жигиттин аты Паиз эле. Ал калмактын тайшиси Бегарстандын бир кездеги баатыр жигиттеринин бири болучу. Каардуу жана митайым тайши анын сулуулугуна ичи тарып, өзүнүн хариндеги аялдардын көңүлүн ага бурбас үчүн, жигитти эркек улактарды бычкандай бычтырып койгон. Азыр аны жортуулдарга да алпарбай, харимди гана кайтартып койгон.

Мына ушул себептен улам Паиз өмүрүндө аялга ашык болуп, ашыктыктын лаззасин тарткан эмес. Эми болсо кандайдыр бир алыскы жердин, бейтааныш элдин кызынын бир тал чачын алаканына түрүп алып, ал жөнүндө ар түрдүү кыялдарга батып, көңүлү чөктү. Оттой жанган жаш

көздөрүнөн туптунук жаштар жылжып чыгып, алаканындагы чачка, атынын коюу жалына тамчылады. Ордого капалуу келди. Атын атбагарга берип, ындыны өчкөн калыпта харимге кирди.

Бул эң кооз имараттын ичи толо кыз эле. Бардыгы бири биринен өткөн сулуу, жаш кыздар. Алар ар түрдүү элдерден, ар түрдүү жерлерден алып келинген.

Кыздар ырдашып, бийлешип жатыптыр. Бегарстан тайши да ушул жерде экен. Ал кыздардын эң жашын, эң сулуусун тизесине олтургузуп алып, мүйүздөн жасалган идиш менен шарап ичип олтуруптур. Кыз байкуш шакектерге толгон назик колдору менен, анын бошогон идишине, мойну турнанын мойнундай узун гезеден шарап куюп берип, а Бегарстан тайши аны ичкенде, анын муруттарына тамган шарапты сүртүп коюп олтурат.

Паиз тыштан киргенде, тайши аны сүзүлгөн мас көздөрү менен карады. Ошол учурда Паиздин колундагы чач анын көңүлүн бурду. «Эй, сен эмне аттын куйругу менен кирдиң, бул жерге?» — деп ачууланды ал.

«Бул аттын куйругу эмес, таксыр,— деди жай гана. — Бул аялдын чачы. Болгондо да бир тал чачы».

Ошентти да, тайшинин мандайына басып келип, чачты чубай баштады. Чачтын узундугун көрүп, тайшинин оозу ачылып, колундагы шарабы чайпалып, кыздын жылаңач көкүрөгүнө төгүлүп кетти.

«Аялда мындай узун чач болбойт, акмак!»— деп кыйкырды ал.

«Болушу мүмкүн таксырым,— деди Паиз.— Албетте, мындай чач үрдүн кыздарындай сулуу кыздарда гана болушу мүмкүн».

Бегарстан тайшинин кызыгуусу артты. Ал тизесиндеги кызды тургузуп жиберип, Паиздин колунан чачты жулуп алды.

«Сен ошондой деп ойлойсуңбу?»— деп сурады ал.

«Ооба», — деди Паиз.

«А сен бул чачты кайдан таптың?» — Паиз чачты кантип тутканын айтып берди.

«Мм... андай болсо жигиттердин бардыгына айт: аскерлерди алыскы жолго даярдашсын. Мен бул чачтын ээсин, издеп чыгам»,— деди тайши.

Ошентип, тайлагым, Бегарстан тайши өзүнүн көп сан аскерин баштап, чач агып келген сууну бойлоп, чач агып келген жакты бет алып күндөп, түндөп жол жүрүүгө чыкты.

IV

Абышка комузун кайрадан тизесине коюп, кайрадан чаначты көтөрдү. Жүзүмдүн кара кочкул суусу анын купкуу сакалынан ылдый жорголоп, тизесине тама баштады... Бирок абышка сакалын да, тизесин да арчыган жок.

— Ичесиңби? — деп сурады ал небересинен.

Небереси унчукпай чаначтын оозун буруп, каалаганча жутуп алды. Оттун жалыны пастап, чокко айланып бараткан. Абышка жыгач көсөө менен анын айланасын чогултумуш болуп койду да, комузун кайрадан колуна алды.

— Бир күнү Акмат менен Бегмат ууга кетишкен,— деди ал небересинин, кыпкызыл чоктун дөбөчөсүнө чагылышып турган көздөрүнө карап. — Мактым келин-кыздарга чачын өрдүрүп суунун жээгиндеги майданда олтурган.

Мына ушул учурда күтпөгөн жерден жер дүңгүрөп, алыс-та-алыста келаткан аттардын дүбүртү угулду. Жабылып карашса, суунун аккан жагынан, күндүн баткан жагынан капкара тумандай удургуп, сан жеткис атчандар чаап келатышыптыр.

Мактымдын жүрөгү дароо жамандыкты сезди. Ал өзүнүн карышкыр көргөн койлордо тынчсыздана башташкан курдаштарына, эже-жеңелерине кайрылып:

«Мага эркекче кийим жана менин атымды алып келгиле»,— деди.

Мактымдын агалары энчилеп берген, Чоң тору аттуу келишкен күлүк аты бар боло турган. Бир паста кыздар ошол атын жана бир сыйра эркекче кийим алып келип бериштиди. Мактым башына эркектин тебетейин, бутуна өтүгүн кийди. Үстүнө чапанын желбегей жамынып, өрүлүп бүтө элек чачын экиге бөлдүрүп, ошол чапандын жеңдерине тыктырды. Чапандын жеңдери дыгдыйып, үйлөгөн чаначтай болуп чыкты. Кийин Мактым Чоң торуга минди да, куюндай кызып токойлуу тоолорду көздөй жөнөдү.

Бул тапта калмактар да айылга келишип калды. Бегарстан тайши качып бараткан атчанды көрүп, андан шек санады көрүнөт, анын артынан бир топ аскерлерин жиберип, өзү калган аскерлери менен айылда калды.

Жаныбар Чоң тору колунан келгенче чуркады. Ал көпкө чейин калмактарга караандатпай жүрүп олтурду. Бирок... тагдырдын жазганы ошол болсо керек, ал ээсин куткарып кете алган жок.

Жолдун далай жерине барганда, Мактымдын чапандын жеңдерине каткан чачтары жеңдердин учтарынан чубалып чыгып кетип, аттын буттарына оролушуп калды. Бечара Чоң

тору чатыштап чуркай албай, бат эле калмактарга жеткирип койду.

Калмактар Мактымдын колу-бутун өз чачы менен өз ээрине чырмашып, айылга кайра алып келишти.

Бегарстан тайши жакын жигиттери менен Мактымдардын үйүндө шарап ичип олтуруптур. А анын кутурган аскерлери жана бектери айылдарды чабышып, алардын малмүлкүн талашып, кыямат-кайым түшүрүп жүргөт. Аттардын дүбүртүнөн жер титирейт. Катын-баланын ыйынан аалам жаңырат.

Мактымды алып кириштн. Бегарстан тайши анын сулуулугун көрүп өңгөчүн тартты. Көздөрү ач карышкырдыкындай жанды. Колдору безгектей калтырап, идиштеги шарабы чайпала баштады. «О, мындай сулууну түшүмдө да көргөн эмесмин!» — деди ал. Кийин жигиттерине кайрылып:

«Тарткыла атты!» — деп буйрук берди.

Ошентип, тайлагым, Мактымдай сулууну, Чоң торудай күлүктү, үйүр-үйүр жылкы менен, толгон-толгон байлыкты олжолошуп, калмактар келген жолдоруна түшүштү. А, элжурт ыйлап-сыктап кала берди.

Бул күнү калмактар кечке жол жүргүшүп, кечинде бир учу-кыйыры чексиз шибердүү жашыл талаага конушмак болушту. Аттарын тушап, отко коюп жибериштн. Ар-ар жерге үй тигишип, казан асышты.

Мына ушул мезгилде, алардын конушуна, өздөрүнүн көп эмес аскерлерин башташып, Мактымдын агалары келип жетишти. Алар Бегарстан тайшиден карындашын кайтарып берүүсүн талап кылышты. Бегарстан тайши ордунан да турган жок, эшикке да чыккан жок. Каткыра күлүп, мындай деди: «Карындашыңардыбы? Болуптур. Бирок силер, адегенде менин мына бул шартымды аткаргыла».

«Айт шартыңды!» — дешти бир туугандар.

«Шартым жөпжөнөкөй: силер өз аскериңер менен менин бүткүл аскеримди кырып чыгасыңар. Алар силерге каршылык көрсөтпөй туруп беришет».

«Эмне экен, — дешти бир туугандар, — кырабыз!» Анан кыргынды башташты, тайлагым. Батыш тарапта кыпкызыл болуп жалындап, өтө чоң, тегерек күн олтуруп бараткан. Ошонун нуру астында кырышты. Туптунук кең асманга, байчечекейдей жадырап, жылдыздар чыгышты. Алардын нуру астында кырышты. Бүт чыгышты кочкул кызыл нурга боёп ай көтөрүлдү. Айдын да нуру астында кырышты. Жылдыздар тарап, ай батты. Таң нурунда кырышты. Чабышып жатып кылычтары мокоду, тайлагым. Сайышып жатып, найзалары мокоду...

Абышка бир азга аңгемесин токтотуп, башын төмөн салып комуздун өзүн гана чертип калды. Кийин өзүнүн карт үнү менен комузун коштоп, мундуу ырдай баштады:

«Шагылдан шагыл Шагылдың ташы
Шагырап калды калмактын башы...»

— Бирок,— деди анан, бирпастан кийин башын көтөрүп,— эртесинде карашса, калмактардын чети да оюлбаптыр. Алар ушунчалык көп эле, тайлагым.

Бир туугандардын аргалары түгөнүп, тагдырдын жазганына макул болушту. Коштошордо, Мактым агаларынын алдына чыгып: «А мүмкүн кудай кулум десе, мен эптеп качып, кайрадан өз жеримизге келип калармын. Мен анда силерди кайдан табамын?» — деп сурады. Ошондо, улуу агасы Акмат карындашына мындай деген экен:

«Жазында жайлар Жаз-Жерим, Мактым,
Жазында качсаң андан бир тапкын.
Күзүндө күздөр Күрөбөс, Мактым,
Күзүндө качсаң, андан бир тапкын.
Кышында кыштар Кызыл-Таш, Мактым,
Кышында качсаң, андан бир тапкын».

V

Ошентип тайлагым, ай нурлуу Мактым кыз, алты атасы көрбөгөн жерине барып, Бегарстан тайшинин харимине туш келди. А Бегарстан тайши... кызды аяк асты кылды. Сен, эмне, уйкуң келип жатабы?

— Жок. А, Мактым качам дебеди беле?

— Качты, албетте. Бирок көп күндөр, көп айлардан кийин.

Аны Паиз качырды. Баягы бычылган жигитчи? Ошол. Бечара, Мактымды бир көргөндө эле, ага ашык болуп калган болучу. Бирок андан эмне пайда? Тагдырына тан берип жүрө берди. Ал Бегарстан тайшини жек көрчү, Мактымды аячу. Мактымдын өз элинен бегане болуп, бирөөнүн элинде, бирөөнүн жеринде мусапырчылыкты тартып калганын көрүп, өзүн күнөөкөр саначу. Чын эле, ал Мактымдын агып бараткан чачын кармап калбаса, мындай иштер болмок эмес да.

Мына ошол Паиз бечара, бир күнү кечинде, ордонун ичиндеги жасалма көлдүн четинде олтурган Мактымдын жанына басып келди. Мактым капалуу болучу. Ал көлдө сүзүп

бараткан айды карап олтуруп, өзүнүн жерин, өзүнүн элин эстеп ыйлап жаткан. Паиздин көлгө түшкөн сөлөкөтүн көрүп, селт этип бурулуп карады.

«Сиздин ушул күндөргө кириптер болгонуңузга мен күнөөлүүмүн,— деди Паиз. — Сиздин алдыңыздагы өз күнөөмдөн кутулуу үчүн мен эмне кылышым керек?» Мактым эч нерсеге түшүнбөй ан-тан болду. Паиз бардыгын айтып берди:

«Болуптур,— деди Мактым,— эгер сен менин бир шертимди аткарсан, күнөөңдү кечиремин. Сен мени качырышың керек».

Паиз бул шертти жан-дили менен аткармак болду.

Ушул түнү эл уктаган ченде, токулган эки атты жетелеп, Мактым менен Бегарстан тайши уктоочу үйдүн бурчуна келди. Уктабай жаткан Мактым аттын дүрбүртүн укту. Угуп, уйкудагы тайшини ойготпой, анын койнунан суурулуп чыгууну ойлоду. Бирок бул өтө кыйын болду. Анткени тайши уктаганда дайыма эки колдоп, Мактымдын жыланач көкүрөгүн мыжыгып алып уктоочу. Жакшы, Мактым мурдатан өпкөгө сүт куйдуруп, жаздыгынын астына катып койгон эле. Ал аны акырын Бегарстан тайшиге мыжыктырып койду да, өзү суурулуп чыкты.

Ошентип, Мактым менен Паиз экөө эки дулдулду — Мактым өзүнүн Чоң торусун, Паиз Бегарстан тайшинин атын минип алышып, алыскы жолго чыгышты.

Алар түн бою тынымсыз чапкылашып олтурушуп, таңга жуук чоң дайрага туш келишти. Дайранын күпүлдөп кирген мезгили болучу. Дулдул деген аттарыбыз андан аран-аран өтүштү. Дарыянын аркы өйүзүнө өтүшкөндөн кийин Паиз кайтмакчы болду.

«Сиз эми коркунучтан өтүп алдыңыз,— деди ал.—Мен минген аттан башка Бегарстан тайшинин эч бир аты бул суудан өтө албайт. А бул атты мен эми анын колуна тийгизбейм...»

«Мен сага абдан ыраазымын,— деди Мактым,— айтчы, Паиз, кылган жакшылыгың үчүн сен менден эмнени каалар элең?» Паиз Мактым менен түбөлүккө коштошуп жатканын түшүнүп, көзүнө жаш алып туруп мындай деди: «Мен өмүрүмдө кишилерге жакшылык кылган жан эмесмин. Бала элем. Жортуулдарда жүрүп чоңойдум. Эл чаптым, алардын мал-мүлкүн таладым, катын-баласын ыйлаттым. Мына азыр биринчи жолу адамга, бир адамга жакшылык кылып олтурам. Мен эми өз турмушума ыраазымын. Мен өмүрүмдө бирөөнү сүйүп көргөн жан эмесмин. Мына биринчи жолу сүйүп, айыпка буюрбаныз, сизди сүйүп олтурам. Мен эми өз тагдырыма ыраазымын. Мага эчтекенин кереги жок, Мактым. Бирок сиз менен биз эми эч качан көрүшпөйбүз да. Ошондуктан сизди дайыма эстеп, дайыма сүйүп, дайыма ыйлап жүрөйүн, бир тал чачыңызды тартуу кылыңыз».

Мактым Паиздин бычылып калганын билчү. Бирок анын сүйүүсү жөнүндө биринчи жолу угуп олтурат. Ал Паизди аяп, урматтап карап турду да, кийин так мандайынан бир тал чачын жулуп Паизге сунду. Паиз Мактымдын колунан эң кооз каухар алып жаткансып, көздөрү жанып, чачты калтыраган колдору менен алды да, аны түрүп, түрүп койнуна салып алды. Кийин жанындагы кылычын кыны менен чечип, аны эки колдоп Мактымга сунду.

«А сиз менин кылычымды алыңыз,— деди ал.— Мага эми анын кереги жок. Жортуулга чыгып жоо чаппайм. Эрөөлгө чыгып, эр сайбайм. Өмүрүмдүн калган күндөрүн кылычсыз жашагым келет. Башым ооган жактарга кетем... Атым баскан жактарга...» Биздин Мактым, жүрөгүн туйлаткан ыраазылык менен кылычты алып, белине тагынды.

«Рахмат, Паиз! — деди ал.— Мен сиздин жакшылыгыңызды көзүмдүн тирүүсүндө унутпаймын. Жакшы калыңыз».

«Жакшы барыңыз», — деди Паиз. Кийин атын дарыяга салып, аркы өйүзгө өтүп кетти...

Суунун жээгинде Мактым жалгыз калды. Ал өзүнүн да, атынын да чарчаганын сезип, көк ала майданга жатып эс алып, атын откоруп алмакчы болду. Ошентип жатып, уктап кетти. Арадан аламжан убакыт өттү. Бир маалда ойгонуп караса: дарыянын аркы өйүзүн бойлоп, чубалган сансыз атчандар чаап келатышыптыр. Мактым алардын Бегарстан тайшинин аскерлери экенин билди. Бирок атына мине калып качкан жок. Баары бир тигилер көп болучу: куушса жетишип алмак. Ошондуктан Мактым өз бактысын сынагысы келди. Мүмкүн, Паиз айткандай, Бегарстан тайшинин бир да аты суудан өтө албастыр?

Калмактар Мактымдын тушуна келип токтошту. Алдыда Бегарстан тайши.

«Мактым, кайт артыңа!» — деп кыйкырды ал.

«Макул кайтайын,— деди Мактым.— Бирок шартым бул: аскерлериндин бардыгын сууга салып көр. Эгер бирөө жарымы өтүп келишсе, мен кайтайын».

Бегарстан тайши буга макул болуп, бүткүл аскерин сууга салды. Суунун бетин ат менен адам көрсөтпөй калды. Бирок алардын эч кимиси Мактым турган жээкке өтө алышпады. Аскерлердин бардыгы тооктун жөжөлөрү аккандай, өздөрү келген жакты көздөй агып кетишти.

Жээкте жалгыз Бегарстан тайши калды. Ошондо ал ызасына чыдабай, акыркы болуп сууга түштү. Анын аты бир

топ күчтүү ат болучу. Ошондуктан, кыйналып-кысталып болсо да, жээкке жакындай баштады. Мактым чочулап калды. Бирок анын бактысы бар экен, жээкке жакын калганда, тайшинин аты мүдүрүлүп кетип, көчүгү менен сууга олтуруп, суудан кулагы гана чыгып калды. Ошондо тайши күтпөгөн жерден сууга өзүн таштап, жээкти көздөй сүзө баштады.

Мактым жээкке жакын келип, аны карап турду. Бегарстан тайши эптеп сүзүп келди. Эми суу жээгиндеги ташка тырмышып, алы куруп токтой калды. Ошондо Мактым Паиз берген кылыч менен анын башын ыргыта чапты. Тайшинин оор денеси сууда калып, башы көк ала майдандагы өскүлөң чөптөрдүн арасына тоголонуп кирип кетти.

Ушинтип, Мактым Бегарстан тайшиден кутулду. Бирок таптакыр эмес, тайлагым. Мактым Чоң торусуна минип жөнөгөндө, жанагы тайшинин башы да ээрчип жөнөдү...

Ушундай, тайлагым. Ал баш Мактымды ээрчип, кечейин-күндүз жол басты. Ал баш куду Мактым келген Жаз-Жериме чейин келди. Ал турмак. Мактымдын артына, агасынын үйүнө, жеңесинин төрүнө ээрчип кирди.

Ошондо Мактымдын айласы түгөнүп, заары кайнап чыгып, башты тышка карата бир тепти. Бирок баш тоголонуп кетүүнүн ордуна... оркойгон сөөктөрүн Мактымдын бутуна батырып-батырып алды.

Бул болсо, тайлагым, Мактымды кара сан оорусуна айландырды. Кийин-кийин... Мактым ошол оорудан каза тапты!..

VI

Абышка аңгемесин токтотуп, адатынча башын төмөн салып, бир топко комузун мундуу-мундуу чертип алды. Анан башын кайра көтөрүп, небересине:

— Жаш кезимде,— деген сөз менен кайрылды,— раматылык чоң энеңди алып качып келатып, ошо Жаз-Жерим жайлоосунда түнөп калдык. Ошол жылы, негедир, Жаз-Жеримде айыл жок экен. Жайдын түнү. Айдың. Айла-набыз араласаң адаша турган жаңгактуу токой. Жака-бели биз коюу карагат, чаташкан жүзүм.

Биз чарчаган аттарыбызды отко коюп, өзүбүз шиберге суналып-суналып жата кеттик. Бир оокумда курсагыбыз ачты. А жей турган эчтекебиз жок. Экөөбүз тең ордубуздан туруп, карагаттардын шактарын ийип, алардын бариктерин улак сыяктуу киртилдетип жеп кирдик. Бир маалда чоң энең раматылык: «Апа!» — деп кыйкырып эле, мени кучактап калды. Карасам, жаныбызда, үстүлөрүн ак гүл баскан, жалгыз мүрзө турат. Мүрзөнүн башында чоң-чоң таштар, а аягында... адамдын купкуу баш сөөгү жатат. Сөөктүн ичинде болсо, уюлуп жаткан жыландын көздөрү жылтырайт.

Ошондо, эсиме раматылык чоң атам айтып берген ушу «Бегарстан тайшинин» баяны түштү. Ким билсин, чын эле ошол мүрзө Мактымдыкыдыр. Чын эле ошол баш Бегарстан тайшиникидир. Аны мен ушу күнгө чейин биле албайм.

Биз чоң энең экөөбүз кишилерден уккан, мүрзөнүн жанына түнөсө киши тынч уктайт деген сөздөрдөн улам, жанагы мүрзөнүн жанына түнөдүк.

Ырас эле, чоң энең жакшы уктады, раматылык. Бирок негедир менин уйкум качып, таң атканча кирпик ирмегеним жок. Ошондо уктабай жатып, мен бир кызык нерсени байкадым: түн ортосунда кулагым кандайдыр назик, кандайдыр адамдардын үнүнө окшобогон, сулуу үндөрдү уктум. Секин башымды көтөрүп карасам, бизди курчаган карагаттар менен жүзүмдөрдүн шактарынын арасынан үрдүн кыздары шыкаалашып туруптур. Алардын туруш-турмушу: жыланач буттары да, назик колдору да, узун көйнөктөрү да апаппак, айдын нуру түспөлдүү.

Мен алардын сулуулугунан демим кыстыгып, ордумда былк этпей катып калдым. Ушул учурда күтүлбөгөн дагы бир иш болду: мүрзөнүн аягында жаткан куу башка жан кирип, мүрзөнү айланып, жай тоголоно баштады. Баштын ичинен жылан ышкырып жүрдү.

Тайлагым, мен көз ачып жумганча үрдүн кыздарын таппай калдым. Ошол бойдон алар таңга жуук гана бир жолу келишип, кайрадан куу сөөктөн куугунтук жешип кетишти... Сен, эмне, уктап калдыңбы?

Бала унчуккан жок. Ал өчүп бараткан отту бет алып, кырынан түшүп жатып алган. Анын чала жумулган кирпиктеринин арасынан ысык жаштар жылжып аткан. Бирок абышка муну байкаган жок. Ал небересин уктап калган экен деп чечип, аңгемесин да, комузун да токтотуп, көсөөнү алып жаңыдан от жакканы киришти.

Ушул учурда токойдун чыгыш тарабынан өтө улуу, кыпкызыл жалын көтөрүлө баштады.

«Ай...» — деди абышка кыялдуу түрдө. Кийин кургак шактарды сындыра олтурганча, жай, күңкүлдөп ырдай баштады:

«Мас булбул жол алды гүлүстөн жакка»...

1964

Т Үш

Акун жумшак килем жол менен үнсүз басып, караңгы каридордун түпкүрүндө кичинекей танкалар сыяктуу дүмпүйүп турушкан машинкаларга келип, алардын бирөөнүн үстүнө, өзүнүн эртеңки күнү кете турган репортажынын кол жазмасын таштап, кийин караңгы тепкичтер менен мүдүрүлүп, жатып ылдый түштү.

Вестибюль жарык экен. Ал жерде, бүгүнкү берүүлөрдө катыша турган бир топ артисттер гримделген кейиптери менен ары-бери басып жүрүшүптүр.

Акун гардеробдон пальтосу менен шляпасын алып кийип, эшикке чыкты.

Күн кечтеп, сырт жактан шаарды көздөй кара каргалар чубап келип жатышкан. «Дагы бир күн...»— деди Акун, каргалардын кербенин кыялдуу карап.

Кийин телестудиянын короосунан чыгып, Дзержинский бульвары менен жогору басты.

Кеч күз болучу. Бульвардагы дубдар, бариктери өтө саргара бышкандыктан, жалындап бараткандай көрүнүп, алардан бульварга жоогазын гүлүнүн сапсары чаңы түспөлдөнгөн назик нур себилип турат. Бариктер болор-болбос шамалга үзүлүп, жерге түшкөнчө көпкө чейин авада кыялдана оюн салышып, акырында, алтын көпөлөктөргө окшоп, жерге жеңил-желпи конуп жатышат. Асфальт да, анын эки тарабындагы жашыл майдан да калың газанга көмүлгөн.*

Бульвар газан жана каргалардын кыгы жыттанат.

Калың газанды шуудурата басып келатып, негедир Акундун көңүлү көтөрүлдү. Туулуп өскөн жерин эстеди. Ал жерде да азыр күз. Атасынын багында өрүктөрдүн лимон жана анар түспөлдөнгөн бариктери самсаалап жаап турат... Бир кезде ошол бакта, бөздөн ыштан, жейде кийген, килем топучан бир бала өзүнүн эчкилерине узун чыбыгы менен газан күбүп берүүчү эле. Бакка дайыма фермanын эки картаң жоош төөлөрү да келе турган. Бирок төөлөр негедир бала каккан газандан жешпей, моюндарын узун созушуп, шактарды сыдырышчу.

Ох, азыр да ошол күзгү бакка барып, эчкилери менен ынтымактуу эки төөгө газан күбүп берчү болсо!.. Жок, эми кеч болуп калды. Албетте, кеч болуп калды.

---

* *Газан* — күзгү жалбыректар. Жалбыректардын түшө баштаган мезгили. — (Автор)

Ал Панфилов паркына бурулду. Негедир вино ичкиси келип кетти.

Парктын кире беришинде жана ичинде жаштар котолошуп турушуптур. Эстрадада начар оркестр ойноп, бий аянтында чарлестон бийленип жатат.

Даректардын түбүндөгү жайкы кафеде болсо киши аз экен. Акун бир шише «Мускат» алды да, ээн турган столго барып олтурду. Ал, столдун үстүн сапсары бариктерден тазалап, калың стаканга вино куйду.

Ушул учурда бир стакан кофесин көтөрүп, анын маңдайына отуздар чамасындагы чырайлуу, бирок картаюуга өткөн аял келди.

— Мен сизге жолтоо болбоймунбу? — деди ал, сылыктык үчүн атайы жылмайып.

— Жо-жок. Олтура бериңиз, — деди Акун, аялдын ошончо бош столдор туруп, анын столуна келгенине түшүнбөй.

Аял жеңил көк пальтосунун этегин кайрып, ага жанаша олтура кетти.

Акун виносун ичти. Кийин төбөсүн карап, жатар конок издеп, уйгу-туйгу учуп жүрүшкөн каргалардын аппак курсактарын көрдү. Коргошун түспөлдөнгөн жапыс асмандын фонунда, алар, жазгы сууларда сүзгөн форелдер сыяктуу болуп көрүндү.

Акун бир топко алардын кейиштүү, ачуу үндөрүн тыңшап олтуруп, аларды аяп кетти.

— Өтө суук болуп турат, — деди аял.

— Угу, — деп макул болду Акун, бурулуп аялдын чоңчоң кара көздөрүнө карап. Анан анын ысык стаканды мыжыккан колдоруна назар салды. Арык, бирок тарамыштай катуу колдор ээсинин түйшүккүлдүгүн кабарлап турду. Акун кайрадан аялдын көзүнө карады. Анын көздөрү ага жагып кетти.

Ушул учурда алардын столуна бир барик учуп түштү. Аял аны ала койду.

— Күз, — деди ал, — кеч күз...

Акун аялдын аны менен сүйлөшкүсү келип турганын байкады. Эмне экен, ал бүгүн өтө боорукер болуп турат, сүйлөшө берет. Ал аялга ажарлуу жылмайды.

— Суук күз, — деди ал.

Кийин аялдын колундагы барикти кыялдуу карап, мындай деп улады:

Кандай суук күз, деги!
Кийинип желегинди, салынчы ак шалыңы.

Карасаң, карарган карагайлар арасынан.
Келатат көтөрүлүп ай жалыны. *

— Чын эле, — деди аял, даректардын карарган шактарынын арасынан көтөрүлүп келаткан өтө чоң, кыпкызыл айды көрүп.

— Келиңиз, вино ичебиз,— деди Акун, белгисиз бир кубаныч менен, дале айды ойлуу карап турган аялга,— болбосо ай чыкпай коёт.

Ал аялдын бошогон стаканын өзүнө тартты.

— Ой... мага аз эле.

Акун стакандарга толтура вино куйду.

— Эмне үчүн ичебиз?— деди аял.

— Ай үчүн, — деди Акун. Кийин өзү баштап ичип жиберди.

Акун дагы вино алып келип, экөө көпкө ичип олтурушту. Акырында кафени жабууга камданышып, кызматчы аял стулдарын буттарын жогору караткан калыпта столдордун үстүнө чыгарууга кириштн. Бий да бүтүп, парктын чырактары өчө баштады.

— Эми кетели, — деди Акун. — Сиз кайсы жакты карай бет аласыз?

Аял аны таңдана карады.

— Мен... Мен шаардын сыртына кетишим керек.

— Шаардын сыртына?

— Угу, — деди аял, дале Акунду таңдана карап.

— Оо! Эми ал жакка автобус жүрбөй калбадыбы? Эмне үчүн мурдатан айтпадыңыз?

— Мм... Мен...

— О-о... — деди Акун, аялдын жаңылышканын түшүнө коюп. Ал бир паска ойлонуп калды. — Билесизби... Мен жалгыз турамын, эгер жамандык ойлобосоңуз, меникине түнөп калсаңыз да болот.

Аял сырдуу жылмайды. Бул анын макулдугу болуучу.

«Ох, арбай ургурдуку, — деп сөзгүндү ичинен Акун, — бул мени дагы башкача түшүнүп алды».

Экөө караңгы паркты аралашып, даректардын учундагы каргалардын уйку-соодо чукуранышканын тыңшашып, жай, үнсүз-сөзсүз басышып көчөгө чыгышты. Көчөдө элдин аягы суюлуп, алыста, шаардын жеген-ичкенин тартып баратышкан сасык арабалардын кербени бүлбүлдөп, аттардын асфальтка тийген туяктарынын «как-как», «как-как», «как-как» деген жаңырыгы келип туруптур...

* А. Феттен

II

Кичинекей коридор дайымкысындай караңгы эле.

— Абайла, — деп эскертти Акун өзүнүн жаңы тааныышын.— Бул жерде ийдиш-аяктар бар.

— Фу! — деди аял, ачыган капуста, помидорлордун кычкыл жытын сезип, — бул эмне, ашканаңбы?

— Үй ээсиники. Акырыныраак сүйлө...

Ал караңгыда көпкө күймөнүп жатып эшигин ачты. Бөлмө өтө тар, суук болуучу. Анын бар болгону бир кроват менен кичинекей жазуу столу ээлеп, китептери туш келди жерде чачылып жатат.

— Ичикий, — деди аял, ийиндерин куушуруп. — Бул суурдун ийинине канчадан төлөйсүн?

— Он беш сом,— деди Акун. — Кана уктайбызбы же печкеге от жагайынбы?

— Уктайбыз, — деди аял эстеңкиреп. Анын коюу кирпиктеринин арасынан жаш чыга түштү.

— Анда чечине бер, — деди Акун.— Кийимдериңди кроватка ил. Көрүп турасың го, илгичим да жок.

— Эчтеме эмес. Эшигинди бекемирээк жаап койчу, сасык жыт келип жатат.

Акун эшикти бекем жаап койду.

— Жууркан менен шейшептин бирин мага кой,— деди ал кийин.

— Эмне үчүн? — Аял таңдана сурады.

— Жатпаймынбы?

— Ме...— Аял Акундун көздөрүн ойлуу карап туруп калды: — Эй, — деди анан бир оокумда жай,— кел, бирге эле жата беребиз. Эми бөлөк жатабыз деп, сенин ушу жарыбаган төшөнчүлөрүңдү да бөлүшөлүбү? Антсек, экөөбүз тең тоңуп калабыз.

— А...?

— Кудай кечирет.

Акун аялды бирпаска телмирип карап туруп, кийин стол жакка бурулуп кетти. Столдо али жазылып бүтө элек аңгемесинин кол жазмасы жаткан. Кол жазманын бетин жука чаң басып калыптыр. Акун аны акырын үйлөдү да, анан көзүн жуумп, өз каарманын акыркы жолу кандай абалда калтырганын, анын өңү-түсүн элестетүүгө тырышты.

Бирок анын көзүнө аңгемесинин каарманы эмес, дарыканада иштеген ак халатчан кыз элестеп, кулагына, анын мындан эки жыл мурда айткан:

«... А бул дары болсо кулагыңыздагы шуулдаган үндү жоготуу үчүн. Күн сайын кечки тамактан кийин бир кашыктан ичесиз» деген сөздөрү угулду.

Акундун көздөрү пар ачылды. Эми кулагына пружиналардын кыйчылдаганы, топчулардын кроваттын буттарына тийип чакылдаганы угулду.

«Кечки тамактан кийин бир кашык» — деп шыбырады ал ичинен. Кийин столдун артынан бутылка менен кашыкты алып, аялга байкатпай туруп, суюк дарыдан бир кашык жутуп алды. Анын көңүлү айныды. Көзүн жумду. Бул жолу анын сол кулагында кандайдыр токой шуулдап, оң кулагына алыста-алыста, жердин түпкүрүндө агып жаткан дайранын шоокуму келди. «Тамактан кийин бир кашык...— деп шыбырады Акун шашып-бушуп,— эки жерде эки төрт. Эки жерде эки төрт. Ата, атка така как. Ата, атка така как! Ата...»— Фу! — деди аял арт жактан — төшөктөрүң абдан муздак экен.

— Ооба. Чечинип бүттүңбү?

— Угу.

Акун чыракты өчүрдү. Кийин өзү да чечинип төшөккө кирди. Анын денеси муздак төшөктөн үркүп, мурду аялдын жытын сезди. А кулактарында кайрадан токой шуулдап, алыскы дарыя ырдай кетти.

Акун андан өзүн алаксытууга, аны укпоого аракет кыла баштады.

— Бир нерсе сүйлөчү — деди ал, чын ыкласы менен өтүнүп. — Кудай жалгагыр, сүйлөй жатчы.

— Эмне болду, сүйүктүүм?

— Эчтеке. Сүйлөчү?

— Эмнени сүйлөйүн?

— Эмне болсо, ошол болсун. Мисалы, өзүң жөнүндө. Өзүң жөнүндө, каухарым...

— Эмне дедиң? Кайталасаң?

— Каухарым, — деп кайталады Акун. Анан ал бул сөздү дайым Саадатка гана айтып жүргөнүн, азыр болсо кокусунан гана оозунан чыгып кеткенин сезе койду.

Аял кичинекей күчүк сыяктуу эркелеп, жылуу тумшугу менен Акундун кылдуу жаактарын түрттү. Анын жылуу денесинен Акундун денеси дүркүрөдү.

— Сүйүктүм... — деп, шыбырады аял саалдан кийин. — Сага чейин эч бир эркек мени минтип атаган эмес. Каухар... Бул өтө эле таза зат, сүйүктүүм. А менде эч кандай тазалык калган жок. Ал мага ылайыксыз... Ошентсе да, сенин айткаңын унут калган жакшы обон сыяктуу угулат. Каухарым...

— Каухарым, — деп шыбырады Акун, аялдын коюу кара чачтарына жүзүн жашырып. Анан өзүн өзү тыңшап, токойдун шуулдаганын, алыскы дарыянын обонун укту.

— Ох!.. Сүйлөчү... Сүйлөчү өзүң жөнүндө.

— Макул. Ук эмесе. Атым — Анар. Пенко-джугутта иштеймин... Ой, койчу, мунун эмнесин угасың?

Токой шуулдап, алыскы дарыя өз обонун ырдап жатты.

— Дагы, — деди Акун.— Дагы, каухарым...

— Ах...

Аял башын Акундун ийнине кынап, оң колу менен анын чачтарын уйпалап, кайрадан анын чатыштарын жазып эрмек кыла баштады.

— Эмесе, уктайлы.

— Уктайлы? — Аял тандана сурады.

— Эмне, сенин уйкуң келелекпи?

— Мм... Келди...

Экөө көпкө унчугушпай жатышты. Бир маалда Акун өз көкүрөгүнө тамчылаган ысык жашты туйду.

— Сага эмне болду? — деп чочуп сурады ал. Аял эми өксүп-өксүп ыйлай баштады.

— Эчтеке... эчтеке эмес, сүйүктүүм.

Аял башын көтөрүп, көз жашын сүртүндү.

— Негедир, сен мага, бир түндүк аял эмес, кандайдыр кадырлуу мейманың же боорукерлик менен үйүңө түнөткөн жолоочуң катары мамиле кылып жатасың...— Аял бирпаска унчукпай калып, кайра сүйлөдү...— Сен мени кечирип кой. Мен ушундай акылсыз аялмын...

— Каухарым, — деп шыбырады Акун аялдын кулагына, өзү уктап баратып, — сен түк акылсыз эмессиң...

Көпкө шыпты карап жатып, акырында аял да уктап кетти.

Ушинтип, бул экөө, бул, дайыма жалгыздыкка көнүшкөн эки чоң жетим, бүгүн кокусунан бири-бирин табып алышып, бири-биринин сөзүнүн жылуулугуна жылынышып, бири-биринин денесинин жылуулугуна жылынышып жатып, акырында күнөөсүз уктап калышты.

III

Өзүнүн туулуп өскөн кыштагы имиш. Жапжашыл буудайлуу талаа. Буудайлар ушунчалык болук. Алар текши дүмбүл. Жамгырдан кийинки серүүн шамалга деңиз сыяктуу толкуп турушат. Мына ушул буудай деңизинен, көкүрөгү менен толкундарды жиреп, туптуура Акунду көздөй Саадат чыгып келатыптыр. Ал дале он беш жашта экен. Анын мажрүм талдын чыбыктарындай жыбыратып өрүлгөн капкара, коюу, узун чачтары шамалдан улам артына

сапырылып, ай нурлуу жүзү кашкайып, эликтин көздөрүндөй күнөөсүз, туптунук көздөрү Акунду телмирип энсеп келе жатат. Акун да Саадаттан көзүн албай, жүрөгү элжиреп, ысык сүйүп, сагынып саргарып күтүп турду. Булар өткөн он бир жылдан бери эми жолугуп жатышты...

Ушул учурда Акун чочуп ойгонуп кетти. Анын көзүнө биринчи болуп, терезенин парда жетпей калган бөлүгү, коргондогу даректардын кararган учтары, алардын арасында сүзүп бараткан күңүрт ай көрүндү. «Кантип эле түш болсун?»— деп кабатырланды ал, өзүнүн кай жерде жатканын биле албай. Кийин бурулуп карап, айдын нуруна чагылышып жаткан аялдын тырыштуу мандайын, боёлгон эриндерин, үрпөйгөн коюу чачтарын көрдү. Буудайлуу талаа түшү экен...

Ал өйдө болуп, буттарын муздак полго түшүрүп, кроватын четине олтуруп калды.

Ооба... Мындан он бир жылбы, же он бир кылымбы мурда, ал өз кыштагынын баласы болгон. Кошунасынын Саадат аттуу секелек кызы менен мектепке бир каттаган... Уй кайтарышкан... Козу карын теришкен... Жайында гүлдөп турган өрүкзарда жашынмак ойноп жатышып, биринчи жолу өбүшкөн... Ооба... Бир кездерде анын ай нурундай таза, күнөөсүз сүйүүсү болгон. О, эгер анын турмушу кайрадан он алты жашынан башталса, бул жолу, кудай акы, башкача баштамак. Эми кеч болуп калды. Эми өз кыштагына барып, кошунасынын он беш жашар кызын да табалбайт. Саадат, азыр жыйырма алтыда, эки балалуу.

Жанындагы аял ойгонуп, ордунан тура калды.

— Ой, не болду? — деди ал.

Акун кроваттан түшүп, терезеге барды.

— Эмне, таң сүрүлүп келатабы? — деп сурады аял, бирпастан кийин.

— Ооба...

— Анда мен кетейин. Кошуналарың көрүп калышса... Анын үстүнө жумушка да үлгүрүшүм керек.

Аял көпкө чейин күймөнүп кийинип, анан Акунга:

— Болуптур эмесе, — деди, — жакшы кал.

Акун бурулуп карады.

— Жакшы бар.

Аял босогого барып, дагы бир нерсе айтмакчы болуп турду да, анан, эчтеке айтпастан эле чыгып кетти.

Акун терезеге кайра бурулду. Тышта таң агарып, жаңы күн башталып келаткан.

1964

АЙГҮЛ ТОО

Кеңеш Жусуповго жана
Кубатбек Жусубалиевге арналат.

Баткенге ал акыркы рейс менен учуп келди. А өзүнүн түнөгүнө, автобус жүрбөй калгандыктан, көрүнгөн машинеге кол көтөрүп отуруп, саат он ченде араң жетти. Жалгыз үйдүн жалгыз терезесинен жарык көрүнбөйт, бүгүн эч ким токтобоптур көрсө. Түн ичинде бирөө-жарым бурулуп калышы ыктымал, тогуз жолдун тоомунда эмеспи бул ээн жердин ээсиз бекети...

Бекеттин эшигинде дайымкыдай эле кулпу жок. Иса аны качырата ачып, ичкери кирди. Үйдүн ичи муздак, караңгы. Ал желкесиндеги сумкасын жерге коюп, көпкө чейин сыйпалап күкүрт издеди. Күкүрт өз ордунан — очоктун боюнан табылбады. Очоктун эки жагындагы текчелерди тинтип көрсө, казан-аяк калдырайт. Дубалдын боорунда чалдын нан салган эски куржуну, туз баштык жана чай салгыч калталары болчу эле деп, аларды караштырды. Куржундан колуна тандырдын катыган наны урунду, туз баштыкта туз, чай салгычта чай бар экен, бирок күкүрт жок. Күкүрт түгөнгөн же аны бир чылым чеккен айбан чөнтөгүнө салып кеткен. Эми эмне кылыш керек? Жөн эле жатып алганга курсак ач, анын үстүнө жатакана суук болуп атпайбы, аны жылытып жатпаса, уйкусу келеби кишинин...

Исанын айласы кетип, дубалга жөлөнүп отуруп калды. Бул жерде бир түнөгөн кишиге баарысы бар: төшөнчү, ийдиш-аяк, нан, чай, туз дегендей... Ал турмак ичкилик ичкендерге закуске — калемпир, пияз да болуп калат кээде, а намаз окуймун дегенге — дубалда таар жайнамаз илинип турат. Али ава апта сайын он чакырым таштак жолду жөө басып келип, кемпири түйүп берген тамак-ашын таштап, а үйүн болсо жыйнаштырып кетет. Ажайып абышка. Бул бекетти ал атайы жолоочулар үчүн салган. А жолоочу дегениң бул үйгө көп токтойт. Фергана же Ош жактан келаткан автобустардан түшүп калып, өздөрүнүн алыскы айылдарына барчу машинелерди күтүшөт. Ал эми ал айылдарга машине сейрек жүрөт, шондуктан көпкө күтүүгө туура келет, а кээде өтө кеч калышса, түнөгөнгө аргасыз болушат. Мындай учурларда алар очокко оттон жагышат, үйдүн артында агып аткан дарыядан чакалап суу апчыгып, чай коюшат... Иши кылып, ээсиз үйдөн ээн-эркин отуруп, өздөрүн мейман кылышат... Ошондо алардын кээ бирлери

Али аваны эстеп, ага сыртынан рахмат айткан болот, а көпчүлүгү буга да жарабайт: чалдын чай-нанын ичип-жеп, үйүндө түнөп алып, эртесинде шашып-бушуп жөнөп кетишет...

Али авадай апенди кишини Иса биринчи жолу Өзгөн менен Оштун ортосундагы ээн талаадан жолуктурган. Албетте, ал кезде адамдар азыркыдай автобус, менчик мишинелерде эмес, араба-ат же жөө-жалаң катташчу. Шондуктан, алар үчүн жол азабы — гөр азабы эле. Мына ошол алыскы өткөн мезгилде, жай саратандын аптабында акактап келаткан жолоочунун жолунда дайыма бир кумура булактын муздак суусу күтүп туруучу. А булактын суусу муздак сактасын үчүн кумура жерге көмүлүп, бетине жыгач капкак жабылып, а капкактын үстүнө алюмин кружка коюлчу. Бир жолу Иса ошо алюмин кружка менен суу сузуп ичип отурган учурда, кокусунан, жол жээгиндеги калың бадалдын арасынан кичинекей, купкуу чал чыга келген. Чалдын колунда бир челек суу бар экен. Чал суу ичип отурган жолоочу жигитти көрүп, өзүнчө момун жылмайып: «Ич, балам, иче кой...» — деди. Анан челегиндеги сууну кумурага оодара куюп, анын капкагын кайра жаап, унчукпай жолуна түшкөн. Ошондо гана Иса кумуранын ээси ким экенин билген. Билип, чалдын артынан: «Рахмат, ава!» — деп кала берген. Бирок анын рахматын чал укkан эмес, челегин чыйкылдатып, калың бадалдын арасына кирип, көздөн кайым болгон... Кийин Иса ал аппак чалды өзүнүн «Ата Журттун соксмо жолдору менен» деген китебинде кыстарып кетти. Али аваны да киргизген. Бул китепте мындай ыймандуу адамдар толуп атат. Өзүнүн дайдилик турмушунда Иса жалаң жакшы адамдарды жадына тутуп, сулуу аялдар менен кооз жерлердин элестерин гана эстеп келет. Мунун китеби — жакшылыктын китеби, сулуулуктун китеби. Бирок китеп али жарык көрө элек, жазылып бүтө элек. Мүмкүн ал анын өмүрүнүн аягына чейин жазылар. Бул — анын өмүрлүк китеби, башкы китеби...

Иса талыган буттарын сунду. Бутунун учу шырык дей түштү. Энилтип жерди сыйпалап көрсө, колуна күкүрт урунду. Исага жан кирди. Дароо күкүрттү чагып, өзүнө тааныш ташпанарды издеди. Ташпанар киребериштеги түркүктө илинип туруптур. Ал ташпанарды жерге алып, караңгыда анын шишесин чыгарып, пилигин укалады. Кийин кайрадан күкүрт чагып, пиликти күйгүздү да, шишени кийгизди. Шише суукта туруп муздап калыптыр. Адегенде анын ичи күнүрт туманга айланып, анан бара-бара туман суюлуп, а

жарык коюуланып отуруп, акырында үйдүн ичи кичине көзгө көрүнө баштады. Бирок булун-бурчта дагы эле караңгылык уюп жатты. Иса чыракты ордуна илбей туруп, темир чакаңы издеди. Чака текчеде экен. Анын ичи какшып, түбүндө жука муз тоңуп калыптыр. Демек, суу алып келиш керек деп чечти Иса. Ал бир колуна чаканы алып, бир колуна чыракты кармап, дарыяга жөнөдү. Дарыяга ийри-муйру ичке жол менен кыялап түшүп барыш керек. Дарыянын жээгинде чычырканак өсөт, алардын арасы шагыраган таш. Иса чычырканакты этияттап аралап барып, акырында дарыяга чыкты. Адегенде чаканы бир-эки курдай чайкап, анан ага суу сузду. Мына ошондо чакадагы чайпалган суунун бетиндеги чайпалган жылдыздарга көзү түштү. Иса дароо асманды карады. Асман ачык, а анын бетиндеги жылдыздар коюу жана тунук экен. Буюрса, бүгүн таңга жуук ай чыгат деп сүйүндү Иса. Анан кырка тоолор тарапты карап, Айгүл тоонун кайсы тушта экенин аныктамак болду. Бирок Айгүл тоо эмес, анын артындагы бийик тоолор дагы көрүнгөн жок. Тоолор да, алардын этегиндеги кең талаа да караңгылыктын астында көшүп жатат...

Иса бекетке кайтып келип, дароо очокко от жакканы кириштти. От тутанып, алоо пайда болгон кезде, чөөгүнгө чай койду. Бирпастан кийин очоктун бою ысып, анан оттун табы аста-секин үйдүн алыскы булуң-бурчуна карай таркай баштады.

Иса үстүндөгү тери курткасын чечип таштап, очоктун боюндагы көлдөлөңгө дасторкон жайып кирди. Дасторконго чалдын нанын койду биринчи иретте, кийин өзүнүн сумкасын ачып, атайы Фрунзеден бери алып келаткан бир шише коньягын, дунган аялдан сатып алган ачытылган калемпирин алып чыкты. Бүгүн, саат он экиде, жыйырма экинчи марттын түнү кирет. Дагы жарым сааттан кийин. Жыйырма экинчи март — бу кишинин туулган күнү, билсеңиз. Жыйырма экинчи мартта күн менен түн теңелет эмеспи, эсиңизде болсо. Анан... жыйырма экинчи март деген — жаңы жыл да бизчесинен. Новруз майрамы да! Мына бүгүн биз эки майрамды кошо майрамдайбыз: туулган күнүбүздү жана жаңы жылыбызды...

Биздин бала кезде бул түнү бүт айыл биригип, чоң-чоң кара казандарга сүмөлөк кайнатышчу. А очоктор адатта колхоздун өрүкзарына казылчу. Өрүктөр бул маалда чатырап гүлдөп калган болот. Таңга маалда ай чыгат. А айдын жарыгында, апаппак өрүктөрдүн арасында, жаштар тоотмек ырын ырдашып, а балдар ак чөлмөк ойнойт элек... Кайран

биздин балалык, эсил биздин күлгүн курак... Өттү да, кетти. Эми минтип бир кездеги сулуу беттин кан-сөлү качып, кара чачты кыроо басып, кырк сегиз менен кырк тогуз жаштын ортосундагы көзгө көрүнбөгөн кыл көпүрөнүн үстүндө турабыз. Кырк сегизинчи эски жылды узатып, кырк тогузунчу жаңы жылды тоскону отурабыз...

Иса саатын караса, он эки болуп калыптыр. Ал чалдын пиаласына толтура коньяк куйду да, анан өзүнчө тост көтөрдү: «Рахмат сага, турмуш,— деди.— Сенде жашоо мен үчүн зор рахат!» Коньягын ичип жиберди. Коньяк өзөгүн жагымдуу куйкалап ылдый түшүп кетти...

Иса сөлү качкан тандыр нандан качырата бир тиштеп алып, чай демдегенге кириштти. Бул жаз дагын жакшы башталды, — деди ал ичинен. Бүгүн таңда Айгүл тоого чыгам, а тоодон түшүп келип, тажиктердин шаарына Исфарага жөнөп кетем деп ойлоду. Исфара жазда укмуш көркүнө чыгат. Шаардын ичи тазарат. Шаардагы жана анын жака-белиндеги өрүктөр, шапдоолулар гүлдөп кирет... Исфарада эки-үч күн туруп, андан нары Коконго түшүп кетет. Исфара, Кокон Маргалан...— Фергана өрөөнүнүн бул майда шаарларын Иса абдан жакшы көрөт. Азырынча булар чыгыш шаарларынын эски үлгүлөрүн сактап келатышат. Тар көчөлөрү, тамбашы жалпак жапыс тамдары, кызыл-тазыл базарлары, суу боюна салынган чайханалары, түрктөрчө курулган мончолору... Баарысы Исанын жандүйнөсүнө жакын, аларды көргөн сайын анын көңүлү көтөрүлөт, делебеси козголот. Айрыкча Кокон шаары... Коконго бир жылда бир ирет тийип өтпөсө, ошол жылкы турмушуна анча алымсынбай калат бул.

Кокондо биринчи жолу ал Гөвар менен болгон. Гөвар анда институтта окуучу, он тогуз жаштагы ойсеке кыз эле, жувармек. Калп эле оорудум деп ооруканадан үч күнгө кагаз жаздырып алып, Иса менен кошо Коконго жөнөп берген. Коконго экөө кеч келишип, мейманканага орношо албай, чайханага түнөштү. Чайханачы чал адамгерчиликтүү киши экен, бечара, булардын ал-аквалын түшүнгөн соң, дароо эле макул болду. Ал турмак, чайханасын жаап аткан жеринде, кайрадан экөөнө чай демдеп, алдыларына нан, нават коюп, анан кетти үйүнө. Бул экөө шашылбай отуруп курсактарын тойгузушту, кийин сөрүдө жайылып жаткан төшөктөрдү жыйнашып, өздөрүнө жай салганы киришти. Мына ошо кезде кыз кокусунан кыйкырып жиберди. Көрсө, терезеден бир түрү суук мас киши экөөн таңыркап карап туруптур. Иса басып барып, чыракты өчүрүп койду. Мас чатыштап басып кетти. Экөө нарыдан-бери чечинишип, кучакташып жатып

алышты. «Мен бул түндү эч качан унутпаймын,» — деп шыбырады кыз караңгыда...

Саар менен чайханачы саат алты ченде келди. Ага чейин булар туруп, бети-колун жууп, төшөктөрүн өз-өз ордуна төшөп коюшкан.

— Кандай, балдарым, жакшы жаттыңарбы? Үшүгөн жоксуңарбы? — деп кирди чал жайдары түрдө.

Кеч күз, суук болучу. Чынында кичине үшүп чыгышкан.

— Рахмат, ата, үшүгөнүбүз жок,— деди Гөвар.

— Эми биз кетели, — деди Иса.

— Э-э, мен азыр чай кайнатам, чай ичебиз,— деди чал.

— Чайыңызды ичтик, ава. Азыр биздин убактыбыз тар... Ошентти да, Иса чөнтөгүнө кол салды.

— Э-э-э, жо-жок! — деди чал анын оюн түшүнүп.

Иса менен Гөвар бири-бирин тиктешип туруп калышты. Кийин, Иса сумкасын ачып жиберип, андан жапжаңы калпак алып чыкты. Өзүм кием деп буякка жөнөөрдө сатып алган болучу. Ошону чалга сунду.

— Биз сиздин чайханаңызды эстеп жүрөлү, а сиз бизди эстеп жүрүңүз,— деди ал.

— Э-э, таза кызык иш кылдыңар го,— деди чал, арсар түрдө.

— Алыңыз, алыңыз ата! — деп кыстап жиберди Гөвар. — Болбосо, таарынабыз.

— А майли,— деди чал акырында. Ал калпакты колтугуна кысты да, анан эки колун алдыга сунуп, экөөнө бата берди.— Оомин, өмүрүңөр узун болсун, ылайым. Бул турмуштан ойноп-күлүп өткүлө. Облоу-акибар!

— Рахмат, ава, жакшы калыңыз,— деди Иса.

А Гөвар болсо чалдын жаагынан өөп койду. Күтүлбөгөн жоруктарга уста болучу бул кыз.

Эшикке чыгышса, эртең мененки үрүң-баранда, чайхананын оозунда бир топ жаш кыздар, жаш балдар катар тизилип алып, тандыр нан, бал, каймак сатып турушуптур.

— Ой! — деп кыйкырып жиберди муну көрүп Гөвар.— Таң атпай жатып... тамак-аш даяр...

— Бул жер сенин Фрунзең эмес, айымкыз,— деди Иса.— Сенин шаарында чак түштө кайда барып тамактанарыңды билбейсин.

Аңгыча балдар чурулдап кирди:

— Нан алгыла!

— Бал алгыла!

— Каймак алгыла! — деп...

— Эртең мененки ырыскыдан кыя өткөн болбойт, — деди Иса.

Ал кыздардын бирөөнөн эки нан сатып алып, бирин Гөварга карматты. Экөө эртең мененки суукта бири-бирине ыктай басышып, ысык нандан рахаттана чайнашып, шаарды кыдырып келгени кетишти...

Ошол эле күнү кечинде Маргаланга келишти. Маргаланда бир түн түнөп, эртеси түш ченде Ферганага карай жол тартышты. Фергана экөөнө тең жаккан жок. Алар аэропортко барышты да, акыркы рейс менен Фрунзеге учуп кетишти...

— Жакшына кыз эле, — деп койду Иса. Сулуу десең — сулуу, акылдуу десең — акылдуу. Бирок тийген күйөөсүн түшүнүп болбойт.

Кийинки жылдын кышында, бир күнү эртең менен өз үйүнөн чыгып баратса, бир бейтааныш жаш жигит мунун алдын торой басты. Жигит узун бойлуу, ыманы ысык экен; анын ак жуумал, арыкчырай жаактарында эми гана кара түк пайда болуп, эриндеринин кызылы кете элек али. Иса таңыркай анын мандайына туруп калды.

— Мен Гөвардын күйөөсүмүн,— деди бала.

Күйөөгө тийген экен да бийкеч — деп койду Иса.

— Коош?

— Гөвар айтат: — Иса Эшматов менин өмүрүмдөгү биринчи эркек, — дейт. Ушул чынбы?

Иса аргасыздан мулуюп койду. О-о, жаш колуктуну колдош керек экен, — деди. Жакшылык иш үчүн, чындыктын атасы өлсө да, калп айтыш керек.

— Чын,— деди Иса.

Жаш күйөөнүн жүзү нурдана түштү. Ушу тапта ал Иса менен достошконго даяр эле.

— Сиз... демек, ушул үйдө жашайт экенсиз да? — деди ал. Исанын үйүн кыдырата карап.

— Таап келиптирсиң го, — деди Иса.

— Жазуучулардын справочнигинен билдим,— деди күйөө.

— Дагы суроо барбы?

— Мм... А эмне үчүн Гөварга үйлөнбөдүңүз? Сиздин аялыңыз жок турбайбы?

— Гөвар тийбейм деп койду. Өзүң көрүп турбайсыңбы, мен андан эки эсе улуумун да. Гөварга мына сен жарашасын. Тең теңи менен, тезек кабы менен деген бар эмеспи.

— Мунуңуз туура,— деди бала.

Иса, бул дагы эмне жөнүндө сурап экен деп коркуп турду. Кудай жалгап, суроосу түгөнүптүр.

— Болуптур эмесе, жакшы калыңыз,— деди да, чукул бурулуп, көңүлдүү түрдө басып кетти. Исага ал өзүнүн сүйүктүү обонун ышкырып ырдап бараткансыды...

Кызганыч деген кыйын иш, — деди. Чехов: «Жалгыздыктан корксоң, үйлөнбө»— дептир. Буга бизден кошумча: «Кызганчаак болсоң, аял алба».

Аялдарга айла жок.

Айганыштын күйөөсү бул экөөнүн жашырын жолугушуп жүргөнүн билгенде, боздоп ыйлап жибериптир. А соолукандан кийин, Айганыштан: — Сен аны менен канча жолу жолугуштуң деп такып отуруп алган имиш. Бир гана жолу дей бериптир Айганыш, улам сураган сайын. Ошенте берсе, тигил неме акырында кыйла эс алып, жоошуп калыптыр...

Аялдарга айла жок.

Бирок мен баарыңарды жакшы көрөмүн, — деди Иса. Алиге чейин. Сени дагын... Сени дагын... Сени дагын...

Исанын оюна койсо, жакшы көргөн аялдарынын ар бирине аңгеме арнап чыкмак. Бирок алардын алган жары барда, же тием деген кишиси бар. Шондуктан, мунун жакшылыгы жамандык кылып кетиши ыктымал...

Иса үстүндөгү эски свитерди назик сылап койду. Свитердин эки чыканактары сүзүлүп, ичиндеги көйнөгү көрүнүп турат. Айганыштын белеги. Айганыш муну өз күйөөсүнөн сатып алган. Күйөөсү, өзүнүн кызмат абалынан пайдаланып, ар түркүн база, складдардан табылгыс буюмдарды таап чыгып, анан аларды ар кимге ашыкча наркта сатып, жыргалын көрөт. Айганышка да ал эки эсе кымбатка саткан...

Иса Айганыштын кымча бел кыска боюн, кундуздай кара чачын, апаппак сулуу жүзүн элестетти. Айнанайыным, — деди жүрөгү элжиреп...

Буюрса, аз күндө Жалал-Абадда болот. Айганыш ар дайымкысындай Оштон Жалал-Абадга келип, аны автостанцияда күтүп отурат. Анан экөө автобуска отуруп, Арстанбапка жөнөп кетишти...

Айтмакчы, Арстанбаптын жазын Айганыш али көрө элек. Экөө жайында жана күзүндө гана барып жүрүшөт. А жазында бирге болушпаптыр көрсө. Мына быйыл көрүшөт жаңгак токойдун жазын. Адаттагыдай эле Айкыз кемпирдин үйүнө токтошот. Айкыз кемпирдин үйү тоонун боорунда, ээн жерде эки кабат. Биринчи кабаттын бир бөлмөсүндө өзү жашайт, а экинчисине эчкилерин камайт. А үстүнкү кабатын бүтүндөй бул экөөнө бошотуп берет. Экөө бул жерде каалаганда жатышат, каалаганда турушат. А эртең менен буларды дайыма Айкыз кемпир ойготот.

— А-ай, уйкучулар! — деп кыйкырат ал ылдый жактан. — О түшпөйсүнөрбү эми ылдый, нанүштө кылалы. Эчкинин сүтү бышып калды...

Биринчи болуп Иса турат. Туруп түз эле терезеге келет. Терезеден адегенде дарыянын наркы өйүзүндөгү ак карлуу бийик чокулар көрүнөт. Анан ылдыйлап карап отурсаңыз, көп өтпөй эле сейрек токой башталат. Бара-бара токой коюуланып отурат. Кийин ошол коюу токойдун ар кайсы жеринде апаппак аралдар пайда болот. Алыстан куду эрий элек карлардын аралары болуп көрүнөт. Бирок берки өйүзгө өтүп, кемпирдин үйүнө карай өрлөп отурсаңыз, алардын гүлдөп турган алчалар экенин ажырата баштайсыз...

Иса жаңыдан кийинип бүткөн Айганышты ээрчитип, кемпирдин жыгач тепкичтери менен ылдый түшүп барат. Кемпир очоктун боюнда күймөнүп отурган болот.

— Тезирээк жуунуп келгиле,— деп айтат ал босо болду.

Экөө кемпирдин жалгыз аяк жолу менен кемпирдин булагына жөнөшөт. Жалгыз аяк жол тоону капталдап, чатырап гүлдөп турган коюу алчалардын арасы менен ийри-муйру соймондоп отуруп, кичинекей жылгага түшүп барат. Жылганы да апаппак алчалар каптап турат. Булак ошол алчаларды аралап агып барып, тээ ылдый сайдагы дарыяга барып кошулат. Балыктар урук чачкан учурда да дарыядан миндеген форелдер бөлүнүп, булактын суусу менен куду анын көзүнө чейин чуурулуп чыгып келишет. Иса менен Айганыш жуунганы эңилгенде, балыктар алардан үркүп, чоң таштардын астына же алчалардын арбайган тамырларынын артына шумкуп кирип кетишет. Булак абдан тунук... Айлуу түндөрдө суу алам деп түшүп калсаңыз, суудагы форелдерди күндүзгүдөй ажырата көрөсүз. Форелдер суугa чагылышкан алчалардын шактарын аралап, каалгый сүзүп жүрүшөт...

Кеч күздө болсо алчалардын бариги күбүлүп түшүп, сапсары бариктер булакты таптакыр көөмп салат. Анда сиз булактагы форелдерди да, ага чагылышкан алчалардын өзүн да көрбөйсүз. А кышында андан бетер. Кышында суунун бетинде калың кар жатат. Кардын астынан булактын үнү араң-араң гана угулат. Кар астынан алчалардын терилбей калган кызыл-тазыл мөмөлөрү мөлтүрөп турат. Алчанын капкара көдөнүнө бир тепсең, апаппак мамык кардын бетине кызыл, сары, кара түстөгү алчалар жайнап жатып калат. Алар абдан муздак, тиштесең тишиң зыркырайт. Шондуктан, эң жакшысы, кемпирдин жайпак жыгач табагына толтура терип келип, печкенин жанындагы текчеге коюп

кой. Жарым сааттан кийин алчанын муз-кары эрип, өзүнөн өзү жалтырап жуулуп, жылып калат. Мына ошондо Айганыш экөөң табакты ортоңорго койгула да, бири-биринди жылмая карап коюп, каалаганча жей бергиле...

Исанын «Кар астындагы алчалар» аттуу аңгемесинде Арстанбаптын кышы жазылган. Ал эми азыркы жазам деп аткан повести Арстанбаптын жазына арналат. Кудай буюрса, Арстанбаптан Фрунзеге кайтып барар замат, машинесин алат да, Ысык-Көлдү көздөй жөнөп кетет. Көлдүн тескей жээгинде «Кайнар булак» деген кичинекей пансионат бар. Пансионат ошол жердеги колхозго карайт, анда колхозчулар гана эс алышат. Бирок эс алуу сезону июндан сентябрге чейин гана созулат. А калган мезгилде «Кайнар булак» эл-журтсуз ээн жатат. Кароолчу кайтарат, албетте. Кароолчусу тил билги киши бечара. Исаны башкарманын аялы жашачу бөлмөгө гана жаткырып коёт. А анын балпайган байбичеси муну күн сайын үч маал чайга чакырып турат...

Исанын иши ал жерде жакшы жүрөт. Ар күнү эртең менен эрте туруп, эртең мененки ак тумандын астында жаткан көлдүн ээн жээгин бойлоп, алыска-алыска чуркап барып келет. Анын чуркаган таштак жолун калың кыроо басып калат. Жол коюу чычырканактарды аралап соймондоп кете берет. А чычырканактын ичи жык жапайы коён. Байкуш коёндор таң атканча өз жатактарында үшүп жатып, а таң атаар менен жолдун боюна чыгышып, күндүн алгачкы нурларын күтүп, беттерин күн чыгышка тосуп, ар кайсы жерде чочоюп-чочоюп отуруп алышат. Биринчи күндөрү чуркап келаткан Исадан чочуп, чычырканактын ичине томурандап качып кирип кетишет. Бирок бара-бара бул адамдын зыянсыз экенин көрүп, аны кенебей отура беришет. «Эй, коёндор, салам!» — деп өтөт Иса анда алардын алдынан...

Эртең мененки даярдык бүткөн соң, Иса машинкесинин маңдайына келип отурат. Ошол бойдон ал кечке ордунан турбайт. Кечке чейин канаттары кайрылып, сөөмөйлөрү безилдеп ооруп калат. Бирок кечинде кылган ишине ыраазы болуп, көңүлү көтөрүңкү түрдө пансионаттын ысык ванналары камалып жаткан жалгыз үйгө келет. Үйдүн бир ачкычы өзүндө болот. Ал шашылбай чечинип, көп сандаган ванналардын бирине түшөт да, анан жердин тээ түпкүрүнөн оргуп чыккан кайнак сууга чөмүлүп, көшүлүп жатып калат. Кайнак суу анын сууктан сыздаган сай-сөөгүн жибитип, жумуштан талыкшыган тулку-боюн жеңилдетип, жандүйнөсүн жыргалга батырат...

А кайнар булактан кайтып келип, сүрмө сандыктагы сапсары коньяктан жүз грамм ичип алып туруп, анан апаппак шейшептердин арасына кирип келет.

Иса жарымдай бөксөрүп калган шишесинен дагы бир жолу куйду да, бирок аны ичпестен туруп жатып алды. Куюлган коньягын ал эки сааттан кийин, ойгонгон кезде ичти. Ичип, курткасын кийип, а сумкасын үйгө калтырып, эшикке чыкты. Эшикте түн жарышып, ай чыкканга аз калыптыр. Ал үйдүн жанындагы чоң көпүрөдөн өтүп, анан асфальт жолдон чукул бурулуп, тунжурап жаткан түз талаага түштү да, кийин Айгүл тоону тусмаалдап туруп, бежолмо-бежол жөнөп берди.

Түн суук экен. Жарым саатка жетип-жетпей түнү бою ичилген коньяктын ысык демин муздак жел денесинен айдап чыгып, Иса кийин кадимкидей чыйрыга баштады. Тоонун башында шамал болбогой эле деп тиледи ал эмитен эле коркуп. А тоо көрүнбөйт, али алды жакта...

Биринчи жолу бул тоо жөнүндө өткөн жайда укkан. Өткөн жайда ал ушул чөлдүн тээ этегиндеги ысык булакка дарыланганы келген. Ысык булак кууш, бирок узун жылганын ичинде агат. А булактын эки жээгинде жыш жапайы розалар өсөт. Бул жердегилер ал розаларды башкача айтышат: жапайы атыр гүл гүлсөөгар деп коюшат. Иса келген кезде гүлсөөгар толукшуп гүлдөп турган мезгил болучу. Ишенсеңиз, узагыраактан караган кишиге, жылга толо кызыл кан агып бараткандай элестеп кетчү. Мына ошол ажайып көрүнүштөн улам, жергиликтүү калк бул жылганы Кан жылга деп коюшат имиштер...

Кан жылганын аяк жагында бир жапыс жыгач там бар. Там булоолонуп агып жаткан ысык суунун так үстүнө салынган. Эгер үйдүн үстү жабылбаган болсо, аны жыгач көпүрө деп койсо да болчудай. Бирок там, көпүрө үчүн эмес, а дарыланганы келген адамдар аптаптан, же жаан-чачындан корголоп, анан дагы, эркектен аял, аялдан эркек айбыгып, бири-бирине көрүнбөй сууга түшүшсүн үчүн курулган. Шонтуктан үй эки каанадан турат: бирөөнө эркектер, экинчисине аялдар киришет...

Үйдү, соопчулук үчүн бир дүлөй-дудук тажик куруптур. Иса ал тажикти кийин күн сайын көрүп жүрдү. Тажик Кан-Жылганын тээ этек жагындагы Сок деген тажик кыштакта жашайт экен. А Иса ошол кыштактын мейманканасына орношкон болучу. Жанагы тажик элүү жаш чамасындагы жапыс бой, сакал-муруту капкара, жоош-момун адам болуп чыкты. Бечаранын кийгени жени жыртык чапан, белинде

кир чарчы, башында эски чаар такыя, а бутунда өзүнө кең, кончулары тешик кирзе өтүк. Иса анын эмне иш кылаарын, ким менен жашаарын биле алган жок. Бирок бир билгени бул болду...

Дудук күнүгө таң азанда Соктун көчөсүнө чыгат. Колунда майышып-чоюшкан, түтүнгө ышталган кичинекей жез мискейи болот. Мискей буркурап түтөп барат. Ал ысырыктын түтүнү. Жыттуу түтүн. Дудук адегенде жолундагы базарга бурулат. Базарга кирип, андагы эртең мененки базарчыларды аралап, колундагы мискейин ары-бери чайпап, аларды ысырыктап чыгат. Базарчылар баарысы бу кишиге көнгөн, шондуктан буга анча көңүл бурушпайт. А көнбөгөнү, мурда муну көрбөгөнү, көңүлүнөн чыгарып тыйын сунат, же сатып отурган коон-дарбызынын, сабиз-пиязынын жаман-жуманынан бирди-экини кармата салгылары келет. Андайларга дудук таарынбайт, кайра аларга муңайым жылмаят да, акырын башын чайкап, басып кетет. Ал өз кызматы үчүн, жыттуу түтүнү үчүн эч качан эч кимден акы албайт, кептин баары мына ушунда...

Базардан кийин дудук жаңыдан ачылып аткан дүкөндөрдү, челек-чайнек түптөгөн, эшек-атка така каккан устаканаларды кыдырып чыгат; эң акырында автостанциядагы адамдарды аралап өтүп, туптуура Иса чай ичип отурган чайханага келип кирет. Кирип, өзүнүн киргени үчүн кечирим сурагандай, адегенде чайханачыга бажырая жылмайып, анан ошол жылмайган бойдон сөрүлөрдө отурган кишилерди аралай жөнөйт. Исанын жанынан өтүп баратканда, Иса а кишиге өз ыраазычылыгын билдирип башын ийкеп, укпаса да: «Рахмат...»— деп коёт. Дудук муну көрүп, ого бетер жылмайып, «Рахматыңа рахмат» дегендей буга үстөкө-бостоk башын ийкеп, кийин жылмайган бойдон чайханадан чыгып кетет. Дудук келип кеткенден кийин, Иса дагы кыйлага чейин анын калтырып кеткен жыттуу түтүнүн жыттап отуруп калган чайын ичет да, анан шашылбай чайханадан чыгып, Кандуу-Жылгага, дудук тажиктин жыгач үйүнө карай жөө жөнөп кетет...

Ал жаңыдан келген кезде күн али жакшы ысый элек болучу. Ошол себептен болсо керек, адегенде кыйла күн булакка жалгыз өзү түшүп жүрдү. Арадан бир жумача өткөндөн кийин гана бир кемпир менен анын небере кызы келди. Экөө боз эшек чегилген, төрт дөңгөлөктүү жапыс арабада келишти. Ушу тоо жактан түшүп барышты. Иса эчак суудан чыгып, эми суу боюндагы атыр гүлдөргө суктана карап, алардын арасында сайраган булбулдардын авазын тыңшап,

жыгач үйдүн жанында отурган. Эшек-араба кокусунан жакынкы дөңдүн артынан чыга келди. Кыз арабанын кырында бутун саландатып келатыптыр, колунда ичке чыбыгы бар. Ал Исаны көрөр замат уялып, жерге секирип түштү. Ошондо гана Иса арабада жаткан ак жоолукчан аялды байкады. Аял, араба үйдүн жанына келип токтогончо козголгон жок. Бечара, катуу оорукчан көрүнөт, — деп ойлоду Иса. Анан, жардам керек болсо, кызга жардамдашайын деген ойдо, ордунан турду. Бирок аял жөн гана уктап калыптыр көрсө. Кыз аны акырын түртүп ойготту. «Таэне, келдик...» — деди ал, үнүн секин чыгарып. Таэнесинин уктап калганы үчүн Исадан уялып аткансып көрүндү. Таэнеси өйдө боло берди. Ал жетимиш ашкан, ажардуу, чоң кемпир экен. Исаны көрүп, дароо жоолугун ондоп, боюн түзөй баштады.

— А-а... Арыба, балам,— деди анан.

— Бар болуңуз,— деп койду Иса.

Кемпир арабанын кырына жөлөнүп туруп, жерге түштү. Кыз ага кыпкызыл болгон четин таяк карматты. Кемпир таягын таянып, кичине оң бутуна сылтый басып, үйдү көздөй басты. Үйдүн босогосуна барганда, токтоп:

— Бисимилла,— деп койду.

Анан эшикти түртүп, ичкери кирип кетти.

Кыз болсо арабанын алдында аялдап калды. Ал адегенде арабага төшөлгөн бедеден бир тутам сууруп алып, аны боз эшектин алдына салды. Беде кызыл экен, бүгүн эле орулса керек, гүлү күбүлбөй келиптир. А кызыл беденин гүлү жапайы атыр гүлдүн гүлүнө түспөлдөш эмеспи. Эшек кызыл беденин кызыл гүлүнөн баштап шашылбай жеп кирди. А кыз эми арабадан бир түйүнчөк алып, таэнесинин артынан кирип кетти. Исанын жанынан өтүп баратып, атайы аны карабай койду. Бирок Исанын көз карашын сезип, беттери гүлсөөгандын гүлүндөй кызарып кетти.

«Сулуу кыз экен...» — деп койду Иса, кыздын артынан суктана карап.

Анан ал кызды кайра көргүсү келип, анын чыгышын күтмөкчү болду. Бирок ошол эле замат бул ою үчүн өзүнөн өзү уялып, аргасыздан Кандуу-Жылганы бойлоп, Сокту карай жол алды...

Чырайды чылап ичесиңби, — деп коёт элде. А менин көзүм сулуулукка тойбойт деп жемеледи ал өзүн, жолдо келатып. Жашы улгайып баратат, а жаштык сезими дагы эле күчтүү мында. Качан токтолоор экенмин? — деп койду муңканып. Бирок Петрарка минтип ырдаптыр го:

«Бетимдин качып кан-сөлү,
Кубарды чачым бубактай.
Бирок да сүйүү ышкысы
Жүрөктө, жаштык курактай...»

А монах Рекан алтымыш сегиз жашында жыйырма сегиз жаштагы монах кызга абдан ашык болуп калган имиш. А монах кыз болсо, анын көзү өткөнчө ага айныбас ашык жар болуп бериптир. Буга эмне дейсиз?

Эртеси күнү кыз менен таэнеси дагы келишти. Бирок бул жолу Иса аларды көралган жок. Анткени алар келген учурда Иса үйдүн ичинде, өз бөлмөсүндө отурган. Жыгач дубалдын артынан экөөнүн күңкүлдөп сүйлөшкөнүн гана угуп калды. Суунун шарында сөздөрүн ажырата албады. Адегенде, ошолорбу же башкаларбы деп да шек санады. Бирок кийинип эшикке чыкса, кечээги эшек араба туруптур. Боз эшек кызыл беде жеп атат. Иса кызды көрбөй калганына кичине кыйылган түрдө жолуна түштү...

Бирок үчүнчү күн дегенде бул үчөө дагы жүз көрүштү. Бул жолу Иса жыгач үйдөн чыгып келатканда келишти тигилер. Үйдөн чыга бергенде эле, эшек араба да дөңдүн бурчунан көрүнүп калды. Арабада аял гана отуруптур, а кыз арабага жанаша басып келатыптыр. Араба күндөгү жерине жетип токтоду. Кемпир бул жолу да озунуп салам айтты.

— Жакшысыңбы, балам,— деди ал, арабадан түшүп жатып.

— Эсенсизби,— деп койду Иса.

Кемпир, мурдагы күнкүдөй эле четин таягын таянып, үйгө кирип кетти. Кыз дагы кармалып калды. Адегенде эшегине беде берди. Анан негедир арабанын арткы дөңгөлөгү менен алек боло баштады. Исага шылтоо табылгансыды. Ал акырын арабага басып келди.

— Жардам керекпи?— деп сурады ал.

Кыз өйдө боло берди.

— Мына бул гылдырек улам-улам огунан чыгып кетип атат,— деди кыз.

— Темири бошоп калган турбайбы, — деди Иса.

Анан эңкейип дөңгөлөктү бекиткен болтту бурай баштады.

— Таэнеңдин буту ооруйбу?— деп сурады ал, кыз менен сүйлөшкүсү келип.

— Ооба,— деди кыз, кыска гана.

— Көп болдубу?

— Үч жылга айланып баратат.

— Анан үч жылдан бери каттайсыңарбы бул булакка?

— Угу...

Иса кызды карап калды. Кыздын жүзү апаппак, тунук эле. Бирок эки бетинин ортосунда атыр гүлгө түспөлдөш мала-кызыл ыраң жатат. Эриндери дагы мала-кызыл, алар кичине сууланып турат. А кашы-көзү капкара, чачтары карганын канатындай жалтырайт.

Кыз Исанын көздөрүнөн көздөрүн качырып, жыгач үй жакты карап калды.

— А алыстан келесиңерби?— деп сурады Иса.

— Айгүл тоонун астынан,— деди кыз.

— А-а... Айгүл тооң каякта?

— А сиз билбейсизби?

Кыз Исага таңыркай карады.

— Жок,— деди Иса.— Мен бул жердик эмесмин.

— Айгүл тоо деп тээтиги жалгыз тоону атайбыз,— деди анда кыз.

Иса көрдү ал тоону. Туташкан кырка бийик тоолорго жете бербестен, түптүз талаанын бетинде өзүнчө аралга окшоп, бир жапыс тоо турат. Тоо куду куйругун түйүп жаткан итке окшоп кетет экен.

— О-о, алыста турбайбы айлынар,— деп койду ал. Анан өйдө болду. — Менимче, эми дөңгөлөгүң огунан чыкпайт.

Эми кыз рахматын айтат да, таэнесинин алдына кирип кетет деп ойлоду. Бирок кыз рахматтын ордуна, кокусунан суроо берип калды.

— Анда сиз айгүлдү да билбейт турбайсызбы?

— Айгүлүң ким?

— Ой, айгүл деген айгүл да. Ошол тоонун үстүндө өсөт. Ошондуктан ал тоону Айгүл тоо деп коёбуз.

— Токточу... Айгүл — гүлдүн атыбы?

— Ананчы! Укмуштай кооз гүл! Андай гүл биздин Советтер Союзу боюнча бир гана жерде — биздин тоодо өсөт!

— Койчу?

— Ошондой! Бул гүл — кызыл китепке кирген. Муну бизге ботаник мугалим айткан. Аскар агай айткан.

— Биринчи жолу угушум...

— Чын элеби?

— Чын.

— Кызык...

— А кайсы маалда гүлдөйт ал?

— Марттын аяк ченинде... Анан бул гүл ай чыккан кезде гана ачылат. А ай батканда, кайра жумулуп калат.

— Ушундайбы?!

— Ошон үчүн айгүл деп аташат да аны!

— Жок, мен мындай гүлдү көрө элекмин. Ажайып гүл экен. Ушул учурда кыздын таэнеси кыйкырып калды.

— Ой, мени чакырып атат,— деди да, кыз жыгач үйгө карай чуркады.

— Токточу! Атың ким? — деп сурады Иса.

Кыз артына кайрылып, туруп калды.

— Айзада,— деди ал.

— Айзада... Жакшы кал. Мен эртең кетип атам. Фрунзеге...

— И-и-и...

Кыз үчүн бул күтүлбөгөн жаңылыкка окшоп көрүндү. Исага анын:

«И-и-и...» — деп оозун ачып калганы, өкүнүчтөй сезилди.

— Ушундай,— деп койду ал.

— Анда... жакшы барыңыз,— деди кыз.

Кийин жаш маралдай басып, жыгач үйгө кирип кетти.

«Бактылуу бол» — деп койду анын артынан Иса.

«Кудай, ылайым ошол кызга өз теңин тартуу кыла көр» — деди ал азыр, бир жыл өткөндөн кийин, мына бул таң алдында тунжурап жаткан ээн чөлдү басып баратып...

А таң баягыдан агарып, жер жарышып келаткансыйт. Бирок бул тандын атышы эмес, а айдын чыгышына байланыштуу көрүнүш эле. А таң атканга кыйла бар...

Бирпастан кийин тоо артынан ай көрүндү. Адегенде анын нурлары кырка тоолордун жонунда жаткан ак мөңгүгө чагылышып, анан тоолордун бетиндеги кара чүмбөтүн сыйрып, аларды кашкайта көрсөтүп, улам ылдыйлай баштады. Кокусунан, Исанын мандай жагынан алиги Айгүл тоонун караңгы сөлөкөтү чыга келди. — Ой, келип калган турбаймынбы, — деп сүйүнүп кетти Иса.

Ал жеткенче Айгүл тоого да ай тийди. Өз учурунда келдим, — деди Иса. Эми ай нурунун астында Айзаданын айгүлү ачыла баштайт. А мүмкүн анын ачылып аткан учурун өз көзүм менен көрүп жүрбөйүн деп үмүттөндү. Печек гүл күндүн чыгышы менен ачылып, күндүн батышы менен кайра жашынат. Анын ачылып-жумулганын өз турмушунда далай жолу көргөн бул.

Иса тоого чыга баштады. Тоону кыроо басып калыптыр. Кыроого айдын нуру чагылышат. Кыроонун астынан муздак жердин жана жаздын нымдуу жыты келет. Жердин кыртышы жумшак көрүнөт, анын бетинде эрбейген ак чөп өсүп турат, майда-чүйдө бадалдар учурайт...

Иса тоонун так түбүнөн баштап эле жерге үңүлүп, куду козу карын издегендей, гүлдү издеп кирди. Деги ал гүл өзү кандай болду экен деген суроо туулду ушул жерде гана,

биринчи жолу. Айгүлдү ал өмүрүндө көргөн эмес да... Кокусунан алдынан коён качты. Иса дирт этип чочуп, ордунда катып калды. Коёндон корккон коркок, — деди кийин эсине келгенде.

Ал тоону өрлөп отуруп, акырында бир бийик, типтик жарга туш келди. Жар — суу жеп кеткен кемер болуп чыкты. Кемердин асты жагында тептегиз ачык аянт бар. Аянттын орто ченинде боз үйдөй болгон боппоз таш турат. Таштын үстүндө түндүктөй жери как экен. Какка жамгырдын суусу толуп, айдын нуруна айдын көлдөй мелтиреп жатат. Иса бала кезинде балдар менен мал кайтарып жүрүп мындай кактардан далай жолу суу ичкенин эстеди. Азыр да ичкиси келип кетти. Ал таштын жапысыраак жагына жабышты да, какка эңилип, жамгырдын суусун иче баштады. Суу өтө муздак экен, ал жамгыр жана таш даамданат. Кокусунан, Иса сунун ичинде көлкүлдөп турган адамдын сөлөкөтүн көрүп калды. Жүрөгү шуу дей түштү. Ичкен суусу алкымына тыгылып, какап кетти. Желкемде бирөө карап турган экен деп чечти бул. Чукул бурулуп, артын карады. Артында эч ким жок. Көргөн көзүнө ишенбей кайрадан какка үңүлдү. Суудагы адам дагы эле муну карап турат. Демек, бул адам эмес, а суу астында жаткан бир нерсе деп ойлоду. Бирок ошентип ойлогончо, тигил сөлөкөткө жан кирип: акырын ары басып кетти. Иса бакырып жибере жаздады. Жүрөгү дүкүлдөп согуп кирди. Үрөйү учкан түрдө секин төгөрөгүн карап чыкты. Тоонун ай тийген жеринде адам аттуу көрүнбөйт. Ал эми айдын нуру жетпеген ар кайсы жердеги капкара аралдар коркунучтуу сыр сактап, унчукпайт. Иса аргасыздан өзүнүн бейтааныш, ээн тоодо жалгыз турганын сезди...

«Бул ким болуп кетти? — деп сарсанаа болду ал. — Адамбы? Айбанбы? Же албарстыбы?»

Акыры суроосунан өзү уяла түштү. Албарсты жөнүндөгү аңгемелерди бала кезде укчу эле жана андан коркчу. Бирок ушу жашка чыкканча ага али албарсты жолуккан жок. Демек, жөн эле коркконго кош көрүндү болду жанагы суудагы неме. Ушинтип көңүлүн кичине жубатып алып, кайтадан гүл издеп жөнөдү...

Ал тоону кадуулап жүрүп отурду. Бир маалда бир көлөкө жерге келип такалды. Көлөкө жер чоң үңкүрдүн оозу экен. Үңкүрдүн оозу аңырайып, а анын ичи капкараңгы болуп тунжурап турат. Иса үңкүр менен тиктешип туруп калды. Кокусунан, үңкүрдүн ичинен кыздын кыйкырыгына окшогон бир ачуу кыйкырык угулду да, ошол эле учурда ал жактан бир бейтааныш куш шуу этип учуп чыкты. Анын ка-

натынын шамалы Исанын бетин желпип өттү. Иса үңкүрдүн оозунан кеткенче шашты. Эми ал алдынан карангы жер көрүнсө эле андан качып өтө турган болду...

Бирпастан кийин ал тоонун тескей бетине өттү. Тескейине ай али тие элек экен. Демек, ал жакты кыдырыштын кажаты жок.

Иса эми тескей менен күнгөй беттин ортосундагы жон менен жогорулап отуруп, тоонун үстүнө чыгып барды. Тоонун үстүнө ай жакшы тийип туруптур, анткени үстү түз жана жалан экен: ар кайсы жерде адам бою келген зор-зор таштар жатат, анда-санда жапыс бадал сербейет, суук желге сүйдан чөптөр ыргалат...

— Айгүл табылса, ушул жерден табылат, — деди Иса. Бирок, тааныбаган гүлдү табыш кыйын болуп атпайбы. Анан кала берсе, бейтааныш тоодон бейтааныш гүлдү издегендин өзү тамаша да. Деги эле, бир гүлдү көрөмүн деп атайы Фрунзеден ушул жерге чейин күндөп-түндөп жол жүрүп келип, эми минтип ээн тоонун башында жалгыз темселеп жүрүш — апендичилик эмеспи? А бул тоого барамын деп, бул гүлдү көрөмүн деп кыш ичи жазды күтүп чыкканын кантесин мунун! Жок, бул жөнүндө бирөөгө айтсан ишенбейт, а ишенсе күлөт...

Иса жер тиктеп жүрүп отурду. Бир оокумда ал жакын жерден аял кишинин «А-а-ай!» деген чанырыгын укту. Угуп, өзү да кыйкырып жибере жаздады. Башын көтөрө берип, мандайындагы чоң таштын артына бирөөнүн булт этип жашынып калганын көрүп калды. Мунун жүрөгү дагы түшмөк болду.

— Сен кимсиң?! — деп бакырды бул, корккончунан гана.

— Мен... Айзадамын,— деген үн чыкты таштын артынан. Анан таштын артынан акырын Айзаданын өзү башпакты.— А өзүңүзчү? Аскар агайсызбы?— деди ал.

Исанын жүрөгү ордуна түштү.

— Оф...— деп жиберди ал, аргасыздан.— Сен... мени аябай коркутпадыңбы.

Кыз тааныды окшойт, алдыга чыга келди. Ал ак жоолукчан, ак пальточон экен. Ипичке, нooча бою менен анын алдында турду. Апаппак жүзү, апаппак тиши ай нуруна чагылышып, ал ушул тапта сулуулуктун жана тазалыктын периштесиндей болуп көрүндү.

— Ой...— деди ал, сүйүнүп.— Сизсизби? Атайы келдиңизби?

— Өзүң мактап коюп... — деди Иса, кызды көргөнүнө жетине албай, ага эркелеп.

— А мен сизди Аскар агай экен дептирмин. Аскар агай дагы жакшы көрөт бул гүлдү. Бирок ал киши апрелдин башында гана чыгып жүрөт бул жакка. А мен дайыма ушул түнү келем...

— А эмне үчүн... дайыма ушул түнү? Бүгүн?

— Бүгүн жаңы жыл эмеспи? Новруз майрамы да? А менин таэнем бул майрамды өтө ыйык көрөт. Анан ал киши: ушул күндөрү үйүбүздө айгүл турсун дейт. Эмне үчүн экенин жакшы билбейм. Мына ошол... Мурдагылары экөөбүз келчү элек, а анын буту ооругандан бери мен өзүм эле келип жүрөм.

— Мм... Ошондой де...

— А мен сизди жарым саат илгери көргөнмүн. Сиз ылдый жакта кактан суу ичип атыптырсыз,— деди кыз кокусунан.

— А сен каерде элең анда?! — деди Иса, оозу ачылып.

— Сиздин артыңыздагы жардын кырында тургам.

— А-а... анан эмне үчүн мага белги бербединг?

— Ой, корктум... Ким экениңизди билбесем...

А Иса өзүнүн коркконун моюнга алгысы келбеди. Эми анын жаңы жай алып, өзүн жеңил сезип калды.

— А мен сенин айгүлүңдү такыр таппай койдум,—деди ал.

— Ой, мен дагы! — деди кыз. Эки сааттан бери издейм — жок! Быйыл кечигип чыгат окшойт ал... Келиңиз, дагы издеп көрөлү, ажап эмес таап калсак.

— Кел,— деди Иса.

Эми экөө катар басышып, жер карашып, издеп жөнөштү.

— Кап, ай батып баратат, таң атып келатат,— деди Айзада.— А ай баткандан кийин айгүл табылбайт. Табылса да сотосу табылат, а гүлү ачылбайт...

«Сен өзүң айгүлсүң,— деди Иса ичинен, жүрөгү элжиреп.— Сен өзүң ай кызсың...»— А мен быйыл мектепти бүтүп атам, — деп калды кыз, дагы бирпастан кийин.

— Ошондойбу? — деп койду Иса.— Анда бир жакка окууга барат турбайсыңбы?

— Жок, эч жакка барбайм. Таэнемди таштап кеталбайм.

— Эмне, сенден башка таэненди карай турган киши жокпу?

— Кеп ошондо болуп атпайбы. Биз таэнем экөөбүз бу дүйнөдө жападан жалгызбыз. Биздин эч кимибиз жок!

Кыздын каңырыгы түтөп айтты буларды. — Ананайын, — деди Иса ичинен аны аяп. Ананайындарым...

Айзада андан кийин негедир унчукпай калды. Ал турмак Исадан бөлүнүп, алыстап кетти. Иса эмне кылаарын билбей, өзүнчө темселеп жүрө берди. Кудай жалгап, бир маалда кыздын кубанычтуу кыйкырыгы чыкты.

— Таптым! Таптым! — деди ал.— Мынаке! Бери келиниз!

Албетте, Иса ошол замат чуркап жетип барды. Барса, кыз чөгөлөп жерде отуруптур. А анын мандайында айгүл туруптур. Айгүлдүн сотосу жоон, бою узун болот экен. А гүлүнүн өзү коңгуроого окшоп кетет, алар асманды карап турушат. Бир сотодо төрт даана гүл ачылыптыр. Гүлдүн түсү айдын жарыгында кызгымтал болуп көрүндү.

— Ушул экен да,— деди Иса.

— Ушул,— деди Айзада.

— Ажайып гүл экен...

Экөө гүлдүн эки жагында мандай-тескей чөгөлөп отурушуп, кыйлага чейин гүлгө суктанып турушту.

— Эми сиз... алыңыз бул гүлдү,— деп калды кыз кокусунан.

— А эмне үчүн... мен?— деди Иса.

— Сиз... меймансыз,— деди кыз.— Алыңыз.

Исанын алгысы келди адегенде. Бирок кыздын таэнесин эстеп, дароо айныды.

— Жо-жок,— деди ал.— Гүлдүн мага кереги жок. Өзүн көрдүм болду. Көркүн көрдүм — жетишет.

— Чын элеби?

— Чын, чын. А сен муну таэнеңе алпар, ал киши да көрсүн.

Иса шашып-бушуп эки колдоп гүлдүн түбүн чукуп кирди.

— Ой-ой, тамырын казбаңыз, — деди кыз. — Тамырын казсаңыз эмдиги жылы чыкпай калат. Кесип алабыз. Азыр...

Айзада чөнтөгүнөн кичинекей бүктөмө бычак алып чыгып, Исага кармата салды. Иса, айгүлдү абайлап түбүнөн кесип туруп, Айзадага сунду.

— Рахмат,— деди кыз, гүл менен кошо өйдө болуп.— Ой, ай батып калыптыр.

— Ооба, — деди Иса дагын, айланасын карап. — Таң атып калыптыр.

Экөө бири-бирин тиктешип, бири-бирине жылмайышып туруп калышты.

— Эми... кетелиби? —деди Айзада, куду Исадан уруксат сурагандай.

— Кетели,— деди Иса.

Кыз ылдый жакты, талаа жакты карады.

— Тээтигине биздин айыл! — деди ал анан, Айгүл тоодон анча алыс эмес жердеги кararган кыштакты көрсөтүп.

— А мен сизди Аскар агай экен дептирмин. Аскар агай дагы жакшы көрөт бул гүлдү. Бирок ал киши апрелдин башында гана чыгып жүрөт бул жакка. А мен дайыма ушул түнү келем...

— А эмне үчүн... дайыма ушул түнү? Бүгүн?

— Бүгүн жаңы жыл эмеспи? Новруз майрамы да? А менин таэнем бул майрамды өтө ыйык көрөт. Анан ал киши: ушул күндөрү үйүбүздө айгүл турсун дейт. Эмне үчүн экенин жакшы билбейм. Мына ошол... Мурдагылары экөөбүз келчү элек, а анын буту ооругандан бери мен өзүм эле келип жүрөм.

— Мм... Ошондой де...

— А мен сизди жарым саат илгери көргөнмүн. Сиз ылдый жакта кактан суу ичип атыптырсыз,— деди кыз кокусунан.

— А сен каерде элең анда?! — деди Иса, оозу ачылып.

— Сиздин артыңыздагы жардын кырында тургам.

— А-а... анан эмне үчүн мага белги бербединг?

— Ой, корктум... Ким экениңизди билбесем...

А Иса өзүнүн коркконун моюнга алгысы келбеди. Эми анын жаңы жай алып, өзүн жеңил сезип калды.

— А мен сенин айгүлүңдү такыр таппай койдум,—деди ал.

— Ой, мен дагы! — деди кыз. Эки сааттан бери издейм — жок! Быйыл кечигип чыгат окшойт ал... Келиңиз, дагы издеп көрөлү, ажап эмес таап калсак.

— Кел,— деди Иса.

Эми экөө катар басышып, жер карашып, издеп жөнөштү.

— Кап, ай батып баратат, таң атып келатат,— деди Айзада.— А ай батканда кийин айгүл табылбайт. Табылса да сотосу табылат, а гүлү ачылбайт...

«Сен өзүң айгүлсүң,— деди Иса ичинен, жүрөгү элжиреп.— Сен өзүң ай кызсын...»— А мен быйыл мектепти бүтүп атам, — деп калды кыз, дагы бирпастан кийин.

— Ошондойбу? — деп койду Иса.— Анда бир жакка окууга барат турбайсыңбы?

— Жок, эч жакка барбайм. Таэнемди таштап кеталбайм.

— Эмне, сенден башка таэненди карай турган киши жокпу?

— Кеп ошондо болуп атпайбы. Биз таэнем экөөбүз бу дүйнөдө жападан жалгызбыз. Биздин эч кимибиз жок!

Кыздын каңырыгы түтөп айтты буларды. — Ананайын, — деди Иса ичинен аны аяп. Ананайындарым...

Айзада андан кийин негедир унчукпай калды. Ал турмак Исадан бөлүнүп, алыстап кетти. Иса эмне кылаарын билбей, өзүнчө темселеп жүрө берди. Кудай жалгап, бир маалда кыздын кубанычтуу кыйкырыгы чыкты.

— Таптым! Таптым! — деди ал.— Мынаке! Бери келиниз!

Албетте, Иса ошол замат чуркап жетип барды. Барса, кыз чөгөлөп жерде отуруптур. А анын маңдайында айгүл туруптур. Айгүлдүн сотосу жоон, бою узун болот экен. А гүлүнүн өзү коңгуроого окшоп кетет, алар асманды карап турушат. Бир сотодо төрт даана гүл ачылыптыр. Гүлдүн түсү айдын жарыгында кызгымтал болуп көрүндү.

— Ушул экен да,— деди Иса.

— Ушул,— деди Айзада.

— Ажайып гүл экен...

Экөө гүлдүн эки жагында маңдай-тескей чөгөлөп отурушуп, кыйлага чейин гүлгө суктанып турушту.

— Эми сиз... алыңыз бул гүлдү,— деп калды кыз кокусунан.

— А эмне үчүн... мен?— деди Иса.

— Сиз... меймансыз,— деди кыз.— Алыңыз.

Исанын алгысы келди адегенде. Бирок кыздын таэнесин эстеп, дароо айныды.

— Жо-жок,— деди ал.— Гүлдүн мага кереги жок. Өзүн көрдүм болду. Көркүн көрдүм — жетишет.

— Чын элеби?

— Чын, чын. А сен муну таэнеңе алпар, ал киши да көрсүн.

Иса шашып-бушуп эки колдоп гүлдүн түбүн чукуп кирди.

— Ой-ой, тамырын казбаңыз, — деди кыз. — Тамырын казсаңыз эмдиги жылы чыкпай калат. Кесип алабыз. Азыр...

Айзада чөнтөгүнөн кичинекей бүктөмө бычак алып чыгып, Исага кармата салды. Иса, айгүлдү абайлап түбүнөн кесип туруп, Айзадага сунду.

— Рахмат,— деди кыз, гүл менен кошо өйдө болуп.— Ой, ай батып калыптыр.

— Ооба, — деди Иса дагын, айланасын карап. — Таң атып калыптыр.

Экөө бири-бирин тиктешип, бири-бирине жылмайышып туруп калышты.

— Эми... кетелиби? —деди Айзада, куду Исадан уруксат сурагандай.

— Кетели,— деди Иса.

Кыз ылдый жакты, талаа жакты карады.

— Тээтигине биздин айыл! — деди ал анан, Айгүл тоодон анча алыс эмес жердеги кararган кыштакты көрсөтүп.

— А-а, жакын турбайбы бул жерден, — деп койду Иса.

— Жакын, жакын! Андан көрө жүрүңүз мени менен, чай ичиңиз биздикинен.

— Ананайын, — деп койду Иса ичинен, ыраазы болуп.

— Рахмат, карындашым. Мен бүгүн жөнөп кетишим керек.

— Мм... Анда жакшы барыңыз.

— Жакшы кал.

Иса тобокел деп кызга колун сунду. А кыз анын колуна колун тийгизди да, анан шарт бурулуп кетти. Иса анын шыпылдап басып баратканын карап туруп калды. Кокусунан, Айзада артына бурулду.

— А сиз быйыл дагы Кан-Жылгага келесизби? — деп сурады ал күтүлбөгөн жерден.

— Билбейм, — деди Иса. — Иш көп...

— А биз барабыз, — деди Айзада.

Анан кайра басып кетти. Иса аны дагы кичине узата карап туруп, кийин өзүнүн келген жолуна түштү.

«Билбеймин, — деп кайталады ал, Айгүл тоодон түшүп келатып. — Билбеймин. Иш көп...» Бирок кокусунан, өзүн быйылкы жайда Кан-Жылгада жүргөнүн көрүп калды. Аптаптуу күн экен. Ал ысык булактын үстүнө салынган жыгач үйдөн чыгып, бурулуштан көрүнгөн эшек арабаны карап туруптур...

1985

КАРА-КӨЛДҮН КАЗДАРЫ

Абышка мешке акыркы жолу көмүр салды. Анан түктүү чоң колу менен маңдайынан терин сүртүп, сенделе басып босогого келди.

Бактын түбүндөгү электр лампочкалары жарык кылып турган кир алюминий столдордо Оштон жүк тартып келишкен бир топ тааныш шофёрлор, хорогдун өзүнүн үч-төрт кызыл байпакчан жаш бойдоктору, дагы бир кандайдыр бейтааныш, дүйшөмбүлүк тажиктерге окшогон жигит олтуруптур.

Шофёрлор бир нерселер жөнүндө кызуу талашышып, жаш Хорогдуктар болбогон жерден караңгы бактын ичин жаңырта күлүп жатышты. Шофёрлор да, бойдоктор да ичип олтурушат.

Бейтааныш жигит жалгыз эле. Ал эң четки столдордун биринде олтуруп алып, Хорогду тегерете курчаган тоолордун чокуларын таңдана карап жатты. Анын столунда аз эле бөксөргөн шараптуу шише, эки-үч стакан турат.

Абышка шарапты көрүп, шилекейин жутуп алды. Ал шофёрлор жакка карады. Шофёрлор март болушат. Анын үстүнө бардыгы тааныш. Бирок азыр, ичкиликке кызып алышкандыктан, эч кимиси ага көңүл бурушпады. Абышка жетимсирей түштү. Өзүнүн жалгыздыгын сезди.

Ал бир топко талыкшып туруп, анан мындан эки жыл мурда үйүнө кетип бараткан чек арачыдан сатып алган гимнастёркасынын жакаларын чечип, тер жыттанган койнунан жылан сыяктуу жылмакай чоорун сууруп чыкты. Чоор абышканын кургак эриндерине тиер замат, коңур үн менен кандайдыр бир мүндүү обонду созолонтту. Обон абышканын өзүнүкү болчу. Аны ал качан, эмне жөнүндө, эмне үчүн чыгарганын өзү да билбейт. Бир гана билгени: бул обонду, негедир, өзүнүн көңүлү чөгүп турган учурда гана ойнойт.

Уккан кишиге, обон кандайдыр алыскы жылдардын арасында калып кеткен жаштыкты, бакытты эңсеп жаткансып көрүнөт.

Шофёрлор менен хорогдуктар бир-бирден абышканы карап алышып, кайрадан өздөрүнүн күлкүлөрүнө, кызуу аңгемелерине киришти. Келгин жигит чукул бурулуп, ал болжолдогон тараптан эмес, анын каршысынан күндүн чыгып келатканына таң калган адамча, абышкага карап калды. Анын колундагы шараптуу стакан жай гана столго коюлду.

Абышка булардын бардыгын байкады. Бирок эми ал олтургандарды да, алардын шараптарын да унута баштады.

Ал башын бийик көтөрүп, бет маңдайындагы тоолордун чокуларына, анын артынан шыкаалап турушкан жылдыздарга карап жатты. Бул учурда анын кыялы, коюу булуттардын арасында сүзүп бараткан ай сыяктуу кайдагы алыс калган жылдарды аралай сызып жөнөдү.

Бүгүнкү кеч күндөгүсүндөй тынч эле. Шаардын жападан жалгыз көчөсүндө машиналардын, адамдардын шоокуму тынчып, жакын жерден агып өтүп жаткан Гунт дарыясынын үнү гана бөлүнүп калды.

Бийик аскалардын ар жагынан айдын сапсары жалыны көтөрүлүп келатты. Анын нурлары жеткен тоонун чокулары акырындап жарышып, жылмакай таштары жалтырай баштады.

Мына ушул кереметтүү тынч кечте чоордун мүндүү үнү айрыкча укkулуктуу чыгып, кишинин жүрөгүн туйлатып, аны кыялдануuга өткөн өмүрүнүн эң жакшы учурларын эстөөгө чакырып жатты.

Абышка чоорун көпкө тартты. Акырында эриндери таптакыр кургап кеткен соң, чоорун акырын оозунан алып, койнуна салып койду. Анысы кайрадан бой тумар сыяктуу жоон, тырыштуу мойнунда асылып калды.

Абышка бактын түбүндөгүлөрдү карады. Шофёрлор менен жаш бойдоктор дагы эле өздөрү менен алек экен. А келгин жигит болсо, абышканы эски таанышын тааный албай жаткан кишиче делөөрүй карап отуруптур. Качан аны абышка караган кезде, ал абышкага жылуу жылмайды. Абышка муну чакырык катары кабыл алды. Ал өзүнүн жеңил, ишенимсиз кадамдары менен келгин жигиттин столуна келди.

— Сиз Дүйшөмбүдөн келдинизби? — деп сурады ал фарс тилинде, жигитке кир колдорун сунуп. Жигит анын колдорун бекем кысып, анан ийиндерин куушуруп, дагы жылмайды.

Абышка өзүнүн жаңылышканын сезе коюп, орусча чала-моңолдоно чалып:

— Сиз кыргызсызбы? — деп сурады.

Жигит баш ийкеп, анан элпектик менен ага олтургуч жылдырып койду. Абышка чарчаган денесин шалк эттирип олтура кетти.

— Сиз чоорду жакшы тартат экенсиз, — деди жигит орус тилинде.

— А-а...— деди абышка колун шилтеп, мактоону моюнга алгысы келбей. Ал көзүнүн кыйыгы менен шишени карап койду.

Жигит бош стаканга толтура кара-кочкул шарап куйду. Абышканын көздөрү жайнай түшүп, келгин жигитти ыраазылык менен карады.

Келгин жылмайып, анан ичели дегендей ишарат кылды. Абышка биринчи болуп ичип жиберди. Ал ачкарын эле. Муздак шарап денесин чымыратып кетти. Анын көңүлү көтөрүлө түштү.

— Демек, сиз Кыргызстанданбы? Мургабга мугалим болуп баратасызбы? — деди ал көтөрүңкү, ишенимдүү үн менен. Жигит башын ийкеди.

— А сиз кайдан билдиңиз?

— Билем. Кыргызстандан Мургабга мугалимдер гана келишет.

Абышка өзүнүн алдында турган стаканын акырын шише жакка түртүп койду. Жигит ага калган шарапты шыпкай куйду.

— Ыракмат, — деди абышка.— Ыракмат.

Ушул учурда өйүздөгү тоонун бооруна жармашкан Ооганга караштуу кичинекей кыштактан эшек аңгырап кирди. Жигит бурулуп, кыштакты, анын айга чагылышкан терезелерин, айдын нурунан куугунтук жеп, тоодон ылдый жылып түшүп келаткан караңгы көлөкөлөрдү көпкө карап турду.

— Жакшы жер экен,— деди ал акырында абышкага бурулуп. Абышка бошогон стаканын столго коюп, оозун арчып жаткан. Ал унчукпай жигитти карады. Жигиттин жаш, сулуу кайгы-кападан кабарсыз жүзү ага жагып кетти.

— А Мургаб мындан да жакшы,— деди ал, кыялдана сүйлөп,— анын Кара-Көл деген көлү бар... Аралдарында жапайы каздар көп. Ооба, жапайы каздар. Ушунчалык көп каздар. Алар жумурткаларын кумга бекитип коюшат. Сиз аларды чукулап таап алып жатканыңызда, каздар төбөңүздө булуттай уюлгушуп, асманды бербей чурулдашып, сизди тебүүгө аракет кылышат... Ох!.. — Абышка тим болуп калды. Ал шарапка кызып калган эле.

— Карамшо! — деп чакырды аны ушул учурда ашканананын босогосунда турган семиз ашпозчу аял. Абышка бурулуп карады.

— Келип тамагыңды ичпейсиңби? — деди аял, бадахшандык тажиктердин тили менен. Абышка унчукпай бурулуп кетти. Ал жигитти карады. Ага жигиттин жаш, сулуу, кайгы-капасыз жүзү дагы жакты. Абышка акырын туруп, жай басып буфетке барды. Буфетчи аял акча санап жатыптыр.

— Мубарро...— деди абышка, ордунда теңселип.

— Эмне?— деди буфетчи ага карабай туруп.

— Мага эки стакан шарап куйчу. Карызга...

— Жок. Баштагы карыздарыңды төлө.

— Мубарро?

— Жок. Анын үстүнө кеч болуп калды. Азыр жабабыз. Абышка артын карады. Шофёрлор менен жергиликтүү жигиттер эчак кетишкен болучу. Келгин дарыянын өйүзүн, оогандыктардын кыштагын карап отуруптур.

— Мубарро. Тиги мейман жигитти...

— Жок, убара болбо, Карамшо.

Эртең аванса алабыз.

— Жок.

Абышка тактайдын үстүндөгү шараптын жугу калган стаканды мыжыга кармады:

— Мубарро!

Абышка дагы артын карады. Келгин колун жансап, аны өзүнө чакырды. Ал стаканды жайына калтырып, келгиндин жанына келди.

— Сиз, эмне, дагы ичкени жатасызбы? — деди келгин.

— Тиги...— Абышка буфетчиге бурулду.— Мубарро!

— Коюңуз, эми ичсеңиз көп болуп кетет,— деди жигит.— Андан көрөкчө коштошолу.— Ал бурулуп абышкага колун сунду.— Жакшы калыңыз.

— Менин атым Карамшо,— деди абышка жигиттин колдорун кысып.— Эгер биздин Хорогго кайрадан бир келип калсаңыз, мага сөзсүз учураныз. Карамшо десеңиз Хорогдогу ар бир тажик таап берет...

«Келсем, учураймын,— деди жигит ичинен.— Сөзсүз учураймын...» Ал башын ийкеп, жылмайды.

— Билесизби,— деди анан,— эгер сиз айткан Кара-Көл чын эле жомок эмес, чындык болсо, мен ага сөзсүз барамын.

Ал, абышка жооп бергенче күтпөй бурулду да, бактын ичине кирип кетти.

Абышка бир азга анын артынан карап туруп, кийин сенделе басып, өзүнүн кроватына келип отурду.

Ашкана менен буфетти жабышты. Ашпозчу аял менен буфетчи бирден түйүнчөктү колтуктап алып, үйлөрүнө кетишти. Абышка күндөгүдөй эле бакта жалгыз калды.

«Баары кетишти,— деди ал.— Сен калдың. Сен дайыма каласың...» Анын алдынан, күн сайын келип жүрчү ичке кара канчык жортуп өттү. Бирпастан кийин ашкананын арт жагынан сөөктөрдүн качыраганы угулду.

«А эмне үчүн сен кетпейсиң? — деп сурады ал, өзүнөн өзү.— Үйүң бар го? Капа болбо... Үйүнө эмес, албетте. Башка жакка. Алыс жактарга. Мисалы, Кара-Көлдүн каздарына... Кайда?!.» Абышка өз оюнан өзү коркуп кетти. Ал кийинки отуз жылдан бери Кара-Көлдү көрө элек болучу. Албетте, аны дайым эстөөчү. Бирок ага барууну таптакыр ойлобой калган. Кара-Көл анын жаштык кезинин көлү. А жаштыгы болсо эчак өткөн. Ырас, ал жерде, так эле көлдүн жээгиндеги кумдуу дөбөчөдө, анын жыйырма беш жашында өлгөн, эң биринчи да, эң акыркы да аялынын мүрзөсү калган. Эч болбосо ошол үчүн да барса болор эле. Бирок ал барган жок. Али мындан жашыраак кезинде өзүнүн отпуска күндөрү жакындай баштаган учурларда, Кара-Көл анын эсине көп-көп түшүп, а көлдүн жээгиндеги кумдуу дөбөчөдөгү жалгыз мүрзө менен ак булуттай уюлгуп учушкан жапайы каздар анын түшүнө кире турган. Ошондо анын Кара-Көлгө баргысы келчү. Бирок, баргысы гана келчү. А отпуска күндөрү болсо, ар дайымкыдай эле Хорогдун чайканаларындагы сөрүлөрдө

пияла чайнап, же болбосо Гунттун жээгинде кайырмак салып отуруп, өткөрүп жиберчү.

Ырас, кийинки жылдары отпускасын такыр албас болуп кетти. Ашкананын башчысы айтып жүрөт, качан кааласаң, ошондо аласың деп. Мына, эми алат. Ооба. Эртең кааласа, эртең алат да, Ошко кетчү машиналардын бирөөнө олтурат. Шофёрлор тааныш. Жол кире албасы да мүмкүн. А жол болсо... Көп болсо төрт жүз километрдир. Чыдап коёт. Албетте, чыдап коёт. Ошентип... кайрадан Кара-Көл... Жапайы каздардын көлү. Өмүрүнүн эң жакшы мезгилинин көлү...

Ал ордунан туруп, өскүлөң чөптөрдүн арасы менен бактан чыгып кеткен, коёндун жолундай ичке жол менен үйүнө жөнөдү. Эскилиги жеткен жапыс үйү бактан алыс эмес жерде болучу. Абышка келип, көпкө чейин күймөнүп жатып, жат баскан чоң кара кулпусун ачты да, анан акырын босогосун аттады.

Мында, ал, жайы бою бир күн да турган эмес эле. Ошондуктан, үйдүн ичи ээн, музей сыяктуу жансыз, муздак жана караңгы; чаң баскан, жалгыз, кичинекей, төгөрөк терезеден гана айдын нуру түшүп, чалдын бирден бир кымбат буюму — ыраматылык аялынын алкакка салынган сүрөтүн жарытып турат. Бул сүрөт башта абышканын эски эмгек книжкасынын ичинде жүргөн кичинекей гана сүрөт болуп, абышка аны, мындан үч жыл мурда гана, өзүн жакшы көргөн бир чек арачы офицерге чоңойттуруп алган. «Мени кечирип кой,— деди ал, өзү босогодо турган бойдон аялынын сүрөтүнө.— Мен таптакыр үйгө келбей кеттим. Сен таарынган жоксуңбу?»

Сүрөт унчуккан жок. Ал дайыма унчукчу эмес.

Абышка басып келип, анын бетиндеги калың чаңды сүрттү. Анан, анын маңдайында бир топко далдайып туруп, чөнтөгүнөн ширеңке алып, очоктун башындагы чыракты тамызды. Үйдүн ичи күңүрт жарык болду. Абышканын көзүнө биринчи болуп чачма мылтыгы, ок-дарылары салынган баштык, эскирген төшөнчүлөрү, чаң баскан идиш-аяктары, анан калган буюмдары урунду.

Абышка жай басып келип, мылтыкты алды. Анан, анын затворун чыгарды да, өзөгүн жарыкка тосту. Мылтыктын ичи аябай кирдептир. Абышка мылтыктын өзүнө ичи аябай кирдептир. Абышка мылтыктын өзүнө кыстарылып коюлган сүмбөнү чыгарып, көрпөсүнөн чубалып турган кебезден үзүп, анын учуна ороду.

Көп өтпөй мылтык тазаланып, дубалга жөлөнүп коюлду. Кийин абышка, көпкө чейин жездерине дары куюп, ок са-

лып, пистон каккылап отурду. Акырында, чарчагандыктанбы, же ичилген шараптын таасириненби, олтурган жерине эле кыйшайып, жаш балача опоной уктап калды.

Ошол бойдон ал үйдүн ичине күндүн нуру түшкөндө гана ойгонду. Бүткүл денеси талыкшып ооруп, оорлонуп калыптыр. Тамагы кургап, көңүлү азат.

Ал көзүнө биринчи болуп урунган жанындагы мылтык менен чачылып жаткан ок-дарыларды көрүп, аябай таң калды. Бирок бардыгын эстегенден кийин, аларга, кандайдыр шылдың иретинде жылмайып койду.

Бир пастан кийин, ал бардыгын жыйнаштырып ордуордуна илип койду да, эшигин кулптап, тышка чыкты. Тышта күн көтөрүлүп, тиричилик башталып калыптыр.

Өйүздөгү оогандыктардын кыштагында эшек жетелеп бараткан аялды карап туруп, абышка узакка эстеди. Анан шүүдүрүм баскан ичке жол менен баягы бакты көздөй кетти.

Бул жолу да Кара-Көлгө барбай калды.

1963

ЭКИ ИРЕТ ГҮЛДӨӨЧҮ АЛМАЛАР

Алардын үйү тар болгондуктан, бала кыш ичи печтин астындагы бурчта мышыкча бүгүлүп, сыры көчкөн полдо жатып чыкты. А качан күн жылып, ачык асмандын астында жашаса боло турган мезгил келер замат, ал, өзү жыгач складынан кымтып-кумтуп келген, шахтадан чыккан порталардын арасынан чукуп тапкан сынык-сынук тактайлардан кураштырып, отун кепенин жанына кичинекей сөрү жасап алды да, шаардагылардын ичинен биринчи болуп тышта жашоочу болгон. Үстүнө эч нерсенин көлөкөсү түшпөгөн сөрүдө, чак түштө уктап, эс алуу абдан кыйын болгондуктан, бүгүн тобокелге салып, өгөй атасынан абдан корксо да, анын бүгүн жумуштан саат үчтө келерин билип туруп, апасынын зар какшап каршы болгонуна карабастан, үйгө кирип, кроватка жатып алды. Жатканда да кийимчен.

Өгөй атасы, анын арык ийнинен жулкулдатып ойготуп алып:

— Эй, ашка жүк, башка жүк,— деди.— Сен жакын арада мени өз үйүмөн да куун чыгат окшойсуң, а?!

Зааркана карап турган өгөй атасынын жүндүү кең көкүрөгүн, жоон бырыштар баскан бийик мандайын, коюу каштарынын астындагы заары чачыраган көздөрүн, калын

эриндерин бала бир сыйра жек көрүү менен карап чыгып, кроваттан акырын жылып түшүп, эшикке бет алды.

Далиске чыгуучу босогодо, бардыгын көрүп, угуп, эриндери дирилдеп, ыйлап жиберүүчүдөй бүжүрөп апасы туруптур. Качан ал жанынан өтө берерде, тигил анын далысына алаканы менен чап эткире берип калды. Бала буйтап качуунун ордуна, жай бурулуп, апасынын жашы куюлууга даяр турган көздөрүнө: «Бул дагы эмнең? — дегендей тикирейе карап, унчукпай бурулуп, тышка чыгып өзүнүн күнгө кактанып жаткан жайдак сөрүсүнө барды. Сөрүдө, дубалдын түбүндөгү примуска коюлган кичинекей ак кастрюлдагы саргыч шорпонун бүлкүлдөп кайнап жатканын карап, бир топко ойлуу олтурду. Анан, ордунан чечкиндүү туруп, эки аттам жердеги тар аллеяга өттү. Аллея менен көпкө жүрдү. Кийин оңго бурулуп, темир жолду кесип өтүп, асфальт жолго түштү. Көп өтпөй шаардын чеги бүтүп, созулуп жаткан буудайлуу талаа башталып, бала буудайды аралай кеткен башка бир жолго бурулду.

Жол, көптөн бери эч ким каттабаган көрүнөт, жаздагы жамгырдуу күндөрдү эстеткен аттын, арабанын, эшектин, уйдун, жөө кишинин ылайга өтө баткан эски издери жатат. Издерге анда-санда буудай чыгып, алар бышып калыптыр.

Бала бат эле талаага житип кирип кетти. Ошондо, ал арт жагынан апасынын өзүнө тааныш сүйкүмдүү үнүн укту.

— Сар-да-ал! — Үн каргылданып, аянычтуу чыкты. Бала бурулуп алыста-алыста, сапсары өскүлөң буудайдын үстүндө сүзүп келаткан апасынын капкара башын, бийик көтөргөн колундагы желбиреген кара жоолукту көрүп, ордунда туруп калды.

Апасы көпкө чуркады. Акырында анын өпкөсү көөп, кышылдаганы угулуп калды.

— Кайт, Сардал! — деди апасы ушул учурда.

Бала апасынын оюн түшүнүп, ошол замат тыз коюп качып жөнөдү. Эне менен баланын ортосунда куугун башталды.

— Сар-да-ал, кайт!

— Сар-да-ал!

Апасы бат эле чарчап, акырындап кала баштады.

— Сар-да-ал!...

Бул жолу апасынын үнү узактан угулганын сезип, бала токтоп артын карады.

Апасы тээ алыста, жолдун ортосунда далдайып туруп калыптыр. Уулунун кайра токтогонун көрүп, бир аз кооптонуп, ишеничсиз түрдө алга баса баштады. Ал уулунун

кайрадан качышын күтүп, андан көзүн албай келе жатты. Бирок анын ордунан жылбай турганын көрүп, ылдамдай басты. Аябай чарчагандыктан, бир жолу мүдүрүлүп, катуу жыгылып да алды. Ошондо бүт көкүрөгү, жүзү чаңга булганып турду. Бирок ал жаактарын жаап калган үрпөйгөн чачтарын да ондобостон, бетин аарчып, көкүрөгүнүн чанын да күбүбөстөн, көрдөн чыккандай сүрдүү кейпи менен алга басты.

Балага бул таасир этти. Анын жүрөгү бурап ооруп, тамагы буула түштү. Өзү да сезбей, селбип кадам шилтеп апасын утурлады. Барган сайын ал жакындай берди. Апасы жакындап, анын топурак болгон коюу каштарынын астынан туптунук кара көздөрүн даана көргөндө:

— Апа! — деп кыйкырып жиберип, өзүн алга таштады. Апасы да бар күчүн жыйнап, эки колун алга сунуп, чуркап жөнөдү. Алар көз ачып-жумганча кошулушту. Анан, үстүндөгү асман сыяктуу кең буудайлуу талаанын ортосунда, чөп баскан эски жолдо эне-бала бирин бири бекем кучакташып, бири-биринин жагымдуу ысыгын сезишип, тааныш жыттарын жытташып, көпкө-көпкө унчугушпай турушту. Экөө тең көздөрүн жашырып, бири-биринин денесине ысык жаштарын куюлтушуп, секин-секин ыйлап жаткандыктарын жакшы билип турушту.

— Эми...— деди бир кезде энеси, дале баласынын башын өз көкүрөгүнөн бошотпой, — ушинтип чечипсиң, мейли... Бирок Сардал, атаңа баргандан кийин, ага мен жөнүндө айтпай эле койчу?

— Жок,— деди уулу энесинин кучагынан бошонуп.— Айтам. Бардыгын айтам. Сенин жер кепеге окшогон үйүндү, анын ушунчалык жардылыгын, өзүңдүн ыраңындын азгындыгын, кийген кийиминдин жупунулугун, кылган түйшүгүңдүн оорлугун, нан жок болуп калган учурларда, кирин жууп берип, студенттерден акча алганыңды, өзүңдүн ушунчалык жалгыздыгыңды, ооруканада бирге иштешкен кир жуучу аялдардан башка сени шаарда эч ким тааныбастыгын, ушундай абалыңа карабай, күйөөңдүн алган акчасын бүт ичип келип сени ырайымсыз сабаарын — бардыгын-бардыгын айтамын.

Эне көзүнө толуп чыккан жашын сыгып, токтоолук менен:

— Сен, минтип мага жардам кылбайсың да, Сардал? — деди.

— Ошондой болсо да...

— Кубатым, сен али көп нерсени түшүнбөйсүң. Эгер билсең, чоң кишилер да жаңылышат. Баарынан жаманы: алардын ар бир катасы өтө кымбат баалар менен төлөнөт...

— Ох, апа! — деди бала, башын кайрадан апасынын көкүрөгүнө катып. — Биз бир кезде кандай бактылуу элек... Өз атам үчөөбүз... Өзүбүздүн үйүбүз, уюбуз, коргонубуз, багыбыз бар эле... А билесиңби, апа, эки түп алмабыз күзүндө дагы бир жолу гүлдөөчү эле? Билесизби, ошону, апа?

— Угу,— деди апасы болор-болбос жылмайып.— Бирок дайыма алардын мөмөлөрү бышууга үлгүрбөй калуучу. Бат эле суук күз келип, анын артынан кыш түшүп...

Анын көзүнө жаш толуп чыгып, анысын балага байкатпас үчүн, башын түптүз көтөрүп алыска, алыска карады. Көздөрүндөгү мөлтүрөгөн сууларга күндүн нурлары, аппак булуттар, бозомук тарткан асман чагылыша түштү.

— А эсиңдеби, апа, атам үчөөбүздүн шаарга барып, мага велосипед сатып келгенибиз? Ал азыр ошол бойдон аткана-да турат. Эгер сенин, сага келгенимде кайра атама жөнөтпөй коёрунду билсем, мен аны ошондо эле шаарга ала кетет болчумун. — Бала бир азга ойго батып, унчукпай калды. Кийин деми кысыла:

— Апам-ай, ошондо эмнеге гана уруштуңар экен! — деди.— Бардыгын кылган сен... Болбосо кийин деле жарашып алсаңар болмок. Атам, бечара, канчалык кечирим сурабады, сенден? Күйөөгө чыкканыңдан кийин да келип жүрдү. Ал турмак быйыл эле, жакында да келбедиби. А сен болсо...

— Жүрчү, Сардал,— деди апасы терең деп алып.— Сени бир аз узатып коёюн.

Эне-бала бири-бирине ыкташып, үн-сөзсүз жүрүп отурушту.

— Сардал... — деди анан апасы биртоп басышкандан кийин. Негедир кыйналып-кысталып: — Сен атаңа айтчы... Эртең дем алыш... Сени ээрчитип шаарга келсин... Экөөң мени, баягыда сенин жаңы алынган велосипедине жел толтурган жерибизде, талдын түбүндөгү супада күтөсүңөр. Куппу?

— Апа...— деди уулу, күтүлбөгөн кубанычын жашыра албай.

— Бар, бар эми...— Эне токтоду.

Бала адегенде энесинен көзүн алалбай, беш-алты кадам кетенчиктеп басып, кийин артына улам-улам кылчактап коюп, узай баштады.

Эне болсо, жолдун ортосунда далдая туруп, уулу сапсары буудайдын арасына таптакыр сиңип кеткиче андан көзүн албай карап тура берди...

Бала энесинин башы капкара чекитке окшоп, анын жылып баратканы же токтоп турганы билинбей калганча

барып, кийин токтоп, ботинкаларын чечип, аларды бирибирине байланыштырып, ийнине илди да, анан шымын тизесине чейин түрүп алып, астейдил басып жөнөдү.

Анын көңүлү көтөрүнкү болгондуктан, жол катар эргип эргип чуркап, же аксаң кулак атып ойноп, эс алган жеринде чегирткелерди тиштештирип, буудайдын ичинен көпөлөк же саратан кубалап, жолдон адаша калып жүрүп олтурду. Күн олтуруп бараткан кезде буудайлуу талаа бүтүп, ал өзүнө тааныш, бийик, коюу камыштар өскөн сазга чыга келди. Ушул жерде буудайдын ичиндеги жол да башка жакка кайрылып, бала камыштардын арасындагы жалгыз аяк жолго кирди. Камыштардын ичинде жаңыдан каранғылык түшө баштап, андагы жапайы өрдөктөр жатар конок издешип, ары-бери учуп жүрүшүптүр. Бала үч-төрт минутадан кийин саздан чыгып, колхозчулардын тамарка жерлерине туш келди. Ал тамарка эгиндерди, кийин кыштактын бактарын, үйлөрүн аралап барып, акырында өздөрүнүн коргонуна келип жетти.

Дарбаза, негедир, ичинен жабылуу экен. Бала тешиктен карап, алмалардын түбүндөгү сөрүдө олтурган кемпирди, очокко от жагып жүргөн жаш аялды, велосипедге жел толтуруп жаткан өзү тендүү баланы көрдү. Өмүрүндө көрбөгөн бул чоочун кишилер аны аябай таң калтырды. Ал бир топко не кыларын билбей, нес болуп туруп, кийин шымынын багалектерин түшүрүп, ботинкаларын колуна алды да, өзүнүн кичинекей муштумдары менен дарбазаны акырын койгулады. Ошол замат коргондун ичинен кепичтердин «шырпшурп» үнү угулуп, көп өтпөй дарбазанын оор чынжырлары шалдырай түшүп, анын мандайына ыраң-оройлуу жаш аял келди.

— Арбаңыз... — деди бала, аялдан бир аз сүрдөп.

— Бар бол, кел?

— Келдим... Жакып аке үйдө бекен? — Ал негедир «атам» дегиси келбеди.

— Жок. Суу сугарып жүрөт. Эмне, ишиң бар беле?.. Айта бер, мен анын аялы боломун?

Бала аялды алая тиктеп туруп калды. Ушул учурда аялдын жанына велосипедин жетелеп бала келди.

Сардал баланын жүзүнө карабай туруп, көз кыйыгын велосипедге таштады. Велосипеддин бир аз майышкан рулунан анын өзүнүкү экенин тааныды. Ошондо анын кой көздөрүнө жаш толуп чыгып, муну ал берки жат кишилерге көрсөтпөс үчүн артына бурулуп кетти.

Беркилер бирин бири таңдануу менен карап алышып, анан кайрадан дарбазаны жаап алышты.

Сардалдын ындыны өчүп, коргонду бойлой басты. Бурчка жеткенде көчөнүн баш жагынан дабырап келатышкан уйларды, алардын артындагы чаңдын арасында, көчөнү жаңырта шаңшып сүйлөп келатышкан балдарды көрүп, тык токтоду. Ал уйларды да, алардын ээлерин да таанып, ошол замат өзүн караңгылыкка тартып, дубалга жөлөнүп туруп калды. Анын өзүнүн эски досторунун алдында сууга ыргытылган күчүктөй, аянычтуу бүжүрөп тургусу келбеди.

Обочороок жерден тойгон курсактарын араң көтөрүшүп, сүт жыттанган желиндерин чайпалтыша, турмуштун марттыгына ыраазы болгондой ныксырай басышып, уйлар өтө башташты. Балдар Сардалды байкашпады. Алар, козу карындын күн күркүрөгөндө чыгышы же чыкпасы жөнүндө талашка абдан алаксып калышыптыр.

Сардал алардын узай түшүшүн күтүп, ордунан жылбады. Ошол кезде анын так төбөсүнөн тили каткан булбулдун «чикак» деген аянычтуу үнү угулду.

Бала карай берип, баятан бери байкабаган, дубалдан ашып, мөмөлөрүнүн оордугунан төмөн ийилип турган алма шактарын көрдү. Булар алиги өзгөчө, жылына эки ирет гүлдөөчү эки түп алманын шактары эле... Бала алмалардын ар бир шагын, ар бир чырпыгын сагынып-сагынып карай баштады. Кокусунан, бир нече шакта таңкы жылдыздар сыяктуу гүлдөр көрүндү.

Баланын көздөрүнө кайрадан жаш толду. Эми гүлдөр анын көзүнө булактын түпкүрүнөн көрүнүп жаткансышып, алыстан күңгүрттөнүп, бири-бирине кошулушуп, акырында бир үзүм ичке булутка окшоду...

Бала көз жашын бир сыгып алып, жолго чыкты. Ал кыштактын үйлөрүн, бактарын, тамарка эгиндерин артка таштап, камыштуу сазга жакындады. Ушул жерде ага бир кара ит жолукту. Ит жолдун четиндеги өскүлөң чөптүн арасында ары-бери чуркап, секирип, коңуз тутуп жеп жүрүптүр.

Сардал аны бир азга тааныбай туруп, анан тааныды. Өздөрүнүн ити экен. Ал баланы байкаган жок. Бала итин чакырып алып, өзүнүн кичинекей кезиндегидей, анын мойнунан кучактагысы келди. Бирок анда тигинин таптакыр ээрчип алышынан коркуп, а эгер ээрчисе, ага шаарда жашоо кыйын болорун ойлоп, тим болду. Балага иттин азыркы эркин, эчтекеден бейкапар жүрүшү жагып кетти. «Сен дале бактылуу экенсиң...» — деди ал иттен көзүн албай, жай баратып.

Бирок кокусунан ит аны байкап калды. Ал ошол замат чуркап келип, балага асылып, анын бети-колдорун жыттагылап, кыншылап ага болгон өзүнүн иттик сагынычын, сүйүүсүн билдире баштады.

Буларды көрүп туруп, баланын жүрөгү жибип кетти. Ал бирпаска иттин мандайынан сылап туруп:

— Кетесиңби мени менен, а? Кетесиңби? — деп сурады.

Ит анын колун жалап, куйруктарын шыйпандатып жооп берди.

— Эмесе, жүр! — деди бала.

Ит чын эле ээрчип жөнөдү. Алар камыштардын арасына кириштн. Камыштардын ичи терең, үнкүрлөрдөгүдөй каранғы, тынч экен.

Бала сокурларча жолду буту менен таап, колдорун арбаландатып, бетин камыштардан коргоп, акырында буудайлуу талаага чыкты. Ал адегенде буудайдын арасынан өзү келген жолду тапты. Кийин шашпастан шымынын багалектерин кайра түрүп, ботинкаларын ийнине илди, анан, негедир, алды жагында жаткан, капкара деңиз сыяктанган талааны бир карап алып, чарчап, зырылдап ооруй баштаган буттары менен сенделе басып, буудайдын арасына кирип кетти.

А ит анын артынан салдырды. Ушул учурда баланын мандай тарабындагы алыскы тоолор жактан күн күркүрөп, чагылган жаркылдады. А түнөргөн асмандан болсо, буудайдын арасын чегирткелердей шыртылдатып, биринчи тамчылар тама баштады.

1963

ГАЗАЛА*

Ошондо мен канча жашта болдум экен? Тогуз же сегиз. Жок, тогуз болуу керек. Анткени ошол кышта, сандалда бүлбүлдөгөн жин чырактын жарыгында ийик ийрип олтуруп, кандайдыр бир сөздөн улам таэнемдин:

«Сен ушул келе жаткан баарда тогузга чыгасың» дегени жадымда калыптыр. А баар, таэнемдин сөзүнөн кийин бат эле келгендей болгон. Адегенде түндөлөрү тоңуп калуучу, мени мектепке чейин дадил көтөрүп баруучу катуу кар

* *Газала* — торгойдун бир түрү.

эриген, кийин кеч күздөн бери биздин бакта жашап жүрүшкөн таандар учуп кетишкен, тал боткоктоп, өрүктөр гүлдөгөн, айылдагы иттер өткөн жылдан калган, кыш ичи кар астында жатып көктөп кеткен данектерди карс-курс чагышып, керели-кечке өрүктөрдүн астында шимшип жүрүшчү; тооктор күнөстүү дубалдардан чымын тутуп жешип, же алыскы-алыскы аңыздарга оттоп кетишчү; биздин таргыл мышык, эртеден-кечке эски буудай кырмандагы чычкандардын ийнин андып олтуруп, а анын үйдө калган жалгыз баласы чоң энемдин чимирилген ийиги менен ойноочу; кошунабыз — картаң абышка эле — күн сайын эртең менен «чаң-чуң» эткирип кетменин миздөөчү адатка калган. Анан, ошол жаздын дагы бир белгиси катары, так эле биздин үйдүн үстүнөн каркыра-турналардын өткөнүн билем. Али да көз алдымда: таэнем күл дөбөгө күл төгүп жатып, кокусунан, бир колун мандайына тутуп, асманга типтик карап туруп калды. Анын мунусу кызыктырып, мен да карадым. Карап, ошол замат, аппак булуттардын астында сүзүп бараткан, ыраматылык Кундуз жеңемдин туташкан коюу каштары сымак, ортолору ийиле тизилишкен, чоң-чоң кара куштарды көрдүм.

— Турналар...— деди таэнем ойлуу,— тайыз учуп баратышат. Бул жакшылыктын белгиси. Буюрса, быйыл токчулук болот, пронт да бүтөт...

Ушинтти да, таэнем басып кетти. А мен, ушул учурда, турналардын жерде жылып баратышкан көлөкөлөрүн көрүп калдым. Бала экенмин да, аларды кубалап жөнөсөм болобу. Чуркап баратам, чуркап баратам, чуркап баратам. Кана жетсемчи. Жол да жок; арыктардан секирип, аңдарга түшөм, чөңөрлөргө буттарымды тилдирем. Эски ыштанымдын пайчаларын тилик-тилик кылып айрытам. Дале чуркайм. Акырында «Эй!» деген үндү угуп, аргасыз бурулдум. Карасам, колхоздун райиси. Чакырды. Бардым.

— Не дейсиз?

— Эртеңден баштап, Кундуз жеңеңдин кош башын жетелейсиң. Мугалимдериң бошотту. Жалгыз сени эмес, албетте. Көп балдар, кыздарды. Эмне аңыраясың? Абалды түшүнүш керек: киши жетишпей жатат...

Ушинтти да, анан негедир менин көзүмдөн көздөрүн качырып, бурулуп кетти. Мен болсом оозумду ачтым да, калдым.

Эртеси күнү саарлап үйгө Кундуз жеңем келиптир. Бир атты минген, бирин жетелеген. Колундан не келет, кеттим...

Раматылык Кундуз жеңем кандай зирек эле! Мен анын жаш кеткенине алиге боорум ооруйт. Ошондо он жети жаш-

та экен, ойлоп көрсөм. Андан алты ай мурда тою түшкөн. А тойдон үч күн өтпөй жатып күйөөсүн фронтко алышкан. Ойноп оюну кана элек, күлүп күлкүсү кана элек... Ох, жеңем бечара! Дайыма ой-кыялдуу, мунайым жүрчү эле. Кээде гана, менин көңүлүмдү улаппы, айтор, кокусунан, көңүлү ачыла түшүп, мага теңтуш кызымдай мамиле кылып, ойноп азилдешип, же болбосо мени кадыресе киши санап, мен анчалык түшүнө бербей турган маанилүү сөздөрдөн сүйлөөчү. А аттар чарчаган кезде, аларды токтотуп коюп, айдала элек тилкеден кызгалдак же башка бир гүлдөрдү, чөптөрдү термелеп, өзүнчө кыялданып, кээде күнкүлдөп ырдап коюп, башы ооган жакка басып кетчү да, анан бир оокумда, менин унтулуп, алыста-алыста калып кеткенимди байкабай коюп, аттарыбызды таштоого болбой тургандыгын билсе да, мени дароо өзүнө чакыруучу. А качан жанына келгенимден кийин: «Уул, келин, аттарыбызга чейин чуркашабыз?», же «Уул, келиң, палан жерден палан жерге чейин аксаң кулак атып барабыз?» — деген сыяктуу сунуштарды кийире салчу. Же, ат үстүндө сүйлөбөй, ойлуу ал турмак капалуу баратып, кокусунан: «Уул, зериктиңби? Келиң чабышабыз?» — дечү.

Бир жолу аттарыбызды бизге караштуу өрүкзарда багып калдык. Өрүкзар кең, калың эле. Өрүктөрдүн тегиз гүлдөгөн мезгили. Асман туптунук, айдың. Мурдуңа жаш чөптүн, өрүк гүлдөрүнүн жыты буруксуйт. Бактын өзү кандайдыр сырдуу, жазгы тынчтыкта үргүлөйт.

Биз күндөгүдөй эле аттарыбыздын жанында түнөө үчүн төшөнчүлөрүбүздү ала келгенбиз.

Женем, адатынча, экөөбүздүн тең төшөгүбүздү салды. Кийин, ар кимибиз өз төшөгүбүздүн үстүнө чечинбей эле жата кеттик. Бири-бирибизге сүйлөбөй, кыялга баттык. Ошентип көпкө жаттык. Бир оокумда женем:

— Уул? А, уул? — деп калды.

— А?

— Жүрүң, жашынмак ойнойбуз.

Мен көптөн бери ойнобогондуктан, жашынмакты сагынып калган элем. Кубанып кетип, ордуман ыргып турдум. Биз көпкө ойнодук. Экөөбүздүн тең абдан көңүлүбүз көтөрүлдү. Бирок бир жолу мен жашынсам, женем негедир издебей койду. Күтөм — жок. Чарчаган болуу керек деп, күдөмүк ойлодум да, жашынган жеримден чыгып, бир өрүктөн бир өрүккө далдаланып, бактын башка бир төрүнө, мөөрөй кылган жоон өрүгүбүзгө жакындай баштадым. Бир топ жакын келгенимден кийин, өрүктүн бооруна жөлөнгөн, агарган нерсе турат. Адегенде, өрүктүн ийилген гүлдүү шагыбы деп ойлодум. Жакшыраак карасам, женем. Алыстан айланып келди да: «Тфу-у-у!» — деп кыйкырып жатып, өрүккө түкүрүп койдум. Кийин, женемдин мандайына өтүп:

— Ах-а, жене, кармалдыңызбы, а? Кармалдыңызбы а?— деп аны табалай баштадым. Бирок женем кыймылдабайт да, унчукпайт. Карасам, анын айга чагылышкан купкуу жүзүнөн ылдый туптунук жаш куюлуп жатыптыр. Мен не кыларымды билбей, эсейип туруп калдым. Женем да калыбын бузбай, өрүктүн гүлдөгөн шактарынын арасынан жылып бараткан айды карап, мелтиреп тура берди. Анын эки көзүнөн, түпкүрү караңгы кош булактан, туптунук суулап жылжып чыгып, жайык жылгалар ылдый үнсүз агып жатты. Ал сууларда өрүктүн гүлдөгөн шактары, бир чеңгел ак булут, жылып бараткан ай, сүт түспөлдөгөн салкын асман чагылышып жаткансыды...

Бир маалда женем акырын менин колумдан алды да, төшөнчүлөрүбүз жаткан жакка жетеледи.

Биз келип жаттык, бирок уктабадык. Кайрадан ар кимибиз өзүбүздүн жашыруун дүйнөбүзгө кеттик. Мен өрүктүн чаар ала шактарынын арасынан асманды карап, жакын жерде оттоп жүргөн, тушалуу аттарыбыздын дүк-дүк секиргенин, шырп-шырп этип от жулгандарын, кез-кез бышкыргандарын, кайсы бир өрүктө сайрап жаткан булбулдун эрте жазгы, кумарлуу үндөрүн тыңшап, женем болсо, эки колун башына жазданып, мен сыяктуу эле асманды карап, кез-кез энтиге дем алып жатты.

Бир кезде бактын алыскы бир бурчунан сүтак сайрай баштады. Ушундан улам, женем, бир аздан кийин мага кайрылды:

— Уул? А, уул? — деди ал.

— Не, жене?

— Билесизби, сүтак, бир кезде пайгамбарыбыздын келини болгон имиш. Кийин каргыш тийип, ушинтип калыптыр...

Мен аны таэнемден укканмын. Сүтак түн бою: «Сүт ак! Сүт ак?!» — деп чыгат. Бирок сүт акпайт. Таңга жуук гана анын какшыган таңдайына асмандан бир тамчы сүт тамат. Муну да укканмын. Бирок пайгамбар деген киши ким болуп өткөнүн билбеймин. Таэнемден сурасам:

«Шүк бол, ээ, бейбаш!» — деп койгон.

«Пайгамбар өтө бай киши болсо керек» — деп ойлодум мен ошондо, женемдин жанында жатып. — Менимче, ушу келинин — сүтакты үйүнө киргизгенде чоң той бергендир.

Оюн-күлкүсү менен... А мүмкүн, жеңем менен Жакып акемдин тоюна жетпеген чыгар. Эх, булардын тою! Андагы оюн-күлкү, ай! Жигиттердин күрөшү... Кыз-келиндердин селкинчеги... Айдында, кардын үстүндөгү тоготмек, ак чөлмөк... Келин келгендеги көңүлдүү тополоң... Келиндин жолун тосуу... Көшөгөнүн артындагы жеңемдин мин бир ирет жүгүнгөнү, ар бир жүгүнгөндө, анын кулак сөйкөлөрүнүн айга чагылыша түшүп, кушка тагылган коңгуроо сымак назик зынгыраганы...

— Уул?— деди жеңем.— А, уул? Уктай элексизби?

— Угу.

— Менимче, быйыл пронт сөзсүз бүтөт. Жатпаса да, баары бир, Жакып келет. Мени айтты дээрсиз. Келет. Жеңем айткан эле дээрсиз. Бир жеринен жеңил-желпи жарадар болот да, келет...

Мен унчукпадым. Ошондон кийин өзүм да уктап кетиптирмин. Эртеси күнү, кадимкибиздей эле таң сүргөндө турдук. Түн ичинде шүүдүрүм басып, оорлошуп калган төшөнчүлөрүбүздү кагып-силкип, алыска оттоп кетишкен аттарыбызды тутуп, сугарып, кийин үйлөрүбүзгө барып, кечке жей турган азык-оокатыбызды алып, ишке кеттик. Иштеген жерибизге келип, көп аялдабай, аттарды кошко коштук. А дебей, эки таба жер да айдап койдук. Мына ушул саат, минутта алиги жүзү кара кырсык болбоспу...

Газала көктө күтпөгөн жерден пайда болду. Биздин так үстүбүздөн. Анын ал жакка качан көтөрүлүп алганын дайымкыдай эле көрбөй калдым. Ал сайрап кирди. Көпкө-көпкө сайрады. О, кандай гана берилчү элем мен анда, өзүмдүн али күнөөсүз, жоготууну билелек курагымда, жараткандын бул кичинекей боз кушунун, чыгыштын эски акындарынын турмуштун карт виносу жыттанган ырлары сыяктуу лазаттуу тилине...

Тезек терип, талаада жүргөнүмдөбү, козу карын терип, тоо этегинде жүргөнүмдөбү, уй кайтарып, булактын жээгинде жатканымдабы — иши кылып, кай жерде анын үнүн укпайын, күндүзгү жылдызды издегенсип, аны да бийик көктөн издеп калчумун. Бирок күндүзгү жылдызды көрүү кандай кыйын болсо, газаланын сайрап жаткан мезгилин көрүү да, мен үчүн ошондой эле кыйын болучу.

Канчалык делгирип карабайын, ошол эле: эртең менен ки жазгы асман... Өсүп бараткан акыркы жылдыз... Батууга үлгүрбөй калган ай, айга каршы сүзгөн тайлакка окшош ак булут... А газала көрүнбөйт. Сайрап жатат, көрүнбөйт. Бардык нерсени унутуп, асманга телмире басып, канчалык

убакытты өткөргөнүмдү билбеймин, бироокумда, аттардын бирөө жыланайлак бутумдун терисин сыйра тебелеп, өзүмдү жыга түртүп кетти. Дароо эсиме келип, тизгиндерге асылып, аттарды токтоттум. Жеңем да чуркап өттү. Ал, менин, кучактап олтурган, каны куюлган бутумду күнөөкөрчө тиктеген көздөрүмдү унчукпай карап, анан өзү күтпөгөн жерден жаныма олтуруп, шолоктоп ыйлай баштады.

Мен анын мунусуна түшүнбөй, жалдырап олтуруп калдым. Ал бир топко ыйлады. Басылып, башын көтөрдү.

— Аны көрө албайсыз, — деди ал, газала жакка ишарат кылып, негедир жылмаюуга аракеттенип:

— Анын бар болгону — ыры. Ырларын уксаңыз жетишет. А билесизби, ал эмнелер жөнүндө ырдайт?

— Жок, — дедим кызыга түшүп.

— Көп нерселер жөнүндө,— деди жеңем, ээгин тизесине коюп, алыска-алыска кыялдуу карап,— көкмөк асман, көчмөн булуттар, күндүзгү ай, күндүн нурлары, топурагы эшилген талаалар, мүрзөлөрдүн үстүнө чыккан кызгалдактар, кубалашып ойногон көпөлөктөр, шыбактын түбүндө жумуртка басып жаткан башка бир газала жөнүндө ырдайт.

«Ах, мына кандай бул газала...»— дедим ичимден, жеңемден көзүмдү албай.

Ушул учурда жакын жерден «парт-парт» деген дабыш чыкты. Карасак, аттардын ары жагынан курт тиштеген бир ак куш учуп баратыптыр. Аңгыча аттар үркүп жөнөдү. Артыма кетенчиктөөгө араң үлгүрдүм. Жеңем эки аттын ортосуда калып, жанталпезге түшүп, алардын тизгиндерине асылды. Бирок аттар аны сүйрөп кетти. Бат эле жеңем жыгылып, колдору тизгинден чыкпай калды көрүнөт, жерге сүйрөлүп калды. Аттар бир паста, жакын жердеги терең сайга типтик түшкөн, чоң-чоң жарлары бар эңкейишке жетип барды. Мен чаңырып жиберип, колдорум менен бетимди басып калдым. Көпкө өзүмдү унутуп коюп, анан көзүмдү ачсам: кош айдап жүргөн катын-балдардын бардыгы сайга карай чуркап баратышыптыр. Сенделе басып, мен да бардым.

Жеңем сайдын наркы өйүзүнө тырмышып барып, калып калыптыр. Аттар жок. Чогулгандар жеңемди ороп алышыптыр. Киргизишпеди. «Сага эмне жок? Бар, аттарды тап!» — деди бирөө. Аттарга баратып, бир аялдын:

«Мээсин чача тээптир» — дегенин гана угуп калдым...

Эртеси күнү Кундуз жеңемди жайга коюшту. Мен башка бир аял менен иштеп калдым.

Ошол жылы күзүндө, раматылык жеңем айткандай, оң бутунан жеңил жарадар болуп, Жакып акем согуштан кел-

ди. Келди да, үйүнө бир күн эс албай — анда эс алуу кайда? — Орокко чыкты. Анын ошондо орокко чыккан биринчи күнү да эсимде калыптыр. Түш чен эле. Ысык. Өскүлөн буудайдын арасындагы жалгыз аяк жол менен орокчуларга булактан суу алып келатканмын. Кокусунан, кимдир бирөөнүн жакын жерден чыккан:

«Эй, суу» — деген үнүн уктум. Токтоп, айланамды карадым. Буудайдын өскүлөндүгүнөн эч ким көрүнбөдү. Турган жериме назар салсам, баягыда, Кундуз женем экөөбүздүн акыркы жолу айдаган жерибиз. Бул тилкеге ушуга чейин, эч бир орокчу түшө элек болучу. Ошондуктан, мени чакырган кайсы орокчу экенин биле албай, кызыгып турганымда, жанагы адам кайра:

— Эй, апкелбейсиңби?! — деп калды. Мен жолдон чыгып, коюу буудайга чатыштап, үн чыккан жакка бет алдым. «Болду, болбоду Жакып акем» — деп ойлодум эми. Ошол экен. Кийингени солдаттын эски галифеси, өнү өчкөн жыртык майка, башында согушка чейинки өзү кийип жүргөн эски калпагы. Мандайынан, мойнунан, жүн баскан колтугунан суу-суу тердеген. Карасам, далай жерди оруп коюптур.

— Өзүм чакырбасам, сен мени эсиңе алгыдай эмессиң, — деди ал жылмайып.

Ал менин колумдагы чаканы эки колдоп алып, тик турган калыбында, суунун бетиндеги чөп-чарды, чегиртекенин буттарын чаканын бир четине карай үйлөй баштады. Мен болсо, анын кандай ой менен бул тилкеге түшүп калганын билалбай акырын айланамды карап, баягыда аттарыбыз үркккөн жерди издей баштадым. Болжол менен аны таптым. Биз турган жер экен. Мен Жакып акемди карадым. Карадым да: анын, эрдине апарган сууну ичпестен, чаканын четинен уурданып, мени тигиле карап турганын көрүп, дароо артка кетенчиктей түштүм.

— Ушул жерби? — деди ал акырын, биз турган жерге баш ийкеп.

Мен көпкө жалдырап турдум, акырында, болор-болбос башымды ийкедим.

Жакып акемдин колундагы чака уламдан-улам ылдыйлай баштады. Акырында, ал анын көкүрөгүнө чейин келип, анан таптакыр колунан түшүп кетип, суусу төгүлүп жатып калды.

Мен Жакып акемдин селейген колдорун, кубарган эриндерин, мени кыялдуу караган көздөрүн көрүп, башымды башка жакка буруп кеттим.

Жакып акем жерге олтурду. Олтурду да, башын эки тизесине катып алып, өксүп-өксүп ыйлап кирди. Мен, кечээ аялын угузганда ыйлабастан, эми ыйлап жатканына таң калып, селейип тура бердим. Ал көпкө ыйлап, анан басылды.

Ошол учурда, күтпөгөн жерден, бизге жакын жердеги чоң түп шыбактын астынан «пыр», «пыр» этип газала учуп чыкты. Жакып акем мени жалт карап алып, ордунан ыргып турду. Биз шыбакка басып келдик. Келсек, кичинекей уяда кысылышып, темир канат болуп калган үч балапан жатыптыр. Жакып акем колун созсо, саргарган ооздорун ачышат. Ошентип турганыбызда, кокусунан так төбөбүздөн, зымыраган бийиктикте газала сайрап жиберди. Ал, баягы эле мен ар бир кайрыгына чейин жаттап алган, бирок адамдардын тили менен эч айтып бергис, уксаң, кайырмагынды балык тарткандагыдай, кандайдыр сүйкүмдүү күч мене жүрөгүңдү бүлк-бүлк тарткан күүлөрүн чалып кирди...

Жакып акем акырын ордунан турду да, оң колун мандайына тутуп, газаланы издей баштады. Ал асманды карап көпкө турду.

— Эх!— деп энтиге дем алып, мага бурулду.— Өлгөндөр кандай шордуу! — деди ал.

Мен бул жолу анын жүзүнөн кейигендик эмес, кандайдыр толкунданууну сезип, көңүлүм көтөрүлө түштү.

Ошондон кийин гана кургак чакамды кыйчылдатып алып, буудайдын оор баштарынын беттеримди чапкылаганына карабастан, көкүрөгүмдү кыса башатаган кандайдыр кубаныч менен булакка кеттим.

А газала болсо дале сайрап жатты.

1963

НАТАША РОСТОВАНЫН БИРИНЧИ БАЛЫ

Кыздын эртели-кеч тою түшөт. Эчак эл көзүнөн жашырын берилген калың алынган. Сеп даярдалган. Азыр мейманкана аталган кошуна бөлмөдө айылдын чебер деп таанылган кыз-келиндери шашылыш түрдө анын кийип кетүүчү кийим-кечесин тигишип, дагы бир башка бөлмөдө билерман аялдардын тобу кудагыйларга кандай сарпай кийгизүү жөнүндө сагызгандарча шакылыктап жатышат.

Бирок кыз, кыздын өзү болсо... ушулардын баарысын унутуп коюп, ээн калган кичинекей ашканада, жанарааста эле өзү жууп, жыйнаштырган казан-аяктардын арасындагы,

дайыма чака коюлуп жүрүүчү дөңгөчтүн үстүнө олтуруп алып, тамдын артындагы коюу бакка караган алакандай терезенин күңүрт жарыгында «Согуш жана тынчтыкты» окуп олтурат. Бирок, ал, өзүнүн ушул олтурушун да унутуп койгон. Азыр, ал, 1809-жылдын 31-декабринде, эртен жаңы жыл деген кечте, кандайдыр Екатерина заманындагы вельмождукунда болуп жаткан балда жүрөт. Бул жерге ал Наташа Ростова деген, өзү курактуу жапжаш, сүйкүмдүү кыздын үй-бүлөсү менен кошо келген.

О, бул балда, ал, кандай гана ажайыптарды көрүп жатпады! Кыпкызыл сукно төшөлгөн подъезд, жаркыраган залдар, эки четине гүлдөр тизилген тепкичтер, ак, көк, кызгылтым көйнөк кийишип, жылаңач колдору менен моюндарына бриллиант, каухар таккан аялдар, мундирчен, жылдыз, лента тагынган эркектер... Бирок али эң кызыгы баштала элек. Азыр бул жерге падышанын өзү келмек.

Мына эмесе!.. Баары дүрбөй түшүп, эл кобур-собур болуп, алга жүткүнүп, анан кайра чегинди да, экиге бөлүнө түшкөн элдин ортосуна, күү черткен музыканын табышы менен кошо падыша кирип келди. Падышанын артынан үйдүн эрди-катын ээси кирди. Жолугушуунун биринчи минутасынан тезирээк кутулайын дегенсип, падыша оңго, солго башын ийкеп, ылдамдай басты. Музыканттар, атайы жазылган сөзү боюнча, ошол кезде белгилүү болгон польскийди ойноду. Ал ыр мындай сөздөр менен баштала турган:

«Александр, Елизавета, кубанычыбыз силерсиңер»*. Падыша мейманканага кирип кетти да, топураган калк артынан кошо сүрдүктү: өнү өзгөргөн бир нече киши ал жакка шашыла кирип, кайра чыкты. Үйдүн байбичеси менен сүйлөшө, падыша мейманкананын эшигинен көрүнгөндө, эл кайра сүрдүктү. Кайсалаган бир жигит аялдардын бутун басып алып, кечирим сурады. Жогорку чөйрөнүн каадасын такыр унутуп койгондой кейиптенген, өздөрүнүн туалетин бузган бир нече аял сыгылып алга чыгып кетти. Эркектер дамаларынын жанына келип, польскийди бийлөө үчүн жуптан тизиле баштады.

Баары жол бошото берди да, падыша күлүмсүрөп, үйдүн байбичесинин колунан кармап, мейманкананын эшигинен такт менен басып чыкты. Бий башталды. Бал кызыды.

Мына ушул учурда эртели-кеч тою түшө турган кыз, өзүнүн сүйкүмдүү курбусу Наташанын «польскийди бийлөөгө чакырылбай, дубал жакка сүрүлүп чыга берген анча-мынча

* «Согуш жана тынчтык» романынан келтирилген үзүндүлөр С. Бектурсуновдун котормосу боюнча берилди. (Автор)

аялдардын катарында калганын» байкап калды. Анын Наташага зээни кейиди. Бечара Наташа... Бул анын өмүрүндөгү эң биринчи чоң балы болучу. О, бул балга барам, бул балда бийлейм деп кандай гана сүйүндү эле. «Ошо күнү ал эртең мененки саат сегизде туруп, керели-кечке жаны жай таппай, безгек болгон» эмедей жүрбөдү беле? Эми болсо...

«Наташа өзүнүн чилмийген ичке колдорун саландатып, бир калыпта көтөрүлүп жаткан, билинер-билинбес көкүрөгү менен демин кыса чыгарып, эң зор кубанычка да, эң зор кайгыга да даяр болуп, коркуп алган жалжылдаган көздөрү менен алга карап турду». Аны падыша да, башка кадырлуу кишилер да кызыктырган жок. «...Анын башында бир гана ой болду. «Чын эле мага эч ким басып келбейби, биринчи болуп бийлегендер менен кошо чын эле бийлебей каламбы, азыр мени көрмөксөн болгон, көрсө да: а баягы кыз эмес го; караганда эмне! дегенсиген мына бу эркектердин баары чын эле мени байкабай коюшабы. Жок, андай болушу мүмкүн эмес!» — деп ойлоду ал.

«Менин бийлегим келип турганын, эң сонун бийлей турганымы, мени менен бийлешсе, кумарлары кана тургандарын эркектер билүүгө тийиш да».

Бир кыйлага созулган польскийдин үндөрү Наташанын кулагына мунду угула баштады. Анын ыйлагысы келди. Бечара...

Көкүсунан, эртели-кеч тою түшө турган кыздын бажырайган капкара көздөрү жашка толуп чыкты. Тамгалар эми таанылбай, бардыгы бири-бирине окшошуп, жол боюна титилген катар терактер сыяктанган карарган бир нерселерге айланды.

Кыз башын көтөрдү. Көзүнүн жээктеринен ашып-ташып чыгып жаткан ысык жаштан улам, ансыз да караңгылашып бараткан ашканын ичи кандайдыр терең үңкүргө окшоп көрүндү. Андагы буюмдардын бирөө да көзгө илээшпеди.

Кыз көзүн бекем жумуп, узун-узун, коюу кирпиктеринин арасынан жашын сыгып чыгарып жиберип, үйдү жарытуу үчүн өйдө турду.

Терезенин ары жагындагы картаң өрүктөрдүн арбайган капкара шактарынын арасынан кыпкызыл тегерек ай көтөрүлүп келатыптыр. Кыз аны бир топко кыялдуу карап туруп, анан акырын ак сурптан тигилген парданы тартып койду. Бак да, ай да көрүнбөй калды. Андан бетер караңгылаша түшкөн ашкананын дубалынан көпкө сыйпалап жатып кнопканы тапты да, аны чык эттире басып коюп, кайра ордуна отурду.

Ал балга дагы келди. Наташа дале мурдагы ордунда — бийлөөгө чакырылбай, дубал жакка сүрүлүп ташталган аялдардын катарында турат. Бирок, кокусунан, капалыктын түнөргөн булутунан кубанычтын күнү чыга келди. Наташа бийге чакырылды! Князь Андрей ага вальстан бир тур бийлөөнү сунуш кылды. Белгилүү князь Андрей Болконский!

«Азапка да, кубанычка да даяр турган Наташанын жалдыраган өңү бактысына ыраазы болгон баланыкындай жайнай түштү.

Бийлебей калбагай элем деп коркуп, ыйлаганы турган кыз кубана күлүндөп князь Андрейдин ийнине колун койгондо: «Сени көптөн бери күтүп тургам» — деп жаткандай сыяктанды.

А эртели-кеч тою түшкөнү жаткан кыздын көздөрү болсо кайрадан жашка толду. Тамгалар дагы көрүнбөй калды. Ансыз да жүрөгү кубанычка толуп чыккан кыз, окуй албастан башын көтөрдү. Бул жолу ал көзүн жуумп, жашын сыгып таштоого ашыккан жок.

Ушинтип турганда, ашкананын картан эшиги ачуу кычырап, тыштан жоош-момун жүзү бар, жаш келин кирип келди. Бул — кыздын жеңеси болучу.

— Жеңе! — деп кыйкырып жиберди кыз, аны көрүп. — Наташаны бийге чакырышты!

Жеңеси кайын сиңдисинин кубанычтан минтип кыйкырганын көп күндөн бери биринчи жолу угушу болучу. Бирок анын эмнеге кубанып жатканын түшүнгөн жок. «Наташаны бийге чакырышты!» деген кабар ага эчтекени билдирбеди.

Ошентсе да, кайын сиңдисинин бактылуу жүзүн көрүп, анын кубанычын бөлүшкүсү келди окшойт, өзүнүн тартынчаак, ажардуу жылмаюусу менен жылмая басаң, укккулуктуу үнү менен:

— Наташа дегениңиз ким болот, кыз? — деп сурады.

Бирок кыз ага түшүндүрүп отурган жок.

— Ой-ей, жеңе, ушу сиз такыр китеп окубайсыз да, — деп нааразы болду ал.

Жеңеси күнөкөр жылмайды.

— Окуганды билбесем, кантип окуюн, кыз? — деди ал.

— А неге билбейсиз?

— Мен сизге окшоп сегизинчи классты бүтпөсөм...

— А неге бүтпөдүңүз?

— Ой кыз, сиз бала бойдон элесиз да,— деп жылмайды жеңеси.— Мени окутушпаса, кантип бүтөйүн? Мага түк мектеп бетин көрсөтүшпөдү. Дайыма эле тоо-таштарга

качырышып... А он алтыга эми гана чыкканымда күйөөгө, сиздин акеңизге берип жибериштти...

Кыз, кат билбегенине жеңесинин өзү айыптуу эмес экенин түшүнүп, аяп, урматтап карап турду. Ал ансыз деле жеңесин жакшы көрүчү. Ошентсе да, жүрөгүнүн тереңинде, аны таптакыр актап жибере алган жок.

— А сиз эмне үчүн макул болосуз? Күйөөгө чыкпайм дебейсизби?— деди ал, мурдагысына караганда жайыраак.

Жеңеси дагы жылмайды.

— Кыз,— деди анан ал.— Сиз кызык эле сүйлөйсүз да. Ата-эненин айтканына да каршы чыгып болобу? Алардын айтканы айткан, дегени деген да. Анан кала берсе, биздин энчибиз ушундай турбайбы... Биз эрге тийишибиз керек, бала төрөшүбүз керек, бала багышыбыз керек... Мейли, сиз мугалим болуң, доктур болуң, артист болуң — баары бир булардан качып кутула албайсыз. Э, муну бир айтасызбы, эки айтасызбы...

Жеңе нааразы боло колун шилтеп, бас болду.

«Биздин энчибиз».

Бул сөз кайын сиңдиге жага бербеди. Ага аялзаты бүт бойдон кирип жаткан болучу. «Демек, жеңем мени да кошуп жатат да» — деп ойлоду кыз. Анан, кокусунан, китептин кызыгына берилип олтуруп, унутуп койгон нерсесин — өзүнүн эртели-кеч тою түшөрүн эсине түшүрүп алды. Бирпаста, Наташа Ростова катышып жүргөн салтанаттуу бал — кооз дүйнө анын көз алдынан качып кетип, анын ордуна өзүнүн эртели-кеч чечиле турган өкүнүчтүү тагдыры бетме-бет келип, туруп калды.

Ошондо, кыз жеңесин, таттуу түшүнөн ойготуп жибергендиги үчүн апасына заарын чача карап, ыйлап жибергүгө даяр турган баладай тиктеп турду.

«Жок, жок» — деди ал ичинен. Анан, кокусунан, бүткүл ачуусун чачырата, жеңесине:

— Жок! Жок! Жок! — деп кыйкырып жиберди.

Байкуш жеңеси анын эмне болуп кеткенине түшүнбөй коркуп, алдастап калды.

— Кыз, кыз! — деди ал, шашып. — Ботом сизге эмне болду? Кыз жан, мен сизди капа кылайын деген оюм жок эле. Агер сизге бир жамандык ойлосом, жашабай калайын, ылайым.

Кыз, жеңесине бекер эле кыйкырганын, ал байкушта эч кандай күнөө жок экенин ойлоп, ошол эле замат кайра жоошуй түштү.

Жеңеси ага жакын келип, анын жаактарын жаап турган, мажүрүм талдын чыбыктарындай майда өрүлгөн чачтарын сылай баштады.

— Кыз, — деди анан ал, бирпастан кийин, — Секин жүргүн, мейманканага кирели.

— Неге?

— Келиндер, кирсин, тигилип жаткан кийимдерин боюна өлчөп көрөлү дешип жатат.

Кыз башын көтөрүп, жеңесин кайра ачуулуу карады.

— Акылыңыз менен болуң,— деди жеңеси, кайын сиңдисинин ачуусун байкап. — Жүргүн.

Кыз, жеңесине ачууланганы менен баары бир эч нерсе өзгөрбөсүн түшүнүп, акырын ордунан туруп, жеңесин ээрчиди.

Мейманканада кыз-келиндер көп болучу.

Алар куунак чурулдап кызды ороп алышып, анан, али бүтө элек камзир, желек, көйнөк, тондорду анын боюна өлчөшүп, алардын тар же кең, узун же кыска экендиги жөнүндө талашып-тартышып киришти. Тамашалашты, күлүштү. Бирок кыз болсо, булардын бардыгы ага кыпындай да тиешеси жоктой, көңүл кош, айлан деген жактарына айланып, бурул деген жактарына бурулуп, мисирейип тура берди. Өзүнүн азыркы ролу менен ал куду магазиндердин витриналарында турган кийимчен маникендерге окшошуп жатты.

Кийимдерди өлчөшүп бүткөндөн кийин, келиндердин экөө тамаша үчүн, өздөрү кештелеп жаткан чоң көшөгөнү кыздын алдына тарта салышты. Кыз жалгыз өзү үйдүн бурчу менен көшөгөнүн ортосунда калды. Ошондо ал, эми андан такыр чыкпай кала тургансып, жакындап келаткан кыздык курагы менен коштошуу сааты жетип калгансып, көздөрү ала чакмак болуп, аябай коркуп кетти. Ал бирпаска, аскага камалып калган эликтей шаштысы кете түшүп, анан, кокусунан, бардык күчү менен көшөгөнүн бир четин кармап турган келинди жыга түрттү да, эшикке атырылды. Артынан үйдү солкулдаткан каткырык көтөрүлдү. Кимдир бирөөлөр «Тазагүл, Тазагүл?» — деп кыйкырып да калышты. Бирок Тазагүл эчтекени уккан жок.

Ал тышка чуркап чыгып, үйдү айланып барып, анын бурчундагы картаң өрүккө жөлөнүп туруп калганда гана бир аз эсине келип, жеңилдей түштү.

Тышта баары жымжырт эле.

Ай көтөрүлүп калган. Анын купкуу, муздак нурлары өрүктөрдүн түбүндөгү бариктерге түшкөн кыроого чагылышып, түрдүү түскө кубулжуп турду.

Тазагүл өрүккө жөлөнүп, айдын нурларына өзүнүн капалуу жүзүн, жаңыдан көтөрүлүп келаткан көкүрөгүн тосуп, бир топко ойлонуп турду да, анан көп алыс эмес жердеги,

жалгыз терезесинен жарык түшүп турган кошуналардын үйүнө карай басты.

Кошуналар, өткөн эле жылы баш кошушуп, а жакында уулдуу болушкан, жапжаш кишилер эле.

Тазагүл, жаш келин менен эжели-сиңдилердей сырдаш болучу. Азыр да ага барып, күйөөсү жок болсо, аны менен бирпаска олтуруп, өзүнүн жүрөгүнө топтолгон муң-зарынан айтып берип, кусалыгын таркатып келүүгө баратты.

Ал жалгыз терезесинин түбүнө келип, акырын ичкериге көз жүгүрттү. Эрди-катындар үйлөрүндө экен. Аялы оту күйүп жаткан очоктун боюна супрасын жайып алып, камыр жууруп жатыптыр. Күйөөсү болсо төрдө, дубалга жөлөнүп, буттарын кайчылаштыра сунуп коюп, көздөрүн чала жумган калыпта, комуз дыңгыратып олтурат. А анын жанындагы кичинекей жеңил жууркан улам кыбырап, астынан наристенин заар үнү чыгат.

— Ой, дейм,— деди ушул учурда жаш эне күйөөсүнө — жаныңыздагы баланы бир сооротуп койсоңуз, кудай жалгагыр.

— Балаң мага сооронбойт,— деди ата, калыбын өзгөртпөй.

— Кантип эле сооронбосун? Колуңузга алып, ай-пай десеңиз адегенде.

— Баары бир сооронбойт. Бала апасына гана сооронот. Өзүң ал.

— Ой, ушу сиз ай...

Жаш эне ордунан туруп барып, камыр колу менен чөргөөдөгү баласын алып келди да, анан аны бир колу менен кучактап, экинчиси менен камырын жууруй баштады.

«О-о-ой» — деди Тазагүл алакандары менен көздөрүн басып.

Анан артына бурулуп, кайда баратканын өзү да жакшы сезбей, бактын ичине карай басты. Ал төшөлгөн калың бариктерди, арбайган жылаңач шактардан түшкөн көлөкөлөрдү аралай, секин басып, кең бактын башка бир четине келатты. Кокусунан, ал, эки картаң өрүктүн ортосунда, өзүнүн сөөлөттүү, ийри-муйру бою менен айдын тегерек көзүн бекитип турган төөнү көрдү. Төө колхоздуку болучу. Ал көптөн бери ушул бактан кетпей жүргөн.

Кызга болсо төө өзүнүн жооштугу менен абдан жага турган.

Ал анын жанына жай басып келди. Төө кепшегенин токтотуп, аны бир сүзүлүп карап алды да, анан кайрадан кепшеп кирди.

Кыз, кичинекей алакандары менен төөнүн көкүрөк жүндөрүн бирпаска сылап туруп, анан кокусунан, башын төөнүн көкүрөгүнө угуп, шолоктоп ыйлай баштады.

Бир оокумда ал, тез башын көтөрдү. Ушул минуталарда анын өз үйүнөн, өзүнүн сүйүктүү ата-энесинен качкысы келди.

Мындай ой ага өмүрүндө биринчи жолу келип турган болучу. Ал кескин түрдө бурулду да, бактын ары жагындагы айдын нуруна кактанып жаткан күзгү талаага карай басты. Ал адегенде чечкинсиз түрдө анда-санда кадам шилтеп барып, анан кокусунан, бирөө артынан кубалап жаткансып, чуркап жөнөдү. Бирок анысы да көпкө созулбады. Күтпөгөн жерден, кандайдыр бир алп колдор анын назик ийиндеринен мыжыга кармап токтотту да, күч менен артына кайрылтты. Ошондон анын көзүнө биринчи болуп бактын башка бир төрүндө кыпкызыл болуп ачылып турган жапжалгыз гүл көрүндү. Гүл — өздөрүнүн ашканасынын алакандай терезесинен түшүп турган коюу нур эле...

Тазагүлдүн дароо деми кайтып, бүт денеси шалдырап, алсызданып кетти. Ал бир топко кыймылдарга алы келбей, жаш толгон көздөрү менен бактын түпкүрүндөгү кызыл гүлдү телмире басып, башын төмөн салып, ындыны өчкөн кейпи менен ошол гүлгө карай жөнөдү.

Гүл али алда канча алыста болучу. Бирок эми ага улам жакындаган сайын, кыздын көзүнө гүл, гүл болуудан калып, жөнөкөй гана терезеге айлана баштады. Ал эми терезенин ары жагындагы турмушка кайрадан жан кирди. Бөлмөлөр, буюмдар, кишилер сүйлөшө баштады.

Ушундан улам, кыз дагы айныды. Буттары өзүнөн өзү алга жылбай, жүрөгү коркунучту сезген коёндун жүрөгүндөй сого баштады. «Жок, жок, жок» — деп шыбырады, дирилдеген эриндери.

Ошондо кыз, бирпаска өздөрүнүн терезесин, аны менен арбашып жаткандай, үн-сөзсүз карап турду да, анан өзүнүн душманы менен бетме-бет келе түшкөн коёнчо, шарт артына бурулуп, чуркап жөнөдү.

Бирпаска бактын чегине чыга келди. Бак менен айлуу талааны бөлүп турган, терең, эндүү аң боло турган. Андан секирди. Аз жерден анга түшүп кала жаздады. Жардын четин кучактай жыгылып, мурдун канатып алды, алакандарын чөңөргө тилдирди. Бирок ал аларга караган жок. Эптеп ордунан туруп, кайра чуркап жөнөдү.

Көп өтпөй, өзү арасында ойноп чоңойгон, ичи карангылыкка толгон, коюу, чоң бак, бактын башка бир төрүндөгү, алыстан кыпкызыл гүлгө окшоп көрүнгөн жалгыз терезе таптакыр артта калып кетти...

1966

УНУТУЛГАН СОКМО ЖОЛ

Тазагүл келип түшүп калуучу разъезд кыштактан көп алыс, ыңгайсыз жерде эле. Ыңгайсыздыгы ушунда: ал жакка кайсы бир кездерде, кандайдыр бир себеп менен түшүп калган, азыр болсо, узак убакыттан бери эч ким каттабагандыктан, каттаса да өтө сейрек каттагандыктан эскирип, учу-кыйры чексиз буудайлуу талаанын арасында унутулуп жаткан жалгыз аяк сокмо жолдон башка эч кандай жол түшпөгөн.

Ушул себептерден улам, карыган апасы менен өздөрүнүн кашаң көк эшегин убара кылбайын десе керек, Тазагүл телеграмманы Саматка бериптир. Албетте, бул экөөнүн ортосунда башкалардан жашыргандай эч кандай деле сырлары жок болучу. Булардын бала кездеринен бери бири-бирин жакшы көрүшөрүн кыштактыктар билишет...

Талаада колхозчулар менен чөп чаап жүргөн жеринен Самат, почтальондон телеграмманы алар замат разъездге жөнөгөн. Ал кыштак менен разъездди бириктирүүчү сокмо жолго жеткенче калың чөптөрдү аралап көпкө чейин жүрүүгө туура келди. Акырында жолго чыгып, камыштай бийик өскөн коюу буудайдын арасына кирди.

Өткөн жылкыга караганда жол дагы картая түшүптүр. Өткөн жылы, Самат Тазагүлдү Фрунзеге окууга узатканы баратканда жол бетине чыккан чөптөр сейрегирээк, жолдун өзү жумшагыраак, азыркы майда жаракалар жоктой көрүнгөн...

Уйдун тезегинен жасалган, өздөрүнөн беш эсе чоң сакаларды кулатып баратышкан конуздардан башка жолоочу да жолдо көрүнбөйт.

Самат буудайдын арасына кирер замат, мына ушул эски жолдун, чөптүн, конуздардын, уй тезегинин, дүмбүл буудайдын, үп болгон аптаптын жытын сезди. Ошол замат анын жүрөгү жайлоодогу кулундун кишенегениндей бактылуу, бирок эч качан кулакка угулгус үн менен кишенеп жибергенсиди.

— Ох! — деди Самат, көкүрөгү кысылып.

Ал алыска-алыска, жапжашыл талаанын көрүнбөгөн чектерине, алардын үстүндөгү саландаган, кыймылсыз оор булуттарга көз жүгүртүп, андан-мындан чыккан саратандын чызылдаган үнүн тыңшап, эркин шилтеген буттары менен жыбыраган чегирткелерди жолдон кубалап, өзүн абдан бактылуу сезип келатты.

Бирок күтүлбөгөн бул бакыттын кайдан келе калганын ал биле алган жок. Өткөн жылы баскан эски жолду кайра

көргөндүгүнөнбү, же дагы бир нече сааттан кийин Тазагүл менен учураша тургандыгынанбы, иши кылып бактылуу эле.

«Кызык, өзгөрдү бекен?» — деп ойлоду ал Тазагүл жөнүндө. Өткөн жылы разъездде поезд күтүп турушкандарында Тазагүл он жети жашта, гүлдүү ак көйнөкчөн, бакмал кемселчен, килем топучан, чачтары мажүрүм талдын чыбыктарындай майдаланып өрүлгөн болучу. Жука эриндери сүт эмген наристеникиндей назик, жаңыдан билине баштаган көкүрөгү кокусунан тийип кеткен колго чагылгандын ташындай катуу, жылмакай урунуучу эле. Эмичи?

Самат далысына тамган муздак тамчыны сезди.

— О-хо! — деди ал бозоргон жайкы асманды купкуу булуттардын ичине кирип бараткан күндү карап.

Жамгыр кокусунан жаады. Адебей эле буудайлардын арасынан шытыраган табыш чыгып, жол сууга жуулуп, жерден топурак менен аптаптын күчтүү жыты көтөрүлдү. Жолдун чети менен кандайдыр алыс жакка чөптүн аппак данын тартып баратышкан жүздөгөн кумурскалардын караваны улуу селге туш келгенсишип, аябай шаштылары кетти. А күндүн көзү болсо, жамгырдын кыйгач тартылган ак саргыл көшөгөсүнүн артынан көрүнүп тура берди.

«Бир жерлерде бөрү тууп жатат», — деди Самат, этине жабышып калган көйнөгүн кармалап.

Бирпастан кийин, жамгыр кандай чукул башталса, ошондой эле чукул басылды. Кайрадан күн жадырай түшүп, буудайларды шуудурата жел согуп, жол тоборсуй баштады. Аба серүүндөп, асман жашара түшүп, алыстан-алыстан көрүнгөн тоолордун жапжашыл өркөчтөрүндө Асан-Үсөн пайда болду.

— Ох...— деди Самат, көкүрөгү кайрадан кысыла...

Саат жетиге жакындап калганда, ал разъездге жетти. Поезд жетиде өтө турган.

Самат жамгырга жуулган темир жолго олтура кетти. Кайрадан Тазагүл жөнүндө ойлой баштады...

Бир оокумда ал рельстин үстүндөгү кумдардын бийлей баштаганын байкады. Ошол эле замат поезддин катуу кыйкырыгы угулду. Самат ордунан туруп, жолдун четиндеги көк ала майданга чыкты.

Көп өтпөй бурулуштан паровоздун капкара тумшугу көрүнүп, кийин крокодил сыяктанып анын чубалган вагондору чыга баштады.

Самат ордунан жылбады. Паровоз экинчи жол менен чарчаңкы түрдө келип токтоп, вагондору бири-бирин «дыңк-дыңк» сүзүшүп туруп калды. Ошол замат тамбурларга колуна кызыл желек кармаган проводник аялдар чыга баштап, терезелерден тердеп-тепчиген жүргүнчүлөр көрүндү. Эң арткы вагондон болсо этеги тар кыска ак көйнөк кийген, чачын торгойдун таажысындай чокчойтуп түрүп алган, балтыры жылаңач кыз түштү. Кызга кандайдыр эркектин колу чемодан сунду.

Саматтын жүрөгүн суук шамал жалап өттү. Кантип эле ошол болсун? Ошол...

Тазагүл кимдир бирөөлөр менен коштошуп, кийин Саматка карай басты. Самат ошондо гана ордунан козголуп, буттарында кишен бар немече анда-санда оор кадам шилтей баштады. Барар-барганча Тазагүлдөн көзүн албады. Тазагүл ага алыстан жылмайып, жакын келгенде биринчи болуп колун сунду.

— Саламатсыңбы, Самат!

— Арва...

Самат эми гана Тазагүлдүн колун алып, анын атайын өстүргөн тырмактарына көзү түшкөндө, экөө бүткүл вагондун кишилери карап турганын сезип калды. Ал көз ачып-дордун жумганча жерден чемоданды ала коюп, артка бурулду. Ошол бойдон сокмо жолго түшүп алып, артын карабай жүрүп олтурду. Ал каршы келаткан поезд өтүп, токтогон поезддин жүрүп кеткенин да, Тазагүлдүн бийик такалуу туфлисине чөптөр тыгылып, анын артта калып калганын да сезбеди. Эгер Тазагүл кыйкырбаса, ал өзү менен өзү алек болуп келе бермек.

— Самат!

Самат токтоп, чемоданды жерге койду.

— Неге сен мага карабайсың? — деди Тазагүл таарыныч менен, жакын келгенден кийин. Берки күч менен жылмайды. Тазагүл ага жакын келип, анын бет мандайына туруп калды. Самат бирде анын узун тырмактарын, бирде андан лектей чоңоюп алган көкүрөктөрүн карай баштады.

— Ух, кандай кирсиң,— деди Тазагүл. Кийин өзүнүн дасоромолу менен Саматтын күнгө күйгөн мандайына жабышып калган чөптүн бариктерин, кандайдыр гүлдүн сапсары чаңын аарчый баштады. Аарчып болуп, Саматты жалдырап тиктеп туруп калды. Самат анын көздөрүнө суроолуу, таңдана карады.

— Эмне турасың, өппөйсүңбү мени? — деди Тазагүл күтүүсүз. Самат бир кезде өбөм деп аны ыйлатып алганын эстеди. А эми...

Өөп жатып, анын жылуу көкүрөгүн сезип, денеси дүркүрөп, бирок ал көкүрөктүн жумшак урунганына иренжип кетти.

— Кеттик, — деди ал Тазагүлдү акырын кучагынан бошотуп. — Эми кеттик.

Тазагүл жолго түштү. Самат аны ээрчиди. Экөө жүрүп олтурушту.

— Самат, мен сени абдан көп эстедим, — деди Тазагүл бир кезде, артына карабай баратып.

— Анан?

— Эмне, «анан»? — Тазагүл токтоп артына кайрылды. — Самат! — Самат анын жанына басып келди. — Сага эмне болду?

— Эчтеке.

— Ой...

Тазагүл кайра басты. Ошол бойдон сүйлөшпөдү. Буудайдын арасынан чыгышып, жапайы чөптөр өскөн талаа баштарганда түн кирди. Күн бүркөлүп калгандыктан, карангылык өтө коюу түштү. Жолду араң таап, Самат анын ак көйнөгүн араң көрүп келе жатты. Бир кезде Тазагүл токтоп калып, Самат аны сүзүп ала жаздады.

— Сен алдыга жүрчү, — деди Тазагүл.

— Неге?

— Жөн эле...

Самат анын айтканындай кылды. Ушул учурда алардын так төбөсүнөн күн күркүрөп, чагылган жаркылдады. Самат анын жарыгын пайдаланып, алдындагы жолду, өздөрү жакын калган гөрүстөндү, гөрүстөнгө чыккан бийик өскөн ак гүлкайырларды, алыс жакта түнөргөн кыштактын өрүкзарларын көрүп калды.

— Сүйлөп жүрчү,— деди Тазагүл арт жактан.— Кудай жалгагыр, сүйлөп жүрчү...

«Коркуп жатат,— деп ойлоду Самат.— Ал башта коркчу эмес»...

— Биз үйлөрүбүзгө келип калдык,— деди Самат.

— А гөрүстөнчү? Гөрүстөндөн өтө элекпиз го?

— Азыр келебиз гөрүстөнгө. Келе колунду.

Тазагүл мупмуздак, кичинекей колун берди. Алар жетелешип алышып, эски гөрүстөндү аралап өтүштү. Анан дагы далай басышкандан кийин Тазагүлдөрдүн багына киришти. Самат Тазагүлдүн колун коё берди.

— Эми дарбазаларды көрдүңбү? — деди ал Тазагүлгө.

— Ооба...

— Анда болуптур... — Самат чемоданды жерге койду. — Мен ушул жерден бурулам.

— Самат...

— Ия?

— Эмне болду сага?

— Эчтеке...

— Чынын айт.

— Чын.

Тазагүл анын мойнунан кучактап өзүнө тартты да, эрининен узакка өптү. Самат көздөрүн жумуп алды. Качан көздөрүн кайра ачканда, Тазагүл жанында жок эле.

— Ох, — деди ал бакты аралай сенделе басып. — Ох!..

1963

БАЙЧЕЧЕК

Телефон шыңгырап атты...

Кыяз анын үнүн көпкө угуп жатып, араң ойгонду.

Үйдүн ичи караңгы. Кайсы маал экени билинбейт: кечпи, түн ортосубу, таңга жуукпу. Аэропорттон самолёттордун гүрүлдөгөнү угулат. Бирок алар күнү-түнү учуп турушат да...

«Беймаалда телефон чалган ким? Болгондо да шаардан эмес: телефондун конгуроосу узун шыңгырайт...»

— Эй, телефон шыңгырап атат, — деди аялын түртүп.

Бирок аялы ойгоно бербеди. Турууга туура келди. Стол, стулдарга чалынып барып, трубканы алды.

— Алло...

— Бул Ысаковдун үйүбү?

— Ооба.

— Ноокат менен сүйлөшөсүз.

Ноокат — мунун туулуп, өскөн району эле. Ал жакта анын көп сандаган тууган-уруктары жашайт: атасы, апасы, ага-инилери, эже-карындаштары, жеңелери... Таэнеси. Бирок алардын эч кимиси минтип беймаалда телефон чалышчу эмес. Эмне болуп кетти?

Ноокат жактан:

— Алло? — деген эркектин үнү угулду.

Кыяз үндүн ээсин тааныган жок.

— Бул ким? — деп сурады.

— Менмин. Кыяз,— деди ноокаттык.— Жолдошмун.

— Кайсы Жолдош?

Кыяз Ноокаттан кеткенден бери он сегиз жыл жаңырды. Эми ал Ноокатына жылына бир барат да, эки-үч күн туруп, кайра баса берет. Бара-бара элден, жерден жат болуп, жердештеринин кээ бирин унутуп да келатат.

— Кайсы Жолдош?

Тигил адам мунун аялдап калганынын себебин туйду окшойт:

— Жолдош — почточумун, — деп кошумчалап койду.

— А-а, Жолдош ака...— деди Кыяз ошондо гана.

Алардын кыштагында ушундай адам бар эле. Бирок ал кишинин буларга эч кандай жакындык, катнаштык жайы жок болучу. Шондуктан, анын телефон чалышы, болгондо да түндөлөп чалышы, мурдагыдан бетер сырдуу көрүндү.

— Ко-ош, телефон чалып калыпсыз?

— Кыяз, сен бир айылга келип кет, ука: таэнең ооруп калды. Таэнеси мурда деле ооруп жүргөн, кары киши да. Бирок ал жөнүндө минтип зарыл түрдө кабарлап, анын тынчын алышчу эмес. Демек, бир адиса болгон көрүнөт...

— Эмне, катуу ооруп атабы? — деп сурады Кыяз, тиги кишиден түзүгүрөөк маалымат алыш үчүн.

— Кыйла бар,— деди Жолдош почточу.— Келишиң керек.

Демек, бир адиса болгон, — деп ойлоду Кыяз кайрадан. Бирок аныгын билсе болот эле: эгер ооруп гана аткан болсо, бара албайт — эмки жумага чейин автореферatын тапшырышы керек, а айдын аягында диссертациясын коргойт; а кокус, кемпир бир нерсе болуп кетсе, кудай мунун бетин ары кылсын, албетте, анда барууга туура келет. Бирок муну кантип билесиң. Түз эле: «Өлдүбү?» — деп сурашка оозуң барбайт. Тиги киши, оозу-мурду кыйшайбай туруп сураганын көр деп, жаман көрүп калышы мүмкүн. Кыштактын адамы да.

— Эми кантемин? — деди Кыяз өзүнө өзү, бирок мунусу оозунан чыгып кетти. — Иштерди эмне кылам?

— Иштериңди эки-үч күнгө коё турасың да, — деди почточу. — Келбесең болбойт. Кемпирдин көңүлү ооруйт.

Кыязды үгүттөп аткансыйт. Жок, кемпир бир нерсе болгон. Болбосо да, акыбалы начар көрүнөт. Ачыгын эле айтып койбойбу, жарыктык.

— Ошентем да эми, айла канча.

— Тезирээк эле кел, ука. Бандачилик да...

Ой, ушу кишинин адептүүлүгү өттү! Тумандатып отурбай, өлсө, өлдү эле дебейби, мусурман.

— Барамын. Түшкө чейин кирип барамын...

Баягыдан үйдүн ичи жарышып, аялынын жүзү, жылануач көкүрөгү агарып келатты. Аялынын жүзү да, көкүрөгү да сулуу эле. Анын үстүнө жаңыдан эле баш кошуп, али ойноп оюндары кана элек, күлүп күлкүлөрү кана элек маал болучу. Шондуктан, аялын бирпас сүйкүм менен карап туруп,

ошол замат анын койнуна барып жаткысы келип кетти. Бирок самолеттордун добушунан улам, барар жери алыс экенин элестетип, кайра өзүн токтотту. Мунун ордуна, аялын ойготуп, телефондон уккан кабарын, ага карата өзүнүн кабыл алган чечимин айта баштады.

— Эмне, мен да кошо барайынбы? — деп эсинеп койду аялы.

— Кереги жок,— деди Кыяз.— Кемпир али өлө элек. Анын үстүнө, сен ал кишини көргөн да эмессиң. Андан көрө, тынч жатып, уйкуңду уланта бер, айдыңым.

— Жакшы бар. Чыгып баратканында, эшикти акырыныраак жапчы...

Кыяз анын айтканын кылды.

Аэропортко басып келсе, түшкө чейинки рейстерге билет жок калыптыр. Калп айтууга туура келди.

— Өлүк көмгөнү баратам,— деди ал, муңайым түр менен.

Анан бул калпты жеңил-желпи эле айта салганына өзү да таң кала түштү. Бирок ошол эле замат, а мүмкүн бул калп эместир, чын эле энем өлүп калгандыр деп, өзүн кайра актап жиберди.

— Айтканыңызды ырастай турган бирдемеңиз барбы? Мисал үчүн, телеграммаңыз? — деп сурады кассир аял.

Кыяз, бул кайгылуу кабарды телефон аркылуу билдиришкенин айтты. Кассир аны ишенип, ишенбей тиктеп туруп, кийин жөнөп жаткан самолётко бир билет жазып берди.

Самолёт бар болгону элүү минут гана учушу керек эле. Кыяз жол катар терезени карап келди. Бир жылдан бери Фрунзеден эч жакка чыккан эмес. Мына эми, шаар, андагы өзүнүн машакаттуу тиричилиги артта, жерде калып, ал өзүн жеңил, эркин сезе баштады. Жазгы жаратылыш анын көңүлүн көтөрдү. Айрыкча, түндүк менен түштүктү бөлүп турган тоолордон өтүп баратканда, жүрөгү туйлап кетти.

Тоолордун кары кете элек экен. Жакында кетчүдөй түрү жок. Тоолор бири менен бири туташып, алардын кокту-колоту да жакшы билинбей, агарган бир кең мейкиндикке айланып, мелтиреп тыптынч жатат. Мейкиндиктин бетинде үзүк-кесик оор булуттар калкып жүрөт...

Самолёттон кийин Кыяз таксиге түштү. Такси аны туура өз кыштагына алып келди. Энеси өлүптүр. Муну ал атасынын эшигине чогулган элди көргөндө эле түшүндү. Көпчүлүк, машинени бурулуп карап калды. Кимдир бирөө шашып бүшүп үйгө кирип кетти, ошол замат тынч турган үйдөн ый

угулду. Дагы бирөө топтон бөлүнүп, Кыязды утурлай жөнөдү. Жолдош почточу экен көрсө.

— Келдиңби, ука? — деди почточу, Кыязга нары-бери колун берип.

— Эми мен эмне кылайын? — деп сурады Кыяз андан, башка кеп-сөзгө келбей туруп.

Ал дароо өзүн жоготуп койду. Бирок күйүттөн эмес, күйүттү али сезе элек, жөн гана өзүнүн жаны акыбалынан шаштысы кетип калды. Жашы отуз бешке келип, ал эми өлүм-житим дегенди башынан өткөрө элек болучу, а бул жерде таэнеси өлүп жатат. Тигинде бир айылдын эли аны жабыла карап турат. Эмне кылышы керек?

— Ыйлап, мени ээрчи,— деди почточу.

Кыяз ээрчирин ээрчиди. Бирок ыйга даяр эмес эле. Ал өмүрүндө өлгөнгө ыйлап көрбөгөн жан. Тигил турган элден сүрдөп, баштагандан тартынып, шыпылдаган почточунун артынан шыпылдап басып кете берди.

— Өкүр, өкүрбөйсүңбү! — деп шыбырады почточу, ага кыйгач кайрылып. Анын сөздөрү жемеге окшоп угулду.

Кыяз бар тобокелге салып:

— Энем-ой, энем-ой,— деп кирди.

Бул сөздөрдү ал жөн гана сүйлөп койбостон, ыйга мүнөздүү обонго салып, созуп мундуу кылып айтып атты. Бирок көзүнө жаш келген жок. Шондуктан, кургак көздөрүн элден жашырыш үчүн, плащынын чөнтөгүнө колун салып, жүз аарчысын издей баштады. Кол салган чөнтөгүндө жүз аарчысы жок болуп чыкты. Ушу тапта, анын оюн түшүндүбү, кимдир бирөө чуркап келип, колунан портфелин ала койду. Кыяз бошой түшкөн колу менен башка чөнтөгүнөн жүз аарчысын таап, көздөрүнө тутту...

Почточу экөө ээрчип келип, ый чыгып аткан үйгө кириштти. Адегенде далиске, кийин төркү бөлмөгө өтүштү. Бөлмөнүн ичи караңгы экен, Кыяз босогого чалынып, почточунун далысын сүзүп алды. Ошондо жүз аарчысын көзүнөн жылдыра берип, ыйлап аткандарды чала-була көрүп калды. Ыйлагандардын баарысы өзүнүн туугандары болуп чыкты: атасы, апасы, ага-инилери, эже-карындаштары, жеңелери... Баарысы жалгыз кишилик жыгач сөрүнү тегеректешип, тизинде бүкчүйүп жүрчү кичинекей кара кемпир, эми буттарын кесинен ыйлап турушат. Сөрүдө энеси жатыптыр. Соо кесунуп, боюн түзөп, упузун болуп калыптыр. Үстүнө жабылган кара бакмалдан анын эч жери көрүнбөйт. Кыяз энесинин жүзүн ачып көрүшү керекпи, биле албай койду. Жүрөгү эчтеке дебеди, а салт боюнча кандай болорун ал билчү эмес.

Шондуктан, энесине эки кадамдай жакын келип, кимдир бирөөнүн катарына туруп алып, мурдагыдай эле:

— Энем-ой, энем-ой, — деп өкүрө берди.

А көз жашы дагы эле келбей атты. Үйдүн ичиндеги башаламан ызылдап аткандар да таасир этпеди, энесинин суналган жансыз көрүнүшү да жүрөгүн эритпеди. Буга өзү таң калып, жаны ачыды.

Бир маалда бирөө ыйлаган бойдон келип, анын көкүрөгүнө башын койду. Караса апасы экен. Апасы өзүнүн обондуу ыйына кара сөз кошуп атты. Кара сөздөрү Кыязга тиешелүү болуп көрүндү. Кыяз өз ыйынан кичине алаксып, апасынын эмне дегенин кызыгып тыңшап калды. Бирок ызы-чуунун арасынан апасынын:

— Таэненден айрылдык... — деген сөздөрүн араң ажыратты.

Ооба, таэнемден айрылдык, — деп койду Кыяз да. Тигине, өлүп жатат. А кишинин бир эле таэнеси болот. Таэнеси деген — апасынын апасы. Демек, өтө жакын киши. Кыяз, албетте, муну түшүнүп эле турат. Бирок акылы менен гана туюп, жүрөгүнө жеткире албай атат.

— Энем-ой, энем-ой...

Апасынан кийин, башка туугандары да бир бирден басып келип, анын мойнунан кучактап ыйлап, аны менен өздөрүнүн кайгы-мунун бөлүшүп жатышты. Бирок баары биригип да ага өздөрүнүн кайгысын, көз жашын жуткура алышпай койду. Анын ички дүйнөсү бир караңгы кудукка окшоп, а кудук таптакыр какшып калгансып туруп алды.

— Энем-ой, энем-ой...

Кыяз эл көзүнө боздоп ыйлап аткан киши болуп көрүнүп, а өз алдынча өзүнүн какшыган кудугуна ным издеп, ага кайрадан суу пайда кыла албай жатты. Жасалма жол менен болсо да өзүнүн көкүрөгүн жибиткиси келди. Бул үчүн ал энесинин ким экенин, анын кыял-жоруктарын эстей баштады. Таэнеси акылдуу, боорукер адам эле. Өмүрүндө бирөөгө жаман сөз айтпаган, өзү да бирөөдөн жаман сөз укпаган киши. Бул турмушу түйшүктө өттү бечаранын. Балдарым, балдарымдын балдары деп жүрүп, акыры минтип жаны тынды. Кыязды абдан жакшы көрүүчү. Ар келген сайын аны айланып-үйрүлүп, көз жашын көлдөтүп, сагынып тосуп алчу эле.

«Эми сенин балдарыңдын бешигин терметип жатып өлсөм, арманым жок», — дечү дайыма...

Кыяздын жүрөгүн бул эскермелер да козгоболу. Ал мурдагыдай эле көз жашсыз ыйлап атты.

— Энем-ой, энем-ой...

Бир маалда тыншаса, башкалар басылып, өзүнүн гана үнү калыптыр. Кыяздын дагы башы катты: токтосом бекен, же ыйлай берсемби деп ойлой кетти.

Кудай жалгап, ушу тапта мойсопут адам басып келип, анын женинен тартты. Жанылбаса, бул киши Кыяздын алыс таякеси болушу керек эле.

— Болду эми, балам,— деди таякеси.— Бас кыл.

Кыяз ага ыраазы боло түштү. Ал дагы кичине ыйламыш болуп туруп, кийин басылып, кургак көздөрүн ааручып калды. Абышка аны эшикке карай жетеледи.

Эшиктеги элдин айрымдары аны менен унчукпай кол алыша баштады. Алар менен учурашып атканда, Кыяз өзүн мунайым кармап атты.

— Келгениң жакшы болбодубу,— деди жанагы таякеси.— Бардык тууган-уруктар келип бүтүп, сени гана күтүп калганбыз... Таэнең болсо кечээ кечинде каза болду. Бир түн түнөдү. Эми ал кишини зарыктырбай, тезирээк өз жайына алпарып коёлу.

Таякеси андан уруксат сурап аткансып көрүндү. Ушинтип ойлоп, Кыяз арсар түрдө башын ийкендетип койду.

— Кана, алып чыккыла эмесе!— деп буйрук берди абышка кимдир бирөөлөргө.

Кемпирди эшикке алып чыгышып, көпчүлүктүн ортосуна коюшту. Бир ак селдечен абышка көпкө чейин жаназа окуду. Ошондон кийин кемпирди жайга алып жөнөштү.

Жергиликтүү салт боюнча, гөрүстөнгө эркектер гана бара турган. Катындар ызы-чуу түшүп кала беришти. Албетте, үйдөн узаганча, өздөрүн кемпирге жакын санаган эркектер да өкүрүп ыйлап барышты. Кыяз үчүн бул дагы бир сыноо болуп, ал андан да өтө албады. Анын кудугу дагы эле какшып турду.

Гөрүстөндө көп күймөнүшкөн жок. Жай даяр экен. Кемпирди дароо эле коё башташты. Ушул жерде Кыяз энесин бир көрүп калгысы келди. Бирок кемпирди ак шейшепке ороп, баш-аягын буун коюшуптур — арманда калды...

Кемпирди жайга түшүрүп жатышканда, бир боз бала буркурап ыйлап кирди. Агасынын кенже уулу экен көрсө. Баланын ыйы ушунчалык женил, ушунчалык күйүттүү чыгып атты. Кыяз балага таң калып да, суктанып да калды. Бул баланын курагында ал шаарга кетти эле. Андан бери он сегиз жыл өтүптүр. Эгер энелери он сегиз жыл илгери өлгөн болсо, ал дагы ушу бала окшоп ыйлаар беле...

Көпчүлүк гөргө топурак сала башташты. Бала андан бетер күчөп ыйлады.

Кокусунан асманда газала сайрап жиберди.

Кыяз көптөн бери газаланын үнүн уга элек болучу. Жалт этип асманды бир карап алды. Бирок өзүнүн каерде экенин эстеп, уяла түштү. Дароо бирөөнүн колунан кетмен ала коюп, энесинин үстүнө топурак шилеп калды...

А торгой сайрап турду.

Бала ыйлап атты.

Бир маалда Кыяздын кетмени бир байчечекти үзүп кетти. Байчечек топуракка аралаша түштү. Кыяз ойлонбой туруп, аны колу менен чукуп алып, анан ошол замат бирөө-жарым көрүп калдыбы деп шашып-бушуп, эмнегедир, чөнтөгүнө сала койду.

Бала ыйлай берди.

Торгой сайрап жатты.

Көпчүлүк кемпирди көөмп болуп, чубалып жолго түштү.

Жаңы гөрдүн алдында боздоп бала гана калып калды.

Кыяз бурулуп келип, аны ийинден алды:

— Жүрү эми...

Энелерин жаңы конушка таштап кете беришти.

Кыштакка кайтып келгенден кийин, эл бирин-серин деп таркай башташты.

Кечке жуук үйдө алыс-жакын туугандар гана калышты.

Кечинде дөңгөк каланган ысык очоктун боюнда отуруп, баарысы кемпир жөнүндө сөз кылып киришти.

— Бечара энем, Кыязды чакыргыла, Кыязды бир көрүп анан өлөйүн деп жатып, жан берди,— деди атасы.

Апасы бир калта өрүктүн чагылган данегин алып келип, Кыяздын алдына төгүп койду.

— Өзү чогултуп, өзү чагып, келсе беремин деп сага атап жүрдү эле,— деди ал, көзүнө жаш алып.

Кыяз баарын мелтиреп угуп отурду.

Эртеси күнү кемпирдин үчүлүк ашын беришти.

Аштан кийин, Кыяз, өзүнүн авторефератын, диссертациясын тезирээк бүтүрүү керектигин айтып, атасы менен апасынан кетүүгө уруксат сурады.

— Өзүң бил,— деп койду апасы, оор үшкүрүп.

— Барсаң — бар,— деди атасы.— Баары бир кемпирди тирилтип албайбыз...

Ал кайрадан шаарына учуп кетти.

Эки күндүн ичинде тоолордун көрүнүшү эч өзгөрбөптүр. Асты жакта баягы эле аппак кең мейкиндик мелтиреп жатат...

Бирок бул жолу тоолор да, суулар да, булуттар да Кыяздын делебесин козгоболу. Анын көкүрөгү букка толуп, көңүлү

чөгүп баратты. Ушу тапта ал бир нерсе ичкиси келди. Бирок ичерине эчтеке жок эле. Чылым чеккиси келип, чөнтөгүнө колун сунду. Бирок сигарет ордуна, колуна бир жумшак, муздак нерсе урунду. Алып караса, баягы байчечек экен. Байчечек соолуп калыптыр. Кыяз аны ары-бери кармалап, селейип отуруп калды. Анын көз алдына гөрүстөн элестеди. Бирпаста жүзү өзүнөн өзү кызарып чыкты, деми кыстыга түштү. Ал жийиркенич менен башын бир чулгап алды.

— Кандай айбанчылык... — деп шыбырады анан өзүнө өзү. — Кандай айбанчылык.. Кандай айбанчылык...

Ал өзүнүн ушул акыбалга келгенине жаны ачыды. Өзүнө өзү аянычтуу көрүндү. Өзүнө өзү боору ооруду. Кокусунан, анын көзүнө кылгырып жаш келе түштү. Жашы сыгылып тышка чыкты. Бетинен ылдый жылжып ага баштады...

Кыяз көпкө чейин ыйлады. Ыйлаган сайын, көкүрөгү жибип, ичиндеги бугу чыгып, өзүн жеңил сезип атты. Үч күнү зарыктырып келген бул көз жашка ал абдан сүйүнүп кетти. Какшыган кудугу жибип ийип, ага кайрадан суу пайда болуп келатты.

Демек, али кеч эмес экен...

1980

ЖОЛ КЫРСЫГЫ

Машине жолдон он кадамдай чыгып барып, тумшугу менен кар баскан бийик жарды сүзүп туруп калыптыр. Үстүндөгү карагай торсундардын бирөө кабинанын арткы айнегин көзөп кирип кетиптир.

Сыдыктын ыманы уча түштү.

«Шоопуру эмне болду экен, бечара?» — деп ойлоду.

Бирок шоопурун көрүүгө үлгүрбөдү. Кабинанын ичин эңилип карагыча болбой, өздөрү анын тушунан өтүп кетишти.

Сыдык өз шоопурун суроолуу карады. Шоопуру кыркка чыгып калган, өгүз моюн, сүрдүү адам экен. Кебетекешпирине жараша түнт, орой неме экен. Оштон чыккандан бери Сыдык аны бир нече жолу сөзгө салып, бирок кебине алымсынбай койду. Берген суроолоруна гана нарыдан-бери жоп кайтарып, ашыкча эчтеке кошумчалабайт. Өзүнө кызыктырыш үчүн, Сыдык, сүрөтчү экенин, атайы Фрунзеден Памирге сүрөт тартканы баратканын да айтып көрдү. Сыдыктын ою боюнча «сүрөтчү» деген сөз ар кандай адамдын жүрөгүн жибитип жибериши керек эле. Өз

кесибин бардык кесиптерден артыкча көрө турган. Бирок шоопур бар болгону: «Жакшы экен» — деп гана койду. Анан, негедир, өзүнчө үшкүрүнүп алды...

Алай өрөөнүнө келишсе, жерде ала-чоло кар жатыптыр.

— Ой бо-ой, бул жактын кары али кете элек го? — деп таңыркады Сыдык.

— Африкага бараткансып сүйлөйсүң да,— деди буга шоопур шылдыңдаган түр менен, темир тиштерин кашкайта ырсайып.

Сыдыктын жини келди, бирок үндөбөдү. Ошончо көп машинеден, келип-келип ушунун машинесине отурганына бушайман жеди. Эми болоор иш болду, эптеп Мургапка жетип алайын деди. Мургапка жеткенден кийин, убадалашкан жыйырма сомун колуна карматып, тескери бурулуп кетет. Ага чейин сүйлөбөй эле коюш керек буга деп чечти. Ошондон кийин, чын эле сүйлөшкөн жок. Экөө тең өз ойлору менен алаксып, бири-бирине көңүл бурбай, үн-сөзсүз жүрүп келатышкан. Бирок мына бул кырсык аргасыздан шоопуруна кайра караттырды.

Кызык, шоопуру таптакыр бейкапар отурат.

«Көрбөй калды бекен?» — деп ойлоду Сыдык.

Андай болсо, айтыш керек буга, токтотсун. Тигил бечаранын акыбалын билип өтпөсө болобу. Жардам берип дегендей, а эгер жардам кечиксе... өздөрү менен кошо ала кетишке туура келет. Албетте, кузовдун ичи жык көмүр, а кабинада өлүк кишини шалактатып жөлөп барыш кыйын, бирок ошентсе да...

Сыдык эми эле оозун ачаарда, дагы бир нерсеге ою кетти.

«А мүмкүн, бул капыр, көрсө да көрмөксөнгө салып коюп жүрбөсүн» — деп калды ичинде. Биринчиден, бул машакаттуу иш, кыйла убакытты алат. А күн кечтеп, шоопур шашып баратат. Экинчиден... Мына ушунусу чыныгы себеп! Экинчиден, жоопкерчилик жагы бар. Кокус, тигил неме мүрт кеткен болсо, өзүнөн өзү анын: кантип өлдүсү, өлүгүн ким биринчи көрдүсү болот. Жамандыгына алса, өзүн күнөөлөп калыштары ыктымал. Сен анын артынан шаштырып келгенсиң, ал сенден качам деп барып жарга кептелген дешсе дей беришет да. Анын бетин кудай нары кылсын, албетте, анда Сыдык да сурак берет. Кур дегенде, күбө катары. А минтип бир айлык командировканы араң сурап алып баратканда, анысын жолдо сурак берип өткөрүштүн эмне кереги бар. Чычкан ийнине кире албай жатып, куйругуна калбыр байлайт болуп... А бирок өгүз

баш, чындап эле, тигил машинени көрбөй калсачы? Анда, көрүп туруп айтпагандыгы үчүн Сыдыктын өзү күнөөкөр болот. Күнөөлөй турган эч ким деле жок, албетте, мунун көргөн-көрбөгөнүн ким билип отуруптур, жөн гана өзүн өзү, айыптуу сезип кыйналат. Ошондуктан, айтып койгону эле дурус.

Бирок айтайын десе, бир чакырымча жерге узап кетишиптир: бийик давандан чыңк ылдый зуулдап түшүп келатышкан болучу. Эми бул гөлүйгөн немеге айтсаң да, кайрылып ошол жакка чыгып барабы десең? Кап. Чечкинсиз адамдын чечими курусун, — деди Сыдык, өзүнө-өзү нааразы болуп. Эмне кылаарын билбей, жүрөгү туйлап, кайрадан үңүлө карады. Шоопур да бул жолу аны сүзүлүп тиктеп койду.

— Эмне эле ойдолоктоп атасың? — деди анан күтпөгөн жерден.

О, бул көргөн экен, — деп чечти Сыдык. Мунун айтайын дегени: «Эмне эле кыйналып атасың? Сен көргөндү мен деле көрдүм. Тынч олтура бер. Төө көрдүңбү — жок, бээ көрдүңбү — жок». Шоопурдун оюн ушинтип жоруду да, шоопур менен үнсүз макул болду.

— Жөн эле, — деди анан макулдугун билдириш үчүн.— Олтура берип, буттарым талып кетти.

— Баса...— деп койду шоопур.

Кийин көңүлү жайлангансып, күңкүлдөп бирдемени ырдап кирди. Сыдык аны тымызын карап отуруп, жок жерден ушул бейтааныш, өзүнө жагымсыз адам менен күнөөлүү сырга ортоктош болуп калганына таң калды, зээни кейиди.

«А мүмкүн бул эчтекени билбестир? Мүмкүн, күнөө жеке мага гана таандыктыр?» — деди кайрадан сарсанаа болуп. Бирок ошол эле замат: «А-а, кайсы күнөө? Эмне, аварияны мен жасаптырмынбы? Аны өлтүргөн мен бекенмин?» — деп өзүн өзү актап жиберди. Ошондон кийин, көңүлүн кирдеткен күтүлбөгөн көрүнүштөн өзүн оолактатууга бел байлады...

Давандан түшүп бүтүшкөндө иңир кирди. Шоопур чырактарын жандырды. Бир маалда машинениң алдынан бир коён чыга калып, жол менен качып жөнөдү.

— Тигине, коён! — деп кыйкырып жиберди Сыдык аны көрүп.

Кыйкырганын өзү да сезбей калды. Шоопур Сыдыкты олурая карап койду. Сыдык осолдой түштү.

Коён тээ алыска соймондоп кеткен нурдан чыга албай, жанынын барынча томурандап чуркап баратты. Сыдык коёнду аяп, анын өмүрү үчүн катуу кабатырланып отурду. Шоопур болсо, тескерисинче, бейкапар: өз жолу, өз ою менен алаксып гана келатат. Сыягы мындай жолугушуулар ал үчүн көнүмүш көрүнөт.

Бара-бара коён арып, машинениң тумшугуна жакындай баштады. «Жолдон чыгып кеткей эле, бечара» — деп тиледи Сыдык. Шоопурга кайрылып, токтотуп кой, тиги жаныбар кутулуп кетсин дешке батынбады. Беркинин тил алчудай түрү жок.

Акырында машине коёнго жетип, коён анын астына кирип кетти. Сыдыктын жүрөгү шуу дей түштү. Ал коёндун аман калганын же тепселип кеткенин билбей калды. Куду кырсыкка учураган машиненин шоопурун көрүүгө үлгүрбөгөндөй, арманда кете берди. Шоопурду караса, шоопурдун жүзүндө эч кандай өзгөрүш көрүнбөдү, бар болгону кабинанын ичин жаңырта катуу чүчкүрүп алды.

Жок, бул үйүң күйгүр жолдогу машинени сөзсүз көрдү, — деп ойлой баштады Сыдык кайрадан. Көрүп, ичиндеги адамга ушу коёнго болгон мамилесиндей эле кош көңүл мамиле кылып койду...

Куптан ченде булар Кара-Көл деген кыштакка жетип келишти. Кыштакта шоопурлардын рабаты бар экен. Сыдыктар ошол рабаттын коргонуна кирип токтошту. Коргондун ичи машинеге толуп кетиптир. Машинелердин айрымдары моторлору муздабасын үчүн, жүргүзүлүп коюлган. Алардын алдында чылымдарынын отун жылтыратып, шоопурлары сүйлөшүп турушат.

Сыдыктын шоопуру моторун өчүрүп, бутунун жанында келген эски корзинаны алып, кабинадан чыкты. Сыдык да жерге түштү.

— Жүр, — деп койду шоопур.

Анан коргондун ичиндеги чырагы күйүп турган үйлөрдүн бирөөнө карай басты.

— Буюмдарымды алып алайынбы? — деп сурады Сыдык.

— Ошо жаман сандыктарыңды кайсы ууру алсын, — деди тигил.

Чемодан менен этюдникти айтып жатат.

Бул айбанга эмнем жакпай калды экен, — деп ойлонду Сыдык, анын артынан ээрчип. Кийимимби? Же өскүлөң сакал, мурутумбу?

Экөө келип кирген үй ашкана болуп чыкты. Ашкананын ичи таза, жылуу экен. Анын оокат берчү жагы жабык, а буфетинде бир жаш, сулуу келин тор токуп отурат. Келин шоопурду көрүп сүйүнүп кеткенсиди. Сыпайы жылмайып, ордунан тура берди.

— Арыба,— деди ага шоопур.
— Бар болуң,— деди келин.— Таза кечиктиңиз го?
— А-а, ушундай болуп калды...
— Отуруң...

Шоопур келинди кандайдыр ыраазылык менен карап алып, столдордун бирөөнө барып отура кетти. Сыдыкка да жанынан отургуч көрсөттү. Ошондон улам келин Сыдыкты: «А-а, сен да бар белең» дегендей бир тиктеп алды. Кийин буфетинен ала чыккан чыны, кашыктардан анын алдына бирден койду. Сыдык эми гана байкады: бурч жактагы печканын үстүндө ыш баскан мискей туруптур. Келин лепилдеп жетип барып, мискейди көтөрүп келди. Мискейде ысык шорпо бар экен. Келин экөөнө бөлүштүрүп куя баштады. Албетте, теңме-тең эмес, этинин көбүн шоопурга терип салып атты.

«Бул аял шоопурдун эмнеси болду экен? — деп ойлой кетти Сыдык, келиндин шакек, билериктүү колдорун, ак жуумал, акылдуу жүзүн карап отуруп.— Карындашыбы? Окшошпойт. Көңүлдөшүбү? Кудай сактасын, ушу чабалекейдей болгон назик жубан өзүнөн эки эсе улуу, өгүз кебетеленген немеге кантип ылайык келсин».

— Кана, оокатка караңыздар,— деди келин, бул жолу көптүк иретинде кайрылып.— Кокуй, нанды унутуп калган турбаймынбы...

Шоопур менен Сыдык шорпого кириштн. Келин буфеттен кайтып келип, алардын маңдайына отура кетти. Шоопур анын алдына корзинасын жылдырып койду. Келин корзинаны ачып, ичинен кызыл гүлдүү кара жүн оромол алып чыкты.

— Ой-уй, — деди көздөрү жайнап.

Дароо башындагы жоолугун сыйрып таштап, жаңысын салынды.

— Жакшы жарашат экен, — деди шоопур.
— Ыракмат... — деди келин.

Таза сүйүнүп алды. Сыдык болбосо, шоопурду өөп жиберчүдөй болуп, аны назик карап койду.

— Апаңыз кантип калды?— деп сурады бир маалда.
— Түзүк эле,— деди берки.— Бирок дагы эле үй ишине жарабайт.
— Балдарыңыз кыйналып аткан экен.
— Айла канча. Сени алпара берейин десем, кемпир болбойт. «Коё тур, аялыңдын кыркылыгын кечээ эле өткөрдүң, эл эмне дейт» — деп.
— Апаңыз туура айтат.

«А-а, ушундай беле...» — деп таң калды Сыдык. Баягыдан шоопурга кыйла жүрөгү жибий түштү. Бул кембагалдын башында азасы бар турбайбы, — деди. Бирок ошентсе да келинди ага ыраа көрө бербеди. Анын жаштыгын, сулуулугун аяды. Ичи тарлык кылды. Бул аял шоопурга эмес, мына мага окшогон билимдүү, маданияттуу, таланттуу эркекке аял болсо жарашат деп чечти. Кап, Фрунзеде жашаган болсо, өнөрканасына чакырмак, портретин тартмак...

А сенин үйүндөгүлөр эмне деп атышат?

— Мурдагыдан кыйла жоошуп калышты. Алардын кынырылганы эле, алыс кетип атасын дешет.

— Айтпайсынбы, кааласам, жума сайын келип турам деп.

— Айтып атам. Кары кишилер да. Ош десе эле, жердин түбү деп ойлошот...

Шорпону ичип бүтүштү. Шоопур Сыдыкты бир карап алып:

— Мейманканада орун барбы? — деп сурады.
— Көп, — деди келин.
— Эмесе, сен барып жат,— деди шоопур Сыдыкка.— Чыгып туруп, сол жакка буруласың...

Сыдык чечкинсиз түрдө чөнтөгүнөн акча алып чыкты. Бүгүн жолдо эки жолу оокат ичишип, акысын өз-өзү төлөшкөн. Бул жерде пул бериш кыйын болуп турат, албетте, ошентсе да...

— О кокуй, жөн эле коюң! — деди келин таарынган түр менен.

Сыдык ыракмат айтып, чыгып кетти.

Мейманкана эки бөлмөлүү экен. Бирөөнүн ичи караңгы, чала жабылган эшигинен уйкудагы кишилердин коңуругу угулат. Беркисинде он чакты кровать болуп, үчөөндө киши жатат, калганы бош. Жаткан кишилер уктабастан, печкенин жанында чулгоосун кургатып отурган бакжайган сары жигиттин аңгемесин угуп, ага күлүп атышыптыр...

— Ассалом-алейкум,— деп Сыдык алардын көңүлүн өзүнө бурду.

— Келиңиз,— деп койду бирөө.
— Бош орун бар бекен?
— Бар, бар. Ана, каалаганыңызга жата бериң...

Сыдык бурчтагы кроватка барып, чечинип кирди. Беркилер кайра аңгемесин улантышты.

— Анан?

Ошентип, бир шишени жеке ичип алып: «Эми балдар, мени машинеме отургузуп койгула» — дейт. Машинеси он

гылдыректүү, чоң машине. Магазиндеги балдар аны колтуктап барышып, кабинага отургузушат.

«Эми бурап койгула» — дейт. Балдар бурап, моторун от алгызып беришет. «Эми мен кеттим, кошкула» — дейт. Түн кирип калган. Машина таштак жолго чыгып алып, зыпылдап жүрүп отурат. Бир маалда эле алдынан бир гылдырек гылдырап чыга келет. «Кызыталак, бул кимдин гылдыреги болуп кетти?» — деп коёт танданып. Кыйлага чейин гылдырек менен жанаша барып, акыры аны артка таштап кете берет. Үйүнө келип уктап, эртеси эшикке чыкса, машинесинин бир гылдыреги жок!

«Эй, катын! Бу менин гылдырегимди эмне кылдын?» — деп кыйкырат ошондо катынына...

Кроваттагылар шарактап күлүп калышты. Сыдык да кошулуп кетти.

— Апенди адам. Жакында пенсияга чыкты,— деп бүтүрдү ангемечи ангемесин.— Кой эми, дем алалы...

Жигит чулгоосун өтүгүнүн кончуна тыгып коюп, кийин Сыдыктын катарындагы кроватка келип, чечине баштады. Ушу тапта босогодо дагы бир шоопур пайда болду. Сакалмурутун ак аралап калган, узун бойлуу киши экен.

— А-а, келиң аксакал! — дешти беркилер ага ызаат кылып.

Тиги адам чарчаңкы түр менен басып барып, бош кроваттардын бирөөнө отурду да, ошо замат чечинип кирди.

— Эй бала, сен эмне тумшугуң менен жар сүзүп калгансың? — деди ал чулгоо кургаткан жигитти көрүп.

— А-а, тормозум иштебей калды, аке,— деп койду берки.

Сыдык дароо башын көтөрдү.

— Эмне, давандагы машине сиздикиби? — деп сурады ал, сүйүнгөн түр менен.

Жигит буга кичине танданa жооп берди.

— Ооба...

— Ой, кантип соо калдыңыз анан?!

Жигит бул жолу мулуюп койду.

— Тормозум баш ийбей баратканын сезип, дароо машинени жарга бурдум да, жан алакетте жерге секирдим. Ушул.

— Азаматтык кылыпсыз...

Кокусунан кийин кирген шоопур чыракты өчүрүп салды.

— Уктадык,— деп койду анан, куду команда бергенсип.

Үйдүн ичи капкараңгы жана жымжырт боло түштү. Сыдык кырсыкка учураган шоопур менен дагы сүйлөшкүсү келди эле, батынбады. Ал өзүн бир оор жүктөн кутулгандай

женил сезип калды. Ошол сезим менен бирпастан кийин көшүлүп уйкуга кетти...

Саар менен аны бейтааныш киши ойготту...

— Эй, жигит, тур, шоопуруң чакырып атат! — деди ал, ийнинен катуу түрткүлөп.

Бөлмөдө чырак күйүп туруптур, а кроваттарда эч ким жок. Сыдык нарыдан-бери кийине салып, эшикке жүгүрүп чыкты.

Таң агарып келаткан учур экен. Асманда али сейрек жылдыздар бар, кубагай ай сүзүп баратат. Күн суук. Коргондогу машиналар муздаган моторлорун жылытып, кызыгандары улам-улам кетип жатышат. Сыдыктын шоопуру да машинасын жүргүзүп коюп, өзү анын нар жак, бер жагын карап, күймөнүп жүрөт.

— А-а, сүрөтчү, кандай уктадың? — деди ал жайдары үн менен.

Сыдык мунусуна ыраазы боло түштү.

— Ырақмат, жакшы.

— Анда отур, жөнөйлү.

Экөө тең кабинага кириштн. Ошо тапта кечиндеги келин жетип келди. Башында кечээки жүн жоолук. Колунда түйүнчөгү бар.

— Мына муну салып коюң, жолдо жейсиз, — деди шоопурга түйүнчөктү сунуп.

Шоопур түйүнчөктү корзинасына салып алды.

— Мен бүрсүгүнү кайтам, — деди ал.

— Эсен-аман барып келиң, — деди буфетчи.

Машина ордунан козголду. Келин аны чоң жолго чыканга чейин узата карап турду. Жолго чыкканда шоопур да аны бир кылчайып карап алды. Ошондон кийин машина жаңы ылдамдыкка өтүп, чырактарынан түшкөн нурду ээрчип, зыпылдап жөнөдү...

Бирпастан соң шоопур кыңылдап ырдап кирди. Бүгүн мунун көңүлү көтөрүңкү, — деп койду ичинен Сыдык. Өзүнөн өзү кечээ кырсыкка учураган машина эсине түштү. Кайрадан шоопурдун машинаны көргөнү, же көрбөгөнү кызыктыра баштады. Өзүн өзү кыйнап отурбастан анығын билгиси келди. Бүгүн сурай берсем болот деп чечти.

— Айтыңызчы, кечээ давандан түшүп келатканыбызда, жолдун боюнда турган машинени көрдүңүз беле?

— Көргөнмүн, — деди шоопур аны таңыркай карап.

— А-а... анда неге токтотконуңуз жок?

— А эмне үчүн токтотушум керек?

— Ммм... Менимче, авария болгон турбайбы. Шоопуруна жардам керектир эле...

— Кызык, кабинасында эч ким жок болсо, кимге жардам бермек элем?

Сыдыктын ындыны өчө түштү. Демек, кеп менин өзүмдө экен деди. Кап, ушул суроону өз учурунда эле берсем эмне деп каңырыгы түтөп кетти. Көрсө, ушунчалык гана турбайбы...

Машина бир калыпта «желип-жортуп» келе жатты. Мезгил-мезгили менен анын алдынан жолдо түнөгөн чымчыктар чочуп учуп калышат.

1982

АЯЛДАРДЫН ДЕҢИЗИ

Жолон Мамытовдун арбагына арнаймын.

Она пришла залить водой мой огонь,
Когда мой прах развеялся по ветру.
(Ахмад Мирза Нийази)

Саратандын айлуу түнүндө аягы суюк аялдардын аралынан алты аял качып чыгышты. Алтоо бир кайыкка тыгылып отурушуп, шашып-бушуп жанталпезге түшүп, деңиздин алыскы жээгин көздөй сүзүп жөнөштү. Арадан жарым саат өтүп-өтпөй алдыларынан жыныс оорусу менен ооруган аялдардын аралы көрүндү, кийин жин тийген аялдардын аралын жандап өтүштү, гулгуна оорусу менен күн кечирген аялдардын аралын, кылмыш кылып кесилген аялдардын аралын аралап артка калтырышты. Аралдар азыр тыптынч, баскан-турган адам көрүнбөйт, иттери үрбөйт, кararган жыгач тамдардын шамы эчак өчкөн, бирок алардын айга чагылышкан терезелеринин артынан чачтары чачылган эрксиз катындар кайыктагы качкындарга көзү күйүп, аларды үнсөзсүз узата карап турушкансыйт...

Түн ортосу ооганда кайык жээкке келип жетти. Арыпчарчаган аялдар арандан басып кургак жерге чыгышып, бетин ак туз баскан калың кумга бойлорун ташташтары. Алар көпкө чейин энтиге дем алып, кеп-сөзгө келбей солуп жатышты. Акырында узактан угулган сиренанын үнү булардын эми эле эс алып келаткан жүрөктөрүн уйгу-туйгу туйлатып, мылтыктын үнүн укkан эликтердей ордуларынан чапчып тургуздурду. Аялдар дароо бири-бирин нарыдан-бери өпкүлөп, «Кош! Кош!» деген кыска сөздөр менен коштошуп, алтоо алты жакка бет алып жөнөп бериштери. Ар кимисинин алды жагында ай астында мелтиреген бейтааныш бетпак чөл жатты...

Алты аялдын алтынчысы, негедир, дагы көпкө дейре деңизди бойлой жүрүп отурду. Анан асманды бир карап алды да, чукул бурулуп, деңизге далысын салып, андан акырындап арылай баштады. Ал Саманчынын жолуна түштү...

Кум жумшак, калың, бассаң басыгың арбыбайт. Бат эле аялдын крассовкасына кум толуп чыкты. Аял крассовкасын чечип, колуна кармап алды. Кудай жалгап, кумдан күндүзгү аптаптын табы али кайтпаптыр, бутуна бир жакшына жагып, жаны жыргап баратты...

Бир маалда чөлдүн бетинде чөккөн төөлөргө окшогон бир нече кararган дөнсөө көрүндү. Дөнсөөлөр ар кайсы жерде чачылып жатат. Бирок аял жакындаган сайын алар дөңсөө эмей эле, кадимки сууда сүзгөн кемелер болуп чыга келишти. Анткени менен аял буга анча деле таңыркаган жери жок. Кайра кемелерди кайдыгер аралап барып, акырында бирөөнө куду өз үйүнө киргендей кирип кетти...

Бул кеме, калгандары кандай болсо ошондой, көкүрөгүнө чейин кумга батып, терезе-эшиктери талкаланып, жайкы аптапка какталып, кышкы ызгаарда тоңуп, темиринин сыры көчүп, жыгачынын өңү өчүп, түлөгөн нардай болуп калган. Каалаганда жана каалаганча соккон катуу шамалдар анын жыртык-тешигинен жулунуп кирип, жулунуп чыгып, ичине деңиздин тузун, чөлдүн кумун бир карыш кылып үйүп таштаган. Шондуктан аялдын аягы эшик менен төрдүн айырмасын анча сезген жок. Аял абайлай басып, ары-берисин аңдаштыра карап барып, акыркы бөлмөлөрдүн бирине токтоду. Токтоор замат ийнине илген жүк сумкасын жерге таштады. Сумканын талп эткен дабышынан улам, эшиктердин бирinen чайк эткен ачуу үн чыкты. Аял айкырып алды. Караса кандайдыр бир жаныбар карарып качып баратыптыр. Карышкыр же түлкү,— деп чечти аял. Ошол эле учурда кеменин ичинде каршы-терши учкан канаттардын шоокуму угулду. Жарканатпы же парандабы — аял ажырата алган жок. Ал үшкүргөн бойдон турган жерине отура кетти. Отуруп, аркасын тыныке дубалга такап, айнеги жок терезеден айдын чөлдү телмире тиктегенче, бүткөн бою талыкшып, жанын жер тартып баратканын сезди. Туш-туштан ичкериге жарык кирип, бурч-бурчка көлөкө түшүп турду. Андыктан аялдын бир жак жаагы ак, бир жагы кара. Аялдын жүзү сулуу, ал абдан жаш али, он сегизге да толо элек чагы. Кыздык наркы кеткен менен, кыз курагы өтө элек. Шондуктан, кыз десе да жарашат...

Кокусунан кыз кыйкырып жиберди. Көздөрү чакчайып, туруш-турмушу менен катып калды. «Өлдүм,— деди

ал.— Бул куугун!» Көрсө, тээ мандай тараптан кумду шилей басып жалгыз караан келатыптыр.

«Же качкын катындардын бири бекен?» — деген ой да кетти буга.

Бирок тигил неме эркек болуп чыкты. Аркасына асынган баштыгы бардай.

«А мүмкүн бу дагы мага окшогон эле шордуу жолоочудур?» — дей баштады эми, кыз өзүн өзү сооротуп.

Ангыча эркек бул отурган кемеге жакындап келип калды. Бат эле кеменин ичинде анын шарпасы угулуп, узакта узун бойлуу сөлөкөтү көрүндү. Эркек эч жакка бурулбастан түз эле кыз тарапка жүрүп берди. Кыз булт этип көлөкө бурчка боюн урду, көлөкө менен көлөкөгө айланды. Кудай жалгап, эркек буга жетпей, кошуна каютага токтоду. Ашыкпай жонундагы жүк калтасына колун сунду. Анысын жерге коюп-койбой жатып, оозун чечип кирди. Чечип, ичинен узун жип сууруп чыкты. Кийин негедир өзүнүн төбөсү тиер-тийбес болуп турган шыпка иришип кетти. Бирпаста шыптан сыйыртмак саландап калды. «Кокуй, бул асылганы жатат!» — деп кабатырланды кыз. Бирок жолоочу, муунгандын ордуна, жерге оор отуруп, башын ачык терезенин кырына жөлөп, арып-чарчаган аквалга келди. Кыз эми гана анын жүзүн даана көрдү. Көрүп, жүрөгү түштү. Эркектин сүйрү башында чач, бийик кашында каш, бакырайган чүңкур көздөрүндө кирпик, куюлган узун мурдунун астында мурун, аттын жаагындай болгон жаактарында сакал деген жок болуп чыкты. Башы баш эмей эле, Жапан театрынын аппак маскасындай көрүндү. Жашы кыркка барып калгансыйт. Кыз не кыларын билбей, дүйнөсү куруду. Качайын десе, тигинин көзүнө урунат, кааласа эки аттап жетип алат, көлөкөдө көрүнбөй тура беришке, көзү көргөнү үрөйүн учурат. Бул адамбы же албарстыбы? Акылы айран болду кыздын. Бир маалда агарган адамга жан кирди. Калтасын дасторкон кылып жайды. Дасторкондун бетинде мөмө-чөмө менен бир нече шише кызыл вино жайнай түштү. Эркек шашпай ошолорду жеп, ичип кирди. Муну көрүп, кыздын шилекейи куюлду, жутунуп алды. Курсагы куп ачканын туйду, а өзүнүн шам-шум эчтемеси жок экенин эстеди. Эмне кыларын билбей эси кетип атканда, кокусунан чүчкүрүп жиберди. Анан өз чүчкүрүгүнөн өзү коркуп, кыска кыйкырып да салды. Ошондо аппак адам дагын чочуп кетип, какап-чакап, колундагы идиши чайпала берип, ичиндеги ичкилиги купкуу жүзүнө жабыла төгүлдү. Бети айдын бетине окшоп калды.

— Бул жерде ким бар?! — деп жиндене кыйкырды ал.— Кимсиң сен?!

— Мен...— деди кыз, калтырап-титиреп.

— Аял го...— деп күңгүрөндү эркек өзүнчө.— Чык бери ким болсоң да!

Кыз сүйрөлүп чыга келди. Аппак адам аны аңырая карап алды.

— Аякта эмне кылып турасың?

— Жашырынып...

— Кимден?

— Сизден...

— Менденби? А эмне үчүн менден жашырынасың?

— Коркуп...

— А-а, түшүнүктүү... Менин кебетемден түндөсү эмес, күндүзү коркосун.

— Жо-жок... Мен сизди менин артыман кууп келаткан куугун экен деп ойлодум, — деп кыз калп-чынды аралаштырып жиберди.

— А сен, эмне, качкынсыңбы?

— Ооба...

— Анда... Деңизден чыккан турбайсыңбы?

— Угу...

— Мм... Эмне экен, отуруп оокат же.

— Рахмат.

Кыз отура калып, дароо дасторконго кол салды. Колуна эмне кирсе, апсыгып ашап атты.

— Кардың катуу ачыптыр,— деди эркек аны карап отуруп.

— Абдан,— деп койду кыз мулундап.

Эркек ичип жаткан идишине вино куюп, кызга сунду.

— Эми вино ич.

— Сиз үчүн,— деп коюп, кыз ичип кирди.— Ох, жаным жыргай түштү... Жаныбардын даамын тартпаганыма жарым жыл болду.

Кыз идишти ээсине кайтарды.

— Дагы канча убагың калды эле? — деп сурады эркек.

— Эки айым.

— Анан ошого чыдай албадыңбы?

— Ал жердин күнүн бирөөгө көргүлүк кылбасын.

— Аның да ырас. Эрксиздик деген — эрксиздик. Мен сенин эркиндикке чыкканың үчүн ичейин.

Аппак адам идишин көтөрдү.

— Рахмат... Ой! Сиз эмнеге менден коркпойсуз? Эмнеге мени менен бир дасторкондон оокат жеп, бир ийдиштен ич-

килик ичип отурасыз? Мен деген Аялдардын денизинен чыгып келатам дебедимби?

Аппак адам мулуюп койду.

— Кадырың жам болсун, карегим. Мен азыр эчтекеден коркпоймун.

Ошентти да, ичип жиберди.

— Ажайып адам экенсиз... Атыныз ким, аке?

— Амир.

— А мениki Каухар.

— Өзүң да каухардай тунук, каухардай таза кыз экенсиң.

— Ой, сиз мени уялтып атасыз. Менде кайсы тазалык калды дейсиз...

Эркек жооп кайтарбады буга. Ал үндөбөстөн вино сунду кызга.

— Кел, дагы ичели.

Кыз ыраазылык менен жылмайып койду.

— Винонун жакшысын ичет экенсиз,— деди анан, кичине жутуп коюп.

— Төрт жылдан бери ичем. Төрт жыл илгери менин бир доктур досум айтты эле: ушул кызыл вино дартына даба болот деп. Билбейм пайдасы тийдиби мунун мага же жокпу. Өлүшүн өлө элекмин, бирок айыкканым да жок. Айыгышка көзүм да жетпей калды.

— Кечиресиз, оорунуз эмне?

— Ак кан.

— Ой... Каяктан жуктуруп жүрөсүз?

— Ушул эле жерден, карегим. Мынабу мелтиреп жаткан чексиз чөлдө адамзаттын бардык оорусу бар. Авасын жутсаң — оору, кумун бассаң — оору...

Экөө тең унчугушпай калышты.

— Карасаңыз! — деп кыйкырып жиберди кыз кийин.— Тээтигинде бирөө басып жүрөт.

Чын эле, экөөнөн эки жүз метрдей аралыкта кишинин карааны карарат.

— А-а,— деп койду аппак адам.— Ал ушул жерде жанашайт. Балыкчылардын кемесинде. Өзү бир кезде ошо кеменин капитаны болуучу. Тагдырың куруган бечарам... Көрбөйсүңбү. Деңиз тигинтип өз жээгин жээрип алыстаган-дан алыстап кетип баратат. А анын толкунун жиреген кемелер минтип белчесинен кумга көмүлүп турушат. Балыксыз калган балыкчылар болсо бала-чакасын жетелеп эчак башка жакка ооп кетишкен. Ушул байкуш гана эчтеке менен эсептешпей ээн журтта энгирeп жашап келет. Эл

көчкөндө көгөрүп көчпөй койгон. Анын ою боюнча, деңиздин соолушу убактылуу гана иш, эртедир-кечтир ал толуп-ташып кайтып келет...

— Аке... Булардын баарын сиз каяктан билесиз?

Амир мунайым жылмайып койду.

— Карегим, бул жер — менин Ата Журтум.

— А-а... анда сиз дагы ушерде турат турбайсызбы?

— Жо-жок... Азыр мен... алыстан келатам...

Ушу тапта Каухар эшиктеги адамдын айга карай эки колун сунуп, бир нерселер деп атканын көрүп калды.

— Кызык, анау киши ай менен сүйлөшүп атат, — деди ал таңыркап.

— Жинди да, — деп койду Амир.

— Жинди?

— Акылы кирди-чыкты. Антпесе жашайбы ушундай жерде.

— Кап, бечара... Чакырсак кантет?

— Кой-кой! Тоскоол болот...

Акыркы сөзүнө кыз анча түшүнө бербеди. Эмнеге «тоскоол болот?» Экөөнүн ээн отурушунабы? Же жеке өзүнөбү? Бирок унчукпады. Амир дагын кыйлага чейин үндөгөн жок.

— Ырасын айтканда, капитандын бул акывалга келишине жалгыз кызынын өлүмү себеп болду, — деп баштады анан өзүнөн өзү эле.—А деңиздин соолушу, кемесинин жүрбөй калышы — анын акыркы кайгысы... Кызы жети жашка чыкканда бул адам жесир калган. Андан кийин катын алган жок, кызын жеке өзү чоңойтту. Анысы абдан эрке, бирок эс-акылдуу, сулуу кыз эле раматылык. Экөөбүз бирге өстүк. Бойго жеткенибизде бирге институтту бүтүрдүк. Ал — инфакты, мен — филфакты. Анан айлыбызга кайтып келип, биротоло баш кошуп алдык. Тоюбузду мына ушул кемеде, деңизде тойлодук. Бир жылдан кийин уулдуу болдук. А балабыз... майып туулду. Башы кичинекей, колдору узун, буттары кыска... Экөөбүздүн эсибиз ооду ошондо. Эмне үчүн кудай бизди минтип жазалаганын билбейбиз. Бирок бара-бара айбыбыз айкын болду: өзүбүз оорукчан болуп чыктык. Ак кан менен... Аялым андан ары чыдай албады. Бир жолу атасынын балыкчылары менен деңизге чыгып, ошол бойдон кайтып келбей койду. Эмне болгонун эч ким көрбөйт, эч ким билбейт. Атасы баш болуп:

«Жээкке жетээрде карасак эле — жок!» — дешип жүрдү кыйлага чейин балыкчылардын баарысы... Кайнатам экөөбүз баланы багып алалбадык. Аны асырап адам кылышка көзүбүз жетпеди. Анын үстүнө, кызынын айынан кайнатам

акырындап акылынан айный баштады. А менин айлам түгөнүп, баланы шаарга алпарып наристелер үйүнө өткөрүп таштадым. Өткөн жылы кабар алдым, али тирүү экен. Бирок кебете-кешпири баягындай эле. Карап туруп ага зейиним кейиди, өзүмдү чексиз күнөөлүү сездим...

Амир басылып калды.

— Кудай ай...— деди Каухар каңырыгы түтөп.— Бул эмне деген турмуш? Кайда барбагын азап менен тозок...

Амир үндөгөн жок. Эми экөө тең тунжурап отуруп калышты.

— Бүгүн керемет түн болуп турат,— деп койду Амир анан.— Мындай сулуулукту карап туруп, өлгүң келбей кетет...

Каухар шыптагы сыйыртмакты жалт карады.

— Аке, өлбөңүз! — деди анан кокусунан Амирдин тизесин кучактап.— Жан аке, асти өлө көрбөңүз. Өлгөндөн эмне пайда? Өлгөндүн өзүнүн эле шору да. Андан көрө кудай берген өмүрдү жакшыбы-жаманбы, аягына чыга жашаш керек. Шарият дагын айтат го: өзүнө өзү кол салган кишиге жаназа түшпөйт деп... Анда арам өлөсүзбү?

Амир кызга ыраазы болуп, аны эркелетип ийнине колун койду.

— Айланайын акылыңан... Айтканындын баары туура... Бирок менин күнүм бүтүп калды...

— Улук сүйлөбөңүз... Муну жараткандын өзү гана билет...

Амир күлүп жиберди.

— Сен куду чоң энеңе окшош сүйлөп атасың.

— Ой! Каяктан билдиңиз булардын баары таэнемдин сөздөрү экенин? — деп кыз кыйла сүйүнө түштү.— А мен чын эле таэнемдин тарбиясын алганмын...

— Кана-кана, айтып берчи өзүң жөнүндө,— деп калды Амир.

— Айтсам ушул... Атам менен апам жаштайымда эле өлүп калышкан. Таэнем багып-өстүрдү мени. Акылдуу аял эле раматылык. Атинча болуучу. Керели кечке «Куран» окучу. Кулагымдан бурап туруп мени да жанына отургузуп алчу. Атаганат, бала экенмин да, анын берген сабактарын акылыма тута албадым. Болбосо ушундай жолго түшөт белем...

— Ал киши качан кайтыш болду?

— Мен он төрткө чыкканда... Таэнемдин көзү өткөндөн кийин мен бул ааламда жападан жалгыз калдым. Бирөө менин акыбалымды сурабайт, эч ким мага жардам бербейт.

Өзүмдү өзүм багып, өзүмдү өзүм тарбиялашка туура келди. Адебей айылды таштап, шаарга келдим. Шаарда адегенде ар кандай иштерди иштеп жүрдүм. Ашканада идиш жуудум, чачтарачканада чач шыпырдым, почтодо почто ташыдым, бала бакчада бала бактым... Бирок баарысына чыдабай бардык жерден кетип аттым. Акырында келип-келип... жашырынып жалапканага кызматка кирдим... Ой, кечирип коюңуз осол сүйлөсөм... Бирок биздин кооперативди сот деле, адвокат деле ушинтип атап атышты...

— Айта бер...

— Айтаарым аз калды. Бир жылча тынч жашадык. Акчаны аябай таптык. Кызматыбыздын кыныгына түшүп, көп кыздын ичинен төрт кыз кылданып чыгып, шаардын четинен эки кабат келишкен үй сатып алдык. Бирок үйүбүздүн озурун көпкө көрсөтүшпөдү. Бирөө бизди сатып койду. Эки ай жашабай жатып, сырыбыз ашкере болду. Баарыбыз сотолдук. Ар кимибиз ар кандай жаза алып, туш-тарапка тыркырадык. Мен Аялдар Деңизине айдалдым. Андан аркысын өзүңүз көрүп отурасыз...

Кыз басылып калды.

Ушул учурда булардын үстүнөн реактив самолет учуп өттү. Анын арылдаган үнү басылганда, Амир сүйлөдү.

— Мм... Эми эмне кыласың? Өз калаана кайтып бардың дейли. Анан?

— Билбейм...

Амир кыздын чачынан сылады.

— Карегим ай, каңырыгымды түтөттүң. Тирүү болсом, соо жүрсөм жардам бермекмин сага. Бирок...

Каухар чап жабышты ага.

— Тирүү калыңыз, аке, соо жүрүңүз! Мага жашашка жардам бериңиз! Уктуңуз го, менин эч кимим жок. Мени сүйгөн, мага күйгөн киши керек. Мен дагы бирөөнү сүйгүм келет, бирөөнүн азабын тарткым келет. Ишенсеңиз, көп эркекти көргөн менен, бирөөнө ышкым түшкөн жок. Мени да эч ким сүйө элек.

Амир кыздын куулугун түшүндү. Дагы ыраазы болду. Бирок мунусун ага сездирбеди. Кайра кайрат кылып, токтоолук менен супсак түрдө мындай деди:

— Мен он минуттун ичинде о дүйнөгө жол тартышым керек.

— Ой! А эмне үчүн он минуттун ичинде?

— Он минуттан кийин ай батат да, күн чыгат. Андан менин Азреил жан алгычым кайтып келип калат. Биз ушинтип убадалашканбыз.

Каухар кыз айланасын карады.
— Эмне, азыр ал...
— Ушуерде. Күтүп атат.
Кыз Азиреилди азилге айлантты.
— Эчтеке эмес, күтө турат.
— Азреил азилди түшүнбөйт, карегим.
Каухар ага карабай, оюн-тамаша түрүндө, муңкана ырдап кирди:

— Э-эй, ээн чолдо сен жүрсөң, мен көройүн,
Эрининден эркелеп мен өбөйүн...
Эгер сага жан алгыч жан деп келсе,
Кылыч берип, карап тур,
Адебин мен берейин...

Амир үндөбөй эңилип, кыздын жүзүн эки чоң алаканы менен кыса кармап, анын наристе эриндеринен узакка өөп алды. Ушунда кыздын бүт денеси дүркүрөп кетти, ыманы учту: эркектин эриндери менен колдору өлүк адамдыкындай муздак болуп чыкты. Ал аргасыздан артына аз-маз кетенчиктеп алды. Ал эми гана алдындагы адамдын акыркы айткандарында чындык бар экенин туйду. Андыктан андан бетер анын аман калышы үчүн алпурушту. Азга болсо да өмүрүн узартканга күйүп-бышты.
— Аке, тартынбаңыз... Анын үстүнө, айттым го, аралдарда жашасам да, оорукчан аялдардан эмесмин. Анан дагы мен... жашмын... жанашсак жаштыгым өтөт сизге...
Амир анын сөзүнүн аягына чыгартпай, ордунан турду. Анан кызды тургузду.
— Азыр эшикке чыгасың, — деди ал, эчтекеге этибар бербегенсип.— Анау кемелерди аралап өтөсүң. Анан Аялдардын деңизи биротоло бүтөт. Андан соң эски темир жолго кез келесиң. Мына ошол жолго түшүп алып, кете берсең, кете берсең, акыры чоң станцияга туш келесиң. Ошол жерден каалаган пойузуңа отуруп, каалаган калаана жөнөп кетесиң...
Каухардын амалы куруду. Ал сумкасын ийнине илди да, акырын Амирдин акырегинен жыттап алды, өпкөнгө дааган жок.
— Кош бол, Каухарым,— деди Амир.
Анан кызды сылык түрдө эшик жакка түртүп койду.
— Мени эстесеңиз, мен сизди эстейм,— деди кыз кылчайып. — Мени чакырсаңыз, мен сизге жооп берем*.

* «Курандан» алынды.

Кийин шыпылдап басып кемеден чыгып кетти. Эшикте эч жакка карабастан, Амирдин айткан жолуна түштү. Кемелер артта калды. Деңиздин эски жээгинин чегине чыкты. Чөп баскан, дат баскан таштанды темир жол башталды... Мына так ушул жерге келгенде, кыз арт жагынан: «Кау-ха-ар!» — деген кыйкырык укту. Ошондо ал кантип кайтканын, кантип кемеге учуп жеткенин жакшы сезбейт. Келсе, шыптагы сыйыртмак саландап турат, астындагы жайыл дасторкон жайылып жатат, а булардын ээси жок...
Амирдин асылбаганына сүйүнгөн кыз аны эми астейдил издеп кирди.
— Аке! Аке! — деп чакырып атты ал кеменин ичинде жарканаттай каршы-терши чуркап.
Амир кемеде табылбады. Каухар эшикке атырылып чыкты. Ары-бери жүгүрдү. Эч жерде көрүнбөйт. Кыздын акылы айран болду. Ушунча кыска убакыттын ичинде Амир кемеден кеткенге үлгүрбөйт эле, — деп ойлоду ал. Кокусунан, кошуна кеменин жанында, эртең мененки гүрүн-баранда эрбеңдеп жүргөн кишини көрүп калды. Көрүп, дароо анын алдына жетип барды. Бирок ал Амир эмес, Амир айткан капитан болуп чыкты. Капитан алтымыш ашкан, Амирге окшоп, анын да чач, каш, сакал-муруту жок, тиши такыр түшкөн киши экен. Бою пас, азык-оокаттын жетпестигинен жапа чеккен жүзү капкара болуп куурап калыптыр. Ал Каухарды көрүп кабагым-кашым деп койгон жок. Бир боп-поз тордун чатышын чече албай атыптыр, келгинди көрөр замат, анын аптыга айткан саламына алик алмак турсун: «Кармашып койчу, бай болгур!» — деп жиндене кыйкырды. Кыз кармашарын кармашты да, ошол замат: «Абаке, ушул ортодо адам көрбөдүңүзбү?» — деп сурап калды.
— Адам? Кандай адам? — деп шаңкылдады чал.
Бечаранын кулагы оор көрүнөт.
— Аппак адам,— деди Каухар.— Ал экөөбүз азыр эле ажырашканбыз. Мен кеткенде тээтиги кемеде калган. Буюм-кечеси дале ошерде турат.
— А виносунан калдыбы? Мөмө-чөмөсүнөн аштыбы? — деп сураса болобу балыкчы кокусунан, кандайдыр кубаныч менен.
Анан жооп албай туруп алдастап чуркап жөнөдү. Каухар артынан келсе, жерде жаткан мөмө-чөмөнү апсыгып жеп, винодон шорулдатып жутуп атыптыр.
— Кайран күйөө бала, кайнатасын дагы бир жыргатып кеткен экен,— деп мулуңдап койду картаң капитан.

Каухар кыз айланасын карады.

— Эмне, азыр ал...

— Ушуерде. Күтүп атат.

Кыз Азиреилди азилге айлантты.

— Эчтеке эмес, күтө турат.

— Азреил азилди түшүнбөйт, карегим.

Каухар ага карабай, оюн-тамаша түрүндө, муңкана ырдап кирди:

— Э-эй, ээн чолдо сен жүрсөң, мен көрөйүн,
Эрининден эркелеп мен өбөйүн...
Эгер сага жан алгыч жан деп келсе,
Кылыч берип, карап тур,
Адебин мен берейин...

Амир үндөбөй эңилип, кыздын жүзүн эки чоң алаканы менен кыса кармап, анын наристе эриндеринен узакка өөп алды. Ушунда кыздын бүт денеси дүркүрөп кетти, ыманы учту: эркектин эриндери менен колдору өлүк адамдыкындай муздак болуп чыкты. Ал аргасыздан артына аз-маз кетенчиктеп алды. Ал эми гана алдындагы адамдын акыркы айткандарында чындык бар экенин түйду. Андыктан андан бетер анын аман калышы үчүн алпурушту. Азга болсо да өмүрүн узартканга күйүп-бышты.

— Аке, тартынбаңыз... Анын үстүнө, айттым го, аралдарда жашасам да, оорукчан аялдардан эмесмин. Анан дагы мен... жашмын... жанашсак жаштыгым өтөт сизге...

Амир анын сөзүнүн аягына чыгартпай, ордунан турду. Анан кызды тургузду.

— Азыр эшикке чыгасың, — деди ал, эчтекеге этибар бербегенсип.— Анау кемелерди аралап өтөсүң. Анан Аялдардын деңизи биротоло бүтөт. Андан соң эски темир жолго кез келесиң. Мына ошол жолго түшүп алып, кете берсең, кете берсең, акыры чоң станцияга туш келесиң. Ошол жерден каалаган пойузуна отуруп, каалаган калаана жөнөп кетесиң...

Каухардын амалы куруду. Ал сумкасын ийнине илди да, акырын Амирдин акырегинен жыттап алды, өпкөнгө дааган жок.

— Кош бол, Каухарым,— деди Амир.

Анан кызды сылык түрдө эшик жакка түртүп койду.

— Мени эстесеңиз, мен сизди эстейм,— деди кыз кылчайып. — Мени чакырсаңыз, мен сизге жооп берем*.

* «Курандан» алынды.

Кийин шыпылдап басып кемеден чыгып кетти. Эшикте эч жакка карабастан, Амирдин айткан жолуна түштү. Кемелер артта калды. Деңиздин эски жээгинин чегине чыкты. Чөп баскан, дат баскан таштанды темир жол баштанды... Мына так ушул жерге келгенде, кыз арт жагынан: «Кау-ха-ар!» — деген кыйкырык укту. Ошондо ал кантип кайтканын, кантип кемеге учуп жеткенин жакшы сезбейт. Келсе, шыптагы сыйыртмак саландап турат, астындагы жайыл дасторкон жайылып жатат, а булардын ээси жок...

Амирдин асылбаганына сүйүнгөн кыз аны эми астейдил издеп кирди.

— Аке! Аке! — деп чакырып атты ал кеменин ичинде жарканаттай каршы-терши чуркап.

Амир кемеде табылбады. Каухар эшикке атырылып чыкты. Ары-бери жүгүрдү. Эч жерде көрүнбөйт. Кыздын акылы айран болду. Ушунча кыска убакыттын ичинде Амир кемеден кеткенге үлгүрбөйт эле, — деп ойлоду ал. Кокусунан, кошуна кеменин жанында, эртең мененки гүрүн-бараңда эрбеңдеп жүргөн кишини көрүп калды. Көрүп, дароо анын алдына жетип барды. Бирок ал Амир эмес, Амир айткан капитан болуп чыкты. Капитан алтымыш ашкан, Амирге окшоп, анын да чач, каш, сакал-муруту жок, тиши такыр түшкөн киши экен. Бою пас, азык-оокаттын жетпестигинен жапа чеккен жүзү капкара болуп куурап калыптыр. Ал Каухарды көрүп кабагым-кашым деп койгон жок. Бир боп поз тордун чатышын чече албай атыптыр, келгинди көрөр замат, анын аптыга айткан саламына алик алмак турсун: «Кармашып койчу, бай болгур!» — деп жиндене кыйкырды. Кыз кармашарын кармашты да, ошол замат: «Абаке, ушул ортодо адам көрбөдүңүзбү?» — деп сурап калды.

— Адам? Кандай адам? — деп шаңкылдады чал.

Бечаранын кулагы оор көрүнөт.

— Аппак адам,— деди Каухар.— Ал экөөбүз азыр эле ажырашканбыз. Мен кеткенде тээтиги кемеде калган. Буюмкечеси дале ошерде турат.

— А виносунан калдыбы? Мөмө-чөмөсүнөн аштыбы? — деп сураса болобу балыкчы кокусунан, кандайдыр кубаныч менен.

Анан жооп албай туруп алдастап чуркап жөнөдү. Каухар артынан келсе, жерде жаткан мөмө-чөмөнү апсыгып жеп, винодон шорулдатып жутуп атыптыр.

— Кайран күйөө бала, кайнатасын дагы бир жыргатып кеткен экен,— деп мулуңдап койду картаң капитан.

Каухар кыз айланасын карады.

— Эмне, азыр ал...

— Ушуерде. Күтүп атат.

Кыз Азиреилди азилге айлантты.

— Эчтеке эмес, күтө турат.

— Азреил азилди түшүнбөйт, карегим.

Каухар ага карабай, оюн-тамаша түрүндө, муңкана ырдап кирди:

— Э-эй, ээн чолдо сен жүрсөң, мен көрөйүн,
Эриниңден эркелеп мен өбөйүн...
Эгер сага жан алгыч жан деп келсе.
Кылыч берип, карап тур,
Адебин мен берейин...

Амир үндөбөй эңилип, кыздын жүзүн эки чоң алаканы менен кыса кармап, анын наристе эриндеринен узакка өөп алды. Ушунда кыздын бүт денеси дүркүрөп кетти, ыманы учту: эркектин эриндери менен колдору өлүк адамдыкындай муздак болуп чыкты. Ал аргасыздан артына аз-маз кетенчиктеп алды. Ал эми гана алдындагы адамдын акыркы айткандарында чындык бар экенин туйду. Андыктан андан бетер анын аман калышы үчүн алпурушту. Азга болсо да өмүрүн узартканга күйүп-бышты.

— Аке, тартынбаңыз... Анын үстүнө, айттым го, аралдарда жашасам да, оорукчан аялдардан эмесмин. Анан дагы мен... жашмын... жанашсак жаштыгым өтөт сизге...

Амир анын сөзүнүн аягына чыгартпай, ордунан турду. Анан кызды тургузду.

— Азыр эшикке чыгасың, — деди ал, эчтекеге этибар бербегенсип.— Анау кемелерди аралап өтөсүң. Анан Аялдардын деңизи биротоло бүтөт. Андан соң эски темир жолго кез келесиң. Мына ошол жолго түшүп алып, кете берсең, кете берсең, акыры чоң станцияга туш келесиң. Ошол жерден каалаган пойузуна отуруп, каалаган калаана жөнөп кетесиң...

Каухардын амалы куруду. Ал сумкасын ийнине илди да, акырын Амирдин акырегинен жыттап алды, өпкөнгө дааган жок.

— Кош бол, Каухарым,— деди Амир.

Анан кызды сылык түрдө эшик жакка түртүп койду.

— Мени эстесеңиз, мен сизди эстейм,— деди кыз кылчайып. — Мени чакырсаңыз, мен сизге жооп берем*.

* «Курандан» алынды.

Кийин шыпылдап басып кемеден чыгып кетти. Эшикте эч жакка карабастан, Амирдин айткан жолуна түштү. Кемелер артта калды. Деңиздин эски жээгинин чегине чыкты. Чөп баскан, дат баскан таштанды темир жол башталды... Мына так ушул жерге келгенде, кыз арт жагынан: «Кау-ха-ар!» — деген кыйкырык укту. Ошондо ал кантип кайтканын, кантип кемеге учуп жеткенин жакшы сезбейт. Келсе, шыптагы сыйыртмак саландап турат, астындагы жайыл дасторкон жайылып жатат, а булардын ээси жок...

Амирдин асылбаганына сүйүнгөн кыз аны эми астейдил издеп кирди.

— Аке! Аке! — деп чакырып атты ал кеменин ичинде жарканаттай каршы-терши чуркап.

Амир кемеде табылбады. Каухар эшикке атырылып чыкты. Ары-бери жүгүрдү. Эч жерде көрүнбөйт. Кыздын акылы айран болду. Ушунча кыска убакыттын ичинде Амир кемеден кеткенге үлгүрбөйт эле, — деп ойлоду ал. Кокусунан, кошуна кеменин жанында, эртең мененки гүрүң-бараңда эрбеңдеп жүргөн кишини көрүп калды. Көрүп, дароо анын алдына жетип барды. Бирок ал Амир эмес, Амир айткан капитан болуп чыкты. Капитан алтымыш ашкан, Амирге окшоп, анын да чач, каш, сакал-муруту жок, тиши такыр түшкөн киши экен. Бою пас, азык-оокаттын жетпестигинен жапа чеккен жүзү капкара болуп куурап калыптыр. Ал Каухарды көрүп кабагым-кашым деп койгон жок. Бир боп поз тордун чатышын чече албай атыптыр, келгинди көрөр замат, анын аптыга айткан саламына алик алмак турсун: «Кармашып койчу, бай болгур!» — деп жиндене кыйкырды. Кыз кармашарын кармашты да, ошол замат: «Абаке, ушул ортодо адам көрбөдүңүзбү?» — деп сурап калды.

— Адам? Кандай адам? — деп шаңкылдады чал.

Бечаранын кулагы оор көрүнөт.

— Аппак адам,— деди Каухар.— Ал экөөбүз азыр эле ажырашканбыз. Мен кеткенде тээтиги кемеде калган. Буюмкечеси дале ошерде турат.

— А виносунан калдыбы? Мөмө-чөмөсүнөн аштыбы? — деп сураса болобу балыкчы кокусунан, кандайдыр кубаныч менен.

Анан жоop албай туруп алдастап чуркап жөнөдү. Каухар артынан келсе, жерде жаткан мөмө-чөмөнү апсыгып жеп, винодон шорулдатып жутуп атыптыр.

— Кайран күйөө бала, кайнатасын дагы бир жыргатып кеткен экен,— деп мулундап койду картаң капитан.

— Сиз аны бир жакка кетти деп ойлойсузбу? — деп сурады Каухар анын мандайына отура берип.

— Албетте! Анау сыйыртмагына асылды да, кетти.

— Ал эмне дегениниз, кокуй?! Асылган адам кетчү беле, асылган адам өлөт да.

Капитан башын көтөрдү.

— Ооба,— деди ал акылдуу кейпи менен.— Эки жыл илгери ал ошенткен. Анан мен аны сыйыртмактан сууруп алып, артыма арта сүйрөп барып, ата-энесинин жанына көөмп койгом. А гөрүстөндөн кайтып келип жемишин жеп, виносун ичип, сыйыртмагын чечип кеткем. Андан бери Амир анда-санда гана, айлуу түндө гана асылганы келет. Анткени менен азыр мага өткөндөгү өлүгүн артпайт. Өзү келип, өзү кетет. Мен минтип кешигин жеп гана кала берем...

Каухардын сүйлөргө үнү, ыйларга ыйы чыкпай калды. Ал көпкө чейин нес болуп, берги кишинин жеген-ичкенин бейкапар карап тура берди.

— Демек... мен арбак менен арбашкан экенмин да бу түнү, — деди акырында.

— Ананчы! — деп койду капитан, винодон рахаттана жутуп.

Ушу тапта алардын үстүнөн дагы реактив самолет учуп өтүп калды. Анын ачуу үнүн угуп, капитан, негедир ордунан чапчып турду, үрөйү учту.

— Келишти! — деп кыйкырды кийин.

Ошол бойдон кемени бойлой чуркады. Эмне болуп кетти буга деген күдөмүк ой менен Каухар ээрчип эшикке чыкты. Чыкса, тигил адам айланасын аңырая карап, ары-бери басып туруптур.

— Эмне болду сизге, ава? — деп сурады кыз жанына келип.

— Айланайын, анау учкучтарына айтчы, кемелерди кескилебесин,— деп жалынып кирди кокусунан капитан аянычтуу аквалда.— Кемелер керек да калкка! Эртең эле Деңиз ташкындап эски жээгине кирип келет. Анан балыкчылар бала-чакабыз менен ага түшүп алып балыкка чыгабыз...

— Эмне, кемелерди кесебиз дештиби сизге? — деп сурады кыз акырын.

— Ой, өткөн жумада бир вертолет киши келип: «Капитан, эми кемелериңди кескилеп ташып кетебиз. Андан көрө азыртадан жыл биерден»,— дешпедиби, үйүң күйгүрлөр.

— Ава, анда алар өкүмөттүн адамдары турбайбы,— деди кыз.— А өкүмөт деген экөөбүзгө окшогон шордуулар менен эсептешпейт. Андан көрө сиз алардын акылын угуңуз: барыңыз барар жагыңызга.

— А менин мынабу деңизден башка барар жерим жок...

Каухардын кайрадан кабыргасы кайышты. Кыйлага чейин тигил кишини үн-сөзсүз карап туруп, кийин ага мындай деген сунуш кылды:

— Ава, анда мени менен жүрбөйсүзбү? Менин Ата Журтум алыста, а үйүм анын Жаны борбор шаарында.

— А эмне кылам аякта? — деп таңыркай сурады капитан.

— Сиз мага ата болосуз, а мен сизге кыз болом. Экөөбүз бирге чүңкүлдөшүп оокат кылабыз.

Капитан ойлоно түштү. Кыз аны күтүп турду.

— Ой! — деп балыкчы анан бирдемени эстей коюп: — Кемелерди кесип кетишпейби анда?! Кой, кой, кагылайын...

Капитан чукул бурулуп кемесине карай шашып басып кетти. Кыз кыйлага кыйылып туруп, анан аран ордунан козголду. Бирпастан кийин ал жанарааkта жетип кайткан жерине кайра чыкты. Чөп баскан, дат баскан таштанды темир жолго түштү. Артында алсыз ай калды. Алдында, чөлдүн тээ ыраакы чегинен, жаңы күндүн кочкул кызыл жалыны көтөрүлүп келатты...

ЭКӨӨ ЭЭН БАКТА

Мелис Абакировго арналат.

Бак туташкан тоолордун этегинде.

Бак чексиз кең.

Бактын эгеси жок.

Бак жапайы.

Миң түркүн даректар өз алдынча гүлдөп, мөмөлөп, мөмөлөрү ит-кушка, курт-кумурскага жем болуп, чирип-ирип жок болот...

Бактын баянын эч ким билбейт, байыркы замандан бери эле жашап келаткансыйт. Бирок жыл сайын жаңы чырпыктар чыгып, көчөттөр көгөрүп, жаңыланып, жашарып турат...

Бакта күн бүркөө, суйдаң туман түшүп, себелеп жамгыр жаап атат...

Бактын чыгыш жагынан бир адам келип кирет. Үстү суу, колунда узун таяк, арып-азган аквалда...

Адам бакты аралап узакка узап барып, акыры бир даректын түбүнө токтойт. Даректын асты кургак.

Жолоочу даракка жонун жөлөп, бутун сунуп отуруп калат. Ошол замат бүткөн бою талыкшып, магдырап уйкуга кетет. Бирок негедир чочуп, көп өтпөй көзүн ачат. Караса, кашында кара чаар жылан турат. Каректери каректерине кадалып, тилдери титиреп, адамды арбап аткансыйт. Адам аптыга түштү. Анткен менен жылан ага катылбады. Кайра койкойгон башын буруп, калың бариктердин арасына сойлоп кирип, көздөн кайым болду...

Ушул учурда адамдын алдына топ этип алма түштү. Алма ак-кызыл түстө, туптунук... Адам алманы алып качырата жей баштады. Алма ширин чыкты. Дагы жесем деген ниетте төбөсүн карады. Карап, айран-таң калды. Көрсө, жөлөнүп отурган дарагы алма эмес, жаңгак экен. «Анда каяктан түштү бул алма?» деген ой кетти. Адегенде мандайындагы дарак көзүнө урунду. Бирок анысы чынар эле. Чынар оголе жоон болуучу. Түп жагы көндөй көрүнөт, боорунда боз үйдүн эшигиндей кичине эшик карарат. Эшиктин оозунда капкара чачтуу аял отурат. Өрүлбөгөн коюу чачтын арасынан кууш жүзү гана агарат. Аял бейтааныш эркекти андый карап, шашылбай алма жеп атыптыр. Качан экөө кездешкенде, ал ага мулуюп койду.

— Арыбаңыз, — дей салды жолоочу аз-маз алдастап.

— Бар болуңуз, — деп алик алды аял.

— А-а... алманы сиз ыргыткан турбайсызбы?

— Бекер отургуча, жеп отурсун дедим.

— Рахмат.

— Аш болсун.

Экөө тең унчукпай алма жей башташты.

— Каяктан каякка баратасыз?

Жолоочу ойдолоктой түштү.

— Чыгыш жактан...

— Батыш жакка?

— Ооба...

— Жолуңуз узак экен.

— Узак...

Эркек энтигип алды.

— А-а өзүңүзчү?

— Мен ушерде жашайм. Ушул үңкүр — менин үйүм.

— Коюңузчу?

— Былтыртан бери. Былтыр мен дагы сизге окшоп, белгилүү тараптап белгисиз тарапка бет алгам...

— Мага окшоппу?

Аял эркектин суроосуна этибар бербеди.

— Жолдо жети жолу күн батырып, жети жолу таң атырып, акыры ушул бакка келип киргенмин. Кирип, кийин мындан чыккым келбей койду.

— Ажайып бак экен.

— Бейиштин багы.

Эркек тунжурай түштү.

— Эгер каршы болбосоңуз, мен да бүгүн биерде түнөп калайын. Абдан чарчадым.

— Уруксат сурагыдай, мен бактын ээси эмесмин. Кааласаңыз, биротоло калып калыңыз. Антсеңиз, андан жакшы. Экөөбүз бири-бирибизге эрмек болобуз...

Аял жароокер жылмайды. Эркек эрип кетти.

— Сиз туура баамдадыңыз: барар жагым белгисиз...

— Анда жетер жериме жеттим деп билиңиз.

— Жан дилим менен.

Экөө элире тиктешти.

Туман тарады. Жамгыр басылды. Даректардын арасынан батып бараткан күн көрүндү. Бактын ичи кочкул кызыл нурга толуп, көлөкөлөрдүн тытылган тору жайылды...

— Эми жүрүң, кечки ырыскыбызды терип жеп келели,— деп калды аял, үңкүр үйүнөн чыгып.

Эркек эсейе түштү: аял жылаңач көрүндү көзүнө. Эңкейишин эле эптеп эски чүпүрөк менен калкалап коюптур, калган жагын жайылган чачы гана жаап турат.

Аял анын аңкайганын аңдады.

— Умай эненин кийими, — деди күлүп.— Бакта бир жыл жашасаңыз, сиз дагы Адам атага окшоп каласыз.

Эркек сылык жылмайды. Бакты аралай басышты.

— А-а... кышты кантип кыштадыңыз? Таза үшүсөңүз керек?

— Биерге кар түшпөйт экен.

— Ырас элеби? Сонун турбайбы! Мен ушунчалык үшүкчөөлмүн.

— Анда кадырыңыз жам болсун.

Эркек эми эки жагын куунак карады. Чын эле азыр ага жылдын төрт мезгили аралаш көрүнүп кетти. Бир эле учурда даректардын бири бүрдөп, экинчиси гүлдөп, үчүнчүсү мөмөлөрү бышып, үзүлүп жерге түшүп турат. Туш-туштан куштар сайрап, түркүн түстүү көпөлөктөр учуп-конуп жүрүшөт.

— Айтканыңыз акыйкат, бул бейиштин багы экен, — деди эркек аялды эреркей карап.

— Адам ата менен Умай энебиз ушундай жерден куулуп отурбайбы.

— Умай энебиз алмага азгырылбаганда...

— Ага адамча сүйлөгөн жылан айыптуу.

— Эмнеси болсо да, экөөнүн кылмышынан кийин күнөөсүздүк кылымы кыйрады.

— А менимче, ошол жакшы болгон экен,— деди аял ойноктоп.— Эмесе экөөбүз минтип бу дүйнөнүн даамын татып, күнөөсүнө батып, жыргап жашайт белек. Чынбы?

— Чыны-го чын...

Аял алдына басып келишкен алчадан уучтап үзүп алып, экөөсүн эркекке сунду. Жалтыраган капкара алчалар эле. «Аялдын каректерине окшош экен», — деп койду эркек ичинен. Ачык айтканга тартынды.

Бирпастан кийин булар эки кыргоолго туш келишти. Кыргоолдун кыпкызыл корозу боппоз мекиянын ашыглыкка азгырып, кууш куйругун жайып таштап, аны айланып бийлеп атыптыр.

— Ой, ушулардын сүйүү ышкысы өттү,— деди аял армандуу.— Каякка баспагын бийлешип-туйлашып, өбүшүптебишип жаткан жан. Кубалашкан көпөлөктөр, чырмалышкан жыландар... Мүйүздүү башын мүйүздүү башка артып алып магдыраган маралдар... Караңгыда калканда-рын кагыштырышкан ташбакалар... А бир жолу сейилдеп жүрүп эргежели жез кемпирге кез келдим. Жез кемпир куураган куу жыгачты минип алып, кутуруп кеткенсип, нары-бери күйүгүп чуркап жүрөт. Кызыгып карап калдым. Карасам жез кемпир дегеним — чүткор болуп чыкты. Ийилбес ийнелери үрпөйүп, тикенектүү куйругу титиреп, көздөрү бозоруп алган. Көрсө, кургурун, куу жыгач менен атайлап денесин дүүлүктүрүп атыптыр.— Аял аяр күлүп койду.— Ашыглыктын азгырыгы менен азабы бардык макулуктар үчүн окшош окшобойбу.

Эркек арсар жылмайды.

Алар калдайып өскөн картаң алмуруттун жанына жетип токтошту. Алмурут апаппак болуп гүлдөп турат. А анын астынан кайнар булак кайнап чыгып атат. Булак башатында оргуштап, ордонун ордундай тегерек көлгө айланып, анан андан нары агып кетет. Көл жээгин жашыл эңилчек каптап, үстүндө булуттай буу каалгыйт.

— Ой, кайнар булак! — деди эркек өңгөчүн тартып.

— Бакта баскан жагыңыз — кайнар булак,— деп айтты ал.— Мен күнү-түнү киринип турам буларга.

Аял аялдабастан көлгө кечип кирип кетти. Көл аны көкүрөгүнө чейин көмдү.

— Кана, чечинбейсизби?

Эркек арсар аквалда калды.

— Экөөбүз бирге жуунсак... уят болбойбу?

Аял каткырып алды.

— Кимден уяласыз? Биерде бизден башка эч ким жок.

Эркек чечкинсиз чечине баштады. Жегдеси менен өкчөсүз өтүгүн чечип, шымына келгенде дагы тайсалдады.

— Кечиресиз... Ич кийимим жок эле...

— Ого бетер жакшы экен,— деди аял жайдары жылмайып. — Бир жылдан бери жылаңач эркекти көрө элекмин...

Эркекке кубат болду мунусу. Ал шымын шыпырып таштап, көлдү бойлоду.

— Ох, кандай рахат... Суу сонун ысык турбайбы.

Ал адебестен денесин жууп кирди.

— Узак жол басып, кирдеп кеттим,— деди актангандай.

— Эчтеке эмес. Эми экөөбүзгө эч кандай кир жукпайт,— деп жубантты аны аял.

Анан эркектин оозун ачыра койбой, алакандары менен анын артын жышып кирди. Эркек буга көшүп туруп берди.

— Колдоруңуз жаман жумшак экен,— деп койду бирпастан кийин, үнү каргылданып.

Эми аял алдына өттү. Экөө тең орто бойлуу эле. Тизелери тирешип, көкүрөктөрү тийишип кетип атты. Денелеринен көзгө көрүнгүс учкундар чачырап, жан жерлери жалындаганы калды булардын.

— Кийимчен кырктагы кишидей көрүнгөнсүз, эми карасам, желдеттей жигит турбайсызбы.

— Жыйырма жетидемин.
— А мен жыйырма экиде.
— Анан... абдан сулуу экенсиз.
— Сиз дагы...

Айткандары чын эле. Аял кымча бел, эмчектери чагылгандын ташындай катуу, ажары айдай тунук, а ой-кыялы ойноку окшойт... Эркек болсо арыкчырай, кыр мурун, аялдын түтөгөн кара кашындай муруту бар, сүйлөгөн-күлгөнү сыпайы, мүнөзү — сүйгөнгө да, күйгөнгө да даяр экенин элестетет...

Аял аны сылык сылай берди. Акыры ал чыдабай, аялды кыса кучактады. Экөөнүн мандайлары сүзүшүп, көздөрү сүзүлүп, эриндери эрип кетти. Тизелери тирешип, көкүрөктөрү өйкөлүп, таптакыр тилден калышты...

Аста-секин ай чыкты. Ай нурлары алмуруттун апаппак гүлдөрүн аралап өтүп, көлгө себилди. Көл үстүндө эки кара баш калкып сүзүп жүрдү.

— Айтмакчы, атың ким, айым кыз?
— Акшам. А сеникичи?
— Актаң.
— Актаң...
— Акшам...

Экөө кайра жанашып, өбүшүп алышты.

— Жүр эми, үңкүр үйүбүзгө кайталы, — деди кыз.

Көлдөн чыгышып, барар жактарына бет алышты. Айдында ар кайсы даракка асылышып, анар, анжир, курма сыяктуу мөмөлөрдөн үзүп жеп баратышты.

— Акшам...
— А-а?
— Сен бая: мен дагы сизге окшоп, белгилүү тараптан белгисиз тарапка бет алгам, — деп айттың. Ал эмне дегениң?

Акшам күлдү. Ай нуру анын акактай тиштерине чагылыша түштү.

— Ал дегеним: экөөбүз тең ашыглыкка азгырылып, анан анын азабынан, ата-журтубуздан айрылып, минтип барса келбес жолго чыгып отурабыз...
— Демек, сен дагы...
— Мен дагы... Сага окшоп...

Актаңдын оор жүгү жеңилдей түштү. Көңүлү көтөрүлдү.

— Анда айтып берчи,— деп калды ал куунак түрдө.
— Жок. Авал өзүң айт,— деди Акшам.— Кана, башта.

Актаң макул болду.

— Мен ушул жылдын жазына чейин үйлөнгөн эмесмин. Ойноп-күлүп жүрө бергенмин.

— Жаштыктын дооранын сүрүп.

— Ооба... Анан атам, аймактагы атактуу адам, элден намыс кылып, акыры ой-боюма койбой үйлөп салды. Бир жесир аялдын кызына...

— Эмне үчүн жесир аялдын?

— Аялдын эри атамдын жанбирге досу болуучу. Атам ошонун арбагын сыйлады. А тойдун эртеси кайненем: «Аяш, эми ээн үйдө энгиреп жалгыз каламбы? Кыз-күйөө мени менен жашасын» дегенин, атам ага да макул болду. Ошентип, мен күч күйөө катары жашап калдым. Кайлыгым он алты жашар, уялчаак, ишенчээк, баёо кыз. Бара-бара жакшына аял болуп бермек, бечарам. Бирок буга жеткирбеди апасы...

— Апасы?

— Кайненем кыркка кире элек катын...

Актаң аялдай түштү.

— Кызга бергис жубан беле?

Актаң башын ийкеди.

— Акылды азгырган азыткы эле... Кызы көшөгөдөн чыга элек жатып... кызгана баштабадыбы?

— Кызын сенден?

— Мени кызынан.

Акшам айдың бакты жаңыртып каткырып калды. Күлкүсү куду тоо суусунун көбүгүндөй көбүрүп көрүндү.

— Ушундай болушун каалап тургам.

— Каалап тургам?

— Кызык да! Энеси кызын кызганбай, кызынан күйөө баласын кызганганы. Айт ар жагын. Тезирээк!

— Кызын көшөгөдөн чыгарбай эле койду, мастен. «Жожок, сен отура бер, карегим. А күйөө баладан камсанаба, өзүм ардактап алам» — деп.

— И-и, кантип ардактады анан?

— Кызматчы аялдай кызмат кылды: колума суу куюп, сүлгү сунат; бутумду өзү жууп, өзү арчыйт; уюба деп, желкемди укалайт, ысыба деп, желпип турат. Кийгеним күндө жаңы, ичкеним арак-шарап, а кашымда акышы артык, кылыгы күч кайненем... Бир жолу ошондой отурушта ойноп айтып калды: «Зайыбың али жаш. Сен аны анча кыйнаба», — деп. Мен дагы онун оюнун ойнодум. «Кыйнаганым жок...» — дедим аңкоолонуп.

«Көрүп атам, угуп атам» — деп койду мугамыр мулуюп. Кийин билсем, түндөлөрү уктабастан, карангы үйдүн караңгы кааналарын кыдырып, көшөгөбүзгө көлөкөсүн түшүрүп, ойноп-оонаганыбызды көрүп, сүйлөп-күлгөнүбүздү тыншап жүрүптүр.

Акшам дагы бир шаншып алды.

— О-о, элестетип атам,— деди билерман кишиче.— Кызганчаак катын кыйын кыйналган экен. Кыялында далай жолу жулунуп көшөгөнөргө кирип барып, кызынын бетин аймап, чачын жулуп, а сени чалканан жыгып, үстүнө үйрүлүп түшкөн тура, бейбак.

Актаң да күлдү.

— Акыры кыялын ишке ашырды. Бир күнү: «Бүгүн аялың эс алсын, сен бөлөк бөлмөгө жат», — деп калды. Эмне демекмин? Унчукпай макул болдум. Кайненем кызынан кылбат каанага төшөк салды. А мен чечинип, шамды өчүргөндө, желегин желбегей жамынып, желпинип кирип келди.

«Кыңырылба, кызымдын кызматын кылып берем», — деди желегин жерге ыргытып...

— Токтой тур шул жерде,— деп шыбырады Акшам Актаңдын оозун оозу менен жаап.— Ал азыткынын айтканын өзүм аткарам...

Экөө өбүшүп, жабышып калышты. Ай тийген жыланач денелерине ала көлөкө түшүп турду. Туш-туштан жарканаттар шуулдап өтүп атышты. Жакындан байуулу улуду. Узактан сүтактын мундуу үнү угулду...

Ай анча алыстаганда, Акшам:

— Эми...— деп энтиге эс алды,— ангеменди улант. Узартпа, уккум келбейт...

— Азыр... аз калды,— деди Актаң алдыга алдастай басып.— Алты айдан кийин айбыбыз ачылды. Аялым акыры билип койду. Көптөн бери шектенип жүрсө керек, бир күнү колго түшүрдү, үстүбүздөн чыкты. Айкырыкты салып, бурхан-шархан түштү, байкушум. Апасы ант ичип актанганча, буркурап ыйлап, булкунуп чыгып кетти. Эки ойнош эмне кыларды билбей, эсибиз ооп отуруп калдык...

Кыйладан кийин эшиктен иттердин үргөнүн, элдин ызы-чуусун эшиттик. Кабатырланып, караңгы терезеге келдик. Терезеден кыштактын көчөсүз салынган таш-тамдары көрүнөт. Азыр алардын карааны гана карарат. А ээлери эшикте. Ар кайсы жактан ай-айлап айкырган адам.

Адамдардын арасында кимдир бирөө куйруктуу жылдыздай жалындап күйүп барат. Аны көргөндө кайненем кан жутуп, какай албай катып калгансыды. Эсине келгенде: «Кызым! Кызым ада болду!» — деп эчкирип, эшикке атырылды. Аргасыз артынан түштүм мен. Экөөбүз энтигип элге жетсек, күйгөн киши менин аялым, эчак өртү өчүп, түтүнү түтөп жерде жатат...

Кайненем кызынын алдына чөк түшүп, боздоп калды. Мен болсо башым маң болуп, көпчүлүктүн көлөкөсүнө жашынып алдым, эңилишке эрким жетпеди. Бирок ичимен эзилип: «Эсил эркем... Эриң эрдей, энең энендей болсочу» — деп кейип турдум. Адамдар да ар кайсыны айтып, арман кылып атышты. «Жакшынын жаны тынды» — деп койду жанымдагы бирөө.

«Жайы жаннатта болсун жаш неменин» — деди экинчиси. Кокусунан:

«О кудагый! Кудай курутту го бизди! Эмнеден жаздык, айтсаң? Кыз-келиндин убалы кимге?», — деген айбаттуу авазды уктум. Карасам, өз атам. Ана ошондо мен өзүмдүн тирүүлөй өлгөнүмдү түшүндүм. «Эми өлүгүндү көрсөтпөй жогол, ит!» — дедим өзүмө өзүм. Анан аста-секин элден бөлүнүп, караңгылыкка житип кеттим...

Алар Акшам айткан үңкүр үйгө келип калышкан эле.

— Куш келипсиң,— деди үй ээси.— Кана, ичкери кир.

— Экөөбүз батабызбы?

— Кадырың жам болсун.

Актаң эңилип, эшиги жок астананы аттады.

— Коркпо, үстү эгиз.

— О терезең да бар турбайбы.

— Өзүм ойгонмун.

Алакандай тешиктен айдын нуру түшүп, үңкүр үйдүн ичин күңүрт жарытып турат.

— Чын эле кең экен.

— Кембагалдын кепесиндей. Отур.

Экөө жанаша жайлашты. Алдыларында ачык эшик, айдың бак.

— Астыбызда эмне шыгырайт?

— Бариктер.

— Жыргал турмуш...

Бирпаска үндөбөй отурушту. Анан Акшам:

— Ырдап берейинби? — деп калды.

— Ырда,— деди Актаң.

— Кызыл-кызыл козунун көрпөсү элем, о-о-ой-дай...
Кыз да болсо, бир үйдүн эркеси элем, о-о-ой-дай...
Актан, азилдешип, коштоп кетти:
— Эркеликке койгон жок, чалга сатты, о-о-ой-дай...
— Чалдын баласына.
— А-а, ошондойбу? Кана-кана...
— Чал элүү жашта, баласы он тогузда болуучу. Эки жыл илгери... Атасы акылдуу, көрүнүшү көрктүү киши эле. А баласы, энесин тартып, эси жок, эр болгончо эркеликке кана элек, балалыгы кала элек бир дөдөй. Айылда анын аты — Кемчонтой. Жамандын жарты өнөрү артык эмеспи: Кемчонтой кумар ойноочу. Ар күнү ашык алчыйт, ордо атат, короз уруштурат, ит талаштырат, ат чабыштырат... Баарысына акча саят. Утат, уттурат... Бир жолу капчыгы какталып, канырыгы түтөгөндө: «Катынымды койдум!» — деп, мени да уткуруп жибериптир, үйүн күйгүр. Кайнатам куткарбадыбы мени уткан кумарпоздон.

Экөө тең куунак күлүп алышты.

— А сен ага кантип катын болуп жүрөсүң?

— А-а... Жыйырмага чыкканча эрге тийбей, кара далы аталып кеттим.

— Кантип? Ушундай көркүң менен?

— Тандаган тазга жолугат. Гүлжигиттерди чанып отуруп, акыры Кемчонтойго кор болдум. Анын үстүнө өз атам куураган кедей, а кайнатам чириген бай эле. «Калыңынды өзүң быч, каалаганынды аласың», — деди кайнатам, адатымча көктүгүмдү көрсөтсөм. А өз атам болсо көзүмдү карайт жалдырап. Аяп кеттим анан аны.

Ошентип, өзүмдү өзүм сатып, өзүмдү өзүм Кемчонтойдун койнуна салып бердим...

Акшам кичине тунжурай түштү. Кийин кокусунан күлүп жиберди.

— Эмне күлөсүң?

— Кызык иш... кылмыш иш... кийин башталды. Никелешкен түнү күйөө кургурум менин ычкырымды чече албай койду.

— Ырас элеби? Айтып бер!

— Албетте, мен дагы, кыз каадасын кылып, кыйла каршылык көрсөттүм. Бирок бул чыныгы себеп эмес эле. Чыныгы себеп: Кемчонтой алигиче катын көрбөптүр; анын үстүнө ал шордуу арак ичип, наша чегип алыптыр. Ичкилик менен баңгилик дагы бул жамандын жарты өнөрүнө кошулат. Кыскасы, Кемчонтой кыйлага куру убараланып, кийин коңурук тартып уктап кетти.

— Ажап болуптур.

— А эртеси эртең менен экөөбүздүн экиден жеңелерибиз киришпейби:

«Кана, кыз-күйөө, жакшы жаттынарбы?» — демиш болуп. Чынында төшөк көргөнү келишкен. Салтты билесиң го: күйөө жак кыздын кыз экенин билиши керек да. А биздин шейшеп апаппак бойдон эмеспи. «Кокуй, кыз, бул эмнеңер? Кан кана?» — дебеспи менин жеңелерим. Мен дагы уялбай: «Күйөө баланардан сурагыла» — дедим. Кемчонтой түш көрүп аткан. «Дарткам!» — деп койду ал ушул тапта. Анын жеңелери арсар аквалда артына кайтышты. «Шектүү кетишти,— дешти менин жеңелерим. — Жок кыз, буларды эптеп ишендириш керек. Антпесек, абийирибиз төгүлөт. Кызынар жубан чыкты дешсе, кантебиз? Ата-энеңиз асылып өлбөйбү ар-намыстан? Кала берсе, калыңын кайтарып алат кайнатаңыз. Шондуктан, кызыке, кайын журтунузду курсант кылыңыз тезирээк», — деп безилдешти. «Кантип?» десем: «Күйөөңүз баёо бала. Сиз өзүңүз жардам бериңиз ага. Түшүндүңүзбү?» — дешет. Түшүндүм, албетте...

Экинчи күнү, чын эле Кемчонтойду азгырып көрдүм. «Кел, эрди-катынды туурап ойнойлу» — дедим ага. Бирок ал кечегиден бетер мас эле, көңүлдөнбөй койду. «Койчу, ошондой да оюн болобу», — деп, тескери карап жатып алды...

Саар менен жеңелер дагы келишти. Бул жолу жаңжал чыкты. «Кызыңар кыз эмес экен», — дешти Кемчонтойдун жеңелери. «Баланар эркек эмес экен» — дешти менин жеңелерим. Тигилер чычалап чыгып кетишти. А беркилер мага: «Бүгүн түнү тырмап болсо да өзүңүздү канатасыз», — деп буйрук бериштиди...

Мени саарлап санаа басты. Күйөө кургурум кур дегенде ушул күнү соо болсо экен деп тиледим. Тилекке каршы, тилегим ташкапты. Кемчонтой келери кечке курбукурдаштары менен куунап, кечинде дагы мас келди. Келип, босогону аттары менен, килемдин үстүнө кулады. Ошол бойдон уктады. А мен тагдырыма таарынып ыйлап кирдим...

Мына ушул учурда эшик акырын ачылып, үйгө узун бойлуу киши кирди. Карасам, кайнатам. Ордуман секирип турдум. «Коркпо, мен сени куткарганы келдим»,— деди кайнатам. Анан карылуу колдору менен желкемен жерге басып, секин төшөккө жаткырды. Мен каршылык көрсөткөн жокмун...

— Жалап, — деди Актаң.

Акшам буга каткырып күлдү.

— А кайнатам кайра чыгып кеткенден кийин, мен Кемчонтойду чечинтип, жаныма жаткырып алдым. Ал таң атканда таң калып атпайбы?: «Эй, эмне үчүн шейшеп кыпкызыл? Куду анардын ширеси төгүлгөнсүп?» — деп.

«Тантыба, кылар ишти кылып коюп...» — дедим эркелеген болуп.

«Менби?» — дейт маңбаш. «Анан ким?» — дейм ого бетер назданып.

— Жез кемпир,— деп койду Актаң.

— Жез кемпирге жеңелер киришпейби кийин.

— И-и?

— Төртөө тең курсант. Баарысы ыраазы. Мен тарап сүйүнчүлөп, эр тарап сүйүнчү берип жатып калышты. Кайненем жеңелериме күмүштөн сырга тагып, кайнатам алтындан билерик салды...

— А кайнатаң кийин катылган жокпу сага?

— О, кеп ошондо болуп атпайбы. Экөөбүз биротоло ойнош болуп алдык.

— Ошентмексиңер, бетпактар.

Акшам адатынча каткырып алды.

— Эки жыл жыргап жашадык. Ышкыбыз өчпөй... Анан ашкере болдук. Шермендебиз чыкты. Адегенде, албетте, кайненем билет биздин кылмышты. Ал баласынын көзүн ачат: акмактын арына тиет, жиндинин жинин келтирет; акырында колуна айбалта берип, өлтүрөсүң экөөн дейт. Кемчонтой көкнарыдан ичкенинче ичет да,кийин көздөрү канталап шилекейи куюлуп биз жаткан үйгө келет. Келсе, экөөбүз жанаша жатабыз. Кемчонтой адегизбей атасын балталады, андан соң мага дап берди. Бирок кудайдын кудуретиби, колун көтөрө албай койду. Шал болгон немедей шалдырап туруп калды. Көзүнөн жаш кетти... Мен анын ошол аквалынан пайдаланып, жалаң көйнөкчөн, жылаңайлак бойдон эшикке чуркадым. Эшикке чыгып, эсиме келбей туруп: «Эл-журт! Өлтүрдү! Өлтүрдү!» — деп кыйкыра бериптирмин. Аш-паш дебей адамдар чогулуп калышты. Алар көрүштү, түшүнүштү. «Айыптын баары анау аягы суюк аялда!» деп чаңырды кайненем долуланып. «Жазалаш керек жалапты!» дешти калган эркек-аялы. «Айгыр ат апкелгиле!» — деп айкырышты. «Айгырдан айлансын бул шуркуя! Ак байталга байлагыла, эки жалаптан тең кутулалы», — деди кайненем.

— Эки жалаптан.

— Биздин үйүрдө бир ак байтал бар болуучу. Ал өз айгырын чанып, башка байдын үйүрүнө качып барып, анын айгыры менен ойноп келүүчү.

— Койчу?

— Жаныбар, жакшы көргөн жагына жашырынып, жылга менен каттачу: бараарда куйругун түйүп, күйүгүп чуркап отуруп, кайтаарда шашылбай, бактылуу басып келүүчү...

— Укмушуң кур ургачылар...

— Ак байталды мен аячумун. Экөөбүз ынак элек. Бирок башкаларга анын жоругу жакчу эмес. «Байым, жоготуңчу ушул уятсызды, элге шерменде кылды го бизди», — деп калчу кайненем. Кайнатам деле арануучу ичинен. Анткен менен акылдуулук кылып: «Жөн кой, жаш неме ойноп алсын», — деп күлүп коё турган.

Мына эми ошол байтал экөөбүздү кошо жазалашты. Мени эки билегимден байталдын куйругуна байлап, анан артыбыздан айгак салып, айылдан алыс айдап жиберишти. Ошентип, ак байтал менен Акшам, тагдырлаш эки шордуу бири-бирибизди сүйрөп, бежолмо бежол качып келаттык. Менин бети-колум аймалып, көйнөк-көкүрөгүм тилинди. Кудай жалгап, сойлогон жерим тегиз, көк шибер экен...

Акыры ак байтал арыдыбы же айгактаган адамдар артта калганын сездиби, акырын басып калды. А бир бейтааныш өзөндүн жээгине жеткенде такыр токтоп, оттоп кирди. Мен дагы эс ала түштүм. Эсиме келгенде эптеп кутулуштун амалын ойлодум. Карасам, алдымда кырлуу таш туруптур. Дароо билегимдеги жипти таштын кыры менен кыя баштадым. Эски жип экен, тез эле кыркылып кетти. Мен ак байталдан ажырап, асманды карап, талып жатып калдым. Ошол аксалда уктап кетиптирмин. Ойгонсом, жака-белде ак байталым көрүнбөйт. Өзөндүн боюнда өзүм жалгыз калыпмын. Эми эмне кыларды билбей, кыйлага кыймылдабай отурдум. Кийин, кокус артымдан аңдып куугун келип жүрбөсүн деп коркуп, ордуман туруп, бейтааныш жакка бет алдым...

— Тагдырга таң берем...


Актаң Акшамды өптү. Акшам ага жооп берди. Экөө алмашып жатып калышты...

Ошол бойдон экөө эки күн эшикке чыгышкан жок. Үчүнчү күнү катуу күн күркүрөп, асман чартылдаган чагылгандардын согуш майданына айланды. Чагылгандардын жалындаган октору жерге жетип, бирөөсү Акшам менен Актаң жашаган чынарга келип тийди. Чынар чатырап

өрттөнүп кетти. Өрт кечке чейин өчпөй койду. Кечке маал нөшөрлөп жамгыр жаап, жалын быкшыган көк түтүнгө өттү. А түтүн аста-секин тарап, акыры чынардын калган калдыгы — чычалага айланган өзөгү көрүндү. Өзөк өрттөнүп отуруп, кишинин боюнчалык гана бөлүгү калыптыр...

Жамгыр таң атканча жаады. Таң атканча чычаланын күйүндүлөрү күбүлүп түшүп, жалтылдаган жылма жыгачка айланыптыр. Өзөктүн өзү куду кучакташып турушкан эркек менен аялды элестетет. Эркек менен аялдын денелери аксаргыл, сылык, тунук. Экөө мандайлары сүзүшүп, көкүрөктөрү тийишип, тизелери тирешип, тилсиз сүйлөшүп турушат...

Түсөлөр



ЧАГЫЛГАНДЫН ОГУ

(Эки бөлүмдөн турган пьеса)

Жунай Мавлянового арналат.

«Дайте мне предрассудок, и я переверну весь мир».

(Габриэль Гарсиа Маркес)

КАТЫШУУЧУЛАР:

Мамыр Эркебаев.
Бермет Эркебаева.
Айбек.
Чолпон.
Уркуя Камбаровна.
Таштан.
Мукай Айтиев.

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

I КӨРҮНҮШ

Эркебаевдердин үйү. Мейманкана деп аталган чоң бөлмө куду шаардыктардын мейманканасындай жасалган: чет элдик мебель, хрусталь люстра, баасы кымбат килемдер, телефон...

Азыр мейманкана мейман күтүп атат: ортодогу столдун үстүнө кооз дасторкон салынган, ар түркүн азык-оокат, ичкилик коюлган.

Мейманкананын бардык терезелери жаңгак токоюна чыгат. Токой эми гана бүрдөп, бирок али барик чыгара элек. Анын жыланач шактарынын арасынан токойчулардын үйлөрү, элес-булас ак карлуу чокулар көрүнөт. Күн кичине бүркөө, алсыз шамал бар. Шамал даректардын учун билинер-билинбес чайпалтып, даректардын учу ак карлуу тоонун бетин аймалап, анын карын шыпырып аткандай таасир кылат.

Бирок үйдүн ичи тыптынч, жылуу...

Мейманкананын үч эшиги бар: экөө коншу бөлмөлөргө, бирөө коридорго чыгат.

Коридорго чыккан эшиктен Чолпон кирет. Колунда кооз кол аарчыгычтар бар. Чолпон кол аарчыгычтарды дасторкондун ар-ар жерине коюп, анан анын жарашыгын сынай карап калат. Чолпон он төрт жаштагы кулундай болгон сүйгүнчүк кыз.

Кокусунан телефон шыңгырайт. Чолпон трубканы алат.

Чолпон. Алло?.. Ооба... Мен — Чолпонмун, анын кызы болом... Жок... Иште... Токойду кыдырып кетсе керек да... Апамбы? Апам... мончодо... киринип атат... Эмне деп коёюн... Ой, сиз белеңиз?! Келип калдыңызбы?.. А биз сизди күтүп атабыз... Жок... ырас айтам: эки-үч күндөн бери күтүп атабыз... Эмне дейсиз?.. А-а, Ачыдан звонить этип атасызбы?.. Баары бир жетип калыпсыз. Ачыны Арстанбаптын дарбазасы дейбиз... Келиңиз... *(Трубканы коёт. Ушу тапта апасы кирет. Ал халатчан, чоң сүлгү менен башын ороп алган.)* Апа, биздин мейман звонить кылды. Ачыга келип калыптыр. Машинеме бензин куйдуруп атам дейт...

Бермет. Ой... А менин эчтекем даяр боло элек... Баарын коюп бүттүңбү? *(Дасторконго назарын салат.)*

Чолпон. Ооба.

Бермет. Эмне үчүн жети кишилик кылдың?

Чолпон. Жети киши отурат да.

Бермет. Кандайча жети болот? Кимдерди санап атасың?

Чолпон. Ой, апа... Мына бул жерге мейман отурабы?

Бермет. И-и?

Чолпон. А мына бул жерге Уркуя Камбаровна отурат.

Бермет. А эмне үчүн сенин Уркуя Камбаровнаң меймандын жанына отурушу керек?

Чолпон. Ал дагы мейман да. Биздин үйгө биринчи жолу келип атпайбы.

Бермет. Болуптур. Калгандары кимдер?

Чолпон. Калгандары: Таштан — өрт өчүргүч...

Бермет. Таштан өрт өчүргүч өз киши. Ал кызмат кылат.

Чолпон. Кызмат кылып эле жүрө бермек беле, отурат да акыры...

Бермет. Макул. Анан дагы кимдер?

Чолпон. Анан... сиз, атам, Айбек, мен...

Бермет. А-а, ошондойбу? Жашабагыр десе, өзүн да кошуп койгон турбайбы. Баарыбыз отуруп алсак, ишти ким кылат?

Чолпон. Анан мен таң атканча эле чуркап жүрө беремби? Анда-санда болсо да отуруп, сөз укпаймынбы? Үйүбүзгө ушундай улуу жазуучу келип отурса, а мен бул улуу жазуучунун ынтызар окурманы болсом...

Бермет *(аргасыздан күлөт)*. Болуптур, болуптур, отурасың... отурасың. А азыр барып казанды карачы, эт кайнады бекен?

Чолпон. Кайнап атат.

Бермет. Очоктун оту өчүп калбасын.

Чолпон. Күйүп атат.

Бермет. Анда камырын жая берсеңчи.

Чолпон. А кесишин өзүң кесесинби?

Бермет. Жок. Калган жумуштун баары сенин мойнунда.

Чолпон. Анда мейманга айтасыңбы бүгүнкү беш бармактын автору ушул кыз деп?

Бермет. Айтам.

Чолпон. Унутпа. *(Кетет.)* Бермет кызынын артынан жылмая карап туруп, кийин күзгүнүн мандайына барып отурат. Трюмодон бетмай, упа, эндик, кашташ алып чыгып, жасанганы киришет. Бермет кырк жашта. Каратору, кашы-көзү капкара, ажардуу аял. Бою орто бойлуу, кичине толо баштаган. Мандайына майда бырыштар кирип, ээгинин асты эт байлап келатат...

Бирпастан кийин эри кирет. Мамыр аялынан эки жаш улуу. Жапалдаш, кең далылуу, толмоч эркек. Жүзү саргыч, беттеринин оту кызыл, көздөрү көгүш. Азыр анын үстүндө эски костюм, бутунда кир өтүк. Арып-ачыган түрү бар. Кирер замат эшиктин оозундагы креслого отуруп калат.)

Мамыр. Ох... Өлгөндөй чарчадым... Кабар жокпу?

Бермет. Жанаракта Ачыдан звонить эткен. Азыр азыр кирип келет. Андан көрө алдагы кейпиңди өзгөрт тезирээк: жуун, кийин...

Мамыр. Мага боло берет. Сен жасансаң жетишет.

Бермет *(күйөөсүн шектүү карайт.)*. Ал эмне дегенин?

Мамыр. Бирдеме ичейинчи. Керээли кечке көрүнгөн менен урушуп-талашып отуруп, мээм чирип кетти. *(Ордунан туруп барып арак ачат.)*

Бермет. Эми ичсең, ошо дасторконго коюлгандан ичесиңби? Тиякта толуп атпайбы?

Мамыр. Толуп атса, алмаштырып кой. *(Куюлган аракты ичип жиберип, табактан алма алып жейт.)*

Бермет. Деги сен бүгүн эмне болуп калгансың?

Мамыр. Эмне болуп калыптырмын?

Бермет. Бир нерсеге жиниң келип турат.

Мамыр. Бир нерсеге эмес, миң нерсеге. Мына ошол үчүн арак ичип атам. Кичине басайын деп.

Бермет. Анда дагы ич. Тезирээк басылсын. Азыр мейман келет.

Мамыр. Кадырың жам болсун. Сенин мейманыңдын алдында жинимди көрсөтпөйм.

Бермет. Эмне үчүн менин мейманым?

Мамыр. Сенин чакырыгың менен келип атпайбы?

Бермет. Ооба, чакырарын мен чакырдым. Бирок мен аны өзүм издеп таап чакырганым жок го? Ал өзү бизди издеп звонить этиптир. Болгондо да биринчи болуп сага звонить кылат. А сен конторунда жоксуң. Анан үйгө чалат. А мен үйдө болчумун. Ошондо да чакыруу оюма келген эмес. Кайра, бул кантип бизди издеп калды деп таң калдым. Көрсө, бул жакка келсем деген ою бар экен. Арстанбапты көрсөм, бул жерде мүмкүнчүлүк болсо, иштеп кетсем деген ниетин айтты мага. А мен эмне демекмин? Кел дедим. Биз сага мүмкүнчүлүк түзүп беребиз дедим. Ошол чакырганым. Сен, эмне антпейт белең?

Мамыр. Мен да ошентмекмин.

Бермет. Анан неге мени кекетип-мокотуп атасың?

Мамыр *(биртикеден кийин)*. Сен ошол телефондон кийин абдан өзгөрүп кеттиң. Өз ишиңди унуттуң. Балдарыңды унуттуң. Эси-дартың келе жаткан мейманда болуп калды. Мына он күндөн бери ошонун камын көрүп чуркап жүрөсүң. Мына минтип, өзүбүз ичпеген ичкиликтерди таап келдиң, өзүбүз жебеген икра, форелдерди алдырттың. Ал турмак мебелди жаңырттың, идиш-аяктарды алмаштырдың. Таштан бечарага кекилик, чил туттуруп бактырып отурасың. Биздин үйгө мурда дагын ар түркүн сый коноктор келип жүргөн: Фрунзе, Москва, ал турмак чет элден дагын. ...Бирок эч кимисине мынчалык чуркаган эмессиң. Мен өзүм сени менен жыйырма жыл өмүр сүрөм, бирок сенден мынчалык сый көрө элекмин. Деги эмне болду? Эмне мынчалык күйүп-бышып атасың?.. А?..

Бермет. Мамыр... Мукай — биздин досубуз го? Жаш кезибизде Москвада бирге окуганбыз...

Мамыр. Бири-бирибизге ашык болгонбуз...

Бермет. Туура. Мен анда анын колуктусу элем. Анан ал мени чанып, башка кызга оор кетти. Ошондо муну көрүп-билип жүргөн Мукайдын жакын досу, мына сен, Мамыр, мага: кел экөөбүз үйлөнүп алалы деп сунуш кылып калдың...

Мамыр. А сен буга жан деп макул болдуң.

Бермет. Мен буга жан деп макул болдум.

Мамыр. Дароо эле. Үстүндөн аза кийиминди чечпей туруп.

Бермет. Мамыр, ошол кезде сен буга абдан сүйүнгөнсүң. Эми келип мени ардантканың кандай? Мунун адилеттикке жатпайт, досум.

Мамыр. Менин жөнүм бир бөлөк: мен сени жакшы көрчүмүн. Абдан жакшы көрчүмүн. Сен муну билет элең.

Бермет. Билет элем. Мына ошондуктан дароо макул болгонмун.

Мамыр. Өзүң мени сүйбөй туруп.

Бермет. Жаныльшасын... *(Телефон шыңгырайт. Мамыр трубканы алат.)*

Мамыр. Алло?.. Жо-жок. Жангак Жай-Терек участкасына бөлүнгөн. Силер быйыл алмурут, алма гана эгесинер. Эмне?.. Мейли, Жай-Теректен ашса берели... Эй! Дашманга кеткендер келиштиби? Карангы кирип баратат... Трактору бузулган го дейм?.. Кар жаап, жол тайгак азыр, тоодон трактор менен түшүш кыйын. Баягыдай болбосо экен ылайым... *(Трубканы коёт.)*

Бермет. Уркуя өзү келе береби же...

Мамыр. Анан көтөрүп келмек белек. *(Эшикке чыгып кетет. Бермет бир пас күтүп туруп кызын чакырат.)*

Бермет. Чолпон! А Чолпон! *(Фартугуна колун аарчып, Чолпон кирет.)* Атан мончого кирдиби?

Чолпон. Конторун карай басты.

Бермет. Анда тез кирип, мончону шыпырып-тазалап чык. Кечээ мен сатып келген жаңы сүлгүнү илип кой, мейман жуунат.

Чолпон. Ой, кайсы бирин кылам...

Бермет. Бүгүнчө чыда, эркем... А кокуй, такыр унутуп калган турбаймынбы. *(Ордунан туруп телефон чала баштайт. Чолпон чыгып кетет.)* Алло?.. Таштан?.. Ой, биздин мейман келип калды. Жанагы кекиликтеринди алып келип союп, бышырбайсыңбы?.. Бол, тезирээк...

(Трубканы коёт. Ийнине сүлгү артынып, Чолпон кайра кирет.)

Чолпон. Апа, а музыка жок, эмне кылабыз?

Бермет. Музыка? Анын эмне кереги бар?

Чолпон. Мейман укпайбы? Уркуя Камбаровна үйүнө келген кишилерге дайыма музыка коюп берет. Анын сонун пластинкалары бар. Андан көрө айтсаң ага, проигрывателин ала келсин.

Бермет. Ошол эле жетишпей атат мага. Уят эмеспи эл билсе, эри лесхоздун деректири, өзү сельсовет болуп туруп, бирөөнүн буюмун сурап жүрөт дебейби?

Чолпон. Ал буюм эмес, ал — музыка.

Бермет. Баары бир. Бизге сурамжылаганга болбойт.

Чолпон. Болбосо неге өзүбүз сатып албайбыз? Бар болгону бир килем, жок... бир эле хрусталь вазанын пулуна келет...

Бермет. А-а... килем менен хрусталдын кандай тиешеси бар бул жерге?

Чолпон. Мм... Сен дайым эле килем, хрусталь сатып аласын. Үйүбүздүн ичи жык килем, хрусталь...

Бермет. А музыка жок...

Чолпон. Музыка... китеп... А Уркуя Камбаровнанын үйү музыка менен китептин үйү. Кирсең музыка менен китепке тунасың. Миллион пластинка, миллион китеп...

Бермет. Уркуя Камбаровна! Уркуя Камбаровна! Ушул катындыкы өттү, өлүгүндү көрөйүн. Акенди азгырганы аз келгенсип, сенин да башыңды айлантып салыптыр. Барбагын экинчи анын үйүнө!

Чолпон. Ой... кантип?

Бермет. Ушинтип!

Чолпон. А-а... ал менин мугалимим да? Күн сайын андан сабак алам.

Бермет. Сабагын сен мектептен ал, а үйүнө барба, уктуңбу?

Чолпон. А башка окуучулар барып атпайбы? Баары барышат анын үйүнө.

Бермет. А сен барбайсың. Барчу болсоң, бутуңду сындырам эми. Бар ишиңди кыл. Алдагы сүлгүнүн этикеткасын жулба! *(Чолпон таарынган түр менен чыгып кетет.)* Уркуя Камбаровна... Уркуя Камбаровна... Шашпагын сени жалап! Жалгыз уулумду, жалгыз кызымды сага тарттырып жиберип, карап отура турган катын мен эмесмин. Сен али мени билбейсиң! *(Эшикте кекилик сайрайт. Анан Таштан кирип келет. Бул бир узун бойлуу, жоон, мурутчан адам. Кийгени өрт өчүргүчтүн формасы — капитан.)*

Таштан. Менин кекиликтерим учуп келишти, айым. Уктуңбу, сайрап атышат. Баарысы сенин мейманың үчүн башыбыз курман дешет. Бирок бычак курчураак болсо экен деп өтүнүшөт.

Бермет. Курч бычак бар. Ашканада. Чолпонго айтсаң, таап берет.

Таштан. Анда мен баш кесерлигимди баштадым. *(Чыкмакчы болот.)*

Бермет. Жо-жок, коё тур кичине. Мейман келсин.

Таштан. Эмне, бата сурап туруп анан соёлу дейсиңби?

Бермет. Койчу, айланайын, кекиликке да бата кылчу беле? Анын үстүнө биздин мейман ырым-жырымдан алыс киши.

Таштан. Анан эмнеге күтөбүз? Быша бербейби?

Бермет. Шашылба. Андан көрө отур, иштин алдында кичине сеп этип ал.

Таштан. О! Мунун жакшы сунуш болуп калды. Күй андай болсо. *(Отурат. Бермет ага ачылган шишеден арак*

куюп берет.) Бисмилла. Кудай ичкенимди аш кыл. *(Ичип жиберет.)*

Бермет. Артынан бирдеме жеп жибер. Жегенин да аш болсун.

Таштан *(ордунан туруп столдун четине келет).* Бах-бах. Дасторкон келишиптир. Дасторконуну карап туруп эле үйүнө кандай мейман келатканын билип койдум.

Бермет. Дасторкон мейманга жараша болот.

Таштан. Үй ээсине дагын.

Бермет. Ракмат. Аялындан кабар барбы?

Таштан. Бар эмей! Кечээ эле барып көрүп келгенмин. Өзүнүн ал-акыбалы жакшы. Врачы менен сүйлөшсөм, кудай буюрса бул жолку баланызды сактап беребиз дейт.

Бермет. Ылайым эле ошентишсе экен. Бала деп жүрүп куурамак болдун, байкушум.

Таштан. Айтканың ырас.

Бермет. Айып өзүндө. Оорукчан аялга үйлөнүп алып... *(Таштан унчукпайт.)* Жаштыгына кызыктың го?

Таштан. Сүйүп калсан, сүйгөнүндүн жаш-карылыгын ойлобойсун. Оорукчан экенин да эске албайсын.

Бермет. Сүйүп калсаң! Сен азыр кырк бештесиң! А үйлөнгөнүнө бар болгону, тогуз гана жыл болду. Демек, отуз алты жашымда ашыглык отуна күйдүм күл болуп дегени турасыңбы? Уялсаңчы!

Таштан. Кызык! Мунун эмнесине уялам?

Бермет. Э болуптур, отуз алтыдагы эркектин он тогуздагы кызга ашык болушу түшүнүктүү дейли. Ал эми он тогуздагы кыздын отуз сегиздеги эркекти сүйүп калганына мен ишенбейм. Бул жерде сен Батманын башын айлантканың.

Таштан *(күлүп коёт).* Батма бул сөзүңдү укса, таарынмак.

Бермет *(ойлонуп калат).* Демек, сен он тогуз жашар боз бала менен жыйырма беш жаштагы аялдын бирин бири сүйүп калышына да мени ишен дейт турбайсыңбы?

Таштан. Ишен деп сени үгүттөбөймүн, бирок мен өзүм буга ишенем.

Бермет. Э койчу нары...

(Ушул учурда тыштан «Жигули» машинесинин шоокуму угулат. Үйгө Чолпон чуркап кирет.)

Чолпон. Келишти! Келишти!

Бермет. Келишти? Кимдер келишти?

Чолпон. Мейман менен атам.

Бермет. Кокуй, мен али кийине да элекмин. Бул кебетем менен кантип учурашам? Таштан, Мамыр экөөн

мейманды эшикте алаксытып тургула, мен кийинип чыга калайын. *(Аңгыча мейман менен күйөөсү кирип келет. Мукай Айтиев — кырк беште, бирок көрүнүшү жаш, сулуу эркек. Кийингени тери пиджак, джинсы шым, көзүндө көз айнек. Бирок кирер замат көз айнегин алып, анан сүйлөшөт.)*

Мукай. Кечигип калдыңыз, кечигип калдыңыз, айым?

Бермет. Туура... кечигип калдым.

(Бермет мейманга колун сунат, а Мукай ага карабай, анын эки бетинен өөп учурашат. Бермет күйөөсү менен көздөшө түшөт.) Таанышып кой, Мукай, бул киши биздин досубуз...

Мукай. Саламатсызбы, капитан...

Таштан *(ага кол берет).* Жоробеков...

Бермет. А бул секелек — менин кызым.

Мамыр. Биздин кызыбыз.

Мукай. О-о, апасын тартып сулуу болгон турбайбы. *(Кыздын чекесинен өөп коёт.)* Бактылуу бол, эркем... *(Чолпон уялыңкы түр менен чыгып кетет.)*

Мамыр. Кана эми, көрүшүп-өбүшүп бүткөн соң, столго отуралы.

Бермет. О кокуй, ушул бойдон столго кантип отурабыз?

Мамыр. А эмне экен?

Бермет. Мейман эки күндөн бери жол жүрүп, арып-ачып келди, кичине жуунуп-тазаланып, сергип алсын... Мукай, мончого от жагып койгонбуз, далиста жаңы сүлгү, жаңы самын бар...

Мукай *(адегенде үстү-башын, анан Мамырды карайт).* Чын эле... Мен жуунуп албасам болбойт.

Мамыр. Анда кирип чык.

(Мукай чыкмакчы болгондо кекиликтин сайраганы угулат.)

Мукай. Айтмакчы, тышта оголе көп кекиликтер каптаса камалып турат да, ал эмне кекиликтер?

Бермет. Атайы сен үчүн туттурганбыз. Биздин Таштандын кекилик чакырчу өнөрү бар.

Таштан. Бала чактан келаткан ышкы.

Мукай. О капитан, мени да үйрөтө турган экенсиз.

Таштан. Жан дилим менен. Качан кааласаңыз, ошондо алып чыгам. Азыр короз чакырган мезгил.

Мукай. Ал эмне дегениңиз?

Мамыр. Ал деген мындай. Жаз келди дегенче мекияндар сүйүүгө кумар болуп, короз дегенде көзү учуп калат. Ошондуктан, короздун үнүн укканда, мекиян дароо

ага үндөшө сайрап, ошол замат анын алдына учуп барат. А короз болсо өскүлөң чөптүн арасына жашынып, капастын ичинде отурат. А тегерегине тузак жайып койгон болот... Түшүндүңбү? *(Бермет күйөөсүнүн созундо тузу барын туят, а Мукай эчтекеден шектенбейт.)*

М у к а й. Демек, эшиктеги кекиликтердин баарысы мекиян турбайбы?

М а м ы р. Ооба. Баарысы ашыглыктын айынан тузакка түшкөн шордуулар.

Б е р м е т. А Таштан аларды бир өзгөчө жол менен бышырат. Айтсаң, Таштан.

Т а ш т а н. Мүмкүн, муну мейман өзү деле билээр. Таш кордону айтат.

М у к а й. Жок.

Т а ш т а н. Кекиликти союп, ичеги-кардын тазалап, анын ордуна сабиз, пияз, калемпир сыяктуу нерселерди тыкмалап, кийин жүнүн жулбай туруп, аны жакшылап ылай менен шыбап туруп, анан жерге көмөт да, үстүнө от жага берет. Бышкандан кийин ачсаныз, териси ылай менен кошо сыйрылып түшүп калат. Ошол.

М у к а й. А-а...

Б е р м е т. Өтө кушкер. Жеп көрөсүң го...

М у к а й. Анда, капитан, тезирээк бышыра көрүңүз. А мен тезирээк жуунуп чыга коёюн. *(Чыгып кетет.)*

М а м ы р. Кудай буюрса, меймандын көңүлүн ала турган болдук.

Т а ш т а н. Аракет кылабыз. Бычак ашканада дединби?

Б е р м е т. Ооба. Чолпонго айт, алып чыгып берет. *(Таштан чыгып кетет.)*

М а м ы р. Ко-ош... Алыскы мейманыбыз келди. Жакынкы мейманыбыздан дарек жок да?

Б е р м е т. Келсе келер, келбесе — өзү билсин.

М а м ы р. Ал эмне дегениң? Чакырарын чакырып алып.

Б е р м е т. Бир айттык, жетишет да.

М а м ы р. Биринчи чакырык — эскертме чакырык. Бизге Фрунзеден жазуучу досубуз келатат. Ага кошулуп сиз да мейман болуңуз дегенбиз. Демек ал: достору келгенде, мага кабар беришет деп күтүп жүрөт.

Б е р м е т. А мен досубуз эртең кечинде келет дегенмин. Мына азыр ошол кеч кирип отурат. Демек, өзүнүн келгиси жок.

М а м ы р. Андай болушу мүмкүн эмес. Мен Мукайдын атын айтканда, ал абдан сүйүнүп кеткен.

Б е р м е т. А эмнеге сүйүнөт?

М а м ы р. Көрсө, Мукайдын жазгандарынын баарын окуп жүрөт экен. Мукай ага абдан жагат имиш.

Б е р м е т. Ушундай де...

М а м ы р. Көрчү, биздин план өзүнөн өзү ишке ашканы турат.

Б е р м е т. Кайсы план?

М а м ы р. Бир жума мурда сенин башыңа келген план. Ошол эле замат сенин башыңан менин башыма көчкөн план. Уркуя Камбаровнаны биз жакшы көргөнүбүздөн чакырып жатканыбыз жок да, ушундайбы? Эгер сыйлап чакырчу болсок, эбак эле чакырбайт белек элге окшоп. А биз экөөбүз эл башы, журт башы болуп туруп, баарынан кийин, Арстанбапка келгенине үч жыл толгондо чакырып отурабыз.

Б е р м е т. Мунун себеби бар.

М а м ы р. Ап-бали! Мына ошол себептен чакырбай келгенбиз. Эми мына ошол себептен чакырып атабыз.

Б е р м е т. Мамыр, өзүбүзчө эле отурсак кантет?

М а м ы р. А биз аны чакырып койгонбуз! Эми күтүп алыш гана калды.

Б е р м е т. Мейли, келсе келсин. Отуруп, сүйлөшүп кетсин. Бирок... экөөбүз жанагы оюбуздан баш тарталы. Мукайга эчтеке дебей эле коёлу.

М а м ы р. Кызык... Адегенде өзүң укмуштай план түзүп алып...

Б е р м е т. Эми ошол пландан өзүм уялып отурам.

М а м ы р. Уялып атасыңбы же... кызганып атасыңбы?

Б е р м е т. Кимди кимден кызганам?

М а м ы р. Мукайды Уркуядан?

Б е р м е т *(шалдая түшөт)*. Келесоо...

М а м ы р. А-а, билип койдум, билип койдум... Мына ушул үчүн азыр Камбаровна бийкечти өзүм барып баштап келем. *(Үйдөн ашыгып чыгып кетет. Бермет анын артынан ызырына карап алып, анан өзү да чамынган бойдон башка эшикке бет алат.)*

II КӨРҮНҮШ

Мамыр кайтып келет. Үйгө кирер замат, өзүнө дагы арак куя баштайт. Ошо тапта жатакананын эшигинен аялы чыгат. Бермет кооз көйнөк кийип алган.

Бермет. Кана ээрчитип келгенин?

Мамыр. Үйүндө жок экен.

Бермет. Жок болсо жоголуп кетсин ошондон ары. *(Мукай кирет. Жуунуп-таранып, жаңы костюм кийген.)*

Мукай. Ох-ох, мончонор укмуш экен, достор. Мындай мончого мен Финляндияда бир жазуучунун үйүндө гана түштүм эле! Чынын айтам, абдан жакшы мончо экен.

Бермет. Мончо — Мамырдын сыймыгы. Өзү салдырган. Усталарын бир министр досу таап берген.

Мукай. Азаматсын, Мамыр. Деги, тентуштар, эн сонун жашайт экенсинер. Отурукташкан жеринер мына мындай ажайып токой, үй-жайынар болсо минтип береке-байлыкка тирелип турат...

Мамыр. Ой, бул айткандарын бизге арналган жакшы тост болуп калды. Келгиле, ушул үчүн ичип жиберели!

Бермет. Отур, Мукай. Мындай отур. Жо-жок, мына бул отургучка...

Мамыр. Сен сөзсүз Берметтин көрсөткөн отургучуна отурушуң керек.

Мукай. Мейли, мейли... *(Үчөө тең отурушат. Мамыр ичкиликке киришип кетет.)*

Мамыр. Бирок эмне үчүн дебейсинби?

Мукай. Эмне үчүн?

Бермет. Күлбөсөң айтам.

Мукай. Күлбөйм.

Бермет. Биздин отургучтарыбыздын көпчүлүгү үйүбүзгө келген жакшы досторубуздун аты менен аталат. Мисалы, академик Алтымышбаевдин стулу, Валентина Терешкованын креслосу деп...

Мамыр. А турмак токой министринин дөңгөчү бар.

Мукай. О-о, улуу кишилер келет экен үйүңөргө.

Бермет. А бүгүндөн баштап сен отурган отургучту Мукай Айтиевдин отургучу дегим келет. Отургучка сенден башка эч ким отура элек. Жаңы отургуч.

Мамыр. Сенин келишиңе жаңы гарнитур сатып алды атайы.

Мукай. Ой, ракмат. Ракмат, экөөңө тең.

Мамыр. Кана, эмесе, Мукай, куш келипсиң биздин Арстанбапка!

Бермет. Сен үчүн, Мукай!

Мукай. Силер үчүн! Көрүшкөндүгүбүз үчүн! *(Ичишет.)*

Бермет. Эми дасторконго карайлы.

Мукай. Ажайып дасторкон. Кайсынысын жешти билбейсин.

Бермет. Баарысын же. Азыр ысык оокат келет...

Таштан *(кирет)*. Анан кекиликтер келет ээрчишип...

Мукай. Ой, капитан, кайда жүрөсүз? Келиңиз, отуруңуз биз менен.

Бермет. Капитан — өз киши. Кирип-чыгып жүрө берет.

Мамыр. Кел, ичип ал.

Таштан. Куйсаң куй, кадырлуу мейман менен бир кагыштырып коёюн. *(Мамырдын колунан рюмканы алып, Мукайга кайрылат.)* Сиз үчүн!

Мукай *(идишин кагыштырат)*. Таанышкандыгыбыз үчүн!

Таштан. Эми мен өз постторумду бир кыдырып келейин.

Бермет. Кокуй, кекиликтериң кантет сен кетсең?

Таштан. Кекиликтерим мен келгенче «быша бересиз» дешти.

Мамыр. Трактордун келген-келбегенин биле келчи. Айбектен кабатыр болуп жатам.

Таштан. Куп болот. *(Эшикке жөнөйт.)*

Мукай. Айбек ким?

Бермет. Биздин уулубуз. Эсиңден чыгып калдыбы, биз Москвада окуп жүргөндө төрөлбөдү беле?

Мукай. А-а... Чоң жигит болуп калса керек?

Бермет. Он тогузга чыкты быйыл.

Мукай. Ой о-ой, биздин көрүшпөгөнүбүзгө он тогуз жыл болдубу?

Бермет. Ананчы!

Мукай. Пай-пай... Убакыттын өткөнүн кара... Бирок, достор, силер анча деле өзгөрбөптүрсүңөр. Айрыкча, Бермет... токтолдук дегендей... А мына сен куду баягыдай эле экенсин: жаш көрүнөсүң, өзүң да өзүңдү жаш сезесиң — көрүп турам...

Бермет. Менимче, катын-баласы жаш эркектин баары эле жаш көрүнө бербейт. Бул адамдын өзүнөн, анын жашоо шартынан болот. Мукайдын турмушу экөөбүздүкүндөй эмес. Мунун жашаган жери — чоң шаар, жүргөн жери — бүт аалам, а кылган иши болсо — өз үйүндө отуруп өзүнүн китебин жазмай. А экөөбүздүн тиричилигибизчи? Экөөбүз он тогуз жылдан бери ушул токойдон чыкпайбыз? Он тогуз жылдын ичинде жаш көрүнө бербейт. Бул адамдын өзүнөн, анын жашоо шартынан болот. Мукайдын турмушу экөөбүздүкүндөй эмес. Мунун жашаган жери — чоң шаар, жүргөн жери — бүт аалам, а кылган иши болсо — өз үйүндө отуруп өзүнүн китебин жазмай. А экөөбүздүн тиричилигибизчи? Экөөбүз он тогуз жылдан бери ушул токойдон чыкпайбыз? Он тогуз жылдын ичинде жаш көрүнө бербейт. Бул адамдын өзүнөн, анын жашоо шартынан болот. Мукайдын турмушу экөөбүздүкүндөй эмес. Мунун жашаган жери — чоң шаар, жүргөн жери — бүт аалам, а кылган иши болсо — өз үйүндө отуруп өзүнүн китебин жазмай. А экөөбүздүн тиричилигибизчи? Экөөбүз он тогуз жылдан бери ушул токойдон чыкпайбыз? Он тогуз жылдын ичинде

де он тогуз ай эс алыптырбыз. А калган өмүрүбүз иш менен өтүп келатат. Күнү-түнү иш-иш-иш...

М а м ы р. Адам иш үчүн жаралган.

(Бир пас унчукпай калышат.)

М у к а й. Иш демекчи, өзүң каерде иштейсин?

М а м ы р. Сен билбейсинби али? Бу киши деген сельсоветин председатели!

М у к а й. Ой, туугандар, бийликтин баарын экөөң ээлеп алган турбайсынарбы? Бирин — сельсовет, экинчин — лесхоздун деректири... Бул кош бийликти кантип берип жүрөт силерге өкмөт?

Б е р м е т. Экөөбүз эки башка лесхоздо иштейбиз.

М у к а й. Баса.

Б е р м е т. Тагдырдын тамашасы да, Мукай. Москвага театралдык институтка өтөм деп барып, өтө албай, технология институтуна туш келдим. Институтту бүткөн соң, эми бир өз кесибим боюнча иштеп, диссертация коргоп, илимпоз катын болоюн десем, бул акем жетелеп келип биерге сельсовет кылып койду...

М а м ы р. Көрдүнбү, Мукай, менин аялымдын арманы аттын башындай...

Б е р м е т. Какшыктап коёт... Менин арыз-арманымдын баарысы сага байланыштуу. Сен деп ушул жерге келип, сен деп ушул жерде өмүрүмдүн гүлү төгүлдү. Эгер сен кичине мени менен эсептешсең, менин тилиме кирсең, эчак Фрунзеде же Ошто жашамакпыз. Билесинби, Мукай, өткөн жылы Мамырды Фрунзеге чакырышты: республиканын токой чарбасын башкар дешти. Бирок досуң макул болбой койду.

М у к а й. Эмне үчүн?

Б е р м е т. Ооба, эмне үчүн?

М а м ы р. Бүт Кыргызстандын токойлоруна кожоюн болуп Фрунзенин кабинетинде отургандан көрө, бир эле чарбага баш-көз болуп, Арстанбапты аралап жүргөндү артык көрдүм.

Б е р м е т. Ушул жообу. Мына азыр эми жергиликтүү өкмөт мени көтөрмөлөп, облисполкомго кел деп жатышат. Буга да макул болбойт. Барсаң өзүң бара бер дейт уялбастан.

М а м ы р. Аялы чоң эркектердин аквалын көрүп жүрөм.

М у к а й. Бай-манап.

Б е р м е т. Айта көрбө.

М а м ы р. Эмне десеңер, ошо дегиле. Бирок мен мына бул жангак токойсуз эч жерде жашай албайм. Биздин Айбек дагы мени тартты. Өткөн жылы ошентип жогорку кыз-

матка үгүттөп атышканда, сынамакка: «Уулум, биз эми борбордо жашамак болуп атабыз»,— десем,— «Жашай бергиле, а мен Арстанбаптан ажырабайм», — деп койгон.

Б е р м е т. Кеп Арстанбапта эмес. Кеп... Анын оорусу башка... Өзүң билесин...

М у к а й. Ал эмне деген оору?

М а м ы р. Сүйүү деген оору.

М у к а й. О-о!

Б е р м е т. Кайдагы сүйүү! Ошону кантип сүйүү десин! Мамыр, айтпачы бай болгур, мен уялам!

М а м ы р. Мен дагы... Бирок Мукай — биздин досубуз да, буга айтсак боло берет. А мүмкүн Мукай биздин дартыбызга даба болуп берер.

Б е р м е т. Ой, Мамыр, Мамыр. Мейли, өзүң бил...

М а м ы р. Эмесе мындай, Мукай. Биздин балабыздын сүйгөн кызы өзүнөн алты жаш улуу кыз...

Б е р м е т. Кыз деп коёт! Кыздан айлансын ошол шуркуя!

М а м ы р. Мейли, кыз эмес, жубан эле дейин...

Б е р м е т. Эч кимге аял болбой туруп деп кошумчала.

М а м ы р. Бермет, азыр андай кыздар толуп атпайбы...

Б е р м е т. Билесинби, Мукай... Бул кыз университеттин филфагын бүтүрөт. Анан университетте калыш үчүн өз профессоруна ашык болот. Профессору аны өзүнө аспирант кылып алып калат. А бул бийкеч буга да кудайга шүгүр дебестен, профессорун бузуп, анын катын-баласынан тартып алып, биротоло өзүнө эр кылганга аракет кылат. Бирок бул максаты ишке ашпайт: профессордун аялы тиешелүү жерлерге арызданып, муну аспирантурадан айдатат, университеттен чыгартат. Ошондо бул айымдын айласы кетип, Арстанбапка мугалим болуп келет. Бул мындан үч жыл мурда болгон окуя. Ал кезде биздин Айбек онунчу класска жаңы көчкөн. Мектепти бүтсөм, атама окшоп токойчу болом, Алма-Атадагы токойчулук институтуна өтөм деп ниеттенип жүргөн. Бирок бир жыл ушул Уркуянын колунан окуган соң, бүт ой-кыялы өзгөрдү да калды. Алма-Атага баргысы жок, Арстанбапта эле жүрөйүнчү, окубай эле токойчу болоюнчу дей баштады бизге. А биз анда анын себебин билбейбиз, себебин кийин, быйыл араң билип отурабыз.

М а м ы р. Биз Айбекти оюна койбой, алдап-соолап, жемелеп-жукалап жатып, Алма-Атанын институтуна киргизгенбиз. Мен өзүм барып өткөрүп келгенмин. Бирок балаң түшкүр окуп жыргатпады.

Б е р м е т. Көрсө, бүт санаасы бул жакта экен.

М а м ы р. Ооба. Биринчи курсту бүткөнчө аран чыдап, а экинчисине барбай койду. Айлам кеткенде, Алма-Атага учуп барып ректoруна жалынып-жалбарып отуруп, сырттан окуганга зорго уруксат алып келдим. Келип, мына иштесең деп, өзүн жөнөкөй жумушчу кылып койдум. А биздин токойдун жумушу өтө оор, күнү-түнү, жайы-кышы бирдей чуркаш керек. Бирок ошого карабай, Айбегибиз ойноп-күлүп иштеп жүрөт. Мунусуна тан бериш керек, албетте.

Б е р м е т. Кыскасын айтканда, Мукай, жанагы аягы суюк аял Айбекти азгырып, биротоло өзүнө имерип алды. Азыр Айбек үчүн ал аялдан жакшы адам жок, ата-энеси бизден да артык көрөт аны. Басса-турса ойлогону ошол аял, уктаса: — Уркуя, Уркуя, Уркуя, — деп чыгат тан атканча. А жакында келип: «Уруксат бергиле, Уркуяга үйлөнөм»,— десе болобу үйүн күйгүр.

М у к а й. А силер эмне дединер?

М а м ы р. Эмне демек элек. Мен айкырып-өкүрүп тил-деп кирдим, а Бермет боздоп ыйлап берди.

М у к а й. Мм... Демек, балаңарга ал аялды такыр ыраа көрбөйт турбайсыңарбы?

Б е р м е т. Кантип ыраа көрөлү, Мукай: карегибиздей караган жалгыз уулубуз болсо, анан ошондой өзүнөн улуу, бузулган аялга үйлөйбүзбү?

М а м ы р. Алам десе — өзү теңдүү кыз толуп жатат.

Б е р м е т. Айбекке ашык болуп, атайы Оштон бир чоң кызматчынын кызы келип жүрөт бизге, мисалы үчүн. Кыздын апасы менен мен жакшы теңтушмун. Бир жолу бизди конокко чакырышканда Айбекти ала бардык эле. Ошондо кыздын көзү түшүп калыптыр биздин балага. Күндө-күн алыс телефон чалат, апта сайын ак «Волгага» түшүп келип калат бечара. Өзү бир жакшына кыз: сулуу десең сулуу, акылдуу десең акылдуу...

М а м ы р. Ошого үйлөйлү десек болбой атпайбы көгөрүп.

Б е р м е т. А кыздын ата-энеси качан жуучу жөнөтөсүнөр деп коюп алар отурат күтүп.

М а м ы р. Кыскасы, кыйнамак болду балабыз бизди.

М у к а й. Мындай болсо, балаңар менин деле тилимди албайт го?

Б е р м е т. Албайт, албайт! Кудайдын да тилин албайт ал азыр.

М у к а й. Анан... мен кантип жардам берем силерге? *(Мамыр менен Бермет бири-бирин карашып, күнөөлүү түрдө жылмайып коюшат.)*

М а м ы р. Мукай, Айбекти Уркуядан ажыратыш үчүн, бирден бир гана жол калды: баланы аялдан көңүлүн калтырыш керек. Аялдын наркын түшүрүш керек...

М у к а й *(күлүп жиберет)*. Түшүндүм, түшүндүм. Бирок, достор, силер мага кызык тапшырма бергени аткан турбайсыңарбы?..

Б е р м е т. Кечирип кой, Мукай. Айлабыз кеткендиктен айтып атабыз.

М а м ы р. Ооба. Анын үстүнө бул ролду сен оңой эле аткарасың.

Б е р м е т. Ашык болгон киши болуп, аялдын башын айлант, анан Айбек андан көңүлү иренжип, жүрөгү сууганда таштайсың да, кете бересиң.

М а м ы р. Сооп иш кылат элең ошентсең, Мукай.

М у к а й. А-а... ал аялың мени тоотпой койсочу?

Б е р м е т. Тоотот, тоотот.

М а м ы р. Сага туруштук берген аял болобу? Москвада окуп жүргөндө кандай элең...

М у к а й. Москва... Анда жаш элек да. Азыр...

Б е р м е т. Азыр атактуу жазуучусуң. А Уркуя Камбаровна болсо адабиятчы аял. Үйү толо китеп деп угам, үйү толо пластинка деп угам... Андай аялдар, өзүң билесиң, атак-даңктуу адамдарга арзыман келишет, демек, аларга оңой азгырылат.

М у к а й. Мейли. Аялды Айбектен алаксытууга аракет кылайын, андай болсо. Албетте, менин аракетимден бирдеме чыкса...

М а м ы р. Чыгат, чыгат... биз да бекер турбайбыз...

Б е р м е т. Азыр Уркуя биздикине келет. Экөөңдү тааныштырабыз.

М а м ы р. Кийин бир үйгө барып түнөйсүнөр.

М у к а й. Бир үйгө?

Б е р м е т. Түзүгүрөөк түшүндүрчү, бай болгур.

М а м ы р. Бир үйдө жашайсыңар дегеним. Ал үй эки бөлүктөн турат.

Б е р м е т. Лесхозго караштуу коттедж. Ошонун бир жак бөлмөсүн Уркуя ээлейт. Экинчи бош бөлүгүнө сени жайгаштырдык. Эшиктери эки башка. Бирок верандасы бир.

М а м ы р. Үйдүн ичинде баары бар: жаңы мебель, телевизор...

Б е р м е т. Иштейм дебедиң беле, шондуктан ээн-эркин жашасын деп ошол жерге орноштурдук. А тамак-ашты болсо биерден ичесиң. Керек десең шол жакка алпарып берип турам.

М у к а й. Ракмат. Ракмат экөөнө тен.

М а м ы р. Келгиле эми кичине ичели.

Б е р м е т. Ой, Айбектин арыз-мунун айтып отуруп, сени жеп-ич дегенди да унутуп калыппыз... Кана, тамак-ашка кара...

М а м ы р. Баланын бары да азап, жогу да азап экен. Бирок, кантсе да, баланын болгону жакшы. Келгиле, ушу тостту балдар үчүн ичели!

М у к а й. Келгиле!

Б е р м е т. Бактылуу болушсун ылайым.

(Ичишет.)

М а м ы р. Айтмакчы, Мукай, канча балан бар?

М у к а й. Бирөө. Кыз.

Б е р м е т. Аз го?

М у к а й. Көбөйткөнчө болбой, байбичем экөөбүз ажырашып кеттик.

М а м ы р. Койчу?

Б е р м е т. Качан, ботом?

М у к а й. Үч жыл болду.

М а м ы р. Мм... Иш чатак болгон экен.

(Кыйлага унчукпай калышат.)

Б е р м е т. Дагы аял алат турбайсынбы анда?

М у к а й. Жок... Мен үчүн бир эле учурда жакшы жазуучу болуш жана бирөөгө жакшы эр болуш колумдан келбейт экен. Эми калган өмүрүмдү жалгыз жашап, жазуучулук гана кылам.

(Үйгө Чолпон чуркап кирет.)

Ч о л п о н. Уркуя Камбаровна келди!

М а м ы р. Ой, келсин, келсин!

Б е р м е т. Кир де ичкери...

(Уркуя кирет. Бул бир бою орто, арык, бети колу апапак, көздөрү бажырайган, мурду куюлуп түшкөн, абдан ажардуу кыз. Айрыкча күлгөндө муздай тунук тиштери кашкайып, анын жүзүнө ого бетер сулуулук кошот. Уркуя жыйырма бешке чыкканы менен андан алда канча жаш көрүнөт. Азыр кыздын кийгени кызыл плащ, бир колунда сумка, экинчисинде — бадамдын гүлдөгөн чыпчыгы бар. Башынан ылдый суу — сыягы эшикте жамгыр жаап жаткан окшойт. Киребин кирип, кичине сүрдөй түшөт. Кийин жарооker жылмайып, акырын салам айтат.)

У р к у я. Саламатсыздарбы...

(Берки үчөө орундарынан турушат. Үчөөнө тең Уркуянын көрүнүшү күчтүү таасир кылат. Айрыкча Мукайга. Ал Уркуяны мындай сулуу экен деп ойлогон эмес.)

М а м ы р. Келиниз, келиниз Уркуя.

Б е р м е т *(утурлай тосот)*. Эсенсизби.

М а м ы р. Плащыңызды чечиниз, илип коёюн. Кокуй, суу болгонсуз го?

У р к у я. Эшикте жамгыр себелеп турат. *(Сумкасынан кагаз алып чыгып, колундагы гүлү менен кошо Берметке сунат.)* Сиздердин үйүңүздөргө жарашар деп... бир арзыбаган буюм ала келдим. Жакпаса, айып этпеңиздер... Биздин Арстанбапта сиздерге ылайык белек табыш кыйын экен...

Б е р м е т. Ой, жөн эле койбойсузбу.

(Кагаз оромону ачып көрөт. Кагазда эски зергердин колунан чыккан күмүш кесе бар экен. Берметтин көзү жайнай түшөт.) Ой-и-и-ий... Карасаңар, кандай сонун кесе...

М а м ы р. Керемет нерсе экен. Азыр мындай буюмду жасай алышпайт. Ракмат сизге, Уркуя.

Б е р м е т. Ракмат... Жогору өтүңүз.

М а м ы р. Бул жакка келиниз...

(Уркуя Мукайдын катарына отурат.)

Б е р м е т. Таанышып коюңуз: бул киши биздин досубуз — жазуучу Мукай Айтиев деген болот.

У р к у я. Жан дилим менен... *(Мукайга колун берет.)* Мен сиздин китептериңизди такай окуп жүрөм. Жазганыңыздын баары жагат мага.

М у к а й. Ракмат.

(Бермет күмүш кесени сервантка катып, бадамдын чыпчыгын вазага салып, дасторкондун ортосуна коёт.) Кооз гүл экен...

У р к у я. Бадамдын гүлү.

М а м ы р. Токтоңузчу, жака-белде бадам өспөйт да? Кайктан таап жүрөсүз муну?

У р к у я. Кызыл-Жардан.

М а м ы р. Ой, Кызыл-Жарга чейин беш чакырым эмеспи? Атайы бардыңызбы ошол жакка?

У р к у я. И-и. Мурдагы күнү балдарды экскурсияга алып чыкканда көрүп келдим эле. Эми ачылганы турган. Бүгүн барсам, ачылып калыптыр.

М а м ы р. Сиз, эмне, азыр туура Кызыл-Жардан келатасызбы?

У р к у я. Ооба.

М у к а й. Ажайып адам экенсиз...

Б е р м е т. Бир чыпчык үчүн да ушунчалык убара болосузбу?

У р к у я. Жаңылык да... Марттын башында башка дарак гүлдөбөйт эмеспи бизде.

М а м ы р. Мунунуз туура. Арстанбапта эң алды менен бадам гана гүлдөйт.

М у к а й. А мен бадамдын гүлүн биринчи жолу көрүшүм. Өзүн да көрө элекмин.

У р к у я. Чын элеби?

М у к а й. Чын.

У р к у я. Кызык... А сиздин «Унутулгус сокмо жол» деген аңгемеңизде сокмо жол бадам токоюн аралап өтөт эмеспи? А бадамдар чатырап гүлдөп турат...

М у к а й. Сиз абдан зирек окурман экенсиз. Ушундай деталды кантип эстеп калдыңыз?

У р к у я. А мага ошол коюу бадамдарды аралай кеткен ичке жолунуз, аны менен күн сайын эчкилерин айдап өткөн он төрт жашар секелек кызыңыз абдан жагат. Байкуш кыз эчкилери бадамдын гүлдөрүн жеп кетпес үчүн дайыма эчкилерин кубалап өтөт...

М у к а й. А мен бул аңгемени ошол эчки айдаган секелек кыздын эскермеси боюнча жазганмын. Кийин ал кыз чоңоюп, мага апа болду. Бирок мен төрөлгөндө ал бадам токой кыйылып, ордуна колхоздун тамекиси эгилип калыптыр. Шондуктан мен ушул убакка чейин бадамдын кандай дарак экенин, анын кандай гүл ачарын билбей келатам. Сизге ыракмат, минтип гүлдү көрсөтүп отурасыз.

Б е р м е т. Ой, бир тал чыбык ушунча узак сөз болду ээ. Келгилечи, эми оокатка карайлы. Уркуя, алыңыз... Мамыр, ичкилигинден куйчу...

(Шарт Таштан кирип келет.)

М а м ы р. О, биздин кекиликчи келди.

Т а ш т а н. Мамыр, трактор эчак келиптир. Айбек жок!

Б е р м е т. Кокуй, ал эмнеси?

М а м ы р. Ал кайда калат?

Т а ш т а н. Кара-Кыяда.

Б е р м е т. Кара-Кыяда?

М а м ы р. Эмне үчүн?

Т а ш т а н. Себебин айтпаптыр. Кете бергиле, мен жөө барам деп койгон имиш.

Б е р м е т. Бул эмне кылганы экен, ботом?

У р к у я. Карангы кирип калды, адашып кетпес бекен?

М а м ы р. Айбек Арстанбапта адашпайт. Келгиле, андан көрө мына бул бокалдарды көтөрүп жиберели. Отур, Таштан. Уркуя, куш келипсиз биздин үйгө!

У р к у я. Кудай кушубак кылсын баарыбызды.

М у к а й. Сиздей окурманым бар экенине сүйүнүп атам.

У р к у я. Тааныштыкыбыз үчүн!

Б е р м е т. Экөөнөрдүн тааныштыкынар үчүн.

У р к у я. Бул үчүн сизге ыракмат, эже. Мамыр байкеге ракмат. Сиздер үчүн!

М а м ы р. Таштан, сенин кекиликтериң бышабы бүгүн?

Т а ш т а н. Азыр, өздөрүнөн сурап келем. *(Чыгып кетет).*

Б е р м е т. Кекиликтери эчак бышты мунун. Ал Айбекти күтүп атат.

М а м ы р. Биздин Айбекти өз баласындай көрөт. А өз баласы жок бечаранын...

У р к у я. Кызык, Айбекке эмне болду экен? Жөндөнжөн ээн токойдо калып калабы?

М а м ы р. Тан...

У р к у я. Бирөө-жарымды утурлатып жиберсек кантет?

Б е р м е т. Токойдо миллион сокмо жол бар. Кайсы бирине киши жөнөтөбүз?

(Босогодо Айбек пайда болот. Айбек узун бойлуу, арык чырай, кашы-көзү капкара, куш мурун, ымандуу жигит. Азыркы акывалы арып-ачыган, үстү суу, бети-колу баткак. Бирок бажырая жылмайып туруп салам айтат.)

А й б е к. Акшамынар кут болсун!

У р к у я. Ой, Айбек! Биз баарыбыз кабатыр болуп аттык эле.

А й б е к. Биздин үйгө куш келипсиз... Уркуя Камбаровна.

У р к у я. Ракмат.

Б е р м е т. Адепсиз десе, адегенде алыстан келген мейман менен учурашат.

А й б е к. Саламатсызбы, аба.

(Кирзе өтүгү менен өтүп, Мукайга колун берет.)

М у к а й. О-о, Айбек деген жигит ушундай турбайбы?

А й б е к. Ооба.

(Беркилер күлүп жиберишет.)

Б е р м е т. Уятсыз... Кантип ушу кейпиң менен кишилердин үстүнө киресиң? Бар эми жууныл, кийинип кел...

А й б е к. Кеттим, кеттим...

(Уркуяга карап жылмайып коюп, чыгып кетет.)

Б е р м е т. Бала эле бойдон. Дагы үйлөнөм деп коёт...

(Берметтин сөзүнөн улам Уркуя ойдолоктой түшөт. Ал сөздү дароо башка жакка бурып кетет.)

У р к у я. Арстанбапка биринчи жолу келишиңизби?

М у к а й. Биринчи жолу.

М а м ы р. Дүйнөнүн бардык булуң-бурчун кыдырып чыгып, акырында бararга эч кызык жер калбай калганда

анан Арстанбапка келип отурбайбы. Ошондо да Арстанбапты көргөнү эмес, Арстанбапта иштегени, Япония жөнүндө китеп жазганы келет. Ушундайбы, жанылбасам.

М у к а й *(күлөт)*. Ушундай.

У р к у я. Менимче, ар кандай инсан, а жазуучулар биринчи иретте, өзүнүн дүйнөлүк саякатын өз Ата Журтунан башташ керек.

Б е р м е т. Ата Журт качпайт. А көздүн тирүүсүндө, мүмкүнчүлүк барда, башка жерлерди, башка элдерди көрүп калган жакшы.

У р к у я. Кокус ошентип отуруп, өз жеринди көргөнгө, өз элинди билгенге өмүрүң жетпей калсачы? Бул деген чоң арман го?

М а м ы р. Туура айтасыз, Уркуя. Мисалы, Арстанбаптай улуу токойду, Арстанбаптай сулуу токойду көрбөй көзү жумулган кыргызга мин мертебе убал болот.

Б е р м е т. О кокуй-ой... Арстанбапты тим эле жердин кийиндиги кылып таштайт.

М а м ы р. Мага ошондой эле. *(Босогодо Айбек пайда болот. Кийимин жаңылап кийинген. Ата-энесинин акыркы сөздөрүн угуп калат.)*

А й б е к. Мен үчүн дагы.

Б е р м е т. Кел, мындай отур тантыбай.

(Айбек апасы көрсөткөн жерге отурбастан, Уркуянын маңдайына барып отурат. Уркуя ага тамак-аш салыштыра баштайт. Берки үчөө бирин бири тиктешип калышат.)

У р к у я. Таза, кардың ачкандыр?

А й б е к. Айта көрбөңүз.

Б е р м е т. Анан эмне кылып жүрдүң ушул убакка чейин токойдо?

А й б е к. Иштеп жүрдүм...

Б е р м е т. Иштегендер эбак эле келишкен трактор менен. А сен Кызыл-Жарда түшүп калыпсың го?

М а м ы р. Чын эле, балам, эмнеге элден бөлүндүң?

(Айбек кыйлага чейин башын көтөрбөйт. Кийин Уркуяны бир карап алып, анан жооп берет.)

А й б е к. Чагылгандын огун издедим...

Б е р м е т. Эмне?

У р к у я. Чагылгандын огун?

А й б е к. Уркуя Камбаровна, менин чоң атам он жети жашында өзүнөн он жаш улуу жесирге ашык болуп калыптыр...

Б е р м е т. Ботом, бул эмнени жөөлүп кирди?

А й б е к. Жесир абдан сулуу, зирек келин экен. Ал дагы чоң атамды сүйүп калыптыр. Бирок экөө баш кошолу

дешсе, экөөнүн тең ата-энеси, урук-тууганы уруксат беришпейт, катуу каршы чыгышат: экөө тең эмес дешет. Айласы кеткен ашыктар сүйүүсүн элден жашырып, күндүзү киши көзүнө көрүнбөй, айлуу түндөрдө, токойдун алыскы булун-бурчунда гана жолугуп жүрүшөт...

Б е р м е т. Айбек, токтот тамсилинди!

А й б е к. Уркуя Камбаровна, бул тамсил эмес... Чагылгандын огу урсун калп айтсам!

У р к у я *(Айбектин колун кармай калат)*. Айбек... Карганбачы ошентип... Дайыма чагылган урсун дейсиң да, турасың. Мен бара-бара корко баштадым ушул каргыштан. Мен ансыз деле ишенем го сага?

М а м ы р. Уулум, бул окуяны мен жакшы билем. Бирок эмнеге аны айтып жатканынды түшүнбөйм. Чагылган жөнүндө баштап коюп...

А й б е к. Бир күнү экөө токойдо катуу жаанда калышат. Жаандан корголоп жоон жаңгактын түбүндө отурушса, жакын жердеги даракка чагылган түшөт. Чагылган даракты кыйып, жерге кирип кетет. Чагылган кирген жердин топурагы омкорулуп, топурактан булоо чыга баштайт. Ошондо чоң атам чуркап барса, топурактын бетинде чагылгандын огу жатыптыр. Ок али ысык экен. Чоң атам аны жаанга жууп жиберип; анан апкелип жесир келиндин алаканына салат. Чагылгандын огу ыйык таш экен көрсө. Ошол күн, ошол сааттан баштап экөөнүн иши чукулунан оңолуп кетет. Тез эле ата-энелер, урук-тууганлар оңолуп кетет. Тез үйлөнүшөт. Анан экөө узак, бактылуу өмүр сүрүшөт. Төрт уул, үч кыздуу болушат. Балдарынын бири да оорубаптыр, бири да өлбөптүр. Уулдарынын бири менин атам, көрүп турбайсыңарбы, Манастай бакыйган киши...

(Беркилер күлүп калышат.)

У р к у я. Айбек... Чагылгандын огу... Ал эмне болуптур?

А й б е к. Чагылгандын огун чоң атам менен чоң энем куду өздөрүнүн бактысын сактагандай сактап келишет. Эч кимге көрсөтүшпөйт, эч кимге беришпейт. Мага гана чоң энем бир-эки жолу карматкан. Мен чоң атам менен чоң энемдин колунда чоңойдум — экөө тең мени жакшы көрүшчү. Айрыкча чоң энем. Карматчу да, кайра катып алчу. Акыркы жолу аны кемпир өлгөндө гана бир көрдүм. Энем өзүнүн ыйык ташын мыжыккан бойдон жан бериптир. Мен аны акырын колунан алып коёюн десем, чоң атам тим кой деп койгон. Чагылгандын ташы кемпир менен кошо көмүлдү...

Б е р м е т. Мамыр, ушунун баары чынбы?

М а м ы р. Чын.

Мукай. Кызык окуя экен... *(Чөнтөгүнөн блокнотун алып бирдемелерди жазып алат.)*

Айбек. Уркуя Камбаровна, сиз менин чоң атамды көрбөй калдыңыз ээ?

Уркуя. Жок.

Айбек. Байбичесинен кийин бечарам бат эле картая түштү. Анан үйдө отурбай, керели-кечке токойду кыдырчу адат таап алды. Кээде түнөп да калчу токойдо. Элдин баары аны жиндиге чыгарып койду. Бирок ал жинди-пинди болгон жок. Мен муну жакшы билем. Себеби ал жоголгондо артынан мен гана издеп барчумун. Мен барганда ал сопсоо басып жүрөт, же бир жерге оттон улуу жагып коюп, жанында уктап жаткан болот. Бир гана жери өз алдынча күңкүлдөп чоң энем раматылык менен сүйлөшө кетчү, анын атын атап чакырчу кээде — ушул бар болгону.

Бермет. Жинди болгону ошол да.

Айбек. Акыркы жолу жоголгондо мен аны үч күн издедим. Үчүнчү күн дегенде Кара-Кыядан, чоң, картаң жаңгактын астынан таптым. Жаңгактын үстүнөн чагылган жарылыптыр. Чагылгандын огу жаңгактын шактарын бүтүндөй куйкалап, чоң атам отурган жерден бир карыш нары кирип кетиптир. Чоң атамдын чепкени күйүп барып өчүптүр...

Мукай. Ажайып өлүм экен... *(Блокнотуна жазат.)*

Мамыр. Демек, сен бүгүн ошол куураган жаңгактын түбүн казган турбайсынбы?

Айбек. Ооба... Мен аны үч жылдан бери казам...

Бермет. Үч жылдан бери?!

Айбек. Ооба. Уркуя Камбаровна биздин Арстанбапка келгенден бери... *(Баарысы унчукпай калышат. Суроо бершике эч ким батынбайт.)* Үч жылдан бери чагылган түшкөн жерди казам... Үч жылдан бери чагылган түшкөй эле деп, учу-кыйыры жок токойдун үстүн, чагылгандын отторун карайм...

Уркуя *(дароо анын эки колун кармайт)*. Ананайын сенден... *(Ушу тапта босогодо Чолпон менен Таштан пайда болот.)*

Чолпон. Бешбармак даяр болду.

Таштан. Кекиликтер дагын.

(Бирок эч ким алардын сөздөрүнө жооп бербейт. Баарысы олдоксон абалда Айбек менен Уркуяны карап отура бершет.)

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

I КӨРҮНҮШ

Эркебаевдердин мейманканасы. Мейманкананын төркү эшигинен Бермет чыгат, сырткы эшигинен Чолпон кирет. Бермет ич көйнөкчөн, колунда салафан калтасы бар. Чолпон белине ашкөрөк-фартук тартынып алган, колу камыр.

Чолпон. Апа, оокат даяр болду. Алпара берейинби?

Бермет *(калтадан кооз кимано алып чыгып, аны кие баштайт)*. Өзүм алпарам.

Чолпон. Ой, апа... Сен күн сайын эле алпарып атпайсыңбы, бир күнү мен алпарсам эмне болот экен?

Бермет. А сага эмне жок?

Чолпон. Сүйлөшүп отуруп келет элем. Келгенине эки жума болуп баратат, бир дагы сүйлөшө элекмин.

Бермет. Сендей секелек кыз менен сүйлөшүп отургандай анын убактысы жок. Иш кылып атат ал.

Чолпон. А мен китеп жазып отурган адамды эч көргөн эмесмин...

Бермет. Тар окшойт өлүгүндү көрөйүн...

Чолпон. Тар, тар. Көрбөй атасыңбы?

Бермет. Эми эмне кылам?

Чолпон. Кейибе, өзүм кийип коём.

Бермет. Ооба сага. Мукай муну атайы Япониядан апкелсе, анан сен кийип коёсуңбу?

Чолпон. Атайы апкелсе, чоңураагын апкелбейби анан?

Бермет. Анда айып жок. Он тогуз жыл илгери ажырашкан Берметине арнаган да. Он тогуз жыл илгери биз деле, бийкеч, суйсалган кымча бел кыз элек. Эми келип минтип... кичине толуп турабыз.

Чолпон. А сен толбогун. Толгонуң болбосо, сен азыр деле суйсалган сулуу аялсың.

Бермет. Ракмат. *(Айбек кирет. Үстүндө токойчунун эски формасы, ийнинде кайыш сумкасы бар. Кирип келип эле апасын таңыркап карап туруп калат.)*

Айбек. Ой-ий, апа, бул көйнөктү кайдан алдың?

Чолпон. А мен сага айтпадым беле: биздин мейман апама көйнөк, атама саат тартуулады деп.

Айбек. А мен жөнөкөй эле көйнөк экен деп ойлогом. Көрсө бул... япондук аялдардын көйнөгү турбайбы...

Бермет. Муну көйнөк дебейт. Муну — кимано дейт.

Айбек. Кимано... Укмуш кооз экен... кимано... Бирок сага жарашпай турат.

Бермет. Мага куп жарашат. Бир гана жери кичине тардык кылып атат.

А й б е к. А тар кийимдин жарашыгы болбойт.

Б е р м е т. Баары бир кием.

А й б е к. Кап... Айып кыласын да...

Б е р м е т. А сенин эмнеге ичин ачышат?

А й б е к. Андан көрө... мага берчи!

Б е р м е т. А сен эмне кыласын?

А й б е к. Мен... Уркуя Камбаровнага тартуу кылат элем. Ага өлүп калат мындай буюмдар... *(Апасынын оозу ачылып туруп калат.)*

Б е р м е т. О, жараткан... Мына бул баланын оозунан чыккан сөзүн ук... Өз апасынын буюмун өзүнө ыраа көрбөй, кайдагы бир жат катынга тартып бергиси бар мунун...

А й б е к. А мен сага башка көйнөк сатып берем! Өзүн сүйгөн, өзүнө жарашкан көйнөктөрдөн. Мисалы, атлас, баркыт... Менде акча бар. Көп акча. Мин сомго жакын. Мен аларды көптөн бери чогултуп келатам. Уркуя Камбаровнага бир кымбат белек сатып берейин деп жүрөм. Бирок Арстанбапта ага ылайык буюм табылбай атат. Эгер макул болсоң, сенин кимоноңду сатып алайын. А, апа?

Б е р м е т. Ападан айлан сен...

(Креслого отуруп ыйлай баштайт. Балдары бирин бири карап күнөөкөр туруп калышат. Ошо кезде аталары кирет. Кийгени — токойчунун формасы.)

М а м ы р. Ой, бул жерде эмне болуп атат?

А й б е к. Билбейм... Апама алдагы кимано тарлык кылып атканынан, мага сат, мен Уркуя Камбаровнага тартуу кылайын дедим бар болгону...

М а м ы р. Мм... Туура эмес кылгансың. Апаңа аны жакын киши тартуу кылды да. Сен дагы бирөөнү жакшы көрсөң, ага өзүнчө белек ойлоп тап.

Б е р м е т *(көзүн аарчып, башын көтөрөт)*. Чолпон... Оокатынды салып берчи идишке, ысыгында мейманга алпарайын.

М а м ы р. А мейманың Уркуя менен шаркыратмага карай баратат. Азыр эле жолугушту экөө.

Б е р м е т. Аты өчсүн ылайым ошол Уркуянын. Мукайды иштетпес болду такыр. Күндүзү токойго сүйрөйт мына минтип, а түндөсү тан атканча жанынан чыкпайт экен божурап. Эркектин башын айлантканга эч ким ага тең келгидей эмес. Болсо болду, бул катын Мукайдын аялы жоктугун билип алган көрүнөт. Мындайлар дароо эле билет.

А й б е к. Билсе эмне экен? Оюндун баары арам... бай! Сен жөнүндө эч ким сөз кылбайт. Сен эчак эсептен

чыккансың ал шуркуя үчүн. Бул жагынан атаң экөөбүздүн көңүлүбүз тынчыды. Азыр биз мейман жөнүндө кабатыр болуп атабыз. Кокус билбестик кылып, ага үйлөнөм деп калса, шору куруйт да бечаранын. Мамыр, Мукайды куткарыш керек андан. Мүмкүн, ушунчалыгында үйүнө кайт десек кантет аны?

М а м ы р. Уят эмеспи. Кантип ошого оозубуз барат? Чакырарын чакырып алып...

А й б е к. Мен айтайынбы анда?

М а м ы р. Эмне?

Б е р м е т. А сага эмне жок? Сен ким элең ал үчүн?

А й б е к. Мен айтам! Мен кетирем аны! Мен көрсөтөм ага!

(Айбек атырылып чыгып кетет. Берки үчөө кыйкырып калат артынан.)

М а м ы р. Айбек! Антпе, балам! Токто!

Б е р м е т. Айбек! Кайт артыңа, жубарымбек! Бейбаштык кылба!

Ч о л п о н. Айбек! Айбек! Байке! *(Чолпон Айбектин артынан кетет. Эрди-катын тиктешип туруп калат.)*

М а м ы р. Менимче, сен, чындап эле Мукайды куткарганы жатат окшойсун?

Б е р м е т. Жөөлүбөчү... *(Ордунан туруп терезеге барат.)* О, кокуй Мамыр, тиги кайсар баланды карачы: кобуна таяк алып чуркап баратат!

М а м ы р *(дагы терезеге келет)*. Чын эле... Жок, мен артынан кууп жетейин... Болбосо, бул бала бир шойкон чыгарат...

Б е р м е т. Туура. Ал айтканынан кайтпайт. Бизди шерменде кылат. Кеттик!

(Экөө шашкан бойдон жөнөп калышат.)

II КӨРҮНҮШ

Уркуя Менен Мукай жашаган үй. Үй тоонун боорунда. Ага бир нече сокмо жол барат. Үйдү туш-тараптан жаңгактар чүмкөп турат. Жаңгактын шагы үйдүн верандасына чейин түшүп келет. Веранда кең. Анын орто чеинде тегерек стол, креслолор коюлган. Верандага эки эшик чыгат. Эшиктер өтө эндүү, ачык кезде бөлмөлөрдүн ичи булун-бурчуна чейин көрүнүп турат. Алардын бири — Мукайдыкы, экинчиси — Уркуяныкы. Азыр экөө тең ачык. Уркуя үйүндө жок. А Мукай өз бөлмөсүндө машинке басып отурат. Басканын ичинен окуйт да, анан машинкеден сууруп алып, мыжыгып-мыжыгып ыргытып жиберет.

Мукай. Токио... Киото... Хокайдо... Болбой атат. *(Ордунан туруп верандага чыгат. Уркуянын эшигине көз салып, тыңшап көрөт.)* Уркуя... Үйдөсүзбү? *(Ичкери башбагат.)* Жок... Дагы эле келбептир... Качан келет? Хэ... Токио... Киото, Хокайдо... Мен Японияны унутуп калдым. Мен өз көзүм менен көрүп келген Японияны көз алдыма элестете албай атам. Менин ой-кыялым ушул чытырман токойду аралап чыгып кете албай жатат. Мен өзүм да, ой-кыялым да ушул токойдо. Туруш-турмушум менен ушул токойдомун. Күнү-түнү ушул токойду кезип жүрөм. Мин сандаган сокмо жолдорун басам, жүздөгөн жыгач көпүрөлөрүнөн өтөм. А сокмо жолдун бурулушунан, жыгач көпүрөнүн нары жагынан Уркуя сулуу чыга келет. Ал дайыма алдыман чыгат. Мектебинен келаткан болот. Булакка сууга баратат. Же очогуна куу чырпык терип жүрөт... Иши кылып бассам-турсам бет мандайымда турат да калат. Айламды кетирди бул аял. Кутулбас куяга калдым. А андан кутулмайын, бул токойдон чыкмайын, мен эч кандай иш кыла албайм эми. Кутулуш керек!..

Бирок жараткан кудай, өзүмө калп айтсам да, сага калп айта албайм: өзүмдүн кутулгум жок, кетким жок бул токойдон — мына шермендечилик! Өзүн билесин, мен өмүрүмдө мындай аквалга түш келген жок элем. Өмүрүмдө мен аялга жан дилим менен жабышкан эмесмин. Алар жармашчу мага! Мен дайыма француз Мюссенин айтканын кылчумун: «Аял деген сенин көлөкөн: жетейин десең, жеткирбейт, а качсан — артыңдан кубалайт» — деген раматылык мага. А мен анын айткандарын аткарып келдим ушу күнгө чейин. Аялдар дайыма менин артымдан ээрчий турган. Баарын өз көлөкөмө айлантчумун. А эми болсо, мына бул токойго келип алып, өзүм көлөкөгө айланып отурам... Көрсө, ушул убакка чейин аялдар мени сүйүп келиптир, а бул жолу... мен өзүм аялды сүйүп калдым. Чын айтам, кудай. Сүйүп калдым. Буга чейин мен сүйүү дегенди билген эмесмин. Эми билип отурам. Бул менин биринчи сүйүүм. Жана... акыркы сүйүүм. Мен ушинтип ойлойм. Өмүр өтүп баратат. Өмүргө кеч кирип калды. Же... кичине жашартасыңбы мени кайра? Жок, сен буга барбайсың. Мен муну билем. Шондуктан мен жан далбаска түшүп аракет кылышым керек. Бирок аракет кылганда эмне кылам? Тигил аял мени сүйбөй атпайбы? Сүйгөнүм бар дейт го? Бул эмнеси, кудай, мен сүйсөм, ал сүйбөйт да?! Мен көргөн эмесмин, билген эмесмин мындайды эч качан! Мен сүйөм, ал — сүйбөйт...

Кудай! Кечирип кой... Ушул убакка чейин мен сенин атыңды атаган адам эмесмин. Сага кайрылган эмесмин. Бирок эми мындан нары дайыма сенин ысмыңды тилимден түшүрбөй жүрөйүн, дилимде сактайын: жардам бер мага жараткан?! Айт жанагы мадыра баш балага: ал али жаш, анын аялдары баары алдыда. А менин акыркы аялым. Болгондо да сүйгөн аялым! Шондуктан атаандашпасын мени менен. Пейлин оңосун. Агасына жол берсин. Айт ушинтип. Күнү-түнү кулагына куй, кудай. Кулун болоюн ылайым ушинтсең. Анан... аялга да шыбырап жүр. Айбек деген — бала да. Айнысын анданан. Айбектен айныган күнү менин арыз-мунумду угат аргасыздан. Ушинт жараткан эгем. «Ал, кулум!» — деп кой бир жолу мага карап... Кокуй, чыгып келатат! Сыр бербей иштемиш болуп калайын... *(Чуркап барып ордуна отура калат.)* Бирок эмне деп басам? Оозума сөз кирбей атпайбы? Ай, эптеп бирдемелерди басып туруш керек — окумак беле келип. Бисмилла... *(Баса баш-*

тайт.) Токио... Киото... Хокайдо... «Гензи-моногатари»... «Исэ-моногатари»... Фудзияма... Басё... Кавабата...

(Верандага Уркуя чыгып келет. Бир колунда китептердеп салынган сумка, экинчисинде — зонтик.)

Уркуя. Иш илгери болсун!

Мукай. О, саламатсызбы, кошуна!

(Ордунан туруп верандага келет.)

Уркуя. Катырып иштеп аткан экенсиз.

Мукай. Тезирээк бүтүш керек. Китеп быйыл чыгат.

Уркуя. Кызык... Өзүңүз ушул жерде отурасыз, а ойкыялыңыз Японияда. Азыр Япониянын каеринде жүрөсүз — билсем болобу?

Мукай. О-о, азыр Хокайдо жолунда баратам...

Уркуя. Хокайдо... Мен бул жолду Хокусай менен Хиросигенин тарткан сүрөттөрүнөн гана билем. Кандай ажайып жол... Токойлуу тоону аралап өтөт ээ?

Мукай. Ооба.

Уркуя. Хокусай менен Хиросиге бул жолду жөө басып өтүшкөн имиш...

Мукай. А биз, советтик жазуучулар, чоң автобус менен баратабыз...

Уркуя. Ава ырайы кандай бүгүн ал жерде?

Мукай. Жаан себелеп турат, туман...

Уркуя. Куду биздин Арстанбаптагыдай экен. Бизде да бүгүн жаан, туман... Тээтиги тоонун боорун карасаңыз?! Жаан, тумандын арасынан жапайы алчанын гүлдөрү көрүнүп турат...

Мукай. Ооба...

Уркуя. «Как сквозь туман, вишневые цветы
На горных склонах раннею весною
Белеют вдалеке —
Так промелькнула ты,
но сердце все полно тобою!»

Мукай. Кудая тобо... Японияны менден жакшы билет экенсиз.

Уркуя. Айтмакчы, Сиздин атыңыз Япониянын поэзиясынан кезигет, билесизби ушуну?

Мукай. Жок...

Уркуя. Кантип? Басёнун эң жакшы көргөн окуучусу Мукай Кёрай деген болгон да?!

Мукай. Коюңузчу? Мукай Кёрай... Мукай Кёрай... Ракмат, мен муну бир жерге кыстара кетем... Ракмат... Деги мен сизге чоң ыраазымын. Сиз менен таанышканыма ушундай курсантмын. Сиз өзүңүз мен үчүн Япония болуп турасыз.

Мындайча айтканда, мен жаңы өлкөнү ачып аткандай болуп атам. Бул өлкөнүн аты — Уркуя... Уркуя... *(Кокусунан Уркуяны колдон алат.)* Уруксат бериниз, мен ушул өлкөнүн гражданы болоюн, ушул өлкөнүн жазуучусу болоюн?

У р к у я . Ракмат... Бирок... бул өлкөгө мен эгедер эмесмин. Бул өлкөнүн ээси бар. Ал эч кимди жолотпойт анын чегине. Өткөн жолу көрдүңүз го, аз жерден сизди таяк менен сабап жибере жаздады. Кудай жалгап, ата-энеси жетип келишпедиби.

М у к а й . Албетте, аны дагы түшүнсө болот: сизди жакшы көрүп калыптыр. Бул анын биринчи сүйүүсү. А биринчи сүйүү — баланын сүйүүсү. Ал куду өткүн жаандай: өтөт да кетет. Бирок сизге эмне жок? Сиз аны сүйбөйсүз да?!

У р к у я . Адегенде мен да ошентип ойлогом. Бул балалык кылып атат дегенмин. Өзүмдөн качырып жүрдүм. Бирок болбоду. Карасам: мен аны көкүрөккө түрткөн сайын, анын жүрөгүнө тырмактарым батып кетип атты. Ошондо мен өзүмдүн башыман кечирген бир окуяны эстедим. Мен дагы кезегинде ушул балага окшоп, өзүмдөн улуу кишиге ашык болгом. Мен Айбекке мугалим болсом, ал мага мугалим эле. Мектепте эмес, албетте, университетте. Беш жыл бою мен аны пайгамбарым деп жүрдүм. Бирок беш жыл бою пайгамбарым менин сүйүүмдү кабыл кылбай койду — анын үй-бүлөөсү бар эле. Мына ошондо жүрөгүм бир канталаган... Бирок кудай мага ырайым кылып, колумдан жетелеп келип, ушул токойго орноштуруп, анан өзүнүн периштесин дарыгер кылып берди мага. А бул периште менин жараларымды өз сүйүүсү менен дарылап, минтип адам катарына кошту. Эми минтип айыгып алган соң, кантип аны жериймин өзүмдөн? Жок, жакшылыкка — жакшылык, сүйүүгө — сүйүү менин жообум.

М у к а й . Мм... ушундай дениз...

У р к у я . Ушундай, агай... Ар кимдер ар нерсе айтып жүрөт мен жөнүндө. Дей беришсин. А мен Айбектин көңүлүн кыя албайм. Ырас, ал өзүнүн бактысын мен деп билсе, мен ага өлөр өлгөнчө бакыт болуп беремин. Бирөөнү бактылуу кылгандан артык эмне бар бу дүйнөдө? *(Ушул учурда Айбек көрүнөт. Формачан. Колунда түрүлгөн чылбыры жана балтасы бар. Уркуя менен Мукай аны күтүп туруп калышат. Айбек экөөнү көрүп, кабагы салына түшөт.)*

А й б е к . Дагы экөөн бир турасынарбы?

У р к у я . Айбек, андай дебе, адепсиздик болот. Андан көрө амандаш киши менен.

А й б е к . Саламатсызбы...

(Мукай башын ийкеп коёт.)

У р к у я . Эмне, бүгүн отун кестиңерби?

А й б е к . Ооба. Сүмөлөккө.

У р к у я . Айтмакчы агай... Беш күндөн кийин бизде майрам!

М у к а й . Майрам? Кандай майрам?

У р к у я . Нооруз майрамы. Жаз майрамы. Жаңы жыл майрамы. Жыйырма экинчи март күнү күн менен түн теңелет эмеспи. Мына ушул күндү биздин токойчулар жаңы жылдын келиши деп билишет. Шондуктан биз бул күндү жаз майрамы, жаңы жыл майрамы катары майрамдайбыз. Токойдун ичине чоң-чоң казандар асып, сүмөлөк бышырабыз. Мындайча айтканда, атайы буудай өндүрүп, ал жашыл буудайды сокуга жанчып, көжө кылабыз. А көжөнү түн ичинде бышырабыз. Анан түнү бою ырдайбыз, бийлейбиз, ар түркүн оюндарды ойнойбуз... Укмуш майрам! Бул майрамды өткөрүш үчүн атайы комиссия түзүлөт. Айбек экөөбүз ошол комиссиянын мүчөсүбүз. Андан көрө, келиңиз биздин майрамга! Кошо майрамдайбыз! Макулбу?

М у к а й . Кызык майрам көрүнөт. Көрүш керек экен.

У р к у я . Айтмакчы, Айбек, азыр экөөбүз дарыяга түшүп барып, таш терип келели. *(Мукайга)* Ар бир казанга жети таш салып кайнатабыз. Таштар чаар болуш керек.

А й б е к . Куду чагылгандын огундай.

М у к а й . А-а... таштардын неге кереги бар?

У р к у я . Бул — символ. Илгери, Мукамбет пайгамбарыбыз ачарчылыкта, балдарына берерге оокаты жок, аларды алаксытыш үчүн, казанына жети ташты салып алып, таң атканча кайнатып чыгыптыр. А таң атканда казандын капкагын ачса, таш эрип, ашка айланып калган имиш...

М у к а й . Биринчи жолу угушум. Бир жерге жазыш керек экен. *(Уркуя менен Мукай сүйлөшүп атканда, Айбек билгизбей колундагы аркан менен веранданы экиге бөлүп таштайт. Мукай менен Уркуя аркандын эки тарабында калышат.)*

У р к у я *(Айбекке)*. Ботом, бул эмне кылып атасын?

А й б е к . Бул дагы — символ. Илгери менин чоң атам менен чоң энем раматылык дайыма эшиктерин ачык коюшчу. А үйлөрүнө ит-куш, же ой-максаты жаман киши кирбесин үчүн, эшигинин алдына ушинтип аркан таштап коюшчу эле...

М у к а й . Ошентсе эле эч ким, эч нерсе өтө албай калабы?

А й б е к . Ооба. Жылан сойлоп өтчү эмес, арыстан аттап өтчү эмес. Анткени чоң атам менен чоң энем арканга дем салып коюшчу. Мен ошол дем салганды үйрөнүп алгамын...

М у к а й. А-а... сен эмне үчүн тарттың эми муну?

А й б е к. Уркуя Камбаровна абдан ишенчээк киши. Үйүн дайыма ачык калтырат... *(Уркуя күлүп жиберет. А Мукайга эми гана жетет. Ал ызалана түшөт.)*

М у к а й. А мен мындай ырым-жырымга ишенбейм. Мен, мисалы, мындай тосмодон оной эле өтүп кетем.

А й б е к. Антпеңиз! Кармасаныз колуңуз карышат, аттасаңыз бутуңуз шал болот...

У р к у я. Айбек, андай суук сөздү сүйлөбө. Анын үстүнө сенин арканыңды эч ким аттабайт. Жүр, андан көрө дарыяга түшүп, таш терип чыгалы. *(Китептерин тегерек столго калтырып, Айбекти колдон алат. Айбек алаканын жамгырга тосот.)*

А й б е к. Эже...

У р к у я. Ов?

А й б е к. Бадам гүлдөдү... Алчалар гүлдөдү... Келгин куштар келе баштады... Мына бүгүн жамгыр жаап атат. Демек, жакында күн күркүрөп, алгачкы чагылгандар түшө баштайт...

У р к у я. Ооба. Чагылгандарга аз калды.

А й б е к. Күн сайын түшүмө чагылган кирет. Көп-көп чагылгандар... Жүздөгөн, миндеген чагылгандар... Биздин токойдун үстүндө тим эле чагылгандардын согушу болуп аткандай көрүнөт. Алардын оттору токойдун ичин жапжарык кылып жиберет. А мен болсом алардын огу каерге түшөр экен деп, токойду аралап чымын-куюн болуп чуркап жүрөм. Бирок ошончо чагылгандын бирөө да жерге түшпөйт...

У р к у я. Түшөт... Сен аны табасың. Биз аны табабыз. *(Экөө кол кармашкан бойдон түшүп кетишет. Мукай алардын артынан узата карап калат.)*

М у к а й. Кандай бактылуу бала... Менин ага көзүм күйөт. Мен анын ордунда болгум келет. Мен аны менен орун алмашкым келет. Алсын ал менин жазуучулугумду, атак-даңкымды. А мен ушул байыркы токойдун арасында тигил эжекем менен кол кармашып жашап өтөйүн. Карганын канатындай капкара чачтарынан сылап, ак мөңгүдөй тунук беттеринен өөп... *(Бермет көрүнөт. Колунда ороолгон дасторкону бар.)*

Б е р м е т. Уф! Зорго чыгып келдим. Жол өтө эле тик эңгирегир...

М у к а й. А мен бүгүн келбей эле кой дебедимби сага. Эртең мененки тамагың түгөнө элек али. Муну каягыма жейм эми?

Б е р м е т. Мына мындай коюп коём, каалаганда жей бересиң. *(Дасторконду столдун үстүнө коюп, өзү креслого отура кетет.)* Оф, кичине эс алайынчы...

М у к а й. Байкушум, мен деп көп убаракерчилик тарта турган болдуң го?

Б е р м е т. А мага бул убаракерчилик жагат. Бир кезде сага аял болуп, өмүр бою сенин түйшүгүңдү кылып өткөндү эңсеген элем. Бирок сен мындай бакытты мага ыраа көргөнүң жок...

М у к а й. Мен жинди элем анда.

Б е р м е т. Бул эмне, өкүнгөнүңбү?

М у к а й. Мен азыр көп нерсеге өкүнөм. Мен... өз турмушумду куду кумарпоздой жашадым. Кумарпоз кумардан башканы ойлобойт турмушунда. А менин кумарым — жазуучулук болду. Жазуучу болом деп жүрүп өмүрүм өтүп кетти. Көп нерседен кур калдым...

Б е р м е т. Антпегин. Өмүрүң али өтө элек. Экөөбүз эми эле кырктан аштык. А алдыда дагы канча жашоо бар. *(Көкусунан Мамыр чыга келет. Формачан.)*

М а м ы р. «...Ортодо терең сүйүү бар... Жашообуз канча ким билет...»

Б е р м е т *(анын келишин жактырбай)*. Ой...

М а м ы р. Тоскоол болсом кечирип койгула. Бул жакка келейин деген оюм жок болчу, чагылгандын огу урсун калп айтсам.

Б е р м е т. Фу, баласынан жуккан тура...

М а м ы р. Мен түштөнөйүн деп өз үйүмө эле келгемин. Келсем, кара очокто кара казан олтурат аңгырап. «Оокатың кана, кара казан?» — десем: — «Оокатым тоонун боорундагы жалгыз үйгө карай чыгып кетти» — дейт, күнөөкөр түр менен. Абаны жыттап көрсөм, оокаттын жыты жалгыз аяк жол менен тоону өрдөп кетиптир. Соргок жаным, кампайган ач курсагымды алдыма салып алып, чыгып келдим минтип. Кана, Мукай, кешик калтырдыңбы?

М у к а й. Мен али ооз тие элекмин. Курсагым ток. Тигине, жей бер.

М а м ы р. Ракмат. Анда мен сага кешик калтырайын. *(Дасторконду ача баштайт.)*

Б е р м е т. Мамыр... уялбайсыңбы? Мен Мукайга апкелсем...

М а м ы р. Ой, мен ачка өлөйүнбү анан?

Б е р м е т. Анда, Мукай, сен да отурсаңчы? Экөөнө тең жетишет.

М у к а й. Жей турган жерим жок, чын айтам.

М а м ы р. Ой-ой, палоо турбайбы? Бах-бах, палоо болбосоң коё кал. Менин аялым палоону укмуш жасайт да. Менин аялым тамак-аштын генийи. Деги эле менин аялыма аял жетпейт. Сулуу десең — сулуу, эстүү десең — эстүү. Бүт Кыргызстанды кыдырсаң мындай аял таппайсың. Жок! Болсо, атаң гөрү, дагы бирди алып коёт элем. *(Бөркү экөө күлүп калышат.)*

Б е р м е т. Жинди...

М а м ы р. Иштер кандай, саякатчы? Япониядан кайтаар маал болдубу?

М у к а й. Аз калды.

М а м ы р. Атаганат, сенин талантыңды мага бир жылга берип турса кудай.

Б е р м е т. И-и? Эмне кылат элең?

М а м ы р. Мен дагы китеп жазат элем. Бир гана китеп. Ошону жазып туруп, анан өлүп кетсем, арманым жок эле.

Б е р м е т. Ал китептин аты «Арстанбап» болмок.

М а м ы р. Ооба. «Арстанбап»... *(жеп жаткан палоосун таштап, ордунан турат.)* Арстанбаптын токою жана анын эли, шаркыратмалары жана көлдөрү, сокмо жолдору менен жыгач көпүрөлөрү, жамгыры жана туманы — баары кирмек ал китепке... Китепти мен миң түркүн даректардын миң түркүн түстө гүлдөп турганынан баштайт болчумун. Эх, Мукай, сен бир көрсөң болот эле биздин токойдун чатырап гүлдөгөнүн! Сулуулукка тунат элең, досум. А бул жердин күзүчү? Бүткүл тоо-түздүн баары өрттөнүп бараткандай саргаят да, анан бир ай бою жер бетине самсаалап сары жалбыректар жаап туруп алат. Ошондо токойдун ичи куржун, таяк көтөргөн элге толуп кетет. Чал-кемпир дебей, катын-бала дебей — телегейи тегиз жаңгак терип, алча терип, алма терип киребиз. Биз жылына жүз миң тонна жаңгак тапшырабыз билсең! Жүз миң! А алма менен алчаны таразалап бүтпөйсүң... Токойдун байлыгы ушунчалык көп, анын мөмөсүн кышка чейин да жыйнап бүтпөй калабыз. Кычыраган кышта баратып, кар баскан даректардын башын карасаң: кызыл, сары, көк, кара түстөгү алма, алчалардын ийилип турганын көрөсүң. Даректын боорун бир тепсең, ак кардын бетине кызыл-тазыл болуп жатып калат. Тергин да жей бер. Кардын үстүнө отуруп алып...

М у к а й. Мамыр! Ой, сен менин талантымсыз эле жатасың бул китепти! Карачы кантип айтып атасың? Жаз китебиңби, апенди!

Б е р м е т. Мукай, бул жазып көргөн. Жазып-жазып таштап аткан.

М у к а й. Чын элеби?

М а м ы р. Колдон келбейт экен.

Б е р м е т. Мейли, китеп жазыш колундан келбесин. Бирок диссертацияны аягына чыгарса болот эле го? Бүткөнү калган диссертациясын таштап салды бул эргул. Москвадагы жетекчиси алиге чейин жемелейт бул үчүн.

М а м ы р. Кол тийбейт. Күнү-түнү дебей токойду кезип жүрсөм... Анын үстүнө карыганда илимпоз болуп кайда барам...

Б е р м е т. Мына ушинтет да турат. А чынына келгенде, кеп убакытта же карылыкта эмес. Сенде алдыга умтулуу жок. Өсүп-өнөйүн деп ойлобойсуң. Кур дегенде, жанагы Уркуя катынчалык болбойсуң. Көрбөйсүңбү аны, качанкы калып кеткен диссертациясы үчүн Арстанбаптын жомокторун чогултуп жүрөт.

М у к а й. Ошондойбу?

М а м ы р. Бирок илимий иш үчүн эмес. Китеп кылып чыгарайын деген ою бар. Китебине ат коюп алган ал турмак. «Жаңгак токойдун жомогу» деп.

М у к а й. «Жаңгак токойдун жомогу»... Сонун ат экен.

М а м ы р. Айтмакчы, ал аял көрүнбөйт да?

М у к а й. Азыр эле Айбек экөө дарыяга түшүп кетишкен.

Б е р м е т. Айбек экөө... Дагы эле Айбек экөө... Ажыратсаңчы тезирээк ушул экөөн?

М у к а й *(ийинин куушуруп, күнөөкөр жылмаят)*. Аракет кылып жатам, бирок...

Б е р м е т. Эчтеке эмес, биз жардам беребиз сага.

М а м ы р. Ооба. Ойлогон оюбузду ишке ашырабыз кудаа кааласа.

Б е р м е т. Жүр эми, кеттик...

(Эрди-катын орундарынан турушат.)

М а м ы р. Айтмакчы, Мукай, биздин эл жаз майрамына даярдык көрүп атышат. Ажайып майрам болот. Майрамга кел!

Б е р м е т. Бирге майрамдайбыз.

М у к а й. Ракмат. Уркуя менен Айбек да чакырып кетишкен жана. Албетте, барам!

Б е р м е т. Уркуя менен Айбек... Ушул майрам күнү экөөн ажыратабыз.

М у к а й. Кантип?

М а м ы р. Учурунда көрөсүң.

(Эрди-катын ээрчишип түшүп кетишет.)

М у к а й. Бул экөөнүн оюнда бир нерсе бар. Ылайым, оюнар ишке ашсын. Силер өз баланарды бошотуп алсаңар, а

мага Уркуя сулуу калат. Силерге да, мага да сооп иш болот. Оп майда, достор! Самандары сизге пайда, кызыл даны бизге пайда!

III КӨРҮНҮШ

Тоо боорундагы коттедж. Үйдүн жака-белинде эч ким жок. Үй карангы, бирок верандага айдын нуру түшүп турат. Жымжырт. Алыстан гана элдин кубанычтуу ызы-чуусу, ыр-күүсү угулат. Бүгүн — Нооруз майрамы... Ылдый жактан шашып-бушуп Айбек чыгып келет.

А й б е к . Эжеке! Эжеке! Эжеке!

(Адегенде веранданын, анан Уркуянын чырагын жандырат.)

Эжеке! Үйдөсүзбү? Жок...

(Мукайдын бөлмөсүнө чуркап кирет. Чырак күйөт.) Жок...

(Кайра верандага келип, нары-бери баса баштайт.)

Кайда кетишти? Апам менен атам... Жок, апам: экөө кучакташкан бойдон кетишти деп айтты. Кучакташкан дегенине ишенбейм. Эжем менден башкага өзүн кучактатпайт. Бирок экөөнүн бир жакка басып кеткендиги чын болуп атат. Элдин арасында жок. Демек, бир жакка кетишкен. Каякка кетишет? Кантип мен көрбөй калдым?.. Жанагы ойсоке Асянын кылганы да! Оштон келиптир атасынын ак «Волгасы» менен. Атайы сага келдим дейт. Мунусу ырас. Ал дайыма мен деп келет. Менден башка жумушу жок бул жерде... Оюна келгенде келе берет ушинтип... Уф, башым ооруп чыкты. Музыка угабыз деп машинесине чакырып кирип, шампан ичирбедиби. Өмүрүмдө мынчалык көп ичкен эмесмин. Экөөбүз бүтүндөй бир шишени түгөтүп коюппуз. Фу, тамеки да жыттанып калыптырмын. Кыз туруп сигарет тартат уялбай. Уркуя Камбаровнанын колунда окусаң көрөт элем тамеки чеккенди... Каякка кетишти болду экен? Кучакташып басып кеткен дейт атам. Жок, апам. А атам: «Азыр эле экөө тоотмек ойноп атышкан», — деди бар болгону. А апам: «Кучакташып басып кетишти», — деп айтты. Же чын эле ошентиштиби? Эжекем ага барбайт. Эч качан! Ох, кичине мас болуп калдым... Токточу! А кокус ал менин Ася менен машинесинин ичинде отурганымды көрүп калсачы? Анан мага өчөшүп, жазуучу менен ээрчишип басып кеткен болсочу? Анда өлдүм. Ася жөн олтурбай... улам-улам өпкүлөп аткан. Эгер ушуну көргөн болсо — өлдүм! Бирок мен өзүм аны өпкөнүм жок. Чагылгандын огу урсун ылайым — бир өпкөнүм жок. Ася гана өөп атты... Жок, көрбөсө экен. Көрүшү

мүмкүн эмес. Салондун ичи карангы болчу. Бирок баары бир... Каякта жүрүшөт? А мүмкүн дагы көпчүлүккө кошулуп калышкандыр? Мен көргүлүктү көрсөтөм бул генийге! *(Кайра артына чуркап кетет. Ошол эле замат күйүп-бышып Чолпон чуркап кирет. Туура эле Уркуянын босогосуна барат.)*

Ч о л п о н . Эжеке? Уркуя Камбаровна! Жок... Үйүндө да жок... Кызык, каякта болду экен? Каякта болсо да табыш керек. Эскертиш керек аны. Же Айбектин өзүнө эле айтсамбы. Фу, кантип оозум барат ушуга... Апам гана айта алат андай сөздөрдү. Апамдын ою жаман... А Ася болсо анын айтканын аткарат. Уят жок ал кызда... *(Келген жагына чуркап кетет. Бирпастан кийин Бермет менен Мамыр чыгып келишет. Мамырдын колунда чоң сумка бар.)*

Б е р м е т . Уф... Ушул үйгө чыгып келиш — мен үчүн азап. *(Тегерек столдун жанындагы креслого отура кетет. Мамыр сумкасын столдун үстүнө коёт.)*

М а м ы р . Азап болсо, арыкта.

Б е р м е т . Арыкташка чоло жок. Керели-кечке үймө-үй жүрөсүң...

М а м ы р . Машина менен жүрөсүң. Мага окшоп жөө жүр.

Б е р м е т . Ооба, сен эле ыргайдай ыргалып турбайсыңбы...

М а м ы р *(адегенде Мукайдын, анан Уркуянын үйүнө башпагып чыгат.)* Ой, буларың али жокко үйдө?

Б е р м е т . Демек, дагы эле сенин токойчуларың менен отурушат. Мейли, отура беришсин. Мага десе, таң атканда келишсин бу жерге. А Айбек аларды издеп күйүгүп чуркап жүрөт. Ырас болот. Издеп-издеп таба албай, Асянын алдына кайра барат.

М а м ы р . А Ася кайда калды?

Б е р м е т . Чолпон экөө селкинчек тээп атышат.

М а м ы р . А сен ага... тапшырманды тапшырдыңбы?

Б е р м е т . Тапшырдым.

М а м ы р . Эмне деди?

Б е р м е т . Сүйүнүп кетти.

М а м ы р . Койчу? Чын элеби?

Б е р м е т . Эмнеге таң каласың? Бул анын көздөгөн максаты да. А биз ага жардам берип жатабыз.

М а м ы р . Иши кылып, баарысы сен ойлогондой бүтсө эле болду. А кокус оюң ишке ашпай калса, анда өлдүк...

Б е р м е т . Ал эмне дегенин?

М а м ы р . Мисалы... Кыз менен бала бүгүн машинеде түнөшсүн дейлик. Таң атканда Ася, сен айткандай, экөөбүз-

дүн алдыбызга келип буркан-шаркан түшүп ыйлап кирди... А муну Айбек моюнга албай койсочу?

Бермет. Айбек мас болот, ал эчтекени билбейт...

Мамыр. Э макул, көптөп аны ишендирелик. Бирок ошентсек дагы, албайм деп туруп алсачы?

Бермет. Анте албайт. Антсе, кыздын ата-энеси менен коркутабыз.

Мамыр. Билбейм... Мен кичине коркуп турам. Оюндан от чыкпаса экен...

Бермет. Чыкпайт... Айбек Ася менен абдан ынак азыр. Ася келгенден бери жанында болду. Экөө эки сааттай машинеде отурушту. Музыка угушту, шампан ичишти... Ошентип отурушкандарында Уркуя Айбекти издеп менин алдыма келиптир. Тигине, машинеңин ичинде отурат денен карап алып, анан унчукпай басып кетти. Мен дагы үндөгөнүм жок.

Мамыр. Кызды атайы чакырганынды шектенип калган го?

Бермет. Шектенсе, шектене берсин. Айбек билбесе болду.

Мамыр. Мен өзүмдүн токойчуларыма айттым: негизги максатынар — жазуучуну сыйлоо, бирок ал жалгыз барбайт силерге, шондуктан Уркуя Камбаровнаны ортомчул кылып алгыла дедим. Ошентиштиң. Уркуя менин көзүмчө Мукайды баштап кетти...

Бермет. А Айбек бир сааттан бери аларды издеп күйүгүп жүрөт.

Мамыр. Издесин.

Бермет *(саатын карайт)*. Төрт болуп калыптыр, а элдин тарагысы жок...

Мамыр. Сонун майрам болду. Өткөн жылкыдан да жакшы өтүп жатат. Бирок сен мени ойнотпой койдуң. А менин ичким келип турат.

Бермет. Мукай келсин, бирге майрамдайбыз. Кел андан көрө дасторкон жайып туралы. *(Сумкадан тамак-аш, ичкилик алып чыгып, столдун үстүнө жайнатып салышат.)*

Мамыр. Кимдир бирөө чыгып келатат...

(Айбек шашып келет. Ал ата-энесин байкабастан, аде-генде Уркуянын, анан Мукайдын үйүнө башпагын чыгат. Ошондо гана апасы менен атасын көрүп эси ооп, туруп калат.)

Бермет. Бечара балам... Мен сага айтып эле жүрбөдүм беле: акыры ушуну менен бүтөт деп. Ал аял Арстанбапта

тени жок жүргөн. Мына эми өзүнө тендеш киши табылды эле, сени бирпаста унутту да койду. Бирок бул жерде Муканда айып жок. Анын ордунда башка эркек болсо да ушинтмек. А бактысына Мукай туш келди — ошол.

Мамыр. «Ээси келсе, бээсин бер» деген экен бир кыргыз. Эжекендин ээси келди, уулум... *(Айбек кокусунан түркүкко башын жолоп, ыйлап кирет.)* Ой-ой, дос, мунун эмнен? Эр жигитке ыйлаган жарашпайт.

Бермет *(басып келип баласынын башынан сылайт.)* Ыйлаба, кулунум. Унут ал уятсызды. Андан көрө кайра барып майрамынды улант. Ася менен Чолпон күтүп атышат сени.

Айбек *(шарт башын көтөрөт)*. Каякта алар?

Бермет. Ылдыйда. Жаштар селкинчек тепкен жерде.

Айбек. Мен Уркуя менен Мукайды айтып жатам?!

Мамыр. Таң. Биз дагы минтип күтүп отурабыз.

Бермет. Токойдун ичи кең. Жүргүшкөндүр да бир жеринде...

Айбек. А мен баары бир табам! Табам да ташын талкан кылам... мейманынардын...

Бермет. Акылы жок айбан, мейманда эмне айып? «Кунажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзбөйт».

Мамыр. Ар-намыстуу бол, Айбек. Ушул түндөн кийин Уркуя менен учурашчу болсоң, эл-журттун шылдыңына каласың. Ансыз да апаң экөөбүз сен үчүн уялып келатабыз.

Айбек. А силер уялбагыла мен үчүн, уктуңарбы?! *(Ошентип коюп, чуркаган бойдон түшүп кетет.)*

Бермет. Чын эле, кокус жолуктурса, Мукайга кол салып жүрбөсүн баягыдай?

Мамыр. Азыр анын колунан ар нерсе келет. Жүр, андан көрө утурлап чыгалы аларды. *(Экөө ээрчишип түшүп кетишет. Көп убакыт өтпөй, башка бир жолдон Уркуя менен Мукайдын куунак үндөрү угулат. Экөө бири-бирин жөлөп-таяп келишет. Экөө тең кичине мас.)*

Мукай. Өх, Уркуя, Уркуя... Бүгүнкүдөй көп ичкен эмесмин... Кандай сонун кишилер сиздин токойчуларыңыз... Жөнөкөй, мээнеткеч адамдар... Көрсөңүз, менин китептеримдин баарын окуп чыгышыптыр! Кантип алардын көңүлүн кыясың. Жок десең таарынышат, тоотпой атат деп ойлошот.

Уркуя. Туура. Анын үстүнө бүгүн майрам. Жаңы жыл! Көрдүңүзбү, ылдый жактагы элди? Тыншасаңыз, кандай сонун ырдап атышат?

Мукай. Мен бул майрамды унутпайм. Эми мен дегеле Арстанбапты унутпайм. Сизди унутпайм. Мен жакында

кетем. Бирок өзүм менен кошо мына бул жангак токойду, ушул майрамды жана сизди кошо ала кетемин. Ракмат сизге, Уркуя. Сиз мени кайра жаралттыңыз, жаныртгыңыз. Эми мен такыр башкача жашагым келет, башкача жазгым келет...

Уркуя. Биз дагы сизди эстеп жүрөбүз. *(Верандага келип токтошот.)*

Мукай. Кандай сонун түн! Айтмакчы, алиги алчалар кайсы тушта эле? Гүлүн төктү бекен? Көрүнбөйт да?

Уркуя. Туман басып калыптыр.

Мукай. «Туман весенний, для чего ты скрыл
Цветы вишневые, что ныне облетают
На склонах гор?
Не только блеск нам мил —
И увяданья миг достоин восхищенья!»

Уркуя. Цураюки...

Мукай. А билесизби, Уркуя, мен Япония жөнүндө жазганымды токтоттум.

Уркуя. Эмне үчүн?

Мукай. Уялдым. Сизден уялдым. Сизге окшогон кишилерден уялдым. Көрсө, мен он күндүн ичинде көрүп келген Японияны, сиз көрбөй туруп эле билет экенсиз. Демек, башкалар деле билиши мүмкүн. Анда мен ким үчүн жазам? Жазылган нерселерди кайталап жазыштын кереги эмне? Жок, сиз туура айтасыз: ар бир жазуучу өзүнүн дүйнөлүк саякатын өз Ата Журтунан башташы керек. Өзүнүн башкы китебин өз Ата Журту жөнүндө гана жазышы керек... Эми мен өз катамды ондойм. Көрөсүз, өмүрүмдүн калганын бүтүндөй Кыргызстанды кыдырганга арнаймын. Жөө жолдору менен жүрүп отурам. Эсиңиздеби, Басё Японияның түндүгүн жөө кыдырып чыгып, «Түндүктүн сокмо жолдорунда» деген китеп жазган экен? А мен «Түштүктүн сокмо жолдорунда» деген китеп жазам. Мен ал саякат китепти баштадым деп эсептейм. Ушул токойдон, сизден...

Уркуя. Ниетиңизге кошулам. Айтканыңыз ишке ашсын ылайым... Эми үйгө кирип, эс алыңыз, таң атып келатат...

Мукай. Туура, жатыш керек... Кошуңуз... Ох, аябай көп ичтим да бүгүн... Майрамыңыз кут болсун!

Уркуя *(күлүп коёт)*. Жакшы түш көрүп жатыңыз... *(Мукай ага кол булгап коюп, өз бөлмөсүнө кирип кетет. Уркуя өз эшигине баш багат.)*

Уркуя. Айбек! Келбептир... *(Түркүккө жөлөнүп туруп калат. Бир нерсени эстеп, кыжырдана башын чулгуп алат.)*

Айып өзүмдө, мейман менен болом деп, ага колум бошобой калбадыбы. Эми аны таап келиш керек! *(Шашып түшүп кетет. Мукай үйдөн чыгып, Уркуянын бөлмөсүн карай басат.)*

Мукай. Уркуя, эсимден чыгып калыптыр... *(Айбектин арканына келип урунуп, андан өтпөстөн токтоп калат. Арканды кармалап жыллмайып коёт.)* Айбектин арканы... А билесинби, дос, мен сени жакшы көрүп калдым... Мен сенин ата-энене айтып кетем: Айбекти ажыратпагыла Уркуядан дейм... Уркуя! Жатып алыптыр, эртең айтам... *(Кайра үйүнө кирип кетет. Ошол эле замат Айбек чуркап келет. Колунда мылтыгы бар. Түптүз Уркуянын босогосуна келип, үйдүн ичине башпагат. Деми сууй түшөт.)*

Айбек. Жок... Дагы эле келишпептир... Эчтеке эмес, акыры келишет... *(Эми гана тегерек стол жакты карайт.)* А ата-энем кайда кетишкен? *(Басып келип столдун алдындагы креслого отурат.)* Мына бул дасторкон дагы экөөн күтүп турат. Мен да күтөм. *(Шампандын бирөөн тарс ачып, идишке куюп ичип жиберет.)* Ох... Бүгүнкүдөй көп ичкилик ичкен эмесмин... Күн бүркөлүп калды, жамгыр жааганы турат. А мүмкүн күн күркүрөп, чагылган жарылар? Эрте го али?.. *(Дагы шампан ичет.)* Бут денем калчылдап, колдорум калтырап атат...

(Кокусунан Мукайдын чырагы өчөт. Муну көрүп Айбек секирип турат.) Демек, алар бул жерде экен да? *(Мылтыгынын затворун тартып алып, эшикке карай басат.)* Эй, жазуучу! Чык бери! *(Ичкертен Мукайдын мас үнү угулат.)*

Мукайдын үнү. Ким бул? *(Анан пижамачан босого пайда болот. Жооп ордуна мылтык атылат. Мукай чалкасынан кетет. Айбек эси ооп туруп калат. Колунан мылтыгы түшөт. Кийин шарт бурулуп, чуркап кетет. Көп өтпөй Уркуя жетип келет. Коркуп алган.)*

Уркуя. Кудай сактай көр... Эмне шумдук болуп кетти? Мылтыктын үнүн уктум да? *(Мылтыкты көрүп, ордунда катып калат.)* Кудай сактай көр... Агай! Мукай Айтиевич! *(Чуркаган бойдон Мукайдын үстүнө кирип барып, чыракты жандырат. Босогонун оозунда жаткан Мукайды көрүп ачуу кыйкырып жиберет. Анын кыйкырыгынан Мукай чочуп кетип көзүн ачат.)*

Мукай. А? Эмне болду? *(Өйдө болот.)* А-а, Сизби? Кечирип коюңуз, уктап кетиптирмин...

Уркуя *(кичине өзүнө келет, бирок эчтеке түшүнбөйт.)* Уктап? Ушу босогонун оозунабы?

Мукай *(эки жагын каранат)*. Чын эле...

Уркуя. Ой! Колуңуз канап атпайбы!

(Мукай чыканагындагы кичинекей кызыл такты көрөт.)

Мукай. Чын эле... кан... А-а... Бирөө атты мени!

Уркуя. Ким?

Мукай. Билбейм... Көрсө, ошондо жыгылган турбаймынбы...

Уркуя. Мен азыр таңып берем. Кудай жалгап, кичине эле чырпып кетиптир... *(Эшикке атырылып чыгат. Верандада Мамыр менен Берметке бетме-бет келет. Тигил экөөнүн үрөйү учуп алган.)*

Бермет. Кокуй, эмне болуп атат бул жерде?

Мамыр. Биз мылтыктын үнүн уктук. Тынччылыкпы иши кылып?

Уркуя. Биздин мейманды бирөө атып кетиптир.

(Ошентип коюп өз үйүнө чуркап кетет. Эрди-катын шашып-бушуп, Мукайдын үстүнө киришет. Мукай чыканагын кармап, жерде отурат.)

Бермет. Мукай...

Мамыр. Ким?

Мукай. Көргөнгө үлгүрбөй калдым. Адегенде чакырды. Чыгып келатсам эле, атып калды... *(Эрди-катын үнсөзсүз тиктешип калат.)*

Мамыр. Кел, креслого отурчу... *(Мукайга жардам берип, креслого отургузушат. Уркуя кирип, Мукайдын колун таңа баштайт.)*

Уркуя. Бирок... Колуңуз ок тийгенге окшобойт. Жөн эле сүрүлүп кетиптир.

Мукай *(чыканагын көрөт)*. Туура... Анда мен эмнеге жыгылып жүрөм?

Уркуя. Мылтык атылганда катуу чочуп кеткенсиз го...

Мукай. Мүмкүн...

Мамыр. Уркуя... Мукайды ким атты деп ойлойсуз?

Уркуя. А сизчи?

Мамыр. Мм... башым маң...

Бермет. Менимче... бул иш сиздин айыңыздан болду.

Уркуя. Жана сиздердин айыңыздардан. *(Эрди-катын дагы тиктешип калышат. Аңгыча Айбекти колунан сүйрөп, капитан Таштан кирип келет.)*

Таштан. Тирүү! О, жараткан, ырайым кылган экенсиң. А бул бала мага барып: «Жазуучуну атып келдим» десе болобу... Кудайга шүгүр, баарыбыздын ыкбалыбыз бар экен.

Аз жерден Айбек соттолуп кете жаздады. Ак жерден азап чекмек бала. Анткени анда айып жок, айып мына бизде, ушул тургандарда. Биз жеткирдик аны ушу аквалга! *(Эшиктен шашып-бушуп Чолпон кирет, бирок ага эч ким көңүл бурбайт. Кыз эчтекени түшүнбөй туруп калат. Уркуя өйдө болуп Айбекке кайрылат.)*

Уркуя. Сага эмне болду?

(Арак турган Айбек аны кучактай жыгылып, ыйлап кирет.)

Айбек. О, эжеке... Эжеке... кечирип коюңуз... Оюмда мындай иш жок эле... Чыдай албай кеттим... *(Кокусунан Мукайга кайрылат.)* Сиз кетиңиз. Ушунчалыгыңызда кетиңиз. Болбосо, дагы атам. Бул жолу кур дүрмөт менен аттым. А эмкисинде... чындап атам... Бул аял менин кымбат кишим. Бул аял менин — апам, атам. Бул аял менин Ата Журтум! А мен Ата Журтумду коргой билем. Бир эмес, бүтүндөй НАТОнун армиясы келсин — бетме-бет чыгам!

Мукай *(жылмайып жоп берет)*. Азамат... сенин ордунда болсом, мен дагы ушинтмекмин. Мен кетем.

Айбек *(дароо жумшай түшөт.)* Кечирип коюңуз...

Мукай. Эчтеке эмес. Мен эртең эле кетем...

(Ортодо оор тыныгуу пайда болот.)

Айбек. Эжеке...

Уркуя *(анын башын сылайт)*. Эжең айлансын сенден...

Айбек. Эжеке... мен кыйналып кеттим...

Уркуя. Мен дагы...

Айбек. Келчи... үйлөнүп алалы?

Уркуя. Эми мен сен эмнени кааласаң, ошону кылам.

Айбек. Анда... азыр эле никелешеликчи?

Уркуя. Кел...

(Беркилер таңыркап карап турушат. Айбек чөгөлөй отурат. Уркуя аны туурайт.)

Айбек. Анда айтчы... Камбар кызы Уркуя, Мамыр уулу Айбекке... башынды туттунбу?

(Ушул учурда кокусунан күн күркүрөйт, бирок ага эч ким көңүл бурбайт.)

Уркуя. Туттум.

Айбек. Анда сен...

(Таштан эми гана экөөнүн оюн түшүнөт да, чыныга графинден суу куя баштайт. Күн дагы күркүрөйт.)

Уркуя. Мамыр уулу Айбек... сен Камбар кызы Уркуяны аялдыкка аласыңбы?

Айбек. Алам.

(Таштан чыныны Айбекке сунат.)

Т а ш т а н. Уурта.

(Айбек суудан ууртайт да, чыныны Уркуяга берет. Уркуя ууртагандан кийин, Таштан өзү ууртайт. Чолпонго ичирет, анан Мамырга апкелет. Мамыр аялын тиктеген калыпта суудан ичип, кийин аялына сунат. Аялы Уркуя менен Айбекти бир карап алып, чыныны колго алат. Так ушул учурда удаа-удаасы менен күн күркүрөп, удаа-удаасы менен касырап чагылган жарылат. Чырак очуп, үйдүн ичи-тышы капкараңгы боло түшөт. Эшиктен катуу жааган жамгырдын шоокуму угулат. Тунжураган караңгылыкта тынымсыз түрдө чагылган чартылдап, анын жарыгында кишилердин сөлөкөтү, беттери элес-булас көрүнө калат...)

КӨШӨГӨ

1985

ТЕМИР КОРУК

(Үч бөлүмдөн турган пьеса)

КАТЫШУУЧУЛАР:

М а к т ы м Т о й г о н б а е в а — пенсионер аял, 65 жашта.
С у л а й м а н Т о й г о н б а е в — анын уулу, 45 жашта.
А й п е р и Т о й г о н б а е в а — анын келини, 45 жашта.
Т а и р — алардын уулу, 25 жашта.
Э р к а й ы м — алардын кызы, 16 жашта.
С о н у н — Айперинин эжесинин кызы, 18 жашта.
А р с т а н З а к и р о в — 47 жашта.
З ы й н а т З а к и р о в а — анын аялы, 45 жашта.

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

I КӨРҮНҮШ

Чоюн темирден кештелеп жасалган бийик коргон. Коргон кара түстө, жылма, оор. Анын дарбазасы да ошондой, анысы ачылып-жабылган сайын качырап-кучурап, келди-кеттиден катасыз кабар берип турат...

Коргондун төрүндө эки кабат менчик үй менменсийт. Үйдүн үстүнкү кабатында туташ балкон, астынкысынын пешайван- верандасы бар. Пешайвандын түркүктөрүнө чырмоок чөптөр чырмалып, дубалдарынын боорунда саавалар (попугайлар) сайрап турушат.

Үйдүн мандайында, коргондун как ортосунда, жалгыз түп дарак өсөт — жаңгак ал. Жангак пилдин белиндей жоон жана бирпагай, андан түшкөн

көлөкө бүт коргонду каптайт. Жаңгакты айланта, боз үйдүн ордундай жерге, кызыл-тазыл таштардан супа көтөрүлгөн, а супаны жээктей ар түркүн гүлдөр эгилген. Супанын үстүнө чакан стол, токулган кресло-качалкалар коюлган. Булардан тышкары супага жаңгактын шагына салынган кыл аркандан селкинчек салаңдап турат.

Азыр жай мезгили, чак түш.

Коргондо киши көрүнбөйт, тыптынч.

Кыйладан кийин гана кара дарбаза качырап, Мактым кирет. Мактым келбеттүү, сөөлөттүү, жүрүш-турушу тың, карсылдап сүйлөп, шаңкылдап күлгөн неме. Бирок азыркы көрүнүшү арып-чарчаган, тердеп- тепчип алган. Ал туура келип супанын кырына отура кетет.

М а к т ы м. Оф... Ысыбасаң, ысыбай кал, мээм кайнап кетти.

(Үйдөн Эркайым чыгат. Белинде фартугу бар.)

Э р к а й ы м. Ой, чоң эне, келдиңби? Каякта жүрдүң саардан бери?

(Супага келип, селкинчекке отурат. Селкинчек атайы ага арнап салынган.)

М а к т ы м. Вокзалга бардым. Кондукторлукка окуган кыздардан экзамен алдым. Комиссиянын мүчөсү эмесминби?

Э р к а й ы м. Ой, менин энем ушундай азамат. А мен сени суу бурганы кеткен экен деп отурбаймынбы. Карачы, гүлдөрүм соолуп баратат.

М а к т ы м. Ооба, чаңкап калыптыр. Кечке маал жыгып келем. Чоң атаңдын жаңгагы да ичип калсын.

Э р к а й ы м. Супага да суу чачыш керек. Ой, кайсы бирине үлгүрөм. Эртеңден бери тыным жок менде.

М а к т ы м. Эмне, өзүң элесиңби?

Э р к а й ы м. Анан ким болмок эле. Сонун ишинен кайта элек. Атакем ар кайсы базаларда чуркап жүрөт. А апакем мончодон чыгып Айперинин уйкусун салып уктап атат. Уйкусу канганча саат беш болот. Бештен жетиге чейин, өзүң билесиң, ал киши күзгүнүн мандайында отурушу керек. А жетиде меймандар келет...

М а к т ы м. Бечара кызым... Мен сага жардам берем. Көптөшүп ушул экөөнүн тоюн өткөрүп жиберели. Эмне той деп айттынар эле?

Э р к а й ы м. Күмүш той.

М а к т ы м. Ооба, күмүш той... Алтыны да бар, ээ?

Э р к а й ы м. Анысы элүү жылдан кийин тойлонот.

М а к т ы м. Илгери эрди-катындын бир эле тою болчу эле. Ошентсе да, азыркылардын айрымдарынан алда канча узак жана ынтымак жашашчу.

Эркайым. Менин ата-энем чейрек кылым бирге өмүр сүрүшкөнү менен буларды ынак үй-бүлө деп айтыш кыйын го. Кийинки эки жылдан бери экөө ээрчишип конокко барышпайт, отпускелерин ар башка өткөрүшөт. Ал турмак атам үйдүн үстүнкү этажын апама жалгыз таштап, өзү биротоло кабинетке көчүп алды. Анан минтип көпчүлүккө той бергенин кантесиң булардын. Менимче, бул көз боёмочулук.

Мактым. Ананайын акылыңдан, сен көп нерсени түшүнөсүң. Бирок ошентсе да, ата-энең жөнүндө антип айтпай жүр.

(Ушу тапта коргонго Сонун кирет. Сонун орто бойлуу, кымча бел, сулуу кыз. Азыр анын кабак-кашы салыңкы.)

Эркайым. Келдиңби, Сонун кыз?

(Сонун баш ийкеп коюп, үйгө кирип кетет.)

Мактым. Бөлөндүн сүйлөшкөнгө кушу жок.

Эркайым. Жумушунан чарчап, ысыктан жүдөп келди да байкуш.

Мактым. А менин байкашымча ушу кыз кийинки күндөрү сабыры суз жүрөт. Иштеген жеринде бирөө-жарым капа кылган көрүнөт.

Эркайым. Кадырың жам болсун, ишинде бирөө мунун мышыгын пыш дей албайт. Арстан Закиров өзү көзөмөлдөп жүргөн кыз биздин Сонун.

Мактым. Ошондой эле болсун ылайым. Жетим неме өксүк келет. А Айпери байкушту куду кулундай жумшайт.

Эркайым. Ага баарыбыз кулбуз.

(Ошо кезде үйдүн артынан шарактап поезд өтөт. Кемпир кол саатын карайт.)

Мактым. Фрунзе — Москва кетти.

Эркайым. Айтмакчы, эне, машинисттер дайыма сага сигнал берип өтчү эле го, кыйладан бери антпей калышты да?

Мактым. Ал да болсо Айперинин кылганы. Колдошуна арызданып, а Колдошу биздин начальникти коркутуп коюптур. Апаң кыйын аял.

Эркайым. Кап. Алардын сигнал - саламын бала кезден угуп жүрүп көнүп калыпмын.

Мактым. Сен бала чагыңан, а мен сендей кураңгыман...

Эркайым. И-и, чоң эне, улантсаң, улантсаң ошонуну. Кана, кана...

Мактым. Эмнени, ботом?

Эркайым. Сен он алты жашта элең. Айылдын сулуу кызысын. Сага бир желмогуз бай тун баласына куда түшөт,

а сенин сүйгөнүң кедей дыйкандын кенже уулу, он жети жашар боз бала, экөөң — Ромэо менен Джульеттасыңар...

Мактым *(күлөт)*. Жашабагыр десе, кемпирди келекелейт.

Эркайым. Айласы кеткен ашыктар айлардын бир айында, күндөрдүн бир күнүндө кол кармашып алып ата-энеңерден качасыңар. Анда сен...

Мактым. Ушундай жайдын түнү болучу, ай жарык... Таң атканча жол жүрүп, жолду жөө жүрүп, акыры Кызыл-Кыя шаарына келип жеттик. А түпкү максатыбыз — Коконго барыш. Кокондо — Ысактын, сенин чоң атаңдын тагасы жашайт, ал бизди куугундан куткарып калмак.

Эркайым. Ошентип экөөң поездге отурдуңар. Дүкүдүк, дүкү-дүк... Ту-ту-туу!

Мактым. А төлөгөнгө жол киребиз жок. Ысак — машинистке, а мен — проводникке жардам берип кутулмак болдук. Ал кез паровоздун заманы болучу: чоң атаң паровозго көмүр жагып, мен — вагондун ичин шыпырып кирдим. Кудай жалгап, жакшы адамдарга туш келиппиз. Машинист Константин Кузьмич дагы, проводник Галима апа дагы кыргызча-өзбекчени суудай билген кишилер экен, сураштырып отурушуп бат эле сырыбызды билип алышты. Биздин жоругубуз аларга жагып калды. Чай, нан берип сыйлашты. Ошентип жатып Кокондон нары алып өтүп кетишиптир. Бир маалда биз Кокон деп кокуйлап калсак, экөө каткырып күлүшөт. Эми Ташкенден кайтып келаткан да таштап өтүп кетебиз дешти анан. Айлабыз канча, кеттик Ташкенди көздөй...

Эркайым. Така-так, така-так... Ту-ту-ту...

Мактым. Бирок Ташкенге жеткенче экөө үгүттөп отуруп, бизди биротоло өздөрүнө жардамчы кылып кармап алышты. Тагдырдын тамашасы экен, кызым, ошол бойдон Ысак экөөбүздүн турмушубуз темир жолго байланды да калды. Поездде жүрүп балалуу болдук, поездде жүрүп чоң атаң согушка кетти, а мен анын кайтышын саргара күтүп жүрүп акыры пенсияга чыктым. Вагондон-вагонго, поезддан-поездге өтүп атып арыдым-карыдым. Миллион километрге созулган өмүрүм артта калды. Алигиче көз алдымда чиелешкен темир жолдор жалтырайт, санына санак жетпеген станциялар түшүмө кирет...

(Эркайым энесине эркелей ыктап, анын чачынан өбөт.)

Эркайым. Сен — менин легендамсың. Мен сени менен сыймыктанам. Сени бүткүл Фрунзе билет.

Мактым. Ананчы. Баягы бөтөлкө чогултуп, бөтөлкө тапшырып, андан тапкан акчасын Тынчтык фондусуна жөнөтүп турган апенди аял дешет да.

Эркайым. Жок! Сени биринчи иретте: шаардын эки жолку депутаты, эмгектин ветераны деп сыйлашат. Бекеринен көрүнгөн чогулуштарга чакырышпайт да.

Мактым. Анысы бар.

Эркайым. Көрчү! Дагы эмне керек сага?

Мактым. Дагы жер жүзүндө тынчтык болсун. Менин энекызым Эркайым узун, бактылуу өмүр сүрсүн.

Эркайым. Каалаганың аткарылат, карыям. Буга менде эки ишеним бар. Биринчиден, тынчтык үчүн сен күн сайын күрөшүп атасың. Экинчиден, энекызың Эркайым элдин кыздарына окшоп эсирип эссиз өспөстөн, өзүндүн өмүрүңдү өрнөк тутуп, келечекте эл кызматына жараган эл артисти болом дейт!

Мактым. Айланайын акылыңан, айтканың келсин ылайым. *(Кызын өбөт. Ошо кезде пешайванга Сонун чыгат. Ал дагы алдына ашкөрөк тагынып алган.)*

Сонун. Эркайым, канча кишилик дасторкон салабыз?

Эркайым. Сегиз кишилик.

Сонун. Ой, аз го?

Эркайым. Ашыкпа. Алтынчы күнү алтымыш конок тососун. А бүгүн өзүбүз гана болобуз.

Сонун. Өзүбүз дегениң кимдер? Бул үйдө ушу үчөөбүздү кошкондо беш эле адам жашайбыз.

Эркайым. Дагы үчөөнү кош: өзүндүн деректириң менен анын Акзыйнат аялын.

Сонун. А-а...

Эркайым. Анан алыскы Тажикстандын аймагынан менин апенди агам, сенин сүйүктүү бөлөң, адвокат Таир Тойгонбаев деген келет.

Сонун. Ой!

Эркайым. Мына көрчү, сүйүнүп кеттиң.

Сонун. Ананчы, өткөн жылдан бери көрбөсөм.

Эркайым. Сүйүнгөнүң — сүйгөнүң. Туурабы, чоң эне?

Мактым. Туура эмей. Сүйгөнүнөн сүйүнөт да.

Сонун. Ай ушу экөөңдү! Бирөөлөрдү шылдындатып эле койсо...

(Чукчуң этип, кирип кетет. Мактым менен Эркайым күлүп калышат.)

Мактым. Ыймандуу кыз, бечарам. Бирөөгө жакшы аял болуп берет. Атаганат, Таир көнсө Сонундан өтөөр колукту жок эле ага.

Эркайым. А Сонун байкемди чындап эле жакшы көрөт. Көп эстейт аны. Бирок тигил муну билбейт, билсе да этибар албайт.

Мактым. Аны киши түшүнбөйт. Жыйырма бешке чыгып калды, алигиче үйлөнөйүн деген ою жок.

(Көчө жактан келип токтогон машиненин шоокуму угулат). Атаң келди.

(Дарбаза ачылып, Сулайман Тойгонбаев кирет. Бул узун бойлуу, арык, чачына ак кирген, куюлуп түшкөн мурдунун түшүндө төрт бурчтуу муруту бар эркек. Азыр анын колунда оголе көп кагаздар, коробкалар бар. Эркайым ага жардам бергени утурлайт.)

Эркайым. О-о, жол болгон го, атаке?

Сулайман. Жол болбой калсын. Базарлардын бардыгын ревизия басыптыр. Араңдан-араң эптештирдим. Ал дагы апаңдын амири менен, албетте. Азыр мурдагыдай эмес, жаңы тартип жакадан алыптыр соодагерлерди: титирейт да калтырайт деректирлер.

Мактым. Аз болот ошолорго. Арам-алал жашап келишкен да бетпактар. Болбосо неге коркот.

(Сулайман колундагыларын кызына берет.)

Сулайман. Ме, кызым. Бул жерде баары бар: төөнүн эти, бээнин эти, балыктын жумурткасы, бөдөнөнүн сүтү... Билгениңди кыл. А мен базарга кеттим.

Эркайым. Базардан келип базарга.

Сулайман. Анан эмне кылам. *(Чөнтөгүн сыйпалайт.)* Кап, пулум да аз калыптыр, Айпери тойго деп үч жүз сом араң берди. Анысы эмнеге жетет? Акчага келгенде андан ашкан сарың жок.

Мактым. Бечара балам, экинчи жолу той өткөрөм деп эсиң кете турган болду го.

Сулайман. Эчтеке эмес, апа. Азыр мен үчүнчү тойго чуркаганга даярмын.

Мактым. Үчүнчү той? Ал кайсы той?

Эркайым. Ой, чоң эне, атам «алтын тойду» айтып жатат.

Сулайман. Эркайым туура айтат: бул жолкусу алтын болот. *(Дарбазага бет алат.)* Айткандай, Таирден кабар жокпу?

Мактым. О, анын пойузу төрттө келет.

(Сулайман чыгып кетет. Анын кагаз коробкаларын көтөрүп, Эркайым үйдү көздөй басат. Бирок үй артынан өтүп бараткан поезддин үнүн угуп, энесин карап туруп калат. Мактым саатына үңүлөт.)

Мактым. «Фрунзе — Новосибирск» баратат.

(Экөө тең поездди узата күтүп калышат. Сигнал берилбейт. Кемпир үшкүрүп коюп супадан түшөт.)

Кел, жардам берейин.

(Экөө көтөрүнүп үйгө кирип кетишет.)

II КӨРҮНҮШ

Кыйлага чейин коргон ээнсиреп турат.

Анан үйдүн үстүнкү кабатындагы балкондо Айпери пайда болот. Ал адегенде эсинеп, керилип-чоюлуп уйкусун жазат, кийин балкондон энилип кыздарга кыйкырат...

Айпери — кырк беш жашта, бирок андан алда канча жаш көрүнөт. Узун бойлуу, бою сымбаттуу, өңү-башы апаппак сулуу аял. Азыркы кийгени гүлдүү кимано, кулак сыргалары, мончоктору, билерик-шакектери алтын менен күмүш, түркүн түстөгү кымбат таштар...

Айпери. Сонун! Эркайым! Кыздар! Эмне болгон буларга?!

(Астыңкы этаждын эшигинен Эркайым чыгат.)

Эркайым. Эмне, апа? Ой... Кечирип кой, апа - эже.

Айпери. Эл жокто эчтеке эмес. Мага эч ким звонить этпедиби?

Эркайым. Телефонду сууруп таштапсын го өзүң?

Айпери. А кокуй, ошентиптирминби? Кошуп койгула...

Эркайым. А сен уктап атканыңда ким келгенин билесиңби?

Айпери. Ким?

Эркайым. Таир байкем!

Айпери. Койчу? Кана анан?

Эркайым. Атам экөө мончого кирип кетишкен..

Айпери. А-а... А силердин даярдыгыңар кандай?

Эркайым. Кадырыңыз жам болсун, айым. Кулдарыңыз сизди уятка калтырбайт.

(Айпери кызын эркелете сөөмөйүн кезеп коёт. Эркайым ичкериге кирип кетет. Өзү да артка бурулат...

Дарбаза качырап, көчөдөн Мактым кирет. Балдардын эски коляскасын түртүп алган, а колясканын ичи жык бош шише. Ал супага тушташкан кезде, үйдөн Айпери чыгат. Колунда кооз веер бар).

Айпери. Кагылайын кайнене, кур дегенде ушу бүгүн унута турбайсыңбы өз өнөрүңдү. Бир күнү сен тынчтык үчүн шише чогултпай койсоң дүйнөлүк согуш чыгып кетпестир андан.

Мактым. А сен каяктан билесиң? Согуш үчүн бардык күн бирдей. Шондуктан, ага каршы ар күнү күрөшүш керек.

Айпери. Ошентсе дагы, кайнене... Бүгүн — уулун Сулайман экөөбүз үчүн куттуу күн го акыры.

Мактым. Куттуу күн — тынчтык күн, тынчтык күн — куттуу күн. Ылайым, ар күнүнөр тынчтык күн, ар күнүнөр куттуу күн болсун, тоюңар тойго улансын.

Айпери. Ырахмат... *(Супадагы кресло-качалкага келип отурат.)* Эмне, шише кабыл алган дүкөнчү иштебейт бекен?

Мактым. А өлүгүн көрөйүн ошонун. Эки күндүн биринде эшигине бир шылтоону жазып коюп, басып кетет каалаган жагына. Бүгүн: «Милицияга кеттим» — деп турат.

Айпери. Мүмкүн, бүгүнкүсү туурадыр?

Мактым. Кайтпай калсын анда ошол жактан. Элди жадатып бүтүрдү капыр.

Айпери. Ой, эне, эл нааразы болсо да, сага эмне жок? Канча жылдан бери шише терип тапшырасың, а кабыл кылган ошол дүкөнчү эмеспи?

Мактым. Кабыл албай кара жерге кирсин. Үч шиседен бирөөн жараксызга чыгарат. Жараксыз экен деп таштап кетсең, артыңан дароо катып алат. Кээде бош жашыгын жок деп каадаланып калат, а беш тыйын арзан берем десең, алпарганың алты кап болсо да аңтарып алат.

(Айпери күлөт.)

Айпери. Кудая тобо, ушундай көрүмсүз кызматтагы кишиден да зыян келет экен ээ элге?

Мактым. Кеп кызматта эмес, кызматчыда. Кызматчы кыянатчыл болсо, кайсы иште иштебесин көпчүлүккө жамандык кылат. Биздин дүкөнчүнү бир зор креслого отургузуп койсо, мисалы, сенин Колдошундун ордуна...

Айпери. Эне-эне, Колдошту кой, аны атаба...

(Мактым тилин тиштеп калат.)

Мактым. Эчтеке эмес, заман жакшылык жагына өзгөрүп атат. Кудай буюрса, эми жамандын пейили оңолуп, жакшынын ниети ишке ашат. Ылайым тынчтык эле болуп турса экен, тынчтык болсо — баары болот... Кой, меймандарыңар келгенче, шишелеримди бекитейин.

(Арабасын түртүп ары басып кетет. Айпери үйдү карай кыйкырат.)

Айпери. Сонун! О Сонун! *(Сонун башпагат.)* Телефонду апчыгып берчи. *(Сонун телефондун аппаратын сүйрөп чыгат. Аппаратты Айперинин алдына коюп, кайра кетмекчи болот. Айпери аны колдон алып, маңдайына отургузат.)*

Коё тур... Кайталап сүйлөшүп алалы. Врач эмне деп айтты?

Сонун. Боюнда бар экен дейт...

Айпери. Канча ай болуптур?

Сонун. Үч ай...

Айпери. Мм... Үч ай... Демек, сен анда он сегизге толо элек кезин да, ушундайбы?

Сонун. Угу...

(Кыз ыйлап жиберип, Айперинин алдына жыгылат.)

Апа-эже, кечирип коюңуз...

(Айпери кыздын далысын таптай, өйдө тургузат.)

Айпери. Ай, кызым-ай, кызым-ай. Жаштык кылдың да. Эми болор иш болду, кейибе көп. Бар, ишинди кыл.

(Сонун кетет. Айпери аны узата караганча, телефон чала баштайт.)

Бул — менмин... Иштер кандай?.. Жаманбы... Тилимди албай атпайсыңбы. Сүйлөшчү ошол киши менен! Ал деле адам да: ажап эмес, апкел деп калса. Канча десе да табат элек... Кеч болуп калды? Эмне үчүн?.. Бүгүнкү алтыгабы?.. А ким кабыл алат экен?.. Өзүбү... Мм... Мүмкүн, жакшылыкка чакыргандыр?.. Аның туура... Колдош, алтыным, ушул жолкусунан аман кутулчу, кийин мен андан өчүндү алып берем... Кандайча?... Анан айтам... Бүгүн ал аялы менен меникине келет. Экөөн бир коноктоюн...

(Мактымдын келатканын көрүп, сөзүн шашылыш бүтүрөт.) Болуптур эмесе, дагы чалам...

(Трубканы коёт.)

Мактым. Тиги Чернобулдун элин айтам: туш-тарапка тозуп көчүп атышат байкуштар. А кайрадан качан келип конушат өз конушуна? Кайтышабы деги, же...

Айпери. Ой, эне, эми ошо калдыбы сенин башын оорубаган? Кел, андан көрө менин желкемди укалап койчу, уюп калыптыр уктап атып. (*Мактым анын желкесин укалай баштайт.)* Таир неберең келген турбайбы?

Мактым. Келди. Арыктап алыптыр. Анан баягыдай шайыр-шат эмес көңүлү.

Айпери. Алыс жолдо арып-чарчаган да.

Мактым. А менимче, бөтөн эл, бөтөн жерде жүдөгөн көрүнөт. Анын үстүнө бойдок, оокатын бышырып берерге, кир-когун жуып тураргa үйүндө кишиси жок...

Айпери. Аны өзүнөн көрсүн. Өткөн жылы университетти бүтүп атканда калгын деп канча какшадым. Колдошту ортого салып, шаардын сотунан орун таптырдым. Таптакыр болбой койбодубу. Жок, мен эми өз тагдырымды

өзүм чечемин деп. Кыргызстанда жашаса да бир жөн эле, мен аны көзөмөлдөп турмакмын. А бул атайы менин опекамдан качып алыс кетип отурбайбы...

Мактым. Жаштык кылды да. Эми дагы үгүттөп көр. Калсын биз менен. Массаж бүттү.

(Кемпир өйдө болот. Ата-бала басып келишет. Үстүлөрүндө үйдө кийүүчү кийим. Чачтары али суу.

Таир атасына окшоп узун бойлуу, сөөк-саактуу, ыймандуу жигит.)

Таир. Ай периси — менин апакем, күн периси — менин апакем.

Айпери. Апа-эжең айлансын сенден.

Таир. О, пардон! Апакем — менин апа-эжем, а апа-эжем — менин апакем.

(Баарысы күлүшөт. Айпери менен Таир өбүшүп көрүшүшөт.)

Күмүш тоюңар кут болсун. Күмүш тоюңарга күмүш билерик, күмүш портсигар алып келдим. А алтын тоюңарга ар кимиңе алтын аяк тартуу кылам. Алтын аяктан суу ичесиңер экөөң.

Айпери. Ракмат.

Сулайман. Ракмат.

Мактым. Айтканың келсин, кулунум.

Айпери. Ой, чоң энең мени чочутпадыбы: неберем азып кетиптир, ой-санаасы ордунда эмес ушунун деп.

Таир. Чоң энем айтса, туура айтат. Башкалардын чоң энесин билбеймин, менин чоң энем адам жанынын инженери: баарысын көзү көрүп, жүрөгү сезип турат. Ооба, оюм ордунда эмес. Башыма мүшкүл иш түштү. Түрмөгө кетип баратам.

Мактым. Кудай-ай, бул эмне дейт?!

Айпери. Жөөлүбөчү нары!

Сулайман. Ойносоң да, ойлоп сүйлөсөңчү, балам.

Таир. Оюну жок, туугандар. Мен пара алдым. Апежемдей болгон аялдан. Үч миң сом!

Мактым. Үч миң сом!

Айпери. Үч миң сом...

Сулайман. А эмнеге берип жүрөт аны тиги аял?

Таир. Баласы камалып калды. Мен курактуу жигит. Өткөн жылы институтту бүтүп, өз айылына мал доктур болуп келет. Анан ак ниет иштейм деп колхоздун завфермеси менен райисине жек көрүндү болуп алат. А тиги экөө, калкынен райисине жек көрүндү болуп жүргөн эргулдар экен, эптин малын карышкырча жойлоп жүргөн эргулдар экен, эптеп жок жерден жалаа жаап, жаш ветврачты каматып салышат.

Сулайман. А сен анын актоочусу болуп дайындаласың?

Таир. Ооба.

Сулайман. Анан актаймын деп алган акчаңды актай албай каласың?

Таир. Актаса болот эле, жигит күнөөсүз. Бирок тигилер күчтүүлүк кылып кетишти.

Айпери. Албетте, турмушта өкчөлүп жүрүп алчы-таасын жеген какбаштар акыйкаттыкты эңсеген, бирок ал үчүн күрөшө билбеген мадырабаштардын тон мойнун толгоп салды да.

Таир. Ошентишти.

Сулайман. Демек, азыр аял акчамды кайра бер деп аткан турбайбы?

Таир. Угу.

Сулайман. А антпесең, арызданат. Туура.

Мактым. Кокуй, кутул анын пулунан тезирээк!

Таир. Пул болду — күл болду.

(Алаканын үйлөп коёт.)

Сулайман. Токточу. Деги сен эмне үчүн алып жүрөсүң ал параны? Кандай зарылчылыгы келди анын сага?

Мактым. Ошону айтсан.

Сулайман. Уятсыз! Бир жыл иштебей жатып паракор аталат деген эмне шермендечилик?!

Таир. Менин оюмда эчтеке жок болчу. Жанагы аял өзү үйүмө каттап туруп алды. Эки жолу акчасын бетине ыргытып кубалап чыктым. Жигит болбой өлөйүн, калп айтсам. Бирок үчүнчүсүндө...

Сулайман. Эмне болуп кетти «үчүнчүсүндө»?!

Таир. Кокусунан апам звонить этип калды. Алжирге баратам, акча керек деп айтты. Керек болсо, мына деп, аялдын акчасын салып жибердим. Бир сомун калтырбай. Ошол.

Сулайман. А-а, ошондойбу, айым? Ал акча акыры келип сенин алкымыңа тыгылган турбайбы?

Айпери. Мен, эмне, муну пара алгын дептирминби? Эптесең мин сомдой жөнөтүп кой дегенмин.

Мактым. Жок, тез арада аялдын акчасын кайтып бериш керек. Уктуңарбы?

(Эрди-катын бири-бирин карашат.)

Сулайман. Туура. Башка жол жок.

Айпери. Кайсы акчаны беребиз?

Сулайман. Кассадагы.

Айпери. Сенин, эмне, кассада акчаң барбы? А меники жок. *(Ордунан туруп, үйгө карай басат.)*

Сулайман. Мм... Анан дагы сүйлөшөбүз...

(Аялынын артынан кетет. Таир аларды узата карап, башын чайкайт.)

Таир. Менин ата-энем ажайып адамдар. Айрыкча апакем.

Мактым. Ай, балам-ай, балам-ай... Айыптын баары өзүндө.

Таир. Билем, эне.

Мактым. Эми эмне кылыш керек? Мунча акчаны ким берет?

Таир. Эх, чоң эне, тапкан-ташынганынды тынчтык фондусуна тапшырбаганында, мени өзүң эле куткарып алмаксың.

Мактым. Ооба сага. Менин беш жылдан бери темселеп жүрүп өткөргөнүм беш жүз сом, а сенин бир алган паран үч миң болуп отурат.

(Таир чоголой калып, Мактымдын колдорун өбөт.)

Таир. Кечирип кой, карыям. Эми эч качан бул бокту жебейм. Ишенип кой.

(Мактым небересин өйдө тургузат.)

Мактым. Өлүмтүгүмө сактаган мин сомдой пенсиям бар. Ал ошону. А мен сен кутулганча, өлбөй турам.

(Таир башын чайкап күлөт. Күлкүсү ачуу ыйга айланат. Кемпир анын башын сылайт.)

Эчтеке эмес, балам. Эчтеке эмес...

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

III КӨРҮНҮШ

Кечкурун. Жалгыз түп жаңгактын арбайган шактарынын арасынан толгон ай сүзүп баратат. Коргондун бир жери жарык, бир жери көлөкө. Коргондо эч ким көрүнбөйт. Баарысы үйдө...

Үйдүн эшик-терезелери ачык, алардан электр нуру түшүп турат, шаңдуу үндөр, жеңил музыка угулат...

Эркайым менен Сонун эшикке чыгышат. Эркайымдын колунда суусунга ичилчү ичимдиктер, Сонундун колунда мөмө-чөмө салынган патнустар бар. Экөө супага келишип, патнустарын столго коюшат.

Эркайым. Келчи, тигилер чыкканча өзүбүзчө эс алып алалы. Эртеден бери ысык ашканада буулугуп өлө турган болдук.

Сонун. Айта көрбө.

(Эркайым селкинчекке, Сонун кресло-качалкага отура кетишет.)

Эркайым. Эх, чоң атам эгип кеткен чоң жангак, чоң энем салып берген кыл аркандан селкинчек. Экөөнө тең ракмат.

Сонун. Айды карасаң, аябай толуптур.

(Эркайым ырдап кирет.)

Эркайым. «Ак булутту аралап ай баратат...» *(Сонун ага кошулат.)*

А эсиндеби бул ырды ким ырдачу эле?

Сонун. Таттыбүбү Турсунбаева.

Эркайым. Во! А мен далай жолу ал кишинин тизесинде отурганмын.

Сонун. Койчу? Кандайча?

Эркайым. Ой, ал деген биздин Айпери экөө дос эле да.

Сонун. Ай-ий, ушундайбы?

Эркайым. Көрөсүң, мен Таттыбүбүнүн ордун басамын.

Сонун. Тилегиңе жет ылайым.

Эркайым. «Ак булутту аралап ай баратат...»

Сонун. А сен байкадыңбы, Таирдин сабыры суз. Оокат жебейт, ичкилик ичпейт, көпчүлүккө кошулуп күлбөйт. Өзүнчө эле ойго батып отурат...

Эркайым. Көрсөң мунун баамчылдыгын. Келгенден бери көзүңдү албайсың ээ андан?

Сонун. Албаса эмне экен. Бөлөм болот.

Эркайым. Бөлөм, бөлөм үчүн өлөм дечи?

Сонун. Ой, ушу сен качан акылына кирер экенсин!

(Эркайым каткырып күлөт.)

Эркайым. Тигине эшикке чыкты.

(Таир веранданын туркүгүнө жөлөнүп туруп калат.)

Сонун. Чакырсаң бери.

Эркайым. Байке! Кел, биз менен отур.

(Таир супага басып келет. Сонун ага өз ордун бошотуп берет.)

Таир. О-о, бийкечтер, таза авада гана сырдашып отурган экенсинер, ээ.

Эркайым. А эмне жөнүндө сырдашканыбызды билесиңби?

Таир. Кана, айткылачы.

Эркайым. Сен жөнүндө.

Таир. Мен жөнүндөбү?

Сонун. Эмнеге таң каласың? Көптөн бери көрүшпөй, сагынып калдык да сени.

Эркайым. Айрыкча, Сонун.

Таир. Ошондойбу?

Сонун. Ай-ий, ушу кыздыкы өттү!

(Эркайым дагы шарактап күлөт.)

Эркайым. Анан калппы? Ар күнү кулак-мээмди жейт, байке: бөлөм кандай жүрөт болду экен, Таир качан келээр экен деп.

Сонун. Десе эмне болуптур?

Таир. Жок, силер мени сүйүнтүп атасынар. Мен ойлоп жүрбөймүнбү: бул темир корукта бирөө-бирөө менен иши жок, мени эстеген киши жок деп. Көрсө...

Эркайым. Ушундай. Билип жүр мындан нары.

Таир. Түйүнчөккө түйүп алам.

Эркайым. А эми айтчы: өткөн жылдан бери биз өзгөрүптүрбүзбү анча-мынча?

Таир. О-о, албетте! Экөөң тең гүлкайырдай ачылып, суктантчу сулууларга айланыпсынар.

Эркайым. Чын элеби?

Таир. А Сонун бойго жетип, келишкен колукту болуптур.

Эркайым. Ой, байке, таап айттың. Биздин Сонун күндөн күнгө сонун болуп баратат. Көчөдө бирге басып калсаң барбы, тим эле жигиттер мындан көзүн албай аңырайып артыбыздан ээрчип алышат.

Сонун. Бетим-ий, бетим, мына бул кыздын каратып туруп калп айтканын көр.

Таир. А мен буга ишенем. Эгер бөлөм болбосоң, мен сага биринчи эле көрүштө ашык болмокмун.

Сонун. А бөлөң болсом, эмне экен? Мактым эне: бөлөлөр бири-бирине үйлөнө беришет дейт.

Эркайым. Мына көрдүңбү?

Таир. Ырас элеби?

Сонун. Ырас, ырас! Ишенбесең өзүнөн сурап көр.

(Айтаарын айтып алып, уяла түшөт.)

Таир. Кызык... А мен ойлоп жүрбөймүнбү...

(Үйдүн терезесинен Айпери башпагат.)

Айпери. Эркайым! О, Эркайым!

Эркайым. Ов!

Айпери. Бери келип кетчи.

(Эркайым кетет.)

Эркайым. Сөздүн кызык жерине келдинер, улантыла.

Сонун. Эси жок.

Таир. Суусап кеттим.

(Сонун ордунан ыргып турат.)

Сонун. Эмне ичесиң?

Таир. Сок. *(Сонун сок куюп берет).*

А сен чын эле сулуу кыз болуп кетипсин.

Сонун. «Бөлөм болбосон» деп коёт... Анда эмнеге өбөсүң?

Таир. Сениби? Качан?

Сонун. Өткөн жылы.

Таир. А-а, эстедим. Тажикстанга кетпаратканда... Баарыңар менен өбүшүп коштошподум беле.

Сонун. Ал эсеп эмес. Андан мурда... чак түштө... Ушул супада...

(Таир күлүп жиберет.)

Таир. Ой, сен ошонун баарын эстеп жүрөсүңбү?

Сонун. Эстеп жүрөм...

Таир. Анда кел дагы бир өөп коёюн, таптакыр унутпас бол.

(Кызды имерип, өпмөк болот.)

Сонун. Кокуй, коё бер, эжем менен жездем келатат.

(Айпери менен Сулайман басып келишет.)

Айпери. Сонун, сен меймандарга кир, Эркайымга жардам бер.

(Сонун кетет.)

Сулайман. Таир, апаң бир амал ойлоп тапты.

Айпери. Амал эмес, акыл десеңчи бай болгур. Адегенде ук, жакпаса жайына коёбуз.

Таир. Кулак силерде.

Сулайман. Айт, Айпери.

Айпери. Балам, ойлонуп көрсөк, сенин карызыңды төлөөргө такыр кудуретибиз жетпейт экен. Айлабыз кууганда атаң экөөбүз мындай деп чечтик: сен эми кайтып барба Тажикстанга; сенин ордуңа биз иштеген жериңе бир жалган справка жөнөтүп коёбуз.

Таир. Справка?

Айпери. Ооба.

Сулайман. Өлдү деген...

Таир. Өлдү деген?!

Айпери *(күйөөсүнө)*. О кудай-ай, коё турбайсыңбы мен түшүндүргөнчө!

Таир. Мен түшүнө баштадым...

Сулайман. Ананчы, юрист эмессиңби?

Таир. Демек, справка судмедэксперттен барат?

Сулайман. Ооба.

Таир. Аны алган соң, менин кызматташтарым мени өлдүгө чыгарат. А муну угуп, менин аялым өзүнөн өзү тынчыйт да калат.

Айпери. Туптуура.

Сулайман. Так ошондой.

Таир. Мм... А мен болсо тирүүлөй өлүккө айланам.

Айпери. Кечирип кой, каралдым, арга жоктун иши.

(Таир эне-атасын тиктеп туруп, күлүп жиберет.)

Таир. Эмне экен, эрк силерде: өзүнөр жараткансынар, өзүнөр өлтүргүлө.

Айпери. Сүйлөштүк! Калганын атаң аткарат. Кана, атасы, кызматыңдын пайдасын көргөзчү бизге бир жолу.

Сулайман. Көрбөй жүрөсүңбү?

Айпери. Алганың эки жүз айлык, а Айпериге апкелгенин элүү сом. Ушул менин көргөнүм.

Сулайман. Албетте, сага окшоп гонорар таппасам.

Айпери. А ким кой деп атат сени? Судмедэксперт деген — ох-хо! — тергөөчү, прокурор, сот, адвокаттан кем жебейт жегиси келсе. Кезектеги бир ишиңди бузуп кой же түзөп кой.

Сулайман. Көрдүңбү, уулум, апаң мени түздөн-түз кылмышка түртөт. Ой, андай эргулдардын бири мына манайыбызда отурбайбы? Акыбалын көрүп атасыңбы?

Айпери. Эптей албаса ушинтет да. А эптегендер эки ашап жүрөт, эң жакшы жашап жүрөт.

(Үйгө карай басат.)

Сулайман. Ушундай апаң... Кой, мен да конокторго кирейин. А справканы... эртең тууралайм.

(Кетет).

Таир. Мм... Демек, эртеңден баштап мен жокмун... О дүйнө кеткен болом... Бирок өлөрүн өлүп алып деле жашап жүрө берем арбактай болуп. Хе, өкүмүн көр экөөңүн... Ой, закон үч эле жыл берет бул үчүн! А булар өлүм жазасын жарыялап отурушат... Жок, мага актоочу керек. Мени актасын кичине, күнөөмдү жеңилдетсин. Болбосо күлгүн жаш күйүп кеткени турат. Ооба, актоочу зарыл. Болгондо да, иш билги, таланттуу болсун ал. Мына өзүмө окшогон. Мени азыр бүт район мактап атпайбы. Айтса-айтпаса, алдагы мал доктурдун аквалы кыйын болчу, а мен аны куткарып жибердим. Таптакыр! Байкуш аялдын тим эле төбөсү көккө тийип турат. Мени экинчи баласындай көрөт. А баласы экөөбүз ынак дос болуп кеттик. Үйлөрүндө мейман болдум. Ошентсе да... булардын акчасын кайтып бериш керек. Жейм дегеним алкымыма тыгылып калды. Мен аны эч качан жута алчудай эмесмин... Ырас, аялга айтсам уккусу жок: өлсөм

да кайра албаймын, баламдын башы-көзүнөн садага ошол үч миң сом дейт. Мен дагы садага алгым келбейт. Кайырчы эмесмин да...

(Сонун келет.)

С о н у н . Ким менен сүйлөшүп атасың?

Т а и р . Арбагым менен.

С о н у н . Эмне?

Т а и р . Өзүмдүн арбагым менен.

С о н у н . Жинди. *(Селкинчекке отурат.)* Таир...

Т а и р . И-и?

С о н у н . Сен ал жакта ким менен жашайсын?

Т а и р . Ким менен болмок эле, жалгыз турам.

С о н у н . Анда оокатынды ким бышырып берет, кирингди ким жууйт?

Т а и р . Өзүм, албетте.

С о н у н . Кыйналат турбайсынбы.

Т а и р . Айла канча.

С о н у н *(кокусунан)*. Таир... мени ала кетпейсинби? Бардык түйшүгүндү өз мойнума алат элем.

Т а и р . Эмне, жададыңбы бул үйдөн?

С о н у н . Жок... Иштен... Апа-эжем мени жаман жерге орноштуруптур.

Т а и р . А сен которулуп ал.

С о н у н . Антсе да болот, бирок... Ала кетчи мени. Мен сени менен жашагым келет. Карындашың катары.

Т а и р . Карындашым катарында элеби?

С о н у н . Сен мени сүйбөйсүң да.

Т а и р . А сен меничи?

С о н у н . Сүйөм! Абдан, абдан сүйөм!

Т а и р . Чын элеби?

С о н у н . Кыз өлөйүн калп айтсам!

(Таир кызды өзүнө имерет.)

Т а и р . Ишениш кыйын, ушунча болуп мени эч ким сүйө элек болчу.

С о н у н .Ооба сага... Эркайым айтат го, кыздары көп деп.

Т а и р . Туура. Мен өзүм көп кызга ашык болгом. Бирок бирөө да мени сүйөм деп сүйүнткөн жок. Мына сенден угуп отурам биринчи жолу.

С о н у н . Сенин азил-чыныңды ажыратыш кыйын.

(Таир анын эриндеринен өбөт.)

Т а и р . Макул, өлбөсөм, ала кетейин, өлүп калсам...

(Сонун аны сүйлөтө койбой өпкүлөп кирет.)

С о н у н . Өлбө... Өлбө... Өлбө...

(Үйдөн шарактап күлүп, Айпери менен Зыйнат чыгат. Сонун Таирдин кучагынан булкуна бошонуп, столдун үстүндөгү идиш-аякка киришип калат. Таир дарбаза жакка бет алат. Айпери аны утурлай басат.)

А й п е р и . Таир, токтой турчу...

(Зыйнат супага келет. Зыйнат — толмоч, ак жуумал аял. Бул дагы Айпериге окшоп азыр кымбат кийинген, баалуу шаан-шөкөттөрдү армансыз тагынып алган.)

З ы й н а т . Сонун... Сен, эмне, биздин дачада болдуң беле?

(Сонун дирт эте түшөт.)

С о н у н . Жок!

З ы й н а т . Анда кошуналар жаңылышкан экен. *(Сонун шашылыш кетмекчи болот.)* А эмне үчүн биздикине келбей кеттиң?

С о н у н . Колум тийбей атат...

З ы й н а т . Баса...

(Сонун кетет. Айпери келет.)

Ах, Перим, сонун коргонуң бар да. Ээн-эркин, эл-журт, коңшу-колоң менен ишиң жок. Өзүнчө эле чепте жашайсын.

А й п е р и . А менин кайненем муну коргон дебейт, корук дейт. А мени болсо бул коруктун тоту кушу деп коёт.

(Экөө тең күлөт.)

З ы й н а т . Ой, мастен кемпир... А бир жолу аның мага: «Айпери экөөң күн тийген жердин күкүгүсүнөр» — деп айтат.

А й п е р и . Ал эмне дегени экен?

З ы й н а т . Өз жыргалыңар үчүн гана жашаган эгоист катындарсынар дегени да.

А й п е р и . А-а, аны уккам. Мени далай жолу: балдарыңы тарбиялабайсың, эриңе карабайсың деп урушкан. А менин бала бакканга, күйөөмө кызмат кылганга убактым болдубу. Чуркап жүрүп институтту бүтүрдүм, эркектер менен эрегише иштеп, акыры азыркы аквалга жеттим. Анан калса, мынабул турак жай туптуура он жылдык өмүрүмдү алды.

З ы й н а т . Азамат экенсиң, Айпери. Аял башың менен кайненендин бир чалдыбар коргонун көрүнгөндүн көзү күйө тургандай корукка айлантып отурасың.

А й п е р и . Башына түшсө, байтал ат болот дешет. Мен ошол байтал аттарданмын. Эринин турмушка эби жок болсо, аргасыздан аял эркек кебин киет. Сулайман үй-тиричилиги менен иши жок. Илгери институтта иштеп жүргөн-

дө ишермеги илим эле. Азыр кызматын гана кылат да, калган убактысын ууга же балыкчылыкка жумшайт. А түйшүктүн баары менин мойнумда.

Зыйнат. Бактыңа Колдоштун сага классташ курбу болуп калганын карачы.

Айпери. Ооба, Колдош мени колдоп келатат. Колдошсуз эмне болот элем, билбейм. Өзүң билесиң, аялдын коомдук абалы дале болсо арсар, көз каранды. Аял эркекке теңелиш үчүн ага эркектин колдоосу керек. Мындайча айтканда, сени эркектер өзүнө теңесе гана теңелесиң. Ромэн Роллан туура айтат: «Биздин күндүн аялдары көз каранды эместикке күрөшүп жатып жетишет. А эркектер үчүн бул эчак чечилген маселе». А кыргыз аялдары али көпкө күрөшөт...

Зыйнат. Айтмакчы, Колдоштун иши чатак деп уктум.

Айпери. Комиссияны айтасың го?

Зыйнат. Ооба.

Айпери. Азыр андай текшерүүлөр бардык жерде жүрүп атпайбы.

Зыйнат. А текшерүүнүн жыйынтыгы бюродо каралат имиш.

Айпери. Менимче, Колдоштун корко турган жери жок.

Зыйнат. Бар экен, Перим, бар экен. Пара алган имиш.

Айпери. Ой, Зыйнат, андай имиштерди ар кандай кишиге жамаса жарашат. Мына, отурган экөөбүзгө деле. Мисалы, менин кызматчыларым же клиенттерим апта сайын, ай сайын мага: шампан ичип коюңуз, шоколад жеп коюңуз деген болуп беш сом, он сомдон колума кыстарып кетишет. А сен өзүң айтып жүрөсүң: ар бир аборттон отуз сом табам деп.

Зыйнат. О, кокуй, көрүнгөн аялдан эмес да. Айрым айласы кеткендерден гана...

Айпери. А айласы кеткендер көп. Анан ошого окшогондор келип отуруп бизге окшогондорду: мени, сени, Арстанды, Колдошту паракор атка кондурушат.

Зыйнат. Аның туура.

Айпери. Кел, суу ичели.

(Суу куюштурат.)

Иштериң кандай?

Зыйнат. Кандай болмок эле, эки кат катындарды кабыл алмай да. А мына менин Арстанымдын иши...

(Арсар түрдө токтоп калат.)

Айпери. Эмне, жаманбы?

Зыйнат. Кадырың жам болсун, тескерисинче. Азыр ал арылдап алдына секиргени тынып турат.

Айпери. Ошондойбу? Каякты көздөй?

Зыйнат. Анысын ачык айтпайт. Ал өзү совминдин имаратынан көзүн албайт.

Айпери. О-о, болсун, болсун.

Зыйнат. Ушундай, Перим. Кудай буюрса, күндөрдүн бир күнүндө сен башкарган «Сулуулуктун салону» аттуу ак мрамор үйдүн алдына совминдин кара «Волгасы» келип токтошу ыктымал.

Айпери. А мен ал «Волганы» утурлай чуркап чыгам да, анда олтурган сулуу аялга колум сунам.

(Зыйнатка колун берет.)

Улуу урматтуу, министершам, рахим этиңиз!

(Зыйнат анын колун кармай ордунан турат.)

Зыйнат. Мени эң чебер косметологго, эң жакшы массажистке табышта.

Айпери. Сиздин бир сөзүңүз, айым.

Зыйнат. Дайыма ушунундан жазба. Мени сыйласаң, кем болбойсун.

Айпери. Ракмат.

(Экөө күлүшүп, өз орундарына кайра отурушат.)

Зыйнат. Айтмакчы, менин дагы бир жакшы жаңылыгым бар.

Айпери. Айта көр тезирээк.

Зыйнат. Кызыбыз Москвада калмак болду.

Айпери. Ай-ий, Чоң театрдын өзүндөбү?

Зыйнат. Анысы али чечиле элек. Буюрса ал дагы оңуна чечилет.

Айпери. Анда эмне үчүн калат?

Зыйнат. Күйөөгө чыгып атат.

Айпери. И-и, бактылуу болсун ылайым.

Зыйнат. А күйөө балаң ким дебейсиңби?

Айпери. Ким?

Зыйнат. Илимдин доктору! Шаардын борборунда үйү, четинде — дачасы, ГАЗ—24 машинасы бар имиш.

Айпери. Кейпи кызыңардан кыйла улуу го?

Зыйнат. Бирок Москвада жашап атпайбы. Балерина үчүн бакыт да бул. Фрунзеде солист болгончо, Москвада кордебалетте бийлегени артык эмеспи.

Айпери. Аның туура дечи... Ой, мен Арс экөөңөрдү куттуктайм. Байкап көрсөм, башыңарга — күн, аягыңарга — ай тууп атыптыр.

Зыйнат. Айта көрбө, Айперим. Кудай берсе, ушинтип берет экен.

(Айпери кичине тыныга түшөт.)

Айпери. А мени кудай шорумду курутту.

Зыйнат. Ботом, эмне кылып?

Айпери. Айтпаска аргам жок, өзөгүм өрттөнүп турат.

Зыйнат. Жүрөгүмдү түшүрбөчү.

Айпери. Зыйнат, сен билесин: Сонун менин эжемден калган жалгыз перзент. Мен аны өз кызымдай көрөм. Апасы өлгөндөн бери ал менин колумда. Окууга өткөрөйүн десем, ага акча керек. Шондуктан иштей турсун деп Арстанга алпаргам. А Арстан, азаматтык кылып, айтаар замат өзүнө секретарь кылып алды. Анысына ыраазы болуп, кызынар жокто кызматынарды кылып жүрсүн деп, кызды үйүнөргө кийирип бердим. Мына бир нече айдан бери бул жетим экөөбүзгө бирдей жардамчы болуп келатат.

Зыйнат. Кийинки учурда келбей кетти.

Айпери. Аның ырас. А баргын десем, көз жашын көлдөтүп ыйлайт да, турат.

Зыйнат. Эмне үчүн, ботом?

Айпери. Зыйнат... бул жашабагырдын боюна бала бүтүп калыптыр.

Зыйнат. И-и-ий, бетим...

Айпери. Ушундай.

Зыйнат. А-а... кимден экен анан анысы?

(Айпери атайлап унчукпай коёт.)

Айпери... Айпери... Кантип эле? Ишенбейм!

Айпери. Адегенде мен да ишенген эмесмин.

(Зыйнат ордунда мелтиреп отуруп калат.)

Зыйнат. Уятсыз анги... Жаш кыз, жаш аял дегенди кыя өтө албайт. Өз кызы тигинтип күйөөгө баратат, а бул дале кызы тендүү кыздарга кылыктанат. Шашпа сени, үйгө барасың, тим эле бычып салбасамбы.

Айпери. Арстандан муну күткөн эмесмин. Жетим кызды аябай, мени сыйлабай...

Зыйнат. Айып өзүндө да бар. Арстандын катыпозмандайына отургузуп коёсуң. Андан көрө өз салонуңа эле дугун билип туруп, мөлтүрөгөн кызынды алпарып, аның иштетип албайсыңбы. Ой... Чын эле эмнеге ошентпедиң? Токточу, Пери... Ушуну сен атайы жасап жүрбө? Сонун — Арстанга коюлган капкан эмеспи, ыя? Анда, капканың чапты.

Айпери. Кудай урду сени, Зыйнат. Эмне үчүн мен Арстанга капкан коюшум керек?

Зыйнат. Колго түшүрүш үчүн. Колго түшүрүп алып, коркутуш үчүн.

Айпери. Түшүнсөм өлөйүн.

Зыйнат. Калп айтпа. Экөөбүз тең жакшы билебиз: Өткөн жылдан бери Арстан менен Колдош касташып, кармашып келатышат. Күзгү Пленумда Колдош Арстандын терисин тескери сыйрыган. А быйыл минтип, тагдырдын тамашасы экен, Арстан парткомиссияны башкарып, алты айдан бери Колдоштун ишин текшерип, анын заманасын кууруп келатат. Мына шондуктан, ушу кезде Арстандын бир талуу жерин таап, аны капшыра кармасаң, аргасыздан ал сенин Колдошунду колдоп кетиши ыктымал.

Айпери. Демек, мен Колдоштун кызыкчылыгы үчүн кызымдын... кыздыгын курмандыкка чалган турбаймынбы?

Зыйнат. Колдоштун кызыкчылыгы — Айперинин кызыкчылыгы деп билебиз, айым. Анан кала берсе, Айперинин Арстанда өз өчү да бар деп жүрөбүз.

Айпери. Ошондойбу?

Зыйнат. Ананчы! Ай периси бир кезде Арстанга ашык эле. А Арстаның түшкүр анын сүйүүсүн этибар албастан, Айперинин курсташ курбусуна үйлөнүп албадыбы.

Айпери. Көрсө, курсташ курбунун атасы академияда академик болуп иштейт экен.

Зыйнат. А Айперинин жесир апасы айылда тоок багат экен, айылдаштарына жумуртка сатат экен.

(Айпери башын чайкап күлөт. Көзүнө жаш кылгыра түшөт.)

Айпери. Кудая тобо... Дос туруп, душманча сүйлөшүп атабыз, ээ...

Зыйнат. Кечирип кой, Перим! *(Айперинин чекесинен өбөт.)* Баарын кылган тиги айбан...

(Зыйнат үй жакты карайт. Үйдөн Арстан менен Сулайман чыгып келаткан болот. Экөөнүн тең көңүлдөрү куунак. Шыбырап сүйлөп, шаңкылдап күлүшөт.)

Зыйнат. Азыр мен анын күлкүсүн ыйга айлантам.

Айпери. Кокуй, Зыйнат, коё тур. Үйгө барганда сүйлөшкүлө. Сулайман уга көрбөсүн.

Зыйнат. Эмне, ал...?

Айпери. Мен сага гана айтып отурам.

Зыйнат. Туура кыласың, Перим. Ушуну...

Айпери. Түшүнөм, Арстан көтөрүлгөнү атат... Кадырынар жам болсун, үчөөбүздөн бөлөк эч ким билбейт.

Зыйнат. Ракмат, сулуум.

(Эки эркек аялдарга карай басышат. Арстан ырдап келет. Ал орто бойлуу, толо, чың эркек.)

Арстан. «Кезигип жылдардын бир жылдарында
Кайырсыз айлардын бир айларында
Кайдадыр алып кеттиң жаштыгымды
Жер чийген чачтарына байладың да...*

Айпери. Кайран, Арс. Ашыглык дегенде дале боз уландай боздойсуң.

(Арстан жатка ыр окуйт.)

Арстан. «Бетимдин качып кан-сөлү,
Агарды чачым бубактай.
Бирок да сүйүү ышкысы
Жүрөктө — жаштык курактай...**

Зыйнат. Кыз-келинди ушинтип кызыктырат да.

(Арстан тамашасын улантат.)

Арстан. Кайдагы кыз-келин... Жанбиргем, бул айтылган азил анчейин...

Зыйнат. Даба жок буга: ушинтип отуруп кутулуп кетет.

Арстан. Жок, жолдоштор, сөздүн чыны да ушул. Оюн-күлкүнүн мезгили өттү. Азыр эртеден-кечке иш менен алпурушмай: кайра куруу, тездетүү, адамдык фактор деп чуркап жүрөсүң.

Зыйнат. Мунусу ырас. Ишемби-жекшембини да эстен чыгарды.

Арстан. Ишенсенер, эки айдан бери эс алганым ушул. Ракмат силерге: минтип тойлотуп-ойнотуп отурасыңар; эркелетип, эчак эстен чыккан ичимдиктен ичирип, көңүлүмдү көккө эргитип койдуңар.

Айпери. Сен курсант болсоң — биз курсант.

Арстан. Ох, силердин ушул супаңар сонун да. Келгилечи кичине салкындап отуралы. Пиво жокпу бул жерде?

Айпери. Кыздар! Пиво апчыккылачы!

Сулайман. А мүмкүн, беркисинен эле?..

Арстан. Жо-жок! Жетишет. Анын үстүнө, менден башкаң ичпейт экенсинер...

Сулайман. Ага ар кандай себеп бар. Ак Зыйнатын — ден соолугум деп жүрөт, а Ай Периси — ичкилик — луулуктун душманы деп билет. Мен болсо, баягы чоң чатактан кийин сопу болгом.

Арстан. Кайсы чатак?

Айпери. Бычакташканын айтат.

---

* Сөзү Ж. Мамытовдуку, обону А. Керимбаевдики.

** Петрарканын сонети.

Зыйнат. Аялдын айынан.

Айпери. Аяшынын айынан.

Арстан. А-а, эстедим. Ой, ошондо оңой кутулган экенсиң. Кокус камалып кетсең эмне болот эле?

Зыйнат. Колдош колдобогондо...

Сулайман. Туура, бактыма Колдош бар экен.

(Арстан менен Зыйнат кытмыр күлөт.)

Айпери. Карасаң, какшыктап коёт дагы.

Арстан. Жок, Колдош сага чын эле көп жакшылык кылып келатат.

Сулайман. Түшүнөм, түшүнөм. Шондуктан бассам-турсам жолдош Колдошко, Колдош жолдошко алкыш айтып, а кишинин амандыгын тилеп, ишине ийгилик каалап жүрөмүн.

(Эрди-катын дагы күлүшөт. Айпери буга жиндене кыйкырат.)

Айпери. Кыздар! Эркайым! Сонун!

(Сонун чуркап чыгат.)

Ой, пиво апкел дебедим беле силерге!

Арстан. Иш демекчи... Анын иши азыр кыйын. Аз күндө алынып калышы ыктымал.

Айпери. Мансаптын өмүрү адамдын өмүрүнөн кыска турбайбы. Эртели-кеч ар кимдин башына келет ал.

(Сонун столго пиво апкелип коёт. Сулайман ача баштайт.)

Арстан. Айтмакчы, Сонун, кийинки күндөрү ишке келбей кеттиң да? Сураштырсам, ооруп атат дешет.

Айпери. Анысы чын, доктурга каттап жүрөт.

(Сонун кетип баратып, кайра токтойт.)

Сонун. Мен эми иштебейм... ал жерде.

Арстан. Ой, эмне үчүн?

(Сонун жооп бербей, чуркап кетет.)

Кокуй, кызынды бирөө капа кылган көрүнөт.

Айпери. Мен дагы ошентип ойлойм, Арс.

Арстан. Эртең билейинчи.

Зыйнат. Ооба, ошент. Ал азыр пивоңду ич, кетели.

Арстан. Туура айтасың, кеч болуп калды.

(Сунулган пивону ичип жиберет.)

Ох, сонун муздаптыр... Ракмат.

Зыйнат. Ракмат.

Айпери. Өзүңөргө дагын.

Сулайман. Жакшы баргыла.

(Баарысы дарбаза жакка басышат.)

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

IV КӨРҮНҮШ

Ошо күндүн эртеси. Эртең менен.

Коргон тыштынч. Бир караган кишиге коргондо эч ким жоктой. Бирок жаңгакка салынган селкинчекте... бирөө асылып турат. Жансыз киши сыяктуу. Бул — Таир.

Экинчи кабаттагы балкондо Айпери пайда болот. Кийгени кечеги кимано. Адаттагыдай катуу эсинен, керилип-чоюлуп алат. Анан кокусунан Таирди көрүп, ачуу кыйкырып алат.

Айпери. А-а-ай! Сулайман! Эне! Кыздар!

(Сулайман, Мактым, Сонун менен Эркайым үйдөн чуркап чыгышат.)

Мактым. Ой, эмне болуп кетти, ботом?!

(Айпери аптыгып, колдору менен көрсөтөт.)

Айпери. Тигини... Тигини карагыла!

Мактым. Ай-и-ий, кудай!

(Баарысы чуркурап супа жакка чуркашат. Ошо кезде Таир тирүүлөй жерге түшөт.)

Таир. Тамаша!

Мактым. О, бай болгур десе! Ушинтип да тамашалайт бекен? Жүрөгүм түшүп калбадыбы.

(Таир аны кучактап, чачынан өбөт.)

Таир. Кечирип кой, энеке.

Эркайым. Жинди!

(Чукул бурулуп басып кетет. Сонун анын артынан ээрчийт. Кемпир коргондун төрүн көздөй басат.)

Сулайман. Бул эмне кылганың?

(Таир адегенде атасын, анан апасын карайт.)

Таир. Кечээ экөөң жазган трагикомедияны репетициялап атам.

(Ата-энеси үн-сөзсүз тиктешип алып, тескери бурулуп кетишет: апасы — ичкериге, атасы — дарбазага карай бет алат. Таир креслого отура кетет. Кокусунан, Сулайман токтоп калат.)

Сулайман. Трагикомедиянын автору апаң. А мен жөнгана аны колдомуш болдум.

Таир. Эмне үчүн?

Сулайман. Сени сынагым келди.

Таир. Мм...

Сулайман. Менимче, туура кыласың. Өлүп алып жашагандан көрө, жашабай өлүп калган артык. А справканы мен жөнөтпөйм, кадырың жам болсун.

Таир. Закондон корктуңбу?

Сулайман. Законду бузгум келбейт, сага окшоп.

(Дарбаза карай басып кетет. Уулу анын артынан узата карап калат. Бир пастан кийин бош шишелер жүктөлгөн коляскасын түртүп, кемпир пайда болот.)

Таир. Ой, чоң эне, таң атпай кайда жөнөдүң?

Мактым. Эртерээк барып очурд албасам, эл көбөйүп кетет.

Таир. Кел анда жеткиришип коёюн.

(Кемпирдин колунан коляскаңы алат. Экөө көчөгө чыгып кетишет. Телефонду сүйрөп, үйдөн Айпери чыгат. Супага келип отуруп, номерлерди ала баштайт.)

Айпери. Гуля, жакшысыңбы... Колдош Сатарович... Эмне?.. Жо-жок. Эчтеке дебей эле кой.

(Рычагды басат. Анан саатына карап алып, дагы чалат.)

Бул — менмин... Үйдө эч ким жокпу?.. Эмне, ооруп калдыңбы?.. Баса, эсим чыкпадыбы... Ко-ош, эмне болду? *(Көпкө тыңшап калат.)* Ушундай де... Эч нерсе эмес, береким. Эр жигиттин башына ар түркүн иштер түшөт... Андан көрө макул дей бер. Бул деле жакшы кызмат экен. Тынч, машинеси бар... Иштеп турсаң, дагы бир кудайдын айтканы болоор... Ооба, келип кетишти... Аны жолукканда айтам. Кадырың жам болсун, ал көзүр эми дайыма биздин колдо болот, каалаганда колдонобуз... Жо-жок, эскирбейт...

(Дарбазанын алдына машине келип токтойт. Дарбаза качырай ачылып, коргонго Арстан кирет.)

Кечирип кой, үйгө киши келип калды. Анан дагы чалам. *(Трубканы коёт.)* О кел, Арс.

Арстан. Келсин деп айттырган экенсиң, келдим.

Айпери. Кимден, ботом?

Арстан. Зыйнаттан.

Айпери. А-а... Анда отур... Азыр кыздарды чакырайын, чай алып чыгышсын.

Арстан. Кой-кой, чайга убакыт жок. Саат ондо Совминде болушум керек.

(Айперинин маңдайына отурат. Экөө тең кыйлага чейин унчугушпайт, бири-бирин күтүп калышат.)

Айпери. Кулак сенде, Арс?

Арстан. Мм... Ушу чынбы?

Айпери. А сенин, эмне, шегиң барбы?

Арстан. Кечирип кой, Пери... Шайтан жолдон чыгарып... Бир жолу ойното келейин деп өзүбүздүн дачага ала баргам. Кийин шаарга кеткен машине кайра келбей коюп, шолжакта түнөп калышка туура келди... Иши кылып, шайтан жолдон чыгарды...

Айпери. Анан ошол эле шайтан азгырып, кызды үч күнгө Ысык-Көлгө, эки күнгө Алма-Атага алып кетип калдың?

Арстан. Демек... бардыгын эсептеп жүргөн турбайсыңбы?

Айпери. Сен, эмне, мени доого жыкканы келдиңби?

Арстан. Болуптур. Эми эмне кыл дейсин?

Айпери. Сен кызды бактысыз кылдың. Эр албайт эми аны.

Арстан. Ха! Азыркы кыздар кыздыгынан куду сокур ичегиден кутулгандай кутулушат. Анткени алардын болочок күйөөлөрү үчүн баары бир: колуктусунун сокур ичегиси барбы же жокпу...

Айпери. Кудайды карасаңчы, Арс.

Арстан. Мен кудайды эмес, турмушту карап айтып атам. Сен деле муну көрүп турасын. Азыркы жаштардын моралдык кодекси такыр башка. Ага карата, ата-энелеринин да көп нерсеге көз карашы өзгөрдү. Бүгүнкү ата-эне, кызы кыз туруп тууп койсо, кокуй, баландын кереги жок, таштап чык алдагы төрөтканана деп үйрөтөт; а уулу келин алып келсе: боюнда жок бекен? Иши кылып бирөөнүн баласын ала келбесе болду деп ошого канагат кылат. Же калп айтамбы?

Айпери. Тилекке каршы, мунундун мундуу чындыгы бар.

Арстан. Мына мени алып көрбөйсүңбү: жалгыз кызымдын менден улуу кишиге тийип, Москвада калып калганына сүйүнүп атам. Анткени андан мурда бир капиталисти ээрчип, Италияга кетем деп коркуткан.

Айпери. Койчу?

Арстан. Болгон иш. Зыйнат байкуш экөөбүз жети күн, жети түн ыйлап отуруп, араң айнытканбыз. Антпесек, үйүбүз күймөк: кызыбыз Сицилияда сейил куруп, а биз бул жерде анын азабын тартмакпыз...

Айпери. А менин кызымдын азабынан коркпойсуңбу?

Арстан. Эмне, мага каршы пайдаланайын дейсиңби? А пайда чыгаар бекен? Мен билем: максатың — Колдоштуу сактап калыш. Бул үчүн, мени зордоп, ийге келтиришин керек. Кеч болуп калды, Перим. Колдоштун соодасы бүттү, кечээ кечинде кызматтан алынды.

Айпери. Билем.

Арстан. Анда... оюнду түшүндүр?

Айпери. Өч алам.

Арстан. Колдош үчүн?

Айпери. ... Өзүм үчүн дагы, Арс.

Арстан. Ай ушу Арс дегениңди койчу, бай болгур, атымды толук айтып жүрчү. Мен — Арстанмын.

Айпери. ... Сен — арстан да, илбирс да эмессиң. Сен — арс чычкансың.

Арстан. Ал эмне дегениң?

Айпери. Арс чычканды билбейсиңби? Даректардын башында жашайт. Даректан даракка учуп жүрөт. Кокусунан адамдын башын аттап кетсе, ал адам акыретке чейин айыкпас дартка чалдыгат. Ушундай зыяндуу макулук бул.

Арстан. А менин ага кандай тиешем бар?

Айпери. Сен көп адамдын башынан аттап өттүң. Менин, Сонундун, Колдоштун...

Арстан. Мм... Эри өлгөн катын кошокчу болот дешет. Арманың дагы эле арыла элек турбайбы, байкушум.

Айпери. Эми сен байкуш болосуң.

Арстан. Бул үчүн кызыңдын кыздыгы аздык кылат. Азыр буга карабайт, билсең. Илгери ошентчү: аялыңдан башка аялга көз артып койсоң, «аморальный поступок» деп иштен алчу, ал турмак партиядан чыгарчу. Бүгүнкү күндө кишинин кишичилигинен көрө, анын ишмердүүлүгүн жогору баалайт. А менин иш билги экеним элдин баарына белгилүү. Ошондуктан минтип тынымсыз өсүп-өнүп келатабыз. Дагы конуш которгону турабыз.

Айпери. Мүмкүн. Бирок сен моралдык жактан кир жукпас болсоң да, кылмышкер катары жазаңды аласың.

Арстан. Кылмышкер?

Айпери. Кызым кыздыгын жоготкон күнү ал он жети гана жашта болчу.

Арстан. Калп! Жаныңды жейсиң?!

Айпери. Паспорту бар анын. А сен кылган кылмыштын таржымалы мага маалым. Кайсы ай, кайсы число, кайсы жер, кайсы мейманкана... ал турмак, төлөнгөн квитанцияларга чейин менин колумда. Булардан тышкары көп сандаган тирүү күбөлөр жүрөт күбөлөйбүз деп...

Арстан. Жез кемпир! Сен муну атайы жасагансың!

Айпери. Сотто ошентип айт.

(Арстан, жели чыккан чаначтай бөксөрүп, Айперинин алдына отура кетет.)

Арстан. Жансоога, Перим. Минтип өрдөгөнү турганда өлтүрө көрбө. А мен чоңойсом, өзүнө да пайдам тиет. Мен да өлтүрө көрбө. А мен чоңойсом, өзүнө да пайдам тиет. Мен билем, алдагы ак сарайга сени Колдош апарган, Колдоштун колдоосу менен келаткансың ал жерде Айпери — Айпери болуп. Мына эми Колдош бийликтен кетти, демек, сен —

салондон кетесин. Шондуктан, экөөбүз касташканды коёлу, достугубузду чындайлы кайра. Сен мага жолдош болсон, мен сага — Колдош болом.

Айпери. Колдошум — айкөлүм, акыры барып салонуна «Айпери» деген ат койдурам деп жүрдү эле.

Арстан. Мен койдурам ошол атты!

Айпери. Колундан келеби?

Арстан. Аны аз күндө өзүн көрөсүн: келеби, коёбу...

Айпери. Макул, көрөйүн.

Арстан. Айперим!

(Айперини өпкүлөп жиберет.)

Айпери. Бирок Арс... Арстан... мага азыр насыя эмес, тез жардам керек болуп атат.

Арстан. Айт! Колумдан келсе эле аябайм.

Айпери. Бирөөдөн үч миң сом карыз болуп калдым. Куткарып кой.

Арстан. Үч миң сом... Так, так... Жарайт!

(Ордунан турат.)

Айпери. Мүмкүн болушунча, эртерээк.

Арстан. Бүгүндөн калбайт. Азыр эле аткарам.

Айпери. Анда... Сонун кошо барсын сени менен?

Арстан. Жүрсүн, жүрсүн.

(Дарбазага карай шашып жөнөйт.)

Айпери. Сонун! О Сонун!

(Сонун чуркап чыгат.)

Машинеге отур.

Арстан. Кеттик, Сонун, кеттик, эркем.

(Кыз кыйын аквалда калат.)

Айпери. Бар! Бара кой!

(Сонун кыйылган түрдө Арстандын артынан кетет. Айпери үйдү көздөй басат.)

Таир! Таир! Таир!

V КӨРҮНҮШ

Ошол күндүн кечи. Коргон тыптынч. Жангактын барбайган шактарын аралап толгон ай сүзүп баратат...

Супадагы кресло-качалкада Айпери отурат. Колунда оголе көп ачкыч бар. А көздөрү жумулуу. Уктап атат десең, аз-аздан термелип коёт.

Дарбаза качырай ачылып, көчөдөн Мактым кемпир кирет.

Айпери көзүн ачпайт, бирок термелгенин токтотуп тыншап калат.

Үйдөн Эркайым чуркап чыгат.

Эркайым. Ой, келдиңби деги?

Мактым. Келдим.

Эркайым. Эмне, белет болдубу?

Мактым. Беш күнгө чейин белет жок. Бирок машинистке дайындап келдим. Өз купеме отургузуп алып кетем деп калды.

Эркайым. А поезд качан жөнөйт?

Мактым. Ондо.

(Айпери көзүн ачып, саатын карап коёт.)

Эркайым. А-а... *(Үнүн атайы көтөрө сүйлөйт.)* А Сонун дале өз бөлмөсүндө камалып жатат.

Мактым. Бечара кыз... Ой, Айпери, бошотсоңчу алдагы байкушту, убал го акыры?

Айпери. Поезд кетсин анан. Дагы бир саат калды.

(Ачкычтарын шалдыратып коёт. Мактым анын маңдайына келип отурат.)

Мактым. Ох, аябай чаңкадым.

Эркайым. Азыр суу алып чыгам. *(Кетет.)*

Мактым. Келиним, акчаны жакшы кылбадыңбы.

Айпери. Кайсы акчаны, кокуй?

Мактым. Таирдин карызын айтам.

Айпери. А-а... Аманат алдым бирөөдөн.

Мактым. Аябай сүйүнүп жүрөт, ананайыным. Көңүлү куунак кетет эми иштеген жагына. Кап, Сонунду бекер жөнөтпөй койдун да, Таирге өтө кереги тиет эле. Экөө ага-карындаш болуп оокат кылышмак.

Айпери. Антишсе кана. Үйлөнүп алышат барары менен.

Мактым. Анда ого бетер жакшы болбойбу!

Айпери. Сонун Таирге тең эмес.

Мактым. Бекер айтасың. Сонун бир жакшына кыз. Мээнеткеч, ыймандуу...

Айпери. Мен сиңдимди жамандабайм, бирок... Жок, Таирге колуктуну өзүм тандайм. Энесинен башка эч ким өппөгөн кыз табам.

Мактым. А Сонунду ким өөптүр?

(Дарбаза жактан Сулайман келет.)

Сулайман. Ох, темир коруктун салкыны ай. Кечке аптапта акактап жүрүп араң жетпедимби.

Мактым. Бечара балам. Отур, эс ал.

Сулайман. Кана, апа, бөлөлөрдү кетире алдыңбы?

Мактым. Бирөөн гана. Азыр өтөт анын поюзу. А беркиси...

(Чыны кармап, Эркайым пайда болот. Ал кемпирдин сөзүн улайт.)

Эркайым. Үй камагында отурат.

(Кемпирге суусун сунат.)

Сулайман. Кап... Байкуш кыз ушундай кеткиси келди эле.

Айпери. Шаарда кандай жаңылыктар бар?

Сулайман. О-о, жаңылык көп.

Айпери. Кана, кана?

Сулайман. Кийин өзүнчө айтып берем.

(Мактым сууну ичип болуп, ойдо болот.)

Мактым. Өх, бактылуу бол, кызым. Жүр эми үйгө кирип, кечки оокаттын камын көрөлү.

Айпери. Оокатты ушул жерде ичебиз.

Мактым. Мейли.

(Эркайым экөө басып кетишет. Сулайман креслодон туруп селкинчекке отурат.)

Айпери. Кулак сенде.

Сулайман. Айперим, мени куттуктап кой: кайрадан өз кафедрамды алмай болдум.

Айпери. Койчу?!

Сулайман. Ушундай, айым. Акыйкаттыктын акыбети акыры кайтты.

Айпери. Түшүнсөм өлөйүн. Эмне болуп кетти деги?

(Сулаймандын салмагынан селкинчек салынган шак карс дей түшөт, Сулайман шакты чалкалай карап алып, ордунан туруп кетет.)

Сулайман. Муну түшүндүрүш үчүн өткөн жылдардын окуясына кайрылыш керек.

Айпери. Ко-ош?

Сулайман. Өзүң билесиң, биз Темир экөөбүз эски ректор менен элдешпес душман элек. Анын тууганчылыгына, паракордугуна, илимий көз боёмочулугуна аёосуз чабуул жасап турчубуз. Албетте, ал дагы бизди жек көрчү. Колунан келсе, экөөбүздү эки чайнап, бир бүрксөм дечү. Акыры ага ошондой мүмкүнчүлүк табылды: эки дос чатакташып шерменде болдук; ректор өчүн алып, табасы канды.

Айпери. Буларды билем да, эмнесин айтасын?

Сулайман. Билбегениң да бар.

Айпери. Ал эмне?

Сулайман. Сен мени чын эле Бурманын айынан мушташкан деп ойлоп келатасың. Жок, Перим, сенин айынан.

Айпери. Менин?

Сулайман. Ооба.

Айпери. Мм...

Сулайман. Темирди билесиң го, бетке айтаар жинди. Оюнда ойлогонун тили менен сүйлөп салат. Чындык үчүн касын да, досун да аябайт. Ошондо экөөбүз анын үйүндө арак ичип отурганыбызда, кокусунан: «Ай ушу Айпери — албарсты аял, сенин изине чөп салып жүрөт» — десе болобу иттин баласы.

(Айпери ойдолоктой ордунан туруп, селкинчекке отурат.)

Айпери. И-и, андан ары?

Сулайман. Менин эсим оой түштү. А эсиме келсем, Темирди тамга такап алып башка-көзгө койгулап атыптырмын. Алсыздык да, албетте. Болбосо анда эмне күнөө. Адатта дос-доско аяшынын айыбын ачпайт, досун аяп. Шондуктан бул милдетти дайыма анын касы аткарат. Бирок кээде кастар мулуя күлүп, достор ичинен сызып, эки тарап тең эчтеке билгизбей коёт. Мындай учурда тигил шордун өзүнүн шордуу экенин сезбей, көп ичинде күлүп-жайнап, маскарасы чыгып жашап жүрө берет...

Айпери. Ой, айтсаң ток этээр жерин айтчы оозуңа келгенин оттобой.

Сулайман. Ток этээр жери ошол... Темир менин көзүмдү ачам деп, өз көзүнөн ажырап кала жаздады. Кудай жалгап, кухняда биздин камыбызды жеп жүргөн Бурма айкырып чыга келди, айланып-үргүлүп ортобузга арачы түштү. Байкушум, арбалардап атып аш бычагың менен менин колума тийип да кетти.

(Билегиндеги тырыгын карап коёт.)

Ушул болгону... Кошуналар милиция чакырды, чатагыбыз чагылгандай чарт этип институтка жетти. Калгандарынан кабарың бар. Темир бечара мени шерменде кылбас үчүн күнөөнүн бардыгын өзүнө жүктөдү: Тойгонбаев аракка тоюп алып, менин аялыма көзүн сүздү, а мен байкуш чыдай албай ага бычак алып жүгүрдүм деп... А ректор мындай козурду колдон чыгарабы: ошол эле күнү Темир — деканнын айтканың жок?

Айпери. А-а... Эмне үчүн мага ошондо эле чындыгынан, а мен — кафедра башчылыгынан куулдук...

Сулайман. А мен Кемчонтой анын ордуна апама келип айттым: Айпери менен ажырашам дедим.

Айпери. О-о-о, ошондойбу?

Сулайман. Ошондой, Перим.

Айпери. А апаң эмне деди анан?

Сулайман. Апам: андай болсо ажыраштым деп биле бер: бирок, балам, балдарың бар, алар али жаш, аларды чоңойт, тарбияла; а алар жетилгенче Айперини аялым деп жүрө бер деп үйрөттү.

Айпери. А сен бул шартка макул болдуң?

Сулайман. Кемчонтоймун да.

Айпери. Мм... Эми баары түшүнүктүү болду. А мен ошол күндөн ушул күнгө чейин баш катырып келем: эмне үчүн менин эрим мени менен эр катары жашабай калды деп. Көрсө...

Сулайман. Кемпирдин эски коргонуна. А коргон алиге чейин анын наамына жазылуу.

(Шыпылдай басып көчөгө чыгып кетет. Айпери шалдайып отуруп калат. Пешайванда Эркайым менен Мактым пайда болот.)

Эркайым. Апа, Сонунду чакырсак такыр унчукпайт.

Мактым. Балам, эшикти аччы, эссиз кыз бир нерсе болуп жүрбөсүн.

Айпери. Эмне болмок эле?

Мактым. Деги айтам да...

(Айпери кабатырланып үйгө жөнөйт. Берки экөө ал кирип кеткенче күтүп турушат да, кийин супа жакка басышат.)

Мактым. Эгер Таир жалгыз кетсе, машинист бир гана сигнал берип өтөт, а эгер...

(Айпери атырылып чыгат.)

Айпери. Жок! Терезеден качып чыгып кетиптир желмогуз!

Эркайым. Ай-ий-и-ий!

Айпери. «Ай-и-ий» — деп коёт! Сен ушуну кылган! Экөөң ачып бергенсиң терезени!

Мактым. А терезе ичинен ачылат.

Айпери. Жаш-ш-шабагыр... Вокзалга кетсе керек чуркап. Поезддин жөнөөрүнө канча калды?

(Аңгыча паровоздун шарактаган үнү угулат. Үчөө тең тыңшап калышат.)

А кудайга шүгүр...

(Пешайвандын тепкичтерине отура кетет. Поезд үйдүн тушуна келгенде, гудок берилет).

Көрсөң, дагы кыйкыртып өтө турган болгон турбайбы булар. Шашпагыла силерди...

Эркайым. Бир...

(Узап баратып, дагы бир жолу гудок берилет.)

Эки!

Айпери. Кетти.

Мактым. Кетишти.

(Эркайым кыйкырып калат.)

Эркайым. Жакшы баргыла!

Кемпир. Бактылуу болгула!

(Айпери аңырайган аквалда акырын ордунан турат. Көшөгө жабылат. Оюн аяктайт.)

ТУЗДУУ ЧӨЛ

(Эки бөлүмдөн турган, балет жана пантомима кошулган трагикомедия)

КАТЫШУУЧУЛАР:

Дамин.
Карасаев.
Айганыш.
Темир.
Дарика.
Рабия.
Кытаев.

I БӨЛҮМ

1-ЭПИЗОД

Саратандын аппак аптабы астында мунарык баскан чөл жатат. Бул — туздуу чөл. Туз калың, жумшак. Бассаң кумдай шиленип, басыгыңдан үн чыкпайт.

Чөл деңиздей тептегиз. Бирок эки жеринде айсбергди элестеткен эки дөңсө агарат. Айсберг-дөңсөлөр жанаша жайланышкан жана жаш аялдын кош эмчегиндей опокшош, сулуу. Ушундан улам, мелтирей карасаң, чөл — чалкасынан жаткан жылаңач аялга окшоп кетет.

Азыр аалам тыптынч.

Бирок бир аздан кийин алыстан-алыстан, айсберг-дөңсөлөрдүн артынан Равелдин «Болеро» музыкасынын обону угулат.

Ошол эле учурда кош дөбөнүн ортосунан карарып бир жолоочу чыга келет. Жолоочунун жонунда жоон таңгак жүгү, колунда узун таягы бар. Ал көпкө чейин бизди карай жүрүп отурат. Анан акыры мандайыбызга келип жүк-пүгү менен боюн жерге таштайт. Адам, албетте, узак жол басып келатат, аябай арып-чарчаган, көл-шал болуп тердеген. Шондуктан, кылага чейин көзүн жумуп, терең-терең дем алып, талыкшып отуруп калат. А качан жаны жакшылап жай алганда гана жүгүнөн бошонот, ордунан турат, айланасын аңдаштыра карайт. Бир нерсени издегендей түрү бар.

Бул — Дамин. Орто бойлуу, сөөк-саактуу, күүлүү-күчтүү эркек. Жашы кырк бирде. Бирок чачы, муруту буурул. Жүзү арыкчырай, кубагай, сулуу.

Дамин айланасын аңдаштыра карап кыйлага чейин нары-бери басып жүрөт. Бир маалда жерге отура калып, колдору менен тузду шилеп кирет. Көп убакыт өтпөй калдайган салафан калта таап алат. Калтада кол күрөк, примус жана түтүнгө ышталган капкара жез чайнек болот. Дамин булардын ар бирин кызыга карап, жерге коёт. Кийин өзүнүн таңгагын чечип, андан

бүктөлгөн чатыр алып чыгат, ошол эле замат аны кура баштайт. Чатыр оной курулат: ал куду парашют ачылгандай ачылат. Чатырын куруп бүткон соң, Дамин калган буюмдарын ташыйт. Ташып атып, кокусунан кыйкырып жиберет. Анан акырын чөк түшүп, алды жагын тунжурай каран, мелтирен отуруп калат.

Дамин. Мен аны муунтуп өлтүрдүм... өлтүрүп, кумга көмүп койдум... бирок катуу жаан жаап өлүктү ачып таштады... *(Дамин колдорун карап көрүп үройт учат, алакандары менен көздөрүн жаба салат.)* Кудай, күнөөмдү кечир... күнөөмдү кечир... кечир... кечир... кечир...

2- ЭПИЗОД

Туздуу чөл.

Кош дөбөнүн ортосунда казандай болгон күн отуруп баратат. Анын алоолонгон жалыны астында аппак чөл куду кандуу сел каптап кеткендей болуп көрүнөт.

Ушул көрүнүштүн фонунда «Болеро» обону дагы пайда болот. Ошол эле учурда кош дөбөнүн ортосунан, музыкага үндөш бийлеп балет бийчилеринин чакан тобу чыга келет. Артисттер капкара кийинген. Алар адегенде бир катар чубалып жүрүп отурушат. А качан Даминдин чатырына жеткенде эки жакка ажырашып, акыры айлана түзүшөт.

Булар бул жерде кыйлага чейин бийлешет. Кийин кайтадан каз-катар тизилишип, ак дөбөлөрдүн артына кайым болушат.

3 - ЭПИЗОД

Туздуу чөл.

Күн ысык, чак түш.

Дамин курган чатырдын оозунда чакан дасторкон жайылып жатат. Дасторкондун бетинде катыган нан, таш кесе, жыгач кашык жана чоң термос бар. Дасторкондун четинде примус, примустун үстүндө ышталган чайнек турат.

А Дамин өзү иштеп жүрөт: чатырдын алдындагы аянтта кол күрөк менен чуңкур казып атат. Казган чуңкуру адамдын боюна өлчөлүү, мындайча айтканда гөргө окшош. Жака-белде андай «гөрлөрдүн» бир нечеси даяр болуп калган.

Дамин мандай терин ааркып, чөгөлөп отуруп калат, эс алат.

Ушул учурда чатырдын артынан Темир чыга келет. Аркасына асынган кап-сумкасы бар. Ал узун бойлуу, далысы кең, тиштери кашкайган кара тору жигит.

Темир. Саломалейкум, байке!

Дамин. Алейкум салам... *(Темир жүгүн жерге таштап, үстүнө отура кетет.)*

Темир. Уфф... Саартан бери жолдомун: самолетто учтум, поездге түштүм... А акыркы жыйырма чакырым

аралыкты мынабул аппак аптаптын астында, аппак туздун үстүндө жөө басып келдим. Акыркы айылдан бери жыйырма чыгат да, ушундайбы?

Дамин. Он эки.

Темир. Баары бир алыс. Аябай чарчадым. *(Казылган чуңкурларды кыдырата карап чыгат. Кызыгып ордунан турат.)* А-а... Демек, жанагы оорукчандар көмүлүүчү... гөр ушундай казылат турбайбы? *(Дамин башын ийкейт.)* А гөр деп туура айттымбы?

Дамин. Гөр эмес, албетте, көрүп турбайсыңбы. Бирок окшоштугунан ошентип коюшат.

Темир. А сиз болсо гөр казгыч, гөр жапкыч, гөр ачкыч болуп иштейсиз, ушундайбы?

Дамин *(аргасыздан жылмаят)*. Ушундай.

Темир. Мен да ушул кызматка келдим. Таанышып алалы: атым — Темир.

Дамин. Дамин. *(Кол алышат.)*

Темир. Мен студентмин. Физкультура институтунда окуйм. *(Булчуңдарын көрсөтөт)*. Окшоймунбу?

Дамин. Окшойсуң.

Темир. Каратэ боюнча Азиянын чемпионумун.

Дамин. О-о-о...

Темир. Бирок... чемпиондун акчасы жок. Акча тапканы келдим.

Дамин. Ырас кылыпсың. Биерде бир ай иштесең, үч миң таап аласын.

Темир. Менин курсташ тентушум дагын ошентип айтты. Өзү өткөн жылы жай ичи ушуерде жүрүп, бир машиненин пулу менен барды.

Дамин. Мен буга ишенем.

Темир. Бирок бизди байыта турган кишилер көрүнбөйт да?

Дамин. Келишет. Дарыланар маал эми эле башталып атпайбы.

Темир. Баса... Тузду жиреп келатам-келатам, бир тирүү жан жолукпайт. Сиздин кепеңиз кезикпегенде, мындан нары да кете бермекмин. Мм... Туздуу чөл деген ушул турбайбы...

Дамин. Ушул.

Темир. Учу-кыйыры көрүнбөйт го жарыктыктын. Бир кезде бул жер деңиз болгон дешет. Ушул ыраспы?

Дамин. Ырас. Кеме, кораблдер сүзгөн. А жээктеринде жапайы жан-жаныбар жашап, тээтиги аралдарда *(кош дөбөнү көрсөтөт)* каз, өрдөктөр уялаган.

Т е м и р . Анан кантип мындай акыбалга келип отурат?

Д а м и н . Бу деңиз улуу дарыялардын куймасы болгон. Анан ал дарыяларды ар кайсы жакка, ар кайсы максатта буруп кетишет, а деңиз ысык аптапка бууланып отуруп акыры туздуу чөлгө айланат.

Т е м и р . А чөлдүн тузу айыкпас дартка даба болуп чыга келет.

Д а м и н . Жаратылыш адамга караганда алда канча акылдуу жана мээримдүү. Кандай жол менен болсо да бизге жардам бергиси келет. *(Алыстан-алыстан «Болеронун» обону угулат.)*

Т е м и р . Музыка! Каяктан келип атат?

Д а м и н . Ак дөңсөлөрдүн артынан. Бир чакан балеттик труппа гастролго келген. Ошолор оорукчандарга оюн көрсөтүп атат.

Т е м и р . Ой, анда ал жакта адам көп турбайбы?

Д а м и н . Үч күн илгери мен өтүп келатканда жүз чакты бар эле. Азыр андан көбөйүп калса керек.

Т е м и р . Жарыктык десе, бая эле ошентип айтпайсызбы? Мен кеттим ошол жакка.

Д а м и н . Туура кыласын. Сага эл канча көп болсо, ошончо жакшы.

Т е м и р . Кызык... А сизге, эмне, анын азы жакшыбы?

Д а м и н . Мен тополонду сүйбөйм. Кичине оорукчанмын. *(Дамин чекесин чертип коёт.)*

Т е м и р . А-а, ошондойбу... Анда экөөбүз ажырашалы, агатай. Анын үстүнө мен биерге калсам, сиздин нанынызды талашкыдаймын.

Д а м и н . Ар кимдин өзүнүн ырыскысы бар, иним. *(Темир жүгүн жүктөнүп, кетмекчи болот. Бирок ушул тапта кош дөбөнүн ортосунан Айганыш менен Дарика көрүнөт, аларды көрүп, күтүп туруп калат. Айганыш узун бойлуу, сымбаттуу, сулуу аял. Ал кырк жашта. Дарика андан кыскараак, бирок бул дагын кымча бел, чырайлуу кыз. Жашы жыйырмада. Экөөнүн тең артына асынган чампайган-чампайган сумкалары бар. Эркектердин алдына келип, сумкаларынан бошоно башташат.)*

А й г а н ы ш . Жардам берип койгулачы, кудай жалгагырлар! *(Эркектер жетип барышып, алардын жүгүн алышат: Дамин — Айганыштын, Темир — кыздын. Аялдар эстери ооп отура кетишет.)*

А й г а н ы ш . Оф... Тиги дөңсөлөрдүн артына токтойлу десек, эл эң эле көп экен. Тим эле жээктеги тюлендердей болуп алмашып жатышат.

Т е м и р . Коюңузчу?!

А й г а н ы ш . А мен ооругандан бери ызы-чууну көтөрө албайм. Кудай жалгап, бир жакшы адам ушул жакка жолго салып койду.

Д а м и н . Туура кылыпсынар. Биерде дайыма киши аз болот, тынч...

Т е м и р . А эмне үчүн? Бир эле чөл го?

Д а м и н . Тияктын тузу майда, жумшак, а бул жердики ирик, катуу. Бирок дарылык касиети бипбирдей.

А й г а н ы ш . Кана эмесе, таанышып алалы. Менин атым — Айганыш. Айганыш Атаева.

Д а м и н . Мен сизди дароо эле тааныдым.

А й г а н ы ш . Чын элеби?

Д а м и н . Сиз атактуу актрисасыз. Тилекке каршы, мен сизди кино менен телевидение аркылуу гана билем.

Т е м и р . А-а, туура! Каяктан көрдүм эле дейм да.

А й г а н ы ш . Көрдүңбү, Дарика, каерде жүрбөйүн мени баары тааныйт. Ал турмак туздуу чөлдө дагын.

Т е м и р . А туздуу чөлгө, эмне, гастролго келдиңизби?

А й г а н ы ш . Жо-жок... Кичине дарыланайын деп чечтим. *(Айганыш ордунан турат.)* А өзүнөр ким болосунар?

Т е м и р . Биз — сиздерге кызматчыбыз.

А й г а н ы ш . А-а, түшүнүктүү. Дарика, айтпады беле, бул жерде экөөбүз кара жумуш кылбайбыз. Акысын төлөсөк, ар кандай ишибизди иштеп беришет. Туурабы?

Т е м и р . Так ошондой.

А й г а н ы ш . Анда адегенде акы жөнүндө сүйлөшүп алалы.

Д а м и н . Бул сиздин ыктыярыңыз. Көңүлүңүздөн чыкканын бересиз.

А й г а н ы ш . Эң жакшы экен. Эмесе бизге биринчи иретте чатыр куруп бергиле. Чатырыбыз мынабул сумкада. *(Дамин сумканын оозун ача баштайт.)*

Т е м и р . А, Дарика сиздин кызыңыз го?

А й г а н ы ш . Шакиртим болот. Абдан таланттуу актриса.

Т е м и р . О-о...

А й г а н ы ш . Ох, өлгөндөй чарчадым. Мен үчүн мынабул караван жол тооктун жолуна айланды. Кичине эс албасам болбойт. *(Беркилерден алыстап барып, туздун бетине чалкасынан түшүп жатып калат. Дамин чатырды сумкадан сууруп алып, аны өз чатырынын катарына кура башташат. Чатырлар окшош — курулушу да окшош.)*

Темир. Байке, мен деле чатырымды ушул жерге тигип, а ишке ушул жерден каттап турсам кантет?

Дамин. Өзүң бил.

Темир. Болду. Мен Дариканын бет мандайында жашайм. Мынабул жерде... *(Дарика аны мыскылдап күлүп коёт. Ал чөнтөгүнөн сигарет алып чыгат.)*

Дарика. Күкүртүн барбы?

Темир. Бул жерде күкүртсүз күн өтпөйт. *(Күкүрт чагып берет.)* Менин атым — Темир.

Дарика. Темир-тезек... Айтканга көңүл чаппайт.

Темир. Карэтистмин. Азиянын чемпионумун.

Дарика. Бүткүл Азиябы же Ортосу элеби?

Темир. Азырынча... Ортосу гана.

Дарика. Эмне экен, эсте болсун.

Темир. Демек, дарыланганы келдим дечи?

Дарика. Э, жок... Мен деген тиги айымды узатып-сокурдун таягымын: менсиз бир жакка жылалбайт, менсиз үйдө туралбайт. Жалгыз калгандан коркот. Жалгыздык жан алгычы анын. Айтмакчы, экөөбүздүн тааныштыбызга дагын ошол жан алгыч себеп болгон... *(Дарика унчукпай сигаретин тартып отуруп алат.)*

Дамин. Эмне басылып калдың? Айт аягына чейин.

Дарика. О-о, көрсө менин сөзүм көп кишини кызыктырып калган турбайбы. Эмесе, жакшылардын көңүлү үчүн... Мен анда «Соопчулук» коомунда иштечүмүн. Кылган кызматым — телефондун алдында отурмай, амалы куруган адамдарга телефон аркылуу акыл-насаат айтып, көңүлүн көтөрмөй. Чынын айтсам, бирөөгө бир чымчым пайдасы жок иш. Бирок менин ишим канча аны менен. Мага айлык берсе болду да. Туурабы? *(Дамин унчукпай коёт.)*

Темир. Албетте. Ар ким акча таап жанын багыш керек.

Дарика. Ошентип... бир жолу иште китеп окуп отурсам, түн ортосу ченде бирөө телефон чалып калды. Кулак салсам, аял киши. Үнү ушундай тааныш. Ушуерде айта кетейин: мен артист болушту бала кезден эңсеп келем. Ошол окуядан эки жыл илгери театралдык институтка өтөм деп, өтө албай, каңырыгым түтөгөн. Мына ошондон кийин мени бир тентуш балам жанагы кызматка орноштурган болуучу... Биз аял экөөбүз сүйлөшө кеттик. Кокусунан ал менин эң жакшы көргөн актрисам болуп чыкты. Билесинерби, мен анын ар бир спектаклине барчумун, күндө ойносо күндө

көрчүмүн. Эми ошо киши минтип мага өзү звонить этип отурбайбы.

Темир. А эмнеге звонить этиптир?

Дарика. Жалгызсырап. Мен айттым го, жалгыз калса, куса болуп кетет бул аял. Шондуктан бирөө менен сүйлөшкүсү келет, телефон аркылуу болсо дагын. Биз экөөбүз көпкө-көпкө сүйлөштүк. Бир маалда менин актрисам: үнүн абдан жакшы экен десе болобу! Ошондо мен эрип кетип, театрды жанымдай жакшы көрөрүмдү, өзүн кандай сүйөрүмдү айтып салдым. Аял анда: азыр алдыма келгиниң, сынап көрөйүн деп талап кылды. Мен дароо иштен бошонуштун амалын ойлоп таптым. Жетекчиме: ичим өтүп атат, үйгө барып жатпасам болбойт деп коюп, актрисамдын алдына учуп жетип келдим. Ошол түн менин тагдырымды чечти. Актрисам мени көрөр замат: «Болду! Бүгүндөн баштап сен менин студиямда окуйсуң» — деди. А бир айдан кийин менин алкаш ата-энемди сүйүнтүп, мени биротоло өз үйүнө киргизип алды. Ошентип, эки жылдан бери экөөбүз бирге жашайбыз. Уста жана шакирт болуп. Кана, кызыкканыңар калдыбы эми?

Дамин. Эмне, анын өзүнүн жакын кишиси жокпу?

Дарика *(башын чайкайт)*. Эч кимиси... Эрден да, бала-чакадан да кудай кур койгон... Ырас, бир ойношу бар. Биздин театрдын башкы режиссеру. Кытаев Аким Алиевич. Уксаңар керек? *(Темир Даминди суроолуу карайт. Дамин башын ийкейт.)* Абдан атактуу адам. Ар жылы ар кайсы өлкөлөргө барып спектакль коёт. Мисалы, азыр Жапанда жүрөт. Менин Айганышым аны жанындай жакшы көрөт, көрүнгөн актрисадан кызганып өлүп калат, ал турмак менден дагы... Айтмакчы, ал биздин артыбыздан келет биякка. Айганыш айым экөө юбилейлик спектакль даярдашат. Быйыл биздин атактуу актрисабыз кыркка чыгат. Албетте... кудай чыгарса... *(Дарика сигаретин шимирип, бир пасека унчукпай калат.)* А чынында менин эжекем жакшы аял. Боорукер, колу ачык... Мени куду өз кызындай көрөт, эчтекесин аябайт. Мынабул алтын-күмүштүн баарысын *(кулак сөйкө, билерик, шакектерин көрсөтөт)* мага ошол тартуу кылган. Мындай буюмдар анда бир сандык. Бул сандыкты, кайда барбасын, өзү менен кошо ала жүрөт. Атүгүл ушул чөлгө да ала келген.

Дамин. Ооба, жакшы адам экен...

Даминдин чатыры жактан Караев пайда болот. Караев узун бойлуу колу-буту жоон, башы аттын башындай сүйрү, сүрдүү адам. Кийгени жаны костюм, костюмунун көкүрөгүнө көп сандаган орден-медалдар кадалган. Азыр ал артына кара кайыштан жасалган бийик кресло танып алган, эки колунда эки чоң чемоданы бар.

(Беркилердин баарысы аны аңырайып карап калышат.)

К а р а е в *(заңкылдап жоон үн менен сүйлөйт)*. Оф, оф... Тфу, турмушунду урайын... Бул эмне деген маскаратчылык?! Куду вокзалдан бери өз жүгүмдү өзүм көтөрүп келатам... А мен деген өмүрүмдө оор жүк көтөрүп көргөн эмесмин! Пай-пай-пай... А мени Эски Борбордон узаткандар: «Туздуу чөл» деген станцияга жетсең болду, ал жерде сени рикшалар күтүп турат, андан ары жүк-пүгүн менен көтөрүп кетишет дешкен. А келсем вокзалда эл кайнайт, бирок бир дагы рикша көрүнбөйт. Кимге кайрылбагын: өзүбүз жалдаганга киши таппай олтурабыз дешет.

Т е м и р. Кап, мен ошол жерде болгондо...

К а р а е в. А сен эмне, рикшасыңбы? *(Караев чемоданын жерге таштап, жонундагы креслосун чече баштайт. Темир жетип барып, ага жардам берет.)*

Т е м и р. Мен ушул чөлдүн мардикеримин.

К а р а е в. А-а, ырас болбодубу... Анда менин карамагыма өттүң. Эмне десем, ошону кыласың. А акынды анан сүйлөшөбүз.

Т е м и р. Куп болот.

К а р а е в. Креслону буерге кой. *(Темир креслону айткан жерге коёт.)* Эми чатырды кур. Чатыр тиги чемоданда. *(Темир ишке киришет.)*

А й г а н ы ш *(Дарикага шыбырайт.)* Кудая тобо, Караевге абдан окшош экен.

Д а р и к а. Аныңыз ким?

А й г а н ы ш. Республиканын мурдагы президенти.

Д а р и к а *(күлөт)*. Коюңузчу, эже... Президенти ушул болсо, анда анын республикасы кандай болот? *(Караев креслого отуруп, маңдай терин ааршыйт.)*

К а р а е в. Мени таанысаңар керек? Караев, республиканын мурдагы президенти. *(Калгандары кайрадан Караевди карап калышат.)*

А й г а н ы ш. Ананчы, тааныбаганда... Мен дароо эле тааныдым.

Т е м и р. А, мен дагы тааныдым! Сүрөтүңүзгө абдан окшош экенсиз.

К а р а е в. Таанып, таңыркап атасыңар го, президент ушул ээн чөлгө келип, эл менен кошо дарыланабы деп? Амалым куругандыктан келдим. Менин оорума эч бир дарыгер даба таппай койду. Акырында бир акылман доктур, Нобель сыйлыгынын лауреаты, ушул чөлгө жөнөттү. Бул жердин тузунда космикалык касиет бар дейт. Көрсө, көк теңир туздуу чөлдү өзгөчө бир көз каштa карап турат имиш.

А й г а н ы ш. Бул туура! Мен дагы ошону угуп келдим. Мына көрөсүз, экөөбүз бул жерден сопсоо болуп кайтабыз.

К а р а е в. Кечиресиз, сиздин оорунуз эмне?

А й г а н ы ш. Рак.

К а р а е в. Анда жеңил экен. Мениki абдан жаман.

А й г а н ы ш. Коюңузчу, рактан өткөн кайсыл мээнет ал?

К а р а е в. Мен маңбаш болуп калдым. Эсим кирди-чыкты. Мындайча айтканда, азыр сопсоо сүйлөп атып, бир пастан кийин дөөрүп кирем.

А й г а н ы ш. Коку-уй...

К а р а е в. Бирок силер коркпогула, менин оорумдун бирөөгө зыяны жок. Билсеңер, азыр менден эч ким коркпойт. Керек болсо, келекелеп келишет. Илгери коркушкан. Колумда бийлик барда. Мына бул кресло президенттин кабинетинде турганда. *(Креслону сылап коёт.)* Ананайыным... Абдан акжолтой кресло. Экөөбүз элүү жылдан бери бирибирибизди алмак-салмак көтөрүшүп келатабыз. *(Беркилер бири-бирин тиктешет. Темир ышкырып жиберет.)* Азыр кайсы кылым?

Т е м и р. Жыйырма биринчи.

Д а р и к а. Эми эле башталды.

К а р а е в. Демек, өткөн кылымдан бери... Биринчи жолу мен буга отурганда жапжаш адвокат элем. Ошондон кийин экөөбүз эч ажырашканыбыз жок. Эх, элүү жылдын ичинде эмне деген гана кабинеттерди көрбөдүк: соттун, прокурордун, шаар башчысынын, министрдин... Акырында президенттин ак сарайына келип кирип, андан жыйырма жыл дегенде араң чыктык. Эгер мен оорубаганда, дале ошерде отура бермекпиз... Бул кресло — менин өмүр баяным. А мунун өмүр баяны — менмин. Ушундай.

А й г а н ы ш. Керемет кресло турбайбы.

Д а р и к а. Музейге коюш керек муну!

Т е м и р *(тартынган түрдө)*. Байке... орден, медалдарыңыз эле көп экен. Баары алтын менен күмүштөн...

К а р а е в . Элге кылган кызматымдын акыбети... Ар бири үчүн кан-терим төгүлгөн... Эх, бүт өмүрүм элим-жерим деп жүрүп өттү. Кедей эле — бай кылдым, сабатсыз эле — билим бердим; бейишке ишенип, тозоктон корккон динчил болчу — жалпысынан атеистке айланттым. Аялы менен эркегинин укугун тенештирдим: азыр аялы айгыр аттай азанап, эркеги байтал болуп кишенейт... Жаамы калктын саламатчылыгына кам көрдүм: ар бир айылга оорукана, төрөткана, наристекана, жетимкана, дебил бала жана башка — балээканаларды ачтым... Өлкөдө темирдей тартип болсун деп, кадам сайын түрмө салып, жиндикана курдум... Менин доорумда элимдин тарыхы кайра жазылып, жеримдин чеги кайрадан чектелди. Эски үрп-адатын жоготуп, жаны салттар киргиздим. Койлорун кош, эчкисин үчэм туугуздум. Жараткандын жаратылышын жеңдим: сууларын тескери агызып, чөлүн — көлгө, көлүн — чөлгө айланттым... А мынабул жаткан дартка даба жер өзүнөн өзү пайда болду дейсиңерби? Ушундай, туугандар... *(Ордунан туруп, казылган чуңкурларды аралай басат.)* Коош... Мен үчүн гөр даяр экен. Кап, азыр эле жатат элем курсагым ач... Айтмакчы, бул жерде азык-түлүк маселеси кандай?... Мага айтышты эле: кичине базары бар, ашкана, чайканасы иштейт деп. Ушул чынбы? *(Айганыш, Дарика, Темир — үчөө Даминди карап калышат.)*

Д а м и н . Ооба, мунун баары тээтиги кош дөбөнүн артында...

К а р а е в *(Темирге)*. Кийин барып келесиң.

А й г а н ы ш . Ой, жакшы турбайбы. Дарика, эсинде болсун.

(Дарика менен Темир тиктешип алат.)

Д а м и н *(Айганышка)*. Чатырыңыз даяр болду.

А й г а н ы ш . Ракмат. *(Сумкасынан пул сууруп, Даминге сунат.)* Мына акыңыз.

Д а м и н . Жөн эле коюңуз...

А й г а н ы ш . Ал эмне дегениңиз?.. Же аз берип атамбы?

Д а м и н . Жо-жок, мен деги эле акы албайм.

А й г а н ы ш . Түшүнсөм өлөйүн. *(Баарысы Даминди таң кала карап калышат.)*

Д а м и н . Билесизби... мен соопчулук үчүн гана кылам бул ишти.

К а р а е в . Сен эмне, «Соопчулук» коомунда иштейсиңби?

Д а м и н . Жок, мен өзүмчө эле...

А й г а н ы ш . Тообо, ушундай дагын адамдар болот экен ээ?

К а р а е в . Мен сени түшүндүм: о дүйнөнүн озурунан үмүт кылган шордуу турбайсыңбы. *(Дамин жооп бербейт.)*

А й г а н ы ш . Атаганат, о дүйнө деген бар болсо, мен бу дүйнөнүн өлүмүнөн коркпойт болчумун. Мейли, бейишине киргизбесе, тозогуна деле ыраазы элем. Иши кылып, бир өмүр ада болсо, экинчиси башталса кана...

К а р а е в . Кадырыңыз жам болсун, экинчи ирет жашабайсыз. Өлдүңүзбү тамам: жерге көмүлүп, курт-кумурскага жем болосуз да каласыз. *(Айганыш сустая түшүп, тескери бурулуп кетет. Ушул учурда чатырлардын аркасынан Рабия чыга келет. Рабия отузга жетип-жетелек, орто бойлуу, ыймандуу келин. Азыр анын башында түйүнчөгү, колунда чакан челеги бар.)*

Р а б и я . Арыбаңыздар.

Д а м и н . Бар болуңуз.

Р а б и я . Мен сиздерге оокат апкелдим эле...

К а р а е в . Оокат? Ой, ырас болбодубу. Өзөрүп өлмөк болдум.

Д а м и н . Мен дагы.

К а р а е в . Кана эмесе, отурдук. *(Караев өз креслосуна, калгандары ар кайсы жерге отура кетишет. Рабия түйүнчөгүн чечип, нан, кашык, кесе алып чыгат, челегин ачып, андагы суюк ашты куюштурат; биринчи кесени Караевге сунат.)*

К а р а е в . Эх-э-э, тоок кесме турбайбы! Менин эң жакшы көргөн тамагым. Апам өлгөндөн бери жей элек элем. Апам айылдык аял болчу, эки күндүн биринде тоогун союп, кесмесин кесип отура берчү, бечарам. А атам аябай буга жини келчү. «Атандын оозун урайын тоок багардын кызы, дагы баягы сасык сорпонду жасадыңбы» — деп сөгүнүп жатып калчу. Апам, чын эле, тоок фермердин кызы экен. Атам аны он алты жашында, миңдеген тооктордун ортосунда туруп алып, аларга жүгөрү чачып аткан жеринде көрөт. Көрүп, ошол замат сугу түшүп калат. А менин атам ашык болгон аялын алмайын койбогон, азаматым. Бул жолу да ошентет. Эки жагын караса, эч ким жок. Эргулум, дароо канар кабына кызды тыгат да, оозун буун, машинесине салып, шаарын көздөй жүрүп берет... А аркасынан алдастап куун келген атасына: кызыңдын ордуна жаңы тоокана куруп берем деп ачуусун басат. Ошентип, апам атамдын он алтынчы катыны болуп калат.

Дарика. Он алтынчы?!

Айганыш. Кудай сактай гөр...

Караев. Жок, ал үйлөнүп-ажырашып, ажырашып-үйлөнүп турган. Апам гана ага абдан жагып калып, калган өмүрүн ошону менен жашап кетти.

Айганыш. Деги ким болуп өткөн атаныз?

Караев. Элүү жыл Эски Борбордун базарын башкарган.

Темир. О, анда аябай акчалуу адам экен.

Караев. Акча деген ал үчүн саман эле. Сатып алам дегенин сатып алчу: атканабы, мончобу, гөрстанбы, түрмөбү, темир жолбу, университетпи, академиябы, өкүмөт үйүбү... Иши кылып анын күчү жетпеген жер жок болчу... Айтмакчы, мынабул креслону мага ошол тартуу кылган. *(Креслону таптап коёт.)* Албетте, мен дагы анын мээнетин кайтардым: бийлигим күч алган кезде, өзүм ага кресло сата баштадым.

Дарика. Кечиресиз, креслону эмне кылат атаныз?

Караев. Сатпайбы андан ары. Албетте, үстүнө үстөк кошуп.

Дарика. А-а... канча турат алардын ар бири?

Караев. О, бул анын кандай кабинетке коюлушуна жараша. Мисалы, менин заманымда мындай кресло үчүн ресторандын деректири — беш мин, полициянын начальниги — он мин, губернатор — жыйырма мин, сенатор — отуз мин беришчү...

Темир. Атаннын гөрү...

Айганыш. Туура, мен муну көрүп калдым.

Караев. Кесмен кушкер экен, келиним. Бирок эмки жолу калемпирин көбүрөөк сал...

Рабия. Эсимде болсун, ава. *(Караев ага акча сунат.)* Ай-ий, антпеңиз...

Караев. Эмне? Түшүнбөдүм. *(Рабия Даминди жалдырай карайт.)*

Дамин. Бу киши оокатына акы албайт.

Айганыш. Кокуй, сен дагыбы?

Темир. Жыргал жерге келген турбайбызбы?

Караев. Өзүң бил. Бирок пулга зарыксаң, тартынба: чек жазып берем. *(Ордунан турат.)* Эми кичине эс алайын. *(Чатырына кирип кетет.)*

Айганыш. Анда... рахмат, синдим.

Дарика. Рахмат, эжеке.

Темир. Рахмат.

Айганыш. Жүктөрдү ичкери кийирейин.

Темир *(Дарикага)*. А биз экөөбүз базар жакка басып келбейлибиз?

Дарика. Жүр. *(Экөө кош дөбө жакка бет алышат. Рабия идиш-аягын жыйнап кирет, Дамин ага жардам кылат.)*

Дамин. Акыбалың кандай?

Рабия. Кудайга шүгүр. Кыш кетти, жаз өттү. А мен балдар үйүн таштап, карылар үйүндө иштеп атам.

Дамин. О-о, ошондойбу? Эмне үчүн?

Рабия. Жаңы башчы менен батыша албай койдум.

Дамин. Ушундай де...

Рабия. Мен сизге айтаар бир куш кабарым бар.

Дамин. Кана, кана?

Рабия. Бизде жашаган чалдардын бири сизди тааныйт экен.

Дамин. Мына эмесе. Ким ал?

Рабия. Кайнатаңыз болот имиш.

Дамин. А, бечарам... Карыганда кор болгон турбайбы...

Рабия. Ошо киши айтат: Дамин эч кимди өлтүргөн эмес, өлтүрдүм деген адамы алиге тирүү дейт.

Дамин. Боорукер болчу, мусурман. Мага жан тартып атат. А мен... өлтүргөнмүн... Өлтүрүп, кумга көөмп койгом... *(Дамин ындыны өчүп, акырын жерге чөк түшөт. Рабия жанына келип, ийнине колун коёт. Экөө тең унчукпай кош дөбө жакты мелтирей карап туруп калышат. Кош дөбөнүн ортосуна кыпкызыл күн батат. Туздуу чөлдү кандуу сел каптайт...)*

Биринчи бөлүмдүн аягы.

II БӨЛҮМ

4-ЭПИЗОД

(Пантомима)

Туздуу чөл.

Кош дөбөнүн ортосуна жапжаш ай батып баратат. Айдын алсыз нуру астында көлөкөлүү төрт чатыр тунжурап турат. Чатырлар аттын такасына окшогон жарым аянтты айланта тигилген. Аянт азыр тептегиз — андагы казылган «көрлөр» көрүнбөйт.

Чатырлардын биринен бирөөнүн бир калыпта тарткан коңуругу угулат. Кокусунан коңурук тарткан адамды басырык басат — түшүндө бакырып-өкүрүп, буулуп-булдурап сүйлөйт, кимгедир жалынып-жалбарып, буркурап

ыйлайт. Ошол аквалда уйкусунан ойгонбой, ич кийимчен бойдон сыртка жөрмөлөп чыгат. Анан ак туздун бетинде тюлендей сойлон барып, аянттын ортосуна жеткенде, арыш-чарчап, сулк түшүп жатып калат. Анын тарткан азабы акырындап аны коё берет. Бул — Караев.

Караевдин шоокумунан улам өз чатырларынын оозунда Дамин, Айганыш, Дарика, Темирлер пайда болушат. Алар үн-сөзсүз Караевди карап тура беришет.

Ангыча ай дагы батып, айланага аста-секин карангылык кирет.

5-ЭПИЗОД

Туздуу чөл.

Эртең менен. Күндүн нуру эми гана төрт чатырга жетип келатат. Өз чатырынын алдында Дамин примусу менен алек — термоско чай демдеп атат.

Жарым аянттын ортосунда — аппак туздун бетинде, капкара жиби чубалган көкмөк телефон аппараты жатат. Аппараттын алдында, куду анын шыңгырагын күткөнсүп, аны телмире тиктеп, Айганыш тик турат.

Кийгени кызыл-тазыл гүлү бар ак желек.

Акыры аппарат шыңгырайт. Бирок муну Айганыш гана угат. Айганыш сүйлөшөт. *(Ролун ойнойт.)*

А й г а н ы ш . «Алло! Сенсиңби... Сенсиңби дейм?.. Ооба... Абдан жаман угулуп атат... Үнүң алыстан-алыстан келип атат. Алло!.. Шумдук... Угуп атасыңбы, линияда канча үндөр жүрөт... Кайта чалчы. Алло! Кай-та ча-ал... Кайта чал деп атам...» *(Трубканы коюп, дагы күтүп калат. Бир пастан кийин трубканы кайра алат).* «А! Акыры оңолду... *(Айганыш аппаратты колуна алып, сүйлөшкөнчө, аянтты айлана басат).* Бул сен... Ооба... Азыр абдан жакшы угулуп калды... Алло!.. Ооба... Ушунча көп үндөрдүн ичинен сенин үнүңдү угуш тим эле азап болду... Ооба... Ооба... Жок... чын эле жакшы өттү...» *(Ролдон чыгат).* Жок, бүгүн такыр болбой атат. Үнүм жасалма чыгат, анан калса кырылдайт...

Д а м и н . Мүмкүн, кичине чай ичип аларсың?

А й г а н ы ш . Туура айтасыз. *(Аппаратты жерге коюп, өзү анын алдына отура кетет. Дамин термос менен пиалысын көтөрүп келип, ага чай куюп берет).* Рахмат.

Д а м и н . Мен сизден сурайм деп эле, батына албайм: эмне деген пьесаны ойноп атасыз?

А й г а н ы ш . «Адамдын үнү» деген. Автору Жан Кокто.

Д а м и н . Кап, окуган эмес экенмин.

А й г а н ы ш . Жападан жалгыз персонажы бар. Анысы аял. Ашыглыктан акылын жоготкон бир байкуш аял... А

анын ашык жары бөлөк аялга үйлөнүп, экөө башка шаарга саякатка кетип аткан болот.

Д а м и н . Анда аял пьесанын башынан аягына чейин телефондо сүйлөшүп отурат турбайбы?

А й г а н ы ш . Ооба. А акырында өлөт. *(Даминге пиаласын сунат.)*

Д а м и н . Дагы куяйынбы?

А й г а н ы ш . Жок, рахмат. *(Ордунан турат. Дамин ага калакат кылбас үчүн чатырына кайтып келет. Эшигинин оозуна отуруп, чай иче баштайт. Чай ичкенче, Айганыштын оюнун тамаша кылат. Айганыш өз ою менен алек болуп, телефонду тегерене басат.)*

А й г а н ы ш . Башка жеринен баштасамбы? *(Токтоп, аппаратты телмире тиктеп калат. Кийин аны колуна алып, аянтты айланып чыгат. Ролго кирет.)* «Биздин маалхабат көп кыйынчылыктарга учурады. Башынан эле чечишке туура келди: же беш жылдык бакыттан баш тартып, же тобокелге салышым керек болду. Мен мунун жакшылык менен бүтөөрүнө эч качан ишенген эмесмин. Акыры келип, минтип, башымдан кечирген чексиз бакты-таалайдын азабын тартып отурам... Алло!.. чексиз... Бирок мен өкүнбөйм... Мен өкүн... мен эч нерсеге, эч нерсеге, эч нерсеге өкүнбөйм... Сен... сен жаңылышасың. Мен... Алло!.. Мен аларымды алдым — андан башкага арзыбайм... Мен баш айланткан бакытты эңсеп жинди болдум... Айланайыным... Уксаң... Алло!..» *(Ролдон чыгат.)* Жок, бүгүн такыр болбой атам. *(Телефонду жерге коюп, жанына отура кетет.)* Чайыңыздан куюңузчу. *(Дамин термос, пиаласын көтөрүп анын алдына келет.)*

Д а м и н . Билесизби, сиздин оюнуңуз балдардын бир оюнуна окшоп кетет экен.

А й г а н ы ш . Кандай оюн? *(Дамин ага чай сунганча, маңдайына отура кетет.)*

Д а м и н . Ташканак деген... Мен алты жашар чагымда кошунабыздын кызы менен ошол оюнду ойночубуз. Экөөбүз таштан үй куруп, анда эрди-катын катары жашачу элек. Ар кимибиздин өз милдетибиз болоор эле: мен тоодон отун алып, аялым эчки саап, казанга жарма жасачу...

А й г а н ы ш . Жыргал турмуш экен.

Д а м и н . Ойлоп көрсөм, азырга чейин ошол оюнду ойноп келаткансыйм. Мындайча айтканда, өз турмушумду эмес, бирөөнүн турмушун жашап аткандай сезип кетем. Албетте, өз эрким менен эмес, тагдырдын эркы менен...

Айганыш. Артисттердин тилинде, тагдыр деген — режиссер. Режиссер ар кимибизге ар кандай роль бөлүштүрүп, ар түркүн адамдардын өмүрүн жашаттырат.

Айганыш. Мына куду ошондой! Болбосо, менин турмушум такыр башкача эле да. Институтту бүтүрүп, археолог болуп иштеп жүргөм, жакын көргөн аялым менен жашап аткам... Кокусунан жанагы «режиссер» пайда болду да, мага башка бир «ролду» берип салды... *(Дамин унчукпай калат. Айганыш бир пас күтүп туруп, анан акырын сурайт.)*

Айганыш. Ал... эмне деген «роль»? Айтып берсеңиз. *(Дамин кыйылып туруп баштайт.)*

Дамин. Мен киши өлтүрдүм... Аялымдын ойношун... Он беш жыл илгери...

Айганыш. Кудай сактай гөр... *(Дамин өз кылмышын көз алдына элестетет.)*

Дамин. Мен аны муунтуп өлтүрдүм... Анын өлүгүн аркама артып алып, көпкө чейин шаардын багын аралап жүрүп отурдум... Кеч күз эле, суук эле... Акырында бир кумдуу жерге келип, кумду казып туруп, көөмп койдум... Көөмп бүтүп, даракка жөлөнүп, эсим ооп отуруп калдым... Кокусунан катуу жаан жаап кирди... Ал бир паста гөрдүн кумун жуун, өлүктү жылаңачтап таштады... Менин айыбым ачылып калды... Мен аргасыздан, шаардын прокуроруна барып, өз кылмышымды төкпөй-чачпай айтып бердим. А прокурор мени камаштын ордуна, буга жин тийиптир деп, жиндиканага жиберди. Жиндиканада мени беш жыл дарылашты, акырында айыктырышты. Айыкканымдан кийин: эми үйүнө кет дешти. А менин кетким келбеди — үйүмө дагы, башка жакка дагы... Анда жиндикана мени өзүнө жумушчу кылып алды. Жумушум оной, короо шыпырам, отун жарам, суу апкелем, оорулардын алдын тазалайм, жанында отуруп жомок айтып, китеп окуп, аларга эрмек болом. Акыма айлык албайм: кардым ток, үстүм бүтүн, жатарга жайым даяр — акчанын не кереги бар... Ырас, жылыга эки ай отпуска беришет, а аны мен ушул жерде өткөрөм...

Айганыш. Кудай-ай, тагдырыңыз ушундай татаал турбайбы.

Дамин. Турмуш татаал... Ал мынабул мелтиреп жаткан чөлгө окшош — ээн жана туздуу... *(Экөө эгиз дөбөнү карай унчукпай отуруп калышат. Өз чатырынан Караев чыга келет. Кийгени жука шым, жеңи жок көйнөк. Кара креслосун сүйрөп алган. Адегенде керилип-чоюлуп алат.)*

Караев. Арыбагыла.

Айганыш. Бар болуңуз, президент. *(Караев креслосун сүйрөгөнчө, аянтты аралайт.)*

Караев. Эмне, менин гөрүм казыла элекпи?

Дамин. Казамын... Чай ичесизби?

Караев. Куй. *(Караев креслосун Дамин менен Айганыштын каршысына коюп, отуруп калат. Дамин ага чай сунат. Ал чай ууртайт.)* Фу, чай эмес эле... саман... Аттиң ай, Ак Сарайда жашаган кезде ар күнү ар башка чай иччү элем: кытай чай, цейлон чай, индус чай...

Айганыш. Бу турмушта баары өзгөрүп турат турбайбы.

Караев. Айтмакчы, акыбалыңыз кандай? Чөл дартынызга даба болдубу?

Айганыш. Рахмат. Кыйла түзүкмүн.

Караев. А мен өзүмдү куштай сезип калдым.

Айганыш. Чын элеби? Сизге жакшы жардам берип атабы?

Караев. Санаам тынч, көңүлүм куунак.

Айганыш. Бирок... бүгүн абдан кыйналдыңыз го? Онтоп, кыйкырып, чатырыңыздан сойлоп чыгып...

Караев. А-а, бул ырас... Билесизби, мына он беш жыл болот, күн сайын түшүмө бир шумдук түш кирет, бир үйүн күйгүр мени муунтуп өлтүрүп, кумга көөмп коёт, кийин катуу жаан жаап, үстүмдөгү кумду жууп, өлүгүмдү ачып таштайт... *(Айганыш кыйкырып жиберип, Даминди карайт. Дамин дагы таң калып, Караевди тигиле тиктеп калат.)* Ишенсеңиз, мени муунтуп атканда, анан жер астында жатканда, демим кысталып, ушунчалык кыйналам дейсиз, аргасыздан айкырып-кыйкырып, жалынып-жалбарып, көзгө көрүнбөгөн кишилерди жардамга чакырам... Бирок жамгыр кумду жууп көкүрөктөгү жүгүм жеңилдеген сайын, секин-секин эс алып, кайтадан катуу уйкуга кирем. А кээде тарткан азабым менен алышып жатып, кокусунан ойгонуп кетем. Карасам... төшөгүм сууланып... денем кумга булашып калган болот... Ошондо мен өзүмдүн өлүк же тирик экенимди билалбай караңгы түндө каңырыгым түтөйт...

Айганыш. Укмушуң кур.

Караев. Чынында бул түш мениki эмес, ал мага башка бирөөдөн жуккан. Куду жыныс оорусу жуккандай. Бир аял аркылуу.

Айганыш. Эмне-эмне? Түшүнсөм өлөйүн...

Караев. Президент кезимде менин бир жаш, сулуу ойношум бар эле. Күндөрдүн биринде саар менен ошол ке-

лин кабинетиме чуркап кирип келди. Өңү күпкүү, көздөрү алачакмак. «Эмне болуп кетти?» — десем: «Кудайга шүгүр, тирүү экенсиз», — дейт. «Бул эмне деп жөөлүгөнүң? Албетте, тирүүмүн», — дедим. Десем: «А менин эрим эртең менен ойгонуп: бүгүн түнү сенин ойношунду мууntуп өлтүрүп, шаардын багына көөмп келдим, — десе болобу. Бирок артынан катуу жаан жаап, сиздин үстүңүздөгү кумду жуун, өлүгүңүздү ачып таштаган имиш»... — деп айтты келин.

Аялдын айтканын угуп, жүрөгүм алкымыма тыгыла түштү. «Демек, күйөөн мени өлтүргөнү атыптыр, — деп чечтим. — Каякта азыр анын?» «Буюм-кечесин баштыгына салып алып үйдөн чыгып кетти», — деди келин. Мен ошол замат бүт күзөтчүлөрүмдү тикесинен тик тургузмак болдум. Бирок ушул учурда шаардын прокурору телефон чалып калды. Анан ал акмак дагын: «Сиз тирүүсүзбү?» дебеспи. «А сен эмне деп ойлодуң эле, айван?!» — деп айкырдым мен жиним кайнап. Прокурор кайра-кайра кечирим сурап атып, акыры минтип түшүндүрдү: көрсө, мандайында бир макулук отуруптур; анын айтымына караганда ушул түнү ал мени мууntуп өлтүрүп, шаардын багына көөмп келет, бирок көп өтпөй нөшөрлөп жаан жаап, өлүктү жыланачтап таштаган имиш; муну угуп, үрөйү учкан прокурор: тезинен өлүктү апкелгиле деп, өз адамдарына буюрат; анын кишилери бүт бакты тинтип чыгып, мени табалышпай суй жыгылат... Анда мен: «Тигил адам — жинди! Жиндиканага жөнөткүлө аны?» — деп буюрдум. Буюруп, буйругум аткарылганда гана жаным тынды... Бирок ошол күндөн тартып ар түнү түшүмдө мени бирөө мууntуп өлтүрүп, жерге көөмп таштачу болду... Ошентип отуруп, акыры акыл-эсимди айнытып, Ак Сарайдан кетишке мажбур кылды... *(Айганыштын үрөйү учуп, бирде Караевди караса, бирде Даминди карайт. Акырын ордунан турат.)*

А й г а н ы ш . Кудай ай, деги эмне болуп атат? *(Караевге.)* Азыр эле мынабул ыймандуу момун адам мага өзүнүн адам өлтүргөнүн айтып отурду эле. Айтканы ырас болсо, он беш жыл илгери өз аялынын ойношун мууntуп өлтүрүп, шаардын багына көөмп коёт. Анан артынан нөшөрлөп жамгыр жаайт...

(Караев ордунан чапчып турат. Кубаныч менен Даминге кайрылат.)

К а р а е в . Ой, ошо сен белең?! *(Дамин суз түрдө башын чайкайт.)*

Д а м и н . Жок. Мен мурда сизди көргөн-билген эмесмин.

К а р а е в . Туура... Экөөбүз эч качан жолуккан жок элек... Бирок сен... мени өлтүрдүң да... ошондо... он беш жыл илгери?

Д а м и н . Мен башка кишини өлтүргөнмүн. *(Өз кылмышын элестетет.)* Адегенде мууntуп жанын чыгардым... Анан өлүгүн артыма артынып алып, карангы бакты аралап сүйрөп жөнөдүм... Кеч күз эле, баткак, тайгак... Мен улам жыгылып, улам туруп келаттым... Акырында бактын төрүнө жетип, өлүктү кумдуу жерге көөмп таштадым... Кийин кылага чейин дарактын түбүндө эс алып отурдум... Кокусунан катуу жаан жаап жиберди... Жаан көз алдымда кумдуу дөбөчөнү жуун салды... Ошондо мен өз кылмышымды эч качан, эч кимден жашыра албасымды түшүндүм. Андан көрө өз ыктыярым менен прокурордун алдына барып, жазамды алайын деп чечтим...

К а р а е в . Туура, сеники кичине бөлөкчө экен. Сен адамгерчилик кылып, аны аяп артына көтөрүп, жумшак бакты аралап алып кетипсиң... А менин желмогуз желдетим болсо мени шыйрагымдан кармап алып, түнкү шаардын ээн аянттары аркылуу башымды таштарга дүңкүлдөтүп гана сүйрөп жүрүп отурат, тукумуң кургур... Эртең менен турсам байкуш башым бүтүндөй шишип, канталашып калат... *(Караев көнүмүш түрдө алаканы менен башын сылайт. Алаканы жайыла кан болот.)* Мына көрбөйсүнөрбү... Жапжаңы, бүгүнкү кан... *(Айганыш коркуп боюн ала качат).*

А й г а н ы ш . Мен... мен барайынчы... Көңүлүм айнып кетти... *(Шашып-бушуп кепесине кирип кетет.)*

К а р а е в . Мүмкүн, ошол сен эле болуп жүрбө? Аңгеменди кичине кооздоп койдуң ушундайбы? *(Дамин дагы башын чайкайт.)*

Д а м и н . Жок.

К а р а е в . Тууган, сен коркпо, сени эми эч ким жазалабайт. Кылмышың эчак эскирген. Андан көрө акыйкатты айт. Ошентсең, өзүң да жүрөгүңдү өйүгөн оор күнөөңдөн арыласың, а мен болсо сенин түшүңдөн кутулам. Экөөбүз тең эркиндикке чыгабыз. Кана?.. *(Дамин ордунан турат.)*

Д а м и н . Мен сизди өлтүргөн эмесмин, уктуңузбу?! Келесоо десе... *(Чатырына карай басат).*

К а р а е в . Анда мени ким өлтүргөн?!.. Азырга чейин өлтүрүп келатпайбы. Ар күнү, ар түнү... А мүмкүн, президент Караев өлөрү өлүп, а мен анын арбагы болуп жүрбөйүн?..

6 - ЭПИЗОД

(ПАНТОМИМА)

Туздуу чөл.

Кош дөбөнүн ортосунан толгон ай өтүп баратат.

Төрт чатыр айдында үргүлөп турушат.

Өз чатырынан Темир суурулуп чыгат. Кийгени кара трико.

Ал акырын басып аппак аянтты айланып кирет. Басыгы бийчинин басыгындай жумшак, женил. Ушу тапта Айганыштын босогосунда Дарика пайда болот. Ал ич көйнөкчөн. Көйногү кара. Темирди көрүп, анын алдына куду кара көпөлөктөй калдандап учуп жетип барат. Экөө бириге түшөт. Бирин-экин кадам таштап, каадалана бирин бири тооруй басат. Булардын кылык-жоругу, кыргоолдордун сүйүү бийине окшоп кетет. Бийдин ритми бара-бара тездейт. Билинбеген «блек» бийине өтүшөт. Бийлеп отурушуп акырында, кучакташкан бойдон жерге сулап түшөт. Анан аппак туздун үстүндө ашыглык ышкысына берилген жыландардай моюндашып, алмашып, арбашып кетишет. Арып-чарчаганга чейин алышат. Акырында көшүлүп солуп калышат.

7 - ЭПИЗОД

Туздуу чөл.

Чак түш, күн ысык.

Чатырлардын алдындагы аянтта көкүрөгүнө чейин кумга көмүлүп Караев менен Айганыш жатышат. Желкелери жылаңач, баштары балышта жаткандай көтөрүңкү. Экөөнүн тең төбөсүндө ачылган зонтиктери бар. Караевдики — кара, Айганыштыкы — гүлдүү. Жан жактарында желек, сүлгүлөрү даярдалып коюлган. Булардан тышкары Караевдин чатырынын оозунда орден-медалдуу костюм илинген кайыш кресло турат... Караев менен Айганыштын көздөрү жумулуу. Бирок бирпастан кийин Айганыш акырын көзүн ачып, Караевге карайт.

А й г а н ы ш . Президент... *(Караев дагы көзүн ачат.)*

К а р а е в . А?

А й г а н ы ш . Мен сизди көргөндө эле тааныгам. Бирок сиз мени ушу күнгө чейин тааныбай келесиз. *(Караев ага башын бурат.)*

К а р а е в . Эмне, экөөбүз илгери тааныш белек?

А й г а н ы ш . Бир кезде мен сиздин виллаңызда болгонмун.

К а р а е в . Ошондойбу? Кайсы виллада: Жаңы борбордогубу же эскидегиби?

А й г а н ы ш . Эскисинде... Кирерде жөнөкөй актриса элем, чыгарда — Республиканын Эл артисти болуп чыгып кеттим. Албетте, анда жаш, сулуу кезим...

К а р а е в . Мүмкүн... Мен ал үйдө көп аялдын сообуна калгамын... Айтмакчы, өкүмөт мени пенсияга узатып атканда, көп жылдык кызматым үчүн, ошол вилланы мага тартуу кылган. Азыр мен ошондо жашайм. Эрмек үчүн кичине кооператив ачып алганмын. «Шахерезада» — деп атап койдум аны. Жакшы ат бекен? Кыздардын эң сонундарын тандагам. Баарысы сулуулуктун конкурсунан өтүшкөн. Арасында өзүмдүн никесиз төрөлгөн кыздарым да бар.

А й г а н ы ш . А эмне кылышат алар?

К а р а е в . Кокуй, түшүнбөй атасызбы? Аялдардын эң байыркы кесибин иштешет.

А й г а н ы ш . А-а... Көп табышабы анан?

К а р а е в . Академиктерден калышпайт. Айрымдары байып алып, күйөөгө тийип, орозгер кургусу келет. Мен андайлардын жолун тоспойм. Кайра өз колум менен тоюн берип, ак батам менен атказам. Бирок кээ бири бат эле үйбүлөнүн турмушунан зеригип, эрин таштап кайра келе берет. Ушундай, кыздар кызык жашагысы келет.

А й г а н ы ш . Түшүнүктүү. Ой, мен абдан тердеп чыктым, денем тим эле күйүп баратат. Жок, мындан көп чыдай албайм.

К а р а е в . Туура, турар маалыбыз болуп калды. Бирок ким казып алат бизди? Адам аттуу көрүнбөйт...

А й г а н ы ш . Менин Дарикам уктап атат, азыр аны ойгото албайсын. Түнү бою жок болот, а күндүзү кечке уктайт сулкуюп. Такыр жардамы тийбейт жубарымбектин.

К а р а е в . Темир болсо акча тапканы кеткен.

А й г а н ы ш . Дамин өзү тургузат. Ал ушул жерде болуш керек.

К а р а е в . Дамин!

А й г а н ы ш . Дамин! *(Дамин чатырынан чыгат.)*

Д а м и н . Дагы кичине жата турбайсынарбы.

А й г а н ы ш . Ой, жетишет бүгүнкүгө. *(Дамин анын үстүндөгү үймөк кумду кош колдоп шилеп кирет. Айганыш оор жүктөн кутулуп, өйдө болот. Ал, эмчек жапкычы болсо, жылаңач. Дамин сүлгү менен анын далысын сүртүп, желегин ийнине жаап коёт. Айганыш жерге сайылган зонтун сууруп алып, чатырына карай басат.)*

Айганыш. Рахмат, Дамин. *(Дамин Караевге дагы жардам кылат. Караев кетип баратып, буйрук берет.)*

Караев. Тезирээк чай апкир.

Дамин. Куп болот. *(Дамин тез-тез «горлорду» туздоп коюп, чатырына кирип кетет. Кош дөбө жактан Темир келет. Арып-чарчаган түрү бар. Койногу терге чыланып, бети-колу чаң. Ал аянттын орто ченине жетип, адегенде эки жагын каранып алып, анан жерге чөк түшөт да, ошол замат чөнтөктөрүнөн тутам-тутам пул сууруп чыга баштайт. Пул көп, алар ар кыл: уйпаланган кагаздар, чоң-кичине тыйындар... Темир эми буларды бир четтен сорттоп кирет. Ошентип ал акчасы менен алек болуп аткан кезде, Дамин, Караев менен Айганышка чай ташыйт. Айганыштын чатырынан Дарика чыгат. Дарика бирпаска босогодо керилип-чоюлуп турат. Кийин Темирдин кылык-жоругуна кызыгып, акырын анын артынан басып келет. Билгизбей кичине тамаша кылат. Анан шарт эңилип жердеги акчаны чапчып алат. Темир анын билегинен кармаганга арак үлгүрөт.)*

Темир. Эй-эй... Бул эмне кылганың?

Дарика. Түндө экөөбүз бийлеп атканда сен менин мончогумду үзүп коюпсуң.

Темир. Койчу? *(Ишенип-ишенбейт.)* Мойнуңда мончок көрбөдүм эле го?

Дарика. Акак таштан эле. Азыр алдагы аппак туздун арасында чачылып жатышат. Таап көр эми эр болсоң. *(Темир айланасын карайт.)*

Темир. Чын... Табыш кыйын...

Дарика. Шондуктан, жаңы шуру сатып алышка туура келет. *(Темир акчасына ичи ачышат, баарысын бергиси келбей, кыздын салааларынан бир-эки кагазды сууруп алат.)* Эмне кылып атасың?

Темир. Көп болуп атпайбы... бир түн үчүн...

Дарика. А алды жакта дагы миң түнүң турат күтүп.

Темир. Ошондойбу? Анда... мейли... *(Колун коё берет, Дарика акчаны шымынын чөнтөгүнө тыгып таштайт. Темир дагы калган пулун санабай туруп жыйыштырып алат. Ушу кезде чатырлардын аркасынан Кытаев чыга келет. Кытаев кырк жашар чамасындагы, узун бойлуу, арыкчырай эркек. Кийгени кара футболка, аппак шым, көзүндө кара көз айнек. А ийнинде кайыш сумкасы бар. Кытаевди көрүп Дарика аны утурлай чуркайт.)*

Дарика. Аким Алиевич! *(Кытаевдин мойнуна асылат. Кытаев кыздын эриндеринен өбөт.)*

Кытаев. Салам бийкеч, салам... Ох-хо, күнгө күйүп, көркүнө чыгып калыпсың. Эмне, туздуу чөл сага ушундай жакшы таасир кылдыбы? Кана-кана, нары-бери басчы. *(Дарика анын айтканын кылат.)* Түзүк, түзүк... Басыгың жарашыктуу, сыныңың сыпаттуу... Ммм... Мүмкүн, экөөбүз иштешип көрсөк кантет?

Дарика. О, Аким Алиевич, менин эчактан берки эңсегеним ошол эмеспи?

Кытаев. Эмне экен, ойлонуп көрөйүн.

Дарика. Рахмат. *(Кытаев эми гана Темирге көңүл бурат.)*

Темир. Саламатсызбы...

Кытаев. А бул ким? Досуңбу?

Дарика. Жо-жок... Ушул жердин мардикери...

Кытаев. А биздин айым каякта?

Дарика. Уктап атат. Азыр биерде уйкунун убагы. *(Желегинин курун курчанганча, чатырынан Айганыш шашып чыгат.)*

Айганыш. Жо-жок, мен ойгоомун. *(Кытаев аны утурлай басат.)*

Кытаев. Айганышым... Ай перим...

Айганыш. Асыл жаным... Ашык перим... *(Экөө кучакташып, өбүшүп көрүшөт. Дарика менен Темир ыйбаа кылып, чатырларына кирип кетишет.)* Аябай күттүрдүң... Тим эле жинди болуп кете жаздадым...

Кытаев. Коош, аквал кандай? Жардам бердиби сага бул дарыканаң? Көрүнүшүң эң сонун.

Айганыш. Чын элеби? Карачы, сен да байкадың? Туура, мен азыр соп соомун. Оокатты көп жейм, уйкум канганча уктайм. Анан ар күнү жаңы ролду жаттап, ойноп-машыгып атам. Аягына чыгайын деп калдым. Кийин өзүңө көрсөтөм.

Кытаев. Эмне экен, мен сен үчүн курсантмын.

Айганыш. Ой башым айланып кетти. Бул сүйүнгөндүктөн. Келчи отуралы. *(Аянттын орто ченине, ак туздун үстүнө отура кетишет.)* Кана сүйлө. Жапанга барып келдиң...

Кытаев. Коё тур, адегенде аман-эсен көрүшкөнүбүздү кичине ырымдап коёлу. *(Сумкасынан чоң, тоголок шише сууруп чыгып анын оозун ача баштайт. Ачып туруп, Айганышка сунат.)* Бул сага базарлык. Жакшы көргөн ичкилигиң.

Айганыш. Виски! Канча болду ичпегениме. Рахмат, алтыным. *(Ичет.)* Ой, күчүн көр... Кекиртегимди куйкалап кетти... Ме... *(Кытаев чоң-чоң ууртап алат.)* Айт эми...

Кытаев. Айтсам ушул... Жапандарга «Ак чардакты» коюп бердим. Абдан ыраазы болушту. Премьерасына премьер министрлери келди. Өзүмдү императорлору кабыл алды.

Айганыш. Ой, Али! Укмуш болгон турбайбы! Мен аябай кубанычтамын. Билесиң го: сен менин сыймыгымсың, сен — генийсин, Али! *(Кытаевди өп алат.)* Эми экөөбүздүн спектаклибизди чыгарсаң, дагы бир жеңишке жетишесиң. Жаңы спектакль менен жаңы сезонду ачабыз: О, бул күн — биздин күнүбүз болот! *(Кытаев шашпай виски-ден ууртап коёт.)*

Кытаев. Айперим, ал спектаклди анан чыгарабыз. Жылдын аягында сенин юбилейиңе карата.

Айганыш. Ой... А эмне үчүн? Ага чейин эмне иш кыласың? Планың өзгөрүп кеттиби?

Кытаев. Ооба. Өзүң биесиң го, көптөн бери «Гильгамешти» сахналаштырсам деп самап келатам...

Айганыш. О, «Гильгамеш»... Албетте, билем.

Кытаев. Мына жакында пьесасын жазып бүттүм. Эми, кудай буюрса, ишти баштайм. Бүрсүгүнү артисттерди чакырып, роль бөлүштүрөм...

Айганыш. А-а... анда... эртең кайта кетет турбайсыңбы?

Кытаев. Ооба, сулуум. Мен сени көрөйүн деп гана келгем. Көрүп, көңүлүм тынчыды. Сен аман-эсен экенсин. Акыры дартыңа даба табылыптыр...

Айганыш. Эмесе... мен сага ийгилик каалайм...

Кытаев. Эстүүм, сен мени дайыма жакшы түшүнөсүң... *(Айганыштын жаагынан өп коёт.)*

Айганыш. Келчи... ичейин... *(Кытаев ага шишени сунат. Айганыш узакка шимирип алат. Ушул учурда чатырынан калтасын кармап, Дамин чыгат. Чыгып кош дөбө жакка бет алат. Өтүп баратып Кытаевге салам айтат.)*

Дамин. Саламатсызбы... *(Кытаев баш ийкеп коёт.)*

Айганыш. Абдан адептүү, ыймандуу адам...

Кытаев. Кудай сактай көр, тигил эмне деген каракчы? *(Караевдин костюмун көрсөтөт.)*

Айганыш. О, бул жерде Караев дарыланып атат. Мурдагы президент.

Кытаев. Койчу? Ушул чөлдөбү?

Айганыш. Эскертип коёюн: ал киши кичине... жинди... Бирок коркпо, зыяны жок. Ой, чыгып келатат... *(Чатырдан чаарала пижама кийген Караев чыгып, алардын алдына басып келет. Айганыш менен Кытаев ызат кылып ордуларынан турушат.)*

Кытаев. Саламатсызбы, президент.

Караев. О, сиз мени тааныйсызбы?

Кытаев. Сизди ким тааныбасын.

Айганыш *(ага шишесин сунат)*. Виски ичесизби? *(Караев унчукпай шишени алып, ичерин ичип, кайта кайтарбайт.)*

Караев. Мен кичине уктап кетип, атам менен жолугушсам болобу. Өлгөндөн бери биринчи жолу түшүмө кириши. Мечитте намаз окуп отурат, байкушум. Тирүүсүндө, иш деп чуркап жүрүп, чекеси жайнамазга тийбей кеткен. Бирок өзү динчил болчу. Он алты аялынын баарын никеге кыйдырып алган, талак айтып ажырашкан. А өлөөрүндө: —Мени мусулманча көмөсүң, — деп табыштаган мага. Шондуктан, ашынган атеист болсом да, атанын керээзи деп, айтканын аткаргам. Көмгөндөн соң үстүнө асыл таштан күмбөз тургузуп, тегерегине бак тигип, аларды атайы айлык берип, бир адамга каратып койгонмун. Түшүмдө атам так ошол кароолчуга нааразылыгын билдирбеспи. Көрсө, ал шүмшүк арак ичип алып атамдын көрүнө сиет имиш. *(Вискиден ууртап алат.)* Шашпай турсун, Эски Борборго кайтып барар замат ал канчыктын баласын айдап салам. *(Дагы бир жолу жутуп алып, шишени Айганышка кайтып берет.)* Рахмат. Мен дагы кичине чырым этейин.

Кытаев. Жакшы түш көрүңүз. *(Караев чатырына кирип кетет.)* Ажайып адам экен президентиң. *(Ийнине сумкасын асынып ичкертен Дарика чыгат. Жаркырап жаңы көйнөк кийип алган.)* Ох-о-о, мына эмесе... Айганыш, сенин окуучунду такыр таанып болбойт: жаңырып, жакшырып, көзгө көрүнүп калыптыр.

Айганыш. Дарика дайыма эле ушундай. Сен өзүң жакшы көңүл бурбай жүрөсүң ага.

Кытаев. Кандай дейсиң, жаңы спектаклден роль берип көрсөм кантет?

Айганыш. О, анда кыздын багын ачпайт белең. Мен сенден эчактан бери ошону суранып келатпаймынбы.

Кытаев. Болду. «Гильгамеште» ойнойсуң.

Дарика. Ой, Аким Алиевич! Рахмат. *(Чуркап келип Айганышты өбөт.)* Экөөнө тең рахмат.

Айганыш. Эмнеге жасанып алгансын? Кайда баратасың?

Дарика. Кечинде жегенге бир нерселер сатып келейин?

Кытаев. Эмне, ушул ээн чөлдө соода-сатык да болобу?

Дарика. О, албетте! Анабу кош дөбөнүн артында толгон-токой эл жашайт. Алардын өз базары, дарчылары, бийчилери бар.

Кытаев. Мына кызык...

Дарика. Көрөсүзбү? Жүрүңүз мени менен.

Айганыш. Дарика, Аким Алиевич арып-чарчап келди. Кичине эс алсын.

Кытаев. Жо-жок, силер мени кызыктырып койдунар, эми көрбөсөм болбойт.

Айганыш. Өзүң бил, курбум. *(Дарика менен Кытаев кетишет. Айганыш алардын артынан жалдырай карап калат. Анан жерге отуруп, вискисин ууртайт. Ошо кезде жан жактан Рабия пайда болот. Колунда түйүнчөгү бар.)* Рабия! Сени көргөнүмө курсантмын.

Рабия. Мен сиздерге кичине самса жаап келдим эле. Али ысык бойдон. *(Отуруп, түйүнчөгүн чече баштайт.)*

Айганыш. О, самсаны мен жанымдай жакшы көрөм. Өзгөчө тандырга жабылганын.

Рабия. Алыңыз... жениз...

(Айганыш самса жей баштайт).

Айганыш. Мм-м, кандай ширин... Рабия, сен оокатты абдан кушкер жасайт экенсиң. Айтмакчы, сурайм деп эле унутуп калам: үй-бүлөн барбы?

Рабия. Бар болчу. Күйөөм, уулум...

Айганыш. Анан?

Рабия *(кыйылып жатып айтат.)* Уулумду өзүм өлтүрүп алдым, а күйөөм менен ажырашып кеттим...

Айганыш. Кудай сактай көр, өлтүрүп алдым дегениң эмнең? *(Рабия көпкө чейин унчукпайт.)*

Рабия. Айткандан уялам, бирок сизге айтып берейин... Мен күйөөмө кыянатчылык кылдым... Бир желмогуз азгырып жолдон чыгарды. А бул үчүн кудай мени жазалады. Ошол күнү кечинде үйгө келсем үч жашар балабыз катуу ооруп калыптыр. Антип-минтип таапты таптырып келгиче наристебиз чыркырап жатып жан берди... Анын өлүмүнөн кийин мени кайгы менен муң басты, кылган кылмышым күн көрсөтпөй койду. Акырында күйөөмдүн алдына чөк түшүп, күнөөмдү моюнга алдым да, башым ооган жакка

баса бердим. Күйөөм мени жакшы көрчү, кетпегин деп көп эле үгүттөдү. Калалбадым...

Айганыш. Ошентип, ошо күндөн баштап соопчулук жолуна түштүң? Өз күнөөңдү жууш үчүн?

Рабия. Ооба... Ажап эмес, акыретке барганда уулум мени кечирип коёр...

Айганыш. Бечара Рабия. *(Рабияны кучагына имерет.)* Мен дагы жападан жалгызмын. Капылет өлсөм мени аяп ыйлаар адам жок...

Рабия. Өлбөңүз ылайым. Сиз айыгып кетесиз. Али узак жашайсыз... Карып-арып ак чач кемпир болосуз.

Айганыш. Рахмат садага. *(Рабия Даминдин чатырын карап коёт.)* Дамин тигил жакка кеткен. *(Кош дөбөну көрсөтөт. Рабия ордунан турат.)*

Рабия. Анда мен барайын. Карыяларга кечки оокатын бериш керек, киринтип, жаткырыш керек...

Айганыш. Жакшы бар.

(Рабия кош дөбө жакка жол алат. Айганыш аны узата караганча, вискиден дагы бир ууртап туруп, чатырына кирип кетет.

Темир чыгат. Ал азыр эле уйкудан ойгонгондой. Жердеги жайылган дасторконду байкап, басып келип самса алып жейт. Ошол эле учурда кара креслодогу костюмга көзү түшөт. Кыйлага аны тигиле карап тиктеп калат. Башына бир ой пайда болот. Эки жагын каранат. Кийин чечиндүү түрдө жетип барып, орден-медалдардын бирөөн шiарт жулуп алат да, дароо чатырына кирип кетет.)

8-ЭПИЗОД

Туздуу чөл.

Кош дөбөнүн үстүндө толгон ай турат.

Дөбөлөрдүн артынан «Болеронун» обону угулат. Музыка акырындап басаңдайт. Анан ошол жактан Дарика менен Кытаев келет. Кытаев кыздын бийнине колун артып алган. Экөө аянттын ортосуна жетип токтошот. Кытаев жерде жаткан телефонду көрөт.

Кытаев. Эй, карасаң, телефон!

Дарика. Демек, Айганыш айым ролуна машыккан экен.

Кытаев. Мм-да... Боорум ооруйт байкушка. Кайраным, кырк жашынын кырына чыкпай кыйрайт.

Дарика. Ал эмне дегениңиз?

Кытаев. Мен анын профессору менен сүйлөштүм.

Д а р и к а. И-и?

К ы т а е в. Көрөр күнү, ичер суусу аз калыптыр биздин Айганыштын.

Д а р и к а. Ой...

К ы т а е в. Бүгүн мен аны өз көзүм менен көрүп, буга ишенип калдым.

Д а р и к а. Кудай-ай... Анда мен кетпей эле койсом окшойт?

К ы т а е в. Өзүң бил. Бирок сен деп репетицияны токтотуп коё албайм.

Д а р и к а. Жо-жок, барам албетте... Ырасын айтсам, биерде менин көп деле жардамым тийбейт буга.

К ы т а е в. Билесиңби, мен сага азыткы аялдын ролун берем.

Д а р и к а. Мен... эпосту окуган эмесмин. Кимди азгырам?

К ы т а е в. Башкы баатырды, Гильгамешти.

Д а р и к а. О-о!

К ы т а е в. Сахнада сен жыпжылаңач жүрөсүң.

Д а р и к а. Ой...

К ы т а е в. Кандай, колундан келеби?

Д а р и к а. Билбейм... Келсе керек...

К ы т а е в. А Гильгамешти мен өзүм ойнойм.

Д а р и к а. О, анда оной экен.

(Айганыш чыгат. Колунда чеккен сигарети бар.)

А й г а н ы ш. Сен жакшы кыласың, Аким. Азыткы аял Дарикага абдан ылайыктуу келет.

(Берки экөө уурулугу кармалгандай ыңгайсыз аквалда калышат.)

К ы т а е в. Сен... уктай элексиңби?

Д а р и к а. Эжеке... Аким Алиевич эртең мени өзү менен кошо алып кетип атат.

А й г а н ы ш. Мен муну түшүндүм.

К ы т а е в. Анда... жатып эс албайлыбы. Эртең эрте туруш керек, антпесек, Чыгыш экспрессине үлгүрбөй калабыз.

А й г а н ы ш. Туура, жаткыла...

Д а р и к а. А сизчи?

А й г а н ы ш. Мен бирпас таза ава жутайын, тамеки чегип алайын. *(Кытаев менен Дарика унчукпай чатырга кирип кетишет. Айганыш аянтта ары-бери басат.)* «Эри өлгөн катын кошокчу болот» — дейт. Атам өлгөндө апам раматылык да кошок кошту эле:

«Капылет жатып түш көрсөм,
Кararган көл көрүнөт.
Кararган көл үстүндө
Кararган өрдөк бөлүнөт.
Кararган көл — көз жашым,
Кararган өрдөк — өз башым...»

А мен өлгөндө ким кошок кошот?

(Желегинин чөнтөгүнөн тааныш шишени алып чыгып, бир-эки ууртап алат.)

«Кararган көл — көз жашым...
Кararган өрдөк — өз башым...»

(Чатырынан Караев чыгат. Кийген кийими — майке менен трусы. Алардын үстүнөн орден-медалдуу костюмун желбегей жамынып алган. Ал Айганышты аңдабай эле, чатырлардын артына айланып кетет. Айганыш ага өзүн көрсөтпөс үчүн, аянттын батыш чегине басып барат. Ошол жерде алыстан бүлбүлдөп көрүнгөн кош дөбөнүн ортосундагы толгон айга суктана карап туруп калат...

Бирпастан кийин, ычкыр-кашатын кармалап, Караев пайда болот. Чатырын карай келатып, кокусунан жерде жаткан аппаратка көзү түшөт.)

К а р а е в. О! Телефон!

(Дароо токтоп, аппаратты колуна алат. Тик турган калыбында керектүү номурларды тегеретип чыгат.)

Алло!.. Мени тышкы иштер министри менен байланыштырып койгула. Тезирээк! *(Күтөт.)*

(Айганыш аң-таң калып, аны алыстан карап турат.)

Эмне?.. Ойготкула уктап атса! *(Күтөт.)* Алло?.. Арыстан сенсиңби?.. Кечирип кой, уйкунду буздум... Тааныбай атасыңбы?.. Караевмин... И-и, ошондой десең... Эмесе мындай... Бир кезде мен сага жардам кылгам — көтөрмөлөп отуруп министрликке жеткиргем. Эми сен ошонун акыбетин кайтар мага... Кандайча дебейсиңби... Сен менин вилламда болгонсун, кыздарымды көргөнсүң... Эмне?.. Хе-хе-хе... Мына ошо кыздарым менен бөтөн өлкөлөргө гастролго чыгайын деп атам... Стамбулга... Сингапурга... Катмандуга... Кыздарым эл-жер көрүшсүн, өздөрүн көрсөтүшсүн... Кыскасы виза керек... Жарым жылга... Кандай шарт? Айт... Эмне-эмне?.. Кайсынысын?.. Кичинекей кытай кызына окшогон... Түшүндүм. Ася анын аты... Ай, куу башым, куу башым, сонун гана тандайсын. Бирок байкушум, курбуларынан ажырап калып калса, көз жашы көлгө айланат... Мейли эми, суранып калдын... Жакшылыкка жакшылык... Не дейсин?.. Ах-хах-хах! Ах-хах-хах...

(Аппаратты мурдагы ордуна калтырып, каткырган бойдон чатырына кирип кетет. Айганыш бекинген жеринен бери чыгат. Ал көргөн көзүнө ишенбей, телефонду шектүү карап, трубканы кулагына тосот. Эчтеке угулбаган соң, ийнин куушуруп коюп, аппараттын алдына отура кетет...

Дамин эшикке башпагат. Айганышты көрүп, акырын анын жанына басып келет.)

Дамин. Кыйналып атасызбы?

Айганыш. Ооба, Дамин, кыйналып атам.

Дамин. Бир нерсе керекпи?

Айганыш. Бирпаска жаныма отуруңузчу.

(Дамин отурат. Кыйлага чейин унчугушпайт.)

Айганыш. Баягы бала чагыңыздагы ойногон оюнуңузду айтып берсеңиз.

Дамин *(тыныгып туруп)*. Анда мен алты жаштамын. Күн сайын кошунабыздын кызы, өзүмдүн теңтушум менен таштан үй курабыз. Анан экөөбүз анда жашайбыз. Эрдикатын катары... Ар кимибиздин өз вазипабыз бар: мен тоодон отун алып, оокат табам, а аялым — эчки саап, очокко көмөч нан жабат. Турмушубуз ынтымак, куунак өтүүчү...

(Айганыш көшүлүп угат. Акырындап барып анын башы Даминдин ийнине жөлөнөт. Аңгыча ай батат, караңгылык кирет. Кыйлага чейин бүт айлана тунжурап турат. Анан аста-секин жер жарышып, күн чыга келет. Аңгыраган апак чөл аны алгачкы нурлары астында жаркырап жатып калат... Айганыш мурдагы ордунда отурат: аянттын ортосунда, телефондун жанында; башы эки тизесинде шылкыйып, чачтары ар тарапка чачылган; уктап атканы же ойгоо экени билинбейт.

Бир эле учурда өз чатырларынан Дамин, Караев жана Темир чыга келишет. Дамин дароо примусуна киришет, Темир каратэсине машыга баштайт, а Караев болсо, костюмун желбегей жамынган калыбында, негедир жерге эңкейип, туздун арасын аңтарып кирет. Дамин буга таңыркайт.)

Дамин. Эмне, бир нерсе жоготтуңузбу?

Караев. Медалдарымдын бирөө жок... Нак алтын болуучу... Өзүм буйруп жасаткам... Жаңылбасам, «Жаштарга насаат» деген китебим үчүн беришсе керек эле...

Дамин. Кап...

Караев. Эми аны табыш кыйын бул туздун ичинен.

(Айганыштын чатырынан Дарика менен Кытаев чыгат. Экөөнүн колунда эки сумка.)

Кытаев. Айганыш, биз кетипаратабыз.

(Айганыш ордунан турат, чачтарын иретке келтирет.)

Айганыш. А-а... жөнөдүнөрбү...

(Кытаев басып келип, анын эки жаагынан өбөт. Айганыш ага жооп кайтарбайт.)

Тезирээк айыгып кайт.

Дарика. Жакшы калыңыз, эже. *(Ал дагын Айганыштын бетинен өбөт.)* Рахмат... бардык жакшылыгыңыз үчүн...

Айганыш. Болуптур эмесе... Жолуңар ак жол болсун...

(Кытаев менен Дарика кош дөбө тарапка бет алышат. Беркилер баарысы алардын артынан карап калышат.)

Темир. Эми мен да көчөм... Дөңсөлөрдүн артына. Ал жакта адам көп, зерикпейсиң...

(Ага жооп беришпейт. Анан үч эркек жанарааста жасап аткан иштерин эстешет: Дамин — примусун, Караев — алтын медалын, Темир — каратэсин... А Айганыш, кусунан, узап кетишкен жолоочуларга карай ачуу кыйкырып кирет.)

Айганыш. Силер бүгүн Жаңы Борборго барасыңар... Менин үйүмө кирбегиле! Менин төшөгүмө жатпагыла!

(Албетте, тигилер муну угушпайт. Айганыш аргасыздан ыйлап жиберет. Бирок эркектердин эси ооп карап калышканын байкап, дароо басылат, уялганынан ырсайып күлөт). Бул пьесадан... Мен ойноп атам... *(Чөгөлөй калып, телефондун трубкасын кулагына тутат. Ролго кирет).*

«...Алтыным, угуп турсаң... бүгүн кечинде силер Марселге келесиңер... Шондуктан сага айтаарым... жо-жок, суранаарым... дайыма экөөбүз токтоп жүргөн отелге токтобосоңор. Капа болбойсуңбу... Себеби сен көз алдыңа элестете албаган нерселер сага дегеле жоктой көрүнөт... Же болсо дагын, тумандын арасында тургандай туюлат... А мүмкүн оорусу жеңилирээк... Түшүндүңбү?.. Рахмат... Рахмат... Кандай эстүү жансын. Мен сени сүйөм... Анда... Эмесе... көнүмүш адатты көрсөң, «көрүшкөнчө» деп жибере жаздадым... Шегим бар... Эч ким эч качан билбейт... О!.. Ооба... Ооба жакшы болот. Кыйла жакшы...

(Айганыш трубканы колунан түшүрбөй, туздун үстүнө чалкасынан түшүп жата кетет.)

Асыл жаным... Ашык жарым... Айкөлүм... Мен кайрат кылам. Тезирээк. Тезирээк. Трубканы кой! Батыраак кой! Бол, бачым! Мен сени сүйөм, сүйөм, сүйөм, сүйөм, сүйөм...»

(Трубкасы колунан түшөт. Айганыш олуктой болуп сулк жатып калат...

Эркектер бири-бирин суроолуу карап алышып, анан Айганыштын турушун күтүп турушат. Айганыш козголо бербейт. Ошондо үчөө кабатырланып ага жакын басып келишет).

Дамин. Сизге эмне болду?

Айганыш. Мен өлдүм... Кудай жалгагырлар, олүгүмдү эптеп Жаңы Борборго жөнөтүп койгула... Улуу актриса катары урмат-сый менен көмүлгүм келет... башымда музыка ойноп... үстүмө гүл чачылып... Табытымдын артынан бүт шаардын эли ээрчисин... досторум да... кастарым да... баары ыйлап...

Дамин. Кадырыныз жам болсун, айтканыңызды аткарабыз.

Темир. Ооба, эжеке, ошентебиз.

Караев. Бирок өлүк немени шалактатып кантип станцияга жеткиресиңер? Мисалы, мен силерге кол кабыш кылбайм. *(Дамин менен Темир тиктеше түшөт.)*

Дамин. Замбил керек. *(Дароо чуркап барып Айганыштын чатырын бузуп жиберет, аны жер менен сүйрөп келип аялдын алдына жаза салат. Анан Темир экөолоп ага Айганышты жаткырышат.)* Эми буюм-кечесин алып кел. *(Темир жетип барып Айганыштын болгон буюмун сумкасына тыга салып, кайра тартат. Дамин сумкасын Айганыштын башына жастап берет.)*

Дамин. Эми кеттик.

(Экөө чатыр-замбилдин төрт бурчунан көтөрүп, чөлдү кесип жөнөп кетишет...

Караев кара креслосуна чалкалай отуруп, алардын артынан кайдыгер карап калат.)

9 - ЭПИЗОД

Туздуу чөл.

Чак түш, күн ысык.

Кош дөбөнүн артынан «Болеронун» обону келет.

А дөбөлөрдүн ортосунан бийчилер чубалып чыгып, чатырларды көздөй бийлеп келишет. Кийингендери капкара.

Чатырлар азыр экөө гана: Караев менен Даминдики калган.

Чатырларга жетишкенде артисттер экиге ажырап, аянтты айланып чыгышат. Аянттын ортосунда Айганыштын телефону турат. Бийчилер кыйлага чейин телефонду тегерене бийлешип, кийин келген жолуна түшүшөт.

10 - ЭПИЗОД

Туздуу чөл.

Күн бүркөө. Маал-маал алыста-алыста күн күркүрөп, чагылган чартылдап турат...

Аянттын аркы четинде, эки чатырдын орто ченинде, казылган «гөрдө» Караев жатат. Анын кашында чөк түшүп, Дамин отурат. Ал алакандап туз шилеп, Караевди көөмп атат. Адатынча, желкесине чейин көмөт. Анан ишин токтотуп, эки колун эки тизесине коюп, мелтиреп отуруп калат...

Караев. Сен куду намаз окуп аткансып отурасың... Эй, эмнеге минтип карайсын мени?.. Көздөрүң тим эле теше тиктейт да кишини? Токточу, ушу сенин башында да бир жаман ой болуп жүрбөсүн?.. *(Кокусунан Дамин Караевди кош колдоп муунтуп кирет.)* Эй-эй!.. Тарт колуңду, желдет!.. Коё бер мени!.. Коё бер дейм... канчыктын баласы... Билип кой... түрмөгө отургузам... жиндиканага жиберем... А-а-а-а... *(Караевдин үнү кырылдап барып басылат. Дамин үңүлүп өлүктүн жүзүн карайт. Анан шапа-шуп кыймылдап аны биротоло көрүнбөс кылып көөмп таштайт. Ошондон кийин гана ордунан оор туруп, шалдая басып, бери жакка бет алат...*

Аянттын ортосуна жеткенде, чарчаңкы түрдө жерге чөк түшүп, Караевге далысын салып, мелтиреп отуруп калат...

Аңгыча күндүн күркүрөгөнү, чагылгандын чартылдаганы күч алат. Асмандан алгачкы тамчылар тама баштайт...

Чатырлардын артынан Рабия пайда болот. Жай басып Даминдин жанына келет. Бирпаска тик туруп, кийин катарына отура кетет. Экөө кыйлага чейин унчугушпайт.)

Дамин *(секин)*. Мен аны муунтуп өлтүрдүм...

Рабия. Билем... Жерге көөмп койдуңуз...

(Даминдин ийнине колун коёт. Кокусунан жамгыр шатыратып куюп кирет. Экөө көл-шал суу болушат, бирок чыдап отура беришет. А алардын артында, Караев астында жаткан ак дөңсөнү жамгыр аз-аздан жуун, дөңсө көз көрүнөө кичинерип отурат. Акырында Караевдин денеси карарып ачылып калат. А жаан жаай берет...)

Аягы.

МЭЭРИМДҮҮ МЭЭРИ*

(Эки бөлүмдөн турган, эпилогу бар мелодрама)

КАТЫШУУЧУЛАР:

Мээри.
Рахман.
Жаннат.
Каримов.
Асипа.

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

Биринчи сцена

Сүрөтчүнүн өнөрканасы. Түн.

Өнөркана эки бөлүккө бөлүнөт — далис жана зал. Экөөн эндүү көшөгө бөлүп турат. Алдынкы планда далис... Сол жакта сыртка чыга турган эшик, оң жакта — ванна жана ашкананын эшиктери. Бул бөлмөдо диван, креслолор, чакан стол жана телефон бар. Дубалдарына ар кандай сүрөттөр илинген. Бөлмөнүн ичи чан-тополоң, кир. Көрүнгөн жерде ичилген шишелер, кургаган боёктор, кистилер чачылып жатат...

Далис менен залды бөлүп турган көшөгө азыр ачык. Андыктан залда илинген жыланач аялдын портрети айкын көрүнөт...

Азыр түн. Өнөркана ээн. Карангы...

Кыйладан кийин кире турган эшик ачылат. Ошол замат шам (свет) жагылат. Босогодо сүрөтчү Рахман Кыпчак турган болот. Ал мас. Артында асынган планшети, колунда сумкасы бар. Рахман кырк жаштарда, орто бойлуу, денеси чымыр эркек. Рахман желкесинен жүгүн түшүрөт.

Рахман *(артына кайрылып)*. Эй, каякта калдың?.. Эмне ал жерде турасың? Кир ичкери...

(Ичкериге кыз кирет. Көрүнүшүнө караганда эрге тие электей. Бою пас эмес же эгиз эмес. Арыкчырай. Ал айылдыктарча кийинген. Азыр анын колунда чоң сумка жана этюдник. Бул — Мээри.)

Мына... Менин үйүм ушул... Анан иштеген жерим да ушул жер... Ушул жерде мен жашайм, иштейм... Кана, жайланыша бер... Өз үйүндөй көр... Эй, таштачы колундагыларды! *(Мээри этюдник менен сумкасын жерге коёт. Рахман курткасын чечип ыргытып, далисти кыдырып чыгат.)* Чаң, кир... Өнөркана эмей эле, чочкокана...

---

* Бул пьеса Галия Гапарова менен шериктеш жазылган.

(Ваннага кирип кетет. Мээри жалгыз калып, кичине тартынып, бирок кызыгып, өнөркананын ичин айланта карап калат. Көшөгөдө көрүнгөн жылаңач аялды көргөндө, көргөн көзүнө ишенбей, аны кыйлага чейин таңыркап карап турат... Сүрөтчү ваннадан кайтат. Бетин, мойнун сүлгү менен сүртүп келет.)

Рахман. Ох... Кичине жеңилдей түштүм... Бүгүн күн жаман ысыды... *(Мээри селт эте чочуп, жүзүн буруп кетет.)*

А-а, сен менин сүрөтүмө суктанып турдуңбу? Сулуу аял бекен?.. Өзүн көрсөң ого бетер сулуу... Менин эски таанышым болот... Ой, сен, эмне, уялып кеттиңби?.. Чын эле... Көрсөң мунун уялчаактыгын... Аялдар баарыңар ушундайсынар... Өзүңөрдөн өзүңөр уяласыңар... Адегенде, албетте... Анау аял дагын адеп чечингенде уялган... А азыр анын уяты жок. Менин босогомду аттаганда эле чечинип кирет...

(Рахман сүлгүнү Мээринин желкесине таштап коёт.) Ме.. барып чайканып чык, сергий түшөсүң... Ванна тыякта...

(Мээри үндөбөй басып кетет.) Коош... Эми эмне кылдык?.. А-а, шам-шум этишибиз керек... Бирок ашканада аш-тамак жок да?.. А дүкөндөр жабык... Ой!.. Жамбылдык достор жан баштыгыма бир нерселерди салып жатышпады беле... *(Сумкасын ачат.)* Мына, айтпадымбы... Биерде баары бар экен... Эт, боорсок, калама... Кайран казактарым... Казактардын жакшысы Жамбылда жашайт... Бир айдын ичинде куп эркелетишти, чиркиндер... Эртең менен этүдга алпарышат, а кечинде конокко... *(Сүйлөп атып, азык-оокатты столго коё берет.)* О, вино!.. Рахмат, досторум... *(Ваннадан чыккан Мээрини көрөт.)* А-а... Кел, кел! Азыр экөөбүз тойлойбуз... Отур, мынабу жерге... *(Мээри тартынып туруп отурат. Рахман бокалдарды табат. Аларды нарыдан-бери сүртүмүш болот. Винону куюштурат. Иш арада тыныксыз сүйлөп турат.)*

Карасаң, винону унутушпаптыр... Ичкен кишилер да... А ичкен киши ичкен кишини түшүнөт... Ушуну билип жүр... Ырас болбодубу, үйүмө мейман келип отурса, а ичкилигим жок болуп турса... Шерменде болмокмун сага... Сен менин мейманымсың... А мейманды сыйлаш керек. Туурабы?.. *(Мээри жылмайып гана коёт.)* Кана эмесе, сен үчүн! *(Виносун шар алып жиберет. А Мээри бокалга кол сунбайт.)* Эй, эмне ичпейсиң? *(Кыз башын чайкайт.)* Эмесе, оокат же... *(Мээри боорсок алат. Рахман өзү этке киришет.)* Айтмак-

чы, экөөбүз али тааныша элекпиз, ээ?.. Көрсөн, бир күн кечке бир купеде келип, таанышпаптырбыз. Мен баарысы менен ичип, таанышып чыктым. А мына сени менен... Жакшы эмес. Кана, таанышалы... Менин атым — Рахман. Рахман Кыпчак. Республиканын эң жакшы сүрөтчүсү болобун... Эми сен... Кимсин?.. Айт баарын: атыңды, атандын атын, туулган жылыңды, туулган жериңди... *(Жоон ордуна кыз жылмайып гана коёт.)* Ой, бул эмне адатын: унчукпайсың да, жылмаясын?.. Менимче, сен жол катары жогорку полканда жатып алып, жолоочулардын оозун карап, бирок өзүң сөзгө кошулбай, жылмайып коюп гана жүрүп отурдун... Туптуура! Мен сенин үнүңдү укkан жокмун... Кана, сүйлө эми. Кимсин, деги? *(Ошондо Мээри камзиринин чөнтөгүнөн бир бүктөм кагаз алып чыгып, Рахманга сунат.)* Бул эмне?... *(Кагаздагы катты үн чыгарып окуйт.)* «Бул кыз Жангак токойдо жашайт. Аты — Мээри. Мээри — дудук жана тоголок жетим. Бала кезинде үйлөрүн көчкү басып, ата-энесинен айрылган, а өзү, кудай сактап, аман калган. Бирок ошондон бери сүйлөй албайт, а кулагы угат. Ушундай тагдыры татаал бул кыздын... Он алты жашында бир баласыз үй-бүлө муну токол кылып алышат. Мээри аларга эркек бала төрөп берет. А бала басып калганда жанагы жубайлар жашырын көчүп кетишет. Мээри дагы жалгыз калат. Мына бир жылдан бери бул байкуш баласын жоктоп көз жашын төгүп келет. Акыры, чыдабай, минтип уулун издеп чыкты... Боорукер адамдар! Мээри мектепте окуган эмес: окуп, жазганды билбейт. Ошондуктан, мунун өз максатына жетиши кыйын. Биз силерден суранабыз: ушу бечараны аяп, жардам кылып койсонор...

Эми эрди-катын жөнүндө. Эринин аты-жөнү — Эргеш Ташматов. Аялынын аты — Алтынай. Кесиби боюнча Эргеш тиш доктур, а Алтынай — аптекарь. Биздин болжол боюнча экөө азыр Бишкекте жашашат...» *(Катты окуп бүтүп, Рахман бирпаска Мээрини мелтирей тиктеп отуруп калат.)* Ушундайбы, карегим?.. Анан ушу сага кыянаттык кылышат, уулунду уурдашат... Бирок көп кабатыр болбо... Кайрат кыл... А биз кармайбыз ал каракчыларды. Кармап, камап салабыз... Милицияда менин жээним иштейт... Капитан Шарапов... Ал сенин эриңди жер астынан желкелеп сүйрөп чыгат...

(Рахман катты чөнтөгүнө катып алат.)

Катынды катып алдым... Эртенден баштап киришем... А сен балаң табылганча ушул жерде жашап турасың. Түшүндүңбү? *(Мээри ыраазылык менен башын ийкейт.)* Эн

жакшы... Эми эс алалы... Экөөбүз тең жол жүрүп келдик, чарчадык... Кана, кантип жайланышабыз?.. Сен ушул жерде жатасың. *(Диванды көрсөтөт.)* А залда менин башка дивандарым бар. *(Рахман винонун шишесин алып, залга карай басат.)* Жакшы түш көрүп жат, жакшына кыз... *(Көшөгөнүн артына өтүп, көрүнбөй калат. Мээри столдо калган оокатты жыйыштыра баштайт. Жүзүндө жылмаюу бар. Жарык жай өчөт.)*

Экинчи сцена

Сүрөтчүнүн өнөрканасы. Кечкурун.

Азыр өнөркана таза, жыйнактуу. Столдо даяр оокат бар. Азырынча алак сүлгү менен жабылуу.

Сырткы эшик ачылат. Рахман кирет. Ал мас. Тенселе басып диванга жетип жыгылат.

Рахман. Оф-ф... Акыры үйгө жеттим... Кудайга шүгүр, аман-эсен келдим... Эч ким мени токтоткон жок... эч ким сабаган жок... эч ким тоногон жок... Мына, жанбаштыгым жанымда... *(Сумкасын желкесинен алып, жерге таштайт.)* Ал турмак, кроссовкам да бутумда экен... *(Ыктутат)* бул жолу...

(Буту менен бутун тээп жатып, крассовкаларын чечет. Аларды ар жакка ыргытат. Анан диванга чалкалай жатып, көзүн жумат.) Мен бүгүн кичине масмын... Достордун көңүлүн кыя албайт экенсиң. Туш-туштан эле:

«Ич!.. Ич!..» — деп суранып турушса... Жакшы досторум бар... Баары мени жакшы көрүшөт... А кастарым болсо... *(ыктутат)*... жаман көрүшөт... Мага көздөрү күйөт, ичтери күйөт... Өнөрүң өрчүбөгөн, иштериң илгери жылбаган шордуулар... Ажап болот силерге... А менин ишим... *(ыктутат)* жакшы... Көргөзмөлөрдө көргөзүлүп турам... Сүрөттөрүмө кардар көп... Чет элдерди кезип келем... Мына жакында жаңы чакырык алдым... *(Ыктутат.)* Жапаниядан... Куба кааласа, бир жыл жапандар менен жашап келем... Хокусай, Хиресиге, Утамаранын жанында... Самурайлардын көчөсүндө... гейшалардын үйүндө... *(Ыктутат)*. Гейша демекчи, качантан бери катын көрө элекмин... Бүгүн да жалгыз жатам... жакшы эмес... *(Ордунан турат. Ошол учурда залдан Мээри чыгат. Чачтарын жоолук менен таңып алган. Көйнөгүн көтөрүп, ычкыр-кашатына кыстарып койгон — шондуктан көйнөгүнүн этегинен кызыл-тазыл кыска ыштаны көрүнүп турат. Колунда чакан челек менен сууланган түпүрөк бар... Рахман менен кокусунан жолугушуп, коркуп кетет. Рахман болсо аны аңкайып карап калат.)*

Рахман. О!.. Аял... Эй, сен кимсин?.. Биерде эмне кылып жүрөсүн?.. *(Мээри кыйналып жылмаят.)* А-а!.. Сен дудук кызсын... *(Мээри башын ийкейт.)* Атың ким эле?.. Айтпа, айтпа, өзүм табам... Эстедим! Мээри атын. *(Кыз сүйүнүп кетет.)* Экөөбүз кечээ поездде бир келгенбиз... А вокзалда, байкасам, барар жерин жок болуп чыкты... А мен сени түн ичинде жалгыз калтырып кеталбадым... Бул шаарда караңгыда жалгыз жүргөн болбойт, каралдым... Жаман адамдары бар... Сабап кетет, тоноп кетет... Ошону ойлоп, мен сага: «Отур таксиге» — дедим... туурабы?... *(Мээри астейдил башын ийкейт.)* Мына... бири-бирибизди билишип алдык... Сен, эмне, пол жуудуңбу? *(Өз оңорканасын кыдырата карап чыгат.)* Эх-э... Сен менин ишканамды таза тартипке келтирген турбайсыңбы?.. Бул жер көптөн бери мындай тазалыкты көрө элек болчу... Рахмат, каухарым... *(Кыздын мандайынан өөп коёт. Мээри колундагы буюмдарын таштай салып, столго чуркап барат, андагы тамак-аштын бетин ачат.)* Бул эмне?.. А-а, кечки оокатпы... Бирок мунуң кечеги тамак го?.. Башка эчтекең жокпу? *(Мээри күнөөкөр түрдө башын чайкайт.)* Кокуй... Сен, демек, эшикке чыкпаптырсың да бүгүн?.. Шордуум, өзүң өзөрүп отурган турбайсыңбы... Пай-пай... Айып менде, айым кыз, эртең менен сага акча берип, айтып-деп кетишим керек эле... Эми мейли... Эртең экөөбүз ээрчишип алып шаардын дүкөндөрүн тонойбуз. Үйүбүздү жегилик, ичкиликке толтуруп салабыз. Түшүндүңбү... *(Мээри арсар жылмайып, аны суроолуу карайт.)* Эй, эмне болду сага? Мелтиреп эле тиктейсин... А-а... Балаң жөнүндө билгиң келип атабы?.. Жок, Мээри, бүгүн колум тийбеди... Эртең... эртең сөзсүз кирем... *(ыкмутат)* капитан Шараповго... Айтмакчы, алиги кагазың кана?.. *(Мээри өзүндө дегендей колун жаңсайт.)* А-а, мендеби... Анда азыр... *(Рахман чөнтөктөрүн бир сыйра караштырып чыгат. Кыз аны кабатырланып карап турат.)* Кызык, чөнтөктөрдө жок... Каякта анан?.. А-а, жаңы баштыкта... *(Сумкасын көздөй баратып, өз кроссовкасына чатышып кетет. Сөгүнөт, кроссовканы ыргыта тебет.)* Э, каракчыга кабылгыр...

(Сумкасын аңтара баштайт. Мээри жүгүрүп барып крассовканы жерден ала коёт, аны тепки жеген күчүктөй, бооруна басып турат. Көздөрү Рахманда, Рахман кыздын кагазын сумкасынан да таба албай коёт. Ал селейип туруп калат.)

Түшүрүп койдумбу?.. Калтырып кеттимби?.. Каерде?.. Кана, Кемчонтой, айт, каерлерде болдуң бүгүн?.. Башынан башта... Адегенде — Академияда... Анан — жаштардын

көргөзмөсүндө... Кийин — Кино үйүндө... О, эстединби?.. Сен бүгүн киночулардын барында кеч киргиздиң... Актриса аял менен тааныштың... Албетте, ага адресинди бердин... Бир бүктөлгөн кагазга жазып... Мээси жок... *(Мээриге күнөөлүү жалдырайт.)* Мээри, кечирип кой мени... Мен Кемчонтоймун, акылым кирди-чыкты... Бирок сен кейибе. Ал аял келет биерге... Сөзсүз келет... Мен чакырган аялдардын эч кимиси мага жок дей элек али... *(Мээринин кудурети куруп, ыйлап жиберет.)* Ыйлабачы!.. Көз жашты көтөрө албайм мен... *(Мээри коркуп кетип, жашын арчый баштайт. Рахман аны аяп кетет. Желкесинен жетелеп алат.)* Мен сени түшүнөм... Баланды сагындың... Менин да үч жашар уулум бар... Мен да аны сагынам... Уулум апасы менен жашайт, а апасы мага аны көрсөтпөйт... Менден өч алат — таштап кеткеним үчүн... Ушундай, карындаш... Экөөбүздүн кайгыбыз окшош... *(Мээри түшүнгөн түр менен башын ийкейт. Рахман сумкасына басып барып, андан бир шише кызыл вино алып чыгат. Аны ачат. Анан диванга чалкалай отурат.)* Кайф таркап баратат... Кичине ичпесем болбойт... *(Шишенин оозунан ичет. Кийин кызга сунуш кылат).* Ичесиңби? *(Мээри башын чайкайт. Ал Рахмандын маңдайында турат. Баягы эле калыбында: башын да бир байлам түстүү жоолук, көйнөгү түрүлүп, ычкыр-кашатына кыстарылуу, а ычкырдан ылдый жагы кызыл-тазыл кыска ыштан; кроссовка дагы эле колунда-көкүрөгүндө... Мээринин ушул көрүнүшүн көрүп туруп, кокусунан, Рахмандын башына бир ой келет. Ал шишени столго коюп, ордунан турат. Кийин кыздан көзүн албай, анын алдына басып барат.)* Мээри, мен сенин сүрөтүңдү тартам... Ушул туруш-турпатында... Эчтекеңди өзгөртпөй...

Бирок колунда кроссовка эмес, нариste бала болот... Түшүндүңбү?.. *(Мээри түшүнгөн жок али. Рахман анын колунан кроссовканы алып, жерге таштайт. Кийин кыздын сын-сыпатын сынап, аны бир айланып чыгат.)* Мээри... сен сулуусуң... боюң нооча... белиң кымча... эмчектериң эгиз... мойнуң узун... а каштарыңчы... көздөрүңчү... мурдуңчу... эриндериң болсо... мени өп деп мага шыбырап атат... *(Ал кыздын эрдинен назик өөп алат. Кыз каршылык кылбайт.)* Мына... кайфтин үстүнө кайф кошулду... мен масмын... эми сен мени төшөгүмө чейин узатып кой... *(Рахман кыздын желкесине жөлөнөт. Экөө көшөгөнүн артына кирип кетишет. Сахна ээн калат. Эки жерде агарып маэстронун кроссовкалары жатат... Кыйладан кийин жарык жай өчөт: адегенде залда, анан далисте...*

Үчүнчү сцена

Сүрөтчүнүн өнөрканасы. Күндүз.

Рахман Мээринин портретин тартып атат. Рахман мольберттин алдында турат, а Мээри анын мандайында отурат. Кийгени мурунку сценада кийген кийими. Азыр анын алдында баласы бар: чөрөлгөн куурчак... Эшикте күн күркүрөйт. Рахман тыншап калат.

Р а х м а н. Уктунбу, күн күркүрөдү? *(Мээри башын ийкейт.)* Жай өттү... күз келди... Эми жолго камыныш керек... Айтмакчы, Мээри... *(Кызга жакын келет.)* Жакында мен жат өлкөгө кетем... узак убакка... А сени эмне кылам, суулуу кыз?.. *(Мээри аны кабатырлана карайт.)* Экөөбүз үчүн бул кыйын иш. Ойлонуш керек... ойлонуш керек, эстүүм... *(Рахман ишине киришет. Бирок бирпастан кийин кистисин таштайт.)* Кел, кичине эс алалы... *(Мээри ордунан турат. Экөө тең столго келишет. Столдо ачылган вино, шаптоолу бар. Рахман бокалга вино куюп, шарт тартып жиберет. Мээри шаптоолу жейт. Экөө тикте ше түшөт.)* Мээри, экөөбүз жакшы жашап атабыз ээ? *(Мээри бактылуу жылмаят.)* Куду жаңы үйлөнгөн кыз-жигиттей... Бирге жатабыз... Бирге турабыз... *(Мээри анын көкүрөгүнө башын жөлөйт.)* Мен сени менен такыр ажырашкым жок... *(Кызды өбөт.)* Сенин эриң жеткен жинди экен... Сендей аялды да таштап качабы... Эми жүрсүн арман кылып... Бирок сенин уулуңду уурдап кеткени гана жаман болду... А биз экөөбүз аны табалбадык... Мен күнөөлүүмүн буга... *(Мээри көкусунан анын эркелетип аткан колун ала коюп, өз курсагына басат. Рахман тың калат.)* Эмне болду?.. Мээри?.. *(Оюна ар нерселер келет.)* Эмне... кардында бирөө барбы?.. *(Мээри кубаныч менен баш ийкейт. Рахман колун кыздын колунан жулкуп алат. Анын аябай ачуусу келет.)* Жинди!.. Мээси жок!.. Бул эмне кылганың?!. *(Мээри эчтеке түшүнбөстөн, калтырап-титиреп туруп калат.)* Тфу!.. Акмакмын мен... Качан акылыма киремин... Дайыма өзүмдү өзүм кыйынчылыкка кириптер кыламын... Машакатсыз жүрө албаймын мен... Биринен кутулсам, экинчисине башымды тыгамын... Карасаң, чет элге кетпараткан күндөрү дагы бир капканга чабылып отурам... Эми кантип чыгам бул капкандан?.. Ким чыгарат мени?.. *(Рахман куюгуп барып, өзүнө вино куят. Бирок ичпейт, бокалы менен нары бери жинденип баса баштайт. Мээриге көңүл бурбайт. А Мээри аны ээрчий карап, кабатырланып турат.)*

Эптеп баладан кутулуш керек. Жок, энесинин өзүнөн!.. Бирок кантип?.. Жөн эле үйдөн кууп чыксаң, бул шордуу кайда барат? Көргөн күнү эмне болот?.. Кардындагы баласы менен... Шаардын кыз-келиндери мындай кыйынчылыктан оной эле кутулуп кетишет. А бул дудук... кудайдын момуну... Анан мен ушул таалайсызды азгырып отурам... Уят жок менде... *(Винодон уртап коёт.)* Мээри мага ишенип алды, көнүп калды... Оюнда мени аял кылып алат деп үмүт кылып жүрөбү... А кокус, биз эчак үйлөнүп алганбыз деп алсачы?.. *(Ал бөлмөнүн ортосуна токтоп, Мээрини тиктейт. А кыз куду өзүнүн тагдыры чечилип атканын сезгенсип, Рахманды жалдырай карап турат. Рахман уялып түшөт. Жакындап келип, жумшагыраак сүйлөйт.)* Мээри... эстүүм... мага мына бул баланын кереги жок... Анан... аял да албайм... Мен үй-бүлө үчүн жаралган эмесмин. Андай жүктү көтөрө албайм... Мына ошондуктан, үйүмдөн качып келип, ушул жерде жашап жүрөм. Мен бу дүйнөдө өз эркиндигим менен кесибимди гана жакшы көрөм. Кыскасы, мен — эгоистмин, өзүмчүлмүн, жаман адаммын... Түшүндүңбү? *(Мээри ырсайып гана коёт.)* Жок, сен түшүнбөйсүң... *(Рахман креслого отурат. Винодон кичине ичип алып, артына чалкалай, көзүн жумат. Кыйлага чейин ой басат аны. Анан көзүн ачканда, адебей залдагы жылаңач аялды көрөт. Кылага аны карап калат. Кийин шарт туруп, телефонго чуркап барат. Телефон чалат. Тыңшап турат. Эми башка үн менен сүйлөйт.)* Канаке, канышай, биздин ким экенибизди билип алыңыз... Карасаң, тааныды... Канча убакыт өттү арадан, а сен дагы эле менин аргендей үнүмдү унута элек экенсиң да?.. Кокус эмес, мен сени көп эстейм... А бүгүн ошол эскерме күнүм. Эртеден бери эстеп-эстеп отуруп, акырында чыдабай телефон чалып жибердим. Жолугушпайлыбы?.. Эмне, эмне?.. О-о, сиз азыр эриңизден башка эркек менен жолукпайсыз... Бул биз үчүн жаңылык... Демек, менин сунушум кабыл кылынбайт экен да?.. Андай болсо, ачыктан ачык шантажга барам: жылаңач айымды көргөзмөгө коюп, астына: «Банкир Каримовдун жакшы көргөн аялы», — деп жазып салам... А-а, корктуңбу?

...Ошентсең, саулем... Бүгүн келе аласыңбы?.. Эртеңби?.. Мейли, мен сени күтөм... *(Трубканы коюп, Мээриге кайрылат.)* Мээри эртен бизге мейман келет. Камыналы... *(Мээри түшүнгөн түрдө баш ийкейт. Жарык жай өчөт.)*

Төртүнчү сцена

Сүрөтчүнүн өнөрканасы. Күндүз.

Рахман менен Мээри конок күткөнү күймөнүп атышат. Чакан столго вино, мөмө-чөмө, гүл коюлган...

Эшиктин коңгуроосу шыңгырайт.

Рахман. О! Келди...

(Эшикти ачат. Эшиктен бою узун, көрктүү аял кирет. Жашы отуздарда. Жакшы кийинген. Бул — Жаннат. Портреттеги аял.)

Жаннат!.. Айперим...

Жаннат. Салам... *(Экөө обүшөт.)*

Рахман. Ох... качан өпсөм Париж жыттанасын... Төргө өт...

(Жаннат ичкери басат. Кокусунан Мээрини көрүп, селейип туруп калат. Кыз дагы андан көзүн албайт.) Тааныш кой, бул — Мээри. Менин кызматчым. Жетим кыз. Анан дагы дудук...

Жаннат. Дудук?

Рахман. Тили жок, бирок кулагы угат...

Жаннат. А-а... анда тааныштык... *(Мээри жылмайып, башын ийкейт. Жаннат бөлмөнү кыдырат.)* Канча болду келбегениме... көрбөгөнүмө...

Рахман. Бир жылдан ашты. *(Жаннат кокусунан өзүнүн портретин көрөт. Заматка катып, озун озу карап калат. Рахман аны мулуюп тиктеп турат. А Мээри Жаннат менен портреттин окшотугуна таңыркайт.)*

Жаннат. Кандай шермендечилик... Мен сенден сурандым эле го, бул сүрөттү эми эч кимге көрсөтпө деп...

Рахман. Кантип?!. Бул портрет менин акыркы жылдарда кылган эң кымбат ишим. А андагы айчүрөк менин өмүрүмдө кезиктирген биринчи жакшы көргөн аялым...

Жаннат. Чын элеби?

Рахман. Жатсам-турсам сен менин көз алдымдасың... Мен эчак сени сатып, байып кетмекмин...

Жаннат. Койчу?

Рахман. Канча кардарлар келди. Истамбулдан... Сингапурдан... Кореядан... Баарысы бай адамдар эле. Баарысы сага суктанышып: «Сат бул сулууну мага. Айткан акчанды беремин» — дешти ар кимиси. Жок, бул аял сатылбайт дедим...

Жаннат. Эмне үчүн?.. Сатпайсынбы! Жоготпойсунбу бул уятсызды!..

Рахман. Эч качан! Өлгөндө гана ажырашам сени менен.

Жаннат. Ох... Кантип макул болдум экен... Жинди экенмин... Албетте, анда жаш элем...

Рахман. Туура. Кана эми ошол жаштыгын?.. Жок... Мындан нары жаштыгынды издесен, менин өнөрканама келесин. Тигине сенин жаштыгын...

Жаннат *(картинаны карайт)*. Менин... картинама баары суктанат дейсиңби?

Рахман. Менин картинама эмес, сага суктанышат.

Жаннат. Ошентсе да... Мен күйөөмөн корком...

Рахман. Коркпо. Биерге банкирлер али келелек. Бирок сенин күйөөң сатып алам десе, мен ага арзанираак берет элем.

Жаннат. Уятсыз... Сен мени, үй-бүлөмдү бузайын дейсиңби?

Рахман *(күлөт)*. Кана эми, отуралы... Мээри, бизге кофе алып кел. *(Мээри баш ийкеп, ашканага чыгып кетет. Рахман менен Жаннат столчонун эки жагына беттеше отурушат.)*

Жаннат. О, сен мени кадырлап тосконсуң го?

Рахман. Кадырлуу киши болсоңуз анан...

Жаннат. Рахмат.

Рахман. Кана, эмне ичебиз?

Жаннат. Мен рулдамын.

Рахман. Ой, сен машинени машайыктай айдайсың да. Кадимки эле каскадерсуң. Эмнеден коркосуң?

Жаннат. Мактоң өтүп кетти. Куйсаң куйчу. Вино... *(Рахман бокалдарга вино куят.)*

Рахман. Сен үчүн.

Жаннат. Жолугушканыбыз үчүн. *(Ичип жиберишет.)*

Рахман. Карындаш, кичине кардыңыз чыгып калганбы?

Жаннат. Боюмда бар.

Рахман. Койчу? Дайыма: энеликтен ажырап калдым, эми эч качан төрөбөйм деп какшачу эмес белең?

Жаннат. Тамашаладым... Мен азыр да балага зармын... А семиргеним — турмушумун жакшылыгынан. Иштебейм, эч кандай түйшүк жок...

Рахман. Иштебейм?.. Эмне, Мода үйүнөн кеттиңби?

Жаннат. Эрим: «Эркем, эркин жаша, менин банкым багып алат экөөбүздү», — деп койду.

Рахман. Түшүнүктүү... Биздин банкир жаш аялынын манекен бойдон калышын каалабайт. *(Мээри кофе алып келет. Экөөнүн алдына коёт.)*

Жаннат *(ууртап көрөт)*. У-у... Кушкер кофе экен. Ким үйрөттү сага муну? *(Мээри Рахманды карайт.)* А-а... Кел отур биз менен.

(Мээри корунуп туруп отурат. Рахман үчөөнө тең вино куят.)

Рахман. Мээри абдан мээнеткеч кыз. Үй-ичин шыпырып-жууйт... Оокат бышырат... Дүкөндөрдү кыдырат...

Базарга барат... Кыскасы табылгыс кызматчы... Экөөнөр үчүн.

Жаннат. Мен Мээри үчүн ичемин. *(Кыз менен бокал кагыштырат. Мээри ыраазылык менен баш ийкеп, кичине ооз тийип коёт.)*

Рахман. Бирок, тилекке каршы, мен Мээри менен ажырашышка аргасыз болуп атам.

Жаннат. И-и, эмне болду?

Рахман. Бир жумадан кийин Жапанстанга кетем. Бир жылга. А бул кызды эмне кылаарымды билбей турам. Жөн эле таштап кете албайм. Кыянатчылык кылган болом... Мээри алыстан келген, Жангак токойдон... А бул жерде мунун эч бир жакыны жок... Жаннат, жардам бер...

Жаннат. А мен Мээри үчүн эмне кыла алам?

Рахман. Ишке орноштур... Мисалы, дудуктардын ишканасына... Же бир бай адамдын үйүнө кызматчы катары сунуш кыл. Сенин чөйрөн — жалаң байлар... Бир жылга гана. А мен кайтып келгенден кийин кайта өз колума алып алам.

Жаннат. Эмне кылыш керек?.. Андай болсо... биздин үйдө эле жашап турсун. Мага жардамчы болот...

Рахман. О, Жаннат! Сен акылман аялсың. Чыныгы доссуң. Ох, женилдей түшпөдүмбү... Эми мен Мээри үчүн кам санабайм... *(Мээри экөөн кабатырлана карап отурат.)* Бирок Мээри али өз тагдырынын чечилип атканын билбейт. Биринчи жолу угуп атат. Сен өзүң түшүндүрсөң...

Жаннат. Мээри... сен андап атасынбы биздин эмне жөнүндө сүйлөшүп атканыбызды? *(Мээри арсар аквалда. Ал түшүнүп-түшүнбөйт.)* Эмесе мындай, чырагым... Сенин кожоюнун, биздин досубуз, алыска-алыска... башка өлкөгө кетпаратат. Анан узак убакытка... *(Мээри жашөөрүй түшөт.)* Ыйлаба, коркпо... Сен жалгыз калбайсын. Маэстро кайтып келгенче, сен биздин үйдө жашап турасын. Мына мени менен...

Рахман. А мен кайтып келээр замат өзүңдү кайта өз колума алып алам. Түшүндүнбү? *(Мээри башын ийкейт.)*

Жаннат. Экөөбүз куду эжели-сиңдидей жашайбыз. Биздин үй кең... Дагы дачабыз, машинебиз бар... Кана, макулсуңбу?

Рахман. Албетте, макул... Мээри акылдуу кыз... *(Ал кыздын далысынан сылайт.)*

Жаннат. Жакшы экен... Анда качан келип алып кетейин?

Рахман. Бүгүн эле. Мен жолго даярданышым керек. Ишим көп...

Жаннат. Түшүнүктүү... Мээри, экөөбүз азыр эле биздикине кетебиз. *(Мээри Рахманды карайт.)*

Рахман. Мээри, даярдан... кызым...

(Мээри туруп, буюм-кечесин жыйнаштыра баштайт. Рахман Жаннатты колдон алат.) Мен сени сагындым.

Жаннат. Чын элеби?

Рахман. Азыр шарт туура келбей турат да...

Жаннат. Сен менден кийин да жыланач аялдарды тарттыңбы?

Рахман. Жок.

Жаннат. Ишенбейм.

Рахман. Ырас... тарттым. Бирок алар сендей сулуу эмес эле... *(Сумкасын көтөрүп, Мээри басып келет.)*

Жаннат. О, даяр болуп калдыңбы? Бат элеби? *(Экөө турушат. Рахман Жаннатты желкесинен кучактайт.)*

Рахман. Коош... Кандай белек алып келейин?

Жаннат. Кимано.

Рахман. Жакшы заказ. *(Пауза.)* А сага, Мээри... *(Чөнтөгүнөн бир тутам пул алып чыгат.)* Ме... кереги тиет. *(Мээри эмне кылаарын билбейт.)*

Жаннат. Ал, ал... Бул сенин эмгек акың... *(Мээри тартынып туруп акчаны алат.)* Анда Жапанияңа жакшы барып кел, Рахман Кыпчак.

Рахман. Рахмат сага, Жаннат. Бардык жакшылыгың үчүн.. *(Жаннатты жаагынан өбөт. Мээрини кучактап, далысынан таптайт. Мээри анын көкүрөгүнө башын жөлөп, жашып кетет.)* Кой-кой, ыйлаба... Ыйлаба, кызым... Баары жакшы болот... Жаннат сени жакшы карайт... Бар, бар... *(Кызды секин эшик жакка түртөт. Аялдар чыгып кетишет. Рахман кыйлага чейин жабык эшикти карап турат. Кийин столго кайтып келип, бокалга вино куят. Мольбертке басып барат.)* Кап, портретинди бүтпөй калдым да... Кечир, мени, жетимим, кечир... Кечир менин дудук мадоннам... Башка айлам жок болуп калды... *(Винодон ичет. Жарык өчөт.)*

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Бешинчи сцена

Каримовдун квартирасы. Мейманкана. Жасалгасы бай. Күндүз. Мейманканадан үч эшик чыгат: ортодогусу коридорго, ашканага, ваннага кетет; а эки тарапта жатак кааналар...

Жаннат менен Мээри кирет. Мээринин сумкасы бар.

Жаннат. Мына, үйүбүз ушул... *(Мээри үйдүн ичин бир сыйра карап коёт.)* Кандай, жагабы? *(Мээри башын ийкейт.)* Биз биерде эрим экөөбүз жашайбыз. Азыр эрим иште. Келгенде тааныштырам... Кана, жайланыша бер... Кел, адегенде сенин бөлмөңдү көрсөтөйүн... *(Мээрини баштап, сол жактагы каанага кирип кетет. Анан бат эле кайта чыгышат. Мээринин сумкасы жок.)* Эми сен киринип ал. Таза тердеп алыпсың. Жүр, ваннаны көрсөтүп коёюн... Бирок Мээри, киринген кийин эски кийиминди кийбе, мен сага жаңысын берем. Түшүндүнбү? *(Коридорго чыгып кетишет. Жаннат жалгыз кайтып келип, өз бөлмөсүнө бет алат... Бирпастан кийин коридор жактан кайыш папкесин кармап, бир эркек келет. Бул — Атай Каримов, үй ээси. Каримов элүүдөгү эркек. Орто бойлуу, толук, маңдайы кашкайып калган. Ал диванга жөтөөр замат, папкесин ыргытып жиберип, оор онтоп отуруп калат. Галстугун бошотуп, көзүн жумат.)*

Каримов. Уф... Бүгүн күн катуу ысыды...

(Жатак каанадан Жаннат чыгат. Колунда аялдын кийими бар. Аны нары-бери оодарып карап келет. Күйөөсүн көрүп таң калат.)

Жаннат. Атай, келип калдыңбы?

Каримов. Көрүп турбайсыңбы...

Жаннат. А эмне болду? Эмне үчүн эрте келдиң?

Каримов. Ооруп калдым.

Жаннат. Болсо-болду башың...

Каримов. Желкем дагы...

Жаннат. Демек, остеохондуросуң ойгонгон экен. *(Каримов башын мыжыгып онтойт.)* Азыр мен массаж жасайм, жеңилдей түшөсүң. *(Колундагы кийим-кечесин коё коюп, эринин башын, желкесин укалап кирет.)* Сен дарыланышың керек, Атай. Курортко бар.

Каримов. А банкты кимге таштайм? Иш азыр абдан көп...

Жаннат. Иш, иш... Иш эч качан түгөнбөйт. Иш деп жүрүп сенин өмүрүң эрте түгөнөт. Ден соолукту ойлон...

(Каримов жүзүн тырыштырып, онтоп жиберет.)

Каримов. Ой... оорутпачы! Орой жасап атасың... Тырмагың менен эмес, бармагың менен бассаң...

Жаннат *(азилдешип)*. А-а, сизге менин массажым жакпай атабы?.. Кечиресиз, банкир мырза, массажисттердин окуусун окуган эмес элем...

Каримов. Окусаң зыян болбойт болчу... Катын деген эрине массаж жасашты билиши керек.

Жаннат. Анда мен массажисттердин курсуна кирсемби... Элүү эркекти эзип чыксам, өз эримди эзгенге жарап калат элем...

Каримов. Эй, бейбак, оозуңа карап сүйлө! Элүү эркек...

Жаннат *(күлөт)*. Менин байым кызганчаак.

Каримов. Ошону билгениң жакшы экен.

Жаннат. Билемин. Ошондуктан коркомун.

Каримов. Туура кыласың, коркуп жүр.

Жаннат. Корккондуктан, азыр да айталбай атам...

Каримов. Айталбай атам? Эмнени?

Жаннат. Билесиңби, берээним... Бирок сен кабатырланба... бул сага зыян...

Каримов. Деги эмне жөнүндө айтмаксың? Эмне болуп кетти?

Жаннат. Али эчтеке боло элек... Азыр баарын түшүндүрөм...

Каримов. Түшүндүрсөң, тезирээк түшүндүрчү. *(Жаннат күйөөсүнүн желкесин тез-тез ийлеп кирет.)*

Жаннат. Ардагым, айыптуумун... Ошентсе да урушпачы...

Каримов. Мен жарылып кетем.

Жаннат. Демек, мындай... Үйдө жалгыз жатам...

Каримов. Анан ким менен жатмак элең?

Жаннат. Кокусунан эшиктин коңгуроосу шыңгырайт... Ачам...

Каримов. Ачтың...

Жаннат. Сен толкундаба, сага зыян бул.

Каримов. Ишиң болбосун. Андан аркысын айт.

Жаннат. Ачсам... босогодо жат эркек турат...

Каримов. Жат эркек! Мен куду ушинтип ойлогом... Анан?

Жаннат. Узун бойлуу, чачтары капкара, тармал...

Каримов. Чачка тийишпе...

Жаннат. Кийгени тери куртка, көзүндө кара көз айнек..

Каримов. Мага анын көркүнүн кереги жок!

Жаннат. Үрөйү учуп алыптыр. «Кудай жалгасын ылайым, мени үйүңүзгө киргизип алыңызчы, артымдан куугун келатат» — деп жалдырайт.

Каримов. Эмне, киргиздиңби анан?

Жаннат. Мм... Мындай учурда адамга жардам бериш керек да...

Каримов. Жинди! Мүмкүн, ал баш кесер, ууру болсочу?!

Жаннат. Жок, андай эмес экен.

Каримов. А сен каяктан билдин?

Жаннат. Экөөбүз көпкө чейин сүйлөшүп отурдук...

Каримов. Сүйлөшүп отурушат! Көпкө чейин... Анан эмне болду?

Жаннат. Эчтеке боло элек.

Каримов. Бул катын мени жинди кылат!

Жаннат. Кичине вино ичтик.

Каримов. Вино да ичишет булар!

Жаннат. Анан ал ваннанызга кирип чыгайын деп суранды.

Каримов. Ваннага? Эмне үчүн?

Жаннат. Кирдеп калыптыр... Тердеп алыптыр...

Каримов. Анан сен ага уруксат бердиңби?!

Жаннат. Киринип алсын. Тазарып калат... Жениль-дей түшөт...

Каримов. Ал, эмне, азырга чейин ушуердеби?!

Жаннат. Чыгаар маалы болуп калды.

(Ваннадан жерге түшкөн темир буюмдун тарактаганы угулат.)

Каримов. Укмуш!.. Жок, бул аял соо эмес... Мен азыр милиция чакырам! *(Ал телефон чала баштайт. Жаннат рычакты басып коёт.)*

Жаннат. Антпегин, алтыным.

Каримов. Эмне үчүн?

Жаннат. Кийингилигин ойло... Бул окуя бүт шаарга тарайт. Баарысы банкир Каримов аялын жат эркек менен кармап алыптыр дешет. Ал эмне деген эркек, ал мени эмне кылды — кимге далилдейсиң?..

Каримов. А-а, ошондойбу али?!. Демек, сен... бул эркектин биздин үйгө кантип кирип келгенин... ал экөөңөрдүн ортоңордо эчтеке болбогонун... далилдей албайт экенсиң да?!

Жаннат. Албетте, сен ишенесиң, а башкалар ишенбей койсочу?

Каримов *(кыйкырат)*. Мен дагы ишенбейм!

Жаннат. Ишен, азизим...

Каримов. Сен... сен... азыткы аялсың!

Жаннат. Эми, айкөлүм... бир жолкусун кечирип коючу... Экинчи кайталанбайт...

Каримов. Жап оозунду, шуркуя!.. О кудай... Мен ушул шермендеге ашык болуп... аял кылып алып... алпеш-теп багып келем... Үй сатып бердим... дача... машина... Буга азгырылып бир жакшына катынымды калтырдым...

балдарымды мостойттум... Эми минтип алардын убалы уруп отурат мени... Ажап болот мага...

Жаннат. Өкүнбө өтө эле. Мен дагы кыйла курмандык кылдым. Жаш элем, сулуу элем... Сулуулуктун конкурсунда женип чыккам. Мени киного тартыл, телеге иште дешкен... А мен баарысынан баш тарттым... Сен үчүн... *(Каримов отуруп, башын мыжыгат.)*

Каримов. Анткор!.. Алдамчы!.. Мен экөөңдү тен өлтүрөм... Кайда жанагы кара ниет?! *(Ал ордунан оолугуп туруп, коридорду көздөй жөнөйт. Ошо кезде коридордон ачадый басып, Мээри кирет. Кыз жыпжылаңач. Алдын гана сүлгү менен жаап алган. Чачтары чачылган... Экөө бири-биринен чочуп, ордуларында катып калат. Кийин Мээри кыйкырып жиберип, кайта артына качып кетет.)*

Арбак ургур... Бул эмне деген көрүнүш?..

(Жаннат каткырып күлөт.) Деги биерде эмне болуп атат?!. Сен, эмне, мени маскараладыңбы?..

(Жаннаттын күлкүсү тыйылбайт. Аз-аздап Каримов дагы жылмаят.) Жез кемпир... А мен чындап ишенипмин буга... Жиндимин да...

Жаннат. Туура. Мындан нары ишенбей жүр... *(Жаннат жанындагы кийимди алып, ванна жакка кетет.)*

Каримов. Ох... Аз жерден жүрөгүм жарылып кете жаздады... Кудай жалгап жалган болуп чыкты. *(Жаннат кайтып келет.)* Ал эмне деген кыз?

Жаннат. Биздин үй кызматчыбыз.

Каримов. Каяктагы кызматчы? Дагы эмнени ойлоп таптың?

Жаннат. Бүгүндөн баштап: биздин үй кызматчыбыз бар деп айтып жүр.

Каримов. А анын бизге эмне кереги бар эле? Сен өз үйүңдүн түйшүгүн өзүң аткара албай калдыңбы?

Жаннат. Аткара алам. Өзүң көрүп жүрбөйсүңбү. Бирок гейи тегиз эрке катын катары көрүнгүм келет.

Каримов. Билбейм, билбейм... Экөөбүз бир жакшына жашап атсак... Анан кокус эле бизге жат киши келип кошулса...

Жаннат. Биз буга көнүп кетебиз. Кыз жоош-момун, абдан аракетчил. Бирок бир кемчилиги бар: ал — дудук...

Каримов. Дудук? Анда биз аны менен кантип сүйлөшөбүз?

Жаннат. Опоной. Кыздын кулагы угат.

(Каримов кыйылат, кыйналат.)

Каримов. Жок жерден кызматчы алат, анан анысы да дудук... Каяктан таап жүрөсүң мунунду?

Жаннат. Бир жакшы таанышым сунуш кылды.

(Мээри кирет. Жаңы кийим кийген. Жатыркап жакын дайт.) Кел, кел... О-о, менин эски көйнөгүм сенин көркүңдү чыгарыптыр. *(Мээри уялыңкы жылмаят).* Таанышы. Атай Каримов. Менин эрим, а сенин жаңы кожоюнун. *(Каримов кызды кызыгып карайт.)*

Каримов. Эй, кызың чын эле чырайлуу экен...

Жаннат. Көрчү, бат эле жактырып калдын.

(Каримов Мээринин желекесине колун коёт.)

Каримов. Кап... Кудай сени ушундай сулуу жаратып, дудук кылып койгонун карачы... Атың ким, айсулуу?

(Мээри Жаннатты жалдырай карайт.)

Жаннат. Мээри.

Каримов. Мээри... Жакшы ат экен.

Жаннат. Мына, таанышып алдык... Эми мындан нары бул үйдө үчөөбүз жашайбыз... *(Жарык өчөт.)*

Алтынчы сцена

Каримовдун квартирасы. Мейманкана. Эртең менен.

Бөлмөдө Мээри менен Жаннат бар. Мээри үйдүн чаң-кирин сүртүп жүрөт, а Жаннат күзгүнүн маңдайында турат. Ал күзгүгө көрүнгөнчө, телефондо сүйлөшүп атат. Үстүндө жаркыраган желек-халат, бетине калың бетмай сүйкөгөн.

Жаннат. Асипа... Сен кызматчы ким экенин билбейсиң. Мен тим эле жыргап калдым. Үй түйшүгүнөн толук кутулдум. Эми мен үчүн кудайдын куттуу күнү — майрам. Барам деген жагыма барам: чач тарачка, массажга, сауна-га... Бүгүн мисалы, өзүмдүн жакшы көргөн курбумду ресторанга чакырсам деп турам. Отурабыз, ушак айтышабыз... Кана, буга эмне дейсиң?.. Эң жакшы... Мен машинамды куду сенин төрөтканаңдын төрүнө чейин айдап кирем... Эмне?.. Ха-ха-ха...

(Трубканы коёт. Жука кагаз менен бет майын сыйрый баштайт. Ушул учурда Мээринин онтогону угулат. Жаннат кайрылып карайт. Мээри кош колдоп курсагын кармап, жерде отурат. Жаннат ага жакын келет.)

Жаннат. Мээри, эмне болду? Ичиң ооруп атабы?

(Жооп ордуна Мээри Жаннаттын колуп алып, кардын карматат.) Бул эмне кылганың?

(Мээри жылмайганы жылмайган. Жаннат кыйкырып жиберип, колун тартып алат.) Эмне, боюңда барбы? *(Мээри баш ийкейт.)*

О кудай... Кандайча?.. Баланын атасы ким?.. Жанагы сүрөтчүбү?.. *(Мээри башын ийкейт.)* А-а, ошондойбу!.. Демек, ал мени алдаган экен да... Сени бооз кылып, анан мага тапшырып салат... Уятсыз!.. Кара бет!.. *(Телефонго чуркап барат. Чалат. Көпкө күтөт.)* Албетте, ал киши азыр Жапанияда жүрөт... Бир барда отурат мурутун гүрүч аракка суулап коюп... *(Трубканы коёт.)* Тфу!.. Мен дагы жиндимин ага ишенген... *(Мээри Жаннаттын эмне үчүн ачуулануп атканына аң-таң.)* А сен эмнеге ушул убакка чейин унчукпадың?!. Айдап чыгам үйдөн!.. Кардыңдагы балаң меннен кайда барсаң шондо бар... *(Мээри коркуп калат. Көзүнө жаш келет. Жаннат кичине жумшарат.)* А-а... ыйлап атасыңбы... Эми эмне кылам сени?.. Боюнда бар кызматчы... Эриме эмне дейм?..

(Кокусунан бир ой келет. Жаннат жүгүрүп барып телефон чалат.) Алло... Баш доктур керек мага... Чакырыңыз, мен күтүп турам... *(Чыдамсыздык менен күтөт. Мээри өз ишине киришет. Жаннатты жал-жал карап коёт).* Асипа, менин үйүм күйдү... Тез келбесең болбойт... Анан айтам... *(Трубканы коёт.)* Мээри, дасторкон жай... Ичкилик кой, жегилик даярда... *(Күзгүгө келип, бетмайын шашылыш түрдө арчый баштайт... Бирпастан кийин эшиктин коңгуроосу шыңгырайт. Жаннат эшик ачканга шашат. Ал жактан Асипа менен келет. Асипа отуз беш-кырк жаштарда. Бою ноока, арык аял. Азыр ал ак халатчан.)*

Асипа. Кана айт, эмне болуп кетти?

Жаннат. Ай... Жанагы сага мактаган кызматчы кызым... Тээтиги жаныбар... Эки кат экен...

Асипа. Койчу?.. А кимден боюна болуптур?..

Жаннат. Мурдагы кожоюнунан...

(Асипа шарактап күлүп калат. Аргасыздан Жаннат да ага кошулат.)

Асипа. Сенин сүрөтчүң катын койбойт экен го.

Жаннат. Айгыр да... Башка эркектердей эле...

Асипа. Коош, эми эмне кылабыз?

Жаннат. Алдырыш керек, албетте...

(Асипа Мээриге келет.)

Асипа. Салам, сулуу кыз. *(Мээри мээримдүү жылмаят.)* О мунуң чын эле чырайлуу экен. Эркектер жабышат мындайга...

Жаннат. Жабышкандан ушул иш болуп атпайбы.

Асипа. Кана, жүр эмесе... Мен сени текшерейин... *(Мээри түшүнүп-түшүнбөй, Жаннатты жалдырай карап,*

Асипанын артынан эрчийт... Жаннат дасторконду караштырат. Бокалдарды арчыйт.)

Жаннат. Эх, маэстро, маэстро... Өз мойнуңдагы моюнчаны алып, менин мойнума артып коюп кете бердиң... А мүмкүн сен эчтеке билбестирсиң?..

(Асипа кайтып келет. Колунда медицина мээлейи бар. Жаннат чыдабай анын алдын тороп чыгат.) Эмне экен?

Асипа. Алганга болбойт. Бала беш айга карап калыптыр... *(Ваннага кирип кетет. Жаннат үшкүрүп ордуна отуруп калат. Мээри келип, аны суроолуу карап турат. Жаннат жиндене колун шилтейт.)*

Жаннат. Жогол көзүмө көрүнбөй!

(Мээринин үрөйү учуп, эшигине кайта кирип кетет. Жаннат вино ача баштайт. Ваннадан Асипа чыгып келет. Үстүндөгү халаты, колундагы мээлейи жок. Столго отурат. Жаннат бокалдарга вино куят.) Эми эмне кылам?..

Асипа. Айдап чык үйүңдөн.

Жаннат. Кокуй, курбум... Кызга кыянаттык кылайынбы? Шордуунун биротоло шору курубайбы?..

Асипа. А-а, анда мени кыянаттык кыл дегени турасыңбы? Мен Мээрини кескилебейм. Болбосо бул дагын туубас болуп калат. Сага окшоп... Сен мени үч жолу зордоп боюңан алдырткансың. Эмне менен бүттү ошол оюндар? А мен эскерткенмин сени... Мына эми келип, өзүңдүн бала бүтпөс жериңди айыктырам деп, акчаңды аябайсың...

(Асипа бокалдагы винону шарт тартып жиберет. Экөө тең кичине унчукпай отуруп калышат). Айтмакчы, сенин акыркы балаң да сүрөтчүңдөн болуучу...

Жаннат. Ошону калтырсам болмок экен...

Асипа. Канча айттым, көнбөй койбодуңбу.

Жаннат *(улутунат).* Анда мен эрсиз элем...

Асипа. Ага карабаш керек эле. Мен канча эрсиз катындарды төрөтүп келатам...

Жаннат. Эми эмне кыл дейсиң?

Асипа. Эмесе мындай... Мен жол таптым... Сен эне болушуң керек...

Жаннат. Менби? Кантип?

Асипа *(винодон ичип алат).* Мына минтип... Сен көтөрөсүң боюнда бул баланы, сен төрөйсүң... А баланы мен өзүм кабыл кылам, анан аны сага жазып таштайм. А укканкөргөндүн баарысы баланын энеси сен экен деп эсептешет, а атасы, албетте, Каримов... *(Жаннат кыйлага чейин бүшүркөп турат, бирок акырында Асипанын айтканына акылы жетет.)*

Жаннат. Асипа... сен генийсиң... Мен макулмун... албетте... Анын үстүнө, бала — Рахмандан...

Асипа. Мындай мүмкүнчүлүк экинчи келбейт сага.

Жаннат. Туура айтасың акылманым.

Асипа *(өзүнө өзү вино куят).* Мен бүгүн эле Жаннат Каримованын боюнда бар деп өз консультациямда карточка ачам... Кел эмесе, акыркы жолу ичишип алалы... Мындан нары сага ичкилик ичкенге болбойт. Сенин беш айлык боюнда бар... *(Теңтуштар күлүшүп, уруштуруп, ичип жиберишет.)* Кана эми, чакыр дудук кызынды... *(Жаннат Мээрини баштап келет.)* Отур сиңдим... *(Экөө тең отурушат. Мээри кичине коркуп алган.)*

Жаннат. Мээри, сен каласың биз менен. Баланды ушул жерде төрөйсүң. Анан аны экөөлөп багып-чоңойтобуз... Ал экөөбүздүн балабыз болот... Макулсуңбу ушуга? *(Мээри кубаныч менен башын ийкеңдетет.)*

Асипа. Мына, маселе чечилди. Көрдүңбү, оңой эле... Эми Каримовду көндүрүш гана калды.

Жаннат. Аны мага кой. *(Жарык жай өчөт.)*

Жетинчи сцена

Каримовдун квартирасы. Мейманкана. Кечкурун. Каримов диванда жатат, колунда газета. Жаннат күзгүнүн маңдайында отурат.

Жаннат. Атай...

Каримов. У-у...

Жаннат. Мен сага бир жаңылык айтам.

Каримов. Кулагым сенде...

Жаннат. Менин боюмда бар.

Каримов. Эмне?

(Каримов окуганын коюп, ордунан турат.) Мүмкүн эмес...

Жаннат. Эмне үчүн?

Каримов. Экөөбүз канча жылдан бери эрди-катынбыз, а эки кат болуш жөнүндө эч кандай белги бере элексиң.

Жаннат. Мына эми кудай жалгады... *(Каримов арсар аквалда жылмаят.)*

Каримов. Айтканың ырас болсо, албетте, мен сүйүнөт элем...

Жаннат. Беш айдан кийин биз кыздуу же уулдуу болобуз. *(Каримов катынынын курсагын шектүү карайт.)*

Каримов. Койчу?.. Ишенбейм. Бул да сенин ойлоп тапкан оюнуң.

Жаннат. Туура, бул да оюн... *(Жаннат күлүп, күйөөсүнүн катарына отурат.)* Менин эмес, Мээринин боюнда бар.

Каримов. Кызматчы кыздынбы?.. Ой, качан үлгүрүп жүрөт ал буга?.. Каерде?.. Кимден?

Жаннат. Бир жигит менен жүргөн экен, анысы азгырып, анан таштап кетет. А мен ага боорум ооруп, үйгө баштап келгем.

Каримов. Демек, сен билген экенсиң да?

Жаннат. Ооба. Атай... Бирок сага айткандан коркуп жүргөнмүн.

Каримов. Эми эмне кыласың?

Жаннат. Төрөсүн. А жалпы журтка айтабыз: Жаннат Каримова төрөдү деп...

Каримов. Ооба, ошентсең эле сага ишене калышат.

Жаннат. Мен ишенгендей кылам...

Каримов. Ой, Жаннат, ушул авантюра керекпи бизге?

Жаннат. Сага, албетте, кереги жок... Сенин балдарың бар. А мага эне болуш мүмкүнчүлүгү экинчи келбейт.

Каримов *(мүңкүрөп)*. А кыз сенин оюнуңду ойнойбу?

Жаннат. Камсанаба. Биз баарын сүйлөшүп бүттүк.

Каримов. Анда... өзүң бил.

Жаннат. Рахмат. Мен билгенмин мени колдоорунду. *(Күйөөсүн өбөт. Ашкана жактан Мээри кирет.)*

Каримов. А-а, Мээри... Демек, жакында биздин үйдө нариste ыйлайт экен да? *(Мээри Жаннатты суроолуу карайт. Жаннат жылмайып башын ийкейт. Мээри аны кайталайт.)* Анда кудай берет экен бизге.

Жаннат. Мээри, быштактын баарын жединби? *(Мээри башын ийкейт.)* А сокту ичтиңби? *(Мээри дагы баш ийкейт.)* Акылдуум... Сага азыр булардын баарысы керек... Эми бар, укта... Жатар маалың болуп калды... *(Мээри жатак каанасына кирип кетет.)*

Каримов *(эсинейт)*. О, менин да уйкум келди... *(Ордунан турат.)* Айтмакчы.... Конушабавдер конокко келебиз дешти.

Жаннат. Жо-жо-жок... Мындан нары мейман күтүштү токтотобуз. Мен төрөгөнгө чейин мени эч ким көрбөшү керек.

Каримов *(күлөт)*. А-а... Сени эки кат экениңе такыр көнө албай атам.

Жаннат. Эчтеке эмес, көнүп кетесиң.

Каримов. Айлам канча. *(Каримов эрди-катындын болмөсүнө бет алат.)*

Жаннат. Атай... сен ыгы келген жерде биздин тааныштарга менин эки кат экеним жөнүндө кичинеден айта жүрсөң...

Каримов. Бул ролду өзүң жакшы ойнойсуң. Ойдо жок оюндарды ойлоп тапмай, ага башкаларды тартмай — сенин амплуаң.

(Болмого кирип кетет. Жаннат күзгүгө келет. Көйнөгүн кош колдоп көтөрүп, боюнда бар аялды көз алдына элестетет... Анан ошол аквалында мейманкананы бир сыйра кыдырып чыгат. Басып баратып, эки жагына эңилип, көрүнбөгөн тааныштар менен «саламдашып» отурат.)

Жаннат. Жакшысыңарбы... Саламатсызбы... Эсенсизби, эне... баланыз ичкенин койдубу?... Келиниңиз кайтып келдиби?.. О, биздин көчөнү толтура басып, көрүнүктүү адамдар келатат: жазуучу, киночу, артист... Албетте, аз-аздан ичип алышкан... Салам, генийлер... Кандай, катыныңар башка эркектерге эркелебей калдыбы?.. Э, мейли, мегиле бир шише алып ичкиле... А-а, Айша эже, амансызбы... Гүлүңүз жакшы өсүп атабы, жакшы өтүп атабы... *(Айша эжесин туурап, анын үнү менен.)* Ботом, Жаннатсыңбы?... Араң тааныбадымбы... *(Өз үнү менен.)* Эмне, эже, ошончолук эле өзгөрүп кетиптирминби? *(Айшаны туурап.)* Катыгүн, курсагың чыгып калыптыр да? Эмне, боюңда барбы? *(Өз үнү менен.)* И-и, ушинтип... кудай жалгап... согончогум канаганы турат... *(Айша эжеси.)* Кут болсун, сиңдим... Балалуу боюң куп жарашат экен сага. Көркүңө көрк кошуптур кудай... *(Өз үнү менен.)* Рахмат, рахмат, эже... О бүгүн гүлдөрүңүз өзгөчө кооз экен... Мага тээтиги хризантемаңыздан бериңиз... Кырмызы түспөлдүүсүнөн... Ооба, ошолордон... онду... Жакшы калыңыз... *(Жаннат оюнун ойногон бойдон жатаканасына кирип кетет. Жарык жай өчөт...)*

Сегизинчи сцена

Каримовдун квартирасы. Мейманкана. Күндүз.

Каримов отургучта отурат. Көзү жумулуу. Мээри Каримовдун артында туруп алып, анын мойнуна, башына массаж жасап атат. Кийгени кең көйнөк. Көйнөгүнөн көтөрүңкү курсагы көрүнүп калган.

Каримов. Ох... Сенин массаж жасашты үйрөнгөнүн жакшы болбодубу... Колдоруңда бир касиет бар... Баш оорум басылат... Желкем жеңилдеп, жаным жыргап калат... Менимче, Мээри, мен жашарып бараткансыйм...

(Кыздын колдорун колуна алып, анын алакандарын өөп чыгат. Мээри уялат, бирок бул ага жагат... Коридор жактан Жаннат кирет. Анын үстүндө да куду Мээри кийген кең көйнөк. Анын курсагы да чампайып чыгып турат. Колунда сумка жана хризантема бар.)

Жаннат. Болду!.. Иш бүттү... Айша эже менин боюмда бар экенин билет эми... Өз көзү менен көрдү... *(Курсагын чаап коёт.)* Демек, бул кабарды жакында биздин дос-кастардын баары угат...

Каримов *(башын чайкайт)*. Шерменде болобуз...

Жаннат. Коркпо. Баары жакшы болот. *(Ал эрин эрдинен өбөт, гүлдү Мээриге сунат. Өзү креслого отурат. Мээри чыгып кетет.)*

Каримов. А кокус, сен эмес, Мээри эки кат экени билинип калсачы?

Жаннат. Анда азилге айлантып жиберебиз.

Каримов. Азил!.. Айтканга оной... Сен кызматчы кыз жалдайсың. Анан анындын, кокус эле боюнда болуп калат. Кимден? Биздин үйдө бир эле эркек жашайт.

Жаннат *(каткырып калат)*. А-а, сенин оюн ошол жактабы? Өз репутациядан коркуп атасынбы?

Каримов. Албетте...

Жаннат. Атай... Мен энеликтен ажырасам дагын, сен аталыктан ажыраба.

Каримов. Ал эмне дегениң?

Жаннат. Анда мен үчүн сенин баланды асырап алыш оной болот.

Каримов. Эмне деп жөөлүп атасың?

Жаннат. Бул калп чындыкка жакын. Мээри жаш, сулуу кыз. Сенин азгырылып кетишиң мүмкүн...

Каримов. Рахмат, эсимде болсун...

(Телефон шыңгырайт. Трубканы Жаннат алат... Мээри гүл салынган ваза менен кирип, вазаны Каримовдун алдына коёт. Каримов кызды кызыгып карайт.)

Жаннат *(трубкага)*. Айдайсынбы?... А-а, Зарема... Салам... Эмне?..

Кимден уктуң?.. Айша эже... Ай, жарыктык киши... Жая баштаган экен да... Жок, бул шаарда жаңылыкты жашыра албайсың... Эмнеге?

... Биз ырымчылбыз... Көз тийбесе экен дейбиз... Өзүң билесиң го, биз бул баланы көптөн бери күтүп келатабыз... Мейманчылап?.. Жо-жок, курдаш... Биз азыр эч кимди кабыл кылбайбыз. Таарынба... Мен эсен-аман көз жарып алайын, анан баарынарды тойго чакырабыз... Кош бол...

(Трубканы коёт.) Айша эжем азамат... Кудай буюрса, эки жуманын ичинде мен эки кат экеним бүт шаарга тарайт... Эх, менин кулагым эмитен эле кызып кирди... «А-а, баягы миссис Азиябы?... Ошонун боюнда бар бекен?.. А күйөөсү ким анын?.. Бир банкир... Ой, ошондой сулуу кыз банкирге тиеби?.. Эси жок да... Кудай көркту берген менен акылдан айтпаган...»

Каримов. Мына ушул туура.

(Жаннат күлүп, күйөөсүн кучактайт.)

Жаннат. Мен макулмун.

Каримов. Эми мага да ар ким ар кандай суроолорду бере баштайт.

Жаннат. Алар сага көзү күйөт, суктанат...

Каримов. Эмне үчүн?

Жаннат. Сенин аялың жаш... сулуу... Эми ошол айпери сага бала төрөп бергени атат... *(Жаннат күйөөсүнүн жаагынан өбөт. Мээри муну жылмайып карап турат.)*

Каримов. Карасаң, Мээри күндөн күнгө жакшырып баратат. *(Жаннат жакын келип, Мээрини кучактайт.)*

Жаннат. Боюнда бар аял көзгө ысык учурайт. Ким болсо да аны сыйлап карайт... Мына бүгүн мен шаарды аралап келе атам... Жаш аялдар көздөрү күйүп, жаш эркектер мулуюп күлүп узатышат...

Трамвайга түшсөм, дароо орун беришти... Тратуарда келатсам бир ажарduу эркек колумдан сумкамды ала коюп, куду үйгө чейин узатып койду...

Каримов. Кудая тообо... Бара-бара экөөң окшошуп баратасыңар...

Жаннат *(сүйүнүп)*. Чын элеби?

Каримов. Кийгениңер окшош көйнөк, чачыңарды бирдей тарайсыңар, курсагыңар үндөш көтөрүлүп келатат... Этият бол, Жаннат, экөөңүн ортоңордо адашып кетип жүрбөйүн...

Жаннат. Адаша бер... каалаганыңча...

(Мээри ичин кармап, жүзү тырыша түшөт.) Эмне, ичиң ооруп кеттиби? *(Кыз жыргап жылмаят.)* А-а, кыймылдап атабы? *(Мээри баш ийкейт. Мээринин курсагына колун коюп, тизелеп отура калат.)* Чын эле... Ой, көрсөң мунун туйлаганын...

Каримов. Кана, кана... *(Ал дагын аялынын катарына чөк түшөт. Эми экөө Мээринин эки жагына отуруп алышып, анын курсагын тыңшашат.*

А Мээри куду эки улагын эмизип аткан эчкидей, бактылуу жылмайып туруп берет.)

Жаннат. Сезип атасыңбы?

Каримов. Угу... Тепкилеп атат...

Жаннат. Тезирээк жарыкка чыксам дейт...

(Эрди-катын өйдө болушат.)

Жакында жүз көрүшөбүз... Колубузга алабыз... *(Койногун көтөрө коюп, кардын чампайтып турган чакан жастыкты сууруп алат. Анан аны куду наристени көтөргөнсүп, назик кучактап алат.)*

Бешик ырын ырдайбыз...

(Ошол аквалында ал мейманкананы кыдырып чыгат. Каримов менен Мээри анын оюнуна кошулат. Экөө Жаннатты эрчип алышат).

Каримов. Биздин наристенин аты ким болот?

Жаннат. Эркек болсо, Рахман коёбуз.

Каримов. Рахман... Жакшы ат...

Жаннат. Кыз туулса — Мадина...

Каримов. Уккулуктуу угулат...

Жаннат. Мен Мадинаны каалайм...

Каримов. Айтканың келсин.

Жаннат. Биз аны бешикке бөлөп, эки кроваттын ортосуна коюп алабыз...

Каримов. Кызың ыйлаак, мени уктатпайт...

Жаннат. Айла канча, алтыным... Чыдаш керек... А күндүзү биз бакка чыгабыз...

Мадинанын коляскасын көлөкөгө коюп, өзүм анын алдында китеп окуп отурам... *(Оюнун улантып, коридорго чыгып кетет.)*

Каримов. Этият болгула, күн ысык бүгүн... Мына, Мээри... Экөө эшикке кетишти... А экөөбүз үйдө калдык... Ээн-эркин... *(Каримов кызды желкесинен кучактайт. А Мээри мээримдүү жылмайып, анын боюна боюн ыктайт. Куду атасына эркелегендей. Жарык жай өчөт.)*

Тогузунчу сцена

Каримовдун квартирасы. Мейманкана. Күндүз.

Бөлмөдө эч ким жок. Бирпастан кийин коридор жактан Жаннат кирет. Алдында айдаган араба-коляскасы бар. Кийгени көрктүү көйнөк, башында кооз шляпа. Азыр анын «боюнда бала» жок. Баласы коляскада. Эми бул чыныгы — тирүү нариете...

Жаннат. Мына, үйүбүзгө келдик... Экөөбүз эң жакшы сейилдедик бүгүн... Ушундайбы, кызым?... А-а, күлүп койдуң... Тиштеринди көрсөттүң... Тиштериң көбөйүп калат... Сен бат чоноюп атасын... Жакында бир жашка толосуң... Өз бутун менен баса баштайсың... Анда биз шаарды арабасыз кыдырып калабыз... *(Энтигип коёт.)*

Бара-бара бала бакчага бара баштайсың... Сен эң жакшы бакчада багылып, эң жакшы мектепте окуйсуң... Апаң сага сонун оюнчуктарды, көрктүү көйнөктөрдү сатып берет... Сенин күлгүн курагың күлкү-шаттыкта өтөт... Кыздардын ичинен эң сулуусу сен болосуң... Апаңа окшоп, сулуулуктун конкурстарына катышасың... Сени киного, телеге чакырышат... Артыңан: «Айперим...» — деп ашык болгон жигиттер ээрчийт... Биз аларды арасынан сын-сыпаты келишкен, ата-энеси бай баланы тандап алабыз... Ой, Мадина, сен эсинеп атасың да?.. Кой-кой, кызым, уктаба... Сен али оокат жешиң керек... Нянькаң сага буламык бышырып койсо болду... Чыдап тур, азыр апкелем... *(Коляскаңы калтырып, ашканага кирип кетет. Бирок бат эле кайта келет.)* Бул эмнеси?.. Буламык да жок, нянькада жок... Биздин атабыз да көзгө көрүнбөйт... Экөө тең үйдө болушу керек эле... Кызык...

(Мээринин жатак каанасынан Каримов чыгып келет. Ал жалаң трусичен. А кийимдери колунда. Жаннатты жандап, уурулукча өтүп кеткиси келет. Бирок аялы аны көрүп алат.)

Жаннат. Эй!.. *(Каримов дирт этип, ордунда катып калат.)*

Каримов. А-а, сенсиңби?..

Жаннат. Каяктан чыктың?..

Каримов. Менби?.. Тияктан... *(Мээринин бөлмөсүн көрсөтөт.)*

Жаннат. Мээриденби?..

Каримов. Ооба...

Жаннат. А эмне үчүн жыланачсың?..

Каримов. Мээри мага... массаж жасады...

Жаннат *(шектүү)*. А эмнеге коркуп алгансың?..

Каримов. Ошондой көрүнөмбү?..

Жаннат. Түрүнө караганда азыр сен кошунанын тоогун уурдап келатасың.

Каримов. Эч кандай тоок-моок жок колумда... Өз кийимдерим бул...

Азыр кийип алам... *(Ал шашып-бушуп, калтырап-титиреп кийимдерин кийинип кирет. А Жаннат болсо Мээринин жатак каанасына бет алат. Анан бат эле кайтып келет.)*

Жаннат *(жай)*. Мээри уктап атат...

Каримов. Койчу?...

Жаннат. Массаждан кийин эс алайын деген го...

Каримов. Бүгүн көпкө жасады... Арып-чарчады байкушум...

Жаннат *(күйөөсүнүн көйнөгүн топчулап берет)*. А Мээри массажды жакшы жасайбы?

Каримов. Эң сонун!... Колдору керемет... Укалап отуруп уктатып коёт...

Жаннат. Демек, анын массажы дартына даба болуп аткан экен да?..

Каримов. Абдан!.. Мына төрт-беш айдан бери оору дегенди билбейм... Денеме күч-кубат кошулуп, өзүмдү жаш жигиттей сезип атам... Аркама канат бүткөнсүп, жашашка жаңыча талпынып калдым. *(Жаннат кам көргөн калыпта эринин галстугун байлай баштайт.)*

Жаннат *(камырабай)*. Мен аны куун чыгам.

Каримов. Эмне?

Жаннат. Экөөндү тең айдайм. *(Галстукту кыса баштайт.)*

Каримов. Эй-эй, муунтасың... *(Жаннаттын колунан бошонуп, креслого отурат. Шашылбай тамеки тамызат. Жаннат коляскага келип, кокусунан аны нары-бери айдай баштайт: бир дубалдан экинчи дубалга, бир бурчтан экинчи бурчка барып кайтат; а кээде бир орунга туруп алып, куду швабра менен пол сүрткөнсүп, тез-тез терметип кирет. Кыймылы бара-бара күч алат. Бирде чоң-чоң арымдаса, бирде бөжөндөп чуркайт... Каримов кебелбей чылым чегип отура берет.)*

Жаннат. Мен сени менен ажырашам... Үй, дача, машина мага калат... Дагы... сен Мадина экөөбүзгө алимент төлөйсүң. Он сегиз жыл...

Каримов. Андай болсо... Мен Мээриге үйлөнөм.

Жаннат. Бактылуу болгула...

Каримов *(кыялдана)*. Биз жаңы үй... жаңы дача... жаңы машине сатып алабыз...

Жаннат. Ал силердин ишиңер... Мага эми анын тиешеси жок...

Каримов. Андан кийин... Мээри экөөбүз сени сотко беребиз...

Жаннат. Эмне үчүн?

Каримов. Мадинаны сенден тартып алабыз.

(Жаннаттын эси ооп түшөт. Ордунда катып калат.)

Жаннат. Сен ага барбайсың.

Каримов. Эмне үчүн барбайт экенмин? Абдан барам да.

Жаннат. Мадина — мени ки! Мен аны тогуз ай көтөрдүм... Мен төрөдүм... Күбөлүгүндө эне катары мен жазылганмын, Мээри эмес... Мына бир жашка чейин өзүм багым-өстүрүп келдим... Муну элдин баары билет...

Каримов *(камырабай)*. Сен буларды сотто далилдейсиң. *(Жаннат жашып кетет. Каримов жеңиш менен ордунан турат.)* Эскертип коёюн: эгер сен Мээрини таарынтчу болсоң... эгер Мээринин бир тал чачы жерге түшөт экен... Мен сени теринди тескери сыйрыйм!..

Жаннат. Мейли... Мээрини мен капа кылбайм... Бирок мындан нары үчөөбүз бир үйдө жашай албайбыз. Эртедир-кечтир мен Мээриден кутулам...

(Каримов катуу улутунуп коюп, өз бөлмөсүнө кирип кетет... Жаннат коляскада уктап аткан наристеге мээримин төгүп карайт. Кийин коляскаңы жаба кучактап, ошол бойдон катып калат. Жарык жай өчөт.)

Эпилог

Вокзалдын алдындагы аянт. Жалгыз скамейка. Азыр ал жерде эч ким жок... Паровоздун гудогу, дөңгөлөктөрдүн шоокуму угулуп турат... Бирпастан кийин скамейканын арт жагынан Рахман чыга келет. Колунда чоң-чоң сумкалары, коробкалары бар. Башында жапан жазуусу жазылган кепка. Терден-тепчип алган...

Рахман. Такси!.. Такси!.. Вот сволочь... Токтогон жок... *(Ал энтиге дем алып, скамейкага келет. Колундагы жүгүн скамейкага коюп, бети, мойнунан терин арчыйт...)* Көргөндө эле тааныйсың, чиркинди... Мына, дагы бирөө келатат... Эй!.. Такси! *(Жүгүн көтөрүп, таксини утурлай чуркайт. Токтогон машинеңин шоокуму келет. Машине Рахманды алып кетет... Так ушул учурда аянтта Мээри көрүнөт. Колунда чоң сумкасы бар. Ал туура келип скамейкага отурат. Сабыры суз. Азыр анын ааламда эч бир жакын адамы жок, жападан жалгыз калгандай көрүнөт.*

Көп убакыт өтпөй, Мээринин жанына Жаннат шашып келет. Кыздын катарына отурат.)

Жаннат. Мына билет... Бул билет сени Жаңгак тоюна жеткирет... *(Мээри билетти алат.)*

Эми акча берейин... *(Сумкасынан бир тутам пул алып чыгат. Мээри аны алсамбы-албасамбы деген арсар аквалда калат.)* Ал, ал... Ал дейм!.. *(Акчаны зордук менен кыздын сумкасына салып таштайт.)* Кана эмесе, Мээри... Кош бол, синдим... Сен мага тарынба... Башка айла жок... *(Мээ-*

ри бирдеме дегиси келет.) Мадина жөнүндө кам санаба... Мен ага жакшы тарбия берем... Окутам... Менин колумда ал бактылуу өсөт... *(Экөө тең ойдо турушат.)* Азыр сенин поездиң келет. Карап тур, кечигип калбагын... А мен үйгө шашайын, Мадина күтүп калды... *(Мээри баш ийкейт. Жаннат анын жаагынан өпө коёт. Мээри жоон ордуна анын көкүрөгүнө башын жөлөп, ыйлап жиберет.)* Кой, ыйлаба... Сен али жашсың... Жашаар жашың баары алдыда... Мээридей перзенттердин көбүн төрөйсүң али... Бактылуу бол...

(Жаннат шашылыш басып кетет. Мээри көз жашын арчыбай, анын артынан муңдуу карап калат... Ушул сценаны кылбат жерде Каримов карап турган. Жаннат кетээр замат ал жашынган жеринен жай басып чыгат. Аны көрө коюп, Мээри анын мойнуна асылат. Каримов кызды эркелете далысынан таптайт. Экөө скамейкага отурушат.)

Каримов. Мына, Мээри... мен сени менен коштошкону келдим. Экөөбүз айла жоктон ажырашып атабыз... *(Мээри түшүнгөн түрдө баш ийкейт.)* Мына муну алып кой, кереги тиет... *(Пул сунат, Мээри албайт.)* Ал, ал... Албаса, таарынам... *(Мээри аргасыз алат. Каримов кызды кучактайт.)* Сени менен жанаша жашаган турмушума ыраазымын... Мен сени эч качан унутпаймын... *(Мээри мээрими менен анын көкүрөгүнө башын коёт... Бирок кокусунан катып калат, башын көтөрөт, секин ордунан турат; көрүнүшү куду өзүнүн ичин тыңшап аткандай.)*

Мээри... сага эмне болду?..

(Мээринин жүзү жарыша түшөт. Ал Каримовдун колун колуна алып, өз курсагына коёт. Анан жыргап жылмайып турат.)

Эмне?.. Боюңда барбы?..

(Мээри бактылуу түрдө башын ийкейт.)

Чын эле...

(Ал дагы жылмаят.)

Бул... менин баламбы?

(Мээри астейдил башын ийкеңдетет... Экөө эми бири бирин бактылуу тиктешип туруп калышат... Жарык жай өчөт.)

Аягы.

ӨЛГҮМ КЕЛЕТ, СПОНСОР КЕРЕК*

(Трагикомедия)

КАТЫШУУЧУЛАР:

Мукай Нойгут — драматург, режиссер, актер.
Айдай Сали — анын аялы, актриса.
Кыргызбай Чокой — спонсор.
Мадина,
Райхан,
Алия,
Эльмира — залогго алынган аялдар.
Шерхан,
Үкү,
Жору,
Илбирс — террористтер.

I БӨЛҮМ

«Караван-Сарай» театрынын сахнасы. Сахнага ар түркүн элдик буюмдар илинген: эски жез, жыгач табактар, жыртык шырдак, жайдак ээр... Ар кайсы жерде мурда коюлган спектаклдердин декорацияларынын калдыктары чачылып жатат: ободосу чыккан диван, ошондой эле кресло, жапыс стол, столдун үстүндө телефон бар... Сахнанын орто ченинде узун аркан салаңдап турат — учу сыйыртмак. Авансценанын маңдайына чоң тамгалар менен жазылган «КАРАВАН-САРАЙ» деген жазуу илинген...

Сахнада эч ким жок. Тыптынч. Бирок бирпастан кийин оң тараптан Мукай чыгат. Бул элүүгө келип калган эркек, ортодон жогору бою бар, арыкчырай, буурул чач, сакал-муруту кыйладан бери кырылбаган; кийген кийими — жамачулуу джинси шым жана көкүрөгү тешик футболка... Мукай кызыл вино куюлган шише менен чыгат. Ал шашпай көңүлсүз басып келип сахнанын ортосуна токтойт, шишенин оозунан винодон ууртап коёт, анан көпкө чейин сыйыртмакты карап турат. Кийин ошондой эле кош көңүл түрдө сахнаны кыдыра басат. Бирде бул буюмдун алдына токтойт, анан аркысынын жанына барат...

Ошол учурда сол жактан Айдай күйүгүп чуркап кирет. Айдай кырк жаштар чамасындагы орто бойлуу, ыраң оройлуу, ыйманы ысык аял. Азыр анын бир колунда чыбыктан токулган себет, экинчисинде газета. Ал газетасын булгалап, абдан ачууланып алган.

Айдай. Уялбайсыңбы!.. Уялбайсыңбы... ушундай кулактандыруу бергенден?!

---

* Пьеса Галия Гапарова менен шериктеш жазылган.

Мукай. Эмне? Жарыялашыппы?

Айдай *(туурап окуйт)*. «Өлгүм келет, спонсор керек. Менин адресим: «Караван-Сарай» театры»... Кандай шермендечилик! Адамзат али укпаган муну...

Мукай *(анын колунан газетаны жулуп алып, ичинен окуп калат)*. Чоң тамгалар менен терилиптир, көрүнөө бетке берилиптир...

Айдай. Ананчы!.. Мындай жарыя газетке реклама жасайт.

Мукай *(эч эмоциясыз)*. Демек, мага дагын...

Айдай *(алсыз аквалда диванга боюн таштайт. Себетин коёт. Себеттин башка жагына Мукай олтурат. Ал себетке колун салып, бир тал көк пияз алып чыгат. Анан аны шашпай жеп, виносун ичишти улантат. Айдай аялын карап мелтиреп отуруп калат. Кыйлага чейин үндөшпөйт. Кийин аял ыйлап кирет.)*

Айдай. Кудай-ай!... Кудай-ай!.. Кудай-ай!..

Мукай. Айдай, алтыным... Мен чын эле өлгүм келет, а бул үчүн мага спонсор керек... Бир бай, боорукер адам... соопчулук үчүн мени адамча... абийирим менен а дүйнөгө атказа турган... Ажап эмес, андай адам табылып калса... А табылбайт экен, менин өлүгүм көмүлбөй калат. Анткени мени көмүшкө сенин мүмкүнчүлүгүң жок.

Айдай *(каңырыгы түтөп)*. Бирок эмне үчүн?!.. Эмне үчүн өлгүң келет?!

Мукай. Чарчадым бул турмуштан... Элүүгө келип калдым, а сен кыркка чыгасың жакында... А элүүгө чейин өз үйүбүз жок... Жашаган жерибиз мынабу эски караван сарай... Анан дайыма акчабыз жок... Мен сенден уяламын... Жыйырма жылдан бери эрди-катынбыз. Жыйырма жылдан бери сени бир жакшы кийинте элекмин... Кээде сенин кейпинди карап туруп көзүмө жаш келет...

Айдай. Мукай, айланайын, айтканың акыйкат. Бирок бул себептер аздык кылат асылганы... Азыр адамдардын көбү ушундай жашайт... *(Мукай ордунан туруп нары-бери басат...)*

Мукай. А театр... Экөөбүздүн театрыбыз... Экөөбүздүн колубузда өлүп отурбайбы. Карачы... Жансыз жалдырап жатат алдыбызда... Биерде эми пьеса жазылбайт... спектаклдер коюлбайт... көрүүчүлөрдү жетелеп келчү жалгыз аяк жолго чөп чыгат... Бирок театр менин өмүр баяным да! Театр — мен үчүн кесип эмес, а жашоо жагдайым, турмушум... *(Пауза.)* Демек, мен дагы ада болдум... өлдүм... Эми мени көмүш гана калды.

(Айдай ордунан турат, чыбык себетин колуна алат.)

Айдай. Сен мени ишендирдин... Анткени сен айткан сөздөрдүн мага да тиешеси бар... Мен — актрисамын! Мен да театрсыз жашай албайм. Бирок мен сенсиз да жашагым жок. Шондуктан, ардагым, аялынды аркага таштаба, өзүң менен кошо ала кет... Кудай жалгап, эки спонсор чыгып калса, бирөөн мага тартуу кыл...

(Айдай оң жакка карай кетет. Мукай аны муңдуу мулуюп карап калат.)

Мукай *(өзүнө өзү)*. Айдайым... Айперим... кечир мени... Кыйнадым сени. Мен ада болдум... Мен эми тирүүлөй өлүкмүн. А сен өлгөн кишини өлүмдөн алып калам деп аракет кылып атасың. Анда дагы анын азабын тартасың... *(Винодон ууртап алат. Кийин диванда жаткан газетаны кайра карап чыгат.)* Эки эмес, бирөө табылса кана.

(Ушул учурда оң жактан бир жигит чыга келет. Орто бойлуу, кайыш куртка кийген, галстукчан, көзүндө көз айнек, колунда дипломат. Бул — Кыргызбай. Мукайга көңүл бурбай эле, ал адегенде сахнаны, анан залды карап чыгат.)

Кыргызбай. Мм... Сахна да, зал да аңгырап боптош... Демек, театр алган экен да...

Мукай. Ошондой.

(Шишени балбал таштын артына катып коёт.)

Кыргызбай. А эмне үчүн?

Мукай. Каражат... Каражатты каяктан аларды билбейбиз. Эч ким жардам бергиси жок.

Кыргызбай. А Өкмөтчү?

Мукай. Көрүнгөнгө кол сунушка, анын колу кыска.

Кыргызбай. М-да... Ушундай заман...

(Пауза. Мукай келгинди суроолуу карайт.) Сиз... мени тааныдыңызбы?

Мукай. А биз тааныштыкпызбы?

Кыргызбай. Он беш жыл илгери мен сиз ачкан, сиз жетектеген драматургдардын өнөрканасында окугам.

Мукай. Ошондойбу?

Кыргызбай. Менин атым — Кыргызбай. Кыргызбай Чокой ... Сиз мени айдап чыккансыз.

Мукай. Эмне үчүн?

Кыргызбай. Сенден драматург чыкпайт деп.

Мукай. Койчу?.. Жаңылышсам керек... Мен турмушумда көп жолу жаңылышкамын...

Кыргызбай. Мен туурасында жаңылышпадыңыз.

Мукай. Демек, сен мага таарынбайсыңбы?

Кыргызбай. Жок. Ар ким колунан келген ишти кылышы керек.

Мукай. Акыйкат сөз.

(Кыргызбай креслого отурат, дипломатын жанына коёт, сигарет алып чыгып, аны күйгүзөт, кийин Мукайга сунуш кылат.)

Рахмат, чекпейм.

(Кыргызбай креслого чалкалап, буттарын алмаштыра сунат).

Кыргызбай. Мен сиздин кулактандыруунузду окудум.

Мукай. Ошондойбу?

(Кыргызбайдын каршысындагы диванга отура кетет. Экөө бирпаска унчукпай бири-бирин карап отурушат.)

Кыргызбай. Менин үрөйүм учту.

Мукай. Түшүнөм.

(Кыргызбай сыйыртмак жакка баш ийкейт.)

Кыргызбай. Муке, ушул аквалга жеттиңизби?

Мукай. Жеттим.

Кыргызбай. А себеп?

Мукай. Себеп көп. Өтө көп... Бирок эң башкысы — мына — театр. *(Мукай ордунан туруп, туш-тарабына кучагын жая басат.)*

Мен театрда жашайм, а театр менде жашайт. А эми болсо, театр, өзүң айткандай... *(Пауза).* А мен болсо театрдан чыгып кете албайм... Мен мунун босогосун аттагандан коркомун... Анткени театрдын босогосунун нар жагында башка турмуш башталат... Бирок ал менин турмушум эмес. Мен ал жакта жашай албайм...

Кыргызбай. Эмне үчүн?

Мукай. Себеби, карегим, мен жашаганды билбеймин... Тыштагы турмушта менин колуман эчтеке келбейт...

Кыргызбай. Түшүнүктүү...

(Сигаретин өчүрөт.)

Коош, анда сиздин кулактандыруу туурасында сүйлөшөлү... Демек, сиздин өлүгүңүздү көмүштө спонсор керек. Туура түшүндүмбү?

Мукай. Ооба... А сен, спонсор болоюн дейсиңби?

Кыргызбай. Эмесе, биерге эмнеге келип отурам?

Мукай. О, бул зор адамгерчилик... Бирок мен түшүнбөй атам...

Кыргызбай *(анын сөзүн бөлүп)*. Маэстро, мен сизди сыйлайм... Мен үчүн, Мукай Нойгут — зор художник... Сиз өзгөлөрдөн өзгөчөсүз. Драматург, режиссер, актер катары... Ал турмак, адам катары дагын... Мен сиздин өнөрүңүздү дагын, өзүңүздү дагын ардактаган адаммын. Ошондуктан,

бүгүнкү кулактандыруунузду окуур замат, сизге жардам бериште чечтим. Мен сизди өз колум менен көмөмүн.

Мукай. Сенин ошондой мүмкүнчүлүгүң барбы?

Кыргызбай. Кадырыңыз жам болсун.

(Көкүрөк чөнтөгүнөн визит-карточкасын алып чыгып, Мукайга сунат. Мукай окуйт.)

Мукай. «Кыргызбай Чокой. Кыргыз менен түрк биргелешип ачкан эл аралык «Заман» фирмасынын генерал директору». О-о, мындай болсо, албетте...

Кыргызбай. Менин фирмам териден тигилген буюмдарды чыгарат: куртка, сумка, бут кийим, баш кийим... *(Үстүндөгү курткасын көрсөтөт.)* Мен сизге бир куртка тартуу кылам. *(Мукай муңайым жылмайып коёт.)* А, сизге эми кийимдин кереги жок да... Менин беш дүкөнүм бар. Үч үйүм, үч катыным...

Мукай. Бай экенсиң, Кыргызбай.

Кыргызбай. Кандай, сизди көмүшкө көзүңүз жеттиби?

Мукай. Сен мени көмөсүң. Мени сендейлер көмөт.

Кыргызбай. Анда отуруңуз. Сизди кантип көмүш жөнүндө сүйлөшөлү.

(Мукай диванга отурат.)

Сиз өз өлүгүңүздүн көмүлүш тартибин кандайча элестетесиз?

Мукай. Эч кандай. Тажрийбам жок.

Кыргызбай. А мен элестетем. Сиз салтанат менен көмүлөсүз.

Мукай. Салтанат менен?

Кыргызбай. Албетте. Сиз жөнөкөй бир кыргызбай эмессиз да. Сизди бүт кыргыз эли тааныйт, өлсөңүз бүт республика аза күтөт.

Мукай. Койчу?

Кыргызбай. А сиз эмне деп ойлойсуз?

Мукай. Кыргызбайым, ананайыным, мени билген ошол эл кана? Каякта жанагы мага аза күткөн республика? Низдеби Бакен Кыдыкееванын кантип өлгөнү?... Акыркы жылдары актрисабыз театрсыз калган, жардылыкта жашаган... Акыры келип жаңы жыл күнү жан берген. А акыркы жаңы жылын ал моргдо тоскон.. Ал жерде ал аял он сегиз күн, он сегиз түн кабарсыз жаткан. Бул убакта аны эч ким жоктогон эмес: өкүмөт дагы, кесиптештери дагы, көрүүчүлөрү дагы...

Мукай. Ооба, бул өкүнүчтүү өлүм.

Кыргызбай. Бирок качан ал моргдон өзүнүн театрына көчүп келгенде... Көрдүңүзбү, эмне болду? Бүт республика, Ак үйү менен кошо, ыйлап басылбай коюшту...

Мукай. Мен буга күбөмүн.

Кыргызбай. Мына ушундай, маэстро... Сиз өлгөндө да ушундай болот. Салтанат, шаан-шөкөт менен көмүлөсүз.

Мукай. Чын элеби?

Кыргызбай. Өлүңүз, карап көрүңүз.

Мукай. М-да... Мен эч качан булар жөнүндө ойлоп көргөн эмес элем...

Кыргызбай *(анын сөзүн бөлүп)*. Бирок мунун баары акчага турат.

Мукай. Көп чыгымга...

Кыргызбай. Келиниз, эми эсепке өтөлү. Смета түзөлү. *(Чөнтөгүнөн калем, кагазын алып чыгат)*. Экөөлөп өлүгүңүздүн көмүлүш расимдеринин кыскача сценарийин жазып чыгалы. *(Мукай ордунан туруп, кыжыры келип, нары-бери баса баштайт.)* Ошентип, биринчи эпизод... Мындай. Адегенде сиз: менин өлүшүмө эч кимдин күнөөсү жок деген тил кат жазасыз. Түшүндүңүзбү?

Мукай. Албетте, албетте...

Кыргызбай. Кийин... Асыласыз... *(Сыйыртмакты көрсөтөт.)* Албетте, асылгандан кийин өлүш керек.

Мукай. Билем.

Кыргызбай. Андан ары... аялыңыз мага телефон чалат. А мен дароо өзүмдүн «Мерседесим» менен жетип келем. Келип, сиздин өлүгүңүздү көргөн замат өз ишиме кириишем: адегенде милиция менен доктурларды чакырам. Алар сиздин өлүгүңүздү ыраспашат... А сиз алар келгенче асылып турушуңуз керек...

Мукай *(үтүрөйүп)*. Аракет кылам.

Кыргызбай. Бул эпизод каражат талап кылбайт... Экинчи эпизод. *(Мукай анын айткандарын алайган ак валда угуп турат)* Мен сизге табыт табыштайм. Мына ушул жерден баштап чыгым чыга баштайт... Ошентип, табыт — миң сом. *(Кагазына жазат.)*

Мукай. Эмне, бир табыт миң сом турабы?

Кыргызбай. А сиз эмне деп ойлодуңуз эле? Тактай кымбат, Россиядан келет... Табытка жабыла турган баркыт — он метр... Сиз баркыттын кайсы түсүн жакшы көрөсүз: карасын же кызылын?

Мукай *(кабагы салыңкы)*. Карасын.

(Мукай бат-бат басып келип, балбал таштын артындагы шишесин алып чыгат.) Уруксатпы?

Кыргызбай. Иче бериңиз. Өлө турган жанга...

(Мукай калтыраган колдору менен шишенин оозунан жутуп алат.)

Сиздин жаңы кастюмуңуз барбы?

Мукай. Жок. А анын эмне кереги бар?

Кыргызбай. Сиз табытка кийимсиз жатпайсыз да?

Мукай. Мен ойлогом кыргызды ак кепин менен көмөт деп...

Кыргызбай. Гөргө жыланач барсаңыз да өз тошуш керек да... Мына ушул жерде, сиздин сахнаңызда ак кепинде жатпайсыз да... Демек, костюм. Размериниз канча?

Мукай. Элүүнчү.

Кыргызбай *(жазат.)* Жакшы костюм бир жарым миң сом турат.

Мукай. Бир жарым миң?! Өмүрүмдө кийген эмесмин мындай костюмду.

Кыргызбай. Өлсөңүз киесиз.

Мукай. Өз өлүгүмдү өзүм көрө баштадым... Баркыт жабылган табыт... кымбат костюм...

Кыргызбай. Эң сонун көрүнөсүз. *(Мукайдын жүзүн карап, өзүнчө элестетет.)* Биз сизди жуунтабыз, чачыңызды алабыз, сакал-мурутуңузду кырабыз.

(Мукай кырылбаган сакал-мурутун сылап жиберет.)

Француз атырынан чачабыз... Дагы эмне?.. Сиз түркүн-түркүн гүлгө көмүлүп жаткан болосуз... Анан сизди жандап эл агылып өтө баштайт... Көп эл...

Мукай. А-а... катын-калач да болобу?

Кыргызбай. Сөзсүз. Сизге жеткен... жетпей арманда калган аялдардын баары өтөт... Алар аза күткөн аквалда... көздөрүндө жаш... Эриндери билинер-билинбес, угулар-угулбас: «Жакшы бар, жаным...» — деп шыбырайт. *(Мукайды тигиле карап.)* Сиздин ордуңузда мен болсомчу... Мени минтип узатышпайт да? Мен киммин? Бар болгону бир кыргызбаймын...

Мукай. Кейибе. Анткени менен сен бай кыргызсың. А байларды дангаза менен көмүшөт. Бул илгертеден бери келаткан салт.

Кыргызбай. Ырас элеби?

Мукай. Өлгөндө көрөсүң.

Кыргызбай. Оозуңузга май, аке. Айтканыңыз келсин ылайым. *(Мукай виносунан уртап коёт.)* Ичиниз, ичип алыңыз... Балким, күчтүүрөөгүнөн ичип жүрбөңүз?

М у к а й . Рахмат. Мен винодон башка ичкилик ичпейм.

К ы р г ы з б а й . Анда... уланталы. Каерге келдик эле?

М у к а й . Менин табытымды жандап кылкылдаган кыз-келиндер өтүп баратышат...

К ы р г ы з б а й . А сиздин байбичениз башынызда бышактап ыйлап отурат...

М у к а й . Бечарам...

К ы р г ы з б а й . А айлананызда билектерине кызыл чүпүрөк байланган досторуңуз турушат: чүпүрөгүн тезирээк эле чечсе экен деп...

М у к а й . Достор аз эле...

К ы р г ы з б а й . Кам санабаныз. Дароо көбөйүшөт. Кастарыныздын эсебинен. *(Тегерегин карайт.)* Айтмакчы... аларга сахна тарлык кылат...

(Мукай залга көз чаптырат.)

М у к а й . А биз ашканын залга отургузабыз.

К ы р г ы з б а й . «Биз?»

М у к а й . А-а... Оозуман чыгып кетти...

К ы р г ы з б а й . Уланттык... Төртүнчү эпизод... Боз үй... Бешөө...

М у к а й . Боз үй? Анын эмне кереги бар?

К ы р г ы з б а й . Салт ошондой... Аларды биз «Караван-Сарайдын» айланасына жайгаштырабыз... Беш боз үйгө беш катын жалдайбыз. Кошокчу катындарды айтып атам...

М у к а й . О кудай... Кошокчуларың эмне кылат?

К ы р г ы з б а й *(сөзүн бөлөт)*. Сиздин шордуу турмушуңузду кошуп ырдап берет.

М у к а й . Ырдап?

К ы р г ы з б а й . Кечиресиз, ыйлап... Алар ыйлабаса, сизге ким ыйлайт, бечарам? Катыныңыз болсо, үн-сөзсүз бышактап берет.

К ы р г ы з б а й . Сен каяктан билесиң? Айдай — актриса. Абдан жакшы актриса...

К ы р г ы з б а й . Бешинчи эпизод... Байтал... Экөө... Жок, киши көп болот. Үчөө деп коёлу... Беш казан плов... беш жүз отургуч... идиш-аяк... транспорт... музыканттар... гөр казгандар... *(Баарын кагазга түшүрүп отурат.)* Дагы бир ырым-жырым: эркектерге бет ачуу, аялдарга атыр-матыр... Дагы эмнени унуттук?.. А-а, кино, телевидение...

М у к а й *(чочуп)*. А аларың эмне кылат?

К ы р г ы з б а й . Табытта жатканыңызды тартат. Тарыхка калтырыш үчүн... Айтмакчы, сизди кайсы көрстанга көмөбүз?

(Мукай жоон ордуна виносун ууртап коёт.)

Сиз республиканын искусствосуна эмгек сиңирген ишмерсиз. Шондуктан жакшылардын катарына жатышыңыз керек.

М у к а й . Мага ошолордун жанынан жай берет деп ойлойсунбу?

К ы р г ы з б а й . Бербесе, сатып алабыз... Эми сиздин өлөр күнүңүздү белгилешибиз керек. Бүгүн үчүнчү күн... Бул эсеп эмес... Төртүнчү күнү мен түрктөр менен жолугушам... Жума күнү Жумагулов кабыл алат. *(Мукайга мактана карап.)* Премьер-министр... Ишемби... Мына ушул күнү өлөсүз. Ишемби, жекшемби күндөрү мен баарын даярдап бүтүрөм. А дүйшөнбү күнү биз сиз менен коштошобуз... Ушуга макулсузбу?

М у к а й . Мага баары бир...

К ы р г ы з б а й *(Кыргызбай акыркы аныктамасын жазат.)* Эми эмне калды?.. Жетилик... кыркылык... жылдык...

М у к а й . Ошолорду өткөрүш керекпи?

К ы р г ы з б а й . Ананчы. Сизди топуракка булап коюп эле отуруп калабызбы?

М у к а й . Рахмат. Рахмат, иним.

К ы р г ы з б а й . Акыркысы... Эстелик.

М у к а й . Эстелик?

К ы р г ы з б а й . Мрамордон коёбуз. Темир-тезекти кесип кетишет экен... Уф, болду окшойт... *(Боюн түзөйт. Керилип-чоюлуп алат. Сигарет күйгүзөт.)* Менимче, сценарий даяр... Же сиздин алымча-кошумчаңыз барбы?

(Мукай жоон бербей, сахнаны кыдыра басып кетет. Виносун жутуп жүрөт.)

Коош, эми эсептеп көрөлү, сиздин өлүгүңүз мен үчүн канчага айланат экен... *(Койнунан калькулятор алып чыгып, санай баштайт.)* Ошентип... сиздин өлүшүңүз мен үчүн, болжол менен, жүз миңге барат экен...

М у к а й *(үрөйү учуп.)* Жүз миң?! Чын айтасыңбы? Же азилдештиңби?

К ы р г ы з б а й *(камарабай)*. Мен аркы дүйнөгө аттанып аткан адам менен азилдешпейм. Күнөө болот.

М у к а й . Укмуш!.. Демек, менин өлүмүм менин турмушумдан кымбат турат экен да?!

К ы р г ы з б а й . Ошондой, маэстро. Кыргыз кембагал жашап, бай өлөт.

М у к а й . Жүз миң!.. Жүз миң!.. *(Жарылып кетет)* Ой, бул пулга мен эки спектакль коймокмун!.. Театрыма да жан кирет эле!

К ы р г ы з б а й . Ан үчүн өзүңүз тирүү калышыңыз керек да!

М у к а й . Албетте!

(Кыргызбай мулуюп коёт. Анан шашылбай калем, кагазын, калькуляторун чөнтөгүнө сала баштайт.)

Анда жашаңыз!

М у к а й . Бирок...

(Кыргызбай анын жанына басып келип, ийнине колун коёт. Айкөлдүк менен.)

К ы р г ы з б а й . Маэстро, мен сиздин өлүмтүгүңүзгө арналган акчаны башка счетко котором.

М у к а й *(коркуп кетет)*. Башка счетко?!

К ы р г ы з б а й . Сиздин турмушуңузга. Сиздин театрыңызга.

М у к а й . Чын элеби?.. Сен мага жүз миң сом акча бересиңби? Жөн эле?

К ы р г ы з б а й . Жок, албетте... Жөн эле эмес... Менин шартым бар.

М у к а й . Кандай шарт? Айт...

(Кыргызбай сигаретин чеккенче, сахнаны айланып баса баштайт. Мукай анын көзүн карап, артынан ээрчип алат. Жалдырап, жооп күтөт. Акыры Кыргызбай токтойт. Алар бетме-бет турушат.)

К ы р г ы з б а й . Сиз жаңы пьеса жазасыз.

М у к а й *(шашылыш)*. Так. Мен жаңы пьеса жазам.

К ы р г ы з б а й . Аны өзүңүз коёсуз.

М у к а й . Эң сонун!

(Кыргызбай бирпаска унчукпай, тамекисин тартып туруп алат.)

Анан?..

К ы р г ы з б а й . А афишага минтип жазасыз: пьесанын автору — Кыргызбай Чокой деп...

(Мукай кыйлага чейин түшүнө албайт.)

М у к а й . А-а... Демек, менин пьесам — сенин пьесаң болот турбайбы?

К ы р г ы з б а й . Туура түшүндүңүз.

М у к а й . Так-так...

К ы р г ы з б а й . Кана?.. Менин шартыма көндүңүзбү?

М у к а й . Көндүм, көндүм... Мен үчүн менин атым эчтеке эмес... Мен өз кесибимди кылсам болду. Жазып коюп, ойноп... Театрымда жашап, а театрым менде жашап...

К ы р г ы з б а й . Эң жакшы!.. *(Пауза.)*

М у к а й . Дагы шартың барбы?

К ы р г ы з б а й . Теманы мен өзүм тандайм.

М у к а й . А-а... Анан аның аныкпы?... Эмне жөнүндө?

К ы р г ы з б а й . Менин пьесам: «Террористтер» — деп аталат.

М у к а й . О-о!... Террористтер... Бирок эмне үчүн «Террористтер»?

К ы р г ы з б а й . Терроризм — азыр абдан актуалдуу тема. Ал келечекке кетет. А келечекте бүткүл дүйнөнү каптайт.

М у к а й . Макулмун... Бирок... мен террористтер тууралуу эчтеке билбеймин...

К ы р г ы з б а й . Эчтеке эмес. Сиздин фантазияңыз бай.

М у к а й . Ошондой го... ошентсе да...

К ы р г ы з б а й . Эмне, жазгыңыз келбей атабы?

М у к а й *(коркуп кетет)*. Жо-жок... Жазып көрөйүн...

К ы р г ы з б а й . Анда ишке киришиңиз, маэстро.

М у к а й . Киришем, киришем. Бүгүн эле киришем.

К ы р г ы з б а й . А качан бүтөсүз анан?

М у к а й . Мм... Бир айда бүтөм деп ойлойм.

К ы р г ы з б а й . Жакшы экен. Мен бир айдан кийин келем. Акча менен.

М у к а й . Макулдаштык.

(Кыргызбай дипломатын ачып, бир тутам пул алып чыгат.)

К ы р г ы з б а й . А мына бу акча чөнтөгүңүздө жүрсүн. Түгөнгүчө.

М у к а й *(акчаны алат)*. О!.. Миң сом... Рахмат, иним... Абдан зарыгып турдум эле...

К ы р г ы з б а й . Анда, Муке, кудай күч-кубат берсин өзүңүзгө.

(Мукайды кучактап, далысын таптайт.)

М у к а й . Рахмат, Кыргызбай. Сен мени куткардың.

К ы р г ы з б а й . Саламат болуңуз.

М у к а й . Жакшы бар.

(Кыргызбай сол жакка жүрөт. Анан артына кайрылат.)

К ы р г ы з б а й . Айтмакчы, маэстро... Биздин келишим экөөбүздүн ортобузда калыш керек.

М у к а й . Албетте, албетте...

(Кыргызбай чыгып кетет. Мукай колундагы акчаны ары-бери кармалайт. Анан кубанычтуу кыйкырат.) Мен кутулдум!

(Оң тарапка карап, акчалуу колун булгалайт.) Айдай! Биз кутулдук!.. Биз эми байбыз! Жокчулук жогол! Ачкалык ары бар!.. *(Сыйыртмакты көрүп.)* Сен куткардың мени!.. Мени да, менин театрымды да. Рахмат сага...

(Секирип, сыйыртмакка асылат, анан куду селкинчек тепкендей авалда күүлөнө баштайт. Зал тарапты карап, эсине келген элдик ырды ырдайт.)

«Э-эй, Керме-Тоонун астында,
Кекире баскан буудай бар.
Кел ойнойлу, жаш келин,
Кечире турган кудай бар...»

II БӨЛҮМ

1-сцена

Көшөгө түшүп турат. Көшөгөнүн артынан жазма машинканын үнү угулат. Бирпастан кийин көшөгө акырын көтөрүлөт.

«Караван-Сарай» театрынын мурдагы көрүнүшү. Декорация өзгөргөн эмес. Мукай креслодо отурат. Анын сакал-муруту кырылган. Кийгени жаны көйнөк. Көзүндө көз айнек. Залга карай отурат. Алдында жазма машинке. Машинкенин жанында бошогон стакан. Мукай машинке басып атат. Токтойт. Көнүмүш адат менен бош стаканды колуна алат, ичкиси келет. Стакандын бош экенин билгенде жини келип, сахнанын оң жагына карай кыйкырат.

М у к а й. Айдай!.. Вино!.. Ой, ал институтта эмеспи... *(Кол саатын карайт.)* Эй, саат жети болуп калган турбайбы. Эмнеге кечигип атат?.. Каякта жүрөт бул катын?...

(Ордунан туруп, оң жакка кетет. Аз-маз убакытка сахна ээн калат. Анан Мукай бир шише кызыл вино менен кайтып келет. Винону стаканга толтура куюп, жарым жартылай ичет. Кийин ордуна отуруп, көз айнегин тагынат, жазганын үн чыгарып окуйт. Окуганда кичине ролго кирип кетет.)

«Айвандар!... Жаныма жакын жолобогула!... Колунарды тийгизбегиле мага... А-а... Жардам кылгыла!..» Террористтер кыздын колун кайрып, жип менен байлап салышат; дароо оозун пластырь менен жабышып, көзүн таңышат...» *(Мукай көз айнегин алып, стаканы менен ордунан турат; сахнаны кыдыра басат.)*

Ай, азаматсын да, Мукай Нойгут... Менин террористтерим — фашисттерге жакындап келатат... *(Залга карай.)*

«Эй, эл-журт, этият болгула: эртең силерге менин террористтерим келет. Сактангыла! Бирок коркпогула: мен силер тарапта боломун...»

(Пауза. Ал кайрадан сахнанын ортосуна келет. Сыйыртмакты карайт.) Сен мага күч-кубат берип атасың. Сен мени камчылап атасың... *(Стаканда калган винону жутуп алып, кайрат менен креслого отуруп, машинкесин баса баштайт. Ушул учурда телефон шыңгырайт. Мукай трубканы алат.)*

«Караван-Сарай»... Ооба, Мукай Нойгут... Эмне?!.. Менин аялым террористтердин колундабы?!... Тамашалабаңыз. Бул жаман тамаша... Кимсиз?... Террорист... Шарт?.. Кандай шарт?.. Он миң сом?!.. Эй, мен мындай акчаны өмүрүмдө кармаган эмесмин!.. Эмне дейсиз?.. Албетте, аялымды тирүү көргүм келет... Бирок мен бир кембагал драматургмун, такыр акчам жок!.. Табасың... Айтышка оной... Каяктан табам?.. А-а, бул силердин ишиңер эмес... Эмне?.. Эртеңге чейин... Каякка? *(Узакка угуп турат.)* Так... Так... Ал жерди билем.

...Угуп атам, угуп атам... Так... Түшүндүм... Түшүндүм... Эч кимге айтпайм... Болбосо жазаланам... *(Трубканы коёт. Бирпаска эси ооп туруп калат.)*

О, кудай, бул эмне кылганың?.. Биз бир бечара үй-бүлөбүз, эч кимге жамандыгыбыз жок... Анан минтип...

(Сенделе басып машинкесине келет.)

Айдай, ананайыным... Мен дайыма айтып келем: үйгө жарыкта келип жүр деп... Эми эмне кылабыз?.. Мен сени таштабайм... Мен сени куткарып алам... Бирок кантип?...

(Ал креслого алсыз боюн таштайт. Стаканга толтура вино куят. Колдору калтырайт. Шише менен стакан урушуп, тыкылдаган үн чыгат. Кийин шишени полго коюп, калтырган колдору менен куюлган винону аягына чейин тартып алат. Оор үшкүрөт. Залды карап, мелтиреп отуруп калат.)

Каяктан табам бул он минди?.. Ким берет мага мунча акчаны? *(Пауза.)* Бир гана ошол берет берсе... *(Ордунан оор туруп, кайтадан телефонго келет. Номурду алат. Күтөт.)* Заман» фирмасыбы?... Саламатсынарбы... Мага Кыргызбай керек эле... Кыргызбай Чокой... Жокпу?.. А каякта?.. Түркияда?.. Он күндөн кийин? Ой, ага чейин алар менин аялымды өлтүрүп коюшат!.. *(Трубканы коюп, эси чыгып, нары-бери баса баштайт.)* О!.. Анда мага ким жардам берет?..

(Кайтадан телефонго чуркайт. Шашып бушуп телефон китебин барактай баштайт. Издеген номурун таап, чала баштайт.) Султан, сенсинби?.. Саломалейкум, дос... Парламентке мүчө болушун менен куттуктайм... Мен сен үчүн кубанычтамын... Ооба, көп болду көрүшпөгөнүбүзгө... Жаңылык ушул: бүгүн менин аялымды террористтер кармап кетиптир... Эмне үчүн?.. Он мин акча талап кылып атышат... О, кокуй!.. Органга кайрылсан, катынынды кайра көрбөйсүң дешти... Андан көрө акча берип тур... Куткар мени... Акчам жок?.. Султан, сен бай адам эмессинби?.. Менчик базарын бар... *(Пауза.)* Кап... *(Трубканы коёт. Туталанып, туурап сүйлөйт.)* «Бардык каражатым шайлоого жумшалып кетти...» Башкача айтканда, шайлоочулардын добушун сатып алганга... Эмне кылыш керек?.. Эмне кылыш керек?.. Менин бай досторум жок. Баарысы мага окшоп жарды... Күнүмдүк оокатын эптеп өткөрүп жүргөн бечаралар... *(Креслого келип отурат. Стаканга вино куят. Бирок иче электе эсине бир нерсе түшүп, телефонго чуркайт. Чалат.)* Алло?.. Ломбардбы?.. Кожоюн өзүндөбү?.. Карындашым, анда кошуп койчу... *(Күтөт.)* Темир, бул менмин — Мукай Нойгутмун... Жардам кыл, иним, куткар!.. Жо-жок, бул жолу он сом аздык кылат... Мага он мин сом керек... Он күнгө... Он күндөн кийин Түркиядан менин спонсорум келет, абдан бай киши... Мен ошо күнү алган акчамды алып, алдына алдастап жетип барам... Эмне?.. Ой, сага өткөргөнгө менин баалуу буюмум жок, жок, акеси... Бар болгон байлыгым — «Караван-Сарай»... Аткана?.. Уялбайсыңбы, Темир, театр жөнүндө да ушинтип айтабы... Өзүн актер болсоң... Бир кезде бир сахнада иштешкенбиз, менин спектаклдеримде ойногонсуң... Эмне дейсин?.. Туура, театрдан мен кууганмын сени... Таруудай талантын болбосо... Сага караганда, маймылды оңой ойнотсо болот...

(Трубканы тарс таштап, жиндене басат.)

Канчыктын баласы... Семирген чочко... Менин театрым буга аткана имиш... Туура кылганмын театрдан айдап... Сенин ордуң ошол ломбард...

(Келип куюлган винодон кичине ичет. Анан стаканы менен авансценага чыгат. Алды жагын армандуу карап турат.) Эми эмне кылам?.. Дагы кимден суранып-тилеңнем... Дагы кимге кор болом... *(Пауза.)* Айдайым, айланайным, кантип сени куткарам?..

(Жаагынан жаш кетет. Жарык жай өчөт.)

2-сцена

Бункер. Бул төрт бурчтуу чакан зал. Ал жерге диван, кресло, стулдар коюлган. Төр жакта телефон турат.

Бункердин эки эшиги бар — он жана сол тарапта. Сол жактагысы ачылганда, жогорудан түшкөн тепкичтер көрүнөт.

Азыр бул жерде карангы. Бирок бирпастан кийин сол жактан шоокум угулат. Эшиктин калити шарактап ачылат. Кимдир бирөө ичкериге кирип, жарыкты жандырат. Карангыдан баш-аягына чейин кара кийим кийген киши чыга келет. Башында шлем түрүндө тигилген кара маска: масканын эки көзү, оозу гана оюлган. Колунда автомат. Боюорточо. Эркек эки жагын шектүү карайт. Экинчи эшикке кирип чыгат. Кийин сол жаккы эшикке чечкиндүү басып келип, аны ачат. Ачканда дароо жарык түшкөн тепкич көрүнөт. Автоматчан адам жогору карай кыйкырат.

Үкү. Эйлер!.. Түшө бергиле...

(Тепкичтер менен биринин артынан бири ээрчип аялдар түшө баштайт. Алар ар тепкичти эсептеп, кокус мүдүрүлүп кетпейин деп коркуп келишет. Аялдар алды жагынан колдору кошоктолуп байланган, ооздоруна пластыр чапталган, көздөрү кара чүпүрөк менен таңылуу. Ар биринин ийнинде өз сумкалары бар. Аялдар — бешөө. Аларды алып келаткан үч эркек. Үчөө тең автоматчанга окшош кийинишкен. Бирок булардын курал-жарагы көрүнбөйт.)

Эркектер. Коркпогула, коркпогула... Биерде бир нече эле тепкичи бар...

(Босогодо биринчи аял пайда болот.)

Үкү *(биринчи аялга)*. Болду... Башка баскыч жок... Бул эшик... Кире бериниз... Келиниз... *(Аялды колтуктап алпарып, диванга отургузат. Аңгыча калгандар дагын кирип бүтөт. Эң арттагы эркек эшикти ичинен жаап, ачкычын чөнтөгүнө салып алат. Эркектердин эң узуну, күчтүүсү ушул. Калган эркектер калган аялдарды кресло, стулдарга отургузуп чыгышат.)*

Эркектер. Жүргүлө... Бул жакка... Бул жакка... Отуруңуз...

Шерхан. Мынаке... Келер жерибизге келдик... Отурукташтык... Эми мындан нары эмне кыларыбызды билели...

(Ал шашып барып, телефон чалат.)

Алло!.. Шеф, биз келдик... Баарысы биз каалагандай өттү... Бир гана... Кыскасы кыздар бешөө болуп кетти... Кандайча... Билесизби, мен өз кызымды машинеге түртүп салып атсам, кокусунан бир аял жетип келип, айгай салып калды. Алыстагы адамдарды жардамга чакырып кирди...

Анан аны да ала кетишке туура келди... Антпесем, ангыча милицияга кабар жетмек... Өлгөндөй өжөр катын экен. Түшүнөм... Кечириңиз... Эми этият болом... Эмне дединиз?.. Ооба, жолдо келатып баарын билдим. Актриса экен. Иштеген жери — искусство институту. Актерлордун студиясын жетектейт. Жашаган жери «Караван-Сарай». Эри ошол эски театрдын эгеси... Ооба, чалдым... Жо-жок, автоматтан...

(Акыркы сөздөрдөн улам диванда отурган аял ордунан туруп, акырын сокурларча сыйпалап басып, Шерхандын үнүн издеп келет.)

Мен сизди угуп атам... *(Узакка угат.)* Түшүндүм... Жарайт... *(Трубканы коёт. Анан аялдарга кайрылат.)*

Шерхан. Урматтуу айымдар... Менин сөзүмө кичине көңүл бургула... Кийин колуңарды чечебиз... Эмесе мындай... Силер азыр террористтердин бункеринде отурасынар. Биз силерди залогго алдык. Бул жөнүндө ар бириндин жакын адамыңарга кабар берилди. Биз аларга өз шартыбызды койдук. А шартыбыз мындай: алар ар кимиң үчүн элүү мин сомдон акча төгүштөрү керек.

(Муну укканда аялдар ордуларынан туруп, бирок таңылуу көздөрү менен каякка басарды, эмне кыларды билбей, турган жерлеринде туйлап туруп калышат.)

Актриса аял гана арзанга бааланды: бар болгону он миң сом... Андан артыгын анын күйөөсү көтөрө албайт... Ошентип, силердин кепилиңерди алган кишилер биздин талапты аткарыштары керек. А аткарбайт экен, силердин башыңар кесилет... Ар бирөөнөргө бирден баш кесер бар... Анан дагы... Эгер, кимдир бирөөнөрдүн жакыныңар, жоопкерчиликти түшүнбөй туруп, органга кабар берсе, анда ишибиз ойрон болот: биздин бункерди бранотранспортёрлор, спецназдар курчайт. Анда бизге коргонушка туура келет. Курал-жарак жетерлик, кудайга шүгүр... А кокус жеңилип баратсак, айла канча, бункерди жардырабыз: жардыргычтардын баарысы жайында... Андан ары... Биз бул жерде бүгүнкү түн, эртеңки күн болобуз. Бар болгону. Шондуктан, эжелер, карындаштар, ынтымакта жашайлы... Жегилик, ичкилик бар... Болду. Сөзүм бүттү. *(Шериктерине буйрук берет.)* Чечкиле колдорун, көз таңуусун алгыла... *(Өзү жанына келген аялга кайрылат.)* Келиңиз, мен сизди бошотоюн...

(Аялдын колун чечет, оозуна жабыштырылган пластырды сыйрыйт, көзүндөгү кара таңуусун алат. Аял — Айдай болуп чыгат. Ал дароо атырылып сүйлөйт.)

Айдай. Он миң?!. Ал каяктан алат ал акчаны?.. Экөөбүз менин айлыгыма жашайбыз...

Шерхан. Табат. Ал макул болду... *(Басып кетет.)*

Айдай. Байкушум... *(Ыйлайт.)* Айып менде... Сени азапка салдым... Карегим, кечирип кой...

(Калган төрт аял тең бошогон. Алар жыйырма-жыйырма бештердеги кыздар болуп чыгат. Кыздар бири-бирине кызыга карашат. Уюган колдорун укалап, нары-бери басышат. Тортөөнүн бирөө бою кичине, өңү сулуу кыз, эркектерди аралап кирет.)

Алия. Мени киминер уурдадынар? *(Шерхандын алдына токтойт.)* Сенсиң!

Шерхан. Ооба, менмин.

Алия. Айван!.. Шүмшүк!..

Шерхан. Макул эмесмин. *(Шашылбай тамеки тамызат.)*

Алия. А сен билесиңби, доңуз, биз чоң энем экөөбүз жашайбыз. Чоң энем кары, оорукчан... Каяктан алат ал сенин элүү миңинди?!.

Шерхан. Билемин... Ата-энең. Өткөн жылы жол кырсыганан каза болгон. Бирок сенин бир тууган таякең ал апаттан аман калган. Азыр анын Токмокто менчик заводу бар. Бай адам. А сен таякеңдин жалгыз жээнисиң. Ал сени атандай аркалап келет.

Алия. Муну да билесиңби?

Шерхан. Билемин, Алия, билемин.

Алия *(кыйкырып жиберет)*. Менин атымды дагын?!.

Шерхан. Сенин атыңды дагын... Жана башкалардын атын дагын... *(Ал ар бир кыздын алдына барып, алардын көкүрөгүн сөөмөйү менен көзөп чыгат.)*

Мына сенин атың, мисалы үчүн, Райхан... А сеники — Эльмира... А сен — Мадинасың... *(Узун бойлуу, менменсиген, жаш аялдын алдына келет.)* Райхан... Жарым жыл мурда эрге тийдиң. Эриндин Ошто үйү, балдары бар. Сен муну билесиң... А биерде, Бишкекте, эриң эл аралык банктын эгеси. Дагы... Сенин курсагында анын мураскору чоноюп атат. Эки айдан кийин ал атасынын банкын карай бакырып түшөт...

Райхан *(кыжыры келип)*. Шашпагыла, бул үчүн баарыңар кан кусасыңар. Менин күйөөм силерди жер астынан болсо да табат...

Шерхан. Билебиз. Ал — зор мафиоз. Бирок биз андан коркпойбуз. *(Пистолетин сууруп чыгат.)* Ал биздин кароолдо. *(Пистолетти аялдын курсагына такайт.)* А эгер

ал биздин шартыбызды аткарбаса, анда мураскорунан айрылат... *(Аялдардын үройу учат. Шерхан Мадинанын жанына жакындайт. Мадина — узун бойлуу, коргушу ороюраак кыз.)* Мадина, сенин апаңдын менчигинде «Сулуулуктун салону» бар. Атаң чон корпорацияны башкарат. Жана депутат...

М а д и н а *(шылдыңдап)*. А агам милициянын полковниги...

Ш е р х а н . Жана жеткен катыпюз... Сен дагы... Эки жылда эки эрди кетирдиң. Жакшы үйүң бар, жаны «Мерседесин»... Үйүндө бир ойнош менен түнөп, машинана башкасын салып жүрөсүн...

М а д и н а . Ишиң болбосун сенин!..

(Шерхан ага мулуюп коюп, Эльмирага барат. Эльмира бою пас, арык, кара кыз. Шерхандан коркуп, артына кетенчиктейт.)

Ш е р х а н . Эльмира, коркпо... Билем, менин балдарым сага орой мамиле кылыптыр. Бирок сен анчалык чуу салбашың керек эле... Эми коркпо... Мен урбайм... Коош, сен жөнүндө эмне билебиз?.. Апаң экөөң жашайсыңар. Атаң силерди таштап, сен куракту казак кызга үйлөнүп алган. Ал — соодагер. Кыргызстандын терисин сыйрып, жүнүн жулуп, Кытайга алпарып сатып келет... Абдан бай... анан жалгыз кызын жаныңдай жакшы көрөт... Ушул себептен сен ушул жердесиң... Атаң сени бизден сатып алат. Мен буга ишенем...

(Калгандарга кайрылат.)

Кана, биз силерди билет бекенбиз?.. Билебиз. Бир жылдан бери артыңардан андып келебиз...

А л и я *(ачуулуу)*. Чын... Бул желдеттер бизди билишет экен...

А й д а й *(үшкүрүп, башын чайкайт)*. Кудай ай... Деги ким булар?.. Кара кийимдин ичинде кимдер бар?..

Р а й х а н . Жапайы айвандар.

(Шерхан шашылбай сигарет күйгүзөт. Күйүгүп, аялдарга аркасын салып басып кетет... Кыйлага чейин үндөбөй өзүнчө басып жүрөт. Кийин калган кара кийимчендерге кайрылып, бирок бирөөн да тиктебей, өзү узакты карагандай бир жакты карап, мункана сүйлөйт.)

Азыр биздин тоолорго кар жаап атат... Улуу кар түшөт быйыл биздин тоолорго... *(Пауза.)* Кайберендерге кыйын болот... Жырткычтарга кыйын болот... Куштарга кыйын

Ж о р у . Бул чын... Жем чөптөрү кар астында калат... Калың кардын астында...

И л б и р с . Анда айла жоктон ар дайымкыдай айылдарга түшүп келет да, бечаралар. Чөп издеп, жем издеп... Бири учуп-конуп, бири желе жортуп...

Ү к ү . Айылда аларды багып алышат. Кийиктерге чөп беришет, куштарга жем чачышат... Дайыма ушинтип келишкен...

Ш е р х а н . Жок, апендим... Ал заман өткөн, ал адамдар өзгөргөн... Азыр тоодон жапайы жан-жаныбарлар жабыркап түшүп келишсе... аларды октолгон мылтык... катылган капкан... тартылган торлор күтүп турат...

(Төртөө куду өз тоолорун көрүп тургандай бет алдыларын карап, тунжурап туруп калышат.)

Ү к ү . *(Көрүнбөгөн көзүндө көз жашы, үнүндө ыйы бар.)* Андар алар... тоолордон түшүшпөсүн... Түшүшпөсүн!..

Ш е р х а н . А тоолордо кар жаап атпайбы... Тынымсыз кар жаап атат... Алардын жашаган жылгалары... баскан кыялары... салган уялары... баарысы кар астында калып жатат...

(Эч ким унчукпайт. Дагы бирпас турушуп, ындыны өчкөн калыпта туш-тушка басышат... Бул күтүлбөгөн көрүнүштү аялдар, албетте, көрүштү. Алар куду мини-спектакль көрүшкөндөй аквалда калышат. Бири-бирине суроолуу карап, «актерлорго» таңыркашат. А «актерлор» аста-секин өздөрүнүн чыныгы ролуна — террористтик ролуна кайтып келишет... Кыйлага чейин эч ким, эч кимге сүйлөбөйт. Террористтер да, аялдар да өздөрү менен өздөрү алек: отурганы отуруп, басканы басып жүрүшөт.

Акырында Мадина сумкасынан сигарет сууруп алып, Шерхандын алдына келет.)

М а д и н а . Күйгүзүп койчу...

(Шерхан оттугун жандырып берет. Мадина тутантып алып, кичине кылыктана сүйлөйт.)

Кадырлуу каракчым, атың барбы?

Ш е р х а н . Шерхан дей бер.

М а д и н а . О, туура эле Киплингдин токоюнан чыгып келгенсиң го...

Ш е р х а н . Мүмкүн.

М а д и н а . А сенин үйүрүң кантип аталат?

Ш е р х а н . Тээтиги, автоматчан — Үкү. Беркиси — Илбирс. А мунусу — Жору.

М а д и н а . Демек, баарыңар жырткыч турбайсыңарбы. Албетте, булар өз атыңар эмес деп ойлойм.

Шерхан. Шеф бизди ушинтип атайт.

Мадина. А-а... Шефтин аты ким?

Шерхан. Шефтин аты — Шеф.

Мадина. Түшүнүктүү.

(Тескери карай басып кетет. Аялдардын алдына келип, аларга сигарет сунуш кылат.)

Чегесинерби?

Айдай. Чекпейм.

(Эльмира менен Алия башын чайкайт. Райхан бирди алып Мадинанын өзүнөн тутандырат.)

Райхан. Рахмат.

(Айдай ордунан туруп, чечкиндүү түрдө телефонго бет алат. Анын алдынан Шерхан тосуп чыгат.)

Шерхан. Каякка?

Айдай. Эриме телефон чалам.

Шерхан. Руксат эмес.

Айдай. Эмне үчүн?

Шерхан. Бул жактан мен аган чалышка акым бар.

(Айдай аргасыздан артка кайтат.)

Айдай. Байкушум... Ананайыным... Азапка салдым сени... Сарсанаа кылдым...

(Анын алдына Алия басып келет.)

Алия. Эже, алдыңызда айыптуумун... Менин айыман келип отурасыз бул жерге.

(Айдай көңүлү чөккөн түрдө кыздын далысынан таптап коёт.)

Айдай. Сенин күнөөң жок, садага.

(Креслого отурат. Алия, кыжыры кайнап, Шерхандын алдына барат.)

Алия. Бетпак! Эжени эмнеге алып келдиң биерге? Жөнөт үйүнө!..

Шерхан. Адегенде эженин эри эженин калыңын төксүн. Он миң сом...

Айдай. Он мин... Айтканга оңой сага, кара өзгөй! Кээде жеген-ичкенге эчтекебиз калбай калат... Айтмакчы, менин жеп, ичким келет... Бүгүн бизге оокат берилеби?

Шерхан *(буйрук берет)*. Апкелгиле!

(Илбирс менен Жору экинчи эшикке кирип кетишет.)

Эльмира *(ордунан ыргып турат)*. Силер кимге звонить эттинер: апамабы же атамабы?

Шерхан. Атана.

Эльмира. Демек, апам билбейт экен да менин каякта экенимди?.. О кудай, ал мени күтүп отурат... Мен дайыма кечикпей келчү элем үйгө...

Алия. Айтмакчы, менин чоң энем билеби менин биерде отурганымды?

Шерхан. Жок... Таякең гана...

Алия. Кудайга шүгүр... Билсе, өлүп калат...

(Оң жактан Илбирс менен Жору дөңгөлөктүү столчону түртүп чыгышат. Столчодо ар түркүн оокат, ичкилик бар.)

Мадина. О, дасторконунар бай го...

Шерхан. Биз билгенбиз да бизге кандай коноктор келээрин.

(Өз балдарына.) Шишелерди ачкыла, куйгула... *(Аялдарга кайрылат.)* Айымдар, айымкыздар... Дасторконго карагыла... *(Мадина биринчи келип, арак куюлган рюмканы алат.)*

Мадина. Коош... Ким менен кагыштырам?

Шерхан. Мени менен.

(Экөө кагыштырып ичишет. Мадина колундагы рюмкасы менен вальс бийлеп кирет.)

Мадина. «И во сне, и на яву.
Я счастливо живу...»

(Райхан дагы столго басып келет.)

Райхан. Мага ичкенге болбойт... Бирок менин курсагым ач...

(Жегилик алып кетет.)

Шерхан. А силер эмнеге отурасынар? Эже, Алия, Эльмира...

(Тигилер ордуларынан козголбойт.)

Айдай. Мадина, карасам, капканга түшкөнүнө анча деле кайгырган жериң жок го?

Мадина. О эже, мен мындай капкандардын көбүнө кабылганмын. Бирок дайыма мени атам куткарып кетет. Бул жолу да ал мени таштабайт деп ойлойм.

Шерхан. Мен буга ишенем.

(Мадина, бийлегенче кылыктанып, Шерхандын тизесине тизесин өйкөйт.)

Мадина. О, биздин бойлорубуз тең турбайбы?

Шерхан. Ооба, ошондой экен.

Мадина. Сен менин «Мерседесиме» түшкүң келеби?

Шерхан. Келет.

Мадина. Анда, кеттик?

Шерхан. Азыр болбойт.

Мадина. Түшүнүктүү...

(Ал рюмкасын аракка толтуруп алып, нары басып кетет. Барып, бош креслого боюн таштайт. Шерхан дагын отургучка отурат. Илбирс менен Жору бир бурчту таап

алып, нард ойноп киришет. Үкү өз скамейкасында, автоматын кучактаган бойдон үргүлөп отурат.)

М а д и н а . Ой... Зериктим... Айымдар, сүйлөшүп отурбайлыбы?.. Келгиле, бир кызык-кызык окуялардан айтышып, көңүл ачалы.

Р а й х а н . Анда, башта.

М а д и н а . Менби?.. Мейли...

(Кичине ойлонуп туруп, күлүп жиберет.)

Менин чоң энемдин өлүп баратканда чоң атама айткан керээзи... Мен өз кулагым менен укканмын... Демек, мындай. Менин чоң атам менен чоң энем жазында үйлөнүшөт. А жайында жайлоого чыгышат. Чоң атам жылкычы экен... Алар бир боз үйдө чоң атамдын карыган ата-энеси менен кошо турушат... Бир жолу чоң атам бир иш менен чөлгө түшүп кетет. Ошол күнү... ойрон иш өтөт. Түндөсү, айдын жарыгында, чоң энем жаткан капшыт капысынан көтөрүлөт дагын, боз үйгө бир аюудай эркек кирип келип, чоң энемди басып калат. Байкуш чоң энем, анда ал жаш келин да, эмне кылаарын билбейт. Адегенде кайната, кайненесин ойготмок болот. Бирок ошол эле заматта ал оюнан кайра кайтат: анда кемпир, чал кандай ойдо калат деп арсар болот... Ошентип, чоң энем ойлонуп-толгонуп атканда, тигил аюу өз ишин бүтүрүп, капшытты кайра көтөрүп, айлуу түнгө чыгып кетет... Ал түнү чоң энем бечара уктай албайт. Бул зөөкүр ким болду экен деп, тан атканча ойлонуп чыгат. Эртеси күнү айылдагы эркектердин баарын андый карайт: бирөөжарымы белги берер бекен деп. Бирок бир эркектин да бир тал муруту кыймылдап койбойт... Чөлдөн чоң атам келет. Чоң энем, албетте, сырын айтпайт ага, акылманым... Арадан жылдар өтөт, айлар өтөт, күндөр өтөт... Акыры чоң энем карып-арып, өлөрүнө көзү жеткенде, күйөөсүнүн алдында күнөөсүн мойнуна алгысы келет. Мына ошондо мен укканмын бул окуяны. Чоң энем, ыраматылык, төшөктө жатат. Мен оң жагында, чоң атам сол жагында отурабыз... Чоң энем айтып атат ангемесин, а чоң атам мулуюп угуп отурат... Ангемесинин аягында чоң энем абышкасынан кечирим сурады: «Кечирип кой, айкөлүм» — деп көзүнө жаш алды. А чоң атам жайдары жылмайып: «Кейибе, кемпир, ал аюу — мен болчумун» —дебеспи. Ошондо чоң энемдин көздөрүнөн заары чачырап: «Акмак!» — деди дагын, ордунан обдулуп, чоң атамдын жаагына чапмак болду. Бирок колдору карышып, өз боюн өзү көтөрө албай төшөгүнө кайра жыгылды. Анан ошол замат көз жумду... Ушул.

(Баарысы куунак күлүшөт.)

А й д а й . Жакшы өлүм экен...

Р а й х а н *(күлкү аралаш)*. Мен эл арасындагы ушундай күлкүлүү окуяларды жакшы көрөм.

М а д и н а . Анда кезек сеники.

Р а й х а н . Ой... Эмнени айтам... Э, мейли... Бул окуяны апам айтып берген. Албетте, мага эмес, өзүнүн курдаштарына. А мен алардын арасында отургам... Апам менен атам үйлөнүшөт. Анан апам күйөөсүн көрсөткөнү айылдагы ата-энесине алпарат. Анда таятам менен таэнем дагы жаш имиштер. Жай мезгили экен. Кечки тамак желет, ичкилик ичилет. Анан ар кайсы бөлмөгө бөлүнүшүп, төшөк салып жатышат... Түндөсү атамдын сигарет чеккиси келет. Эшикке чыгат. А эшикте айлуу түн... Алма бак... А алмалар чатырап гүлдөп турат... Анан алма бакты аралап туптунук суу агып өтөт... Атам бактын ичин кыдырып сейил курат... Бир маалда анын көзүнө бир периште көрүнөт. Периште апаппак болуп арыктын ичинде жуунуп атыптыр. Атам апамдын боюнан тааныйт да, акырын артынан басып келет. Келип, бирпаска суудагы сулууну суктанып карап турат. Кийин чыдабай кетип: «Ах, менин аппак периштем!» — дейт дагын, периштенин куйругунан апчып алат. А периште: «Ай!» — деп айкырып, алма бакты аралап качып жөнөйт.

«Буга эмне жин тийди?» — деп атам аңырайып кала берет. Кийин жерде жаткан желекти сүйрөп үйгө келет. Келсе, аялы көшүлүп уктап атат... Түшүндүнөр да, суудагы сулуу — кайненеси болуп чыгат... *(Райхан өзү баштап каткырып күлөт. Беркилер аны коштоп кетишет.)*

М а д и н а . Эжеке, эми сиз...

А й д а й . Ой, Мадина... Мен силерди күлдүрө албайм. Күлкүлүү эчтекем жок...

А л и я . Анда агай менен кантип таанышканыңызды айтып беринизчи?

М а д и н а . Ооба. Качан, каерде...

А й д а й *(күлүп коёт)*. Качан... каерде... Адегенде, «качан». Көп жыл мурда. «Каерде»? Караван-Сарайда...

А л и я . О! Өз театрыңардабы?

А й д а й . Театр али жок болчу. Анын ордунда чындап эле эски Караван-Сарай турчу... Күндөрдүн биринде шаардын акими үйлөнүп калат...

М а д и н а . ... Ой, тообо, акимдер да үйлөнөт экен ээ. А мен ойлоп жүрүптүрмүн булар жалаң ойноштордун эсебинен жашайт деп...

А й д а й . А биздин аким үйлөнгөн. Үйлөнгөн аялы — он жети жашар кыз болот.

Мадина. Көрчү, он жети жашар... А мага окшогонду карабайт.

Айдай. А кыз — навайчынын кызы болот.

Мадина. Ах-а! Навайчыдан башка ким берет ага он жети жашар кызын?..

Айдай. Кыз эс тарткандан тартып тою түшкөнгө чейин, атасынын тандырына от жагып келет. А жаккан отуну — кык болот. Караван-Сарайдын кыгы...

Мадина *(алакандарын кайраштырып)*. Ажап болсун акимге...

Айдай. Мына ушул кык биздин театрдын тагдырын чечкен. А театр — биздин тагдырды...

Райхан. Ой, эже, эмне дейсиз?

Айдай. Угуп тургула... Той болгон түнү карт аким менен жаш айым...

Мадина. Акимша...

Айдай. ... төшөккө жатышат...

Райхан. Анан каякка барышат эле...

Мадина. И-и, эже, ошол жерин көбүрөөк айтсаңыз.

Айдай. А жаткан төшөктөрү, негедир, кык жытынып кетет...

Мадина *(шарактап күлөт)*. Ха-ха-ха! Мен билгенмин ушунун навайчынын кызы одеколон себиништи да ойлогон жок да бул түнү...

Айдай. Аким буга аябай таң калат. «Катын, төшөгүбүз кык жыттанат да?» — дейт бир маалда.

Мадина. Иш бүткөндө...

Айдай. Анда жаш айым: «Акимим, эгер сиз биздин төшөктөн кыктын жыты кетсин десеңиз, анда Караван-Сарайды жок кылыңыз» — деп айтат... Аким эртеси күнү эле: «Караван-Сарай бузулсун» деген буйрук берет. Мына ушул буйрукту угуп алып, республиканын эң зор режиссёру акимге чуркап барат. Мен Мукай Нойгутту айтып атам... «Бузбаңыз, мен Караван-Сарайды театрга айлантам» — дейт байкушум. «Кыкчы?!» — деп кыйкырат аким. «Кыкты кыркып жок кылам» — дейт маэстро. Аким ойлонуп туруп макул болот... Мен Караван-Сарайга саратандын күнү бардым. Мукай Нойгут коргондун ортосунда күрөк менен кык кыркып атыптыр. Жанында кык салынган чакан араба... Мен анын жанына жакын келип, эмне дээримди билбей, көпкө туруп калдым. Кыйладан кийин, маэстро мага көңүл бурду. Адегенде буттарымды көрдү...

Райхан. Эже, сиздин буттарыңыз...

Мадина. Таң атканча сылап жата бере турган буттар...

Айдай. Жиндилер...

Айдай. Жиндилер... Анан көздөрү жогорулап отуруп, көздөрүмө туш келди... Ошондо гана ал боюн түзөдү. «Сен кимсин?» — деп сурады. «Мен актриса болгум келет, сиздин студияңызга кирейин деп келдим!» — дедим мен. Мукай мени дагы бир сыйра карап чыкты дагын: «Анда алдагы арабадагы кыкты төгүп кел» — деп айтты. «Мына бул тар көчөнүн аягына чыксаң, бир дөбө кык көрүнөт. Ошол менин кыгым. Ошол жерге оодарасың да, кайтасың» — деп үйрөттү. Мен тар көчөнүн таштарын тарактатып жөнөп бердим... Бир маалда жан жагыман: «Эй, кыз!» деген үн чыгат. Карасам, навайкананын оозунда навайчы турат. «Кыгынды канчага сатасың?» — деп сурайт. Мен адегенде алдастай түштүм. А өзүмө келгенде: «Өзүңүз канча бересиз?» — деп жоп бердим. «Он сом» — деди навайчы. «Он беш сом» — дедим мен. «Түшүр» — деди навайчы. Мен шашып-бушуп арабамды оодарып салдым. Акчасын берип атып навайчы наалып калды: «Менин да сендей сулуу кызым бар эле, аким аял кылып алып кетти, а мен жардамчысыз калдым» — деди. Анан аягында: «Кызым, сен мага жардамчы болуп бербейсиңби?» — деп айтты. А мен: «Жок, ата, мен кык жакканды билбейм, кык сатканды гана билем» дедим.

Мадина *(шарактап күлөт)*. Ай, эжекем ай...

Айдай. Кайра келатып, бир шише кызыл вино алдым, жүзүм алдым... Менин маэстром кыктын үстүнө мандаш куруп отуруп, винону шишенин оозунан жутуп кирди. Мен башымдагы жоолугумду сыйрып, анын алдына төшөп, жүзүмдү үстүнө чачып салдым... Бир маалда Мукай Нойгут: «Сен, эмне, байсыңбы?» — деп сурады. А мен байлыктын каяктан келгенин айтып бердим. Айтып берсем, ал аябай күлдү. Анан мени жакшылап карап туруп: «Сенден жакшы актриса чыгат» — деп айтты. А бир жылдан кийин: «Сенден жакшы катын чыгат» — деди... Мына ушул биздин бар болгон өмүр баяныбыз...

Алия. Азамат экенсиңер, эже.. Эгер биз силердей үйбүлө курсак...

Мадина. Эже, андан кийин... Акимдин төшөгүнөн кыктын жыты кетиптирби?

Айдай. Анысын билбейм... Бирок бара-бара аким өзү да кык жыттана баштаптыр деп уктум... *(Жалпы күлкү.)*

Мадина *(шарактап күлөт)*. Ой, өлдүм... Мен кык жыттанган акимди али көрө элемин. Көрсөм эле ашык болот элем...

Райхан. Эже, сиз зор актриса экенсиз... Эгер ушул жерден эсен-аман чыксам, «Караван-Сарайды» көргөнү барамын...

Айдай. Эскертип коёюн: биздин театр азырга чейин кичине кык жыттанып турат. *(Дагы күлкү.)*

Мадина. Бүгүнкү биз айткан кызык ангемелердин эн кызыгы — актриса Айдайдын ангемеси. Биринчи приз эжеме! Эже, призиниз менин мойнумда...

Айдай. Рахмат, синдим.

(Мына ушул учурда сол жактан шоокум угулат. Шерхан дароо пистолетин колго алып, эшикке чуркайт. Калгандар анын жоругун жолдойт. Эшиктин алдында экиге бөлүнүшөт: оң жана сол тарапка. Ортодо автоматчан турат... Баарысы кулак түрүп күтүп калышат... Эркектер коркунуч менен, а аялдар үмүт менен...

Бирок аягы тынччылык менен бүтөт. Кара жигиттер кайра кайтышат.)

Шерхан. Ложная тревога...

(Мурдагы ордуна отуруп, сигарет тартат. Илбирс менен Жору кайтадан нард ойноп киришет. Үкү автоматын дубалга жөлөп коюп, ичкилик-жегилик бар столчого барат. Калтыраган как колдору менен стаканга арак куят. Аны ичмекчи болот. Мына ушул учурда Алия чуркап барып, автоматты алат...)

Алия. Кана, каракчылар, тургула ордунардан! Колунарды көтөргүлө!.. Мен азыр баарынарды кырып таштайм!..

(Үчөө ордуларынан туруп, колдорун көтөрүп беришет. Шерхан гана камырабай тамекисин тартып отурат.)

А сен, айван, эмнеге козголбойсун?

(Алия автоматтын оозун түптүз Шерханга бурат. Шерхан шашылбай ордунан туруп, колдорун көтөрөт. Ошол эле учурда Алияга жакындай баштайт.)

Токто!... Токто ордунда доңуз!.. Атып таштайм...

(Шерхан токтойт.)

Эми эшикти ачкыла! Бизди чыгаргыла! Кана. Кыймылдагыла! Тез! Кимге айтып атам мен?!.

Шерхан. Мейли... Үкү, ачып бер эшикти...

(Ачкычты ыргытат. Үкү ачкычты тутуп, эшикти карай басат. Алия автоматты көзөп, анын артынан эрчийт.)

Алия *(аялдарга)*. Жүргүлө... Тезирээк!..

(Аялдар анын артынан чуркашат. Шерхан, аңдып туруп, Алиянын аркасынан кучактап, анын колунан автоматты тартып алат. Алия алынын келишинче алышат, кыйкырат, акырында ыйлап жиберет... Шерхан автоматты Үкүгө ыргытат.)

Шерхан *(коркутуп)*. Эй, Үкү, уктаба!..

(Алия Шерхандын күчтүү колдорунан бошонушка аракет кылат, булкунат, кыйкырат.)

А сен бийкечти жазалашка туура келет...

(Ал Алияны шап көтөрүп алып, экинчи эшикке карай жөнөйт. Алия туйлап, тепкилеп, кыйкырып барат.)

Алия. Коё бер мени!.. Коё бер, шүмшүк!.. Коё бер дейм! *(Аялдар үрөйү учуп карап калышат. Шерхан кызды экинчи эшикке алып кирип, ичинен жаап алат. Айдай алардын артынан чуркайт. Ал эшикти ачканга аркет кылат. Эшик ачылбайт. Айдай кыйкырат.)*

Айдай. Эй!.. Коё бер кызды!.. Эшикти ач!.. Мыкаачы!..

(Эшикти колдору менен каккылайт. Эшиктин артынан Алиянын кыйкырыгы чыгат.)

Алиянын үнү. Жолобо мага!.. Тийбе мага!.. Жек көрөм сени жексур!.. А-аа-а!..

(Эшикке Мадина чуркап келет.)

Мадина. Эй, чочко, токтот!.. *(Эшикти тепкилейт.)* Коё бер кызды! Айван!..

Айдай. Катылба кызга!.. Сен адам эмессин!.. Сен жырткычсың!.. *(Өз ордунда отуруп алып, Эльмира бышактап ыйлайт.)*

Эльмира. Шумдук!.. О кудай, бул эмне кылганың? Эмне үчүн ушундай абийирсиздикке жол бересиң?..

Райхан. Фашисттер!

(Ал столдо турган шишени алып, ачуусу менен дубалга булгайт. Шише талкаланып, дубал бетине кыпкызыл вино жайыла берет.)

Үкү. Ой, эй!..

(Ал автоматтан авага ок чыгарат.)

Кана, көтүңдү кыс!

(Нард ойноп отурган экөө эшиктин алдына чуркап келишет. Илбирс Айдайды колдон жетелейт.)

Илбирс. Баскыла буякка!

(Жору Мадинаны орой түрткүлөйт.)

Жору. Отур ордуңа!

(Мадина кокусунан тизеси менен Жорунун чурайына тебет. Жору кыйкырып жиберет, чурайын кармап, тегеренип кетет. Илбирс оозун ачып, ордунда катып калат. Мадине каарын салып, ага карай басат.)

М а д и н а . А сенчи, мыркымбай? Каалайсынбы?

(Илбирс артына кетенчиктейт. Шашып бушуп тапанчасын алып чыгат.)

И л б и р с . Жолобо... Атам...

(Мадина алдына баса берет. Илбирс тапанчасы менен кетенчиктеп кете берет.)

М а д и н а . Кана... атып көрчү!.. Эмне үчүн атпайсын?..

(Илбирс жардам күтүп, Үкүго жалдырайт.)

Ү к ү *(Мадинага автоматын көзөйт)*. Кайт артына!..

(Мадина эми Үкүгө карай басат.)

М а д и н а . А сенчи?.. Сен мени ата аласынбы?..

(Үкү автоматын көзөгөн бойдон акырын артка чегине баштайт.)

Сен да ата албайсын... Туура.. Силерге мындай буйрук берилген эмес да, ушундайбы?.. Шордуулар... жалданган кулдар... Бүгүн террорист болуп жалданасынар, а эртен адам өлтүргүч болуп... *(Пауза.)* Тоолорунарга кар жаап атат... Улуу кар... Силер ылдыйладынар... Чөп издеп, жем издеп. А ылдыйда силер үчүн октолуу мылтык, катылган капкан, тартылган желе турат да!..

Ү к ү . Биз аны билгенибиз жок...

Ж о р у . Билгенде эмне кылмак элек...

И л б и р с . Биз жашаган жылгаларды, биз жүргөн кыяларды, биз салган уяларды кар басып калды... Калын кар...

(Мадина чөнтөгүнөн сигарет алып чыгып, аны күйдүргөнгө от издеп калат. Үкү чакмагын чага коёт. Мадина тутантып алып, унчукпай басып кетет. Столчого келип, рюмкага арак куят, аны шарт тартып жиберет. Кийин эч кимге көңүл бурбай нары-бери баса баштайт.)

А й д а й . О кудай!.. Бул эмне кылганың? Биз адам болбой калдык го? *(Эльмира дагы эле ыйлап атат. Оң жаккы эшик ачылып, Шерхан чыгат. Шымын кымтыланып келет.)*

Ш е р х а н . Эй, эмне болуп атат биерде? Эмне тополон?

(Айдай жүгүрүп барып, экинчи эшикке кирип кетет.)

М а д и н а *(Жийиркенич менен)*. Айван!.. Макулук!..

(Шерхан анын сөзүн этибар албайт. Креслого отуруп, шашылбай сигарет тартат.)

Р а й х а н . Булардын кара чүмбөтүн сыйрып көрсөк кана... Булардын ким экенин билсек кана... Анда биз бул жанкечтилерди жер астынан болсо да таптырат элек.

Ш е р х а н . Адегенде жер үстүнө чыгып ал.

(Экинчи эшиктен Айдай менен Алия чыгат. Алиянын көйнөгү жыртылган. Айдай кызды кучактап, кыз өксүп

ыйлап келет. Айдай Алияны диванга отургузат, а Алия дароо башын Айдайдын көкүрөгүнө коёт.)

А л и я . Эжеке, мен эми жашай албаймын!.. Мен арнамыссыз калдым... Мен кордолдум... Мен шерменде болдум... А менин жигитим бар эле... Биз үйлөнөйлүк деп атканбыз... Баарда, бадамдар гүлдөгөндө...

А й д а й *(анын башын сылайт)*. Ананайыным... Анча кейибе... Баары өтөт, баары унутулат... Баар келет, бадамдар гүлдөйт... Анан силер үйлөнөсүнөр...

А л и я . Жок... Жок.. Эми жок... Бул эч качан унутулбайт...

А й д а й . Турмуш мунуна мулуюп күлүп турат...

(Телефон шыңгырайт. Шерхан чуркап барып, трубканы алат.)

Ш е р х а н . Ооба, шеф... Мен сизди угуп атам, шеф... А-а, сиз биз жакка келатасызбы?

Куп болот, биз сизди күтөбүз...

(Шерхан трубканы коюп, калгандарды кыдырата карайт.)

Ш е р х а н . Бизге шеф келатат!

(Эркектер өздөрүн оңдой башташат. Үкү автоматын түз кармап, катып калат. Шерхан эшиктин оозуна отургуч коюп, койкоюп отуруп алат. Мадина сигаретин чеккенче, анын алдына басып барат.)

М а д и н а . Сенин шефиңди көргүм келет... Аның жашпы?.. Сулуубу?.. Мен аны азгыра алambы?..

Ш е р х а н . Мадина, сен менин кыжырыма тийип атасың. Ордуна барып отурчу...

М а д и н а . Ха-ха!.. А сен, анын үстүнө, коркок да турбайсыңбы... Ха-ха-ха...

(Артына кайтат.

Тепкичтерден түшүп келаткан кишинин шоокуму угулат. Шерхан ордунан ыргып туруп, тыңшап калат. Эшик шарттуу белги менен чертилет. Шерхан шашылыш түрдө эшикти ачат. Террористтер кийгендей кийим кийген узун бойлуу адам кирет. Ал адебай эле аялдарды карап калат. Шерхандын коркунучу аялдарга да өтүп, алар аргасыздан ордуларынан туруп беришет. Шеф жакын келип, ар бир аялдын алдына токтойт. Өзүнүн көрүнбөгөн көзү менен аларды теше тиктейт. Акырында Айдайдын мандайына келет. Бирпаска аны унчукпай карап турат.)

Ш е ф . Актриса сизсизби?

А й д а й . Ооба, менмин...

Ш е ф . Мындай, четке чыгып турунуз...

(Айдай анын айтканын кылат. Шеф калган аялдарга кайрылат.)

Урматтуу, айымдар!.. Сиздердин жакындарынар акылдуулук кылышты... Алар биздин шартты аткарышты — сиздердин салыгыныздарды төлөштү... Шондуктан, биз сиздерди бошотобуз... Азыр эле... *(Аялдар бири-бирин куунак карашат. Шеф Айдайга кайрылат.)* А сиздин эриниз эчтеке апкелбеди.

А й д а й . Анткени анын эчтекеси жок! Он миң сом эмес, бир шише виного пул табалбай отурат ал азыр...

Ш е ф . Шондуктан, сиз калышыныз керек бул жерде. Дагы убакыт бар, күтөбүз... Эгер эртең кабар бербесе...

А й д а й . Ал эртең да, бүрсүгүнү да табалбайт андай акчаны...

Ш е ф . Анда сиз бул жерден эч жакка чыкпайсыз... Ушул жерде көмүлөсүз...

А л и я *(кыйкырат)*. Силер ушул күнөөсүз бечара аялды өлтүрөм деп атасынарбы?!.

Э л ь м и р а *(жашоруп)*. Абдан ач көз адамдар экенсинер... Элүү миңден чогулттуңар, дагы эле аз...

А й д а й *(алсырап отура кетет)*. Мен өлүмдөн коркпоймун... Менин калган өмүрүм он миң сомго арзыбайт... Бирок мен өлсөм күйөөмдүн күнү эмне болот?.. Ал байкуш жашашты билбейт... Менсиз ал жашай албайт...

А л и я *(анын алдына чөгөлөй калат)*. Эже, сиз менин айыман ушул азапты тартып атасыз. Мен сизди булардын колуна таштабайм... *(Телефонго жүгүрөт.)*

Ш е р х а н . Каякка?!

А л и я . Таякеме звонить этем. Дагы он миң сом сурайм. Ал мага жок дебейт... *(Шерхан Шефине суроолуу карайт.)*

Ш е ф . Мейли, звонить этсин.

(Алия номерлерди алат. Пауза.)

А л и я . Жене, бул менмин... Кабатыр болбоңуз, бошондум... Таякем каякта? *(Угуп туруп, жүзү бүрколөт. Трубканы коюп, сабыры суз кайтат.)* Мени утурлаганы жөнөп кетиптир...

(Алия Айдайдын жанына отурат, анын далысынан сылайт.) Мен сизсиз биерден кетпеймин, сиз менен калам... Булар сизди менин көзүмчө өлтүрүп көрсүнчү...

(Райхан дагы телефонду карай басат.)

Р а й х а н . Мен банкириме звонить этем.

Ш е ф . Эмне үчүн?

Р а й х а н . Анын берген акчасынан он миң жетпейт экен. Шондуктан, силер мени чыгарбай атасынар.

Ш е ф . Акылдуу амал экен.

(Райхан чала баштайт.)

Р а й х а н . Айша, бул менмин... Жо-жок, эчтеке болгон жок... Мен достордо мейманчылап отурам... Кожоюнду чакырчы... Саунада?.. Кызык... Ал келип, мени алып кетиши керек эле да... *(Трубканы коёт. Ичинен карганып алат. Кийин айран-таң аквалда билдирет.)*

Үй кызматчыбыз айтат...

Ш е р х а н *(табасы канып)*. Сенин миллионериң саунада жыргап отурат...

И л б и р с . Жанында жаш массажисткасы бар.

Ү к ү . Анан анысынын боюнда бала жок... азырынча...

Ш е ф . Жапкыла оозуңарды!..

(Райхан басынган түрдө столчого келип, бокалга вино куят. Аны тескери карап туруп ичип алат. Шерхан Эльмирага басып келет.)

Ш е р х а н . А сенчи? Сен бечара аялды куткарганга катышпайсыңбы?

(Эльмира жооп бериштин ордуна телефонго барат. Чалат.)

Э л ь м и р а . Алло, атамды чакырып койгулачы... Кытайда?.. Качан?.. Анда мени куткарганы акчаны ким берди?.. Орун басары... Демек, Айдар байке... Ал каякта азыр?.. Казинодо... *(Эльмира акырын трубканы коёт. Эми баарысы Мадинаны карап калышат. Айдай гана башын жерге салып отурат. Мадина Шерхандын жанына келет, жаңы сигарет күйгүзөт. Кийин түтүнүн түтөткончө эркек, аялды аралай басат. Беркилер аны эрчий карап, чыдамсыз күтүп турушат.)*

А й д а й *(ачуу улутунуп, өзүнчө жоорап кирет)*. Эмне кылып атасың азыр, алтыным?.. Мени ойлоп, ыйлап отурасыңбы?.. Акча таап, мени куткара албаганың үчүн өзүңдү күнөөлүү сезип, сай-сөөгүң сыздап атат го, бечарам... Жок, сен күнөөлүү эмессиң... Баарыга өзүм айыптуумун. Сенин аялың акылсыз аял... Эми көрөр күнүң эмен болот, байкушум... *(Мадина столчого келет. Сумкасын ачып, бир тутам көкмек акча алып чыгат да, аны столго ыргытат.)*

М а д и н а . Мына, алгыла, ач көздөр!.. Ылайым, какап өлгүлө!... *(Баарысы акчаны карап калышат. Кийин Шерхан чуркап барып акчаны тез-тез санап чыгат.)*

Ш е р х а н . Шеф... Миң доллар экен...

(Пауза. Айдай ордунан туруп, Мадинага басып келет.)

А й д а й . Мадина, сен бул акчаны мен үчүн төгүп атасыңбы?

Мадина. Ооба, эжеке... Кечээ менин туулган күнүм болчу... Атам белекке берген эле... Бүгүн озумө бир нерсе сатып алайын деп алып чыккам... Көрбойсузбу, насип кылбаптыр...

Айдай. Бирок бул... өтө көп акча болуп атпайбы? Мен муну эч качан кайтарып бере албайм сага...

Мадина *(Айдайды кучактайт)*. Бербей эле коюңуз... Мен кор болбойм... Менин ата-энем бай кишилер. А мен алардын эрке кызымын...

Айдай. Рахмат, айланайын... Өмүрүң узун болсун... *(Калган кыз-келиндерге кайрылат.)* Рахмат, синдилерим.. Силер мени өлүмдөн куткардынар, — күйөөмө кайтарып берип атасынар... Баарыңар бактылуу болгула... *(Террористтерге бурулат. Үнү өзгөрот. Каары келет.)* Коош, эми эмне дейсинер?

Шеф. Эми... баарынар эркинсинер... Бара бергиле... Азыр эшикке чыксаңар, шаардын ортосунда турасынар...

Аялдар *(бир үн менен)*. Кандайча?

Эльмира. Шаардын ортосунда?

Райхан. А бизди бир саат алып жүрбөдүңөрбү машинеде?

Шеф. Биз силердин башынарды айланттык... Биз азыр «Караван-Сарай» театрынын астындабыз.

Айдай. «Караван-Сарай»? Бул биздин театр да?

Шеф. Ооба, айым... Биздин үстүбүздө силердин сахнаңар тегеренип атат. Тыңшап көрсөңүз: күйөөңүз нары-бери басып жүрөт.

Көңүлү уйгу-туйгу...

(Айдай тыңшап отурбайт.)

Айдай. Мукай!.. Караанындан кагылайын... Мен азыр алдыңа чыгып барам...

Шеф *(жигиттерине буйрук берет)*. Айымдарды атказгыла... *(Аялдар эрчишип сол жактагы эшикке барышат, тепкичтерди тарсылдатып, жогору чыгып кетишет. Жору менен Илбирс аларды узатып барышат. А Үкү автоматы менен эшик кайтарып калат.)*

Шерхан. Шеф, бир нерсе ичесизби?

Шеф. Шампан ач!.. Баарыбызга куй!..

(Шерхан шыпылдап шампан ачып жиберет. Аны бокалдарга куя баштайт. Анчыча Жору менен Илбирс кайтып келишет. Бешөө бет маңдай турушуп, бокал кармашат.)

Коош... Операция жакшы өттү. Баарынарды ийгилик иш менен куттуктайм...

(Бокалдарын уруштурушат. Шеф биринчи болуп ичип жиберет. Бокалдар кайра столго коюлат. Кийин көпкө чейин унчукпай, кыймылдабай турушат.)

Эми көшөгөнөрдү көтөрө бергиле...

(Төртөө маскаларын алып ташташат. Төртөө тең жапжаш, жылдызы ысык жигиттер болуп чыгат. Шеф өзү да чүмбөтүн сыйрыйт. Шеф — Мукай Нойгут болот. Баарысы бири-бирин мулуюп карап калышат. Кийин Мукай алакандарын үч жолу тарс-тарс чаап коёт. Сол жактагы эшиктен Айдай баш болгон тааныш кыз-келиндер чыга келишет. Баарысы жайдары жылмайып жакындашат).

Айдай. Балдар, ананайындарым, баарыңар жакшы ойнодунар. Биздин дипломдук спектакль эң жогорку баага арзыйт деп эсептей бергиле...

Жаштар. Ур-э-э!..

Мукай. Туура! Баарынар таланттуу экенсинер... «Караван-Сарай» силер менен контракт түзөт...

Жаштар. Ур-а-а. Ур-э-ээ!..

(Бири-бирин кучакташып, өпкүлөшөп киришет... Бирок кокусунан Алия Шерхандын жаагына тарс эттире чаап калат.)

Шерхан. Сен, эмне, жинди болдуңбу?..

Айдай. Алия, бул эмне кылганың?

Алия. Эжеке, бул жинди чын эле мени зордуктап коё жаздады. Тыякта... *(Оң тараптагы эшикти көрсөтөт.)*

Айдай. Шерхан... Бул эмне деген жоругун? Түшүндүр...

Шерхан *(ойдолоктоп)*. Эже... Эми биз кыз-күйөөбүз да... Баары бир үйлөнөбүз... Баарда... Бадамдар гүлдөгөндө... репетиция экен деп эсептейбиз...

Мукай *(мулуюп)*. Эмесе, муну биз той алдындагы *(Баарысы күлүп калышат. Аргасыздан Алия да кошулуп кетет.)*

Болду!.. Спекталь аяктады. Жүргүлө жүгүнгөнгө чыгалы!..

(Баарысы авансценага келишип, жүгүнө башташат. Көрүүчүлөр кол чаап турушат.)

Автор!.. Автор!.. Автор!..

*(Мукайды артисттер колдоп кетишет. Залдан авансценага автор чыгып келет — Кыргызбай Чокой. Кийгени жапжаңы костюм. Мукай аны утурлап, артисттердин алдына алып өтөт. Артисттер ызаат кылып артка чегинишет. А Кыргызбай авансценада жалгыз калат. Анан ал кол чаап аткан залга жүгүнө берет, жүгүнө берет... Коал

кусунан сахнанын коюн-колтугунан камераларын көтөрүп, бир нече фотожурналисттер, кинооператорлор чуркап чыгышат. Алар Кыргызбайды туш-тарабынан тартып киришет. Көрүүчүлөрдүн арасынан кыздар болуңуп чыгып, алар Кыргызбайдын алдына гүл ыргытып кетишет. Ушул учурда жогортон чоң афиша түшөт. Афишада Кыргызбай Чокойдун портрети тартылган жана «Кыргызбай Чокой» деп жазылган. А анын алдында «Террористтер» деген жазуу бар. Мукай жана анын артисттери кол чаап жиберишет. Афиша акырын кайра көтөрүлөт.)

К ы р г ы з б а й *(артисттерге кайрылат)*. Рахмат... Рахмат!.. Баарынарды банкет залына чакырам...

(Артисттер кетишет. Мукай калат.)

М у к а й . Кыргызбай, куттуктайм!.. Биринчи эле пьесан ушундай ийгиликке жетип отурат...

К ы р г ы з б а й . Рахмат, маэстро...

(Ал Мукайды колтуктап алат, сырын айткансып.) Мен жаңы пьеса жазсам дейм...

М у к а й . А-а, ушундайбы?.. Аның кантип аталат анан?

К ы р г ы з б а й . «Мафия»...

М у к а й . О-о-о!..

К ы р г ы з б а й . Бул азыр абдан актуалдуу тема...

М у к а й . Туура, туура... Мен сага ишенем... *(Мукай алаканын жаят. Кыргызбай аны өз алаканы менен бир чабат).*

К ы р г ы з б а й . Банкет залынан күтөм.

(Шыпылдап басып кетет.

Мукай кубаныч менен колдорун ушалайт, сахнада жыргап басат. Кийин эки колун көтөрүп, эгиз секирип, залга карай куунак кыйкырат.)

М у к а й . Жашасын кыргызбайлар!

Жашасын менин театрым!

(Көшөгө жай түшүрүлөт.)

Аягы.

МУРЗА ГАПАРОВ ТУУРАЛУУ УЧКАЙ СӨЗ

КЫРГЫЗ ЧЕХОВУ

(Мурза Гапаровдун эскерүү кечесинде сүйлөгөн сөз.)

Урматтуу замандаштар!

Мурза аке тууралуу, Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу Мурза Гапаров тууралуу, эң кыска да, эң узун да сөз кылсак болот. Анын кыргыз адабиятындагы, кыргыз драматургиясындагы, кыргыз театр, кыргыз кино өнөрүндөгү ээлеген ордун эми эч тартынбай айтканга мезгил жетти, кезек да келди.

Менин ынанган пикиримде, көркөм дөөлөттөрдү баалай билгендер, бул салыштыруумду кабыл албай койбойт деген ишенимде, атайылап ачыкка чыгарып жатамын, эгер орус адабиятында, орус маданиятында Антон Павлович Чехов кандай роль ойногон болсо, биздин Мурза Гапаров кыргыз адабиятында, кыргыз маданиятында так ошондой өлбөс-өчпөс тагдырга ээ.

Жазуучунун чеберчилигин баалоо критерийинде «стилист» деген термин бар. Ал жүздүн, миңдин бирине ыйгарылат. Дүйнөлүк адабиятта эң таанымал стилисттерди атап өтсөк деле болот, а бирок көбүбүз алардын айрымдарынын атын гана угуп, затына сүңгүп кирбегенибизди моюнга алууга парызпыз. Анткени Мурза аке айтып калчу, кыргыз интеллигенциясынын, жазуучуларынын көрөнгү билим базасы начар, а бирок интуициясы кудайга шүгүр, ошондон улам баарын үстүртөн билет, чыгармаларынын атын атайт, а бирок өзүн окуган эмес дечү. Так ошондой. Ошондуктан, эгер мен, казыр, чыныгы стилист жазуучулардын атын атасам, кээ бирлер мыйыгынан жылмайып мени шылдыңдашы ыктымал. Мен ага терикпейм. Себеби мен деле силердей эле өз доорума, өз заманыма кызмат кылган интеллигенциясынын кулу болучумун. Ага эмнеге теригебиз?!

Бирок Мурза Гапаров 20-кылымдын 60-жылдарындагы жаңы мүүндүн өкүлү экенин – так ошо жылдарда СССРде жаңыча көз караштар жанданып, коммунисттик идеологиянын пресингинен чыгууну көздөгөн «диссиденттердин» жактоочулары болгонун айта кетейин. Кыргыз адабиятында «диссиденттик» көз караштын баштоочусу Мурза Гапаров болгон.

Эмне үчүн?! – деген суроо туулат Ага жооп, анткени Мурза Гапаров дүйнөлүк адабий дөөлөттөрдүн эң мыкты үлгүлөрү менен

таанышкан, сугарылган. Ооба, сугарылган. Так ошо бүткүл дүйнөлүк дөөлөттөрдү, өзгөчө 19 – 20-кылымдагы орус, француз, англис, испан, португал адабияттарынын мыкты үлгүлөрүн өздөштүрүп, Чехов менен Буниндин, Фолкнер менен Эдгар По нун, Каффка менен Хемингуэйдин, аягында Неруда менен Маркестин чыгармалары менен таасирленген, так ошолордун денгээлинде жазуу керек дегенди өзүнө өзү талап койгон художник – Мурза Гапаров эле.

Ачык эле айтып коёюн, Мурза Гапаров кыргыз жазуучулардын чыгармаларын, анын ичинде менин да, ага арнаган «Канталамай» трагифарс повестими да мыйыгынан жылмаюу менен кабыл алган, өзүнүн «Экөө ээн бакта» деген ангемесин мага атайы арнап жазганына карабастан.

Кечиресиздер, көбүрөөк, узагыраак сүйлөп баратам көрүнөт, кыскарта чабайын, ичи тарлар, ичи күйгөндөр күйө берсин, ичи кендер Мурза Гапаровдун кыргыз адабиятындагы өз ордун белгилейли.

Кыргыз жазуучуларынын арасында жана мен мурда айтып өткөндөй «стилист» жазуучу канчоо десе, тартынбай туруп үч-төртөө дээр элем.

Бири – Мукай Элебаев – 48 бетке «Узак жол» романын – 16-жылдагы Улуу Үркүндү – кыргыз тарыхын, кыргыз элинин трагедиясын сыйдырган, анан да 5–6 бетке «Кыйын кезең» менен «Бороондуу күндөрдү» көз алдыга көрсөтүп койгон.

Кайсы кыргыз даана, таамай сүрөт тартып берген? Касыкем, Касымалы Баялиновдун «Ажары» гана атаандаша алар. Анан Мурза Гапаровдун бардык аңгемелери, повесттери.

Калган экилтик, үчилтик – миң, эки миң беттен турган «Зайыптарды», «Боордошторду», коммунисттик идеологияга сугарылган «Түпкүрдөгү нур», «Гүлазык», «Жашагым келет», «Бийиктик», «Көк жайык», «Ата Мекен» жана башка толгон-токой романдарын кайсы кыргыз баласы окуп жыргатып ийди. Же ошончо романдардан эстеринде эмне калды? Ачуу чындыкты айтпасак болбос. Кеп так мына ушунда.

Мурза Гапаров табиятынан сүрөткер, талантын бапестеп өстүргөн калемгер катары, интивтивдүү да, ирроционалдуу да чыгармаларына бийлик идеологиясынын боёгун сүрткөн жок. Мурза Гапаровдун бир да чыгармасынан «Коммунист Танабайдын» образын таппайсынар, а бирок Мырза акенин «Кадыр түнү» менен Чыкемдин «Фудзиямадагы кадыр түнүнөн» окшоштуктарды, айырмачылыктарды издесенер болот.

Аягында: «Пайгамбардын өз элинде баркы жок!» – дебестен Мурза Гапаровду барктай билели.

29.05.2003.

МАЗМУНУ

ПОВЕСТТЕР

Кыштакча 6
Дарыялардын шоокуму 75
Кызыл беде 137
Күностүү арал 184
Сүйүүнүн кайыгы 225

АҢГЕМЕЛЕР

Буурул түндө туулган кыз 264
Түш 278
Айгүл тоо 286
Кара-Көлдүн каздары 304
Эки ирет гүлдөөчү алмалар 310
Газала 316
Наташа Ростованын биринчи балы 323
Унутулган сокмо жол 331
Байчечек 335
Жол кырсыгы 342
Аялдардын деңизи 350
Экөө ээн бакта 362

ПЬЕСАЛАР

Чагылгандын огу 376
Темир корук 419
Туздуу чөл 454
Мээримдүү Мээри 486
Өлгүм келет, спонсор керек 515

М.Абакиров. Мырза Гапаров тууралуу учкай сөз.
Кыргыз Чехову 549

Көркөм-адабий басылма

Мурза Гапаров

ЭКӨӨ ЭЭН БАКТА

Повесттер, ангемелер жана драмалар

«Турар» басмасы

Художественно-литературное издание

Мурза Гапаров

ДВОЕ В КАМЕННОМ САДУ

Повести, рассказы и пьесы

Издательство «Турар»

(На кыргызском языке)

Редактору *М. Абакиров*
Сүрөтчүсү *Б. Жайчыбеков*
Дизайнери *Р. Төлөбеков*
Компьютердик калыпка салган *Р. Атабаев*
Корректору *Б. Самиева-Абакирова,*
Ж. Теңирбергенова

ИБ № 5378

Терүүгө 22.02.09 берилди. Басууга 05.03.09 кол коюлду. Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84 1/16. «Мектеп» ариби. Офсеттик ыкма менен басылды. 34,5 физ. басма табак, + 0,125 ф-ц. 28,98 шарттуу басма табак, + 0,21 ф-ц. 30,68 учёттук басма табак, + 0,18 ф-ц. Нускасы 1000. Заказ № 7. Кели баада.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720054, Бишкек ш., Жибек жолу пр., 466.